КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ*

# «МАНАС»

## III ТОМ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Самар МУСАЕВ***
***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ***
***Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар ЦКеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Сагымбай Орозбаков. «Манас». III том / Түзгөндөр: С. Мусаев, А. Акматалиев, Ж. Тойчубек кызы. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 560 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна залкар манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтуусундагы «Манас»эпосунун варианты берилди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

# «МАНАС» ЭПОСУ

Көкчөдөн кеткен көп жигит
Алтымыш айры сур бугу,
Абыдан семиз кур бугу
Алмамбет менен Көкчөнүн
Арасына жетиптир,
Соосананын суусунан
Алмамбет жакка кечиптир.
Мүйүзүндө уясы,
Мен баткактан кечкенче
Кутулар – деп, кыясы
Баатыр Көкчө бакырды,
Эр Алмамбет баатырды:
«Салпылдаган сен чочко,
Тозо көр!» – деп, акырды.
Көгала ат менен баткактап,
Багалагы шатпактап
Камыштан чыкты каргытып,
Кара суудан аргытып,
Алмамбет, Көкчө турган жер
Соосананын аралы,
Жана чыкты аралдан
Жабай сары маралы.
Маралдын жүнү жубарлуу,
Байкаган болор кумарлуу.
Көгала атты моюндап,
Көк кутусун коюндап,
Эр Көкчө келет жете албай,
Кылжейрен менен Алмамбет
Анчалык узап кете албай,
Найзасын кылып укурук,
Атып салгын, доңуз, – деп,
Эр Көкчө келет тукуруп,
Кийик эмес ал экөө,
Кырк чилтенден ал экен,
Кайып болду кутулуп.
Көкчөнүн айткан сөзүнө
Кан Алмаң каары тутулуп:
«Казактын каны Көкчөнүн
Кеткенин эми көрөйүн,
Өлбөй менден кутулуп!»
Муну ойлонуп Алмамбет
Булуттай өңү бузулуп,
Бура тартып калганы,
Буластаган Көкчөгө
Бу да жакын барганы:
Атагың кайда, атың ким?
Нарк билбеген чантуусуң,
Ата-тегиң – затың ким?»
Сүйлөшүп тегин билсем – деп,
Сүрдүктүрүп кебинен,
Түйшүк салып кирсем – деп,
Айттырып артын билмекке,
Арибинен жаңылса
Аянбай анан кирмекке,
Өлчөшүп өнөр оюна,
Күрмөлүп сөзгө чалынса
Күнөөсүн коюп мойнуна
Аңгарып тилин алмакка,
Айтар сөздөн тайгылса
Аябай кылыч салмакка
Акылы жаман түйүлүп,
Алгыр куштай шүйүлүп,

Айбатын көргөн адамдар
Аманат жандан түңүлүп,
Көкчөнү көздөй бет алып,
Көзүнөн жалын тутанып
Алмамбет келди Көкчөгө,
Алмамбет, Көкчө жапжакын,
Ал экөө чыгып барыптыр
Чагар тоонун этеги
Аянды деген бөксөгө.
Кайра тартып казакка,
Калтырмакка Көкчөнү
Канча түрлүү азапка,
Алайын – деп, Алмамбет
Айдаркандын Көкчөнү
Албан түрлүү мазакка,
Алмамбет келди кашына.
Аттары кара тер болуп,
Бирөө мунун кабылан,
Карап көрсөң бирөөсү
Кара чаар шер болуп.
Алмамбет көзүн салыптыр,
Айран-азыр калыптыр:
Эки ийнине караса
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса
Эки даңгыт тойгондой,
Мунар түптөп, дөбөгө
Моло жасап койгондой.
Омуроосу талаадай,
Маңдайынын жылгасы
Бадалдуу тоонун салаадай.
Даш казандай башы бар,
Комдонгон кара дөбөттөй
Кырданган кара кашы бар,
Кырк экиге, кырк үчкө
Жаңы жеткен жашы бар.
Көзүндө жалын оту бар,
Көк күбөнүн ичинде
Көпкөк темир сооту бар.
Арзан Көкчө көрүнбөйт,
Ар түрлүү баатыр болсо да
Алмамбет чочуп бүлүнбөйт.
Анда Алмамбет эмне дейт:
«Казакпы сенин калкың – деп,
Кара жер жутсун наркың–деп,
Каадасыз чогоол салтың–деп,
Жалгыз эле сенсиңби,
Түбүнөн чогоол журтуңбу
Түрк баласы жалпың – деп.
Өзүңө бердим саламды,
Салам айтсам, жооп жок,
Өзөккө салдың алаңды,
Өтүрүк жалган дүйнөдөн
Көрбөдүм сендей арамды!
Соосананын аралы,
Куудук бугу, маралды,
Чакырасың жаныңа
Чарк келгисиз залалды.
Каапыр, каапыр дей бердиң,
Качкан бугу, кууган мен,
Калжырап бокту жей бердиң,
Кай ишти билдиң, Көкчө, сен?
Доңуз, доңуз дей бердиң,
Топтотуп бокту жей бердиң,
Доңшуган марал, тоскон мен,
Не ишти билдиң, Көкчө, сен?
Кайыпты куусам торгойсуң,
Каапыр-каапыр-каапыр – деп,
Какшанып айтып болбойсуң.
Тоо кийик көрсөң торгойсуң,
Тозоку – деп, койбойсуң.
Каапыр деген не сөзүң?
Каапыр – деп, кантип кордойсуң?!
Беш түрлүү Бээжин жерим бар,
Кырк уруу кытай элим бар.
Ээ, кызыталак казагым,

Кыйынсыр кайдан эбиң бар?
Көргөнүңдү айтчы, көрөйүн,
Көргөнүңдү айтпасаң,
Көргөзүп сага жөнөйүн,
Билгениңди айтчы, угайын,
Билгениң менден ашпаса
Билбегениң билгизип,
Бирди кылып чыгайын!
Артык сөздү сүйлөйсүң,
Асманды жерге сүйрөйсүң,
Аңдап турсам, «доңуз» – деп,
Азыркысын өзүңдү
Арыстандай күүлөйсүң.
Арам, арам чочко – деп,
Артыксынып турасың,
Артык кандай, кем кандай,
Наадандын кебин урасың.
Тозоктон уктум сөзүңдү,
Тозоку дейсиң өзүмдү.
Тозок деген кандай жай?
Тозокко бизди камоочу
Аскериң кайда шайма-шай?
Мусулман сенин баарыңда,
Бир эмес, жашы-карыңда
Бейишибиз деген кеп,
Биздин элди көрсө айтат
Жайың жааннам тозок – деп.
Астыңызда жер турат,
Андан башка не турат?
Жер үстүндө көл турат,
Көлсүз жерде биябан,
Көз жеткис ысык чөл турат.
Көл дарыя көп турат,
Көрүнгөн жердин баарында
Көгөргөн кие чөп турат.
Түрдүү жыгач бу турат,
Тозоку – деп, бизди айтып,
Чантуулар минтип кутурат.
Асманга баксам көк турат,
Ай менен күн чыкпаса
Жаркырап жылдыз көп турат.
Ай чыгат да, күн чыгат,
Ал экөөвү жок болсо
Караңгы кара түн чыгат.
Бекер сөз айтпа бул жерде,
Белендеп койгон бейишиң
Бей акыл чантуу, не жерде?
Сөз менен Көкчө тозомун,
Бу жерде азыр көрүнбөйт
Бизди салчу тозогуң.
Жыйылып алып чантуулар,
Дүнүйөлүү байыңар,
Биз өлгөндө киргизчү
Кай жерге кылып койдуңар
Тозок деген жайыңар?
Эки сөздүн биринде
Тозоку – деп, кытайды
Мусулмандын тилинде.
Эттен чыгат каныбыз,
Кан деген ошо жаныбыз.
Кан өлгөндө өлөбүз,
Өлгөндөн кийин не түрлүү
Кыйма чаап бөлөбүз,
Кайсы бирөөн алып барып
Казып жерге көмөбүз.
Аз болгондо адамга
Алты миң жыл болуптур,
Бул дүнүйө жүзүнө
Нече батпай толуптур.
Өлдүм эле, келдим – деп,
Өлгөндү кайдан көрөбүз,
Баламдын – деп, баласы
Мусулмандын ичинде
Келгени барбы бабасы.
Байкап Көкчө билип көр,
Мурунтан сөздүн катасын,

Өлдү, кайтып келди – деп,
Баласы күткөн жан барбы,
Багып-көрүп атасын.
Кара жер өлсө тартыптыр,
Каражолтой мусулман,
Каапыр – деп, бизди кордойсуң,
Кана, кайсы жериң артыктыр?
Жаан кезген жандар бар,
Жан ыракатын көрбөгөн
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жүрө турган заңгар бар.
Тозокту көрүп келдик – деп,
Токтотуп айткан кеби жок,
Сен тозоку – деп, айтыш
Эч бир жерде эби жок.
Өлгөндө болдуң топурак,
Бейишке барып келдим– деп
Мусулманды көрбөдүм
Ойноп жүргөн топурап.
Өлдүң, кара жер болдуң,
Жер болбосоң, не болдуң?
Кай бир адам жырткычка
Талаада өлүп, жем болдуң.
Жем болбосоң, не болдуң
Карынга барып бок болдуң,
Чычып салды, жок болдуң.
Мусулмандын балдары
Бейиш мында экен – деп,
Кайсы жерге токтолдуң?
Токтолуп жүргөн тобуңду,
Азыр билгин, эр Көкчө
Акылыңдын жогуңду.
Азыр өлбөй тирүүсүң,
Айдаркан уулу, сен Көкчө,
Наадандардын бирисиң,
Бейиш менен тозокту
Кандайлыктан билесиң?
Мусулмандын баарысы
Мурун бир-бир өлгөнбү,
Көмүлүп жерди көргөнбү?
Маңгүү журту каапыр – деп,
Кытайды айдап бөлгөнбү?
Тозок менен бейишти
Көкчөм, көзүң көргөнбү?
Бейишке кадам салдыңбы,
Кытайды көрүп тозоктон,
Айттырып сөзүн алдыңбы?
Качып андан кутулуп,
Кайтып келип калдыңбы?
Каапыр деген кандай кеп,
Кадырын билбей, жок сөздү
Капилет айтып салдыңбы?
Маңгүү кытай журтум бар,
Баш коюуга сыйынып
Колдоп турган бутум бар.
Адамга окшош өзү бар,
Ар бир иштен кабардар,
Айтып турган сөзү бар,
Менде Бээжин, Каканчын,
Баа жеткисиз Бакбурчун
Бейишиңден кем эмес,
Мен караган кудайым
Бекер бүткөн неме эмес,
Бар кылганын бар кылат,
Каардаса кар кылат,
Ажал келсе ок кылат,
Жок кылганын жок кылат,
Ал-абалың тилесең
Азыр айтып жооп кылат.
Баландын үйү куру – деп,
Балакет ээлеп туру – деп,
Барып көргүн муну – деп,
Өздөрүндөй бир сүрөт
Чыгарып берет өзү – деп,
Чын болот айткан сөзү – деп.
Лаайламалуу айтат,

Ырас кылып муну айтат:
Тирилигиң бейиш – деп,
Өлгөндөн кийин түк болбойт
Баштарыңа кейиш – деп.
Өлдүң эле жок болдуң.
Жокту кайра келиш – деп,
Каапыр – деп, кордой бергениң
Кан Көкчөм, айткан кандай кеп?
Башыңды кесип алса да
Биздин динге келгиң жок,
Зыярат кылып сыйыңар
Сыңар жерде белгиң жок.
Не билесиң эр Көкчө,
Чантуу деген куу журтсуң,
Билгениңди айтып бер, Көкчө?»
Бул сөздү айтып Алмамбет
Мурду кетип кырданып,
Бууракандап сурданып,
Алмамбет аттуу турганы.
«Эр Алмамбет, бери кел» – деп,
Көркөм күлүк Көгала ат,
Эр Көкчө атын бурганы,
Көгала майдан шиберди,
Көкчө түшүп атынан,
Алмаңа сүйлөп жиберди:
«Соосана бою түз – деди,
Сонундан көп сурадың,
Алмамбет бери түш» – деди.
Аттан түшүп, болду жөө
Алмамбет, Көкчө – эки дөө.
Арыстандай бүгүлүп,
Эр Көкчөгө тигилип
Алмамбет азыр олтурду,
Айдаркан уулу Көкчөнүн
Ар борумун толтурду:
Башына алып өлүмдү-
Баатырлык жайы дагы бар,
Мал кадырын куп билер
Бакырлык жайы дагы бар,
Бакыртып улак бербеген
Бакылдык жайы дагы бар.
Басташканын мант кылган
Балбандык жайы дагы бар,
«Алмамбетим сурадың»,
Айтмак үчүн билгенин
Сөз баштоочу чагы бар:
«Мен мусулман, сен каапыр,
Мусулман, каапыр арасын
Айтамын, анда таптакыр.
Астыңда турат кара жер,
Жердин кантип турганын
Каспаңда кандын уулусуң,
Эр Алмамбет айтып бер?
Үстүңдө турган көгүңүз,
Көктү карап көрдүңүз,
Көгөрүп турат үстүңдө,
Не деп билет көөнүңүз?
Сиз табынган бутуңуз,
Бутту колдо туттуңуз,
Куюп алган кутуңуз,
Кутту колдо туттуңуз.
Асман-жерге ээ болуп,
Аны кантип кыларды,
Аңдадың бекен буларды?
Ажал жетсе куп өлүп,
Айтып өзүң турдуңуз,
Акыры өлүп сулаарды».
Бул сөздү Көкчө айткан соң,
Билгенимди мен айттым,
Азыр айт – деп, билгениң,
Алмамбет кайта сурады.
Көкчө көзүн жаштады,
Анык уккун Алмам – деп,
Узак сөздү баштады.
«Ак жараткан өзү бар,
Айтып келген беришге,

Аят-адис сөзү бар.
Бир жараткан кудайым,
Ички-тышкы сырыңды
Билип турат жудайын.
Астыңдагы жер – деди,
Жер көтөргөн жел – деди,
Жел экен деп, тим болбой
Жеткирип ойло сен – деди,
Жеке кудай өзү – деп,
Кудайдан биле бер – деди.
Үстүңдөгү көк – деди,
Көк бирөө – деп, ойлобо,
Катар-катар көп – деди.
Арсы-күрсү жайлар бар,
Төртүнчү кабат асманда
Күнүң менен айлар бар.
Асмандагы жылдызды
Адам өлчөөр неме эмес,
Ар бир жылдыз ай, күндөн
Чоңдугу да кем эмес.
Жетинчи кабат асмандан
Жетип тур, көрдүң жарыгын,
Жеке гана жалгыз Алланын
Андан билгин барлыгын.
Аны менен токтолбо,
Топчудай башка алек бар,
Тогуз кабат балек бар,
Баарында аалам ичи бар,
Баарын турган бар кылып
Кудайымдын күчү бар.
Көктүн-жердин сыртынан
Көтөрүп турат баары күч,
Кудурет – деп, аталат,
Мусулман болгон эрендер
Бул сөздү ойлоп жат алат.
Асман-жердин тышында,
Тышта экен – деп, тим болбой,
Азыр турат ушунда,
Аралаш турат санааңда,
Күчү сага жардамчы,
Колу-аяк, салааңда,
Кошо турат денеңде,
Ич-тышыңда дапдаяр
Ичкен менен жегенде,
Токсон тогуз миң заты,
Миң бир келер бар аты,
Ичмек-жемек, уйкудан
Аман турмак адаты,
Бербердигер Алланы
Бар! – деп билгин катаа жок,
Туудурду дебе, ата жок,
Тууган аны эне жок,
Туш келишер неме жок.
Өзгө тууган-урук жок,
Бадышалардын баашасы,
Өзүнөн бөлөк улук жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өзүнөн болор бала жок,
Азыр турат ар дайым,
Өзүнөн башка даана жок.
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Маклукаттын баарысын
Көрүнбөй туруп колдогон,
Өкүм кылып: – Бат! – десе
Жарты өрүктүн ичине
Асман-жериң толбогон.
Акыл жетпейт, коюңуз,
Ак тааланын күчүнө
Жүгүрткөн менен санааңды
Түк бир жетпейт оюңуз.
Алдыңдагы кара жер,
Дарыя канча, таш канча,
Ушунчаны көтөрүп,
Акы албаган кандай эр!
Сен сурадың айтайын,

Эрикпегин эр Алмам,
Эми ойлонуп тыңдай бер.
Менден турдуң кеп сурап,
Үстү жагың карасаң
Көгөргөн асман, көк турат,
Көгөргөн асман-көгүңүз,
Көл-дарыя, суу – деди,
Куюлуп бери не келбейт,
Кудаанын күчүн көрүңүз!
Бар асман дайра суу болду,
Бир бирине кошпогон,
Барлыгы актын бу болду!
Ээси анын болбосо,
Эмине үчүн кошулбайт
Бири келип бирине,
Бере турган бендеге
Бербердигер бир Алла
Өзү салар дилине,
Лайилаха иллалла –
Келме жаттаар тилине.
Мусулман деди муну үчүн,
Көзгө илинбес чымайыл
Бейкүнөө бекер өлтүрсөң
Сен да ошентип өлөсүң
Чымайылдын куну үчүн.
Чоңдун жанын чоң дебейт,
Кичине жанды кыйсаңыз
Кылдың жакшы, оң дебейт.
Жараткандын өзүнө
Жандын баары бипбирдей,
Салсаң кулак сөзүмө
Азезилдин жолуна
Азып алып сен кирбей,
Ыраатын көрдүк бу жайдын,
Бир өзүң! – деп, жалбарып
Бирлигин билгин кудайдын!
Жалган жайда кейиш бар,
Акка кылсаң ибадат,
Акырет күндө бейиш бар,
Буга кирип кетесиң,
Тилегениң дапдаяр,
Мурадыңа жетесиң.
Баранды бар, чаранды,
Барлыгынан кудаанын
Барча жандын баарысы
Дүнүйөгө таралды.
Шондо дагы кудайым
Бирди өлтүрүп кетирди,
Жалган дүйнө жүзүнө
Жана бирди келтирди.
Көрүнбөйт бизге карааны,
Аяк, дене, колу жок,
Алланын барлык сыпатка
Акылдын жетер жолу жок.
Укту кулак, көз көрдү,
Ушунчанын баарысын
Дүнүйөгө өзгөрдү.
Окшоштурар бири жок,
Ак тааланын ишинде
Бир зарадай кири жок.
Кыйшык эмес кылганы,
Кудуреттин күчүдүр
Барча жандын жылганы.
Кудуреттин өз күчү
Барча жанга бөлүнөт,
Барып арбын күч тийсе
Балбаныраак көрүнөт.
Эми сенден сурайын,
Нечеге келди жашыңыз?
Кубаты менен кудайдын
Жерден чыкты ташыңыз.
Кара жерди кайнатып,
Топуракты таш кылган,
Ар жандарга ылайык
Албан түрлүү аш кылган.
Көрдүң таштын катыгын,

Ачуу-чүчүү не түрлүү
Таттың аштын татыгын.
Баарысына себепкер
Бар кудаанын өзүдүр,
Атаң Кабыл азганы
Азезилдин сөзүдүр.
Кудайым – деп, жүргөнүң
Колдон кылып сүрөттү,
Жакут, алтын, күмүштү,
Жакшы көрдү каапырлар
Жолдон азып жүрүштү.
Адам кылат сүрөттү,
Сүрөтүнүн ичинен
Аты шайтан ибилис
Кудаймын – деп, сүйлөптүр,
Ынанып ага көп каапыр,
Ыраатынан бейиштин
Ыраак калып жүрүптүр».
Алмамбет анда кеп сурайт:
«Азезил деген өзү ким?
Адамга душман?» – деп, сурайт.
Жообун берип эр Көкчө
Жолго салар Алмаңды,
Каары менен кудурет
Тозок жасап салганды.
«Тозок деген от – деди,
Азыркы жаккан отуңуз
Тозоктун отун кырк жууса
Ысыктыгы андай жок – деди.
Тозоктун отун кырк кайта
Жууп жатып өчүргөн,
Кырк биринчи болордо,
Бендем оокат кылсын – деп,
Жалган жайга көчүргөн.
Каары менен Алланын
Катуу бир от табылган,
Күчү менен Алланын
Жер жүзүндө миң жерге
Күркүрөп күйүп жагылган.
Ак каары карк толгон,
От күчүнөн жан болгон,
Ат коюлган Арбилит,
Жана бирөө Тарбилит
Алис-малис атагы,
Адам уулун аздырмак-
Нак ошонун чатагы.
Атасынын сүрөтү
Арыстанга окшогон,
Энесинин сүрөтү
Чаян болуп токтогон.
Тутпай актын буйругун,
Уруштуруп куйругун,
Эрди катын болуптур,
Ол чаяндын баласы
Тозок ичи толуптур.
Аты болгон Азезил,
Аңдап Алмам муну бил.
Акыл менен Азезил
Ак бардыгын билиптир,
Ырас кылып таатты,
Жараткан! – деп жалынып,
Ибадатка кириптир.
Жалынган соң жараткан
Тозогунан чыгарып,
Дүйнө жүзүн караткан.
Ал кезекте жандардан
Азезилден эри жок,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Мейли кара, мейли ак,
Таат кылбаган жери жок.
Мейли көл да, мейли чөл
Табынып жүрүп
Азезил Мурадына жетиптир.
Алтынчы кабат асманга
Аршы-күрсү каламга
Озуп чыгып кетиптир.

Бериштенин баарысы
Бери жагында калыптыр.
Арбындыгы сан жетпейт,
Ал бериште дегендер
Напсиси жок калыктыр,
Аларга да дарс айтып,
Азезил аршга барыптыр,
Текеберлик дайрага
Теңир ургур батыптыр,
Илими мендей кимдир? – деп,
Чалкасынан жатыптыр.
Көңүлүндө кеп ойлоп,
Кем болбодум кудайдан,
Мага недир? – деп, ойлоп,
Санаасына алыптыр,
Жаратканга билинип,
Тамагына салыптыр,
Балгам менен какырык
Байда болуп калыптыр.
Акка кылбай шүгүрдү,
Астын көздөй түкүрбөй
Асманды көздөй түкүрдү.
Кайдан түшсүн аршыга,
Асманга барып байланды,
Түрү суук бир нерсе
Тегеренип айланды.
Көккө айланып токтолду,
Орто жери оюлуп,
Оңурайып жок болду,
Күндөн-күнгө чоңоюп
Кара тоо болуп токтолду.
Түсү суук кара тоо,
Аңдаганга белгилүү,
Адамга душман напси жоо.
Тиричилик жан сактоо,
Тиричилик кылбаган,
Алланын коркуп каарынан
Кадам басып жылбаган
Бериштелер буркурап,
Бербердигер билдир – деп,
Кандай болгон кара тоо,
Тилениптир чуркурап.
Ак таала жактан кеп келген,
Текеберлүү душманым
Ким көтөрсө көңүлүн
Мойнуна түшөт! – деп келген.
Ибадатта-таатта
Мыланиктер жарданып,
Бар кудай мындан сакта! – деп,
Мунажат кылып зарланып,
Жалыныш кылган кудайга».
Анда Алмамбет сурады:
«Ал бериште дегениң
Келеби? – деп, бу жайга.
Катыны барбы, баласы,
Тиричилик кылдырбай,
Кандай кылган Алдасы?»
Көкчө берди жообуну:
«Көркүмүрөй биз үчүн
Көзүңө кылат кыпарат
Көп бериште сообуну.
Ургаачы эмес, эр да эмес,
Урган биздей неме эмес,
Кирпик ирмем кидирип
Ибадаттан кем эмес.
Нурдан бүткөн баарысы,
Алдадан буйрук болбосо,
Эгер анын түк жоктур
Эч бир жакка барышы.
Кыл – деп, кудай сүйлөсө
Асман, жерди эгерде
Бир бериште үйлөсө
Үйлөгөн ооз желинен
Баранды менен чаранды,
Баш көтөргөн элинен,
Эли түгүл, эл баскан

Алдында кара жеринен
Күлдөй учуп жок болот,
Амырын күтүп Алланын
Бериштелер токтолот».
Анда Алмамбет кеп сурайт:
«Атаңызга ыракмат,
Алиги болгон кара тоо
Кайда кетти?» – деп сурайт.
Алмамбет кайрып сурады
Кара тоонун абалын,
Эр Көкчө берди соболун:
«Ай Алмамбет кулак сал,
Ата зиттиңди
Ашыкпастан тыңдап ал.
Өзү жеке кудурет,
Өкүмүнү Алланын
Өзүнөн бөлөк ким билет?
Менин мүлкүм жер деген,
Адам жасайм үстүңө,
Топурагың бер деген.
Өзүмдөн адам жасаар – деп,
Дарак сайып, там кылып,
Тириликке кам кылып,
Өз денемди казар – деп,
Эр өлтүрөр, кан төгөр,
Баш сындырып, кол сөгөр,
Бетиме кылар зынаны,
Мээнетинен тынамбы.
Бербеген экен топурак,
Бербей койду жериң – деп,
Бериштелер топурап.
Кудурет буйруп ийиптир,
Азирети Жебирейил
Жер жүзүнө кириптир.
Мен денемди бөлбөйм – деп,
Бенде кылып күнөөкөр,
Шумдук жүзүн көрбөйм! – деп,
Бу да алалбай кайтыптыр,
Амырына Алланын
Барып жооп айтыптыр.
Экинчи келди Мекейил,
Мекейил улук бериште,
Ынабады жер дагы
Бетинен турпак беришке,
Шолорго өкүм болгон жок
Зордук кылып келишке.
Ысрапил үчүнчү,
Алып кел – деп, Алла буйруптур.
Асили турпак бербейм! – деп,
Айтышып жер туруптур.
Топурак чымчып ала албай,
Токтолуп анда кала албай,
Уруксат албай өзүнөн
Уучтап чеңгел сала албай,
Ысрапил кетиптир,
Арызын айтып жеринин
Аллага маалим этиптир.
Азирейил төртүнчү,
Алып кел турпак сурап – деп,
Ак таала кылды өтүнчү,
Ашкере кылды өкүмдү.
Жер ыйлаган заркырап,
Сууларым тунук шаркырап,
Менден алып барар – деп,
Бенде жасап салар – деп,
Напси, ачуу, текебер,
А да кошо барар – деп,
Эмгектүү тозок ичинен
Эринчээкти алар – деп,
Эмгектүү бенде башына
Не түрлүү азап салар – деп,
Кылып кыйла күнөөнү,
Аппак денем булганып,
Акыры келип калар – деп,
Тазалап ал, бооруң – деп,
Койнума менин тыгар – деп.

Тазалап пакдер алмакка,
Койбосмун аны, сыгам – деп,
Бир таруудай сөөгүнөн
Буудайдай суу чыгар – деп,
Ошо курган бендеси
Анда кантип чыдаар? – деп,
Мен да болуп беймаза
Артык бушман кылам – деп,
Асты ынабай коюптур.
Айткан сөзүн тыңдабай,
Азирейил бериште
Чеңгел салып бетине,
Жер кыртышын оюптур.
Азирейил чеңгел салыптыр,
Албан түрлүү топурак
Колуна кирип калыптыр.
Ок жетпеген учкулу,
Ошондо да кара жер
Куткарбаптыр ушуну.
Аңтарылып кара жер,
Артынан кууп жетиптир,
Азирейил шайманы
Кутула албай кетиптир.
Кутулбасын билген соң,
Кууп жетип, ошонун
Канатын тутуп илген соң
Ак амыры келдим – деп,
Алам десең, мегин – деп,
Ак тааланын буйругу,
Кудай үчүн бергин – деп,
Коркконунан жериңден
Кошоматка күлүптүр,
Кол тийген жери жер жүзү
Бир канчасы бүлүптүр.
Азирейилди куткарбай,
Жер соболго алыптыр,
Уят менен күлкүңүз
Ушу жерден калыптыр.
Карыз болсун, кайта берем – деп,
Кадыр Алла кудурет
Кайыптан кабар салыптыр,
Койнуна кайта салмагын
Убада кылып, алыптыр.
Берем кайра жерге – деп,
Ак таала кылган убада,
Кайтып өлбөс немедей
Каапырлар болгон убара.
Ырайымсыз алдым – деп,
Чеңгелдеп алып кыртышын,
Өкүмүңө өзүңдүн
Мында келип калдым – деп,
Алып барган топурак.
Азирейил бериште
Топурагын коюптур
Алып барып бейишке,
Бериштелер калыптыр
Көрүп туруп кейишке,
Бири кара, бири ак,
Бир түрлүү бенде болбоптур,
Ою терең ойлоп бак,
Сары менен көк болор,
Зады Адамдын балдары
Топурактан көп болор.
Бу сөздү айтып салыптыр,
Буйругу менен Алланын
Дене болуп алыптыр.
Бир денеде эки бут,
Билсең курган ушу журт,
Денеси бирөө, эки кол,
Каапыр менен мусулман,
Бейиш, тозок – эки жол,
Башы, көзү, кулагы
Барчасы бүттү бу дагы.
Жаткырып коюп бериште
Сырт жагынан сылады,
Сыртынан түшкөн үбөнду

Баарын кайып кылганы.
Боор жагын сылады,
Колтук, боор, ичинен
Колдогу малды кылганы.
Бир адамдын өзүнөн
Мынча түрлүү иш чыккан,
Чуңкурунан киндиктин
Үрүп жүргөн ит чыккан.
Баарысы кеткен жайылып,
Жансыз жаткан денеге
Ит калыптыр кайрылып.
Макулукаттын баарысы
Ар тарапта жүрүптүр,
Жансыз жаткан адамды
Итиңиз коргоп үрүптүр.
Адам жатты жаны жок,
Жан жолдошу дагы жок.
Жан бол! – деген бир демди
Жараткандан күч келди.
Нур да эмес, жел эмес,
Уучтатуучу неме эмес,
Жан качыптыр болбоско,
Бериштелер кубалап,
Жанды оюна койбоско,
Кармай албай жадаптыр.
Карматар неме көрүнбөйт,
Канетебиз муну? – деп,
Алла Таала өзүнүн
Амырына караптыр.
Ак тааланын буйругун
Алар кылып алыптыр,
Наама жасап, туткун – деп,
Алла буйруп салыптыр.
Чоор, комуз, кыягы,
Бирөө сурнай сыягы,
Нааманы кылып багыптыр,
Бериштелер кагыптыр,
Угуп алып ушуга
Уюп токтоп калыптыр,
Эрип токтоп турганда
Берište кармап алыптыр,
Мурунунан салыптыр,
Мээге жакын жетиптир,
Мээге жакын барганда
Бир чүчкүрө кетиптир.
Адам калды чүчкүрүп,
Алла кандай болорун
Өзү да билбейт түшүнүп.
Ак амыры, кел – деди,
Мен жараткан бендеден
Неме калба, сен – деди,
Бас, топурак адамга
Сажыда кылып бер – деди,
Жылытмакка денесин
Оттон коштум мен – деди,
Жүргүзмөккө жеңилдеп
Жана коштум жел – деди.
Жуурулганы суу – деди,
Төрт нерседен чогулуп
Адам болду бул – деди.
Аршы агла-күрсү лох
Асман толгон беriште
Адамга сажыда кылмакка
Азыр болуп келишти.
Аларга башчы Азезил,
Анык душман муну бил.
Алла улук! – деп, чур этип,
Үркүүгө баары барыптыр,
Нурдан бүткөн мен – деди,
Нурку мунун топурак,
Өзү кара жер – деди,
Адамга сажыда кылууга
Азезил көңүл бербеди.
Жүзүн коюп жер жакка,
Бериште экен баарысы,
Баш көтөрбөй калышты.

Баягы турган кара тоо
Кандай жанга түштү? – деп,
Мыланик көзүн салыптыр,
Баарысына дарс айткан
Азезилдин мойнуна
Ал илинип калыптыр.
Тоодой токонаалатты
Дого кылып салыптыр,
Токтоло албай Азезил,
Караңгы дүйнө жүзүнө
Кулап кетип калыптыр.
Кулап барат алдырап,
Токонаалат мойнунда
Илинген бойдон калдырап.
Көзүн салып берište,
Көп шүгүр кылып бул ишке,
Жана кылды сажыда,
Токонаалат илинди
Азезилдин пейилине.
Азезил калды кейишке,
Адам жатты бейиште.
Жан жүрөккө барыптыр,
Жараткандын буйругу
Дагы келип калыптыр.
Адам – деди, кыймылда,
Айтар сөзүң дагы ушу
Лаилаха иллалла,
Баркың жетер туруугa,
Аркасынан дагы айтты-
Мукамбет расулалла,
Абалкы айткан келмени
Жараткан ээм экен – деп,
Лаилаха дегени,
Экинчи Расулалла,
Бул эмне сөзү? – деп,
Ал токтоло калганы,
А деп оозуна албады,
Жебирейилден кеп сурап,
Мукамбет кимдир? – деп, сурап
Адам токтой калганы,
Мукамбет сенин балаң – деп,
Кулагына салганы.
Мукамбет расулалла,
Аны уккан соң байгамбар
Атын жатка алганы,
Расулалла экен – деп,
Ырас айтып салганы.
Мен болупмун баба – деп,
Акка недир даба – деп,
Ар канча улук болсо да
Маа болгон соң бала – деп,
Эмне үчүн айттырды
Атын жаттап мага – деп,
Көңүлүнө алыптыр,
Көңүлдүн турар жерине
Көөдөй жугуп, карарып
Кири орноп калыптыр,
Аны билип беришtе
Жебирейил алыптыр,
Кырып тышка чыгарбай,
Жаннатка таштап салыптыр.
Баарыны кылган кудайың,
Баякынын өнгөн жеринен
Ушу жеген буудайың,
Бейишке дүрдөп көп өсүп,
Өнүп кеткен жудайын.
Беришtе бар, бенде жок,
Адамдан бөлөк бир жандар
Бейишке анда келген жок.
Беришtе жүрөт бейиште,
Катынсыз койсо кудурет
Калбас эле кейишке.
Жалгыздыгы болбос – деп,
Жар жасайын жолдош – деп,
Бейиштен салмак салыптыр,
Бехуш болуп ал Адам

Бекерге уктап калыптыр.
Амыры менен Алланын
Сол кабырга чабынан,
Сол бөйрөгү жагынан
Этинен кесип эт алган,
Билиндирбей бат алган,
Оболку болгон жар үчүн,
Обо эне – деп, аталган.
Бериштенин баарысы
Кызмат кылган ар жанды,
Кызыксын – деп, Адамды
Бейиштен жүз нур алыптыр,
Жүз нурдун токсон тогузун
Обо энеге салыптыр.
Ойлоп көргүн мунусун,
Обо эненин жанында
Нур кыздары курусун.
Жалгыз нуру калыптыр,
Жалгыз нурду жүз бөлүп,
Жана токсон тогузун
Азирети Жусупка
Алардан кийин салыптыр.
Жана бирөөн жүз бөлүп,
Адам, бери, ынсы жин,
Баарысына бериптир,
Обол башы сулуулук
Обо энеден келиптир.
Ичмек-жемек, чычмак жок,
Ол бейиштен чыкмак жок.
Нур ичинде нур болуп,
Кийгени үлө бул болуп,
Адам, Обо туруптур,
Алиги кеткен Азезил
Шайтанды кудай уруптур,
Тоодой токонаалатты
Илип алып мойнуна,
Адам үчүн чыктым – деп,
Душмандык алып оюна,
Өз бушманы өзүндө
Жашын төгүп койнуна,
Басып көргөн жолу үчүн,
Барсам – деп, Адам ол үчүн
Асманга көзүн салыптыр,
Айласы жок токтолуп,
Аргасы жок калыптыр.
Капкасына бейиштин
Тоту куш, жылан бул экөө
Сакчы болуп алыптыр.
Тоос тоту куш экен,
Аңдап көрсөң, Алмамбет,
Ак амыры ушу экен.
Каратып коюп жыланды,
Дүнүйөнү сейил кылганы
Бейиштен учуп баркырап,
Ободон учкан жылдыздай
Ойго-тоого жаркырап,
Наамадан артык үнү бар,
Алтын, күмүш боростой,
Миң кубулган жүнү бар,
Тоту келип калыптыр,
Кайтып кетер жолуна
Алиги шайтан Азезил,
Даярданып алыптыр.
Тотуну көрүп кеп айткан,
Кулакка жакшы үнүңүз,
Токтолуңуз – деп, айткан,
Кубулат таза жүнүңүз,
Куш болгондо сендей жок,
Кут болсун мында жүрүүңүз.
Өлүм жетсе бир күнү
Төгүлөр жерге түгүңүз,
Топурак болор, жок болор,
Ар кандай сулуу түрүңүз
Өлүм жетсе токтолор.
Жараткан сенин кудайың
Жандууну койбос жудайын.

Ушундай түрүң барында
Өлбөй турсаң ар дайым
Сулуулугуң жакшы – деп,
Ажал тутса бир күнү
Жаның кетер денеңден,
Бул нуруңдан какшы – деп,
Азезил айтып салыптыр,
Бар экен – деп, өлүмдү
Байкап угуп алыптыр,
Жолдош болгон жыланга
Жообун айтып барыптыр,
Угуп алып жылан да
Убайымга калыптыр.
Өлөр болсо кутулбай
Бу жүргөн жандын баарысы,
Өлбөй мукум калууга
Табылар бекен дарысы?
Азезилден сурашып
Алар дагы барышты.
Анда Азезил кеп айтат:
«Өлбөстүктүн дарысы
Бейишинде» – деп, айтат.
Алып барсаң бейишке,
Абыдан куп жараймын
Өлбөстүктүн дарысын
Таап алып беришке.
Макул көрдү жыланы
Жаннатка алып киришке,
Баары аракет кылганы,
Азезил турду ушунда,
Алсаң – деди, оозуңа,
Айран болом ишиңе,
Арасына сыямын,
Жабышамын тишиңе,
Аз гана жерге батамын,
Абалы барсаң Обого,
Сен болуп сөзүм айтамын,
Нени билбес жылан – дейт,
Обо дагы эң сулуу,
Өлбөстүктүн дарысын
Аа жедирип кайтамын.
Бул сөзүн макул алганы,
Оозуна жыландын
Азезил кирип алганы.
Арасына тишинин,
Адам уулу ойлоп көр
Азезилдин ишини.
Анда жылан нар экен,
Эки аягы, эки кол,
Төрт аяктап басуучу
Төө сүрөтү бар экен.
Обонун келип кашына,
Азезил батып алыптыр
Бир жыландын башына,
Жылан болуп кеп айтат,
Жыргадың Обо – деп, айтат.
Сулуулугуң, сымбатың,
Адам жетпейт баркыңа
Арзан менен кымбатың.
Жандууда сендей борум жок,
Жаннаттан бөлөк орун жок,
Ошондо да өлөсүң
Тек, арылган шоруң жок.
Нур чырагың өчөсүң,
Өзүң өлүп калган соң
Башка бир жайга көчөсүң.
Мен айтсам кеңеш тыңдайсың,
Бейиш деген жай ушу,
Бекер жайга жылбайсың,
Мукум бейиш туруууга
Өлбөстүн камын кылбайсың.
Өзүңдөй нурдун баары бар,
Айтканы келдим мен сизге,
Эгер тоё бир жесең
Өлбөй турган дары бар.
Бул сөздү айтып салганы,

Оозунан чыгып шайтандын,
Буудай чыккан дарактын,
Бир мойсопу жан болуп,
Арасына барганы.
Ал ошенткен кезинде
Берише менен сөөлөттөш
Адам ата барганы.
«Бүгүн жылан келди – деп,
Өлүм деген бар экен,
Мукум өлбөй калууга
Буудай деген дары экен».
Ал сөздү айтып Адамга
Асылып Обо кеткени,
Калп сөздү айтып, чын кылып,
Азезил түпкө жеткени.
«Касым көптүр мен – деди,
Азгырба катын сен – деди,
Өзүбүз турбуз жаннатта,
Өлүм деген не? – деди,
Анык өлбөй калууга
Көзүң жетсе катыным,
Өзүң алып же» – деди.
Жообун угуп Обо эне
Жолго түшүп келгени,
Буудай деген кай түрдүү
Бул гүлдөрдө? – дегени.
Мойсопу болгон Азезил
Даракка келип олтурган,
Эр Алмамбет муну бил.
Обо келип кеп сурайт,
«Өлбөстүктүн дарысы
Кандай жемиш?» – деп, сурайт.
Мында Азезил кеп айтат
Буудайды көргөзүп:
«Мына будур – деп, айтат.
Жаратты жанды бейишке,
Жалпы баары бериште,
Өлтүрүп Алла баарысын,
Салат экен кейишке.
Өлбөскө дары буудай – деп,
Өлтүрөрмүн баарыңды,
Жебегин – деди, кудай – деп,
Жебе – деп, өлүм дарысын,
Куп кекетти кудурет
Жан бүткөндүн баарысын.
Барчасы тилин алганы,
Тил алгандын баарысы
Өлүп-өлүп калганы,
Көргөзбөстөн мен бакыр
Бир буудайды жалмады.
Айткан тилин албастан,
Бир буудай жеп алганым,
Нече миңдей жыл болду,
Өлбөй, тирүү калганым».
Ал сөзүнө ынанып
Обо эне кайтыптыр,
Уккан, көргөн баарысын
Адам атага айтыптыр.
Баштап алып Адамды,
Баягы жерге барганы,
Мукум өлбөй калдым – деп,
Азезил айтып салганы.
Андай болсо жейлик – деп,
Адам сурап калганы.
Басып барып Обо эне
Буудайдын бирин алганы.
Буудайды Обо үзүптүр,
Кан тамчылап буудайдан
Үч-төрт марта түшүптүр.
Кан тамчылап калыптыр,
Жаман көрүп Обону,
Кан өтсүн – деп, ичинден,
Адам айтып салыптыр.
Алиги тамган кан үчүн
Атпай жынсы ургаачы
Айыз көрүп калыптыр.

Бул ишти кылган ибилис,
Анык душман экен – деп,
Адам уулу билиңиз.
Буудай анда тоголок,
Жемек үчүн домолоп,
Адам бычак салыптыр,
Коон тилген немедей
Азыраак кесип алыптыр.
Али буудай дагы бар,
Тилип алган жеринде
Жырака болгон тагы бар,
Адам, Обо экөөлөп
Бир тилинген буудайга
Тоюп алган чагы бар.
Чийки буудай аш болбой,
Курсагы кайнап толуптур,
Куп беймаза болуптур.
Ол бейиште турганда
Нур тамагын жеп алган,
Чычмак-сиймек анда жок,
Ушу бойдон тим калган.
Буудай ичин көптүрүп,
Чыдай албай чычыптыр,
Үстүндөгү үлөсү
Неме калбай учуптур,
Батырарга жер таппай,
Куйругуна кыпчыптыр.
Кыпчыган жердин баары түк,
Жүрө албады адам шүк.
Башына да коюптур,
Жаагы ылдый куюлуп,
Аягы сакал болуптур,
Сасыгына-жытына
Бейиш ичи толуптур,
Азезилдин киргени
Аллага аян болуптур.
Чыгармакка Адамды,
Сасыгынан адамдын
Бериштелер жадады,
Чыгыңыз – деп, дүйнөгө,
Мыланиктер айдады.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Жамы бою жылаңач,
Адамдын шору кайнады,
Бир жапырак бергин – деп,
Бейиштеги жыгачка
Безеленип зарлады.
Эч бир жыгач макул – деп,
Илтикатка албады.
Тиленди адам жалдырап,
Аңгур деген бир жыгач
Бериптир үч жапырак.
Обо бешти алыптыр,
Эркектерге үч кепин,
Ургаачыга беш кепин
Сүннөт болуп калыптыр.
Сүрүп айдап бейиштен,
Дүнүйөгө-зулматка
Чыгарып таштап салыптыр.
Ободон Адам таарынып,
Адамдан Обо таарынып,
Бет-бетинен туш-тушка
Басып кетип калыптыр.
Алланын кылып буйругун,
Алып келген жыландын
Мыланик кармап куйругун,
Ыргытып аны салыптыр.
Кол-аягы жок болуп,
Жупжумуру токтолуп,
Ылаккан бойдон кетиптир,
Ыспаханга жетиптир,
Сакчылыктан бейиштен
Ырас күдөр үзүптүр,
Аткан экен бериште,
Ыспаханга түшүптүр.
Тутуп алып тотуну

Ыргыткан экен ушуну,
Ылаккан бойдон кетиптир,
Катастыга жетиптир.
Оболку Адам байгамбар,
Сүрүлгөн бойдон барыптыр,
Сирендипке жай алып
Бара турсун таянып.
Обо түштү Жийдеге,
Жийде өзүнүн аты экен,
Жээгине түшкөн дайраны,
Алла Таала кудаанын
Жеткирүүнө карагын.
Ал ибилис Азезил
Эзелден душман экенин
Адам уулу баарың бил.
Ак каарына батыптыр,
Кармап алып Мекейил
Дүнүйө көздөй атыптыр,
Актыгына ынабай,
Азелден шору катыптыр,
Ылаккан бойдон ал келип
Дарыя Шордун ичине
Түшкөн жерге жатыптыр,
Дарыя Шордун суусунан
Кандай бенде татыптыр?
Заар кеткен дайрага,
Адам аны иче албайт,
Ичкен жан кирбейт байдага,
Ислам болсо дининиз,
Ол дайрага чыланган
Шайтандын заары билиңиз.
Адам түштү дүйнөгө,
Алы келбей сүйлөөгө.
Мурункудай жай да жок,
Жылдыз да жок, ай да жок,
Жапажалгыз калганы,
Шум напсиден пайда жок.
Жарыкчылык күн да жок,
Жакшылыкта жүргөн жок.
Зулмат каран түн болду,
Адамдын аты ким болду.
Эч тынымсыз зарланып,
Мурункусун ойлосо,
Бу дүнүйө жалгандан
Өлсөмбү? – деп, ойлонуп,
Өлүмдүн таппай жарагын,
Өтүп кеткен бабаңдын
Зарланышын карагын!
«Өзүң жалгыз кудаам! – деп,
Жан кылган соң жаратып
Ушу беле мудаам? – деп,
Обо менден бөлүндү,
Тирүүлүктөн куп тойдум,
Жиберсең – деп, өлүмдү,
Туудурган атаң жок,
Жарлыгың чын, катаaң жок.
Тууган сенин энең жок,
Тушташ келер немең жок!
Күчсүң өзүң – кубатсың,
Күлдү баары адамды
Күтүп карап турасың.
Ташка басса чымайыл
Так билесиз өзүңүз,
Караңгыдан куткар – деп,
Зарлык айткан сөзүбүз,
Ырас сенин барлыгың,
Ката болбойт жарлыгың,
Караңгылык зулматта
Тарттым дүйнө тарлыгын.
Жеткирсең өлүм, өлсөм – деп,
Жекеме-жеке кудаасың,
Өкүмүңө көнөм – деп,
Кабыл болсо тилегим,
Жалган дүйнө жүзүнөн
Жарыкчылык көрсөм – деп,
Жараттың обол бейишке,

Жан жолдошум-кошунам
Жалпы баары бериште,
Жаннатыңдан чыгарып,
Жааннамга киргизип,
Жаман түштүм кейишке!»
Ал сөздү айтып ыйлады,
Агып жашын тыйбады.
Канчалык ыйлап жүргөнү,
Кадыр Алла дайындыр,
Бербердигер бир өзү
Белгиси жок сайымдыр,
Какшанба Адам ата – деп,
Кабар келди Алдадан
Өзүңдөн өткөн ката – деп,
Көрөрсүң жарыкчылыкты,
Көңүлүңө баскын тыныкты,
Кадыр Алла буйругу,
Кайыптан добуш кылыптыр.
Жарыктык берет экен – деп,
Атаңыз шүгүр кылыптыр.
Бери болсо беш жүз жыл,
Бербердигер Аллага
Бенделик кыл, тобо кыл,
Мээнет тарткан атаңыз,
Бенделикте биздин да
Көп чыгар кылган катабыз.
Тобо кылып сүйлөгөн
Азбаңар бенде дүйнөдөн.
Акындар сөзү дебеңиз,
Аты Обо энеңиз
Нуркалманга кошулуп,
Жараткандын жандары
Астына чыкпай озунуп,
Сейил кылган бейиште,
Кошуна болуп кызматкер
Кошомат кылган бериште,
Адамдан бетер ал дагы
Абыдан калган кейишке.
Эрим Адам көрсөм – деп,
Эгем Таала буюрса
Не кыл десе көнсөм – деп,
Караңгыда кара жок,
Кадыр акка жалынат:
«Өзүңдөн бөлөк паана жок!»
Бу жалгандын жүзүндө
Мурун кылган камы жок,
Жандырууга шамы жок,
Бааналаарга тамы жок,
Боздоп жүрдү тынчыбай,
Боз үй анда дагы жок.
Жылдыз да жок, ай да жок,
Жакшы экен – деп, айтууга
Жарык тийген жай да жок.
Ачылган кие, гүл да жок,
Ай дагы жок, күн да жок.
Зарланып жүр энеңиз,
Жамы Адам баласы
Жалган бу сөз дебеңиз.
Себепчи теңир өзүдүр,
Бирине бири себепкер
Бенделердин сөзүдүр,
Көй кашкалар муну бил!
Көп сөз мен да айтамын,
Бербердигер бир өзү
Бейлине салды шайтандын:
«Аздырдым» – деди, Адамды,
Азелден душман Азезил,
Адам уулу баарың бил
Ал өңдөнгөн арамды.
Адамдын түпөйүлүнөн
Акыры чыктым бейиштен,
Арылбадым ар кезек
Наала менен кейиштен.
Жок болбой айткан сөзүм – деп,
Акыры муну азгырып,
Жолдош кылдым өзүм – деп,

Топурак, отту, суу, желди
Тең жаратты, жан берди,
Адамдан алып жаратты
Жолдош кылып Обону,
Сулуулугу жан жетпейт,
Эч кимдин жетпейт соболу.
Обо энеге барсам – деп,
Ошону менен кошулуп
Жуптуу болуп алсам – деп,
Нурлардан артык ыраңы,
Ушуну бир кылсам – деп,
Ибилис талап кылганы.
Издеп барды энеңе,
Себепчиси бендеден
Ички-тышкы ар жанга.
Канчадан бери караңгы,
Какшанып жүргөн энеңдин
Кашына бир жан барбады.
Өзү жалгыз, караңгы,
Өксөп жүргөн энеңе
Азезил азыр барганы.
Келдим – деди, кашыңа,
Кейип ыйлап жашыба.
Каралды болом сага – деп,
Катын кылдыр мага – деп,
Айтып шайтан салыптыр.
Ачууланып Обо эне
Колго бир таш алыптыр,
Коркуп кетип Азезил,
Кошомат кылып калыптыр,
Алган ташы зумурут
Асыл болуп калыптыр.
Кошоюн жуптуң Адамга,
Бейишиңден кем эмес
Жалган жайда аралда.
Ыраазымын бакыңа,
Бир кылдырсаң – деп, турам
Адамга кошор акыма.
Обо анда зарланды,
Ак тарабын карады,
Акым үчүн кылдыр – дейт
Напси басып тындыр – дейт,
Аргам кетти нетем – деп,
Адамга кантип жетем – деп,
Денеси бирге Адамга
Тек кошулсам экен – деп.
Кайыптан келди кабары,
Ырас – деди, Азезил
Адамды издеп табары.
Макул дегин, көнөм де,
Көнбөй туруп, Адамды
Абалы өзүн көрөм де,
Алып келсең Адамды
Айтканыңа көнөм де,
Аяба айтар сөзүң – деп,
Азезилден сактоочу,
Алла Таала өзүм – деп,
Кабар келди кайыптан,
Каапыр шайтан талабы
Энекең Обо зайыптан.
Адамды акыр көргөз – деп,
Көргөндөн соң караанын
Айтканыңа көнөм – деп,
Ушунчалык кеп кылып,
Убадасын бек кылып,
Ибилис кетти Адамга,
Адам жүргөн зарланып
Сирендиптин аралда.
Чакырып жатыр Обо – деп,
Адамга кабар бергени,
Адамды азыр көтөрүп,
Обого жакын келгени,
Жакын жетип калыптыр,
Ошолорго себепкер
Жараткан Алла калыстыр,
Жаркыраган Обонун

Караанын көрүп алыптыр.
Токтотуп коюп Адамды,
Алиги Обо кашына
Азезил азыр барыптыр.
Уктум эле мен деди,
Убада кылган сен – деди.
Айтканымды айныбай,
Азыр мага бер – деди.
Адам турат жакын – деп,
Азыр бергин акым – деп,
Аңтарып дүйнө түбүнөн
Араң издеп таптым – деп,
Обого келип калганы.
Укканымды бергин – деп,
Убарага салганы.
Ушундан куткар Алла – деп
Энең Обо зарлады.
Кулагына ененин
Кудайдан добуш барганы,
Кулагына зарлады.
Көзүңдөн төктүң жаш – деди,
Турган жериң таш – деди,
Таштын бир жак бурчуна
ДАллалап өзүң кач – деди,
Үлө болгон жапырак
Таш үстүнө жап – деди,
Мына көндүм, кылгын – деп,
Бул илени тап – деди,
Башында үлө жоолукту
Таш башына жап – деди.
Айтканын актын угуптур,
Жаткан болуп көрүнөө
Обо эне андан чыгыптыр,
Обо – деп келип, Азезил
Таштын жаракасына
Жабдыгын жакшы тыгыптыр.
Азезилдин шаабаты
Аябастан чыгыптыр.
Үлөсү калган тутулуп,
Обо эне кеткен кутулуп,
Обону катын кылдым – деп,
Шайтан кетти кутуруп.
Шаабатын ташка салыптыр,
Ташта жатып шаабаты,
Алты ай, алты күнүндө
Эшек болуп каңгырап,
Эми чыгып калыптыр.
Шайтан кетти жайына,
Көзү түштү Обо эне
Адам ата байына.
Жетүүгө кылды акылды,
Колун булгап Адамды
Кел бери – деп, чакырды.
Чакырган Обо кашына
Адам келди акыры,
Сагынышкан бул экөө
Бир бирине катылды.
Бар экен кыштын кээри,
Адамдын кетип мээри,
Обонун ошо мүдөөсү
Эркектин жарак кисеси,
Кыштын күнкү тоң жерге
Муздаптыр эки тизеси.
Ошо экен актын буйругу,
Музга калып, муздаптыр
Обо эненин куйругу.
Жоктур бул сөз жалганы,
Ургаачынын куйругу,
Эркектин тизе муздоосу
Ушундан мурас калганы.
Ээрчишип алып экөөбү.
Жылуураак экен бул жак – деп,
Мединенин тарабы,
Жана бир жакка барганы.
Напси түпкө жетти – деп,
Акылынын жогунан

Бейиштен чыгып кетти – деп,
Жан сактоону билсин – деп,
Белин байлап кызматка
Мээнет кылып кирсин – деп,
Амырды Алла салганы,
Бериштелер барганы,
Ак амыры боюнча
Акыл, сабыр, нысапты
Бейиштен кармап алганы.
Уят менен төртөөнү
Уштап алып бейиштен,
Адам ата, Обо эне,
Ушуларга барганы.
Акылды салды мээсине,
Адам кирди эсине.
Уятты салды көзүнө,
Укканыңар ойлоп бак
Ата-энеңдин сөзүнө.
Сабырды салды тамырга,
Акыл-айла эмине,
Алла кылган амырга,
Нысапты салды дилине,
Баары бирдей келген соң
Жата берди былк этпей,
Жалган экен дүйнө – деп,
Жаттап келме тилине.
Аз бир жылга жетебиз,
Айрылып актан нетебиз,
Албай күнөө моюнга,
Акыры өлүп бир күнү
Акыретке кетебиз.
Ал сөздү алды эсине,
Акыры жалган дүнүйө
Көрүнбөдү көзүнө,
Нысап, сабыр, уяты
Келген соң Адам өзүнө
Эч жан сактоо тирүүлүк
Келбей калды эсине.
Бир Аллага сыйынды,
Кудай көрүп турат – деп,
Эрди-катын болуудан
Атаң менен энеңиз
Экөө бирдей тыйылды.
Таң атып анда күнү жок,
Жарыктык көрүп жүрүү жок,
Өлүмдөн бөлөк эси жок,
Шашып жүрөт өлсөк – деп,
Жансактоо кылар кези жок.
Эрди-катын болушуп
Катылышкан деги жок,
Качан өлүм келет – деп,
Өлүмдөн бөлөк кеби жок.
Эрди-катын болушуп
Кошулганын коюшуп,
Ушу жалган дүйнөдөн
Тирүүлүктөн тоюшуп.
Карап турат кудай – деп,
Катын кылган эри жок,
Катыны мага катыл – деп,
Айтар кеби теги жок,
Азып чыккан бейиштен,
Чекилик кылар эби жок.
Нече жылдык заманы
Өтүп кетти тамамы.
Салмагын мага салды – деп,
Тукумун чачпай, иш кылбай,
Жатып булар алды – деп,
Сабыр, нысап, уяты-
Жакшылыктар барды – деп,
Акыры өлөр экенин
Акыл билип салды – деп,
Тиричилик кылбастан,
Айнып жатып алды – деп,
Ак таала амыр кылыптыр,
Акыл, сабыр, уятың
Атаңдан калган кылыктыр.

Мыланиктер барыптыр,
Тозокко кабар салыптыр,
Напси, опту, текебер
Андан кармап алыптыр,
Эринчээкти кошо алып,
Бериште келип калыптыр.
Кармап келген обуну
Карынына салыптыр.
Ачууну салды дилине,
Текеберди коюптур
Жүрөктүн колко зилине.
Ачууну койгон тамырга,
Бериштелер макул – деп,
Алла буюрган амырга.
Ачуу менен сабырды
Ал экөөн бир байлады,
Напси менен нысапты
Ал экөөсү жайланды.
Оп менен акыл айланды,
Тегеренип текебер,
Акыл менен байланды,
Жатканына жай койбой,
Бирин бири айдады.
Напси турду ачмын – деп,
Кайда сенин ашың? – деп,
Текебердик көтөрдү
Жаратылып жаннатта,
Султан эле башың – деп.
Эринчээк муну айтат:
«Не кылар дейсиңжараткан,
Эчтеме кылбай жаткын» – деп.
Ачуу турат сүйлөнүп,
Жакшы жайга жаратып,
Жаман жерге койдуң – деп,
Жаалданып күүлөнүп,
Душмандык кылган Азезил,
Тутуп алып жутсам – деп,
Акка да келет ачуусу,
Жекеме-жеке кудайдын
Жери-көгүн бузсам – деп.
Сабыр тосуп акылды,
Жаратканга жалын – деп,
Кудайдан буйрук болбосо,
Жалгыз кылды бүктөөгө
Келе албайт сенин алың – деп.
Напси айдады тегин – деп,
Карагандын баарысын
Карыныңа жегин – деп,
Нысап айтат койгун – деп,
Жарым алма табылса,
Нысап кылып тойгун – деп.
Текебер айтат чоңсуң – деп,
Жер дүйнөнүн баарысы
Сенден төмөн болсун! – деп.
Акыл турат ал кезде
Текебер деген сенсиң – деп,
Теңир Таала жараткан,
Жандын баары теңсиң – деп.
Бейиштен келген төртөө бар,
Бейиштен келген төртөөнүн,
Ар иш кылса мөртү бар.
Тозоктон келген төртү бар,
Алар болсоң акыры
Ал төртөөнүн тилини
Азапка салар зилиңди,
Күйгөн тозок өртү бар.
Аңдадыңар баарыңар,
Ачууну сабыр тыйганы,
Адамдын болор ыйманы,
Алланын билип бирдигин,
Акыл ыйман жыйганы,
Көрүңүздөр ойлонуп
Ушунчанын баарысы
Көңүлүңө сыйганы,
Акыл, сабыр, уятың
Жамандыктан тыйганы.

Айландырсаң ага-ини
Ак тааланын кылганы,
Напси тилеп тамакты,
Насип берсең Алла – деп,
Адам ата тынбады.
Жеген өзүң буудайың,
Жерден өнөр жудайын,
Насибиңди берем – деп,
Кабар берди кудайың.
Күн деген бар, чыгат – деп,
Караңгыны жыгат – деп,
Жалпы дүйнө жүзүнө
Жарыкчылык кылат – деп,
Ак тааладан билинди,
Адам ата, Обо эне
Жарык качан келет – деп,
Кубанышып бүлүндү.
Алиги шайтан Азезил,
Азгырганын дагы бил.
Бир бутунда бар экен
Ургаачынын нышааны,
Укпай калба адамдар,
Ушу сөзгө бышалы.
Бир бутунда бар экен
Эркекче зегер жарагы,
Эгем Таала кудаанын
Жаратканын карагын.
Эки бутун сүйкөлөп
Эрди катын кылыптыр,
Аргез андан напси өлүп,
Мээр канып тыныптыр.
Эки аягы кагылды,
Азезилден бир бала
Азыр болуп табылды.
Каннас койду атыны,
Улук элем, зор элем,
Алла Таала түшүрдү
Адам үчүн батымды,
Адамдан өчүм алгын – деп,
Баласына айтты датыны.
Атасынын айтканын
Укту Каннас шайтаның.
Адам менен Обого
Азыр келип олорго
Этегинен эрмешип,
Ээрчип койбойт эргешип,
Жакасынан жармашып,
Азып кетпейт адашып.
Кет дегенде кетпеди,
Кет деген сайын эптелди.
Чык дегенге чыкпады,
Чык дегенин укпады.
Адам ата, Обо эне
Ал заманда үйү жок,
Жайланып жакшы жүрүү жок.
Оту да жок, айы жок,
Орун алар жайы жок.
Кайда үңкүр, кайда кар,
Кайда чуңкур, кайда жар,
Басып жүрөт бааналап
Акыр бир жарык берсең – деп,
Наала кылып Аллалап.
Ар тарапка барса да
Аркасынан кошо жүр,
Алиги Каннас санталак.
Эргешип жүрөт эрбеңдеп,
Экөөңдү тынч коюп,
Эч жайчылык бербейм – деп,
Эки шайтан, эки адам,
Атаң менен энеңден
Айрылбайт Каннас бир кадам.
Энең айтты атаңа
Куп кайрат кылып тыңдан – деп,
Эргешип эгер калбады,
Кутулалык мындан – деп,
Обо кармап тутуптур,

Оозго салып ол экөө,
Эки бөлүп жутуптур.
Кекиртекке кетиптир,
Жуткандан соң баласын
Азезил азыр жетиптир.
Азезил келип акырды,
Кайда кеттиң Каннас? – деп,
Баласын келип чакырды.
Бардым карынына – деп,
Атаке, мен мына – деп,
Адам менен Обонун
Курсагынан бакырды.
Жакшы жайды таптың – деп,
Так жүрөктүн дүлөйгө
Шашпай балам жаткын – деп,
Ибилис айтты орунун,
Айтам сага Алмамбет,
Ата-энеңдин борумун.
Каннасын кармап туттук – деп,
Караңдатпай жуттук – деп,
Ата, Обо кубанды,
Асылып жүрүп Азезил
Адаштырган буларды.
Адам өлбөй жалганга
Мукум калып турарбы.
Напси, ачуу, текебер,
Анан бирөө эринчээк,
Каннас менен бешөөбү
Тозок жантан келинген,
Сактансаң ушул бешөөнөн
Жайың жаннат берилген.
Акыл, сабыр, нысабы,
Уят менен төртөөнүн
Бейиш экен кысабы.
Акыл тапкан ыйман бар,
Ак барлыгын жыйган бар.
Ыйман менен беш болду,
Ырас жанга эш болду.
Жан атагы жетимиш,
Жакшылардан калган сөз,
Жай-көйүнө жетиңиз.
Улугу урух заминдир
Учпас, чыкпас жаныңдыр,
Экинчи урух ырабан,
Эскербейт муну кээ наадан.
Көрө турган ишиңиз
Боло электе билгизет
Уктаганда түшүңүз.
Жетимиш эки барча жан,
Урухуң үчөө, көбү кан,
Бир урухуң желдендир,
Белги берип денеңе,
Жамандыкпы, жакшыбы
Эти, башың тарткылап,
Антип кабар бергендир.
Жуурулганда суу кошуп,
Топурактан денеңиз,
Окугандар ойлонуп
Осол айтат дебеңиз.
Бейиштен келген беши бар,
Бендеге мынча жабышып
Бейбак шайтан неси бар.
Тозоктон келген беши бар,
Тозокулар тозокко,
Бейиштен келген бейишке,
Кете турган кези бар.
Жетимиш эки жаныңыз,
Айтылган ону кошулса
Сексен эки баарыңыз.
Ажал келип жыкканда,
Аманат жаның чыкканда
Суу кошулар суусуна,
Жаның кетип кошулар
Илийиндин буусуна.
Илийин өзү кернейдир,
Бир кеткен жан келбейдир.

Бейиши кетер бейишке,
Бекер күнөө кылдым – деп,
Тирилигиң кеткен соң
Бек калбагын кейишке.
Кылдырарын кылдырып,
Кыйып жанын тындырып,
Тозоктон келген бешөөбү
Кете берер тозокко,
Жаның тирүү чагында
Сак болуңар ошого.
Сексен бөлөк бир башың,
Калса күнөөң көп болуп
Селдей агар көз жашың.
Арбын болсо сообуңуз
Ачык болор жолуңуз,
Берише берер жообуңуз,
Бенделиктин сөзү көп,
Аны узартпай коюңуз,
Адам, Обо не болду,
Кабарынан болуңуз.
Караңгылык зулматтан,
Кутула албай арданып,
Кудай жарык берсең – деп,
Уйку көрбөй зарланып,
Бенде кылдың, жараттың,
Капкараңгы түн экен,
Жалган жайга караттың.
Алдык өчтү – деп алып,
Азезилдин Каннасын
Эки бөлүп жеп алып,
Эгем жарык бергин – деп,
Нече заман зарланып,
Наала кылып калганы,
Азыр жарык келет – деп,
Ак таала кабар салганы,
Жарыктык көрсөк экен – деп
Ар бир түрлүү зарлады,
Байкап турса бир кезде
Күн чыгыш жак агарды.
Агарганы таң экен,
Атаң менен энеңиз
Андан мурун таң көрбөй
Азып жүргөн жан экен.
Күткөн Адам жарыгын,
Алар мурун көргөн жок,
Күн дегени бар экен,
Отпу, суубу жан билбейт,
Ушунчалык ысыгы,
Ошо тийген күн экен
Жалган жайдын кызыгы.
Күн чыгарын аңдабай,
Күтүп бир аз карабай,
Жарыкчылык жеткени,
Жаратканга жалынып,
Бети менен жер сүзүп,
Сажыдага кеткени.
Шүгүр кылып калганы,
Күндү көрүп албады,
Күн тийбей намаз окумак
Бизге мурас калганы.
Күндү көрүп окуса
Кайсы маалда турсаң да
Каза болбой калмакчы,
Жалынып ийип эртерээк,
Бизге калды салмагы.
Андан кийин күн чыкты,
Аттиң тура турбай – деп,
Адамдын калды арманы,
Ал кезде күн бир жылдай,
Жаркырап туруп алганы.
Ары жарык, ары ысык,
Аңдасам Алмам сөз кызык.
Акылдашып кептешти,
Адам ата, Обо эне
Напси түртүп беттешти,
Эрди-катын болушуп,

Эми экөө эптешти.
Адам айтты энеге:
-Алла Таала байлады
Баланын баарын денеме.
Энең айтты атаңа:
-Менден бала чыгат – деп,
Бекер сөз айтып атаба,
Нең бар – деди-сеники,
Бала – деди-меники.
Курсакта күтүп турамын,
Тогуз ай, тогуз күнүндө
Мен кыйналып тубамын.
Эмчек болсо менде – деп,
Эч нерсе жок сенде – деп.
Жатар жайы менде – деп,
Эчтеме жок сенде – деп.
Атаң-энең айтышып,
Эзилишип эл болгон
Экөө изине кайтышып,
Таарынышып турушту.
Адам ата муну айтты:
«Алла билер жумушту,
Сенденби бала, менденби,
Бала болсо күтөрбүз
Бербердигер бергенди.
Тим талашпай бу жайдан,
Тиленелик кудайдан.
Сенден десе сеники,
Менден десе меники.
Заты улук зулжалал,
Өзү билер беришти,
Даргейиңде билгин – деп,
Жаратканы кудайдан
Сурашмакка келишти.
Актын келди амыры,
Ал экөөң кыл – деп, сабырды.
Сенден, менден бала – деп,
Бир бириңе салбаңар
Билбесчилик жабырды.
Адам ата ал – деди,
Шаабатыңды түшүрүп,
Бир орунга сал – деди.
Обо энени ал – деди,
Мээриңизди түшүрүп,
Бир орунга сал – деди,
Адам болсо кай бирөө
Баланы ээлеп ал – деди.
Адам шондо зарлады,
Салар идиш берсең – деп,
Ак таалага карады.
Ак тааладан келгени
Жебирейил бериште,
Алып келип бир шише
Адамга аны бергени,
Закерин адам сыгыптыр,
Адам шаабат алыптыр,
Акка кылып тобокел,
Ал шишеге салыптыр.
Жер кодоо – дейт, бирөө бар,
Обо эне колуна алыптыр,
Фаржысына салыптыр,
Фаржысын Обо сыгыптыр,
Маани суусу чыгыптыр,
Салар идиш бергин – деп,
Жараткандан тиленип,
Жана наала кылыптыр.
Үлбүрөгөн бир нерсе,
Жебирейил келгени,
Шаабатыңды куйгун – деп,
Обо энеге бергени,
Обо эне аны алыптыр,
Ороп-ороп арасын,
Мээрин бекем салыптыр.
Шаабатын Обо куюптур,
Суулуу жерден өнөр – деп,
Суунун коюп жанына

Алар күтүп туруптур.
Убактысы жетиптир,
Обо эненин куйганы
Бака болуп секирип,
Суугa кирип кетиптир.
Шишеге Адам салыптыр,
Тогуз ай тогуз күнүндө
Эки аяк, эки кол,
Арманы жок иш кылган
Атанын жакшы заман бол,
Эркек бала бир уул
Асыр болуп калыптыр,
Эркектен экен бала – деп,
Энебиз мойнуна алыптыр.
Андан кийин заманда
Азирети Адамга
Байгамбарлык барыптыр,
Адам ата өткөндө
Акыры кырк миң баласы
Адамга турпак салыптыр.
Азирети Шишине
Мужизасы калыптыр-
Байгамбарлык барыптыр,
Энеси жок, ата бар,
Бейиштен бекер чыгарып
Энеңизде катаа бар.
Обо менен Атадан
Асыл болду канча жан.
Бир ургаачы, бир эркек,
Билимдүүдөн калган кеп,
Айтып турган эр Көкчө,
Атаң сенин Кабылдыр,
Өзү менен туулган
Карындашын алган – деп.
Ала турган Абылды
Кутулайын мындан – деп,
Аны өлтүрүп салган – деп.
Өлтүрүп салып инисин,
Көтөрүп кетип калган – деп.
Жасатын жерден алган – деп,
Көрөт экен адам – деп,
Көп жайларга барган – деп,
Көнөрдү билбей калган – деп,
Бир сагызган өлтүрүп,
Азезил көмө салган – деп.
Кабыл көрүп ал ишти
Көмсөм болор экен – деп,
Таш менен казып бир жерди
Кабыл көөмп салган – деп,
Көмгөндүктүн нускасы
Бизге ошондон калган – деп.
Байгамбар Шиш баш болуп
Алганыңды алгын – деп,
Алыс жерге баргын – деп,
Кабылды кууп салган – деп,
Качырды булар Кабылды,
Каңгырап жүргөн Кабылга
Какандын жери табылды.
Баасыз экен бу жер – деп,
Барып жайын алыптыр,
Баасыз демек сөз үчүн
Баажын атка калыптыр.
Башынан атаң терс аяк,
Баары кытай тукуму
Мына ушундан калыптыр».
Ушу жерге келгенде:
«Байгамбар деген не сөз» – деп,
Алмамбет сурай салыптыр.
«Байгамбар деген кабарчы»
Дагы Алмамбет сурады:
«Байгамбар менен кудайдын
Арасында болгонбу
Кабарын айтар чабарчы?»
Анда Көкчө кеп айтат:
«Байгамбар бизге элчидир,
Ак тааланын буйругун

Ар качан алса токтобой,
Жебирейил келчүүдүр,
Ак кабары мындай – деп,
Адамдардын баарына
Байгамбар кабар берчүүдүр».
Анда Алмамбет сурады,
Айткан Көкчө сөзүнө
Айран болуп турады,
Акылы жетип Алмамбет,
Аа дегенде Алмамбет
Оозунан от чыгып,
Көк түтүнү бурады:
«Байгамбары нечөө?» – деп,
Эр Көкчөдөн сурады.
«Төрт миң төрт жүз байгамбар,
Алтымыш төрт жана бар».
Анда Алмамбет кеп сурап:
«Артыгы барбы алардын,
Билмек үчүн сурадым,
Бирдейби баары» – деп, сурап,
Көкчөгө көзүн салганы,
Көп сөз ойлоп эр Көкчө
Көңүлүнө алганы.
«Абзели артык бул – деди,
Бир жүз жыйырма төрт миңден
Жыйырма төртү артыктыр
Бекерге чыгып бейиштен,
Кутулбай зулмат кейиштен,
Мээнетти бекем көп көргөн,
Бейишти башта көз көргөн,
Абалкысы Адам – деп,
Ал кишиден тараган
Ушунчалык көп жан – деп,
Экинчиси Шиш – деди,
Байгамбарлык макамын
Шиш аябай иштеди.
Үчүнчүсү Ыдырыс,
Акыры адам уулусуң
Акка ибадат кылыңыз,
Акырет күндө азап бар,
Андай жайдан тыныңыз.
Төртүнчүсү Лут – деди,
Төгүнү жок ук – деди,
Табынып жүргөн сүрөтүң
Шайтан кылган бут – деди,
Жетинчиси Нук – деди,
Онунчу ата болгондо
Ушу жалган дүйнөнү
Каптап кетти суу – деди.
Алтынчысы Зулкапил,
Баатыр болсоң Алмамбет
Бабаларың жайын бил.
Жетинчиси Ыскакты,
Жер дүнүйө жалган жай
Не жандарды узатты.
Сегизинчи Ысмайыл,
Алла амыр кылганга
Ар не десе биз кайыл.
Онунчусу Саалыдыр,
Ошолордун баарысы
Убайымда өткөн маалыдыр.
Он биринчи Айыптыр,
Бабаң Кабыл башынан
Ак жолунан тайыптыр.
Денесин тамам курт жесе
Сабыр кылып калыптыр,
Сабырлыкка сүйөнүп,
Байгамбарлык алыптыр.
Он экинчи Ыбырай,
Топук берген бир кудай,
Мусулман жок, каапыр бар,
Кастык кылып каапырлар
Тозоктой жагып отту алар,
Үлкөн отун жагыптыр,
Ошол кабыл Ыбырай
Илем өзүң колдо – деп,

Ак таалага багыптыр.
Бадышасы Намуруд,
Кызмат кылган көп журут,
Сегиз айлык отуна
Серпкен экен ошондо,
Манжынк менен атыптыр,
Баратканда байгамбар,
Ошол да актын амыры,
От бузулуп качыптыр.
Зумурут такта ачкан гүл
Жебирейил алыптыр,
Бейиш даам мөмөсү
Белен болуп калыптыр.
Берсе кудай бендеге
Бере турган калыктыр,
Акка сабыр кылгандан
Калилдик мукам алыптыр.
Он үчүнчү Жакыптыр,
Байгамбарлык-набийлик
Мукамына батыптыр,
Өз балдары бир бирин
Жети булга сатыптыр.
Берген жети булуң – деп,
Өз инисин кулум – деп,
Саткан экен Жусупту.
Байгамбардын балдары
Сатылганы Жусуптур,
Байгамбардын балдары
Минтип бейлин бузуптур.
Он бешинчи Дөөттүр,
Далай мурун жан өтүп,
Сиздер менен биздер да
Кыяндан калган чөөттүр.
Он алтынчы Сулайман,
Ар нерсени сураса
Бир баладан бөлөгү
Азыр болгон кудайдан,
Байгамбарлык мукамда
Башта да өткөн канча жан.
Он жетинчи Даниял,
Ойлоп Алмам угуп ал.
Он сегизи Мусадыр,
Мырсал набий-байгамбар
Булардан мурун узаптыр.
Он тогузу Яхия,
Орун алып бейиштен,
Олор да барган жайына.
Жыйырманчы Зикириядыр,
Адамзат уулуна
Өлүм кыйын бикирдир.
Жыйырма бири Жунустур,
Баарысынан артыгы-
Дини ислам дурустур.
Жыйырма экинчи Кызырдыр,
Кызыр демек сакчыдыр,
Казынанын баарысын
Кыдырып жүрүп бакчуудур.
Жыйырма үчүнчү Илияс,
Аманатка кыянат
Кылдырбасы ал ырас.
Жыйырма төртү Арундур,
Булардын баары байгамбар,
Дүнүйөгө маалымдыр.
Жыйырма беши Илисемдир,
Байгамбардын баарысы
Бенделерден тазадыр.
Улукман бар, Искендер,
Байгамбардан кем эмес,
Таат-ибадат дин түзөп
Бул ааламдан өткөн эр.
Аяк жагын сурасаң
Азирети Ыйса – деп,
Атасы жок, эне бар,
Ага өлчөөр кандай неме бар?!
Акыр заман журтуна
Асыл болгон ушунда,

Качкан тирүү каапырдан
Камап келген тушунда.
Шугайып деген бири бар,
Ыдырыс менен Ыйса экөө
Ушу күндө тирүү бар.
Азыр тутат мусулман
Ак ислам дини бар.
Аршы-күрсү каламдан
Асман-жер мындай ааламдан
Эче миң аалам жаралган,
Жаратып жана мукаррап
Я зулжалал сураган:
-Мен киммин – деп, сен кимсиң?
Не жумушту сен билдиң?
Мукарабы токтолгон,
Сен өзүңсүң сен деген,
Мен өзүммүн мен деген.
Ал сөз менен токтолгон,
Ал ааламдын баарысы
Күмпаяакүм дегенде
Күлдү баары жок болгон.
Ак тааланын кубаты
Ааламды үч жол жараткан,
Сен-сен, мен-мен дегенден
Кайып кылып тараткан.
Андан кийин ак таала
Ак байгамбар урухун
Асыл кылып жараткан.
Абубакир Сыдыктын
Урухун жолдош кылыптыр.
Экинчиси Өмөрдү,
Ак байгамбар билиптир
Акыр бир күн өлөрдү,
Арсы-күрсү жаратып
Алла кылган өнөрдү.
Үчүнчүсү Осмонду
Урухунда байгамбар
Ушуларга дос болду.
Төртүнчүсү Аалыны,
Урухунда дос көрүп
Жолдош алган баарыны.
Күч-кудурет, кубат – деп,
Аршы-күрсү Лох калам
Азыр болуп турат – деп,
Балек тогуз кабат – деп,
Кудайсың – деп, ким айтса
Аалам орун табат – деп,
Айтып турган бу кепти
Ак мустапа байгамбар,
Угуп билген төрт жарлар.
Асман да жок, жер да жок,
Азар түмөн берište
Ар бир жандар, эл да жок.
Арсы-күрсү калам жок,
Бүткөн жалгыз аалам жок,
Сайын чакта кеп айтып,
Кудайлыгын билген соң
Аалам токтойт – деп, айтып,
Күчү менен Алланын
Күлдү аалам жаралат,
Аалам бүтүп болгон соң
Адам уулу таралат.
Жараткан соң кулубуз,
Жардыгында туруубуз,
Улугум кудай сенсиң! – деп,
Айтылса болот мунубуз.
Эч нерсе жок чагында
Ээрчиткен төрт жарына
Ак керими артык! – деп,
Үйрөткөн экен баарына.
Бол! – деди, бир күн кудурет,
Өкүм кубат күчүнү
Өзүнөн бөлөк, ким билет,
Арсы-күрсү Лох калам,
Азыр бүттү бар аалам.
Кудурет көрдү бир карап,

Баары тамам бүтүптүр,
Беришге төрт мукарап,
Абас чыкты Алдадан
Мен киммин? – деп, каалаган.
Нени айтарын биле албай,
Абубакир Сыдыктын
Азирети Мекейил
Урухуна караган.
Жеке гана жекена
Жер асмандын ээси
Өзүң жалгыз дапдаана!
Кудуретсиң-кудаасың,
Барчага берип ырыскы,
Жалгыз өзүң жазасың
Барча жандын мудаасын,
Табаракү тааласың,
Барча жанга маанасың.
Кубатың жеткен ааламга
Бузурук Алла Тааласың.
Жок турасың, бардырсың,
Жоктун-бардын баарына
Жолдош керим жардырсың!
Жок орунду бар кылган
Күч менен кубат алдырсың.
Эч окшошор неме жок,
Улук керим кандырсың!
Бу сөздү айтып Мекейил,
Мукарап сөзүн баарың бил,
Ал сөздү айтып мукарап
Акка кылды кулдукту,
Аның үчүн ааламдар
Аят токтоп туруптур,
Лаилаха иллалла-
Акка моюн сунуптур.
Жебирейил мукарап,
Ысырайыл баарынан
Кудайсың! – деп, сөз тарап,
Азирейил бу да айтты,
Ак таала сен улук – деп,
Төрт беришге жуда айтты.
Мукамбет расулалла,
Жок чагында муну айтты.
Абалы да Мукамбет,
Акыры да Мукамбет,
Ааламдарды токтоткон
Акылы да Мукамбет,
Ак тааланын күчүнү
Анык билген Мукамбет,
Бар кудаанын бирлигин
Каныкк билген Мукамбет,
Урматынан күн жасап,
Жарык билген Мукамбет,
Урухунан ай жасап,
Нурландырган Мукамбет.
Жетим-жесир карыпка
Бурай турган Мукамбет,
Жакшылыгың шапагат
Сурай турган Мукамбет,
Арсы-курсу каламга,
Он сегиз миң ааламга
Себеп болгон Мукамбет,
Үмөт үчүн дандырга
Кебеп болгон Мукамбет,
Аасы жапы үмөткө
Медет болгон Мукамбет,
Аз жыл болду өткөнү,
Акыретке көчкөнү.
Нуру ыйманга жык толгон,
Бу дүйнөдөн барганы
Эки жүз элүү жыл болгон.
Ааламдан биздер кетер – деп,
Айтпай койсом бекер – деп,
Эки жүз сексен жылында
Түркстандын түркүнө
Дин ыслам жетер – деп,
Айтып кеткен Мукамбет.

Жалган жайдан бакыга
Кайтып кеткен Мукамбет.
Ысламды ак жолго
Баштап кеткен Мукамбет,
Абунасыр заманы
Айтып динге салгын – деп,
Алла канча жашатып,
Таштап кеткен Мукамбет.
Алдык кабар ушундан,
Аз жылда болдук мусулман.
Биз да сендей динде элек,
Билбей турган жинди элек.
Ачылган андан көзүбүз,
Ак динине салгандан
Айдай жарык кылды – деп,
Айкожо – дедик өзүбүз,
Айтылбаган калбады
Айкожого сөзүбүз,
Алсаң кабар динимден
Алмамбет мырза өзүңүз.
Бут дегениң шайтандыр,
Кутуруп шайтан сиздерге
Кудаймын – деп, айткандыр.
Кудай өзү баанадыр,
Куп билгичил даанадыр.
Бутуң шайтанканадыр.
Ысламдыр биздин динибиз,
Түрк уулунан түк билбей,
Келген эле биздин зил,
Аңдаган сен, айткан мен,
Алмамбет мырза өзүң бил».
Айтып болуп эр Көкчө
Ылаазым сөзүн тыйганы,
Алланын билип барлыгын,
Алмамбет аа! – деп, ыйлады,
Агып жашын тыйбады.
«Туулган жерим каапыр – деп,
Эми болсом мусулман,
Жакшыларга жанаша
Барармынбы акыр? – деп,
Каапырдан тууган сенсиң–деп,
Как талаада каңгырап,
Каламынбы такыр?! – деп,
Берсе кудай дилиме
Келтирсем келме тилиме,
Мен да ошо жерге барамбы,
Бейишинден аламбы?
Каапырдан туулуп калдың – деп,
Как талаада каламбы?
Айтып берчи Көкчө?» – деп,
Алмамбет сурайт андан кеп.
«Туулдум каапыр элинен,
Туңша Бээжин жеринен,
Туюндум баатыр кебиңден,
Бар экен Алда, паана экен,
Барчага ээ, даана экен,
Набий байгамбарлардан
Артык болгон Мукамбет,
Жалган жайдын мээнетин
Тартып болгон Мукамбет
Магшар күндө мен турсам
Парият кылып кол сунсам,
Алар бекен колумду?
Жакшылардын шарында
Ачар бекен жолумду.
Кытайга кылыч миздесем,
Үмөтүңбүз биз десем,
Кыямат жолун издесем
Угар бекен сөзүмдү,
Кудайга кул, бизге үмөт
Дээр бекен өзүмдү.
Мээнетинен тозоктун
Берер бекен амандык,
Башта кылып жүргөнүм
Баары күнөө жамандык.
Ийменбестен, иш билбей,

Ичип арак-шарабын,
Арам-адал аңдабай,
Жүргөнүмдү карагын,
Аштын ичпей адалын,
Акыретти ойлобой,
Аманат жандын залалын.
Укпай кудаа бирлигин,
Көкчө баатыр сен ачтың
Көңүлүмдүн кирлигин,
Каапыр бойдон калк билип
Көмүлүп калсын тирлигим!
Алайын ак дин жолуңду,
Айта кой Көкчө жообуңду.
Абунасыр замандан
Аңдадың бекен кебинен,
Ак байгамбар кашынан
Араптын келген элинен,
Каапырдан болсом мусулман,
Кажыбас бекен эбинен?
Мусулман кылган ырымын
Бузбай мен да кылармын,
Бу дүйнөдөн кеткенде
Кандай кылсам тынармын?
Мусулман кылган ишини,
Ак байгамбар Мустапа
Үмөтүм – деп, айтабы
Ишин кылган кишини?
Акылыма токусам,
Мусулмандын бичигин
Оюма алып бекинип,
Он-он беш жыл окусам
Көрөмүнбү жакшылык?
Көр күмүрөй кытайда
Укпай-көрбөй какшыдык.
Бадырек кытай курусун,
Байкатайын мунусун,
Баш күнүнөн кылыппыз
Азезилдин жумушун.
Укпаппыз байгамбарларды,
Эсеп алып, эртең күн
Убарага саларды.
Каапырдан болсо мусулман
Жакшы жайга барарбы?»
Эр Көкчө айт – деп эртелеп,
Алмамбет сурап энтелеп.
Ашыгып азыр калганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Ай-ай, сабыр кылчы! – деп,
Карсылдап күлүп калганы.
«Эртеден бери эр Алмам
Эмне түрлүү кеп уктуң,
Байгамбарлар атасы
Көбү каапыр – деп, уктуң.
Ата-энеси каапырдыр
Байгамбар заман акырдыр,
Акыр заман Мукамбет
Дин ислам журтуна
Тигилген алтын чатырдыр.
Окууда турат оюңуз,
Окусаң оку, өзүң бил,
Оюң жетсе барлыкка
Окубай да коюңуз.
Арам напси өлтүрсөң,
Акка ыйман келтирсең,
Болжоп көр – деп, ушундан,
Бир ооз келме сөз менен
Болуп калдың мусулман.
Мусулман деген ынанган,
Ынанбай окуп жүргөндөн
Ыраакка кетер канча жан.
Сен жүргөнсүң жериңде,
Сексен сан кытай элинде.
Кытайдан бөлөк эл жок – деп,
Бээжинден бөлөк жер жок– деп,
Эл да арбын, жер да көп,
Көрүнүп туру асман-көк.

Көл экен дайра көгүңүз,
Көтөртүп койгон кудаадыр,
Кудуретин көрүңүз.
Кудурет деген күч болот,
Барлыгына ынансаң
Көңүлүңө нур толот.
Мусулман болуп дүйнөдөн,
Магшарга барсаң учташып
Кудай казы турганда
Үмөтүм! – деп, кыйкырып,
Жаарасул Алла байгамбар
Жакшылык дүкөн курганда,
Арап айтат шапаат – деп,
Түркү тилде жакшылык,
Ал жакшылык кылбаса
Азим бейиш жаннаттан
Арман менен какшыдык.
Эсепке өтсөң элим – деп,
Эр үмөтүм келгин – деп,
Шейиттерге тушташып,
Шапааттан бир өтсөң
Жакшыларга учташып
Бербей турган бенде жок,
Айткан болсо бербейм – деп,
Аларсың койбой мушташып,
Аларыңды анык бил,
Каапыр кетсең, тозокто
Каларыңды канык бил.
Бенделикке баш коюп,
Бербердигер – деп, барсаң
Бейишинен бермекке
Бу жерде турган мен кепил!»
Ал сөздө Көкчө токтолду,
Алмамбет угуп аа тартып,
Акылы башта жок болду.
Жаратпай өзү тирлигин,
Азыр угуп Алмамбет
Ак тааланын бирлигин:
«Жараткан сенсиңкудайым!
Эркине койбой эл кылып,
Каапырлардын баарысын
Мусулман кылбай жудайын.
Кызматкер экен бериште,
Баары кирип кетер – деп,
Кызганган белем бейишке.
Мурун жасап бейишти
Мусулман камын жегенби,
Баарысы болсо мусулман
Сегиз бейиш жаннатка
Батпай кетет дегенби?
Көзү жетсе барча жан
Мусулман болуп алат – деп,
Тосуп кудай койгонбу
Тозогум куру калат! – деп.
Бул сөздү кытай түк билбейт,
Бул эмине деген кеп?
Бейкабар калган кытайга
Бекер көпкөн бу жайга
Мен ушундан барбасам,
Билбегенин билдирип,
Бээжинге кабар салбасам!
Кыпын койбой кытайдан
Айтып-айтып билдирип,
Ак мусулман кылармын,
Албай койсо тилимди
Алым келсе кырармын.
Билбеген да, укпаган,
Бирлигин актын тутпаган
Арбак урсун кытайды,
Аңдатайын мындайды!»
Өксөп ыйлап даттанды,
Өзү болуп мусулман,
Тилине келме жаттады.
Калкына болмок убара,
Жандырба – деп, жараткан,
Кайтпаска ак дининен

Акка кылды убада.
Эгер жансам динимден,
Ак бирлигиң билинген
Жанымды ал – деп жандырбай
Алмамбет болду убара,
Аллага кылды убада.
«Береним Көкчө угуп ал,
Мен болдум эми мусулман,
Бекиди диним ушундан.
Бейкабар жаткан бенде көп,
Эсин билбес эл да көп.
Кадыр Алла кудайдан-
Кабар угуп мындайдан
Кайта турган калкта көп,
Буткана күткөн мурдар көп,
Бут – деп, жүргөн кургур көп,
Узакты билбес ургур көп.
Акылы жетпес айбан көп,
Көңүлү жетпес көөсөр көп,
Ою тереӊ оён көп,
Санаасы кыска сапал көп,
Бейкабар жүргөн бенде көп,
Аңдабай жүргөн наадан көп,
Жай билбеген жаман көп.
Ыслам жолун ачпайын,
Ыслам жолун ачкан соң
Ысыгын көрбөй качпайын.
Мекенин жолун ачпайын,
Мекенин жолун ачкан соң
Мээнетин көрбөй качпайын.
Ак бирлигин сактайын,
Атама айтып мактайын,
Ата тузун актайын.
Эгемдин сөзүн жактайын,
Энеме айтып мактайын,
Энемдин сүтүн актайын.
Байгамбар сөзүн жактайын,
Барлыгын айтып кудаанын
Бээжиндикке мактайын.
Алган болсо тилимди,
Амыр кылса кудурет
Ак ислам динимди
Киргенине киргизип,
Киши койбой билгизип,
Кирбесе канын чачармын,
Кадыр Алла жар болсо
Карайлаган Каканга
Ыслам жолун ачармын,
Баары болбосо, көптөсө
Башымды алып качармын.
Амурдун арты Кара-Кур,
Айныма жолун карап тур,
Кара-Курдун Каркыра,
Кажылдаган каапырлар
Жетпеген болсо баркыма
Кан төгөрмүн, качармын,
Калаа Туңша шаарынын
Капкасын бузуп ачармын,
Каапыр көптөп өмөлсө
Кайгыланып шашармын.
Карасы жоктой кылбагын,
Азыр болдум мусулман,
Арбагымды сыйлагын,
Алачтан аскер жыйнагын,
Көк-Дөбөдөн көздөп ал,
Көөсөрлүк кылбай эстеп ал,
Ийри-Суудан издеп ал.
Кыжылдаган кытайга
Кырк күнү кызмат кылайын,
Кыяматты айтып сынайын.
Алмамбет айткан сөзү үчүн,
Болгону болсо мусулман
Болот экен өзү үчүн.
Болбогон болсо каапырды,
Кудай насип кылбаса
Мен кантейин акыры,

Кала берсин, мейли – деп,
Калкы Какан эли» – деп,
Кан Көкчөгө айтты кеп.
Анда Көкчө эр айтат,
«Алмамбет ойлон!» – деп, айтат
Азар түнөн кеп айтат.
«Айдаркан уулу мен турмак,
Алмамбет мырза сен турмак,
Атабыз Адам байгамбар,
Андан тарап олтурсуң
Ааламды баскан көп жандар,
Адамдын уулу Шиш да бар,
Ал экөө карап турганда
Айтканына ынабай,
Арттыра кылып күнөөнү,
Каршылык кылган иш да бар.
Айттык, уктук, билдиңиз,
Азыр болуп олтурат
Ак ислам диниңиз,
Өз тууганын өзү алып,
Качып кеткен эл безип
Кабыл деген жиндиңиз.
Адамдан сөзүң артыкпы,
Абылды Кабыл өлтүргөн,
Атаңыз кейиш тартыппы?
Алган эмес атаңыз
Шиш байгамбар тилини,
Шол Кабылдын журааты,
Куубай койбос зилини.
Байгамбардын баары өткөн,
Миң жашаган Улукман,
Акыл-насаат сөз айтып
Нече түрлүү кары өткөн,
Баарынын деми басылган,
Бабаң кытай уругу
Махбузда каапыр жазылган.
Мусулман бол – деп, кытайга
Нече жүз миң байгамбар,
Баарысы да асылган,
Ак байгамбар мустапа,
Андан да наама жазылган.
Алган болсо тилини,
Куубаса кытай зилини
Билбес беле кытайлар
Жараткан жапар бирини.
Даакы Жунус эр өткөн,
Кытайды бол деп, мусулман
Нече албан эл өткөн,
Болбой кытай мусулман,
Ошолордун баарысын
Бой боздотуп жөнөткөн.
Түп бабабыз түрктүр,
Түмөн алач баласы
Түрктөн калган мүлүктүр,
Өз журтум – деп, барышың
Өзүңө жаман түлүктүр.
Кыргыз, казак эл бар – деп,
Мусулман болуп алган соң
Кытайда сизге не бар? – деп,
Каралашсаң караарга,
Кандай иш кылсаң жараарга
Казак, кыргыз эл бар – деп,
Каңгайда сага не бар? – деп,
Алган болсо тилиңди
Болсо болор мусулман,
Мусулман эгер болбосо,
Түп чочуймун ушундан.
Энең айтар:-Балам, – деп,
Эки көзүм-карам – деп,
Эл көргөндү көрөрсүң,
Не кыласың, койгун! – деп,
Атаң айтар катасыз
Азыр карма, сойгун! – деп,
Эч болбосо тим койбой,
Кара көзүн ойгун – деп,
Эки көзүн ныл тартып,

Карайлатып койгун – деп.
Көптөсө жалгыз нетесиң,
Көрүп жүргөн журт ко? – деп,
Көөсөрлүк менен кетесиң,
Өз кулуң – кызматкериңден
Кордук көрөр бекенсиң?
Зынданга түшүп зыркырап,
Азып калар бекенсиң,
Сыр алышпай эсиңден
Жазып калар бекенсиң?
Өлүп кокус кытайдан,
Жатып калар бекенсиң,
Өлүм даамын кокустан
Татып калар бекенсиң?
Калбалатып каапырга
Кара канга белиңден
Батып калар бекенсиң?
Кымбат жаның өлбөсөң,
Кыяндардын Чанак бел
Ашып калар бекенсиң,
Кыжылдап жаткан кытайдан
Шашып калар бекенсиң?
Чоң-Бээжинде бир кансың,
Сенден кытай азайбас,
Жоголуп кеткен бир жансың.
Туңшада болгон зор кансың,
Туташ кытай эстебес,
Душманга кеткен бир жансың.
Мусулман болуп бузулуп,
Мурдар кытай карабас,
Мурунтан көөнүң тынбаса,
Бу барышың жарабас.
«Башыдам» – деп баш коюп,
Бадирек кытай карабас,
Башка мүшкүл бир иш ко,
Батынып Бээжин журтуна
Барышыңыз жарабас.
Башта кытай дининде
Бадыша болуп токтолдуң,
Баягы журтум экен – деп,
Сак болбосоң, жок болдуң».
Баатыр Көкчө айтат кеп,
Барбасаң болор эле – деп.
«Энем дээрсиң, барарсың,
Эмгекке башың саларсың.
Атам дээрсиң, барарсың,
Азапка башың саларсың!
Динге кирет кытай – деп,
Тим бир айткан курган кеп.
Жолума кирет кытай – деп,
Жок бир айткан курган кеп.
Барба, Алмамбет баатыр – деп,
Балаа болор акыр – деп,
Барсаң баргын, Алмамбет,
Кытайды бол – деп, мусулман
Айта көрбө такыр – деп.
Кытайды бол – деп, мусулман
Кыйырыңа, ырас, айтарың,
Кытай муну уккан соң
Кыйындыр сенин кайтарың.
Каапырды бол – деп, мусулман
Каңгайга, ырас, айтарың,
Калкыңа барып айткан соң
Кадиктир аман кайтарың.
Ыслам дин – деп, козголдуң,
Ырасы мага дос болдуң.
Достугуңдан күйөмүн,
Тозокко тирүү барууңу
Тойгон экен жандан – деп,
Тосо албаймын, күлөмүн.
Жакындыктан күйөмүн,
Жааннамга тирүү барууңа
Жандан тойгон экен – деп,
Жадагандан күлөмүн.
Кадырың билбес каапыр – деп,
Карып жаның өлбөсөң

Кара канга чөмүлүп
Бир чыгарсың акыр – деп,
Баркыңды билбес каапыр – деп,
Байкуш жаның өлбөсөң
Балакеттин ичинен
Бир чыгарсың акыр – деп,
Жалгызсың, көптү нетерсиң?
Эрмен чөптөй кытайдын
Нечөөнө алың жетерсиң!?
Энем, атам, элим – деп,
Эмгекке калар бекенсиң?!
Көзүмдү көрсө кыйбайт – деп,
Көңүлүң турсуң ойлонуп,
Көөкөрдөй кисе байланып,
Көп кытай кетер айланып,
Көзүңдү тазаламакка
Жоо болор сага шайланып,
Кыя койбос мени – деп,
Кыялың турат жайланып,
Кылычын кыя байланып,
Кылым кытай көп журту
Кылчайбай кетер айланып,
Кыйма чаап өзүңдү,
Кыюуга жаның шайланып,
Кызылдай чокко баруууга
Кыйбаймын сени таңданып.
Атаң түшөр артыңа,
Асили дары табылбас
Атаңдын кылган дартына.
Эч кимден чочуп сезбейсиң,
Энем дейсиң, эстейсиң,
Энең түшөр артыңа,
Эгер дары табылбас
Энеңдин кылган дартына.
Калкы кытай көп журтун
Каканга бирөө сүрүппү,
Канчалык жүргөн мусулман,
Кыжылдаган бадирек
Кытайлар көрбөй жүрүппү?!
Бээжинге бирөө сүрүппү,
Бенделиктин жышаанын
Бетиңде канча мусулман
Бекерге көрбөй жүрүппү.
Көрсө дагы көнбөгөн,
Жынсы бузук бадирек,
Көпчүлүгү көлдөгөн,
Миң түрлүү сөз айткандыр,
Бир ынанып өлбөгөн.
Сактасын кудай өзүңдү,
Этияттап айта көр
Не да болсо сөзүңдү.
Жолдошуңдан угуучу,
Жолуңда кытай туруучу,
Жоолашып кудай уруучу.
Кошчуңдун кеби чыгуучу,
Кол-кошуунуң угуучу,
Чантуу болчу кайсы – деп,
Чапкылашып чыгуучу.
Акыры жаның соо койбос,
Аткылашып жыгуучу.
Сыр билбестен тим болсоң,
Сынамакка өзүңдү
Какайдан союп, эт коюп,
Карайлатар көзүңдү,
Как ошону жебесең,
Каттам кылар өзүңдү,
Акылыңа ала көр
Айткан менин сөзүмдү».
Эр Көкчө турду токтолуп,
Алмамбет шондо сөз баштап,
Кайраттанып октолуп:
«Ата-энем, ага-иним
Азыр тапкан ак диним
Айтпай кантип кетейин,
Айтмак үчүн ак динин,
Аманат жандан кечейин.

Чынмачынга жетейин,
Чырак дини ыслам,
Айтпай кантип кетейин,
Чырак динин айтмакка
Чымын жандан кечейин,
Жоо да болсо динге үндөп,
Жоомарттык менен кетейин.
Сактоочу кудай өзүдүр,
Жанып кетер кайта – деп,
Жайдары досум эр Көкчө,
Жаскактап айткан сөзүңдүр.
Кылым кылып жаратып
Кытайды кудай эл кылат,
Кытайдан кудай сактаса
Кыжылдап мени не кылат?
Канча түрлүү жаратып
Каапырды кудай эл кылат,
Кадыр Алла сактаса
Кармашып каапыр не кылат?!
Кыяматта тозок – деп,
Кытайга айтам кыйын кеп,
Жакшылык кылсам, жаман – деп,
Каапырлар мени каптасын,
Каптаган менен ишим ак,
Кадыр Алла сактасын.
Кыяматтан коркутуп
Кытайга болбос айтпасым,
Тетири десе оңумду,
Кыжылдап кытай каптасын,
Кыжылдаган кытайдан
Жараткан Алла сактасын!
Толкуган туңша биздин эл,
Кыяндар, Чантак биздин бел,
Кыйса дагы жанымды
Кыйырыма айтмак тобокел!
Жазуудан мурун жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс,
Өлбөсө бенде не көрбөс?
Кытайга кырк күн дин айтып,
Көнсө көнүп койгону,
Көнбөсө кытай мейлине,
Тим чыгармын мен кайтып,
Кайтпай калып окустан,
Кайып болсом окустан,
Кажылдаган доңуздан
Өчүп калсам окустан,
Өлүп калсам кокустан
Өчөшүп жүргөн доңуздан
Куран окуп билиңиз,
Кудайыңа тапшырып,
Бата кылып ийиңиз.
Ким жүрөт өлбөй бу жайга?
Кимдер жетпейт мындайга?
Жакшы досум өлдү – деп,
Тапшыра көргүн кудайга».
Өлбөсөм алам өчүмдү,
Өлсөм куран оку – деп,
Эр Көкчөдөн өтүндү,
Макул көрдү эр Көкчө:
«Кара-Суудан караармын
Кан Алмамбет өзүңдү.
Көк-Дөбөдөн көздөөрмүн,
Ийри-Суудан издээрмин,
Казысың өлсөң, Алмамбет,
Ар бир жайда сиз дээрмин.
Алдың ыйман тилден – деп,
Айрыла көрбө динден – деп,
Кармалашкан каапырды
Катылган болсо жыгып кел,
Кадыр Алла жар берсин,
Кастык кылса чыгып кел.
Барсаң баргын, баатыр – деп,
Батыраак келгин акыр» – деп.
Алмамбет эми аттанды:
Болжолум эки болсун – деп,
Аркы чети болжолум

Токсон күнгө толсун – деп,
Бат келермин мына бу-
Бериси кырк күн болсун – деп.
Жолдошун жыйып алыптыр,
Жолго Алмамбет салыптыр,
Жолдош болгон кытайлар
Жолу катып калыптыр.
Жолу катпай неткени,
Токтолбой Алмаң кеткени,
Жолго өргүбөй Алмамбет
Жети күндө Туңшанын
Калаасына жеткени.
Сексен миң эле аскери
Уу кылып мындан кеткени.
Амур суунун боюна,
Ар жагы Гөбү оюна
Чыбырлуу чөлгө чыгышып,
Түк көрбөгөн түгөттөр
Чымчыкка уу кылышып.
Чымчыкты көрсө уулашып.
Чыбырда жүрүп чуулашып.
Сагызган көрсө уулашып,
Сайларда жүрүп чуулашып.
Бөрүнү көрсө шер – дешип,
Бөтөнчө жаман жер – дешип.
Түлкүнү көрсө бөрү – деп,
Адам уулу жердебес,
Атасынын көрү – деп.
Калаадан чыгып көрбөгөн,
Капалыктан өлбөгөн
Кытайлар барган талаага,
Кайдан келдик кошулуп
Бул Алмамбет балаага?
Чыбырдан чычкан уулашып,
Аркар-кулжа көргөнү
Алуучу – деп, чуулашып.
Жейренди көрсө жетем – деп,
Кууган болуп тепеңдеп,
Караанын үзүп кеткен соң
Кайтар жолун таба албай
Кайдан келдим экен – деп.
Жолборстун түрүн биле албай,
Жолобо десе тил албай,
Өгүз го – деп, барышып,
Чапчып таштап кеткенде
Өлгөнү өлүп калышып,
Өлбөгөнү өкүрүп,
Өзү кыйын бул жан – деп,
Барганына өкүнүп.
Ээрлеп атын мине албай,
Эсинен танып талаада
Не кыларын биле албай,
Жолдошунун баарысы
Он беш күн болгон барышы.
Өлгөнүнөн калганы
Өлдүм-талдым дегенде
Өз үйүнө барганы.
Жана дагы бөлүнүп
Он жети күн дегенде
Отуз миңи барганы.
Отуз жигит, Алмамбет
Алардан кийин бөлүнүп,
Алты күндүк барыптыр,
Аскери келип калды – деп,
Атакеси Соорондук
Аларынан сурайт кеп:
«Алмамбетим кана?» – деп.
Уу дегенде жан үрөп,
Кетели десек түк болбой,
Жетиген жакка кетти эле,
Биле албадык аны – деп,
Кыйла күн болгон кеткени,
Кылчайып келбей калды – деп,
Биз бир жерден калдык – деп,
Кырыларда ачтыктан
Кайра тартып алдык – деп,

Барган экен кайтышып,
Көргөн-уккан билгенин
Бабырашып айтышып.
Алмамбеттен кабар жок,
Артынан издеп табар жок.
Бир жумадан бир жума
Бейкабар жатты жупжуда.
«Кошо барган жолдошу
Башчысы өлүп калган соң,
Баары кыргын болбоспу,
Улугун күтпөй урматтап,
Бул ургандарды карап бак!
Бирге барган жолдошу
Бир башчысын жоготпой,
Миңи да кыргын болбоспу,
Кадырлап канын карабай,
Каралдыга жарабай,
Кайтып келет мында – деп,
Кай кеткенин биле албай,
Айтып келет мында» – деп,
Соорондук кылды сонунду.
Сексен миңдин баарына
Зындандан берди орунду,
Азыр чыгып издөөгө
Аскер жыйды борумдуу.
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кыргыздын көрүп кыргынын,
Кыйла дыңгыл мына бул,
Он эки миң аскерин
Озгондон жыйып алсын – деп,
Жүздү бирөө жүдөбөй,
Тоскондон жыйып алсын – деп,
Туташтырып аскерин
Туңшага келип калсын – деп,
Ачбууданын байлаган,
Амурдун башын жайлаган,
Шакардай күчү кайнаган,
Карлуу тоонун төбөсү,
Кара калмак төрөсү
Жолой келсин жол менен,
Он эки миң кол менен,
Башчы кылып даңгылын,
Кошчу кылсын камбылын.
Саланаар жердеген,
Сайышып адам жеңбеген
Будаңчаң келсин эл менен,
Он эки миң кол алып,
Туңшага келсин жол алып.
Кыяңгардын Кычала,
Кызыл көзү чычала,
Он эки миң кол алсын,
Кол алса да мол алсын,
Кентундан өтүп Туңшага
Келмек үчүн жол алсын.
Атка үйрөнгөн эрлерин,
Азыр жыйды баарысын
Азар түмөн элдерин,
Эки жүз миң кол болду
Эсеп кылса келгенин.
Эртеңки күнү чыгамын
Аскер баштап мен деген,
Туңша шаар, Ыштана,
Түгөл басты аскери
Кентун, Ара, Таңшаны
Кебелбей аскер басканы,
Камдап азык-түлүгүн,
Какыйта байлап күлүгүн,
Кайсы күнү чыгууну
Кеңешмекке сүрүгүн.
Ойротту билген оёндор,
Кытайды билген кыйындар,
Эр Соорондук үстүндө
Кыжылдаган жыйын бар.
Өкүматтын ээси,
Өңкөй кытай дөөсү,
Атулук аттуу аксакал,

Айткандан чыгат көп макал,
Маңгүгө башчы Дебеги,
Кан Соорондук үстүнө
Карыялар келгени.
Ыраң-Көдөң, Бедени,
Ыктуунун баары келгени.
Шаяң, Мунса дегени
Жакшылары келгени.
Алмамбетин издөөгө
Соорондуктүн талабы,
Чоңдоруна берүүгө
Сонун экен тамагы.
Боктукана жайлатып,
Жарым айдан бер жакка
Деңкүрүчкө байлатып,
Күрүчкө ичи толгондо,
Күшүлдөп семиз болгондо
Тупатуура келтирип,
Кан чыгарбай бир жерин,
Тумчуктуруп өлтүрүп,
Кубанышып калышып,
Чабырага салышып,
Куйкалашып алышып,
Сары куйка кылдырып,
Тасырайта кырдырып,
Жаңы асый болгон каманды,
Улугу жээр ашына
Жакындабайт жаманы,
Ичеги менен карынын
Тамызбай жерге богунан
Тазалап алып баарысын,
Ичи күрүч, тышы май,
Кайнатып алып казанга,
Жей берет экен жайма-жай,
Доңуздун богун жедирип
Жараткан экен кудай ай,
Куйкасы кызык болот – деп,
Курсакка жесе толот – деп,
Жаңы асый каман башыны,
Даярлап коюп ушуну,
Коросон арак суусуну,
Куюп кырка ошону,
Кырмызыдан дасторкон,
Жазып ийсе ордонун
Жармысына карк толгон,
Ашына жоолук салышып,
Акимдердин баарысы
Азырланып алышып,
Шекер, шербет, бал, палоо
Белен кылып салышып,
Арактан болуп суусуну,
Ашамакка ушуну
Алар минтип калыптыр,
Ал ошенткен кезекте
Отуз эле жолдошу,
Оён Алма жолборсу
Баштап кирди шаарына,
Алмамбет баатыр таң калып
Аскеринин баарына:
«Кыйырдан аскер келгенби,
Кытайды кырган жатат – деп,
Кыйындан кабар бергенби?
Дуңдардан аскер келгенби,
Журтуңду кырган жатат – деп,
Туюнтуп кабар бергенби?
Бээжинге мээнет салганбы,
Бектерин жыйып алганбы,
Мээнет баскан Соорондук
Беленденип калганбы?
Арзан эмес бу кол – деп,
Азыр кандай жыйылган
Ант урган кытай оң, сол?» – деп,
Ит-Кечпес суусун бойлотуп,
Ичинде баатыр Алмамбет
Ар түрлүү акыл ойлонуп.
Шытанын суусун бойлотуп,

Шыкалган экен аскер – деп,
Сырттан Алмаң ойлонуп.
«Жакшы болду келгени,
Ашуу-дабаан белдеги
Азырланып келгени,
Айтып чогуу жерине
Ак динине үндөйүн,
Аят-адис сүйлөйүн,
Байгамбар менен кудайым,
Баянын айтып жудайын.
Жалтанчу эле өзүмдөн,
Жалгызы чыкпас сөзүмдөн,
Коркуучу эле өзүмдөн,
Кой дээри чыкпас сөзүмдөн.
Эл качан мага теңешти,
Эң мурун барып айтайын,
Энеме барып кеңешти.
Энем көнөр мурун – деп,
Элге жаман эмес ко,
Эси болсо мунум? – деп.
Атама айтып көрөйүн,
Аларга макул болгон соң,
Мусулман кылып Туңшааны,
Киришти, Кентун ошону,
Каканды көздөй жөнөйүн,
Бакбурчунга барайын,
Баарын динге салайын.
Чынмачындын журтуна
Сырымды айтып ушуга
Бээжиндин Эсенканына,
Мен кылайын жакшылык
Мээнетке калар жанына.
Өлсө кайта тирилип,
Турарлыгын айтайын,
Өрт таягын бериште
Урарлыгын айтайын,
Башы миң көз жыландын
Чагарлыгын айтайын,
Барылдаган жалынга
Жагарлыгын айтайын,
Бары тозок жааннам
Жамандыгын айтайын.
Кытайды кылсам мусулман
Кыйла сооп табам ушундан,
Мурдар экен бу журтум
Мурунтадан бузулган».
Муну ойлонуп Алмамбет,
Баары болсо мусулман
Барганымда дүйнөдөн
Байда болор ушундан,
Мурдар болуп баарысы
Баш күнүнөн бузулган.
Аларды Алмаң ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Орчун шаар Туңшаны,
Оор колду көз көрүп,
Октой болгон Кылжейрен
Ортосунан өткөрүп.
Ок өтпөс тонду, чендерин
Кылжейренге кымтыйтып,
Чакан кылып бөктөрүп,
Капкасында ордонун
Күрпү менен казына,
Тоокко салган коргонун,
Казкананын бөлүмгө
Кас тулпары Кылжейрен
Какчыйтып атын байлады,
Жолдошунун баарысын
Жете электе үйүнө
Үй-үйүңө баргын – деп,
Жолго салып айдады,
Атасына кирмекке
Алмамбет көңүл жайлады.
Алмамбет кирди коома – деп,
Адамдар турду соога – деп.
«Кайда кеттиң каралдым,

Качан болсо уу кылып,
Карап турсаңөзүмдүн
Кайгым үчүн жаралдың.
Аскер менен аң уулап,
Алла нече күн болду,
Атаңа каран түн болду.
Ардагым кетип, мен калып,
Атаңдын аты ким болду?
Элиңди алып уу кылып,
Эки айга жакын күн болду,
Энеңе каран түн болду,
Энеңдин аты ким болду?!
Мээнеттүү жакка бет алып,
Бээжинден кетип аттанып,
Кооп катар жолдору,
Чантуу жайнап толгону,
Ушу барган жагыңда
Талаа менен тегинде
Түрк эли түмөн жатуучу,
Түмөн аскер барса да,
Капталы канга батуучу.
Алаштар арбын жатуучу,
Ар канча черүү барса да,
Абыдан канга батуучу.
Кара барган, кан барган,
Калабалуу чантууга
Каны тарткан жан барган.
Бекер барган, бек барган,
Бейли бузук чантуулар
Мээнет басып жеп салган,
Бери бакпай барган жан,
Бекерге өлүп тек калган.
Чыйтай, баң-баң, калдайды
Чийкилей жеген далайды.
Доотай, жаң-жуң, баң-баңды
Жок кылган далай барганды.
Жоботосуң ар качан
Атаңдай шордуу карыганды,
Бууданым жүрөт, минер жок,
Буулунум жатыр, киер жок.
Алтын, жакут, зумурут
Казына толуп жык турат,
Кадырын анын билер жок.
Керексиз жатыр дүйнө – деп,
Тынч жүрбөйсүң үйдө – деп,
Көзүбүз көрдү жаңыдан,
Кебиңди, балам, сүйлө – деп,
Дүнүйөң жатыр чачылып,
Казынаң оозу ачылып,
Кандайлыктан, кулунум,
Кайып – деп, калдың асылып?
Уу дегенде, асылдың,
Урулуу журтту не кылдың,
Аң дегенде асылдың,
Акыры минтип олтурсаң,
Адамдар бузар басыгын,
Атаңдын суурар казыгын,
Чантуу жакка сен кетип,
Жанымдан тоюп жашыдым.
Кыргыз, казак кыйынын
Кыябы – деп, жаныңды
Лаайламага сыйындым.
Алтайлык кыргыз алаш – деп,
Ар качан угуп турабыз
Арстаны баатыр Манас – деп.
Бозкертик менен Будаңчаң
Болумдуу калмак эр Ушаң,
Кырмус шаа менен Дүбүрө,
Сура тоодо Догонду,
Кырк миңге тийген бир-бирөө
Кайып даң менен Мунардан
Кабарың жокпу булардан.
Кырмуз менен Ороңгу
Кыргыз кылган олорду,
Акыр көзүм түк жетпейт
Азапкер чантуу барында

Арты кандай болорду.
Текес, Куяс, Илебин
Тентиреткен бар элин,
Жаң-жуң Тулус, Оргону
Жалпы кырган олорду.
Чулу калдай, Кашкелди
Суңшоодон алды көп элди.
Лаңги-Дөбө, Бойгутту,
Акунбешим баашаны
Абыдан сыйпап ашады.
Арадан алды Арсыны,
Акыретке жиберди
Аманат жан карзыны,
Кашкардагы Найзаны
Калкы менен кайсады.
Тулус калдай, Сокуну,
Туташ баарын чокуду.
Айтып кетем башка элди,
Араник менен Ташкенди,
Заарына чыдабай,
Эсенкандан кем эмес
Эр Алооке каныңдын
Көзүнөн көлдөй жаш келди.
Асты келди Бээжинге,
Аркасы келди Алтайга,
Алаш уулу куу чантуу
Азап салды далайга.
Кырдагы Угуз балдарын
Билбейсиңби, кулунум,
Кысмакты бизге салганын?
Укпайсыңбы, сен, уулум,
Кууп-сүрүп Кумулду,
Куңга шаарын алганын?
Уга туруп Алтайга
Ууга кетип калганың,
Үшү кеткен атаңды
Убарага салганың.
Жайнап турат тамак бар,
Издегениң эмине?
Ичкин-жегин, балам – деп,
Чантуу көрүп Алтайдан
Чачылып келдиң бекенсиң?
Алыс жерден жол жүрүп,
Ачыгып келдиң бекенсиң?
Чантуу менен чабышып,
Шашылып келдиң бекенсиң?»
Көзүн же – деп, какайды,
Көтөрүп башты тим койду,
Камсыккансып келдиң – деп,
Какайдын көзүн жегин – деп,
Соорондук айтты сонун кеп.
«Тышта жаткан аскерден
Жык жайнаган көп элден
Урматтады жол тосуп,
Учурашты, жолгошуп,
Бышкан экен тамагы,
Мыктап жедим мен аны,
Май көрүүгө көзүм жок,
Тамак жешке өзүм жок,
Жүрбөй калдым аянып,
Жүдөп келип турамын
Жүрөгүмдү май алып.
Куруп турам жылдырып,
Кузганы турам кылгырып».
Бу сөздү айтты Алмамбет,
Жек көрүп өзү журтуну,
Жеңине салып мурдуну.
Анда атасы кеп айтат,
Акырын эмес, бек айтат:
«Ачка келип талаадан,
Арбын жеп ак май балаадан
Түпөйүл болуп алгандыр,
Түк көргүндү келтирбей,
Көңүлүң айнып калгандыр,
Түпөйүлүңдү оёр – деп,
Көңүлүңдү ачып коёр – деп,

Таратар – деп, ашыңды,
Бу бойдон, балам, отурсаң,
Санатар – деп, жашыңды»,
Коросон арак куйганы,
Колуна алып сунганы.
Койгун, ата, ичпейм – деп,
Алмамбет ыргып турганы.
«Капкага кирген жеримде
Арбын ичип аракты,
Арак деген талакты,
Абыдан көңүл карартты.
Арак ичип аксымдап,
Жылас болсун арагың,
Жыгылган турам,
масмын» – деп,
Мастыкка бейлин салганы,
Баатыр Алмаң токтолбой,
Басып кетип калганы.
Элге айтмагы далайда,
Энесинин сарайга
Алмамбет азыр киргени,
Баласынын келгенин
Байбиче Эксер билгени.
«Каралдым кайдан келдиң – деп,
Капкада атаң, элиң – деп,
Көрүндүңбү аларга?
Көрүнө элек сен келсең
Көп дүмөк журтка салар да.
Билиндиң бекен аларга?
Билинбестен сен келсең
Бир балакет салар да.
Жоголду – деп, баланы,
Чогултуп Туңша калааны,
Чоң түйшүк журтка салганы
Азыр болгон атаң» – деп,
Энеси сүйлөп калганы.
«Энеке сага мен келдим,
Бир ишти алып туюнуп,
Милдетин алып көп элдин.
Кандай күттүң жашымда,
Каркыраңмын башында.
Тазалап келдим жолуңду,
Так айткын, эне, жообуңду,
Акырет деген бар экен,
Арбысын десең сообуңду,
Билгени болдуң бу жайдын,
Жалган жайга ишенбей,
Бирлигин билгин кудайдын!
Жайы тозок жаман – деп,
Жаныңды сакта аман – деп,
Бекерге калбай кейишке,
Бет алсаң деймин бейишке.
Адамдан экен байгамбар,
Алласына сыйынган
Азар түмөн көп жандар,
Абыдан жаман иш экен
Бут сүрөтүң бу заңгар.
Мен тартсам азап, сен аман,
Сен тартсаң азап, мен аман,
Акыбаты, азабын
Тозоктун уксаң эң жаман.
Алланын айткан сөзүнө
Мусулман уулу көнүптүр,
Тозок, бейиш эки жай,
Ак амыры бөлүптүр.
Аты кудай, өзү күч,
Айтып турган сөзүмдүн
Маанисине жакшы түш.
Оттон ысык оту бар,
Ойлосоң, эне, ушу бар.
Суудан муздак суусу бар,
Алгайсың – деп, сөзүмдү,
Акыр заман байгамбар
Мукамбеттин өзү бар.
Оттон күрсү көтөргөн,
Бериштелер каарын,

Алар кыйын төтөндөн,
Көрөрүң жылан, чаян бар,
Көрө албайсың зарласаң
Ал жыландан бөтөндөн.
Оттон жылан, бөйү бар,
Тозоктун шондой көйү бар.
Табынганың бут экен,
Таамай жаман ушу экен.
Кыйнабагын жаным – деп,
Кадыр Алла кудаага,
Ким жалынса куудага
Магшар күндө мына ошо
Жетет экен мудаага.
Кудай деген бир өзү,
Куран деген китепке
Жазылыптыр көп сөзү.
Алты миң да алты жүз
Алтымыш алты бөлөгү,
Ак ислам динини
Тайгылтпаган жөлөгү.
Байгамбарым Мукамбет
Бут парастан төрөлдү.
Кылган кудай байгамбар,
Кызматын кылган көп жандар,
Бут чыгарып азгырган
Шайтан деген зор заңгар.
Ыслам диндин чырагы,
Астыңдагы кара жер,
Дин чырагы барынан
Жер адамга чыдады.
Бут күткөндүн зарпына,
Турбас эле кара жер
Бу жүргөн журттун дартына,
Эки чайнап, үч ирмеп,
Тартар эле артына.
Жалгыз кытай журту үчүн,
Табынуучу бут үчүн
Жаралган жок дүнүйө,
Жаратканга жалбарып
Чантуулар жатыр күнүгө.
Жер термелбей турушу
Тим тур деген эгеси-
Кудуреттин жумушу.
Көк төгүлбөй турушу,
Көп жалынат мусулман,
Аркасынан калдайып
Дин сүйөгөн жумушу.
Шайтан экен бутуңуз,
Азезилди сүрөбөй
Ак амырын тутуңуз.
Каапырлык дин кар экен,
Байгамбарлык мужиза
Мукамбетте бар экен,
Аалы деген бир балбан
Ал кишиге жар экен.
Жетпеген экен кытайга,
Жеткен болсо кытайга
Табынбас элек мындайга.
Сүрөт кылып адамдай,
Жүрүшүбүз айбандай,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жан жараткан ар кандай.
Угуп билдим чантуудан,
Арбын экен бар сөзү,
Узак болор айтуудан.
Дүнүйөнүн жүзү экен,
Кеңдигинен түз экен,
Тоголок – деди, билгендер,
Кабарын алган кай бир эр.
Куп айланып ким билет,
Отуз жети барсаң – деп,
Билдириптир кудурет.
Онунда көл, ону чөл,
Онундагы суу жерге
Адам уулу жазылып,
Тарап жүргөн биздин төл.

Тоо басыптыр жетисин,
Чеге болуп тоо басып,
Жердин кара бекишин.
Топурактан, чөбүндөн,
Толкуп жаткан көлүңдөн
Бериштелер көп экен,
Үстүңдөгү көгөргөн
Асманыңыз көл экен.
Көгөргөн асман көл – деди,
Төгүлүп бери келбеген.
Кудаанын күчүн көр – деди.
Чантуунун иши баары да оң,
Жетинчи кабат асманда
Ар бир жылдыз айдан чоң.
Жылдызы асыл ол экен,
Кудайдын мүлкү мол экен.
Ар асмандын арасы
Беш жүз жылдык жол экен.
Бенде көрөр жер эмес,
Төрт кабатта ай мен күн,
Жылдыздарга тең эмес,
Бутту кудай – деп, жүрүш
Мурдарлык эле кеп эмес.
Күндүн жарык боруму,
Күн батышта бар экен
Сексен эки оруну.
Жерден – деди, тоорулуу,
Күн чыгышта бар экен
Сексен эки оруну.
Ай менен күн асманда
Турат экен байланып,
Калыбына кара жер
Келтирет экен айланып.
Тиричилик көрдүңүз,
Угуп тургун азыр сиз,
Отуз жети барча – деп,
Дүнүйөнү бөлдүк биз,
Он эсе жердей көк да бар,
Ол көктөгү жандардын
Көпчүлүгүн көрүп ал,
Бекерге калат Бээжиниң,
Азыр жаман бек диниң,
Караандабайт Каканың,
Бар келе албайт Бакбурчун,
Байкатайын суу журтун,
Көптүгүнө калганда,
Нече түрлүү жандарды
Жараткан кудай жалганга,
Чырпууна келбес Чынмачын.
Мен жүрчү элем бу жерде,
Көрүүчүнү көргөндө
Кеп таппадым ээ дээрге.
Бээжинден бөлөк жер жок – деп,
Кыйынбыз – деп, жүрчү элем,
Кытайдан бөлөк эл жок – деп,
Сууда болгон жандарды,
Сурадым, эне, аларды,
Жер туткасы көк экен,
Сурап-сурап олтурсам,
Адам уулу бар жерден
Аларда арбын-көп экен,
Куш, арыстан, ар жандар,
Кулак угуп, көз көргөн
Жаныбардын баары бар,
Каапыр менен мусулман
Как ошондо дагы бар,
Казат кылып, кан төгүп,
Уруш кылар чагы бар,
Нече түрлүү айбанат
Багып жүргөн малы бар,
Булут, туман, шамал-жел,
Булут-туман дагы бар,
Нечен албан өндүргөн
Албан түрлүү даны бар,
Бизден арбын көп – деди,
Суу ичинде жаныбар.

Чөлүкпөй ук, энеке,
Чөл жагында дагы бар.
Жайдын кара жамгыры,
Жараткан аны жаадырды.
Тийген болсо денине,
Жалгыз тамчы тийгени
Тим кошулбайт элине.
Ажалы-өлүм суу экен,
Аңгемеси бул экен.
Суудан экен өлүмү,
Бизден арбын өнүмү.
Каалагандын баары бар,
Калдайган канча шаары бар,
Кара малы, кой, жылкы,
Ар айбаны дагы бар,
Суудан бөлөк дарты жок,
Нечен түрлүү жаны бар,
Анын дагы тамагы
Нечен албан даны бар.
Кабар жок биздин эл менен,
Душмандай суулуу жер менен,
Бар оокаты аптаптан,
Тирилик кылат жел менен,
Мындан адам аа барып,
Андан адам келбеген.
Алла Таала кудаанын
Албан түрлүү жандары,
Алтын-күмүш бут жасап,
Аздырган экен биздерди
Азезил деген заңгары.
Койгун, эне, тил алгын,
Көрөм десең кошо жүр,
Даяр турат булары.
Азган экен кытайың,
Аңдабастан мындайын.
Анча-мынча сөз айттым,
Адашарсың акылың,
Артык баян кылбайын.
Каапырдын болгон канысың,
Капилет барсаң дүйнөдөн
Катуу азапка каларсың.
Каапырдын каны болгончо
Мусулман кулу бололук,
Энеке, эгер тил алсаң,
Бул жумушту коёлук!»
Мусулман бол – деп, энесин
Эр Алмамбет асылды,
Элким жерде сөз айтып,
Баатыр Алмаң басылды.
Энеси Эксер кеп айтат:
«Ээ, каралдым! – деп, айтат.
Айланайын каралдым,
Ата-энеңе карагын,
Ушунчалык шум сөздү
Кайдан барып таап алдың?
Чантуунун эли илегер,
Кытайдын дини артык дин,
Айтпай, балам, биле бер.
Чантуунун эли азгырчу,
Башынан бери бизге кас,
Бузмак үчүн асылчу.
Атың тулпар Кылжейрен,
Алтындуу тумар таксаңчы,
Айланып конор кара куш
Канатың менен каксаңчы,
Карып калган атаңды
Кападар кылбай баксаңчы.
Тонуң алтын саринжи,
Топчусун көөкар таксаңчы,
Тоту куштай энеңди
Тоорулуп, балам, баксаңчы.
Айтканыма көнсөңчү,
Азар түмөн Туңшаны
Аралап азыр көрсөңчү,
Ак ала сакал Соорондук
Өз колуңда көмсөңчү.

Бузуп айткан мусулман,
Бузганын билгин ушундан,
Караган Какан журтуңуз,
Кандай десең дапдаяр
Лаайлама бутуңуз,
Чантуунун сөзүн тек ташта,
Буттун сөзүн тутуңуз.
Колдо турат кудайың,
Корком, балам, бул сөздөн,
Азыр карап турбайбы
Лаайлама жудайын?
Кызыл эт, кызыл кан чакта,
Араң эле кыбырап
Ыйлоону билген жан чакта
Бактым-күттүм өзүңдү,
Балам, айта бербечи
Балакеттүү сөзүңдү,
Ырайымсыз атаң бар,
Тапса кабар бирөөдөн
Тазалап коёр көзүңдү,
Асылы, жалгыз балам – деп,
Аяп да койбос өзүңдү.
Айтканыңды мага айткын,
Атаңа айтпай, тез кайткын.
Энең калып ээ болбой,
Кара учпасын көзүңдөн,
Кайткын, балам, кайра жан,
Мусулман деген сөзүңдөн.
Башта жыга баргегим,
Көзүмдө нурум – карегим,
Көптөп кытай асылса
Табылбас бекер дарегиң.
Эл укпасын, мен уктум,
Нечен түрлүү кеп уктум.
Лаайлама теңирди
Курусун, балам, бу сөзүң,
Кудай эмес – деп, уктум.
Кайда – деп, сенин кудайың,
Камаса кудай жудайын
Каралдым, сени соо койбос,
Кантип чыдап турайын,
Ата-бабаң, эл-журтуң
Баары туткан дин ушу,
Башка динге мен барып
Кантип моюн сунайын?
Оюнуңбу, балам, чыныңбы?
Ушу сөзүң чын болсо
Оолак кыл, балам, чырыңды,
Ушу бойдон жанга айтпа,
Узатпай сени өлтүрөт,
Укпасын, балам, сырыңды.
Энеликтен мен уктум,
Нечен түрлүү кеп уктум.
Эгер атаң укпасын,
Кулагы чалса бу сөздү,
Бу түрлөнгөн куу сөздү,
Эсен чыкпайт жаныңыз,
Жерге тамбайт каныңыз,
Азыткынын сөзүнөн
Азыр кайра жаныңыз,
Ыйлаганда сооротккон,
Уктаганда ойготкон,
Лаайламалуурга
Азыр балам, барыңыз.
Салар жолго өзүңдү,
Жазбай билип тургандыр
Жамандаган сөзүңдү,
Жалынып кайта тилек кыл,
Жалгаар деймин өзүңдү.
Эксер айтып басылды,
Жан, балам,– деп, асылды.
Алмамбет шондо кеп айтып:
«Ай, энеке – деп, айтып,
Багар энем сен болдуң
Баанаңда балаң мен болдум,
Баштаган жолго түз кирбей,

Байкуш болбой, не болдуң?
Албадыңбы тилимди,
Арбак урсун диниңди,
Айдаркан уулу айтты эле
Азелде болгон зилиңди.
Бул экен менин угарым,
Мында жоктур турарым.
Жалгыз энем сен болсоң,
Жакшылык айткан мен болсом,
Жакындын көрүн урайын,
Жардам тилеп колдогу
Жасап алган темирден
Жардамды кантип сурайын?
Жараткан турса куп көрүп,
Шайтан бутка табынып,
Колдон кылган сүрөткө
Кор болуп барып жалынып,
Өлүп калса көмөрүм,
Өзгөдөн жакын көрөрүм,
Энем муну айткан соң,
Ырас экен Көкчө айткан
Өз башымды алып жөнөөрүм.
Өлүм деген бир эсе,
Өрттөп күлүм сапырып,
Чачып ийсең миң эсе
Убадамдан тана албайм,
Уккан сөздөн жана албайм!
Бир кудаанын барлыгын
Билип угуп туйгамын,
Беш миң кайта өлсөм да,
Белимди байлап тургамын.
Байлаганмын белимди,
Башыңа ур кытай элиңди,
Барып бутка сыйын – деп,
Мага айтпа мындай кебиңди.
Чакырчы бери бутуңду,
Көрөйүн анын басканын,
Кыргыз, казак куп айтты
Кытайдын жолдон азганын».
Чакыр – деди энесин,
Энеси анда дагы айтат:
«Бендеминби чакырар,
Мен кудаймын дебесин».
Не дейсиңер, калайык,
Энесинин айткан кеңешин?
Эр Алмамбет күүлөнүп,
Энесине сүйлөнүп.
Энеси калды сандалып,
Жаа зулжалал кудурет
Кереминде колдо! – деп,
Жаратканга жалбарып.
Энесин алды жетелеп,
Энеси барып, бутунун
Эшигин ачты энтелеп,
Табынат – деп, бутуна,
Колдо сүрөт кутуна.
Энеси кирди кубанып,
Алмамбет басып киргенде
Алтындан кылган азем бут
Жерге түштү убалып.
Быркырады сүрөтү,
Эси чыгып энеси,
Эсинен кетти сүйлөшү.
Бут бузулуп сыныптыр,
Бурулбады энеси,
Мурдарчылык кылыптыр,
Мынчаны кылган кудурет
Мени да койбос бекер – деп,
Алмамбет көөнү тыныптыр,
Ачууланып энесин,
Аллага шүгүр кылыптыр.
Эң жакыным энемден,
Энем азар кылбады
Эгем кылган керемден,
Кол тийгизбей, бут тийбей,
Акыры өзүм киргенде

Алтындан буту сынганы,
Акыры мени куру койбой,
Алланын жардам кылганы.
Арбындыгы не кылар,
Акыры кудай жар берсе,
Аягыма жыгылар.
Сүрөтү бүлүп сынганы,
Сүйүнүп чыгып Алмамбет,
Көңүлү көптөн тынганы.
Көп экен – деп, турбайын,
Ак динине калганда
Өлүмдөн моюн бурбайын,
Колдосо азыр турат ко,
Кор кылбас – деп, кудайым.
Сактаса кудай ким кой – дейт
Замбиректин огунан,
Ыбырайымды сактаган
Намуруттун чогунан,
Адаштырып тобунан,
Өз тууганы – агасы
Жагуданын колунан.
Жусупту салды зынданга,
Сексен кулач зындандан
Ажыдаар жыланы
Жусупка салам кылганда
Кай жерге жетти калеми,
Бир ажыдаар жутпайбы
Каргадай жалгыз баланы.
Кадыр Алла жар берип,
Караңгы чааз зындандан
Соо-саламат калганы,
Билип дүйнө жүздөрүн,
Мысырдын шаарын алганы.
Бактысын ачып кудайы,
Байгамбарлык уруху
Өз башына барганы.
Акыры ушул экен го,
Дүнүйөнүн кысабы,
Өз журту камап кор кылып,
Өлтүрмөккө зор кылып,
Камалаган көп каапыр
Азирети Ыйсаны,
Көккө учуруп чыгарып,
Ар канча наала кылса да
Жете албай каапыр таптакыр,
Байгамбар кылган кудайым,
Тил албаган каапырлар
Тим бойдон калды жудайын,
Жаа зулжалал жараткан
Өзүңдөн жардам сурайын!
Атымды атап коюптур
Алмамбет – деп, башында,
Ак байгамбар мустапа
Жетим калдың жашында,
Абуужайыл душманың
Аңдып жүрдү кашында.
Жараткан Алла колдоду,
Жамандык кылган оңбоду,
Жазы кытай журтунан
Издеп үмөттүгүңү
Алмамбет сиз – деп, толгонду.
Колдоп, бергин жардамды,
Алың ушул экен – деп,
Ачпасын каапыр бардамды.
Айтканың анык бар болгон,
Ак байгамбар өзүнө
Абалы билип жар болгон
Азирети Сыдык – деп,
Аман куткар каапырдан
Арбагың жардам кылып – деп.
Бадыша болгон улуксуң,
Медийнада турупсуң,
Карындашың Кадийча
Аят окуп билдирип,
Акка моюн сунупсуң.
Атын атап Алмамбет

Азирети Өмөрдү,
Алла Таала жар берип,
Азыздар жардам бербесең
Анык билдим өлөрдү.
Халилден калган Калемди
Кармап колдо жаттаган,
Кадыр Алла сөздөрүн
Куран кылып каттаган
Азирети Осмонсуң,
Атагың журттан озгонсуң,
Азгандардын кыйласын
Арбагың жолго тосконсуң,
Азыр айтсам каапырга.
Дин ыслам арбагың
Жардам берип козголсун.
Абуталип баласы,
Абдыманап бабасы,
Асылышып каапырлар,
Эч жетпеген дабаасы,
Дини ыслам сүйөөсү,
Ак байгамбар күйөөсү,
Зулпукор, Дулдул ээси,
Атың Аалы, өзүң шер,
Асылышкан каапырлар
Оруну болгон кара жер,
Каапырларга катылдым,
Жалгызыңа жардам бер!»
Жакшылардын арбагын
Жаттап алып дилине,
Ак тааланын ысмысы
Келмени айтып тилине,
Ак болоттон чыңаткан,
Сабын сары алтынга чырматкан,
Заар болот изи бар,
Жүзүндө эки мизи бар
Канжарды жанга байланып,
Кайра жаачуу булуттай
Каар жүзүнө айланып,
Кытайча күрмө, сумбал тон,
Кылычын ичтен байланып,
Кырдан чыккан ызгаардай
Кыялы бөлөк айланып,
Алыскы жерге ок учкан,
Атышкан жоосу жер кучкан
Алмабаш сындуу мылтыгын
Ээринин илип кашына,
Эми келген Алмамбет
Он сегиз деген жашына,
Ойротто жок чоң түйшүк
Тиледи Алмаң башына,
Бармак болду бул түндө
Соорондуктүн кашына.
Камыш менен жекенди
Как жардырып алдырган,
Кыйыгы келбей калганга
Тарамыштан салдырган,
Желим менен чаптаган,
Жез менен тышын каптаган,
Душман үчүн сактаган,
Заар менен сугарып,
Учуна болот каптаган,
Сур ала байрак желегин
Түпөктүн байлап түбүнө,
Адам уулу тургусуз
Алмамбеттин ал түнкү
Айбат менен сүрүнө,
Атына жакын түркүктүн
Азырлап коюп найзаны,
Атасы кирген сарайга
Алмамбет басып бой салды.
Урматтуу улук баарысы,
Улуу-кичүү карысы
Орун берип Алмаңа,
Оолакташып калышты.
Жоголду – деп, баласын,
Бүлүндүргөн кези экен

Туңша, Кентун калаасын,
Элди куру таратпай,
Улук бир той кылууга
Соорондук бурган санаасын.
Алмамбет кирди ордого,
Алтындуу сарай коргонго,
Айланды жүрөк жипкирип
Доңуздун көшүн койгонго.
Көрдү Алмамбет тамагын,
Көөкөрлөтүп көтөрүп
Коросоң жаң-жуң арагын,
Олтурган заман Алмаңа
Сунушуна карагын.
Алыстан азып жол басып,
Ачтыктан өлө мен жазып,
Эл четине келгенде
Эң арбын жеп майлуу эт
Жээр шайым жок десем,
Кайта-кайта жесин – деп,
Кадалышың кандай кеп?
Ачка келип эт жепмин,
Ал жерде арак жок экен,
Суусап-чаңкап дегдепмин.
Капкадан кирип калгамын,
Аркыт менен бир арак
Аябай ичип салгамын.
Акыл кетип аз болуп,
Азыр турам зеңгиреп,
Ала деңгил мас болуп.
Тайдырып арак эбимди,
Нени айтканым билбеймин,
Эртеден берки кебимди.
Айткысы келип Алмамбет,
Абыдан бекип алды нээт.
Жүрөгү аттай туйлады,
Улуктар мында экен – деп,
Жүдөп Алмаң турбады.
Бою кетип куршугуп,
Бол дегендей ашыгып,
Аманат жанын Алмамбет
Алласына тапшырып:
«Аталык менен Дебеги,
ЫраңКөдөң, Бедени,
Шаамуксак эрени,
Ээ, атаке! – дегени.
Каапырлык диниң кар экен,
Азап кылар акырет,
Акыры өлүм капилет,
Баланча болуп өлөм – деп,
Адам кайдан чын билет,
Бирлигимди билсин – деп,
Алла кылган чоң милдет.
Тозогуна калбайлык
Жааннамга тутулуп,
Билгин деген бирлигин
Билип, карыздан кутулуп,
Азыркысын жүрөбүз
Өлбөй турган немедей
Өкүмөт кылып, кутуруп,
Кара жерге бир күнү
Каларбыз акыр жутулуп,
Жанга каалап залалды,
Аңдабай адал-арамды,
Адамдын көөнүн сындырып,
Көңүлгө салып мылалды,
Бул турган эрлер эп болсо
Мусулман болуп алалы.
Кыямат жолу тар экен,
Дин ыслам журтунда
Кызыктуу бейиш бар экен,
Каапырлык дини кар экен,
Кирээри тозок каар экен».
Ал сөздү айтып салганы,
Ошончолук келгенде
Атакеси Соорондук
Одурая бир карап,

Обдулуп тура калганы.
Кызыл алтын сабы бар,
Кынапталдай кабы бар,
Он эки бүктөп тыгуучу,
Суурганда кынынан
Алты кез болуп чыгуучу,
Албарс менен миздеген,
Ажалдуу жанды издеген
Кылычын алды колуна,
Кыргын болду кыйласы,
Кызыктын кара соңуна,
Көтөрдү кылыч башына,
Урган болсо кылычын
Койдой кара ташына
Салмагы жарып өтүүчү,
Зардабы жерге жетүүчү,
Беш кучак келген теректи
Белден ары бир салса
Теректин башы былк этпей
Шарт – деп, кулап кетүүчү.
Алмамбетке кезгерип
Кылычты колуна алыптыр,
Кылыч туткан колунан
Чап дедире Алмамбет
Ач билектен алыптыр.
Дуу-ду менен жаң-жуңу,
Ал сарайдын ичинде
Арбын болду даң-дуңу,
Доотай менен чыйтайы,
Толуп турган баң-баңы,
Ал сарайдын ичинде
Арбын болду жаңжалы.
Кылыч туткан колунан
Алмамбет баатыр кармады,
Билекке батып бармагы,
Былк этер калбай дарманы,
Соорондук калба баштаптыр,
Алмамбет туткан оң колу
Сынып кете таштаптыр.
«Жуттуң – деди, колумду,
Журт берсин сенин жообуңду».
Оң колун тутуп окшотту,
Окус кыйрап кетер – деп,
Алмамбет колун бошотту.
Кылычын алды колунан,
Кыжылдаган кытайлар
Алмамбетке кол салып,
Катыла албай тобунан
Сарайдан эшик ачыптыр,
Салпылдаган кытайлар
Көбү эшикке качыптыр.
Көдөң дуу-ду кеп айтат:
«Көбүңөр укчу – деп, айтат.
Алмамбет артык эстүү – деп,
Айтып салды бир катар
Адам уккус сөздү – деп.
Мусулман боло койгун – деп,
Алмамбетке ким тийди?
Акыры болду, болбоду
Ажыналап жин тийди.
Айтпаса жинди бу сөздү,
Бир курган бенде айтпаса
Кулакка суук куу сөздү.
Кан Соорондук токтол – деп,
Кантип кыйды өлүмгө
Каралдысын жок бол – деп,
Алмамбет жалгыз балаңыз,
Алды-артына караңыз.
Калк ичинен камсыгып,
Кастыктан айткан кеп бекен?
Арбытып ичип аракты,
Мастыктан айткан кеп бекен?
Же дөөлөтүнө мас болуп,
Жаштыктан айткан кеп бекен?
Алыстан сапар жол келди,
Албай даам оозуна

Ачтыктан айткан кеп бекен?
Калктан калып көңүлү,
Какшыктап айткан кеп бекен?
Алмамбет айтар сырын – деп,
Арбытпаңар чырын – деп,
Кандай да болсо билербиз
Калпы менен чынын» – деп,
Дуу-ду Көдөң басылды,
Коё берип атасын,
Алмамбет колу жазылды.
Көдөңгө салды көзүн бул,
Көбүнө айтты сөзүн бул:
«Арак ичип аксымдап,
Азып келдим масмын – деп,
Айттым эле сиздерге,
Кызыккан экен атакем
Кылмак үчүн биздерге,
Чолосун таппай жүрүптүр
Мага өлүм издээрге.
Издеди азыр өлүмдү,
Тирүү-соо калбасым
Азыр көзгө көрүндү,
Кашыңарда мен жалгыз,
Канетемин көбүңдү?
Көп экенсиң, көптөдүң,
Али да болсо Соорондук
Ата урматы, өтпөдүм!»
Алмамбет айтып басылды,
Алмамбетте кылычка
Соорондук кайтып асылды.
Арзан берер көрүнбөйт
Алмамбеттин мүнөзү,
Акимдерге Соорондук
Арыз кылып айтып сүйлөшү:
«Адырсыз жерде бел болбойт,
Акпаса кыян сел болбойт,
Акыры түбү көрөрсүң
Алмамбет бизге эл болбойт.
Жаңы тууган күнүндө
Чыгамалоо түнүндө
Жанбай чырак чачылган,
Жаабай күнүм ачылган,
Ат кошкурган акырдан,
Астында жатып катындын
Мукамбет – деп, бакырган.
Алла канча той кылдым,
Ат коймокко ой кылдым,
Калкты канча жыйнадым,
Карыяны сыйладым,
Ат коюңар балага,
Калкты канча кыйнадым,
Чантуудан эмес, кытайдан
Жайнап турган канча жан
Акыл башта жок болуп,
Элдин баары эт бышым
Ат коё албай токтолуп,
Ат кирбеди оозуна,
Ала чапан бир кытай
Карап турсам сүйлөшү
Календердей мүнөзү,
Атын койду – «Алмамбет»,
Алла кандай бул ат – деп,
Алдым ойго мындай кеп.
Жумшагы жок катуудан,
Журт ичинде чантуудан,
Мусулмандан курадым,
Мусулман дини кай дин? – деп,
Мурунтадан сурадым.
Ыслам – деди, динибиз,
Акыр заман байгамбар
Мукамбет – деди, бирибиз.
Башта муну билбедим,
Мукамбет деген ким? – дедим.
Медийна, Меке калаасы,
Асылы арап журтунан,
Абдылданын баласы.

Алла Таала барлыгын
Айтып калкка караткан,
Ай-ааламдын баарына
Шариятын тараткан.
Байгамбардык акыры,
Барчадан артык акылы,
Сарбар аалым өзүдүр
Мукамбеттин жакыны.
Ааламды бузуп азгырган,
Лаайламалуудан
Калкты бузуп кас кылган,
Мажусу динин бас кылган.
Чантууга болгон байгамбар,
Чачылган андан көп жандар,
Динин бузуп кошулуп,
Каапырдан кеткен көп заңгар,
Анык кийин мен уктум
Аты Мукамбет экенин,
Ал – деп, берип коюппуз,
Азыр колдо турганда
Же өлтүрбөй, же өлбөй,
Карап туруп нетемин?
Анык көзүм жетти го
Чантуу болуп кетерин,
Бети жарык, нур толуп,
Көрүп турсуң көбүңөр
Мусулман болуп кеткенин.
Мусулмандын өзүнө,
Мурунтадан белгилүү
Мурдарлык бузар сөзүнө
Бул балабыз кириптир,
Мурун ойноп жүргөндө
Келбеген нышаан өзүнө,
Бул сапарда карасам
Бузук турат көзүмө.
Эрдине мурут оюлган,
Ээгине сакал коюлган,
Мусулмандын сөзүнө
Бул абыдан тоюнган,
Не кыларын түк билбейм,
Бу баланын жайынан.
Балам болду душманым,
Ат койгондон бер жакка
Арбыган менин бушманым,
Лаайламалуу айткан:
«Алмамбет – деп, душманың».
Акыры буга арга жок,
Өзүм ойлоп сындасам,
Өлтүрүп коюп тынбасам,
Кайтарып динге салууга
Карасам айла калган жок».
Бул сөздү айтып Соорондук,
Өлтүргүн – деп, баласын
Өкүм кылды өзү тик,
Ачууланып Алмаңды
Карады каар көзү тик.
Алмамбетке каркылдап,
Ачууланып баркылдап,
Соорондук минтип калыптыр.
«Ачууланбай токтоңуз,
Буйрук кылар кудаа бар,
Бутта кандай мудаа бар.
Лаайлама баралык,
Ырас жерин карайлык,
Лаайламалуудан
Ырастык сурап биз мындан,
Кыл дегенин кылалык,
Кый десе жанын кыялык.
Колдогон буйрук кылганча
Ачууну азыр тыялык».
Бу сөздү айтып салыптыр,
Соорондук баштап алты жүз
Бутканага барыптыр.
Лаайлама баңса дээр,
Ар канча каапыр дүрбөсө,
Назарына бир албайт,

Алмамбет баатыр кандай эр!
Сынып калган быркырап
Сүрөт деген немеси,
Сүйлөөдөн калып корккондон,
Сүйөнүп калган эшикте
Байбиче Эксер энеси.
Булар барып караса,
Ачылуу турат эшиги,
Жабылган экен тешиги.
Чырагы чылгый өчүптүр,
Соорондук өзү баш болуп,
Эшигинен өтүптүр.
Ачкан муну ким? – деген,
Ачууланып тилдеген.
Жакын барбы, ыраак – деп,
Жандырыңар чырак – деп,
Жаалданып айтып кеп,
Эр Соорондук акырды,
Бут багуучу сопусун:
«Мында кел!» – деп, чакырды.
Бут караган туушаны
Кадам басып узады.
Ал аңгыча дорголор
Алып кирди чыракты.
Алтын такта буту жок,
Так алдында кыйраптыр,
Алмамбеттин энеси
Бут бузулуп түшкөндө
Буркураптыр, ыйлаптыр,
Бутканада калыптыр.
Алты жүз улук жолдошу,
Алмамбет анда бар кошо.
Бутун көрдү Соорондук,
Ким кыйратты муну? – деп,
Алмамбетке асылды,
Сен кылдың! – деп, типетик.
Алмамбет анда кеп айтат:
«Наадан, ата,– деп, айтат,
Балта, күрсү мен алдым,
Басып келип бутуңдун
Башынан ары мен салдым.
Баары сынды быркырап,
Жааннамдан келген Азезил
Жаны кетти чыркырап.
Бутуң жатыр жаны жок,
Жалгыз тамган каны жок.
Жалгыз чымын жан консо
Коргоп коёр алы жок.
Сыйынганың ушубу?
Чантуу динин каалайт – деп,
Маа түйөсүң мушуңду.
Жүгүнгүн – деп, сүрөткө
Баштап келди энебиз,
Какшык айткан сөзүмө
Балта салып Алмамбет,
Бузган экен дебеңиз.
Мусулмандар сыйынган,
Бул дүнүйө, акырет
Буйругунча кылынган
Асман-жердин ээси
Бузду кудай бутуңду.
Мынча несин көндүрдүң,
Бузук динге журтуңду?
Энем айтчы чын жерин,
Бутка балта урдумбу?
Бузулганын куп көрдүң,
Эшиктен кирип бер жакка
Мен жакындап турдумбу?
Акылмандар ойлоп бак,
Лайлаха иллалла,
Дин ислам, диним ак,
Тил алсаң кытай ыйман тап».
Алмамбет аны сөздөдү,
Ачууланып Соорондук,
Катынына көздөдү.
«Эсиңден мынча шаштың – деп,

Элдин жатар кезинде
Эшикти не үчүн ачтың? – деп.
Ээрчитип келип баланды,
Неге буздуң калаамды?»
Атырылып Соорондук,
Өлтүрөм – деп, катынын,
Өкүм кылды типетик.
Анда энеси күүлөндү:
«Өлтүрсөң мына турмун!» – деп,
Ачууланып сүйлөндү.
«Кан, бузулду басыгың,
Кайда менин жазыгым?
Мусулман бол, эне, – деп,
Бала сөздү баштады,
Лаайламалууга
Ырас душман болдуң – деп,
Жаным жаман шашканы.
Жаңылдың, балам, өзүң – деп,
Жаман бул айткан сөзүң – деп,
Эбиң менен жаңыл – деп,
Эл көрбөс сенин чаңың – деп,
Жашынар жерге шаңың – деп,
Кара жер болор тының – деп,
Калбас аман жаның – деп,
Каталык кылдың, кечкин – деп,
Кайтып бутка табын – деп,
Баштап келдим баланы,
Бала башын салганда
Башта аман-соо турган бут
Кыйрап түшүп калганы».
Кытайларга бул сырын
Байбиче айтып салганы.
Алла насип кылбаган,
Арбак урган Соорондук
Акырая жапжаман
Алмамбетке карады.
«Кайдасың балбан, карма – деп,
Кол-аягын байла – деп,
Караңгы капка тешиксиз,
Таш зындан бар эшиксиз,
Алып барып кама – деп,
Алтымыш миң кол барып,
Айланып багып кара – деп.
Кандыгым азыр колдо бар,
Базар менен көчөнүн
Баш жагында билде дар,
Астырайын дарына,
Таруудай этин түк койбой,
Талатайын жедирип,
Таңшуу, Кентун баарына».
Байкап сурап текшербей,
Бакылдады билгендей.
Алла жардам Алмамбет
Алла Таала колдо! – деп,
Азыр турду карап тик.
Атулук деген бирөөсү
Адырайып турганы,
Алмамбетти кармоого
Жакага колун сунганы.
«Тарт колуңду менден! – деп,
Алмамбет муштум урганы.
Алмаңдан муштум жетиптир,
Кулакка тийип жудурук
Чала бышкан жаңгактай,
Жел учурган камгактай
Башы үзүлүп кетиптир.
Учурду мунун башыны,
Уу кылды ичкен ашыны.
Дебеги балбан дуу-дусу,
Жеткен экен мунусу.
Сол колунан кармады,
Согушту Алмаң салганы,
Боорунан кылыч малганы.
Көрдүңүз беле жанагы
Соорондуктүн кылычын
Колунан тартып алганын,

Боорунан кылыч сайганы,
Дебегидей айбандын
Алты карыш артынан
Кылыч чыга калганы.
«Кырылдыңбы кытай?!» – деп,
Баатыр менен балбанын
Карма, тутуп өлтүр – деп,
Каны айгай салганы.
Камсыгышып кытайлар
Жаңы кирип урушка,
Жабылышып калганы,
Жанып турган чыракка
Алмамбет кылыч салганы.
Кылыч тийип, от өчтү,
Кыйкырык менен жер көчтү.
Баңса сарай буткана,
Балаа түштү журтуна.
Бутканасы кең сарай,
Мында кирген бир далай.
Эстүүсү эшик ачыптыр,
Элирип тышка качыптыр,
Кандын кылып жардыгын
Кармайбыз – деп, калганын
Канын Алмаң чачыптыр.
Алты жүз киши баары улук,
Жүз сексен төртү өлүптүр
Жаны тенден бөлүнүп,
Бир бирине жармашып,
Алмамбет – деп, бир бирин
Жакалашып кармашып,
Жакалашып уштaшып,
Жалпы баары мушташып,
Өткүр кылыч колунда,
Өлчөмдүү жерин тушташып,
Кылыч, канжар салышып,
Кыжылдаган кытайлар
Кырылышып калышып.
Кара кан кусуп кулгутуп,
Колундагы канжарды
Өлчөлүү жерге мылгытып,
Атасынын аскерин
Ач бөрү кирген кой өңдүү
Алмамбет сүрүп ыргытып,
Колуна кокус тийгенин
Баштан алган бөрүктөй
Ар тарапка ыргытып,
Ылактырып каапырды,
Кайсы бирөө жарадар,
Улактайын бакырды.
Бутканадан каапырды
Бузуп-жарып сап кылды,
Эне менен атасын
Экөөн бирдей качырды.
Барган бойдон Соорондук
Бандулуга кириптир,
Урушка сокчу добулду
Кидирбей согуп ийиптир,
Токсон миң калаа чоң Туңша
Дүүлүгүп атка миниптир.
Алдадан жардам сурады,
Алмамбет карап турабы,
Казганага байлаган
Казатка чабар Кылжейрен
Атын көздөй чурады.
Кылжейрен атка миниптир,
Кыраан эрде не туруш,
Кылчайбай жолго кириптир.
Шашканынан Соорондук
Шаарга кабар салуучу
Кушканага кириптир,
Тилмер кылган карга бар,
Бешөөнө кабар салыптыр,
Он бир кептер жөнөлүп,
Обону көздөй барыптыр.
Канатка катты байлады,
Кандарды көздөй айдады.

Ал ошенткен кезинде
Атка минип Алда! – деп,
Алмаң көңүл жайлады.
Каапырга койду катылып,
Топ замбирек жер жарды
Ар тараптан атылып,
Алты каапыр кер кылбай,
Алмамбет – деп, асылып.
Капканы көздөй каргытып,
Кылчайбастан Алмамбет
Кылжейрен атын аргытып,
Жолго салды, көчөгө,
Жолукту Алмаң нечеге,
Кыргын кылып Алмамбет,
Бейшембинин кечи эле,
Алыстан келсе найзалап,
Жакын келип калганын
Ак болот менен кайсалап,
Кылжейрен атын чуратып,
Кытайын жолдо сулатып
Алмамбет жолго салыптыр.
Аяр Малоо деген бар,
Алмамбет келет жолдо – деп
Лаайлама колдо – деп,
Мурадылды бакырды
Бейкапилет болбо – деп.
Бөлүнгөн жоонун бөрүсү,
Бөгөлдөрдүн төрөсү,
Кызылдын боюн жердеген,
Кылымдан киши жеңбеген,
Бели катуу эр деген,
Миңинен чыккан бир мерген
Минген аты Кылжейрен,
Кылымга сөзү түз бадыл
Кырмуз шаанын Мурадыл
Кыйгактуу найза алганы,
Кыраан Алмаң баатырга
Маңдайлашып калганы.
Күүзар кечүү жолу бар,
Көт жагында каапырдын
Он эки миң колу бар.
Кытайдын баары та-талап,
Кыжылдаган санталак,
Кармай калчу немедей
Мурадыл келет анталап.
Аны көрүп Алмамбет
Алдадан тилеп чоң медет,
Өкүмсүгөн каапыр – деп,
Өлүмдү көрсүн акыр – деп,
Кыйгактуу найза колунда,
Кыйкырып кууп келатыр
Алмамбеттин жолунда,
Санжыргалуу Алмамбет
Санаасына бул келет:
«Каралды болор элим жок,
Кайра тартар жерим жок,
Каапырлардай көрбөсөң,
Кантемин Алда, кебим жок».
Найзаны колуна алганы,
Алмамбет менен Мурадыл
Маңдайлашып калганы.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алмамбет найза салганы,
Кылжейрен аттын үстүнөн
Кыйынсыган Мурадыл
Кырданып түшүп калганы.
Өлтүрүүгө кытайды
Алмамбет кылыч алганы,
Кагып башын өтсөм – деп,
Кайра тартып калганы,
Алмамбетке жабылып,
Найза каапыр салганы.
Кырктай найза кыйратып,
Кылжейрен атын туйлатып,
Көчөнүн чаңын булатып,

Көрүнгөнүн сулатып,
Далысы тамдай балбанын
Жар көчкөндөй кулатып
Алмамбет жөнөп алыптыр.
Дагылык деген бир аяр
Алмамбет келет мында – деп,
Азат боюң чыңда – деп,
Айткан сөздү байкабай
Нааданчылык кылба – деп,
Жолойдун токсон жолу бар,
Жолу каткан кытайлар
Он төрт миң жарым колу бар,
Балбандан башка зору бар,
Көкө-Ноор көлү бар,
Көлдүн түндүк жагында
Гүбү-Шаму чөлү бар,
Карап турган Жолойго
Канча уруу калмак эли бар,
Аскерге келген кол бийлеп
Ата уулу канча беги бар,
Балбан менен баатыры,
Балдырлаган калмактар
Баары душман акыры,
Алмамбетти куткарбай
Алууга келет акылы.
Качырганын куткарбас
Кара чаар жолборсу,
Кайнаган кытай журтунда
Каргадай Алмаң жапжалгыз,
Кадыр Алда-жолдошу.
Жолдош болбой неткени,
Он төрт миң аскер кол менен,
Орто көчө жол менен
Алмаңа Жолой беттеди
Ачбуудан атын чуратып,
Артынан чаңын буратып.
Калмак ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Алмамбет найза неткени,
Ачбуудан аттын үстүнөн
Калабалуу Жолой дөө
Камгактай учуп кеткени.
Ачбуудан атын чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Жолоюн жолго сулатып,
Кажылдаган калмакты
Бөрү тийген кой өңдүү
Мөндүлөтүп чуулатып,
Кылыч, мылтык, айбалта,
Кыргын кылып бу калкка,
Кара кан суудай төгүлүп,
Кабырга, колдор сөгүлүп,
Калың койдун ичинде
Каарданып Алмамбет
Карышкырдай көрүнүп,
Капканын оозун бет алып,
Аскерден чыгып Алмамбет,
Айгай салып бөлүнүп,
Калың аскер соңунда
Каптаган селдей көрүнүп.
Айгайлап аскер келатыр,
Көпчүлүгү сан жетпей,
Баары балбан көй баатыр,
Мылтык атып, жаа тартып,
Бадыратып келатыр.
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу чыркырап,
Та-талаган калмактар
Жабуулашып чуркурап.
Жабуу, жабуу, жабуу – деп,
Жабуу демек кайсы кеп?
Мөндү-мөндү-мөндү – деп,
Мөндү деген кандай кеп?
Оозуна таш каапырдын,
Мусулманды жараткан,
Кудайы жок, жалган – деп,

Кор кылбай бизди жаратып
Колдоп өзү алган – деп,
Пайна мөндү урааны,
Мына ушундай жаман кеп.
Көрбөгөн жан шашуучу,
Көп дүйнөсүн чачуучу,
Алтымыш бөкө-балбаны
Араң жаап, ачуучу
Капкага барды Алмамбет
Супа садык таң менен,
Шаар ичи чаң менен.
Балбандан кыркы табылып,
Калган экен капканын
Бир канаты жабылып,
Бир канатын жабууга
Асылышып балбандар
Алы келбей сабылып.
Бир ат батар тешиги,
Бекитүүгө жапжакын
Калган экен Туңшанын
Капкасынын эшиги,
Ак ыслам growth
Алмамбеттин насиби.
Кылжейрен менен кырданып,
Кыраан Алмаң сурданып,
Капкадан атын чуратты,
Капка жапкан балбанды
Кылыч менен сулатты.
Отуз төртүн ойротуп,
Ойбойлотур сойлотуп,
Аша качып алтысы,
Алмамбеттен кутулду,
Асылып кайрат кылганы
Ажалына тутулду.
Мурдардын ишин караңар
Мурадыл, Жолой жарадар.
Көпчүлүгү кытайдын
Көгөөн менен чымынга
Көрүп турсаң барабар,
Арт жагынан айдаган
Эр Соорондук балаа бар.
Соорондук келет акырып,
Солоон менен шибенди
Соңунан сүрөп жапырып.
Капкадан чыгып Алмамбет
Карады талаа түзүнө,
Кайрат берди кудурет
Кан Алмаңдын жүзүнө.
Бет ачык жерге чыгыптыр,
Беттешкенин мерт кылып,
Беш жүзчөсүн жыгыптыр.
Күрүчтүн орду шалы бар,
Шалы орулган чагы бар,
Шалыга кирип корголоп,
Жаным калса – деп, жүргөн
Кытайдын кыйла чалы бар.
Наапа жүргөн жолу бар,
Ар качан жолду багуучу
Алты жүз аскер колу бар,
Туңша шаар, Кентунда
Кытайдын төккөн кору бар,
Элин түгөл айдаган
Эр Соорондук зору бар.
Алмамбетке ким жетсе,
Арылбаган шору бар.
Кылжейрен атын кындыйтып,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып,
Артынан жетип кол салса
Ар жерге союп тыртыйтып,
Кылыч уруп мойнуна,
Башын бөлүп шылкыйтып,
Саринжи тонду жаркытып,
Чаңды артынан баргытып,
Кылжейрен атын аргытып,
Шытаны көздөй жол салып,
Эрөөлгө чапкан кытайлар

Алмамбетке кол салып,
Көчөдөй каптап көп чочко,
Көтүнөн сүрөө жол салып,
Найзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Көптүгүнөн курт кайнап,
Көтүнөн келет жык жайнап,
Көк ала байрак туу байлап,
Артынан керней-сурнайлап,
Көңкү кытай көл жайнап.
Алмамбет жалгыз жан киши,
Артында нечен сан киши,
Атакеси Соорондук
Аскер билген кан киши.
Шыта кечүү деген бар,
Азыркыга өлчөсө,
Алты күндүк жерде бар,
Андагы элге ол экен,
Оң тарабы Каспаң тоо,
Кытайдын журту мол экен,
Түзүндө шаар толу экен.
Маңгул-кытай журту экен,
Көптүгүнө бакканда
Көрүнгөн кара курт экен.
Жаңы келген эр Коңур,
Жаалы катуу оңбогур,
Түркстан жери Нааманы,
Түпкүлүгү жакшы – деп,
Түп-Бээжиндин жеринен
Каспаңды тандап алганы.
Каспаңдын тоосу малга жай,
Кан Алооке акылман,
Алтын, күмүш аз күтүп,
Кара журту малга бай,
Алтымыш уул кенжеси-
Арбагы бийик Коңурбай,
Азаматы шайма-шай.
Мухиттин улуу көлү бар,
Болжолун мындан көрүп ал:
Туңша тоонун учу бар,
Булуң болгон дайранын
Тоого жакын суусу бар,
Тоодон аккан түштүккө
Ит-Кечпес деген ушу бар.
Тегеренип агуучу
Терең кара суусу бар.
Кара сууну бойлоптур,
Катылган каапыр сойлоптур,
Каапырлардан Алмамбет
Кутулдум – деп, ойлоптур.
Сол тарабын караса,
Таңшуң улуу тоо болуп,
Арка жагын караса,
Таталап кытай жоо болуп,
Эч жандан сезбей Алмамбет,
Бет алды аман-соо болуп.
Оң тарабын караса,
Улуу кечүү жол болуп,
Барар жолу Алмаңдын
Бадаңшы тоо бел болуп.
Жетигенди бет алып,
Желе-жорто бастырып,
Жел менен чаңын жаздырып,
Алмамбет жолго салыптыр.
Каспаңдагы кан Коңур,
Каары катуу оңбогур,
Каргадан кабар алыптыр,
Камданып чыгып калыптыр.
Катынан сөзүн угуптур,
Камданып аскер чыгыптыр.
Бадаң-Шыта жол менен,
Кызыл чок ойрот кыйыны,
Кырк миң аскер кол менен,
Жалгыз гана киши үчүн,
Жалккан экен каапырлар
Жараткан жардам иши үчүн,

Шыта деген таш экен,
Бадаң ашуу бел экен,
Коң төрө айдап камданып,
Барганы төрт сан эл экен,
Башчысы Коңур эр экен,
Алмамбетти койбойм – деп,
Акимсинген неме экен.
Таш-Кыянын жолунда,
Тарамыш найза колунда,
Алгара аты астында,
Алмамбеттин кастында,
Муруту бар, сакалсыз,
Чопкуту бар, жакасыз,
Өтүгү бар, такасыз,
Найзасы бар, байраксыз,
Алмамбетке байдасыз,
Эрдиги бар айласыз,
Кыл муруттуу, жайык жүз,
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Бадаңдын кайкаң бел менен,
Барган экен эр Коңур
Баатырдан кырк миң эл менен,
Алмамбетти тосуптур
Тар капчыгай жер менен.
Алмамбет акыл ойлонуп,
Ары-бери толгонуп:
«Капкадан аман чыккан соң
Катылган баатыр, балбанын
Кан жөткүртүп жыккан соң,
Кандай менин атам – деп,
Коё берип тим болбой,
Кол жыйышы катаа – деп.
Менин бала болбосум
Беттешкенде билинди,
Мени мынча кубалап,
Бээжиндик неге бүлүндү?
Соорондук ата болбосу
Чогулган жерде билинди,
Кут кылса кудай динимди,
Куба келген каапырлар
Куткарбасмын бириңди».
Аны ойлонуп Алмамбет,
Артынан аскер толгондон,
Ашкере капа болгондон
Найын алтын аштаган,
Асыл таштан баштаган,
Кара бойдо бир канча
Алтын найлуу, жез канжа
Тамеки салып чеңгелдеп,
Капалыктан бир тартты,
Кадыр Алла колдо – деп,
Коросон оттук колго алып,
Кой боорундай куу кармап,
Коюп чокту канжага,
Артынан келип кол салбай,
Токтолгон кытай канчага.
Кылжейрен атты чуратып,
Көк түтүн көккө буратып,
Көзүн салды Бадаңдын
Ашуу кайкаң белине,
Караганда Алмамбет
Көзү түштү кайнаган
Калың кытай элине,
Дагы карап көз түштү
Эр Коңурбай эрине:
Найзасын тутуп тыкыстап,
Алгара менен шаңданып,
Араң турат ыкыстап.
Оң жагына караса
Кара мухит көл болуп,
Асты жагын караса
Бадаң-Шыта бел болуп,
Сандала түштү Алмамбет
Жан жолдоштон неме жок,
Жалгыз башы тел болуп.
Сол тарабын караса

Дуңда бийик тоо болуп,
Алды менен артында
Туташ кытай жоо болуп,
Кутулбайм – деп, ушундан
Курган жаным соо болуп,
Тешик таппай кирерге,
Тегеренди бул жерде.
Ачык жер таппай кирерге
Айланып калды бу жерде.
Канаты жок учууга,
Кантсе болот ушуга.
Каралаарга кара жок,
Кандай кылсын чара жок,
Баш калкалаар баана жок,
Баары душман дабаа жок,
Көзгө илинер кара жок,
Көпкө жалгыз кирүүгө
Көңүл тынар чара жок.
Акылдашар бир жан жок,
Айла кылар тири жан жок,
Душмандар түштү көбүрүп,
Тоодогу дарак, кайың, тал
Адамдай болуп көрүнүп
Алмамбеттин өзүнө,
Каралды болуп көрүндү
Камыштын баары көзүнө.
Мүшкүл түшүп башына,
Жолдош болчу немедей
Кара тутуп каралап
Тоонун толгон ташына,
Токтолбой Алмаң бек ыйлап,
Койну толду жашына.
Капкадан чыгып Алмамбет
Карабай кытай ашына,
Көзү түшө калыптыр
Үкөк жыгач башына.
Ашыккандан Алмамбет
Алты жемиш алыптыр,
Экөө анар, экөө үкөк,
Экөө жана алмурут,
Андан сүрүп чыгарган
Ант урган кытай көп журут,
Үчөөн жеп корек кылыптыр,
Үшкүрүп Алмаң тыныптыр,
Атакеси Соорондук
Аскерге өкүм кылыптыр:
«Караңменен каныңдан,
Кармап алып бербесең,
Үмүттү үзгүн жаныңдан!
Миң, сан жүрүп бир жанды
Куткарып ийип турган соң
Куп түңүлдүм баарыңдан.
Эл – деп, сени нетемин,
Жажуж-мажуж тажаалга,
Даба болор ажалга,
Токтобостон кетемин,
Баарыңды кырып өлтүрүп
Каныңды суудай кечемин,
Алым жетпей бир бала
Канмын – деп, жүрүп нетемин!
Жүз токсон миң аскерди,
Жүрүңөр – деп, көп элди,
Жарадарын дарылап,
Баатырлары барылдап,
Өлгөндөрүн көмдүрүп,
Өңкөй Туңша, Кентунду
Өкүмүнө көндүрүп,
Жазгы чыккан киедей
Аскерин айдап өндүрүп,
Алмамбеттин артынан,
Алдырбай чыккан дартынан,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу,
Ар түрлүү аскер пары жок,

Каргадай жалгыз баланы
Капкасында тута албай
Кайнаган аскер кол кууган
Кандай кытай ары жок?
Найзанын учу жылтылдап,
Кара тоонун оюнда,
Кара суунун боюнда
Келе жатыр дүңгүрлөп,
Жер титиреп күңгүрлөп.
Төктү жашын Алмамбет,
Төрө Алмаңда ушу нээт:
«Өзүң жалгыз зулжалал
Өкүм кылсаң бендеңе
Өзүңдөн бөлөк ким билет,
Жан кылыпсың жаратып,
Жалгыздыгым саа милдет.
Болушсаң көпкө өзүң бил,
Каапырлыктын зарынан
Кайткан – деди, биздин дил,
Кандай күйгө салышың
Кадыр Алла өзүң бил!
Күчүң менен жасадың
Жериң менен көктү – деп,
Далай дүйнө жараттың
Мен билбеген көпту – деп,
Кара жерден өндүрдүң
Канча түрлүү чөптү – деп,
Канаттуулар учту – деп,
Канат берип учурдуң
Канча түрлүү кушту – деп,
Каапыр – арбың, мен – жалгыз,
Карыпчылык түштү – деп,
Ар не кылсаң кыларсың,
Ак амырың күчтүү» – деп,
Арыз кылды Алла керимге,
Арга-амал эч жоктур
Ант урган кытай элине,
Арбагыңда колдо! – деп,
Азирет Аалы шерине.
Адам ата, Нук – деди,
Ажал келген башыма,
Асирет кайгым бу – деди.
Башыма келген бир мүшкүл,
Баана тилейм кудайдан,
Бадыша өткөн Сулайман,
Бабам Жакып, Ыбырай,
Баарыңдан жардам сураймын!
Айып наби, бил Жунус,
Атам салды ичке муз,
Арбагыңа жалынбай
Касылык болор тим туруш.
Муса менен Ыйсасың,
Арбагың жардам бербесең
Аманат жанды кысасың,
Камалап келген каапырдын
Эгер бенде биле албас
Эсеп менен кысабын,
Эгем жардам бербесең,
Эски арбактар келбесең
Элким жаным кысталдым.
Алла Таалам дос деген,
Тозок деген кыйын жай,
Үмөт болгон коомуңду
Жамандыктан тоз деген,
Карыптын алын сураган,
Үзүлгөнүн улаган,
Кемигенди төлөгөн,
Тайгылганды жөлөгөн,
Алыстан ишти көрөгөн
Ак байгамбар Мустапа,
Ата-энемден жоо болуп,
Азыр болдум чоң капа.
Алмамбет экен атым,– деп,
Аманат жаңым колдо – деп,
Айтууга ушу датым – деп,
Жалпы кытай – баары жоо,

Жакыным болду жатым – деп,
Сыдык, Өмөр жар – деди,
Жолдошу Осмон бар – деди,
Жолумду кылгын шар – деди.
Урухуң тоону учурган,
Ушу жалган дүйнөнү
Күч кубатың куушурган
Азирет Аалы шер –деди,
Арбагыңа ыйлайын,
Алла жардам бер – деди.
Түрк уулу түмөн эл – деди,
Дүнүйө салган баатырлар
Урушума кел! – деди.
Мен жалынган жалыныш,
Байгамбарга, саабага
Жалынды жалгыз бир кул – деп,
Жараткан кабар бер – деди,
Салбасаң кабар Алдам сен,
Зарландым, өлдүм мен – деди,
Жамы алаштын арбагы
Жардам үчүн кел – деди.
Өз жолумдан козгогон,
О дүйнөлүк дос болгон,
Айтып динге козгогон,
Акыреттик дос болгон
Арбагың тирүү, өзүң бар,
Ант менен айткан сөзүң бар
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Аргасы кетип муну айтып,
Алды-артымды жоо кысты,
Майданга бачым кел Көкчө!
Душманын жагып от кылган,
Тутушканын жок кылган,
Кытайды атып топ кылган,
Кармашканын жок кылган,
Уругу кыргыз баласы,
Бай Жакыптын Манасы,
Жогунан жолдош карасы,
Жок жердеги сөздү айтып,
Жоодурашын карачы,
Мусулмандын арбагын
Муңканып айтып баарысын,
Алмамбет азыр эске алды.
Калкы кыргыз уругу,
Катагандын улугу,
Жаангер кожо жар берген,
Жаан кезип дүйнөдөн
Жалынарың Шаймерден,
Алышкан жоодо колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык,
Каргаганы таш болгон,
Калкына кара каш болгон,
Калың кыргыз уулуна
Карчалышкан заманда
Кайрат кылып баш болгон,
Азыркысын жалындым
Арбактарың баарыңа,
Атыңды атап ыйлайын,
Ак сакал Кошой карыңа.
Алдам, ырайым кыла көр
Жалгыздык айткан зарыма,
Жаман түштүм бул күндө
Дүнүйөнүн тарына.
Энем-атам – баары жоо,
Эсен-аман чыгамбы,
Эсепсиз кытай камады,
Куткар, Алла аман-соо!»
Бул сөздү айтып буркурап,
Айтып оозун жыйганча,
Айгай чыкты жер жарган,
Азирет! – деп, чуркурап.
Таңшуунун кара тоосунан,
Кара-Алма жыгач коосунан
Арбын аскер кол жыйнап,
Азиреттеп айгайлап,
Аскер чыкты ушундан.

«Туңша тоодон этектеп,
Тулпардын баарын жетектеп,
Кош атын алып колуна,
Кошунун алып соңуна,
Соорондук кандын куугуну,
Соңуман келип калдыбы?
Согуш башы Коң төрө
Астымды тосуп алдыбы?
Өмөлүп кытай келген соң
Өлбөгөн жерим калдыбы?
Кытайдан кыйноо көргөнчө
Кыйналып жүрүп өлгөнчө,
Анжуудан азап көргөнчө,
Азабын тартып өлгөнчө
Атышкан болуп көрөйүн,
Аскерин айдап бөлөйүн,
Ажал берсе кудурет
Арбак урган каапырдан
Ат үстүнөн өлөйүн,
Ак тааланын өзүнө
Арман менен өлдүм – деп,
Арзымды кылып жөнөйүн!»
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Алдам өзүң колдо – дейт.
Анык мындан өлдүм – деп,
Акыретти санады,
Атамдын колу келди – деп,
Арт жагына карады,
Караса келген көп аскер
Каапыр эмес, мусулман,
Дүбүртүнөн, чуусунан
Дүнүйө жүзү бузулган.
Аскери өрттөй дүркүрөп,
Кытайга кыл – деп, кыямат
Кыйкырып келет күркүрөп,
Алсыраба сен – деди,
Ак таала жардам бергени,
Азирет Аалы мен – деди.
Аскер айдап, жер жарган,
Үнү үч айлык жерге тим барган,
Эр Үрүстөм эр – деди,
Түрк баласы түмөн кол
Түк бирөөң калбай кел! – деди.
Алмамбет айткан көп макал,
Астында бирөө ак сакал,
Боз жорго аты чайпалган,
Ак сакалы жайкалган,
Ар канча кылса жамандык
Адамга жаман айтпаган,
Кармашкан жоодон кайтпаган
Кыргыздан кыраан Кошойду
Наалып турган Алмамбет
Азыр көрдү ошону,
Аскердин баары селделүү,
Селдей каптап келгени,
Андан артык болорбу
Алланын жардам бергени.
Аккула атын чуратып,
Арстай куйрук чубалтып,
Артынан чаңын буратып,
Манас чыкты кол баштап,
Бар аскерге жол баштап.
Көгала атын кындыйтып,
Көк найзаны зыңкыйтып,
Көкчө келди жолдошу,
Азыркы жүргөн элде да,
Эл бийлеген эрде да
Жок – деп, акыр ойлобо
Бир сыймыгы болбошу,
Башта конгон сыймыгы
Баштатан болгон жолдошу.
Ак таала амыр кылгандан
Аскердин баары бериште,
Аллага анык ыйласаң,
Азыр да койгун ынанып
Бербердигер буюрса

Бериштелер келишке.
Арбагы жардам бериптир
Азирет Аалы шерлердин,
Абубакир, Сыдык эрлердин.
Өмөр, Осмон олорду,
Ашкере залим болбосоң
Азыр дагы анык бил
Арбактан жардам болорду.
Алды-артынан жоо чыгып,
Арада калып жапжалгыз,
Алмамбет деми кесилип,
Аллага наалып ыйлаган
Эбедейи эзилип,
Көңүлү жарым, көзү жаш,
Көптү кантет жалгыз баш,
Жалгыздыгы ким үчүн,
Жанын кыйган дин үчүн,
Өкүмат үчүн жүргөн жок,
Алмамбеттин доорун
Ал тушта киши сүргөн жок.
Улуктук үчүн жүргөн жок,
Алмамбеттин ыраатын
Шондо да кытай сүргөн жок.
Кандыгын каран ташташы,
Калбаны мынча башташы
Аңдап билсең ким үчүн,
Ак ыслам дин үчүн,
Анык көзү жеткенден
Алла Таала бир үчүн,
Ал себептен кудурет
Аябай берген көп күчүн.
Мусулмандын арбагы,
Буюрган соң кудурет
Мындай арбын барганы,
Көңүлдөшү Көкчөнү
Көрүп Алмаң алганы.
Көбүнө кабар берген – деп,
Көт жагымдан кол алып,
Көрүнбөс жолдон келген – деп,
Айылына кабар бергенби?
Арбын аскер кол алып,
Артымдан удаа келгенби?
Акыреттик эр Көкчөм,
Айныбас арстан эрденби?
Аскерин көрүп мусулман
Алмамбеттин демине
Арбын кайрат келгени.
Койбосмун – деп, жалганга
Коң төрө турат кекенип,
Адырайган калча – деп,
Ал-абалың канча – деп,
Алмамбет барды кесенип.
Этеги жайык көк күбө
Топчулугун топчулап,
Үстү башын үпчүлөп,
Үтүрөйгөн эр Коңур
Үстүн-астын кылам – деп,
Лаанаттап күрсүлдөп,
Кирпиги сайдын талындай,
Айдары аттын жалындай,
Муруту турат Коңурдун
Айбалтанын сабындай,
Оозунан от чыгып
Чоң дандырдын табындай.
Желеги кара, көк найза,
Жер көчкөндөй бир сайса.
Кара атка камчы салганы,
Кытайдын Коңур зардалы
Алмамбетке бет алып
Акырып жөнөп калганы.
Кылым кытай балбаны,
Кызыл чок ойрот зардалы-
Кытайда баатыр эр Коңур
Кыйкырып жөнөп калганы.
Аскерди көргөн мусулман,
Алмамбет коркпойт ушундан.

Жүрөгүнө курч байлап,
Билегине күч кайнап,
Эки көзү өрт жайнап.
Эринин кесе бир чайнап,
Эр Алмамбет айгайлап,
Атын санга салыптыр,
Найзаны колго алыптыр,
Айтмак эле Көкчөнү,
Бакырганда Манас! – деп,
Оозуна кирип калыптыр.
Алтын ээр кашы – деп,
Нак жүрөктүн башы – деп,
Коңурбай өлчөп алыптыр.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп
Алмамбет өлчөп калыптыр.
Мелтиретип найзаны
Бет алышты баатырлар,
Алмамбеттин жылоондо
Азыр Кызыр бакыр бар,
Аркасында Коңурдун
Ат койду канча каапырлар.
Найза салды Алмамбет,
Алла кудай колдо! – дейт.
Ак куудай мойну созулуп,
Найзасын шилтеп озунуп,
Чарайна тарткан төшүнө,
Чакырайган Коңурдун
Чагылды оту көзүнө.
Найзанын учу так этти,
Адырайган эр Коңур
Алгара аттан жалп этти.
Коңурбай аттан кулады,
Койдой каапыр чуулады,
Сайып өтүп Алмамбет,
Коркуп карап турбады.
Арбак жардам Алмамбет,
Лаанат урган калмак – деп,
Найза жанчып мылгытып,
Аттан жулуп кай бирөөн,
Бөрүктөйүн ыргытып,
Бөрү кирген кой өңдүү
Бөлүп-бөлүп дыргытып,
Алыскысын найзалап,
Жакын жетип келгенин,
Жалаң кылыч колунда,
Каршы-терши кайсалап,
Алмадай башын кагыптыр,
Алиги Коңдун аскерин
Астын-үстүн салыптыр,
Коңурбай колу качарда
Соорондук барган калың кол,
Кошулушуп калыптыр.
Арбак сайды каапырды,
Алмамбет көзү түшкөнү
Аман калбай акыры,
Коңурбай тоскон тар жолдон,
Кыяда ташы бар жолдон.
Кыянын үстү түз экен,
Соорондуктүн аскери
Миңдени эки жүз экен,
Кыянын үстү түз экен,
Эр Алмаң уруш кылганы
Коңур салкын күз экен.
Аттан сайып түшүрүп,
Алмамбет көөнү тыныптыр,
Болжолсуз баатыр Коңурбай,
Жыгылганда жыластан
Боконосу сыныптыр.
Козголо албай жарадар,
Коңурбайга ким келсин
Бу кошуунда барабар.
Соорондук аскер баштыгы,
Алмамбет азыр жаштыгы.
Балтыр эти толо элек,
Балбандык күчү боло элек.

Жүрөк эти толо элек,
Жуткүнөр кези боло элек.
Кара жандын дартынан,
Калмактар түшүп артынан,
Мүнүстүн талаа түзүнөн,
Кан болбогон жер калбай
Кара жердин жүзүнөн,
Жети күнү, жети түн
Урушта болду бүпбүтүн.
Чыканак жерге салбады,
Жараткан жардам берди– деп
Чырым этип уйку албады.
Кужулдап кытай кумдан көп,
Алмамбеттен айрылып-
Асылы кытай калбады,
Ар тарабын кол тосуп,
Алтымыш курчап алганы,
Арасында кытайдын
Алмамбет жалгыз калганы.
Андай болсо адамдын
Калбас эле арманы,
Анардын бирөөн шимирип,
Ай караңгы түн экен,
Алмамбет токтой калганы.
«Ант аткырды карма! – деп,
Соорондук айгай салганы,
Тогуз жүзү ат коюп,
Кайдалашып калганы.
Ай караңгы түн экен,
Атакеси акмалап
Артында жүргөн күнү экен.
«Каруусу кетти, карма» – деп,
Каны буйруп салыптыр,
«Кайдалашып» калмактар,
Камалап келип калыптыр.
Каапырлар келди камалап,
Кармайбыз – деп, чамалап.
Тогуз жүз экен баарысы,
Тобу менен барышты.
Барган менен бадирек
Тозокто тирүү калганы,
Токтотпостон кытайды
Тополоңго салганы.
Тогуз жүз келген аскердин
Таң атканда караса
Токсону да калбады.
Тозоку каапыр Соорондук
Ушунчасын кырдырып,
Алмамбет айткан сөзүнү
Бир эсине албады,
Эки жүз миң колунан
Эч аманы калбады.
Колу сынып шалактап,
Алдырап жүрөт кээ бирөө,
Буту сынып салактап,
Балдырап жүрөт кээ бирөө,
Эки колу тең сынып,
Жалдырап жүрөт кээ бирөө.
Кулагынан айрылып,
Молоюп жүрөт кээ бирөө,
Көздөрүнөн айрылып,
Олоюп жүрөт кээ бирөө,
Жаны чыгып тенинен,
Солоюптур кээ бирөө,
Мойну сынып, башы жок,
Короюптур кээ бирөө,
Майданда калып өлүгү,
Тороюптур кээ бирөө.
Азуулары аркайып,
Астыңкы эрди шалпайып,
Кең соорусу даңкайып,
Ат өлүгү көп жатыр,
Арбак менен урушуп,
Арманда өлгөн көй баатыр,
Муруттары чычайып,
Буруп моюн кылчайып,

Эр өлүмү көп жатыр,
Эгем каар кылгандан
Эсепсиз өлгөн көй каапыр.
Урушу сегиз түн болуп,
Белсенип уруш кылганы
Бейшемби деген күн болуп,
Бербердигер кудурет
Бербегенде нетиптир,
Сыйынып сыңар Аллага
Сандыргалуу Алмамбет
Талабына жетиптир,
Кайберен, кырк чилтен,
Менменсиген каапырды
Берилште кырып кетиптир.
Көрдү Алмамбет таң атып,
Көк менен жердин арасын
Көп канаттуу алыптыр
Карга, кузгун, сагызган,
Кан Алмамбет урушуп,
Канын суудай агызган,
Кажыр, жору, канча куш
Эринбеген барыштан,
Асман-жердин арасы,
Канаттуудан көрүнбөйт
Жер жүзүнүн карасы,
Алла болгон медеткер
Алмамбеттин баанасы,
Арбагына дуба кыл
Дин мусулман баласы.
Ат кечпеген көп өлүк,
Алмамбет кетпей жөнөлүп,
Кылычтап башын кыйып жүр,
Баштап келип Көкчөнү,
Байкамакка бу башты
Мунар кылып жыйып жүр.
Карга чокуп эттерин,
Көрсө, кызыл кан баскан
Көз жеткен жердин беттерин.
Куш басыптыр тумандай,
Эми кармап бергин – деп,
Эр Соорондук тура албай,
Жер жайнаган кол менен,
Жети бөлмө жол менен
Дагы ат койду жабылып,
Будаңчаң деген бир баатыр
Бу да келген камынып.
Бакбурчундук ол экен,
Баштап жүргөн аскери
Он алты миң кол экен.
Жетимиш миңге кошулуп,
Жерде жаткан топурак
Желге учулду тозулуп,
Кыпкызыл болду мунарык,
Чаң асманга созулуп.
Тозону тоодой каптады,
Шол өңдөнгөн кыргындан
Алмаңды кудай сактады.
Жарагын белге чалынды,
Жаратканга жалынды,
Жалгыздыгын эске алып,
Көңүлү сынып сабылды.
Көзү жаштуу турганда
Көкчө, Манас, эр Кошой
Жанынан чукул табылды.
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кеткен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Акка кылды тобокел,
Аккан жашы тыйылып.
Кайрат кылды кайтадан,
Кытайдан өлгөн канча жан,
Жекеге чыкты акырып,
Желмогуздай Будаңчаң.
Муну көрүп Алмамбет,
Мурдар кылба Алла – дейт.
Кылжейрен менен жеткени,

Кыйгактуу найза көк түпөк,
Кыраанын Алмаң неткени,
Кыйынсынган Будаңчаң
Кылкүрөң деген атынан
Кырданган бойдон кеткени,
Кыйкырган бойдон Алмамбет
Та-талаган каапырга
Аралаша жеткени.
Бери беттеп келгенин
Көөдөнгө салды найзаны,
Көрбөдү андан байданы.
Ары карап турганын
Жонуна найза урганы,
Мындан артык болобу
Каапырлардын курганы.
Алма баш мылтык чаңырды,
Аллалап айгай салганда
Алмаңдын ач кыйкырык
жаңырды.
Айгайлашып кытайлар,
Алмамбетке жабылды,
Аз болгондо башына
Алтымыш кылыч чабылды.
Арбак тосту кылычты,
Аңдаган Алмаң бул ишти,
Алмамбет кылыч урганда
Көкшибер чапкан немедей
Көп кытайлар бүлүштү,
Көөдөнү бар, башы жок,
Төрт аягы бүрүштү,
Сексен беш миң аскери
Кечке урушуп жүрүштү.
Туу байрагы жайылып,
Арбак тийген каапырлар
Туйлай түшүп, жан чыгып,
Тумшугу менен сайылып,
Найзадан байрак жайылып,
Алмамбетке жабылып,
Арбактан кылыч чабылып,
Айгайлаган каапырдын
Арзыганы табылып,
Аттан кулап тик түшүп,
Аманат жандан кагылып.
Кылжейрен аты бүгүлүп,
Кытайлар жандан түңүлүп,
Кыргынына чыдабай,
Кытайдын асты жөнөлдү
Кыяны көздөй сүрүлүп.
Чамбылала чаң кылып,
Кыйгыйлатып кытайын
Кызылала кан кылып,
Шилтесе, кыркып шилисин,
Сайгандын тешип далысын,
Алмамбет бербей намысын,
Кытайга керип арышын.
Кыямат журту биз да айттык
Кылымга кыргын салышын.
Каапырлар качты кагырап,
Кагышкан найза шагырап,
Таштуу кыя, тар жолдо
Жол тийбеди дабырап.
Нече балбан, нече дөө,
Таш-Кыянын тоосуна
Качып чыккан канча жөө.
Алла кылат бар ишти,
Адамдыктын шааниси
Ал ушуну кылды – деп,
Адамдан көрөт бар ишти.
Тозулбаган томаяк,
Токтолбой Алмаң жан аяп,
Кылжейрен керип арышты,
Алмамбет эми ойлонуп
Туңша капка, Кентунга
Кырган бойдон барышты.
Оюна ону алыптыр,
Мунарадай бир адам

Жолугуп жолдо калыптыр,
Жоо бөрүсү Алмамбет
Жолуккан соң жутууга
Жондон найза салыптыр.
Алмаңдын кара ойнуна,
Атынын кетти мойнуна,
Кан куюлду койнуна.
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып:
«Жуттуң эми, балам» – деп,
Карап алды кылчайып,
Найза сайган Алмамбет
Алтын кемер четине:
«Ай, кулунум, жуттуң» – деп,
Карап алды Соорондук
Алмамбеттин бетине.
Бирди кылмак кыялы,
Биле коюп атасын,
Өлтүрүүдөн уялды.
Аталык урматыңдыр – деп,
Алмамбет бир ооз айтып кеп,
Акка кылдың каршылык,
Алыңыз ата, ушу – деп,
Белди көздөй бастырып,
Берен Алмаң кыр ашты,
Алла Таала бердиң – деп,
Арбын кытай жыласты,
Бардыгына Алланын
Алакең кылды жылашты.
«Күн жаратып, ай бердиң,
Күлдү болгон жандарга
Жер жаратып, жай бердиң,
Асманга жасап жылдызды,
Амырың жерди жылгызды,
Аскер, колдон сактадың
Алмамбет карып жалгызды.
Ырыскы бердиң ааламга
Ынсыжин – деп, адамга,
Кушту учуруп көк менен,
Кубат бердиң ар жанга.
Арстандарга тиш бердиң,
Жыпар жасап, ис бердиң,
Ак болотко миз бердиң
Адам уулу болгонго
Албан түрлүү иш бердиң.
Жаратып топо, чөп бердиң,
Ар жандардын баарына
Насибисин көп бердиң.
Алдам өзүң колдодуң
Амырыңды туткандын,
Анык ажал өлүмдөн
Алмамбетти куткардың».
Бул сөздү айтып алыптыр,
Мурунку уруш кылганы
Минус майдан жерине
Таң атканда Алмамбет
Дагы кайта барыптыр,
Ушу күнчө шо жерди
Кытайлар соттоп салыптыр.
Кытайлар жерин соттогон,
Кыр кийиги оттогон.
Жердесе кытай өнбөгөн,
Жетишкенден Аллага
Алмамбет аман өлбөгөн.
Адам эсеп кылгысыз
Кытайдын кыргын өлүгүн,
Болжоп болгус бош жүртөн
Ат менен качыр көлүгүн.
Канаттууга карк толуп
Асман-жердин арасы,
Күндүн жүзүн бүтүрөт
Үлкөн куштун карасы.
Себеп ишти мен кылдым,
Алла Таалам сен кырдың.
Каапырдан болуп мусулман,
Алмамбет кырган экен – деп,

Атагым калса ушундан,
Кудурет жардам берсе – деп,
Өлгөн каапыр баштарын
Куштар жыйып келсе – деп,
Арыз кылды Алла Таалага
Ар бир түрлүү сонун куш
Келген ошо маалага.
Кажыр, жору, ачала,
Уңкуй, кутан, атала,
Бу куштардын баарына
Буюрган амыр ак таала.
Кекиртектен кыйылып,
Аш кайнамдын арасы
Кетте тоодой жыйылып,
Амырына Алланын
Алмамбет азыр сыйынып.
Түйүштүрүп чачынан,
Карап турсаң буларды,
Кан Алмаң кылды мунарды
Кытайлардын башынан.
Таш кыядан бер жакка
Тарсылдатып аткылап,
Таза жыйды көлүгүн,
Талаага таштап өлүгүн.
Аскерге келген аралаш,
Үчөө жүргөн калмагы,
Жарасы жок, жан тирик,
Айрылган экен атынан,
Айрылып алар калганы,
Ал үчөөнү Алмамбет:
«Айдап жыйгын атты» – деп,
Амыр кылып салганы.
Жана эсен табылды
Эки маңгул, бир татар,
Айдап жыйып аттарын,
Кыргынына саны жок,
Кыраанын Алмаң тушунда
Кытайга болгон бир катар.
Төөнүн баарын таштады,
Төрө Алмаң жолун баштады,
Айдатып алты калмакка,
Жалынып жалгыз арбакка,
Аз жүрбөстөн мол жүрүп,
Ортосунда токтобой,
Он бир күнү жол жүрүп,
Жамыранын оюна,
Жанар суунун боюна,
Чаңкестинин оюна,
Соосананын аралга,
Кудай Таала башынан
Кубат берген аларга,
Ат айдатып, олжо алып,
Алмамбет азыр жетиптир...
Урушта Алмаң жүргөндө
Улук Манас, эр Көкчө,
Абакең Кошой нетиптир?
Мүнүстө уруш салганда,
Айланасын кол курчап,
Аскер камап алганда,
Арасында алдырап,
Алмамбет жалгыз калганда
Амыр болуп Алдадан,
Арбактар айгай салганда
Ак сакал Кошой, эр Көкчө,
Арстан Манас баатырдын
Айбаты журттан бөлөкчө
Уруху барган, өзү жок,
Ушу барган үч баатыр
Урушун көргөн көзү жок.
Бээжинден кытай келгенде,
Берише белги бергенде
Алмамбет баатыр алсырап,
Бере көр кудай! – дегенде
Уруху келген баатырлар,
Ал кезекте баатырлар
Алсыраган адамга

Арбактары болгон жар,
Кыргыздан чыккан үч баатыр,
Ушулар барып урушун
Алмамбеттин көргөн жок,
Азелден ажал жок үчүн
Алмамбет андан өлгөн жок.
Самарканда эр Манас
Санаасына иш келип,
Жата албады түйшөлүп.
Көзү кетип илинип,
Көзү илинген кезинде
Ишараты уруштун
Уйкусунда билинип.
Чочуп кетип ойгонуп:
«Мага эмине болду?» – деп,
Чоңакылды ойлонуп.
Төшөктө төрө толгонуп,
Төрт тараптан ойлонуп,
Баса жатса, бети ооруп:
«Мага эмине болду?» – деп,
Бар денеси, эти ооруп.
Не болду – деп, бул балаа,
Эти болуп көгала,
Эшикке чыкса таң ата
Байлоодогу Аккула,
Баатыр көзүн салыптыр
Байкамакка да буга,
Байкап баатыр караптыр,
Алыска сапар мингендей
Аккула жаман жараптыр.
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Илгери-кийин ынтыгып,
Антип турган кези экен,
Жерге басып суулугун,
Минтип турган кези экен.
Атына көзүн салыптыр,
Арстан эр айран калыптыр,
Эрте заар намазын
Эр Манас окуп алыптыр.
Жүк үстүндө Аккүбө
Кылыч тийип кыркылып,
Кыйла жерге ок тийип,
Кырк үч жери жыртылып,
Ок өтө албай токтолуп,
Чолоо жери жок болуп,
Жакасы кирдеп, чаң болуп,
Чопкутун көрүп таң болуп:
«Буга эмине болгон?» – деп,
Эр Манас айран калыптыр.
«Эсен-аман барбы?» – деп,
Кылычка көзүн салыптыр,
Айкожо берген кылычы,
Ар кандай болот экен го
Алланын амыр кылышы,
Кынынан чыгып алыптыр,
Учунан кызыл кан агып,
Жерге таамп калыптыр.
Асылуу турган Аккелте,
Он эки кулач көк милте
Үч эли калып токтолуп,
Башкасы күйүп жок болуп,
Окчонтойдо миң огу,
Араң калып бир огу,
Күпсөрдө дары күбүлүп,
Ак күрөөкө сооту
Кириштери бүгүлүп,
Кутусу куурап, дары жок,
Шалдайды Манас бул ишке
Шайманынын баары жок.
Баатыры айран калыптыр,
Не кыларын биле албай,
Эшикке чыгып алыптыр.
Бай Жакыптын үйүндө
Ногойдон калган кызыл туу
Көтөрүлүп калыптыр.

Аягы жерге сайылып,
Асабасы жайылып,
Аны көрүп эр Манас,
Акылынан тарылып:
«Алла кандай бул иш?» – деп,
Айран болду сабылып,
Байкай албай бул ишти,
Бай Жакыпка барыптыр,
Баянын айтып салыптыр.
«Бакайды чакыр мында» – деп,
Бай Жакып айтып калыптыр.
Бакай келип, бул ишке:
«Башкача кыйын жумуш – деп,
Бенделиктин иши эмес,
Бербердигер берет ко
Берилште салган уруш – деп,
Адам билбес жумуш – деп,
Алла Таала берет ко,
Арбактар салган уруш» – деп.
Аны менен токтолду,
Карап туруп эр Манас
Кайратына толтуруп,
Катаган Кошой, эр Көкчө
Үйүндө жаткан улуктар
Баары да ошондой болуптур.
Не болсо да бир түлөө
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысын баарысын
Ак түлөөгө жараткан
Камбар боздун үйүрүнөн
Кармап келип бирөөнү,
Ай туякка чалдырып,
Карып-мискин бечара
Калктан жыйып алдырып,
Даш казанга салдырып,
Этин элге талатып,
Түлөө берип таратып,
Эттен элин жадатып,
Жатты Манас жайланып,
Жарагын бүтөп шайланып,
Алмамбетти кетирип,
Жаткан Көкчө жайланып.
Эр Алмамбет кеткени
Эки ай тамам өткөнү,
Убада кылып жөнөтүп,
Көкчө баатыр неткени?
«Эсен келсе, көрөм» – деп,
Эр Көкчө кайтып кетиптир,
Эр Көкчө эсен кайтыптыр,
Мусулман болуп Алмамбет,
Мындан кайтып кетти – деп,
Эл-журтуна айтыптыр.
Колунан келсе койбостон,
Кытайды кылат мусулман,
Кытай жанын кыяр – деп,
Кыйын чочуйм ушундан,
Кызыталак кытайлар
Кыйладан бери бузулган.
Адамдан тууп тараган,
Атасы Кабыл тил албай,
Азыткы жолун караган.
Аман калбайт – деп ойлойм
Ант урган кытай балаадан,
Аз күнү турду үйүнө
Алмамбет чыкпай санаадан.
Айтып кеткен Алмамбет
Өлсөм куран сөздө – деп,
Тирүү келсем табылам,
Көк-Дөбөдөн көздө – деп,
Ийри-Суудан изде – деп,
Кара-Курдан кара – деп,
Кайып болсом дүйнөдөн
Катмы куран кылдырып,
Багыштагын мага – деп,
Кайтып кеткен Алмамбет,

Атасын динге салам – деп,
Айтып кеткен Алмамбет.
Аны ойлонуп эр Көкчө,
Айбаты журттан бөлөкчө:
«Өлсө Алмамбет өлөр – деп,
Өлбөй тирүү бар болсо,
Өзүмдү көздөй жөнөөр – деп.
Ажалы жетсе өлөр – деп,
Акыретке жөнөөр – деп,
Барган болсо дүйнөдөн
Магшар күндө көрөр – деп,
Билинбестен соо калбас,
Бирди кылып жөнөөр – деп,
Эр Көкчө алып эсине,
Эр Алмамбет баатырдын
Элинен кайтар кезинде,
Аркандап айткан айы бар,
Алмаңдын шондой жайы бар,
Күрмөп айткан күнү бар,
Күүгүм эмес, түнү бар,
Алтымыш күн болжогон,
Ал кезекте эрендер
Айтканы ката болбогон,
Анын үчүн аларды
Алла Таала колдогон.
Эр Көкчө чабар чаптырды,
Элинен баатыр таптырды,
Эки миң киши чакырды.
«Айтканын асты танбас – деп,
Алмамбет динден жанбас – деп,
Ачып коюп бейишти,
Азыр көзү көрсө да
Атасы тилин албас – деп,
Атасы тилин албаса,
Согушпастан тим болуп,
Алмамбет соо калбас – деп,
Согуша чыкса соо болбой,
Асты кытай тим болбос,
Алмамбет менен жоо болбой.
Согушун катуу курбасын,
Жолдошунун жогунан
Жооп айта албай кытайга,
Жоодурап келип турбасын.
Казат – деп, майдан курбасын,
Карасынын жогунан
Калмактын чыкпай колунан,
Кайгырып карап турбасын.
Айтканыма кош болгон,
Ак дин үчүн козголгон,
Акыреттик дос болгон,
Кылган иши ошо эле,
Кыяматтык дос эле,
Ак бараң атып түздөбөй,
Ак болот кылыч миздебей,
Абийир болбос жатышым
Алмамбетти издебей.
Көк жал бараң октобой,
Көк милте жанып, чоктобой
Көөсөрлүгүм түк болбос
Көкжал эрди жоктобой.
Эки миң баатыр алайын,
Не болсо да барайын,
Кара-Кырдан карайын,
Көк-Дөбөдөн көздөйүн,
Көбүнөн жалгыз ал келсе,
Көп журт менде бардыр – деп,
Көтөрмөлөп сөздөйүн.
Ийри-Суудан издейин,
Келбей калса Алмамбет,
Келбей калдың сиз – дейин,
Келип калса Алмамбет,
Келдик издеп биз – дейин.
Жолугушайын жолунан,
Жогонбосун Алмамбет
Жолдошунун жогунан,
Уруша келсе шо жерге

Кырылышып айырармын
Кытайлардын колунан.
Каршы чыгып жолунан,
Кайгырбасын Алмамбет,
Каралдысы жогунан,
Кармаша келсе ал жерден
Кан төгүшүп кытайга,
Алармын айрып колунан».
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айбаты журттан бөлөкчө,
Азыр жүрдү эки миң,
Алымсейит дегенин
Артымдан кел – деп, жети миң.
Ак-Талаадан аттанып,
Атпай казак шаттанып,
Адырдан аркар уулашып,
Айгайлашып чуулашып,
Курбудан кулжа атышып,
Кубанычына батышып,
Кез-кезде кийик атышып,
Кеч кирген жерге жатышып,
Бугу атып калың черинен,
Мурунку жүргөн жеринен,
Ашып дабаан белинен,
Алтайдын тоосун аралап
Атасы жүргөн жеринен.
Аң уулаңар черден – деп,
Айрылдык кайран жерден – деп,
Калмакка казак калар – деп,
Калгандардын баарысы
Калмак болуп алар – деп,
Маңгулга казак калар – деп,
Калгандардын баарысын
Балакетке салар – деп,
Баары жүрбөс чогулуп,
Манжуулукча чокунуп,
Каапыр болуп калар – деп,
Кеп кылышып ушуну,
Кечип Эртиш суусуну,
Көкшиңгес ашып белини,
Көрүп сонун жерини,
Жамыранын тоосуну,
Жандап өтүп ушуну,
Чаңгести, Чаркас арасы,
Сосана суунун боюнан
Көрүнүп калды буларга
Көп аскердин карасы.
Көкчө алып айнегин,
Көзүнө салып караса:
Адам эмес, мал экен,
Айдап жүргөн артында
Алты киши бар экен.
Кылжейрен менен кымпыйып,
Кыйгактуу найза зыңкыйып,
Астында келет Алакең
Кара-Кырдын оюнда,
Кара-Суунун боюнда,
Ийри-Сууну жакалап,
Көрүнөбү Көкчө – деп,
Көк-Дөбөгө бакалап
Алмамбет келет артынан
Айдаган аты нече сан.
Эр Көкчө баштап баарысы,
Эр Алмамбет келген соң
Эми тийди намысы.
Эсендик-соолук сурашып,
Атынан түшө чурашып,
Айкалышып көрүшүп,
Амандык-соолук сурашып,
Амандык сурап Алмаңдан
Атпай казак чуулашып.
Көргөнүн Алмаң кеп кылып:
«Көрбөймүн – деп, ойлондум,
Көп кытайдан шек кылып».
Укканын Алмаң кеп кылып:
«Узатпайт – деп, ойлодум,

Уюган жоодон шек кылып.
Болбоду атам сөзүмө,
Болушкан элем өзүнө.
Кирбеди энем сөзүмө,
Жар берди кудай өзүмө.
Мурадыл, Жолой, Будаңчаң,
Булар да болду айран-таң,
Кашайган биздин карып жан,
Кайрат берген бир Алдам,
Калбады аман колумдан.
Шыта, Бадаң белинен,
Каспаңдыктын элинен
Коң төрө чыкты жолумдан,
Согушуп, соо калбады
Ал да менин колумдан,
Саргая кууп кол менен,
Соорондук жетти соңумдан,
Басып азыр ат өтпөс
Бадаңдынын жолунан,
Мүнүс талаа жык өлүк,
Көз көрбөгөн канчалык,
Көрүнгөнүн жыйнатып,
Айдап келген бу көлүк».
Атасынын кылганын
Алмамбет айтып билдирип,
Азыркы турган казакты
Аңгеме кылып күлдүрүп:
«Чычкандай жалгыз баланын,
Эне-атам тилимди алат – деп,
Чыйраксынып баргамын.
Ата-энем болбой койгон соң,
Көзүн ачпайт ойготсом,
Чыдабай атам бейлине,
Чыр кылдым кытай элине.
Чарчадым энем бейлине,
Чаң салдым кытай элине,
Ажал жетип Алдадан
Ата уулу далай эрине.
Белимди бекем байладым
Мен Көкчөгө келишке,
Менден жалгыз ким өлсүн,
Болушкан окшойт бериште.
Та-талашып кытайлар,
Каптаганда дабырап,
Кадыр Алла жар берип,
Болушкан окшойт көп арбак,
Жети күнү, жети түн
Урушта жүрдүм бүпбүтүн.
Соңумдан кытай жоо түшүп,
Кайрылып кийин карасам,
Калгая экен боо түшүп.
Айдатып келдим атын – деп,
Айдаркан уулу баатыр – деп,
Айтууга ушу датым – деп,
Ата-энемден тең кечип
Астыңа келдим акыр» – деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Кабарсыздар калсын – деп,
Ушу келген көпчүлүк
Олжо аттарды алсын – деп.
Дүнүйөгө карабас
Алмамбеттин адаты,
Айдап келген аттарды
Аскерине таратты.
Эки миң эле баарысы,
Асты элүүдөн ат алып,
Байыдым – деп, калышты.
Аркасы алды жыйырманы,
Алмамбеттин тушунда
Атпай алач жыргады.
Эки өргүшүп калыптыр,
Алымсейит баш болуп
Жети миңи барыптыр.
Мурунку бөлүп алабы?
Бу келген куру калабы?
Астыңкы барган алабы?

Азыркы эл куру калабы?
Олжосу – деп, Алмаңдын
Олор да кайта талады.
Аркасы тогуз, асты отуз
Аттарын бөлүп алганы,
Өрүшкө бүтүн кошпой – деп,
Өз улугу эр Көкчө
Өкүнүп ичи калганы.
Өзү билип алды – деп,
Ысырап кылып малды – деп,
Казак, кыргыз баарысы
Талап кетип калды – деп,
Мен – деп келип Алмамбет
Бекер иш кылып салды – деп,
Эр Көкчө оюна алыптыр.
Калдай менен жаң-жуңдун,
Амбал, дуу-ду, суң-дуңдун
Алтын жарак ээрдүү
Алтымыш аты калыптыр.
Алыңыз, сизге жолдук – деп,
Алмамбет айтып салыптыр,
Көбүн мага бербей – деп,
Көңүлгө Көкчө алыптыр.
Алпарган алты калмагы
Алар да Көкчө калыптыр,
Казак, кыргыз мурунтан
Олжого тойбос калыктыр.
Ээри менен ат алып,
Эр сайгандай мактанып,
Элине булар барыптыр,
Кан Алмамбет келди – деп,
Карк байытты элди – деп
Кабар тийип калыптыр.
Айткандан чыгар дайыны,
Азыраак айтып өтөлүк
Акеркечтин жайыны.
Акеркеч Көкчө катыны,
Адамдан ашык акылы,
Азыз кандын уругу
Динибизге кирди – деп,
Кубаныч кылып акыры,
Көтөрмөлөөр жолго – деп,
Көөсөр Көкчө баатырды,
Кытайлардын заңында
Улугу келсе бир жактан
Урматына жол тосуп
Чыгат экен катыны,
Катыны мунун деги жок,
Катышпай коюш эби жок,
Кадамына эр сойгон
Кара кытай эли жок,
Улугунун урматы
Узак жолдон келчү экен,
Аттан түшөр кезинде
Бир күнөкөр өлтүрүп
Садага кылып берчү экен.
Ар кандай улук болсо да
Ургаачысы жол тосуп,
Учураша келчү экен.
Көтөрмөккө көңүлүн
Көөкөргө куюп арагын,
Көкчө, Алмамбет жолунан
Акеркеч тосту, карагын.
Кызыл-тасыл кийинген
Кырк келин бар кашында,
Кыргагы алтын мандили
Акеркечтин башында.
Ак кочкордой маңкайып,
Ак маралдай шаңкайып,
Ажар бетин карасаң
Аткан таңдай чаңкайып,
Алтын наал, жез өкчө,
Накери бутта тайпайып,
Мандили башта кайкайып,
Белдемчи белде жайкайып,
Тоту куштай сыланып,

Торко тон бойго кыналып,
Бала ителги көздөнүп,
Бал-шекердей сөздөнүп,
Бала туйгун төштөнүп,
Чыккан айдай нурданып,
Чыбыктай бели буралып,
Чылбырдай чачы чубалып,
Инжидей тиши кылайып,
Булчуңдары булайып,
Алтындан кесе жам алып,
Астынан тосуп жарданып,
Акеркеч кандай чыкты – деп,
Абыдан боюн жасанып,
Ага Көкчө таңданып,
Алты жүз казак ичинде
Алмамбет келет шаңданып.
Абийир берген кудай – деп,
Алласына жалбарып,
Элден шаңы бөлүнүп,
Эчки талдын ичинде
Эгиз чыккан элким бир
Карагайдай көрүнүп.
Калктан шаңы бөлүнөт,
Кара талдын ичинде
Карагайдай көрүнөт.
Кылжейрен аты кылтылдап,
Кызыл тубар тыштаган
Жануттан ичик жылтылдап,
Берениң Алмаң келатыр
Бери ургандай шылкылдап.
Он сегизде жашында,
Отого диңсе башында,
Оён Көкчө кашында.
Акеркечтен илгери
Узап басар адам жок,
Эр Көкчөнүн эсинде
Ушундан кыйын аалам жок,
Ургаачыга салам жок.
«Айымыңыз булбу?» – деп,
Аттан түштү Алмамбет.
Кытайлардын заңы экен,
Кызыл алтын жам экен,
Коросон арак куюптур,
Кол узатып Алмаңа
Койкоюп Эркеч сунуптур.
Карабады мени – деп,
Катыным кандай келди – деп,
Көзүнө албай Акеркеч
Көңкү турган элди – деп,
Астын мага сунбастан,
Атымды алып турбастан,
Алмамбетке берди – деп,
Көкчө ойлонуп туруптур
Азып келген бир кытай
Артык менден көрдү – деп.
Акеркеч арак сунуптур,
Алмамбет албай туруптур:
«Сансып жаткан каапырдан
Сактаган кудай башым – деп,
Жаңы келген он сегиз,
Жеңе, менин жашым – деп,
Арам – деп, анык уккан соң
Карганып койгон ашым – деп,
Ичүүдөн мындан кечкемин,
Эне-атадан безгемин,
Ыслам динге кеткемин.
Аны сунба, апа – деп,
Аманат жанга жапа – деп,
Ашынды сунсам албайт – деп,
Аны үчүн болбо капа» – деп,
Алмамбет айтып калганы.
«Кылган шерттен жанба!» – деп,
Кыя басып Акеркеч
Кымыз куя салганы.
Кызыл алтын жам кесе
Кыраанын Алмаң тутуптур,

Кылкылдатып жутуптур,
Экинчи неге сунду? – деп,
Кыялын Көкчө бузуптур,
Калкына көзүн кысыптыр:
Акеркеч, сага нетти? – деп,
Акылың кайда кетти – деп,
Алганың Көкчө мен турсам
Аш сунушуң эппи? – деп,
Жолоочуга көңүл бурарбы,
Жолдошу куру турарбы?
Арткан экен шуптугуң,
Напсиңди кудай урарбы?
Башкага көңүл бурарбы,
Аташкан аңкап турарбы?
Акеркеч, сага не болду,
Напсиңди кудай урарбы?
Алмамбетти көргөндө
Акылың ооп кеттиби,
Напсиң түпкө жеттиби?
Артың кооп кеттиби,
Көңүлүң ооп кеттиби?
Көтөрүп напси жеттиби,
Көчүгүң кооп кеттиби?
Тийди-мага дартың – деп,
Тиледиби артың? – деп,
Карап турган кашында
Канча казак эл экен,
Шариятты шылтоолоп,
Катынга кызганыч эр экен,
Катынына карата
Кан Көкчө айткан кеп экен,
Канып уккун кара журт,
Акеркеч кандай деди экен:
«Татай Көкчө, не болдуң,
Такаатың кайда жоголдуң?
Баатыр Көкчө, не болдуң,
Бардашың кайда жоголдуң?
Имерилгис кеп айтып,
Ишиң кайдан оңолдуң?
Канды кара кылууга
Катаа беле жарлыгың,
Кайда кеткен нарлыгың?
Каапырай Көкчө, не болдуң,
Катындыктан билбепмин,
Ушундай беле тарлыгың?
Качан да болсо сөзүң суук?
Менин кайда көрдүң карлыгым?
Бузук экен ойлошуң,
Муздак сөз айтып койбойсуң,
Мурунтадан көрдүңбү
Бузуктук кылган ойношум?
Жаман акыл ойлошуң,
Жаман айтып койбойсуң,
Жапкан жериң бар беле
Жатканда көрүп ойношум?
Он алтыда жашымда
Ошондон бери кашыңда,
Көргөнүң болсо көрүнөө айт,
Көп ичинде жашырба,
Көңүлдү минтип таш кылба.
Эл ичинде жашырба,
Эригисиз таш кылба.
Адам болбой куруп кал,
Азганым болсо, колго сал,
Анык көрсөң күнөөмдү
Азгырбай айдап, жолго сал.
Көргөнүң болсо колго сал,
Көрүнөө айтып жолго сал,
Көңүл калган сөз айтып,
Көкчө болбой куруп кал!»
Акеркеч турду асылып,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Аны менен басылып,
Ак ордонун эшиги
Кириңер – деп, ачылып,
Баатыр Көкчө баштады,

Үч адамдын артынан
Алмамбет баатыр басканы.
Чай кайнатып, кант салып,
Казы кертип, жал салып,
Акеркеч кызмат баштады.
Элге бербес тамакты
Акеркеч берип бу журтка
Адамын аштан жадатты,
Адамга бербес тамакты
Акеркеч берип бул элге
Абыдан баарын жадатты,
Турган элдин баарына
Суусунга сунду аракты,
Майлуу көш кылып алапты,
Барчасын аштан жадатты,
Алмамбет ичпей аракты,
Акеркеч бүгүн чыгарды
Кан көрбөгөн жаракты.
Ак кийинип үстүнө,
Алтындуу тонун жайкалтып,
Алтымыш чанач кымызды
Алмамбет үчүн чайкатып.
Кызматкери кырк болуп,
Кыйырында казак жык толуп,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Арак ичкен алкынып,
Ак шумкар куштай талпынып,
Акылы жарым кыйла жан
Эсиришип чарпылып,
Көп изат кылды Акеркеч,
Көрүп туруп изатын
Көкчөнүн ичи тартылып.
Эр Алмаң анда конуптур,
Эртеңки күнү болуптур.
Атам болду, көрөм – деп,
Алмамбет бармак болуптур,
Алмамбет мында келер – деп,
Айдаркан жаткан күтүнүп
Аш-тамагын белендеп.
Алачтан чыккан көп макал,
Айдаркан анда ак сакал.
Соорондуктүн ордуна
Сонун тутуп алсам – деп,
Кызматына бел байлап
Кыяматка барсам – деп,
Ата кылып алсам – деп,
Ар ишине бел байлап,
Атамдын көөнүн куп жайлап
Акыретке барсам – деп,
Акылына муну алып,
Алмамбет аман келгенге
Айдаркан катуу кубанып.
Алмамбет менен көрүшүп,
Айдарканы карыя,
Айтканына көнүшүп,
Алмаңа кошо келгенге
Аш-тамагын беришип,
Алынып калган казактар
Арт жагынан эришип.
Айдаркан айгай салыптыр,
Чакырып алып Көкчөнү
Акылдашып калыптыр:
«Тогуздап кара сойбогун,
Сойбоймун – деп, тим коюп,
Балам, томсорткон бойдон
койбогун.
Беш-төрттөп кара сойбогун,
Сойбо десе сумсайтып
Бекерге куру койбогун.
Бээден бирди соёлук.
Беш-алтылап кой союп,
Баш куттуктап коёлук».
Айдаркан, Көкчө биригип,
Акылдаш болгон коңшудан
Алтоо-жетөө илинип,

Атына минип алышты,
Аралап жылкы барышты.
Алты жүз экен жылкысы,
Ар кайсысын караса
Артыкча жакшы жылдызы:
Айгыры жакшы бу бээнин,
Курсакка кулун бүтүптүр.
Бирөөн көрсө дагы айтат:
Ээр менен эгешкен,
Арыктабай алты айга
Минип жүрсө түттү – деп,
Ар бир бээсин чыгарат
Аябаган сүттүү – деп.
Жана бирөөн көрүшүп,
Кулунун жакшы бакты – деп,
Жана бирөөн дагы айтып
Уйдан жоош жаныбар,
Кыялы мага жакты – деп,
Кай бирөөнө сүйлөшөт
Айгыры кыйын нарктуу – деп,
Кай бирөөнү айтышат
Баласын жакшы бакты – деп.
Жана бирөөн дагы айтып
Бу табылбас мүлүк – деп,
Дагы бирөөн дагы айтат
Тууганынын баарысы
Тулпарга чалыш күлүк – деп.
Жана бирөөн дагы айтып
Карматат жоош колго – деп,
Кадам койсо жолго – деп,
Адам зээнин кейитпес
Тууганынын баарысы
Тукуму менен жорго – деп.
Алты жүз жылкы бир далай,
Аралаш жүрөт бир малай,
Аталуу-бала ээрчишип
Аралап жүрдү жайма-жай,
Кандайын кармап соёрун
Кан Айдаркан, эр Көкчө
Экөө жүрүп биле албай.
Соёюн десе кай бирин
Өзү жакшы көрүнүп,
Не бир семиз бээлер бар,
Көзү жакшы көрүнүп.
Намыс кылат Алмаңа
Бир жылкы сойбой коюшка,
Колдору барбай союшка
Көрүндү жакшы баарысы,
Кышта согум болсун – деп,
Беш-алты бээ карысы,
Шашкеде барып ушулар
Жылкыга көзүн салышты,
Кеч бешимге калышты.
Аңги кирип аралап,
Айгыры келип каралап,
Алышып аңги калганы,
Кулунуна каралап
Куру бээден барганы,
Куулук кула байталды
Курсакка тээп салганы.
Тебишип жылкы жабылып,
Куулук кула байталдын
Тас карды кетти жарылып.
Мыкчыйып туруп калганы,
Муну сойсо болот – деп,
Жылкычы барып кармады.
Жылдырып айдап алганы,
Эр Көкчөнүн үйүнө
Айдаркан баштап барганы.
Бээ сойдук – деп, союшуп,
Беш-алты кой бер жакка-
Айдаркандын үйүнө
Алты-беш кой союшуп,
Ага-тууган, айыл-апа
Анча-мынча тоюшуп:
«Башыңкуттуу болсун!» – деп,

Бата кылып коюшуп.
Алмамбеттин олжосун
Атпай казак алды – деп,
Чык татырбай башкасы,
Чыгымы мага калды – деп,
Эр Көкчө айтып элине,
Не дейсиң ушу кебине?
Көөнүнө алды Алмамбет:
Көкчө менден улуу экен,
Буудайбек менен Акеркеч
Көркү таза, сулуу экен.
Көзүм түшө калар – деп,
Көркүнө салсам көзүмдү
Көөнүнө Көкчө алар – деп.
Агам Көкчө улуу экен,
Акеркеч менен Буудайбек
Адеми таза сулуу экен.
Аңдоостон көзүм салармын,
Ага болгон Көкчөнүн
Акисине калармын.
Ал ишим болор ката – деп,
Ар канча деп, айтса да
Айдаркан болор ата деп,
Акеркеч менен айтышып,
Аңдап көрсөм Көкчөнүн
Кыялы кыйла чата – деп.
Алыска минген аруучу,
Атага бада баруучу,
Айдарканга барайын,
Атанын көзүн карайын,
Бар кудайым жар берсе,
Байытууга жарайын.
Балакетке салайын,
Амурдагы калмактан
Айдап жылкы алайын,
Тозокуну бай кылып,
Токтолуп кантип калайын?
Көңүлдө бул иш бар болсо
Көкө-Ноор барайын,
Көтөрүп арбак жар болсо
Көңтөрүп жылкы алайын,
Кудайым билбес каапырды
Кууратып акыр салайын».
Муну ойлонуп Алмамбет
Айтканына жеткени,
Аттанып алып Алмамбет
Айдаркандын үйүнө
Токтолбостон кеткени,
Али да болсо Акеркеч
Атасы кийген ак суп тон
Артынан алып жеткени.
Адам кылар жол эмес,
Арзаныраак тон эмес.
«Агарып кетсин ийниң – деп,
Асылым, муну кийгин – деп,
Кутмандуу малдар сеники,
Куру үйдөн чыгып кеткенге
Кужурум келди меники.
Кызырлуу дүйнө сеники,
Кылчайбай кетип калганга
Кыжырым кайнайт меники.
Алтайдан жылкы сүрүүгө,
Айдының тиер тирүүгө,
Каңгайдан жылкы сүрүүгө,
Калкаңыз тиер тирүүгө,
Кайда барсаң жол болуп,
Канжыгаң узун жүрүүгө
Казаттан болгон жолу – деп,
Өз атамдын тону – деп,
Карчыгасың, шумкарсың,
Кара тил буудан тулпарсың,
Кандыктан моюн ийиңиз,
Ырым кылып жапканым,
Карынын тонун кийиңиз.
Этинен тулпар арыгга,
Ээги түшкөн атам бар,

Сен да ошондой карыгга,
Талабыңа жетиңиз,
Ырым эткен тонубуз,
Ыраактан болсун жолуңуз,
Кийип алып кетиңиз.
Абадан учкан буудайык,
Куу-куу!– деп, не иш кылалык,
Кандай да болсо туруунга
Кайнатам үйү ылайык.
Барсаң, баргын, кайним – деп,
Баар болгон жазында
Баары аралаш айылың» – деп,
Акеркеч салды жолуна,
Адамдын көзү тайгылган
Акеркеч берген тонуна.
Катындан угуп жакшы кеп,
Кадыр Алдам колдо – деп,
Айдаркандын үйүнө
Алмамбет барып кириптир.
Аталыктын ак суп тон
Алмамбет аны кийиптир.
«Жаргандай болсун жолуң – деп,
Жараашты, балам, тонуң – деп,
Акеркеч балам бердиби?
Далайдан бу тон сонун – деп,
Узун болсун жашың – деп,
Урматтуу болсун башың – деп,
Уйпалып калсын касың»– деп,
Айдаркан айтып мындай кеп.
Коңшусу экен Меңдикул:
«Алмамбет балам келди бул,
Келиниң уулуңболүнгөн,
Кемпир-чалсың көрүнгөн,
Бир балаң бар жети жаш,
Бизден болсун жегенге аш,
Алмамбет өзү жалгыз баш,
Үйүңүзгө кирсин – деп,
Ак сакалдуу Айдаркан
Алмамбеттин камын жеп,
Араң эле төрт башсың,
Бир үйүңө кең батсын,
Айдаркан айтып салганы,
Берсең төшөнчү-орун – деп,
Меңдикул макул алганы.
Меңдикул менен жайланып,
Айдаркандын айылына
Алмамбет турду байланып.
Арадан өттү токсон күн,
Алмамбет ойлоп күнү-түн:
Манжурия калмагы,
Мага ылайык эмес ко
Байып жатып алганы.
Тыргооттон бар Алтайда,
Жылчыксыз байып алыптыр,
Амур дайра башында,
Шүмшек деген кең жайда
Эсеби жок байыптыр,
Эсил менен Жалбыска
Сансыган жылкы жайыптыр.
Тозоку болгон калмакты,
Алмамбет алды оюна
Тополоңго салмакты.
Жылдырып жылкы айдамак,
Сызылтып казы чайнамак,
Калмактарга ким койду
Жалбыстын төрүн жайламак.
Калмакка салып азапты,
Бар кудайым жар берсе
Байытармын казакты.
Алтымыш болор бутагы
Асмандап чыккан байтерек,
Алланын билбейт бирлигин,
Арбак урган калмакка,
Анча жылкы не керек?
Акыры мындан барайын,
Аңкайтайын далайын.

Какшытып кара сабаасын,
Кандырып казак табасын,
Тартып берип казакка,
Манжурия калмагын
Так салайын азапка.
Муну ойлонуп Алмамбет
Жылкы алууга келди нээт.
Токсон жолдош алыптыр,
Токтолбой жолго салыптыр,
Казак, кыргыз калкына
Жортуп жылкы алмагы
Шол Алмаңдан калыптыр.
Токтолбостон мол жүрүп,
Он жети күнү жол жүрүп,
Манжурия калмагын,
Аңдап көргүн Алмаңдын
Аралап өтүп алганын,
Он төрт байдын малы экен,
Отуз миңче бар экен,
Оодарып айдап алганы,
Ой-бойду калмак салганы.
Чагалалап буркурап,
Көкөнө! – деп, чуркурап
Куба келди көтүнөн,
Куугунуна Алмамбет
Каршы чыкты бетинен.
Эрөөлгө чапкан эрендер,
Мен баатырмын дегендер
Алмамбетке жетиптир,
Жеткенде Алмаң нетиптир?
Он үчүн кыргын салыптыр,
Алмамбеттен корккондон
Калмактар токтоп калыптыр.
Жылкы алдырган жыластар
Кулакка сөзүн салыптыр,
Алмамбет кетти деген сөз
Манжурия журтунун
Кулагына барыптыр:
Кылжейрен сындуу аты бар,
Кылымдан ашык заты бар,
Казак эмес, кытайдан
Мүнөзүнө карасак
Кайраты ашык бу бир жан.
Карадан эмес, өзү кан,
Кашында токсон жигити,
Айылдан сезбей жылкы айдап,
Арбагы бийик кандай жан?
Кубалаган калмактан
Жетимиш калмак жетиптир,
Жеткенинин баарысы
Кыяматка кетиптир.
Көт жагынан келгени
Көрүп көңүл айнышып,
Кайра качып кетиптир.
Астынан тоскон буугун жок,
Артынан келген куугун жок,
Жылкысын жайнап айдатып,
Жылантыга жайнатып,
Бир ай туура болгондо-
Отуз беш күнгө толгондо
Алмамбет келип калыптыр,
Караанын байкап, көп казак
Жылкыга көзүн салыптыр,
Эскисинен көп сурап,
Эсеби жок көп жылкы
Ээси кайда? – деп, сурап,
Көргөндөрү таң болду,
Көз айныган чаң болду.
Дарыянын жээги бар,
Казактын калың эли бар,
Жазында жайлоо эл көчүп,
Минеринин жогунан
Көчө албаган эри бар.
Амур жакка бararда
Алмамбет көзүн салыптыр,
Көчө албай калган адамды

Көңүлүнө алыптыр,
Ошол үчүн Алмамбет
Оодарып калмак жылкысын
Оту менен алыптыр,
Калган элин жыйнатып,
Ата уулусун териптир,
Алып келген жылкысын
Айдап бөлүп бериптир.
Бөлүп берди малыны,
Казактын баары үлөшүп,
Талап алды баарыны.
Жакага калба бириң – деп,
Жайлоого баарың жүргүн – деп,
Алмамбет айтып салыптыр,
Найман, үйшүн, абактан
Артар көлүк жок болуп
Алтымыш үй калыптыр,
Жүктөөрү жок калды – деп,
Жүргөн-турган казактар
Алмамбетке айтып салыптыр.
Аттанып чыгып Алмамбет
Алтымыш жолдош алыптыр,
Аранар ашып барыптыр,
Башы Уркунда маңгулдан
Тогуз жүз төө алыптыр.
Төөнүн баарын айдатып,
Дөбөлүүгө жайнатып,
Жайлоого жаңы барыптыр,
Көчпөй калган алсын – деп,
Көбүнө кабар салыптыр.
Эчтеме жетпей калганы
Эки төөдөн алганы,
Жыл маалына жеткирбей
Жыргатып элин салганы.
Келерки жыл маалында
Алмамбет мал берер – деп,
Келди түгөл жыйылып
Кедейлердин баары да.
Алачтын болгон элинен,
Жардылардан калбаптыр
Сары-Арканын жеринен.
Эр Алмамбет кеп айтып,
Э, калайык – деп, айтып,
Кытайга салар элчим бар,
Калмак менен маңгулда
Бөлүнбөгөн энчим бар.
Алайын – деп, энчим – деп,
Алач уулу болгону
Аттанамын келсин – деп,
Казакка кабар салганы,
Эр Алмамбет барарын
Эми билип алганы,
Элинен жыйган жасоосу
Эки миң болуп калганы.
Эки миң аскер кол менен,
Эртиштин бою жол менен
Эр Алмамбет барыптыр.
Көкө-Ноор көлүнөн,
Көбү-Шаму чөлүнөн,
Маңгул, калмак аралаш
Санам кытай элинен
Жыйырма миң жылкы алыптыр,
Жыйып кара малынан,
Сыйыр, төөсү баарынан
Он беш миң кара алыптыр.
Кыйратып, кууп келгенин,
Куугунга келген эрлерин,
Тогуз жүз атын олжо алып,
Тон-тоноосун мол алып,
Сары-Аркага бет алып
Алмамбет кайтып калыптыр,
Кыныгып калган казактар
Кыйласы тосуп барыптыр.
Бакырлары бөлүшүп,
Напсиси артык алачтар
Барсылдашып өлүшүп,

Жылкы, сыйыр, төө экен,
Ата уулулап бөлүшүп
Ал жылы тынчтык алыптыр,
Төрө Алмамбет келгени
Төрт жыл болуп калыптыр.
Төгөрөк журту бай болуп,
Алмамбет тынды көңүлү,
Казакка кызмат кылганын
Аңдап-азыр көрдүңбү?
Камбыл менен Кумулду,
Кабары бизге угулду,
Канап-бутап Алмамбет
Ала берген шекилдүү
Ыраак менен чукулду,
Жакын ара каапырлар
Алмамбетке жутулду.
Алып берген Алмамбет,
Асылын көргөн казактар,
Ар канча кызмат кылса да
Аягында Алмаңа
Арбынырраак азап бар.
Кыйратып берген Алмамбет,
Кызыгын көргөн казактар,
Кыраан эрге артында
Кыйла түшөр азап бар.
Албан менен дуулатты,
Алардын баарын куунатты.
Найман менен каңдыны,
Аттанып түшсө Алмаңды
Казактын баары аңдыды.
Алчын менен жапасты,
Алар да билип алыптыр
Алмамбет бекер жатпасты.
Коңурат менен абагын,
Лөкүш менен тарагын,
Алмамбет дүйнө табарын,
Өлчөөсүнө карагын.
Калмактан айдап мал келет,
Казакка бөлүп тим берет.
Маңгулдан айдап мал келет,
Баарына бөлүп тим берет.
Каңгай менен даңгытты,
Карарган дан мал койбой
Каапырдын көбүн каңгытты,
Казактын көөнүн жаркытты.
Жайлоосу Эртиш жай болуп,
Жалпы баары бай болуп,
Кытайдан алып салыкка
Ичкени кызыл чай болуп,
Кийгени тубар шайы болуп,
Көбү казак, аз кыргыз,
Чайнаганы май болуп,
Катынсыз жаштар бой болуп,
Уулаганы той болуп,
Эң кедей деген адамда
Эки миңден кой болуп,
Эл байыса экен – деп,
Эр Алмамбет ойлонуп,
Толгонуп мында келгени
Тогуз жылга карк толуп,
Алмамбетте катын жок,
Алмаңдан жардам тийбеген
Атпай алач калкы жок,
Азып келген адамга
Алып катын бербеген
Алач уулу наркы жок.
Жаңырып кийген тону жок,
Мусулман дин чордону,
Алардан өтүп Алмамбет,
Бузулуп кетер алы жок.
Көтөрөт Көкчө көңүлүн,
Көңкү алачтын журтунун
Катынына кам кылбай,
Көөсөрлүгүн көргүнүң.
Кара-Моор деңиз көл,
Ар түрлүүдөн кошулган,

Арбыны бар орус эл,
Алмамбеттен соо калбай
Ашуу кылып, жол салып,
Билбеген бийик тоо калбай.
Меңкээритип Бээжинди,
Кууратып Губу-Шамуну.
Кууп айдап малдарын,
Кыжылдаган кытайды,
Кара чоктуу калмакты
Алсыратып алдарын,
Ал калмактар, маңгулдар
Алмамбет келип калды – деп,
Сооротот экен ар качан
Ыйлап калган балдарын.
Арасынан алачтын
Уурулугун, айыбын,
Уруш-талаш майыбын,
Эрден чыккан зайыбын
Алмамбет акыр бүтүрөт,
Кимдин калса мүдөөсү
Алмамбетке жүткүнөт,
Арызчы-муңчу баарысы
Алмамбетке барышчу,
Кара кылды как жарып,
Кан Алмамбет бүтүрөт.
Казактын канча калкы бар,
Калк ичинде баркы бар:
Төрө заада төртөө бар,
Кан заададан канча бар.
Бек заададан бешөө бар,
Алмамбеттен мурунку
Айдарканды бийлеген,
Көкчөгө келип Алмамбет
Көп сөз ага тийбеген.
Көкчө Айдаркан баласы,
Эл бийлеген бийлердин
Алмамбет ишин бүтүрүп,
Көбүнүн кайтты барасы.
Калыстыкты каалабай,
Алач уулу болгондун
Адатына карачы,
Басылбаган бул адат,
Алмамбет кылып калыстык,
Жүрбөй калды барасы.
Өңкөй алач кашкасы,
Бир Көкчөдөн башкасы,
Баягыдай заман жок,
«Балаа кылды калмак – деп,
Бастады биздин арбак – деп,
Мурункудай жемиш жок,
Бузук кылды кытай – деп,
Бузулгандын алчуу элек
Анча-мынча малын жеп.
Күнөөсүнө жараша
Күбүүчү элек ышыны,
Жакшылашып сүйлөшсө
Жайга оодарып кышыны.
Калтырып барат бийликтен,
Каражолтой Көкчөгө
Калабалуу бу кытай
Кайдан келип кийликкен?
Адылсынып калды – деп,
Алаар арбын олжодон
Айрып бизди салды – деп,
Олуясып калды – деп,
Оозго түшкөн тамактан
Оңдурбай айрып салды – деп.
Эндекей кылды элди – деп,
Элинен кечкен бу кытай
Элирип кайдан келди? – деп.
Кылмыш кылган ким болду,
Алмамбет аны бүтүрүп,
Кызыл чака бул бербей
Кылчайбай бизге тим болду,
Күнөө кылган ким болду,
Күнөөсүнө жараша

Бу күйдүргү кытай бүтүрүп,
Күлдү бийлер тим болду.
Алмамбет калыстыгына
Айдаркан көзү жетиптир,
Алмамбет сөзүн ырас – деп,
Көкчө да билип кетиптир.
Ага-иниден чыр чыкса
Ана-мына дечү элек,
Анча-мынча дүйнө алып,
Макул кылып жечү элек.
Балааны кылды бу калмак,
Капкайдагы доо, жаңжал
Калысмын – деп, бүтүрүп,
Калкты бузду куу калмак,
Элди алынтып саларбыз,
Эгер калмак бар болсо
Эңгиреп куру каларбыз.
Калкты алынтып саларбыз,
Калк алынып кеткен соң
Каңкайып куру каларбыз.
Казакты кудай урарбы,
Каңгырып келип бир кытай
Калкты бийлеп турарбы?!
Алачты арбак урарбы,
Азып келип бир кытай
Айылды бийлеп турарбы?!
Жаңы жашы жетиптир
Жыйырма сегиз жашына,
Курусун казак биздин журт,
Куш учурбайт башына.
Эми он жылга жетер – деп,
Эми он жылга барганда
Оодарылып кытайга
Баары алынып кетер – деп,
Арбагыбыз өчөр – деп,
Алмамбетке алынып,
Алачтын баары өтөр – деп,
Кадырыбыз кетер – деп,
Калмак түпкө жетер – деп,
Карашканы Көкчөдөн
Айырбасак бекер – деп.
Көрүнүп калса Алмамбет
Көкчөнүн тили байланат,
Акеркеч деген катыны
Алмамбеттин көзүнүн
Агы менен айланат.
Байкадыңар, көрдүңөр,
Баары олтурган көбүңөр.
Баласын да андай күтө албайт,
Эки күнү көрбөсө,
Көңүлү чыдап түтө албайт.
Ак элечек ургаачы
Атасын да андай күтө албайт,
Алты күнү көрбөсө
Акылы тынып түтө албайт,
Бу жигит баккан жагына
Көңкү алачтын журтунан
Ак элечек зайыптан
Акеркечтей бүтө албайт,
Азаматты сүйөөгө
Ак элечек баарысы
Акеркечке жете албайт,
Акеркечтин барында
Алмамбет кул кете албайт.
Алачтын баары Көкчөнү
Тайып кетип баратыр.
Ар тарапка канатын
Жайып кетип баратыр,
Алты жүз эле жылкысы,
Алты миңге карк толуп
Айдаркандын балдары
Байып кетип баратыр.
Уучтаган колу жазылып,
Ачып кетип баратыр,
Назарына албай дүйнөнү,
Чачып кетип баратыр,

Атпай алач уулуну,
Астына салып аркалап
Алмамбет деген бул кулу
Басып кетип баратыр.
Мурунтадан бу Көкчө
Муңайбаган эр эле,
Доо-добурду, чыр-жаңжал
Сиздер бүтүр дээр эле.
Бүтүргөнүн бүтүрдүк,
Бүтпөй башын булгаса
Бүкөсүнөн түшүрдүк.
Житиргенин житирдик,
Сурак колдон чыккан соң
Чыкпай барат биздин жик.
Көкчө баатыр эр эле,
Көңдөй терек неме эле,
Көз көргөнгө сөз айткан
Көөлдөгөн кем эле,
Дүнүйөсүн жок кылса
Кенебеген неме эле.
Мал жагына бадирек
Кер-Көлдөн чалкар кең эле,
Катынын бирөө караса
Касаптай турган неме эле.
Башка жакка калганда
Баашалыгы бар эле,
Катын жакка калганда
Кара башыл адамдан
Эсеби жок тар эле.
Агызып ийсе алтынын,
Жалаң эле Көкчө эмес,
Жалпы алачтын калкынын
Күйгүзүп ийсе күмүшүн,
Эртели-кеч көрдүңөр
Эр Көкчөнүн жүрүшүн,
Эсине эгер албас – деп,
Катының жакын – деп, койсок
Өлбөй тирүү калбас» – деп,
Алтымышы жыйылып,
Акылдашып алышты,
Алмамбеттен айрууга
Кеңеш кылып салышты.
Алымсейит дөөкөрү,
Алым, Бообек дегени,
Найман, Айтак эрени,
Тынымсейит, Согорбай
Алмамбетти көрө албай,
Ар уруудан алтымыш,
Акылдашты жайма-жай.
Алчындардын Бообеги,
Абактардын Шаабеги,
Кичи жүздүн Үмөтү,
Алмамбет келелегинде
Алардын бирге ирети.
Орто жүздүн Жанышы,
Байжигиттин Багышы,
Аргындардын Алымы,
Наймандардын Элими,
Коңураттын Селими,
Жагалбайдын Жанбайы
Жамы олтуруп далайы:
«Алмамбет менен Көкчөнү
Айырмагың кыйла – деп,
Арыз кылып Алла Таалага,
Куткаргын – деп, ыйла – деп.
Алмамбет менен Көкчөнү
Айырмагың кыйын – деп,
Айыра көр – деп, кудайга
Намаз окуп сыйын» – деп,
Залимдер баары зар кылып,
Алмамбет элин билгенге
Ата уулулар ар кылып,
Акылдашат ар качан.
Эр көкүрөк кай бирөө
Эрдемсинип кеп сүйлө:
«Ушунетип жүргөнчө

Адам болбой калбайбы,
Коржойгон жалгыз кытай го,
Колго бычак албайбы,
Алмамбет сизге кеп бар – деп,
Оолак алып барбайбы,
Окустатып калмакты
Жара тартып салбайбы,
Кун сураарга жан барбы,
Кубаңдаган заңгарды,
Кутулбайбы, калбайбы?!
Жашыл сап канжар албайбы,
Жалгыз жүргөн бир жерде
Жара тартып салбайбы,
Жакыны жок бир кытай
Жалпайып жатып калбайбы,
Жоголду – деп, кытайдын
Жообун сураар жан барбы?
Жоготмогу арзан го
Жолдошу жок заңгарды,
Ичин жарсаң кытайды
Издей турган жан барбы?
Ит өлүмү кылбайбы
Ага окшогон заңгарды».
Абай деген бир жигит
Ал сөздү айтып турганы,
Акылсыздан кыйласы
Макул көрүп тунганы.
Элимбай менен Селимбай
Энди айтат жайма-жай:
«Жалгыз жүргөн Алмамбет
Жалынганы бир кудай.
Кызуусу менен кымыздын
Кыйын болгон жандырсың,
Кыйырыңдан азган кардырсың,
Кыйын болсоң кытайдын
Соорондукчө бардырсың.
Соорондук сонун эр болгон,
Толкуган кытай эл болгон,
Согушуп Алмаң эр менен
Соңунан келген не бир дөө
Оруну кара жер болгон.
Кызыл чоктун баатыры
Эр Коңурбай баш болуп
Кыргын болгон акыры,
Ошол элдин жок бекен
Абайым, сенче акылы?
Бир бычактан өлүүчү
Минтип басып жүрө албайт,
Капкайдагы тешигиң
Калыстык кылып бүтүрүп,
Тинтип басып жүрө албайт.
Сайган найза тешпеген
Эремети дагы бар,
Чапкан кылыч кеспеген
Кереметы дагы бар,
Өзү боюна ишенип
Жалпы кытай журтунан
Жалгыз келген чагы бар,
Караганда көзүндө
Өрттөн кыйын табы бар.
Байкабаган адамга
Басыра бир жан түрү бар,
Маңдайында байкасаң,
Бала жолборс сүрү бар,
Акырган кыйын жоо көрсө
Ач арстандын үнү бар.
Өлөмүн деген тийбесе,
Өзгө бенде тие албайт,
Мыктысып бычак салган жан
Мындан эгер тирүү калбайт.
Ажалы жеткен тийбесе,
Асили бенде тирүү калбайт,
Арзан адам тие албайт,
Айдаркандын балдары
Азыр ушу кезинде
Алмамбетсиз сие албайт.

Ага-ини болуп алыптыр,
Аралашып калыптыр,
Катылганды соо койбойт,
Кадырлаш болуп алыптыр.
Ар кандай – деп, сүйлөсө
Көкчөнүн сөзү эм болор,
Алмамбетке катылса
Алачка тамам жем болор.
Алла билет Алмамбет
Бир бычак менен өлөрүн,
Анык билгин өлүмдөй,
Аа кол салган бенденин
Акыретке жөнөөрүн.
Ак динине келгени,
Айдарканга кеменгер,
Алмамбетке кол салган
Оруну болор кара жер.
Кудай билет Алмамбет
Бир бычак менен өлөрүн,
Көзүңөр көрүп турбайбы
Ар жердеги өнөрүн,
Алмамбетке ким тийсе
Ажалдан анык турбайбы
Акыретке жөнөөрүң.
Башы кетип байлоого,
Малы кетип айдоого,
Кайгылантып карысын,
Кара жерге тең кылар
Кара-жоро баарысын.
Азапка анык калтырар
Ак сакалдуу чалдарын,
Арман менен өксүтөр
Акылы жарым балдарын,
Ал көрөкчө бир амал
Айдаркандын уулунан
Алмамбетти айрарың.
Дүнүйөгө калганда
Көкчөдө көөдөк кеңдик бар,
Калктан башка бир мүнөз
Катынына жаман тар.
Акеркеч деген катыны,
Алмамбетти ар качан
Аземдеп күтөт акыры.
Аңдагын, Көкчө баатыр – деп,
Аз экен сенде акыл – деп,
Алмамбет деген кытайдан
Азып келген каапыр – деп,
Атасын сойгон бу кытай,
Аскерин сойгон куу кытай
Аясын кимди акыр – деп,
Көкүрөктө жаныбыз,
Көкчө баатыр каныбыз,
Бөлөк экен тенибиз,
Бир күнү калмак өлтүрүп,
Коёт го – дейбиз, сени биз.
Атилес, тубар өөнү бар,
Акеркечти алууга
Алмамбет кулдун көөнү бар,
Жандан кечкен кытайдан
Сак болуштун жөнү бар.
Катын эрге душман – деп,
Каныбыздан айрылып,
Калк болбосун бушман – деп,
Акыры сизди өлтүрөт,
Акеркеч менен Алмамбет
Абыдан сөзү бышкан – деп,
Айдаркандын Көкчөгө
Ал сөздү айтып багалы,
Таянганы Көкчөгө
Так ушунтип чагалы.
Көкчөсү менен жоо кылсак,
Жакыны менен жат кылып,
Андан кийин боо кылсак.
Көкчөдөн чыгып калган соң
Көңүлүн элге бура албайт,
Көчүгү батып казакка

Алмамбет асты тура албайт.
А көрөкчө минтпеңер,
Чогу өчпөсүн милтеңер,
Алмамбетти чагыңар,
Ачылар болсо багыңар,
Жалаң бизге ишенбес,
Ургаачыдан-катындан
Жакшы бир күбө табыңар.
Алмамбетти кадырлайт,
Акеркечтин өзүнө
Аябай жалаа жабыңар,
Ажыратып ал экөөн,
Айрып азыр салыңар.
Акеркечтен өткүн – деп,
Астына чыгып кеткин – деп,
Кабыл болсо тилегиң,
Буудайбегин алыңар,
Байбичеден өткүн – деп,
Басып салып кеткин – деп,
Көптөп айткын баарыңар,
Көкчө баатыр экен го
Жүк көтөрөр нарыңар.
Акеркечтен айрылып
Азелде Көкчө кала албас,
Коё берип талак – деп,
Которуп катын ала албас,
Алмамбетти ал үйгө
Аземдеп Көкчө бага албас.
Акеркечин аа берип
Катын кылып коё албас,
Алмамбетти бул Көкчө
Арзандык менен соё албас,
Катын баштап, көпчүлүк
Асылган соң Көкчөгө
Алмамбетке Акеркеч
Бирди кылбай коё албас.
Калмактан келген каран – деп,
Кайдан күттүм ап-септеп,
Жаман атты кылды го
Жалгыз кытай арам – деп,
Акеркечтен сөз тиер,
Айылы дүрбөп жүргөнгө
Айдаркандан көз тиер.
Акеркеч коёр барктабай,
Акеркеч күтпөй койгон соң
Жалгыз жүргөн бир кулдун
Жай тапмагы бир далай.
Кетер акыр казактан,
Куудуруп жолго салбасак
Кутулбайбыз азаптан».
Алымсейит сүйлөдү:
«Көкчө тилди албайт – деп,
Көкчө тилди алган соң
Көмүлбөй калмак калбайт – деп.
Акеркеч деген катын – деп,
Ак болгон соң ал өзү,
Чычалабас акыр – деп,
Ак элечек баарынан
Акеркечте мол турат
Алла берген акыл – деп,
Айтсаң айта бергин – деп,
Назарына албас такыр – деп,
Аныңар да куруган,
Айла кеткен бу бир кеп.
Акылмандар ойлонсун,
Ак кишини кара – деп,
Бирок артыңар жаман болбосун,
Адам батып кол салбас
Алмамбет деген жолборсуң,
Ак кишини кара – деп,
Ачууланса Алмамбет,
Казактын мыкты бийлери
Башыңарга балакет,
Акыр заман болбосун.
Алмамбет кырып салбасын,
Көкчөңдү баштап өлтүрүп,

Акеркечин албасын.
Ааламга маалим сыр болуп,
Арылбаган чыр болуп,
Калп сөзүңөр чын болуп,
Казак болгон жериңе
Калаба менен чыр болуп,
Напсиңер түпкө жетпесин,
Аман турсам булгайт – деп,
Акеркеч кирип кетпесин.
Акеркеч менен жакын – деп,
Айтылбасын мындай кеп.
Акеркеч көөнү жакын – деп,
Айтылган соң мындай кеп
Алмамбет, Көкчө бири өлбөй,
Акыры түбү тынчу эмес.
Күбөлүк берсең баарыңар,
Бөлөкбай баштап карыңар,
Же өлтүрбөй, же өлбөй,
Тура албайт Көкчө каныңар.
Алмамбетти азыр карасаң,
Адамга окшош түрү бар,
Айбатына жан турбайт,
Ажыдаар сүрү бар.
Жалынат жалгыз кудайга,
Жаны чыдап тура албайт
Жалаа жапкан мындайга.
Ойногонун уткан кул,
Ойлогонун туткан кул,
Миң киши келип кол салса,
Бир кишидей жуткан кул.
Калбыр өпкө, таш жүрөк,
Баатырлык жери дагы бар,
Кары-жашка карашкан,
Бакырлык жери дагы бар.
Каарданып кол салса
Кайта кылбайт ырайым,
Каапырлык жери дагы бар.
Билегинде күч толук,
Балбандык жайы дагы бар.
Миң кишиге бирөөдөй,
Коркпой кирип чын колун
Салгандык жайы дагы бар,
Коңурбай менен Жолойду
Кошогу менен ыргыта
Сайгандык жайы дагы бар.
Алтай тоонун калмагын,
Мыктылар көрүп жүрсүңөр,
Алмамбет жылда алганын,
Баарыңар күтүп жүрсүңөр
Алмамбеттин малдарын,
Айдап келип калмактан
Казак уулу саа берет
Колуна тийсе бардаарын.
Эл жедирбей койду – деп,
Эрегиштиң көй кашка,
Не болсо сак болуңар,
Эрдиги элден бир башка».
Көпчүлүктөр бул сөзүн
Көкчөсүнө айтууга,
Көңүлдөш десе катынын
Көзү жетет көпчүлүк,
Көкчөнүн бейли кайтууга.
Көпчүлүктү көрдүңбү?
Алыңар жетпей бир кулга,
Алач уулу өлдүңбү?
Жакшы күтөт Акеркеч,
Жайлап турат эрте-кеч,
Жат кылмакка бул кеңеш.
Артык күтөт Акеркеч,
Айырмакка Көкчөдөн
Акылдашкан бул кеңеш.
Уругу казак убара,
Уккандар айтар ылаанат,
Атпай казак ичинде
Алмамбет жалгыз бир бала,
Жалынган жапар Аллага,

Сактаганы бир Алда.
Алмамбетти көп көрдү,
Ата уулулар ар жерден
Акылдашып сөз түйүп,
Алтымыш күн өткөрдү.
Көкчө чыкса жан жакка,
Көрмөккө барса мал жакка,
Тоого чыкса бийикке,
Ууга чыкса кийикке
Алмамбеттен бөлөлү
Үдөө кылар жөлөгүн.
Аңдап жүргүн баатыр – деп,
Акеркеч деген катын – деп,
Алмамбет менен жакын – деп,
Ар кайсысы айтып кеп,
Көкчөнүн көөнүн калтырды,
Көкчө келип үйүнө
Көп аңдыды катынды.
Аңдып жүрүп ар качан
Көрө албады акыры,
Алмамбет сага жакын – деп,
Акеркечти каардап,
Алла канча такыды.
Такыганда Акеркеч
Эр Көкчөгө күүлөнүп,
«Не болдуң» – деп, сүйлөнүп:
«Алмамбетти ким дейсиң,
Адамдын сырын билбейсиң.
Алла Таала бир үчүн,
Ата-энесин таштаган
Ак ыслам дини үчүн,
Мен жактан салба кылмышын,
Араң ичип жүрбөйбү
Ачыган алач кымызын.
Татып койбойт арагын,
Тазалыгын карагын.
Күндүк качат күнөөдөн,
Күбүр-шыбыр укпайбыз
Уудуң-шуудуң көп жүргөн
Ургаачынын бирөөнөн.
Алымсейит келини
Асылып өзү барыптыр,
Азат бою тик туруп,
Ачууланып салыптыр,
Акеркечке келгенин
Кай казак көрүп калыптыр?
Көрө албаган көй жаман
Артынан түшүп алыптыр,
Көкчө илгери болду – деп,
Көрө албай сени калыптыр.
Элиңдин тилин аларсың,
Азиз эрден айрылып
Эмгекке түшүп каларсың.
Калкыңдын тилин аларсың,
Кан заададан айрылып
Кайгырарсың, каларсың.
Жигиттин тилин аларсың,
Жигиңди айрып саларсың,
Алмамбет кетип колуңдан
Жинди болуп каларсың.
Алмамбет сага алтын так,
Алганың мени берсең да
Азыз тутуп артык бак.
Чыгып келген кытайдан
Чычкандай бала турбайбы,
Көкчөнүн зайыбы мен туруп,
Көңүлүм артсам ошого
Көрүнөө арбак урбайбы.
Кайын энелүү күйөөдөй
Карап койбойт өзүмө,
Канетейин, кан Көкчө,
Какаарлаган сөзүңө,
Кас душмандар биригип,
Кылганы жүргөн өзүңө.
Кайнаталуу келиндей
Тик карабайт бетимди,

Мени менен мындай – деп,
Мерт кылганы жүргөн го
Бээжинден келген жетимди.
Акеркеч деген катын – деп,
Атап койбойт Акеркеч
Алмамбеттин атын – деп,
Айттырбай билет датын – деп,
Бул Акеркеч болбосо
Кетирер элек акыр – деп,
Акыл менен сыйлап жүр
Акеркеч деген каапыр – деп,
Алмамбет мындай дей албай,
Казактан арам жей албай,
Көкчө мындай дей албай,
Көбүрөөк бара жей албай,
Сөздөрү калып талаага,
Өздөрү калып балаага,
Айырмакка Көкчөдөн
Ар нерсе алып санаага,
Өткүрдөн кылыч алалбай,
Өлтүрүүгө Алмаңды
Өздөрү эбин таба албай,
Буудайбекти буруууга,
Баары даяр болгондур
Акеркечтин үстүнөн
Күбөлүк айтып туруууга.
Адилдик үчүн бел байлап,
Азып жүргөн, Алмамбет,
Намаз окуп тагатта
Басып жүргөн, Алмамбет.
Алтын-күмүш дүйнөсүн
Чачып жүргөн, Алмамбет.
Мажусу динден баш алып
Качып жүргөн, Алмамбет.
Ак жаадысын ар качан
Айтып жүргөн, Алмамбет,
Кара динден ак динге
Кайтып жүргөн, Алмамбет,
Обурагы алачтан
Артып жүргөн, Алмамбет,
Алтын теспе колго алып,
Тартып жүргөн, Алмамбет.
Кайнап жаткан какандан
Катын таппай келдиби?
Кара жер жутсун, эр Көкчө,
Катыныңа жакын – деп,
Каадалап айткан элиңди.
Кыжылдаган кытайдан
Кыз таба албай келдиби?
Кылган иши бузук – деп,
Кыйынсып айткан кебиңи,
Кыргын алсын элиңди,
Кыл дегенин кылган соң
Эл тайдырар эбиңди.
Ишенсең, Көкчө, муну кой,
Ишенбесең бу сөзгө
Азгырган мен экенмин,
Аны кой да, мени сой.
Өлүп калар бир катын,
Өксүбөсүн көп калкың!
Жатып калар бир катын,
Жарылбасын көп калкың!
Алмамбет турса колуңда
Алтындан болор чарбагың,
Ааламды басар салмагың,
Акыр заман журтуна
Айтылып калар арбагың.
Алмамбеттен айрылсаң
Арылбай калар арманың.
Бул Алмамбет деген эр
Көкчөм, сага кеменгер.
Ургаачы-эркек болушту
Ушу күнчө билбеген,
Урушса жоодон ирбеген,
Катындын билбейт кадырын,
Карабектен сураптыр

Катын менен эркектин
Кандай түрлүү жатарын.
Кыздын билбейт кызыгын,
Он жыл болду келгени,
Аңдап көргөн бир жан жок
Айтканынын кыйшыгын.
Жүрүмүнүн бузугун
Көрүп калган бир жан жок,
Көңүлү калган тир жан жок.
Карып калган Акеркеч
Кадыры үчүн каадалап,
Алмамбетти баккандыр,
Калабалуу казактар
Кайдагы сөздү тапкандыр.
Катыныңа ойнош – деп,
Кадыры жеткен ойноп – деп,
Как өзүңдү соёт – деп,
Акеркеч сенин катының
Алып аны коёт – деп,
Көрө албаган көп душман
Артыңа түшүп калгандыр,
Алмамбетти айрууга
Көп сөз айтып салгандыр,
Көрө албаган бир бирин,
Көмүлгөн дүйнө жалгандыр.
Катынды билсе Алмамбет
Калбас беле кытайда,
Карала болгон казактын
Катынында не пайда?
Кызыгын билсе кыздардын
Кытайда болот сулуулар,
Кындырдай бели бурулар,
Аны көргөн жигиттин
Арылбаган муңу бар,
Айнектей бети кубулар,
Жибектей чачы бурулар,
Көзү көөкар жайнаган,
Көргөндүн шору кайнаган,
Бермет тиштүү, бети айдай,
Сөзү ширин жайма-жай,
Кобул мурун, колоң чач,
Колу кобул, керме каш,
Өрдөк моюн, түймө баш
Эсепсиз сулуу кытайда,
Эсиңболсо эр Көкчө,
Элиртме сөздө не пайда?
Абыдан сулуу кытайда,
Акылың болсо, эр Көкчө,
Азыткы сөздө не пайда?
Азытка кирсең азарсың,
Аныктап кара басарсың,
Акылыңдан шашарсың.
Бузукка кирсең азарсың,
Бурулбай кара басарсың,
Мурдарлык менен шашарсың.
Алмамбет жолдош болду – деп,
Арбак Көкчө конду – деп
Көрө албай жүргөн тууганың,
Көңүлүң ынап калабы
Көзүң көрүп олтуруп,
Көтүңө түшүп турганын.
Жете албай калган тууганың,
Жергеңдин баары аргасыз,
Карап, көрүп турасың
Кап, сени! – деп, турганын.
Кунүлүк кылар элиң бар,
Алмамбети болбосо
Астына өтөр элем – деп,
Күйүнүп жүргөн эриң бар,
Элден угуп бузук сөз,
Эми келип сен мага,
Не – деп, айтар кебиң бар?
Көрө албай жүргөн элиң бар,
Алмамбетиң болбосо
Көмгөнү жүргөн бегиң бар,
Душмандын сөзүн мага айтып

Туруунун кайдан эби бар?
Аз калды кышка, жаз болор,
Ачыган кымыз аз болор,
Аны ичкен соң эсирип,
Адамдын баары мас болор,
Ата уулуңдун баарысы
Алмамбет менен кас болор.
Кызыкчылык кылам – деп,
Ажылдап куру койбостон,
Ачкарактар тойбостон,
Кырк күнү ичкен арагың,
Арак ичпей, тил алсаң,
Кыяматты эстеп карагын,
Ошо кырк күн ичинде
Кадиксиз балаа кылат дейм
Казак деген талагың
Алымсейит жуутуңбар,
Аргындан Бообек, Шуутуңбар,
Тынымсейит жуйку бар,
Капкайдагы жамандык
Кара жерден чукулар.
Элим, Селим бу да бар,
Ээ болбой калып элине,
Айгап менен ичинде
Араң жүргөн жуда бар.
Казактын азыр канысың,
Калк жакшысы көрө албайт
Алмамбеттин калысын,
Алардын тилин аларсың,
Алмамбетти өлтүрүп
Астына жердин саларсың.
Азыркысын эр Көкчө,
Өрт отундай жанарсың,
Кетсе дагы Алмамбет,
Өлсө дагы Алмамбет
Өзүң өчүп каларсың.
Башка сая бак бол – деп,
Кара жүрбөй, ак бол – деп,
Калк ичинде шумдук көп,
Ушул кепке сак бол – деп,
Бул Алмамбет келгени
Мусулман журту дегдеди.
Сандуу түмөн алачың
Сары-Арканы жердеди,
Салышып калмак жеңбеди,
Айдап берип казакка,
Калмактын малын теңдеди.
Балдарың майга карабай,
Катындар каймак жалабай,
Күчүктөр сүткө тийген жок,
Күндөрүң илек кийген жок.
Келинге тайлак байлатты,
Кедейге миң кой айдатты,
Кемпирге куйрук чайнатты.
АрАлла жаткан алачты
Алтайдагы Аңырты-
Асемдүү жайлоо жайлатты,
Наамандан келген калмакты
Айдап сүрүп Бээжинге,
Абыдан шорун кайнатты,
Балыкчы болгон журтуңду
Баш бай кылып сайратты.
Берген кудай өзүдүр,
Себебине Алмамбет
Сен – деп, келген кезидир.
Токумдарын кайыптыр,
Топорлоруң байыптыр.
Кетечисин кайыптыр,
Кедейден калбай байыптыр.
Алачта мурун байы бар,
Ар канча – деп, айтса да,
Арстандын бири Алмамбет
Акжолтойлук жайы бар.
Айтты – деп, жаман көрбөгүн,
Ааламга кетер өнөрүң.
Ал кулду кылып коём деп,

Алдап айтып жөнөгүн,
Алган жарың-өнөгүң,
Буудайбегиң бузулар,
Акыр түбү көрөрсүң,
Мурдарлык кылар ушулар.
Күбөлүк айтар катының,
Күүлөнөрсүң, баатырым,
Күлдү казак жакшысын
Күбүп салар акырын.
Ага-иниң жүрөт тамандап,
Акыры бир күн азгырар
Акеркечти жамандап.
Кебездүү жерде чигит бар,
Келди кайдан калмак – деп,
Кесенип жүргөн жигит бар.
Көрө албай жүргөн көөсөр бар,
Бата албай жүргөн байкуш бар,
Өтө албай жүргөн өксүк бар,
Жете албай жүргөн жезит бар,
Ак ишке жүргүн сак болуп,
Айрыларсың бир күнү
Алмамбеттен сап болуп,
Азыр жүрсүң шат болуп,
Азыткы сөзгө ишенип,
Акыры калба мас болуп».
Акеркеч айтты акыл кеп,
Анда Көкчө токтолду
Айтканың сенин макул – деп.
Казактан болгон ата уулу
Алтымыш экен баарысы,
Арман менен жүрүшкөн
Айылына жетпей арышы,
Атпай журтка билинген
Алмамбеттин калысы.
Тобу менен баарысы
Тобуна жетпей арышы,
Толгон журтка билинген
Алмамбет, Көкчө калысы.
Азган бир кытай жетти – деп,
Айдаркандын Көкчөсү
Арбагы ашып кетти – деп,
Айтканды укпай баатыр
Аңдабай биздин кепти – деп,
Тозгон бир кытай жетти – деп,
Тозоку кытай келгени
Чоңоюп Көкчө кетти – деп,
Тоотпой биздин кепти – деп,
Ойлоп келет ичине
Бузукчулук ааламды,
Келгени болсо Көкчөгө
Мурун айтат саламды:
«Акеркеч жеңем үйдөбү?
Акеркечтин кашында
Алмамбет баатыр жүрөбү?»
Какшык айтып бектери,
Айдаркандын Көкчөгө
Катуу тийип кептери,
Айта берип көпчүлүк,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Айланып көңүл кеткени.
Айылымды алыс көрбөйүн,
Алганым – деп, ынанып,
Акеркеч айткан тилине
Абыдан анык көнбөйүн,
Азып келген бир кулдан
Арманда болуп өлбөйүн,
Ага-инимди чогултуп,
Аңгарып сөзүн көрөйүн,
Арамдыгы бар болсо
Ал, ант урган кулду көмөйүн.
Аңырты-Булак жери жай,
Айдаркан кандын эли бай,
Шернесине сойгону
Кысыр эмди семиз тай.
Алмамбет менен Акеркеч,
Алардын сөзү айтылуу,

Алачтан чыккан ата уулу,
Алды Көкчө чакырып,
Аяк-башын жыйдырып,
Буудайбектин ак отоо
Мунун баарын сыйдырып.
Чоң үйдө болчу чогулуш,
Кичи үйгө жыйын жыйыптыр,
Буудайбектин отоого
Алтымыш араң сыйыптыр.
Караламан боз балдар,
Катышпай туруп сыртынан,
Кан Алмаңа дос балдар
Тышында калып шыкаалап,
Кире албай үйгө шыйпаңдап,
Эшикте жаштар калыптыр,
Буудайбектин үйүнө
Эл башы батып алыптыр.
Жуда журт тышта калыптыр,
Эр Көкчөнүн үстүнө
Журт билчүлөр барыптыр.
Сай кашканын баарысы
Сагалашып калыптыр,
Сакалдуунун баарысы
Үйгө толуп алыптыр.
Күчтүү болсун арак – деп,
Күчаладан салыптыр,
Үч элиге келтирип
Үзүп-үзүп алыптыр,
Үзүр айтып, сөз баштап,
Үлпөткө кирип калыптыр.
Масчылыктан көз жаштап,
Баатыр Көкчө сөз баштап:
«Чыгарыңар жакшылар
Чыр кылуучу ишим бар,
Ишене албай баарыңа
Чыгар-чыкпас жан менен
Коюп жүргөн кишим бар,
Алмамбет менен жакын – дейт,
Акеркеч деген итим бар.
Айтыңарчы анычын,
Аңдысам, соодой көрүнбөйт
Алмамбет кулдун калыбын.
Эркектин көзү көрбөсө,
Э десе катын карганат,
Эр Көкчө буга таң калат.
Чыгаргыла анычын,
Айнытпай койгун мойнуна
Акеркечтин таныгын,
Аман-соодой көрбөдүм
Алмамбет кулга калыбын.
Ылгайлык арам-адалды,
Көңүлүмө койбоңор
Көз жетпеген мылалды,
Көтөрүлтпөс арамды,
Көрбөйлүк бөөдө залалды.
Арамдыгы чын болсо
Азыр кармап соёлук,
Адалдыгы чын болсо
Андай апсана сөздү коёлук.
Катылган болсо катынга
Как ушу бүгүн соёлук,
Катышпаса катынга
Мындай каргаша кепти коёлук.
Олтурган, орчун бийлер – деп,
Оңой-олтоң иш эмес,
Олуттуу кепти сүйлө – деп,
Олуту жок сөз айтып
Ойрон болуп жүрбө – деп,
Ата уулу, арстан бийлер – деп,
Нарктуу кептен сүйлө – деп,
Акыры жалган дүйнө – деп,
Ашепке сөздү айтам – деп,
Азапка калып жүрбө – деп,
Нарктуу сөздү сүйлө» – деп,
Эр Көкчө сурайт элинен.
Алтымышы адашпас

Алты жылдан бер жакка
Акылдашкан кебинен.
«Ар кимде бар акыл – деп,
Айткан менен ишенбей,
Аянды Көкчө баатыр – деп,
Алмамбетти Акеркеч
Ар качан алып жатыр – деп,
Бир көрбөдүк, миң көрдүк,
Жүрөсүң, Көкчө, элебей,
Жүк көтөрчү бил көрдүк.
Адам эмес, пилсиз го,
Алачка бүтүн пирсиз го,
Казакка сүйлөөр тилсиз го,
Катыныңа катылган
Калмак кулуң динсиз го.
Турар жери бул экен,
Турган жерин арамдап
Туз арамы кул экен.
Келген жери бул экен,
Кедери кетчү кул экен.
Кытайдан болгон мусулман,
Алмамбет бир жан турбайбы,
Бир кишини батырбай
Билбей айтсак жамандап
Бизди кудай урбайбы!
Бирибиз эмес, баарыбыз,
Жашыбыз эмес, карыбыз
Ак болсо кантип булгайлы,
Ага да боор бурайлы.
Бизге ишенбей койсоңуз,
Алган жарың турбайбы,
Буудайбектен сурайлы».
Баталашкан немедей
Баары сүйлөп калганы:
«Катын, кандай көрдүң? – деп,
Буудайбекке бурулуп,
Көкчө көзүн салганы.
«Көргөнүң айткын, жеңе!» – деп,
Көй төрө чуулап калганы,
Ээрин тиштеп, көз кысып,
Байбичеден өттүң – деп,
Күбүрөшүп салганы.
Өңү сулуу болсо да,
Өзүндө акыл аз экен,
Арак ичип бир чыны,
Буудайбек мындай мас экен.
Аңдабады Буудайбек
Ал олтурган көй төрө
Алмамбет менен кас экен.
Буудайбек анда кеп айтат:
«Бузук да болсо байбичең
Менден жакшы – деп, айтат.
Чын айтпасмын, күнүмүн,
Чыгаан жакшы катының
Күндө көрүп жүрүмүн.
Байбиче билет эрини,
Баатырың билет элини.
Баарыңдын бирдей бүгүнкү
Мастыктан айткан кебиңди,
Айткан менен талаада,
Акеркеч табат эбиңди!»
Катыны айтып күбөлүк,
Кан Көкчөдөй баатырдын
Калды көөнү түбөлүк.
«Андай болсо эл –деди,
Алмамбетти чакырып,
Азыр алып кел –деди,
Азабын берем мен –деди,
Туз арамы кул –деди,
Азыр муну сойбосом
Алганым калсын тул –деди,
Атайбек желдет, тур –деди.
Чакырып келгин кытайды,
Чыдап күтүп ким жүрсүн
Чыйырдан чыккан мындайды!
Айдап келгин кытайды,

Алып акыр ким жүрсүн
Арамзаада мындайды.
Өз элине өрт салып,
Өзүм деген кишинин
Көзүнө көрдөп чөп салып,
Жат элин салып жалынга,
Жамандык тилеп жанына,
Каргаша болгон экен го
Калмактан келип жаныма.
Кытайдан келип кыйырыма,
Кызыталак бу калмак
Кылганы жүргөн экен го
Казактын кирип чыйырына?!
Билбеген экен өлөрүн,
Бир көрөйүн өнөрүн,
Аңдабай жүргөн экен го
Акыретке жөнөөрүн.
Күчүк өлсө, ээси айтар,
Оозунда айтпай койсо да
Оюнда ойлоп, нээт айтар.
Күчүкчө сураар эли жок,
Кытайдан келген кызыталак,
Күчөшүнүн эби жок,
Күйгүзүп келген маңгулду,
Күйүп издээр эли жок.
Тоогу өлгөн киши толгонор,
Тоогум кандай өлдү? – деп,
Токсон эки ойлонор.
Тоокчо жоктур сураары,
Тоголонсо кокустан
Өөдө болуп бу кулдун
Өзүнүн жоктур турары.
Какшатып келди Каңгайды,
Зарлатып келди далайды.
Башын жуткан калмак кул
Мага кылган иши бул.
Калкымда жүрүп караандап,
Катынымды арамдап,
Айылымда жүрүп караандап,
Алганымды арамдап.
Төгүн сөз – деп, ишенбей,
Төлөнгүттүн баарына,
Калкым байып калды – деп,
Калмактын кара малына,
Каадалап күтүп калмакты,
Карабапмын алыма.
Жалган го – деп, ишенбей
Жакшылардын сөзүнө,
Жакынмын – деп, жүрүпмүн
Жайыл кытай өзүнө,
Жамандыкты мен бүгүн
Көргөзөйүн көзүнө,
Келдесин кесип бу жерде,
Келтирейин эсине.
Өлүмдүн даамын татпайбы,
Өжөрлөнгөн калмак кул
Өлгөндө шору катпайбы,
Андай өз күйөрү
жок кулдар
Өрт өчкөндөй жатпайбы?
Жан ачыгын татпайбы,
Жатса, шору катпайбы,
Жайын сураар бир жан жок,
Жалпайган бойдон жатпайбы?
Мага кылса жамандык
Башкача ишин иштээрин,
Башын кесип өлтүрсөк,
Көчөмдөн көрбөйм издээрин.
Кайгырып ишин иштээрин,
Кайырын билбей биздердин,
Канын төксөм калмактын
Казактан көрбөйм издээрин.
Айдаркан тузун актабай,
Аманат жанын сактабай,
Алына калмак чактабай,
Асылышкан кишин көр,

Ажалы жеткен кытайдын
Арамдык кылган ишин көр.
Бузуктук кылган ишин көр,
Мурдарлык кылган кишин көр.
Мурунтан билбей мунусун,
Азган бир кулга бузулуп,
Акеркеч болбой курусун.
Алмамбет кулду соёюн,
Акеркечке бир далай
Азап салып коёюн.
Калмагын кармап соёюн,
Катынды кантип коёюн?
Атка жайдак мингизип,
Казакка бүткүл билгизип,
Эскисин эске киргизип,
Эл кыдыртып жүргүзүп,
Кааласам катын кылайын,
Каардансам жанын кыяйын!»
Калмакты кел – деп, чыкырып,
Канын төгүп коймокко
Казактын баары чыгынып.
Калмак кирсе бул үйгө
Кайратың кетсин ташып – деп,
Канжарың сенин жашык – деп,
Канжардан курчун алгын – деп,
Как жүрөккө малгын – деп,
Калдарбек деген балбансың,
Калмак келсе катарга
Капилет баса калгын – деп.
Элим, Селим эки кул,
Элине сөзү мына бул:
«Бир кишиге карабай,
Баарыңтуруп албаңар
Баскан соң ишке жарабай,
Бычактын курчун алыңар,
Мыктылар турбай баарыңар,
Кылычтын курчун алыңар,
Кызыталак кытайды
Кыйма чаап салыңар.
Кытай кул мында кирген соң,
Кырып иет кытай – деп,
Кысынарсың баарыңар.
Кыйырдаш турган көй төрө
Кымсынбай колду салыңар.
Канжардын баарын курчтаңар,
Жан-жабыла баарыңар
Өлчөлүү жерин туштаңар,
Өткүр бычак муштаңар.
Сонун кылгын баарыңар
Чолосун койбой бычактап,
Канын суудай төккөн соң
Калмак акыр жыгылар
Кара жерди кучактап.
Калмак жалгыз турбайбы,
Каш кайтарса калмактан,
Казакты кудай урбайбы!
Кытай жалгыз турбайбы,
Кылчактаса кытайдан,
Алачты арбак урбайбы».
Ал сөздү айтып күүлөнүп,
Бир жагынан да турду
Айныганды арбак урсун – деп,
Алымсейит сүйлөнүп.
Аябай ичкен арагын,
Арак деген арамдын
Азгырганын карагын.
Кызып ичкен кымызын,
Ичкилиги болбосо,
Кылбас беле тымызын.
Аш эсиртсе ар жерде,
Асты болбойт жакшылык
Арак, бозо бар жерде.
Эр Көкчө баштап мажилис,
Элинин баары эсирди,
Не болсо да эсирген
Эртерээк кылат кесирди.

Айдаркан уулу баш болуп,
Айылына курган мажилис,
Айылынын баары мас болуп,
Акылы качып, аз болуп,
Ак жолдо жүргөн Алмамбет
Напсиси үчүн кас болуп,
Кытайдан келген бир киши
Кылмакчы болду миң киши.
Каңгайдан келген бир киши,
Камданып калган миң киши.
Масчылыгы болбосо,
Башта душман өзгөсү,
Баспас эле Көкчөсү.
Эсириги болбосо,
Элинин душман баарысы,
Эр Көкчө болмок калысы.
Мас болгон соң казактар
Баш кошушуп калышты,
Алмамбетти жутмакка
Баталашып алышты.
Кылычтын баарын миздешип,
Кылалык кулга биз – дешип,
Кыйырынан азган жалгызга
Кыямат жолун издешип,
Албарстын баарын миздешип,
Айылыбыз арбын биз – дешип,
Азып келген жалгызга
Акырет жолун издешип:
Кара жер болсун турагы,
Калмак кул өлбөй турабы?
Кашка чымын өлгөндөй,
Калмактын болбос сурагы.
Эсине алар эли жок,
Элким кул тирүү жүрүшү
Эч бир жерде эби жок.
Кан катынын арамдап,
Калкта тирүү жүрүшү
Калмактын болбос дарандап.
Кызырлуу үйдү арамдап,
Биз кысынып жүрсөк араңдап,
Кыйырынан азган бир кытай
Кылганын кара араандап.
Ошону айтып казактар,
Очокто азган казан бар,
Курч ачыган кымыздан
Куйдуруп алып казанга,
Казанга капкак жаптырып,
Чоргонун чоңун таптырып,
Күчтүү болсун арак – деп,
Күчаладан салдырып,
Үч элиге келгенде
Үзүп-үзүп алдырып,
Ак отоого толтурган,
Ата уулу аким бийлерден
Алтымышы олтурган,
Арак деген ачкыл аш
Акылын алып алардын,
Ала дөңгүл болтурган.
Кыйындардын баарысы
Кызыталак кул келсе – деп,
Кызырканып олтурган,
Акылдашып казактар
Алмамбетти жутуунун
Акылын айтып болтурган.
Аны таштап салыңар,
Айдаркандын үйүндө
Алмамбет жалгыз жүрүптүр,
Алла эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар,
Алмамбетти жутмакка
Камданды Көкчө каныңар.
Угуздун элүү баласы
Кыркы чыгып кыр жакка
Кыругуз болгон карачы.
Азиянын ар жерге
Кырк уруудан ар жерге

Азим калаа салынган.
Кырыгуз болгон атагы,
Кыяматка жеткенче
Кытайга болгон чатагы.
Угуздан болгон алачы,
Ушул заман кезинде
Диндин болгон талашы.
Башта калкы бир кезек
Байгамбар деген Мусаны,
Каалап Муса динини
Калктын көбү узады.
Анын арка жагынан,
Азим Кудус шаарынан
Ыйса болду байгамбар,
Ыйсанын байгамбарлыгын
Ырас – деди, көп жандар,
Байгамбар деген эмине,
Башынан мажус дегеле,
Байкабаган башынан,
Кылайып динге кирбеген
Кытай деген бу заңгар,
Кылымга саны толуптур,
Кыйын бааша болуптур.
Кырк уруу келген кыргыздан
Калсын эски динге – деп,
Калмакты бузуп коюптур.
Тыргоот байдын балдары
Тыйпыл мында калганы.
Калмак болдук мында – деп,
Калмак болуп алганы.
Калсакпы – деп, кала албай,
Ыйсанын динин алганын,
Калсакпы – деген сөз менен
Калсак атка калганын,
Кан Алмамбет сураптыр
Казак атка барганын.
Куранды кыргыз көп деген,
Баары бир ата болгон соң
Куп аныгын билбеген.
Купчак деген ким деген,
Аны да кыргыз атаган,
Кебилде бар көп кыргыз-
Найман, тейит, катаган,
Уругун угуп кыргыздын
Алмамбет аңдап жат алган.
Айдаркан экен карысы,
Ак сакалдын баарысы,
Алтоо-жетөө жыйылып,
Айдаркандын үстүнө
Аңгемеге барышты,
Ата-тегин айтышып,
Аңгемеге салышты.
Арасында Алмамбет,
Карылардан сурап кеп.
Ысламдын динине
Кандай адам салды – деп,
Кара кыргыз уругу
Кайдан билип алды – деп,
Алмамбет сурап калыптыр,
Карыялар чогулуп
Ырасын айтып салыптыр.
Баары Угуз эли – деп
Байгамбардын өзүнөн
Абунасыр заманы,
Бишарат менен келди – деп,
Башында келип жолугуп,
Манаска кабар берди – деп,
Манас деген бири бар,
Бадиректин мүнөзү
Байкап турсак бөтөнчө
Басылбаган жиги бар.
Алмамбет такып кеп сурайт:
«Ыслам динин билгенби,
Насият угуп аалимден
Ак жолуна киргенби?
Кандайлыктан жинди?» – деп

Карылардан сурайт кеп.
Карылар айткан чындыгын,
«Кандай экен билбейбиз,
Кан жуткурдун тыңдыгын?
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Өткүр эрдин бири – деп,
Өз-жат дебей чыр салган,
Жеткир эрдин бири – деп,
Кара сууга кан куйган,
Канкор эрдин бири – деп,
Калайыкка чуу салган,
Анткор эрдин бири – деп,
Адам билбейт мүнөзүн,
Акыл жетпейт сүйлөшүн,
Ата безер бирөөгө
Аябай берет дүйнөсүн.
Кожону көрсө коркутат,
Кара суудай кан жутат.
Думана көрсө тундурбайт,
Аалимди көрсө аш бышым
Айылына жакын турдурбайт.
Башын кармап кыргыздын
Баашалык кылат бу күндө,
Канын төгүп кай күнү,
Каапырлык кылат бу күндө,
Кармашкан жоосун кыйратып,
Баатырлык кылат бу күндө,
Кара динди куп сүрөп
Каапырлык кылат бу күндө.
Эч адам өлчөп билбес – деп,
Эр Манастын мүнөзүн,
Кытайдан бөлдү кыргызды,
Кызыталакты билбейбиз,
Алтайдан сүрүп алачты,
Аягын Ысар тургузду.
Өлчөп болбойт аны – деп,
Түбү кыргыз уулунан
Азыркысы бул Манас
Түрк уулунун каны – деп.
Угуп ушул кебини,
Улук Алмаң султаның
Урушка байлап белини.
«Кандай кыргыз уругу,
Кан ичме жинди улугу,
Кадыр Алла кудурет,
Кай түрлүү сонун жан кылган?
Кара кыргыз курусун
Кайсарын каалап кан кылган!
Жиндисин канга шайлаган,
Тили тактын баарысы
Жигитке белин байлаган.
Кырк уруу кыргыз уругу
Аңдап турсам бул сөзгө
Ар тарапка сайлаган,
Айылына жакын ким жүрсө,
Абыдан шору кайнаган.
Каапырдын кылып ишин – деп,
Калкынын бузуп ичин – деп,
Кармашып барып көрөйүн,
Андай канкор эрдин күчүн – деп,
Мурттаттын кылып ишин – деп,
Бузуп журттун ичин – деп,
Муунушуп барып көрөйүн,
Андай бузуку эрдин
күчүн – деп,
Жигитин көрүп багайын,
Жини болсо кагайын,
Беттешип көрүп багайын,
Бериси болсо кагайын.
Кара динге кайышкан,
Каапыр болсо соёюн,
Карап байкап бир көрүп,
Билгени болсо коёюн.
Кожону көрсө урушуп,
Кордук экен жумушу,
Коймаарек букарасына

Коржоңдоп келип турушу,
Олуя көрсө урушу,
Оңбой турган жумушу,
Очоктуу байдын баарына
Одураңдап турушу.
Азыткысы бар болсо,
Ажыратып коёюн,
Асылы болсо бузук жан,
Аман койбой соёюн».
Он бир күн мурун угуптур,
Оюна алып туруптур.
Күңгөйүнө күн тамбас,
Тескейине күн чалбас,
Аңгүрдүн кара капчыгай,
Анда чыгат көп ыргай,
Ыргайдын түзүн кыйдырып,
Ысыктуу күнгө жыйдырып,
Катуулугун ыргайдын
Адам өлчөөр неме эмес,
Жашык-жумшак темирден
Каткан ыргай кем эмес.
Ок жыланга окшотуп,
Кыл чеберге копшотуп,
Күчүгөндүн канатын
Сыйрып алып сырдаган,
Жебеге желим токтотуп,
Көп устанын көөрүгүн
Дүкөнүнө салдырып,
Кытайдын кызыл курчунан
Бир канчасын алдырып,
Бөрү тил мизин чыгарып,
Учун ууга сугарып,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Балбандар ийип жактырып,
Тасмадан боосун тактырып.
Эгер кылса душмандык
Атмак үчүн Манасты,
Эгер болсо билгени
Аман-эсен коймокко,
Азган болсо дининен
Амандык бербей соймокко,
Нээт кылып эр Алмаң,
Айтканын Алла эп кылган
Ал эрлерде не арман,
Казакка жалгыз сыр айтпай,
Кайда болсо кетүүчү
Каш кылып сырын кылайтпай.
Кайда да болсо кетүүчү,
Калдайтып кара мал айдап,
Кай бир кезде жетүүчү.
Алачка ар кез сыр айтпай,
Ашкере сөзүн кылайтпай,
Аттанып алып кетүүчү,
Ар түрлүү арбын мал айдап,
Айылына аман жетүүчү,
Алы чабал арыктар
Талап алып кетүүчү,
Кем-кемтиктин баарысы
Талабына жетүүчү.
Бармак үчүн Манаска,
Байкасаң мындай тамаша,
Коломсокко салганы
Учу заар үч жүз ок,
Мен Манаска барам – деп,
Бир кишиге айткан жок.
Кытайдан келген Кылжейрен,
Кылайтып жалгыз ат минбей
Кылым казак бул элден,
Көк кылайып калгандан,
Ыраң башын алгандан
Коё берген Кылжейрен,
Кур семирип алыптыр,
Кулан болуп калыптыр.
Кулагын жалдан артылтып,
Курсагын жыйып тартылтып,
Алты күн болуп байлаган,

Аркардай көзү жайнаган.
Асыйы толгон он бешке,
Арыгыс болгон бул кезде,
Алтын ээр калмакча
Атка чыңдап токунуп,
Акыл ойлоп олтуруп.
Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Мылтык атса, ок өтпөс,
Милте жанса чок өтпөс
Бадана тонун кийинип,
Бармак үчүн Манаска
Бар кудайга сыйынып,
Жылдызды салып оңуна,
Саптаганы Самаркан,
Сапардын чыгып жолуна.
Жүрөм – деп, кечки бешимде,
Алмамбет турган кезинде
Манасты союп салууга,
Бадышалык өкүмөт
Баары түрктүн уулуна
Көкчөнү кылып алууга,
Манастын башын жутууга,
Бадышалык өкүмөт
Баары алачтын журтуна
Көкчөнүн башын тутууга,
Элинен азган эрендер,
Не десең болот ушуга?
Эр Көкчө жатат бул жакта
«Элким кулду өлтүр» – деп,
Нече түрлүү болгон кеп.
Кан Көкчө жатып үйүндө
«Калмак кулду өлтүр» – деп,
Калкка маалим мурунтан
Канча түрлүү болгон кеп.
Мууздарга бычак камдашып,
Мыктыдан жигит тандашып,
Чабууга кылыч камдашып,
Шамдагай жигит жамдашып,
Кандардын баарын кайрашып,
Өлтүрөр жерин жайлашып,
Казактар камын кылыптыр,
Каруу-жарак даярлап,
Аттанмакка Манаска
Алмамбет көөнү тыныптыр.
Өлтүрсөм – деп, Манасты,
Өзгөртсөм – деп, алачты,
Алмамбет нээт кылыптыр.
Башын байлап өлүмгө,
Манасты алып көөнүнө,
Өлтүрүп аны келсем – деп,
Айдаркан уулу Көкчөгө
Арбагын алып берсем – деп,
Ага болгон Көкчөнүн
Арт жагынан эрсем – деп,
Алмамбет санап алалды,
Алмамбеттин башына
Көкчө ойлонуп залалды,
Алач уулу болгонуң
Аңдап көргүн чамаңды,
Наркың ушу мурунтан,
Илгери кадам баскандын
Артына түшүп куруткан.
Атпай казак биригип,
Алып кел – деди, калмакты.
Алмамбет деген жалгыз жан,
Нээтине эгем жеткирген,
Алла Таала бирсиң – деп,
Акка ыйман келтирген.
Насибине Көкчөнүн
Алла Таалам жеткирген,
Ырас кирип Азезил
Ырыскысын тептирген.
Ырыскысын тепкени,
Теппегенде неткени?
Алып кел калмак кулду – деп,

Айдаркан уулу эр Көкчө
Ачуулана кеткени.
Токтор менен Чаянды
Өлтүрмөккө Алмаңды,
Кетирмекке аянды,
Эки желдет чаптырды,
Алмамбетти чакырды.
Чабуулдап Чаян, Токтору,
Чоң кеңеште жоктору
Алмамбетке барышты,
«Алып кел,–деди, сизди – деп,
Бачым алып келгин – деп,
Ашыктырды бизди – деп,
Артык ичип аракты,
Шашпай ичип шарапты
Элдин баары незирээк,
Эрте жүргүн тезирээк.
Кыйын ичип кымызды,
Кылар ишин билбейбиз,
Ата уулулар бөлүнүп,
Арбын кеңеш кылышты.
Бачым жүргүн, баатыр – деп,
Айтор арзан иш эмес,
Бат жүрүңүз акыр – деп,
Токтор менен Чаяны
Токтолбой айтып барганы.
Сандыргалуу Алмамбет
Сапарга бармак кыйынга,
Алар да анча келбесе,
Саламга бармак жыйынга.
Улугу Көкчө баатырдын
Урматына бармакчы,
Учурашып алмакчы,
Ушинтип жолго салмакчы.
Көргөндөн соң экөөнү
Көтөрүлүп жүрөгү,
Алмамбеттин жүрөгү
Алып учуп дегдеди,
Асты тынчтык бербеди,
Атама душман болордо
Нак ушундай бир белги
Көрдүм эле мен – деди.
Кытайдын чети күн чыгыш
Кырпур каапыр эл – деди.
Алыбыз жетпей койду – деп,
Алмамбет бизди сойду – деп,
Кытайлар кабар салганбы?
Кыйратайын аны – деп,
Кызылоюк дөө деген
Кырк түмөн аскер алганбы?
Мени кыйырымдан издеп
калганбы?
Күнөөкөр болуп элинен,
Качып жүрүп жай алып,
Күн чыгыштын жеринен,
Мухиттин көлүн жакалап,
Бормазага бакалап,
Жаткан кытай, жапан бар,
Жаман жүрөк козголду,
Кайдан көрөр капам бар?
Аман турат ак сакал,
Кан Айдаркан атам бар.
Жапандан жасоол келгенби,
Казакка кабар бергенби?
Алмамбет кармап бергин – деп,
Аны кармап бербесең
Атышар жерге келгин – деп,
Кастарын тиккен кан барбы,
Мага, жамандык издээр жан
барбы?
Кара чоктуу калмагы,
Кара чоктуу калмактан
Каяша айтар калбады.
Кызыл чоктуу кытайдан
Кыргын болгон далай жан.
Кызыталак каапырдан

Кылчаяры калбаган,
Кылкандай найза, көк желек
Кымаптап кандай камдаган?
Урунарга тоо чыгып,
Узак бир жумуш болгон го
Урушарга жоо чыгып?!
Айтышарга доо чыгып,
Арбын бир жумуш болгон го
Атышарга жоо чыгып?!
Элге кабар салган го,
Эгей-шыгай көй баатыр
Эр Көкчө жыйып алган го.
Ар иш ойлоп Алмамбет,
Бадышалык бөркү бар
Башы бапик алтын чок,
Казактан кастык болот – деп,
Кан Алмаңда капар жок.
Желдеттер атын байлады,
Ар тарапка бир карап,
Алмамбет көзү жайнады.
Кытайды, келсе, кыйрат – деп,
Кыйындар айткан мындай кеп.
Калмакты, келсе, какшат – деп,
Катуулап айтып мындай кеп.
Бабырап жатыр сүйлөшүп,
Калмак менен кытайга
Казат кылат экен – деп,
Кан Алмаң алды оюна,
Өлтүрөт экен мени – деп,
Өзүнүн жуутпайт боюна.
Акылына албай ар неме,
Аны кайдан ойлонсун
Арамдыкка иши жок,
Ачык жолу шар неме.
Эсине албай эчтеме
Эр Алмамбет кириптир,
Эшиктеги ак таяк
Эсеттердин Бөкөсү
Эшик ачып ийиптир.
Салам айтып бийлерге,
Салды башын Алмамбет.
Айбатына баатырдын
Апкаарыша калышып,
Саламга алик алышып,
Баары турду дүрбөшүп,
Башта булар олтурган
Баатырлык кебин сүйлөшүп,
Алмамбет баатыр киргенде
Азыр булар турушту
Айбатынан жүдөшүп.
Көкчө төрдө каркыбар,
Көк сүлөөсүн бөркү бар.
Бар жастык коюп башына,
Буудайбекти алып кашына,
Сол чыканак таянып,
Сонун жаткан жайланып.
Ачуусу келди Көкчөнүн
Алмаңа тура бергенге,
Ал үйдөгү элдерден
Эл бийлеген эрлерге,
Белине таңуу бектерге,
Бет албай тура бергенге.
Ачууланып акырды:
«Ажыдаар башын салдыбы?
Же бир арстан кирип калдыбы?
Айткан сөзүң эмне эле?
Атпай казак баарыңды
Арбак уруп салдыбы?
Орду-ордуңду алгын – деп,
Ордуңду берип калмакка,
Оңолбогон кезек ит,
Оолактап кайда бардың» – деп,
Калкынын баарын бөлүптүр,
Калкына тили өтө албай,
«Калабалуу кесек кул,
Калмактан жүрөк өлүптүр».

Элинин баарын бөлүптүр,
Элине тили өтө албай,
«Эсинен танган кесек кул,
Эбактан жүрөк өлүптүр.
Кытай кул башын салды – деп,
Кытай кул үйгө киргенде
Кызыталак кырк жигит
Кырыла жазып калды – деп,
Калмак кул башын салды – деп,
Калмак кул үйгө киргенде
Казактардын баарысы
Кагылышып калды» – деп,
Как Көкчөдөн кеп чыкты,
Эр Алмамбет баатырды
Калмак, кытай – деп, чыкты.
Кырк жигиттин баарысы
Кырка олтуруп калышты.
Келип кирген Алмамбет
Керегеге сүйөнүп,
Көрө салып Алмаңа
Көкчө баатыр сүйлөнүп.
Ортодо калды Алмамбет
Олтурарга орун жок,
Алмамбет кайдан аянды,
Төрдө жаткан Көкчөнүн
Төшөгүнүн аягын,
Сол тизесин таянды.
Көрөр Көкчө көзү жок,
Көңүл тынар сөзү жок,
Тетири Көкчө багыптыр,
Суук сөздүн баарысы
Алмамбет жакка агыптыр,
Суук сөздү көп айтып
Сурданып Көкчө калыптыр:
«Кадырлуу казак бектери,
Кайдан жүргөн бу калмак,
Качан болгон келгени?
Келген киши кетпейби,
Кетпей жүрсө өлүмү-
Кес ажалы жетпейби?
Каңгыган киши кайтпайбы,
Кайтпай жүрсө өлүмү-
Капилетке батпайбы,
Карайлаган мындай кул
Каттам болуп жатпайбы?»
Көкчө баатыр күүлөнүп,
Көк жал Алмаң султандын
Көзүнө айтып сүйлөнүп,
Ар түрлүү сөздү салганы,
Аш кайнамдай Алмамбет
Алла кимди айтат – деп,
Айран-азыр калганы.
«Ачууландың кимге?» – деп,
Жадаганда Алмамбет
Жайын сурай калганы.
«Алач урук ичинде
Азыткы кулду айтам!» – деп,
Аягы менен Алмаңды
Азыр түртүп салганы,
Буту менен көрсөтүп,
«Бузук кул сени айтам» – деп,
Бурулуп Көкчө калганы,
Ойнубу? – деп, чынбы? – деп,
Алмамбет оюна алганы.
«Көкчө баатыр сенби – деп,
Көп көрүнгөн менби – деп,
Укпадым эле кыйладан,
Көөсөр сөз кайдан келди – деп,
Бууданым Көкчө сенби – деп,
Мурунтан мындай жок эле,
Бузук сөз кайдан келди – деп,
Эсирик сөздү басыңыз,
Экөөбүздү көрө албас
Элиңде көптүр касыңыз,
Эми бир, Көкчө, жөн айтчы,
Элиңде элким мен жүрөм,

Неликтен келди ачууңуз?!
Кабаарыган сөздү басыңыз,
Калбалуу арак ашыңыз,
Канчалык келген жашыңыз!
Капааттуу сөздү басыңыз,
Кандайлыгын билбедим,
Кай түрлүү келген ачууңуз?
Кимге айтканың билбедим,
Кишинин баарын тилдедиң.
Казакка чыккан бар күчүң,
Калкыңа баттым тим үчүн,
Каным Көкчө, жөн сүйлө,
Каардандың ким үчүн?
Элиңе чыккан бар күчүң,
Элиңде жүрдүм ким үчүн,
Бул эсирген сөзүң ким үчүн?
Жамандык көрсөң, жайыңы айт,
Жашырбай журтка жайып айт.
Арамдык көрсөң ачып айт,
Апторой журтка чачып айт.
Тийген болсо, тилим айт,
Бир күнөөм болсо билип айт,
Биле албасаң, эр Көкчө,
Жамандык сөздөн жанып кайт!
Көргөнүң болсо, көзөп айт,
Көрө албасаң сен, Көкчө,
Көөсөрлүк сөздөн кайра кайт!
Көргөнүң болсо, көзүмө айт,
Көрө албасаң, көсөлүм,
Мындай, көкүгөн сөздөн
кайра кайт!
Өлүм эмес, тирисиң,
Эрин эмес, тилимсиң,
Капа болсоң, кайгырам,
Кол тапшырган биримсиң.
Антыңдан кайда качкансың,
Ак динге жолум ачкансың,
Адам айтпас сөз айтып,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Акылдан кандай шашкансың?
Билгиздиң жакшы жолуңду,
Бир кылып туттум колуңду,
Билгизбей союп койсоңчу,
Минтип элге билдирип,
Кайнатпай кара шорумду!
Урматтуу Көкчө улугум,
Урушкандай сөз айтып,
Убайым тартып турумун,
Кайсы экенин билбедим,
Касаптаган мунуңдун,
Калк ичинде мен жалгыз,
Кайсы экенин биле албай,
Айран болуп турумун!
Атпай алач казагың,
Казактардын ичине
Кандай кылган мазагың?
Карап турсам күнөөм жок,
Катаалдык иштен тазамын.
Не түрлүү айткан кебиң – деп,
Эсен-аман элиң – деп,
Не түрлүү кылган ишим бар,
Эми бир айтып бергин?» – деп,
Алмамбет антип сурады,
Ата уулунун баарысы
Апкаарышкан убагы.
Ары баатыр, ары мас,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Азыркысын акылы аз,
Алмамбетке ичи кас.
Көкчөнүн кара сүйлөшүн,
Көргөзүп айткан күнөөсүн:
«Кө .үлдөшүң Акеркеч,
Көтүнө карап жүрөсүң».
Айткан ушу күнөөсүн,
Азгандын кара сүйлөшүн,
Арактын кара мүнөзүн:

«Айкашканың Акеркеч,
Артына карап жүрөсүң!»
Ала деңгил, акыл аз,
Абыдан Көкчө болгон мас.
Кээде келип эсине,
Анда-санда Алмамбет
Бир көрүнөт көзүнө,
Аңдап көргүн ар качан
Масчылыктын сөзүнө,
Акылдан танып эр Көкчө,
Айтар кептин баарысы
Асили кирбей эсине.
Карайлап кетип токтолуп,
Азгырылып ачууга,
Акылы башта жок болуп,
Көзү көрбөй күүгүмдөп,
Көшүгөндөй үргүлөп,
Алмамбет турат кашында,
Айтышкан жакшы башында,
Адам уулу ойлонбо,
Арбын ичип койгон соң
Азбаймын деп, ойлобо
Арак деген ашыңа!
Алмамбет шондо кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Арак деген ачкыл аш,
Акылдан танбай аздан ич,
Акылдан тана ичкен соң
Абийириңден азыр кеч.
Кымыз деген кыйгыл аш,
Кылыктан танбай аздан ич,
Кылыктан танып ичкен соң
Кызматыңдан туура кеч.
Шайтандын кирип бейлине
Жаман ишти кылдың – деп,
Шардана кылдың элиңе.
Төрөм Көкчө, сен турсуң,
Төшөгүң бассам оңомбу,
Төбөмдөн урса кобомбу!
Төгүнгө көңүл бурамбы,
Төбөмдөн урса турамбы!
Агам Көкчө – деп, коюп
Арамдык кылсам оңомбу,
Арбагың урса кобомбу?
Арамга көңүл бурамбы,
Арбагың урса турамбы?
Азезилдин сийдиги
Ашап турган арагың,
Адам шайтан баары олтур,
Ачып көзүң карагын!
Кыйыныраак аш болор,
Кымыз деген тамагың,
Кылып турган кырк жигит
Кыянатын карагын!
Кыянат кылган оңолбос,
Кыямат күндө соо болбос,
Кыйырымдан азган мен жалгыз,
Кытайдан кана маа жолдош?
Арамдык кылган оңолбос,
Акырет күндө соо болбос,
Калкымдан азган мен жалгыз,
Казактан кайда маа жолдош?
Жолдош жок жалгыз бир өзүм,
Жоботту Көкчө бир сөзүң!
Элимден элким бир өзүм,
Нес кылды, Көкчө, бир сөзүң.
Азгандын баары мен болсом,
Арстаным Көкчө, сен болсоң,
Азганча адам өлсөчү,
Айтканга Көкчө көнсөчү!
Тозгондун баары мен болсом,
Жолборсум Көкчө, сен болсоң,
Тозгончо адам өлсөчү,
Же толгонуп Көкчө көнсөчү!»
Алдырган экен ашына,
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк

Көкчө ыргады башына.
Көй кашкага карады,
Көтөрүлө калады,
Жөн эсине бир келип,
Сөз айтууга жарады.
«Ачыгып чыккан арбаксың
Бузулуп калган чарбаксың
Калаба кылып калкыма,
Кайдан келген калмаксың
Кыйырыңдан азган кытайсың,
Кыйла сөздү оттойсуң,
Кытайың жок бул жерде,
Кыругузга кайдан токтойсуң?
Калкыңдан азган каапырсың,
Казакка кантип батырсың,
Каның суудай төгүлүп,
Кара жер болуп жатасың!»
Ачуудан көзүн алайтып,
Алмамбетке аны айтып,
Беттерине карады,
Беш жашар бала эсиндей,
Эсине келе калганы.
«Каңгайдан келген калмакты
Кайт десеңер болбойбу?
Алла эмине сыры бар,
Арыз-абалы бар болсо
Айт десеңер болбойбу!
Кытайдан келген кызыталак,
Кыйыры казак журтума
Эмине үчүн кысталат?
Кет десеңер болбойбу,
Жергесине калмактын
Жет десеңер болбойбу!»
Көкчө сүйлөп бул сөздү,
Көңүлгө тийген куу сөздү,
Көбүнө көзүн салганы,
Көк жал Алмаң сөзүнө
Ачуусу келип калганы:
«Атаңдын көрү, ит Көкчө,
Алдыңкы жерге жит, Көкчө!
Адам болбой кет, Көкчө,
Айныган сенден нээт, Көкчө!
Кара жер сорсун нээтиңди,
Карарткан кудай бетиңди!»
Алмамбет буга келгени,
Аңдап угуп эр Көкчө,
Айтты-койду дебеди.
Жазылган казак канаты,
Жалпы баары бийлери
Алтымыш экен санаты.
Жыйырмасы бек экен,
Жыйылып алып Алмаңа
Кылмак болгон кеп экен.
Кыркы анын бий экен,
Булардын жыйын кылганы
Буудайбектин уйү экен.
Ата уулуга бир карап
Анда Көкчө кеп айтат:
«Айтпайсыңбы, көй төрө,
Азгырчу кулду соо коюп
Адырайып олтурбай
Баарыңды, напат алсын бу көрө!
Карап баарың олтурдуң,
Кажылдатып калмакты
Карап минтип олтурбай
Кайта кой – деп, койбойбу?
Кайтпас болсо калмакты
Кара койдой сойбойбу,
Канын төгүп койбойбу!
Жумуран калгыр журт болбой,
Сураганың ал дечи,
Сурданбай жолго сал дечи!
Каалаганын ал дечи,
Бу кулду, камсыкпай жолго
сал дечи!»
Ал сөзгө келди эр Көкчө,

Анда Алмамбет муну айтат:
«Айныбагын сен, Көкчө!
Айтканыңды бер, Көкчө!
Аркандап келген айым бар,
Майдан тутуп, баш жутуп,
Убада кылган жайым бар.
Күрмөшүп келген күнүм бар,
Күүгүм болжол түнүм бар.
Казатка чыгар касым бар,
Майданга чыгар башым бар.
Сапарга жүрөр салтым бар,
Жакындан болгон жатым бар,
Жан кыйбасам, эр Көкчө,
Сага айтуута датым бар.
Каалаганым Көгала,
Камсыкканым көк күбө,
Атыңды берчи минейин,
Арстандыгың билейин.
Тонуңду берчи киейин,
Тойгондугуң билейин.
Башымды катпай сактанып,
Басташып жүргөн душманга
Барып мен бир келейин.
Баркымды айтып мактанып,
Жанымды катпай сактанып,
Жанчышып жүргөн душманга
Жайымды айтып мактанып,
Барайын да, келейин,
Баркын билип берейин.
Карады Көкчө калкына.
Кан Алмамбет кеп айтат:
«Каалаганым Көгала ат,
Калайык уксаң – деп, айтат.
Башында бай Дербиштин
малы экен,
Маралдай сыны бар экен.
Тайында кунанга илинип,
Күлүктүгү билинип,
Кунанында аттап чыгыптыр,
Куюндай учат экен – деп,
Кутманбай жайын угуптур.
Жеткире берип колкосун,
Текечи каалап алыптыр,
Текечи кулдун колунан
Сен алыпсың барк менен,
Алыптырсың күлүк – деп,
Адамдар айткан даң менен,
Алты тогуз мал менен.
Бокмурундун тоюнда-
Кең Ташкендин оюнда
Көй күлүктөн чыгыптыр,
Көтөргөн туусун жыгыптыр.
Ошол атың Көгала
Берип көрчү минейин,
Берендигиң билейин!
Айтты көзөп Алмамбет,
Анда Көкчө муну айтат:
«Айбан чалыш калмак – деп,
Алмурут чыккан жерлерге
Ит мурут чыгат дечүэле,
Ит ичпей турган ашынан
Үмүт этет дечү эле.
Арстандын баскан жеринен
Аюу жойлоп турарбы,
Атымды сурап бул калмак,
Ата, мындай кудай урарбы?»
Бул сөздү айтып салганы,
Арстан Алма баатырдын
Ачуусу келип калганы.
Жаалы чыгып сөзүнөн,
Жалын чыгып көзүнөн:
«Кирбедим, Көкчө, ойнуңа,
Анты-шертиң мойнуңа.
Алмурут Көкчө сен болсоң,
Ит мурут жыгач мен болсом,
Мен да куруп калайын-

Ит Көкчө, сенден кем болсом!
Арстан Көкчөм, сен болсоң,
Лапшыган аюу мен болсом,
Аныктап арбак урган го
Айбаным сенден кем болсом!
Элиңде туруп эркексиң,
Мааланда туруп баатырсың,
Бастырып карыш сен чыксаң
Кош бою бар катынсың,
Короондо болгон коңшуңа
Коржондогон каапырсың.
Кут болсун өлбөй тирлигиң,
Куп кылар элем бул жерде,
Кудай кошкон бирлигиң!
Оң баштаган солбу – деп,
Оюнум Көкчө болду – деп,
Ушу сөздү кылууга
Алып келгин колду» – деп,
Алмамбет колун сунуптур,
Алмамбетке кол берип,
Көтөрүп алып көөдөнүн
Көкчө баатыр туруптур.
Алмамбет колун кармады,
Алла кандай болом – деп,
Артын санап калбады.
«Коколору көнөктөй,
Коңгуроолуу кара нар,
Бирөө билге барабар,
Жалаң төөң миң болду,
Арбагың журтка дүң болду.
Алты жүз эле жылкыңыз,
Азыр алты миң болду,
Арбагың журтка дүң болду.
Айбан Көкчө, ойлоп көр,
Ага себеп ким болду?
Берген кудай, мен себеп,
Жанымды кылып шишкебеп,
Өз элимди өрттөдүм,
Жат элимди жалмадым,
Сансыган түрктүн ичинен
Сасыган сени кармадым,
Иттигиң билбей баш коюп,
Ичимде болсун арманым.
Азыз кандын уулу элем,
Азып келип туру элем.
Ырасын айтсам сөзүмдүн
Ырыска шерик кул элем.
Токумдарын кайыптыр,
Томаягың байыптыр,
Жолборс Көкчө – деп келип,
Жолунан мен кул тайыптыр.
Кетечисин кайыптыр,
Кедейлериң байыптыр,
Күчүгүң сүткө тийген жок,
Күңдөрүң илек кийген жок.
Балдарың майга карабай,
Катындар каймак жалабай,
Келинге тайлак байлаттым,
Кемпирге куйрук чайнаттым,
Берген кудай, мен себеп,
Кедейге миң кой айдаттым.
Чарбадарың бай кылдым,
Чайнаганың май кылдым.
Казакка кылып кызматты,
Калкыңды багып жүргөндө
Кай жеримден тайгылттым?
Кызматым билбей кыйнадың,
Мээнетим билбей беттедиң,
Бекерче мени жектедиң.
Куру кетчү мен эмес,
Куба кетип малыңды,
Кутурупсуң эр Көкчө,
Куп ченээрмин алыңды.
Арзан кетчү мен эмес,
Айдай кетип малыңды,
Алсыратып алыңды,

Жоктугуңду билдирип
Жолборсум Көкчө арыңды,
Жобототормун карыңды,
Жоготормун баарыңды.
Укуругуң шиш кылып,
Унуткусуз иш кылып,
Керегелүү кең үйүң
Кериге жаңсай жыкпасам,
Кекенчим мингип чыкпасам.
Босоголуу боз үйүң
Боорго жаңсай жыкпасам,
Куюктуруп кулунун,
Кууп алып жылкыңды,
Кумардан минтип чыкпасам.
Ат байлабас ак отооң
Аралды бойлой жыкпасам,
Арманда өтөт экенмин,
Аяп сени нетемин?
Сурасам бербес Көгала
Суук укурук салбасам,
Суурултуп ылоо минбесем,
Кааласам бербес Көгала
Кас укурук илбесем,
Карматып ылоо минбесем,
Ийним тийбес көк күбөң
Көөдөнгө тээп чечпесем,
Алмамбет атым курусун
Көкчө сенден кечпесем».
Алмамбет салып айгайды,
Айбаты басып далайды,
Жыйырмасы бек, кыркы бий,
Кереге-уугу кычырап
Буудайбектин тиккен үй,
Чыдай албай көй баатыр
Чыгарга эшик жок болуп,
Кара чаар жолборстой
Кан Алмамбет октолуп,
Көкчөдөн коркуп чыга албай
Көй төрө араң токтолуп,
Алмамбет айгай салыптыр,
Алиги турган көй баатыр
Алла эмине кылат – деп,
Ачууланса бу калмак
Баарыбызды кырат – деп,
Кыйгач карап кылтыйып,
Кылыч, бычак, канжары
Жеңинен учу жылтыйып,
Акеркеч Көкчө жары экен,
Акылга дыйкан жан экен,
Акеркечке кызматкер
Куйту күң деген бар экен.
Эми келген Куйту күң
Эки көнөк суу алып,
Эр Көкчө менен Алмамбет
Эрегишкен сурданып,
Куйту энең куюп суусуну,
Буудайбектин үйүнөн
Бузук угуп чуусуну,
Куйту энең кулак салыптыр,
Капшытын ачып Куйту күң
Шыкаалап көрүп алыптыр.
Канжар, бычак кармашып,
Каны тартып ичине,
Алмамбетти камашып
Арасына алыптыр,
Айланасы бүт душман,
Алкынып Алмаң калыптыр.
Аны көрүп Куйту күң
Алган суусун көтөрүп,
Акеркечке барыптыр:
«Кырк сиркеңдин үйүнөн
Кызык чыгып калыптыр,
Буудайбек айтып күбөлүк,
Бузук чыгып алыптыр.
Канжар, бычак кармашып,
Катыла албай жармашып,

Ата уулудан алтымыш,
Алмамбет турат жапжалгыз.
Эл билгенден элүү бар,
Эрегишип алыптыр,
Калк билгенден канчасы
Камалашып калыптыр,
Оён Алмаң жалгызды
Ортосуна алыптыр.
Ойлору бузук көрүнөт,
Кол салууга дапдаяр
Обдулушуп калыптыр».
Куйту кебин укканы,
Кулдарды кудай алсын – деп,
Акеркеч басып чыкканы.
Дарайы көйнөк делбиреп,
Саамай чачы желбиреп,
Сөз айтууга жашырык,
Түлкүдөй изин жашырып
Эркеч келип ушундан,
Эр Көкчөнүн тушунан,
Капшытын ачып алганы,
Акеркеч добуш салганы:
«Көкчө баатыр не болдуң,
Акылың кайда жоголдуң?
Асылганың бир киши,
Ааламга машур ар жерде
Алмамбет кылган ар иши!
Алмамбет сага не кылды,
Азган менен тозгонду
Алындырып эл кылды,
Сары-Арка бардың самсаалап,
Алтайды кайта жер кылды,
Андан бөлөк не кылды?
Келинге кете кийгизди,
Керегин журтка тийгизди,
Кеңирсип жаткан калмактын
Келтирип берип жылкысын
Кер жорго атын мингизди,
Кенендигин билгизди.
Кызыңа кызыл кийгизди,
Кызматын журтка тийгизди,
Кыжылдап жаткан кытайдын
Кыйбат баа атын мингизди,
Кыйындыгын билгизди.
Султанга суп тон кийгизди,
Зубун-зубун калмактын
Суусунан жылкы тийгизди,
Сур жорго атын мингизди,
Султандыгын билгизди.
Көчө албаган казакты
Көк жайыкка жайлатты,
Көңтөрө миң кой айдатты,
Танасы жок казакка
Таптатып күлүк байлатты.
Алмамбет сага табылган
Атактуу Көкчө багыңа,
Атаңдай берип энчини,
Аркасы тийди баарыңа.
Кутмандыгын билгизди,
Ыңырчаксыз казакка
Куранды ээр мингизди,
Ардактаган бийлериң
Аркасын кимге тийгизди,
Акимсип жүргөн калмакты
Ийинине сийгизди.
Душманды басып кем кылды,
Тууганыңа дем кылды,
Тумшугу жок бир жансың,
Азып келген Алмамбет
Андан бөлөк не кылды?
Өмдөп алып казагың
Өлтүрсөк – деп, дем кылып,
Кайраты болсо казагың
Каспаңга барса болбойбу,
Касташары Коң төрө,
Кара чоктуу калмакка

Калкка болгон чоң төрө,
Мына ошого барбайбы.
Үргүлтүп жылкы албайбы,
Үйүңдө кулга таптанбай
Үйүрлөп жаткан кытайды
Үстүн-астын салбайбы.
Балбан болсо казагың,
Жолойдун берип азабын,
Күрөшкөнүн жыкпайбы,
Үйүңө келген бир жалгыз,
Сактап койсо кудурет
Азелде жазуу болбосо,
Аман-эсен чыкпайбы.
Албайсыңбы сөзүмдү,
Ачпайсыңбы көзүңдү,
Жыгылууга жапжакын
Көрүп турмун өзүңдү,
Көк жал эрге сен айттың
Көөдөкчүлүк сөзүңдү».
Акеркеч үңдөп эшиктен,
Ачып туруп тешиктен
Бул сөздү айтып салганы,
Буруп Көкчө мойнуну
Катынга карап алганы:
«Баштабайт катын элимди,
Баштатан билем эбиңди,
Башын жуткан жатыр – деп,
Айрууга келген экенсиң
Алмамбет арам эриңди!
Соо койбосмун эриңди,
Соёрмун сенин териңди!
Азап салсам аябай
Акыры сенин көрөрмүн
Айырып алар жериңди!
Ачуум келген меники,
Арамдык сөз – деп, сеники.
Ак жуптуң алар тендики,
Арбыган куртуң сеники,
Аз келген экен меники.
Далайга жашың барганда,
Жандама күтүп карыганда,
Ачылар акыр көзүңүз
Карыныңа канжар салганда,
Карматып алып жарганда,
Жаман жериң тилгенде,
Жайымды шондо билерсиң
Жайдак атка мингенде,
Этегиңди өөдө түргөндө,
Эсиңе шондо киерсиң
Эл кыдырып жүргөндө,
Эриңе болушкандыгың
Эл ичинде билинди
Эсер күң, эми сүйлөбө!»
Муну айтып Көкчө, шылк этип
Башы тийди жаздыкка,
Көзү жеткен Акеркеч
Буудайбек кылган кастыкка:
«Көчүңө катар нар чирке,
Көрбөдүм беле кырк сирке!
Өзүм арттым сиркеңди,
Өрнөгүң журтка тийгени,
Ак кишини каралап,
Сак кишини жаралап,
Өмдөгөн менен казагың
Өлтүрсөң үстөм болгонуң,
Өлбөй кытай кутулса
Көрөрбүз да, туярбыз
Көй төрөң өргүй койгонун,
Көрүп турар Акеркеч
Көкчөңдүн мыкты болгонун!»
Бул сөздү айтып салганы,
Эсине келип эр Көкчө,
Баш көтөрүп алганы,
Кеттиби жана калмак? – деп,
Алмаңды көрө калганы.
Көрө сала кеп айтат

Көкчө баатыр нени айтат:
«Кытайды кудай урабы,
Кылганы мага турабы?
Калмакты кудай урабы,
Катылганы турабы?
Кет дегенге не кетпейт,
Кесенип калмак не кектейт?
Чык дегенге не чыкпайт,
Чырмалып калмак не ыктайт,
Чык деген кепти не укпайт?
Бел ашса буудан арбайбы,
Меники деди ар жайды,
Бери ургандай бу кытай
Бергени болсо албайбы!
Мени камап олтурбай
Мындай, бери ургур
жолго салбайбы!»
Көкчө сүйлөп калганы:
«Айтканыңдан жанба – деп,
Бергениңди ал дедиң,
Убадаңды танба – деп,
Айтканың жакшы болду – деп,
Алып кел Көкчө колду» – деп,
Алмамбет баатыр кол сунду,
Кол берип Көкчө озунду.
Алмамбет турган ордунан,
Төшөктө Көкчө олтурду.
Кармап колун Көкчөнүн
Кан Алмамбет силкиптир.
Калбаны катуу баштады,
Силкkенинде оң колу
Үзүлүп кете жастады,
Көк сүлөөсүн кундуз бөрк
Учуп түштү баштагы.
Арак аскан отуна
Анча-мынча чалдыкты,
Ага Көкчө ардыкты.
Акылы кетип азыраак,
Арак ичкен масыраак,
Абыдан чындап тарыкты
«Кулду карма, муузда!» – деп,
Көбүнө кылды жарлыкты.
«Кайда кетти Карабек,
Кармасын – деп, кучактап,
Тентиреген бу кулду
Тез өлтүр! – деп, бычактап.
Качпасын чыгып жылыштап,
Канын төк – деп, кылычтап,
Канжар сал – деп, кардына»
Каардады Көкчө баарына.
Байкаган бою дүркүрөп,
Мас болгон нардай күркүрөп,
Алмамбет турду ордунан
Ооздон оту буркурап,
Көөрүктөн чыккан жалындай
Көздөн оту шыркырап.
Эгесин эске алганы,
Эне-атасын кыйраткан,
Кыжылдаган кытайдын
Кыз-катынын ыйлаткан
Белгиси келди бетине,
Жанбай турган мүнөзү
Жаман келди нээтине.
Көөдөнгө урса баш жарган,
Жыгачка урса таш жарган
Сууруп алды кылычын,
Карап тургун көптөгөн
Казактардын кылышын:
Катындардай ыргытып
Капшыттан урду кылычты.
Кашына келген бир жан жок,
Кармай турган тири жан жок.
Тушуна келер бир жан жок,
Тута турган тири жан жок,
Ылактырып ыргытып
Урду канжар-бычагын.

Жалпагы тийип шалдырап,
Канжарлар жерге төгүлдү,
Калды жайнап жалтырап.
Сабы тийип кай бирөө
Сайылды учу жерге түз,
Алмамбетке келиптир
Жараткан берген каар жүз.
Учу тийип кай бирөө
Убаланды жер жакка,
Ушунда Алмаң ойлонду,
Жоктон минтип бар кылган
Жолдошум Алла сен сакта,
Алдам жолдош болбосоң
Азыр билдим оңбосум,
Азыздардын арбагы
Аманатын колдосун!
Ылактырган-ыргыткан
Ушу турган канча жан,
Казактардын жарагын
Тушарга чыкты карагын.
Өлтүрмөк экен иттер – деп,
Өткүр Алмаң ойлонуп,
«Кан Көкчөсүн баш кылып,
Катарда болгон кишисин
Капилеттен кырармын,
Касчылыкты кылармын,
Каапыр менен мусулман-
Калк баарына жоо болсом
Кайда барып тынармын,
Азыр турган жаш чыбык,
Муунум катып куурасам,
Ийилбестен сынармын.
Итчилик кылса бу кылсын,
Азыр сабыр кылайын,
Акыреттин камы үчүн
Арапка барып тынайын.
Түк болбоду түрк уулу,
Түп тутпайын мен муну.
Аркалап жүрүп алачты,
Ант ургурдун баарысы
Намысына талашты.
Кара тутсам казакты,
Каны Көкчө баш болуп,
Казак салды азапты.
Кааладым Көкчө кан үчүн,
Кааладым беле кандыкты,
Каапырга койбой тамтыкты,
Аманат кара жан үчүн,
Азып чыктым аны үчүн,
Баашалыктан мен кечтим
Байкуш кара жан үчүн.
Өлөңдүү жерди өрттөбөй
Өзүм жүрүп кетейин,
Канын жүктөп казактын
Кар болуудан кечейин!»
Эч бирөөнө карабай
Эшикти көздөй бет алды,
Жолугарга бир жан жок,
Жолун тосор тири жан жок.
Алмамбет баскан жол жагын
Ача берди казактар,
Каарына тура албай
Кача берди казактар.
Эр Көкчөнүн Карагул,
Төрт көнөк сүт көтөрүп
Эшиктен келди мына бул.
Өңдөрү сары чөп болуп,
Өкүнүчтүүсү көп болуп,
Алмамбеттен жалтанып,
Ата уулулар кол салбай
Алдырашып калыптыр,
Карап алып бир бирин
Жалдырашып калыптыр.
Карагул көрдү буларды,
Бир кишини куткарып
Буларды кудай урарбы,

Жалгыз жанга кол салбай
Жалтанып карап турарбы!
Бир сайганда өлбөйбү
Билегинде күч болсо,
Кармабастан жутпайбы
Канжарында уч болсо!
«Каалганы мен тостум,
Кармагын – деп, кучактап,
Өлтүргүн – деп, бычактап,
Учтагын – деп, кучактап,
Ур, өлтүр – деп, бычактап».
Каалгасын жапканы,
Карагул өлүм тапканы,
Эки колун жазганы,
Байкап көрсөң ошого
Башын кармап босого
Эки колун кериптир,
Чыгарбай кулду өлтүр – деп,
Элине кайрат бериптир.
Ажал эмей неткени,
Арт жагынан Алмамбет
Арыштай басып жеткени,
Арам кул, арың кеткир – деп,
Аркадан ары тепкени.
Чобдор өтүк такасыз,
Чоюлуп Алмаң тепкени,
Чортоңдогон Карагул
Бет алдынан кеткени.
Каалгага капшырып,
Катуу тепкен жапшырып.
Каалгасы карт этип,
Кабыргасы кырт этип,
Боконосу борт этип,
Богу кеткен борк этип.
Карагулду нан кылды,
Каалгасын кан кылды,
Кас шумкарды качырып
Казактар эстен жаңылды,
Буластаган Буудайбек
Баш босого жарылды,
Жалган күбө бергеним
Жарабаган экен – деп,
Буудайбек ойлоп сабылды,
Эшикке чыгып Алмамбет
Эгесине жалынды.
Көтөргүн – деп, башыңы
Көй кашканын баарысы
Карагулга жабылды.
Көтөргөнгө болобу,
Нан болуптур Карагул,
Алмамбет тепкен оңобу.
Каны чыгып шоркурап,
Богу чыгып боркурап,
Шилисин тартып Карагул,
Жаны чыкты коркурап.
Карагул өлүп калганы,
Аяк-башын тарткын деп,
Жакшылар айтып салганы.
Акыл кеткен аз Көкчө,
Ала деңгил мас Көкчө
Кобураган сөздөрүн,
Карагулга каралаш,
Кармалашкан аралаш
Көкчө көзүн салыптыр,
Баш көтөрүп алыптыр,
Не кылып жатасыңар – деп,
Эрлерден сурап калыптыр.
Төлөңгүттөр, төрөлөр,
Жообун айтып салыптыр:
«Калмак кул түпкө жетти – деп,
Абакебиз Карагул,
Өлтүрө тээп кетти – деп.
Мурапыны өлтүрүп,
Мурдар кул түпкө жетти!» – деп,
Жигиттер айтып салганы.
Өлсө өлгөнүн көрөрбүз,

Көлөкөгө чыгаргын,
Кечки салкын маалда
Көр каздырып көмөрбүз.
Үйдүн көлөкөсүнө
Үзүктөн жабуу жаптырды,
Карагулдун өлүгүн
Калдайтып барып жаткырды.
Айрылдык калмак кулдан – деп,
Ата уулу калды шаттанып,
Казатка минер Кылжейрен
Алмамбет атка аттанып,
Көңүлгө түшкөн алам – деп,
Көй төрө бузду, арам – деп,
Эр Алмамбет ойлонуп
Эми кайда барам? – деп,
Атка минип алганы.
Баатырлык кылдым жекеге,
Бармак болуп Мекеге
Оюна аны алыптыр,
Оолжуй басып Акеркеч
Ордодон чыгып калыптыр.
Көй кашканын баары мас,
Көкчө баштан акылы аз.
Арзан жумуш болбостой,
Атка минип Алмамбет,
Ач арстан жолборстой,
Аттанып алып туруптур.
Дарайы көйнөк шоодурап,
Караса көзү жоодурап,
Булаңдай басып Акеркеч:
«Бура тарткын, аяш!» – деп,
Акеркеч наалып кеп айтып:
«Аттанып сыз – деп, айтып:
Атадан бала таарынчу,
Алыска кайда баруучу?
Агадан ини таарынат,
Ар кандай кызмат кылса да
Ага кайдан табылат?
Анык өзүң көрдүңүз
Ата уулунун кастыгын,
Көзүң көрүп турасың
Көкчөнүн көкүш мастыгын,
Баарын көрдүң алачтын
Баанайынын бастыгын.
Күүлдөгөн эр эле,
Көңдөй челек неме эле.
Мурун келип ким айтса
Анын кебин сүйлөгөн,
Ашкере жаман болбосо
Атакемдин бул уулун
Ар ким ишин бийлеген.
Бийлеп жүрдүң ишини,
Башкарып жүрдүң ашыны,
Которулба тил алсаң,
Кошо билдиң башыны,
Кокус уруш болдум – деп,
Козголушуң жакшыбы?
Аталуу бала урушат,
Агалуу-ини жулушат,
Анткен менен кетеби,
Айланышып турушат.
Энчиге малын бөлүшөт,
Эки ага-ини өлүшөт,
Не түрлүү уруш болсо да
Эртеси өңүн көрүшөт,
Өлүп калса бир бирин
Өкүрүп ыйлап, көмүшөт.
Улук-кичик бир бирин
Урматташып көрүшөт,
Өөдөрөөгү иш кылса
Өкүмүнө көнүшөт.
Орто Азия Түркстан,
Ойдо-тоодо элибиз,
Оолугуп кокус келдиңиз,
Ойрон болсун бегибиз,
Оозу жижиң элибиз.

Кызыл чоктуу ойроттун
Кызматынан келдиңиз,
Кылчайбай атка минишиң
Келбес бекен эбиңиз,
Бир сапарга ачууңду
Минтпей, мага бериңиз?!
Атаңыз калды бейкабар,
Азган жан кайдан жай табар?
Энеңиз калды бейкабар,
Элирген кайдан жай табар?
Мас тараса соо болор,
Кар тараса тоо болор,
Калаба кылган ким болсо
Карышкан кара доо болор,
Кастыктан Көкчө мас болгон,
Кайраты толуп оңолор.
Жаманга сени кыя албас,
Жарыкылар оңбо – деп,
Жашын Көкчө тыя албас,
Бузукка сени кыя албас,
Бугу ичине сыя албас,
Бузукулар оңбо – деп,
Муңданып Көкчө тыйылбас».
Акеркеч тосуп муну айтты,
Алмамбетти муңайтты.
«Учуруп жүргөн ушакты,
Айтып жүргөн айыңды,
Амандыгың билген соң,
Абыдан билер жайыңды,
Артыңа түшкөн кырк жигит,
Түгөтөр анын сайыны,
Кекээрдеп жүрүп кетирер
Кесек иттин шайыны.
Узакта жолго саларсың,
Кул качарман деген сөз,
Кул экен, качып кетти – деп,
Ушу кепке каларсың.
Күң айтат экен өлөм – деп,
Күлдү журтка макал кеп,
Күйүкпөй, аяш, койгун – деп,
Көтөргөн бириң Шаймерден,
Көкчөдөй чыкпас көп жерден,
Көзүңө айтар жамандык,
Артыңа тилээр амандык.
Астыңа айтар жамандык,
Артыңдан тилээр амандык.
Кайрылбай кетсең Көкчөгө
Кайгыга таштап саларсың,
Канча жаман айтса да,
Калкын колго аларсың.
Элебей кетсең Көкчөгө
Эсер кылып саларсың,
Эгер сенден жан өтпөс,
Элиңди кайтып аларсың.
Калкыңды кайта тутарсың,
Кас кылгандын баарысын
Кааласаң башын жутарсың.
Элиңди кайта тутарсың,
Эрегишкен иттерди
Эстесең башын жутарсың».
Алмамбетке жолгошуп,
Акеркеч айтты жол тосуп.
Калып көөнү Көкчөдөн,
Мастыгынан айтат – деп,
Канчалык кебин өткөргөн,
Канжар менен бычакты
Так тушардан көз көргөн,
Албарс тийген боюна,
Арстан Алма султандын
Ар нерсе түшүп оюна,
Кылыч тийген кырына,
Бектердин кылган чырына,
Көзүн жаштап Алмамбет
Көкчөнүн кылган сырына:
«Калмакты салып бөлүмгө,
Кара күчкө жүрүпмүн

Кара башым өлүмгө.
Маңгулду салып бөлүмгө,
Басып тирүү жүрүпмүн
Башымды байлап өлүмгө.
Башкадан болсо өлбөйбү
Маа тийген канжар бычакка,
Кылыч, канжар баарысы
Батар эмес кучакка.
Кармап колун салбады,
Жалпы баары тие албай,
Жанын аяп калганы.
Жан аябай ким тийсе,
Чын эле тирүү калбасы,
Анык эле Акеркеч,
Алмамбет туруп албасы.
Таянганым Көкчөбү,
Так куткарды кудай» – деп,
Алмамбет наалып өксөдү.
«Ишенгеним Көкчөбү,
Ишим актан чыктым» – деп,
Имерилип өксөдү.
«Чачылган соң кура албайм,
Шаттыкка көңүл бура албайм,
Так Сулайман кылса да
Көкчөгө карап тура албайм.
Кубанычка көңүл бура албайм,
Токтоого дүкөн кура албайм,
Искендер изин берсе да
Имерилип тура албайм.
Аман болгун жеңе – деп,
Асылы токто дебе» – деп,
Эр Алмамбет муну айтат,
Эркечти кошо муңайтат.
«Толгонуп жоктур өнүмүм,
Токтолсом болор өлүмүм.
Кайтадан болбос өнүмүм,
Кайрылсам болор өлүмүм».
Бурулбасы билинип,
Акеркечтин сөзүнө
Муңканып араң илинип,
Кетмекчи болгон Алмамбет,
Акеркеч наалып айтат кеп:
«Жарашып калган жериң жок,
Жакшы айтышкан эриң жок,
Же жайнаган кытай элиң жок,
Жалгыз кетүү эбиң жок.
Түрк улуунун элинде
Түркстандын жеринде
Жээниң да жок, тайың жок,
Жердеп турар жайың жок.
Баш калкалаар байың жок,
Батып турар жайың жок.
Бөлөктү койдум бөлө жок,
Эңкейип кетсең жөлөө жок,
Кайда бара турганың,
Кайрылар жок тууганың,
Кай жерде болот турагың?
Айтып кетсең экен – деп,
Кадаланып сураарым.
Баса турган жолуңду,
Макулдап сурайм жообуңду.
Казы кылып кудурет,
Каапырдан ачкан жолуңду.
Урматың үчүн улайын,
Уккан, көргөн эл болсо
Ушундай жерге бармак – деп,
Уламалап сурайын.
Кадырың үчүн угайын,
Кайгырайын, турайын,
Как ушу жерде болмок – деп,
Кабарыңды сурайын,
Аны үчүн азыр сураймын».
Ал сөздү айтып Акеркеч,
Айыбы ургаачы болбосо
Андан чыгар көп кеңеш.
Ол сөздү угуп Алмамбет,

Акеркечтен башканы
Ар жерге барса жан дебес:
«Сурадыңбарар жеримди,
Султандын уккун кебини,
Сураба жеңе – дедиби.
Куруган кара башым бар,
Кургабай аккан жашым бар,
Жакындан чыккан касым бар,
Тарабай ичкен масым бар,
Ышкы тийген өзүм бар,
Ыйлоодо жүргөн көзүм бар,
Арманда айткан сөзүм бар.
Арман эмей неткеним,
Ата-энемден кечкеним!
Акыреттин камы үчүн,
Аманат курган жан үчүн
Азганмын элден ан үчүн.
Өз элимди өрттөдүм,
Жат элимди жалмадым,
Жан бурадар Көкчө – деп,
Жайсыз жерди кармадым.
Батарыма тоо да жок,
Барарыма жер да жок,
Баш калкалаар эл да жок.
Текөөрү болот шумкардай
Тегеренип учармын,
Терек көрсөм конормун,
Тербелбестен көтөрсө
Ошого жолдош болормун.
Канаты күмүш ак туйгун
Калкылдап кайып учармын,
Кайыптуу жерге узаармын,
Кайыңды көрсөм конормун,
Кайышпай кайың көтөрсө
Как ошо жерде болормун.
Алмабаш мылтык сундурдум
Аска ташта текеге,
Акыреттин камы үчүн
Аттанып чыктым Мекеге.
Жеткирсе кудай талапка,
Кайта барар дейсиңби
Каапыр кытай талакка,
Ар ишин көрүп, аралап
Алты бөлмө арапка,
Берсе кудай нээтимди,
Медийна салып бетимди,
Бербердигер колдосун
Мендей карып жетимди.
Кыдырып Кырым жеринен,
Узасам Рум элинен,
Ажыларга кошулсам
Шор дарыя көлүнөн,
Бетим терге жуулса
Мекенин ысык чөлүнөн.
Барса бенде көрбөйбү
Бар кудаанын амырын,
Башымды таяп ыйласам
Байгамбардын кабырын.
Ак амырын көрөрмүн,
Ал тилекке жетпесем
Асирет менен өлөрмүн,
Аман бол, жеңе, жөнөйүн».
Ал сөзгө Алмаң келгени
Кара жашы төгүлүп,
Кадырын билер Акеркеч
Кабыргасы сөгүлүп,
Кайышып көңүл бөлүнүп:
«Катын эмес, эр болсом,
Кан Көкчөдөй мен болсом
Канетер элем Алмамбет!
Таамай ук айткан сөзүмдү,
Жараткан жалгыз Аллага
Тапшырдым аяш өзүңдү!
Артыңа түштү көп шайтан,
Көрүнөө күнөө кылсаң да
Көтөрө турган эрди айтам.

Артыңа түшкөн көп шайтан,
Ашкере күнөө кылсаң да
Ардыкпай турган эрди айтам.
Талкаласаң талыгып
Тартынбай турган элди айтам,
Так ошондой эл күткөн
Таалайы артык эрди айтам,
Талаалатып жибербей,
Сага аяш сырым шол,
Таяна турган жерди айтам.
Аралап көрдүң алачты,
Арамзаада жыйылып
Ажалга сени баалашты,
Көрбөй өтүп кетпегин
Көкжал төрө Манасты.
Бай Жакыптан туулган,
Маңгул менен кытайга
Башынан салган чуулган,
Тогуз жашта токтолгон,
Согушкан душман жок болгон,
Он жашында октолгон,
Ок аткан душман жок болгон,
Он бирине келгенде
Оюна кудай бергенде
Терең акыл ойлогон,
Тегишкен жоосу сойлогон,
Он экиге келгенде
Желең сууну бойлогон,
Кыргыздын журтун башкарып,
Калмакты чаап, тойлогон,
Кас кылгандын баарысы
Капилет өлүп сойлогон,
Он үчүндө мүчөгөн,
Оттой жанып түтөгөн,
Баш көтөртпөй душманын
Барган сайын күчөгөн,
Жыйырмада баш болгон,
Жылбаган кара таш болгон,
Отуз жашта бул күндө,
Ордолуу орчун кан болгон,
Ойротко сөзү даң болгон,
Казакты бөлүп кыргыздан,
Катарда жок Көкчөнү
Кан атантып тургузган,
Тоодон улук иш кылсаң
Ашырганын жан билбейт,
Эр өлтүрсөң, кан төксөң
Жашырганын жан билбейт,
Айдаркандын Көкчөдөй
Алтымышын көзгө илбейт.
Суудан улук иш кылсаң
Кечиргенин жан билбейт,
Жамандык кылсаң, жакшылык
Келтиргенин жан билбейт,
Талабына жигитти
Жеткиргенин жан билбейт.
Төрүнө өтсөң жектебес,
Төшөгүң бассаң кектебес,
Кейишке салсаң кет дебес,
Бүлүндүрсөң кейибес,
Мүнөзү жумшак нөл болгон,
Төгүп жатсаң тосулбас,
Дарыя чалкар көл болгон.
Кадырың билер как ошо,
Канзааданын баарысы
Кашында жүрөт аа кошо.
Бейлиңди билер бек ошо,
Бекзааданын баарысы
Бетинде жүрөт аа кошо».
Акеркеч аны сөздөдү,
Алмамбет сөзүн көздөдү:
«Көкчөдөн көргөн күнүм бул,
Көсөмгө кантип барамын?
Өлөңдүү жерге өрт койгон
Көсөлгө кантип барамын?
Өзөндүү жерди өрттөгөн

Өткүр неме дечү эле,
Өз элине чуу салган
Жеткир неме дечү эле.
Кара сууга кан куйган
Канкор неме дечү эле,
Калайыкка чаң салган
Анткор неме дечү эле.
Ушу дүйнө жалгандын
Урматынан кечейин,
Улук шаар Мекеге
Узап кирип кетейин.
Каалагандын баары бар,
Канча түрлүү шаары бар,
Карасы бар, каны бар,
Кадыр Алла жараткан
Канча түрлүү жаны бар.
Мусулман бар, каапыр бар,
Бу дүйнөгө жаралган
Бенденин баары такыр бар.
Сонуну болсо көрөйүн,
Сооп издеп жөнөйүн,
Ажалым болсо өлөйүн,
Акыретке жөнөйүн,
Айдаркан уулу Көкчөгө
Айланышпай өлөйүн.
Манас да алач, бу да алач,
Орто Азия, Түркстан,
Ойлоп турсам жуда алач.
Айгырдан качкан байталдай,
Аалимден качкан шайтандай
Биринен качып, бирине,
Нарынан качып, билине
Барган менен нетейин?
Башымды алып кутулуп
Башка бир жакка кетейин».
Анда Акеркеч муну айтып,
Наалып турду муңайып:
«Ак жибектен тор жайдым
Абада туйгун кушума,
Эмики сөзгө көнбөсөң
Тапшырам аяш тузума.
Кыргыз, казак туушкан,
Кызыр чалган мурунтан,
Таарынганың Көкчөнү
Башынан арбак унуткан.
Жакшысын билбей, жаман – деп,
Жадатканың кандай кеп?
Жаманын билбей, жакшы – деп,
Жиндисин билбей, бакшы – деп,
Тийишкениң кандай кеп?
Токсон уруу өзүбек,
Өзүбекти сүйлөгөн
Түрк баласы өзү – деп,
Баш койдум аяш сен үчүн,
Манаска барып тийип өт
Башканы коюп, мен үчүн,
Жакшыны жаман дегениң,
Жарабас аяш бул күчүң.
Насиятым тыңдап өт,
Азат боюң чыңдап өт,
Арстан Манас баатырды
Аз имерип сындап өт.
Билимдүүлөр кеп айткан,
Миң күнчүлүк бейиштен
Бир күнкү жарык – деп, айткан,
Билбесе алар нени айткан.
Алар Манас барыкка,
Теңебе Көкчө тарыкка,
Теңирден ажал жетпесе
Турганың жакшы жарыкка.
Жарыктыктан кечпегин,
Жаалданып кетпегин,
Тарчылыкка жетпегин,
Азыркы күндө башың жаш,
Аманат жандан кечпегин».
Ал сөздү айтып Акеркеч

Алмамбетти торгоду.
«Акеркеч жеңе сен үчүн,
Баянын айтып Манастын
Баш катырдың мен үчүн,
Тийсе тийип өтөйүн,
Тим таштап кантип кетейин.
Байкаармын баатырыңызды,
Аңдаармын айткан кишиңди,
Азыр кантип мен барам,
Кыйла сынап көрөрмүн
Кыйындардын ишини».
Ушуну айтып Алмамбет,
Нар төөдөй боздошуп:
«Аман болгун жеңе!» – деп,
Акеркеч менен коштошуп,
Алмамбет жолго салыптыр.
Ыргала басып Акеркеч,
Ыңгыранып кайгырып,
Урсун кудай Көкчөнү,
Ырыскыдан айрылып,
Талабы журттан бөксө – деп,
Таалайы качкан Көкчө – деп,
Үй жакка бетти бурушуп,
Мас болуп жаткан Көкчөгө
Басып жүрүп Акеркеч,
Кайбана тыштан урушуп,
Акеркеч кирди ордого,
Алмамбет түшүп чоң жолго,
Үйүнөн чыктым Көкчөнүн
Ачууланып урушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп.
Коркуткан болуп нетейин,
Кош – деп, коюп кетейин,
Ойлонуп аны Алмамбет,
Азыр жок анда жаман нээт,
Кайра тартып калыптыр,
Каз моюндуу Кылжейрен,
Камчыны санга салыптыр.
Бастырганда Кылжейрен
Маралдай башы маңкайып,
Шамдай кулак шаңкайып,
Келишкен сонун мал экен
Кең соорусу даңкайып.
Жаалы катуу жүзүндө,
Кылжейрен аттын үстүндө,
Алмабаш мылтык жонунда,
Ак найзасы колунда,
Албарс кылыч белинде,
Арстандай күркүрөп,
Келе жаткан жеринде
Эшиктен көрүп эки-үчөө
Энтелеп айтат Көкчөгө:
«Атын санга салды – деп,
Кайра тартты калмак кул,
Кылычын жалаң алды – деп,
Кызыталак бу калмак
Кылмак болуп калды – деп.
Мурду келет кырданып,
Бура тартып сурданып.
Аябаган өз элин,
Ачууланып келатыр
Алмамбет деген көсөлүң».
Акеркечтин үйүндө
Эр Көкчөнүн кийүүчү
Соот, чопкут, кыягы,
Алмамбет кайта келатат,
Соо койбостой сыягы.
«Арамды сүрүп бөлдүк-
Бөлгөнү менен курусун,
Арманда болуп өлдүк»-
Көп сөз айтып кожурап,
Көкчөгө кирди божурап,
Көкчө баатыр кеп айтат,
Көп сүйлөгөн элге айтат,
Элге айтканда нени айтат:
«Көр жамандар – деп, айтат.

Жарагың жок боюнда,
Жабдыгың жок колуңда,
Алмамбет кырып иет – деп,
Жалтанасың оюңда.
Кадиксиз жерге жол салбас,
Катынга катар турган соң
Алмамбет сага кол салбас.
Белдемчи, кыяк байланып,
Бетине чыксаң шайланып,
Анан сага тийүүчү,
Азыркы мындай турушуң
Силерди бир албарсты –
деп, билүүчү.
Бел жарагын кийүүчү,
Эгешип беттеп кирүүчү,
Эринбей сага тийүүчү,
Эндекей минтип турганда
Сени бир эргежээли билүүчү.
Буудайбектин үйүнө
Бурулбастан кириңер,
Бутуңду сунуп ийиңер,
Коломтону баштанып,
Колуңарды жастанып,
Коркуп чыкса жүрөгүң
Коңурукка кириңер.
Узартып аяк салыңар,
Уктамыш болгун баарыңар.
Алтымыштын баарысы,
Алсырашып калышты.
Коркпогондо неткени,
Коломто башы жеткени,
Коңурук тарткан болушуп,
Коломтодо күл калбай
Сапырылып кеткени.
Буудайбектин үйүндө
Буркуратты күлүнү,
Буластаган Алмаңдын
Айбатынан чыдабай
Мунун баары бүлүндү,
Найзасынын учу жетер – деп,
Катылдык кайдан бекер – деп,
Как далыга бир койсо
Кара жан кантер экен? – деп,
Бет ыраңын бузушуп,
Корккондон жамандар
Коломтого кусушуп,
Очоктун орду көл болуп,
Онтоп жаткан эл болуп,
Акылы кетип аз болуп,
Коркуп өңү саз болуп,
Корккондон Алмаңдан
Коркурап куру мас болуп
Баары жатыр булайып,
Бая эртеңде өлгөн Карагул
Үйдүн көлөкөсүндө
Көмүлбөй жатыр сулайып.
Кеп угуучу бир жан жок,
Келгенин көрөр тири жан жок.
Мастыгы да курусун,
Баатыр Алмаң булардын
Байкап көрдү мунусун.
Көкчөнү көрдү төрүнөн,
Мүнөзүнө караса,
Жаназасын окутуп,
Табыттагы өлүктөй,
Оозуна койгон көрүндөй.
Айткан сөзү талаада,
Алмамбет алды санаага.
Кош Көкчө! – деп, үч айтып,
Кийинкисин күч айтып,
Ач арстандай бүгүлүп,
Алачтан Алмаң түңүлүп,
Эскиси түшүп эсине,
Эки дүйнө, жалган жай
Эч көрүнбөй көзүнө,
Эр жигиттер кулак сал

Эр Алмаңдын сөзүнө:
«Жараткан жапар кудайым,
Жан жараттың жудайын.
Бирди чукур, бирди тоо,
Бирди оору, бирди соо,
Бирди жинди, бирди мас,
Бирди арбын, бирди аз,
Жаратыпсың бир жылды
Жарымы суук, жарымы жаз.
Мусулманды, каапырды,
Мурунтан жасап акыры,
Бенде кылдың биздерди.
Ата-энеден тең кечип,
Азган кулуң издеди,
Көңүлүң мага кас көрдүм,
Көкчөнү бүгүн мас көрдүм.
Байкадым мастын жумушун,
Масчылыгы курусун.
Эсине албай эчтеме,
Эсиргени курусун,
Не бир түрлүү иш болсо,
Элебейт экен мунусун.
Эсирткен эски жалгансың,
Нечендерден калгансың,
Эскиден жаңы чыкты – деп,
Элден мурун койбостон,
Эне-атаны алгансың.
Эр Алмамбет сен өзүң
Элким айткан бир сөзүң,
Эсепсиз эски дүйнөсүң,
Несине бенде сүйүнөсүң?
Алтымыш тууган болсоң да,
Ар кайсың ар бир үйдөсүң,
Аңдатмакка калганга
Алмамбет арман сүйлөсүн.
Сонунсуң дүйнө, калыпсың,
Жолдошуң дүйнө болгон соң
Жоомарт эрлер тарыпсың,
Бербесе кудай дүйнөнү
Бечарасың, карыпсың.
Кары катын дүнүйө,
Кай бирөөгө барыпсың,
Кайыр, зекет бердирбей,
Карынбайдан тарыксың.
Тор байласаң токтобос,
Балырдуу көлдө балыксың,
Басылбаган дүмөгүң,
Кайдан чыккан калыксың,
Карашарым Көкчөнү
Капилетке салыпсың.
Качсам дүйнө кубасың,
Кандай жанга турарсың?
Көпсөм, сулуу кыз болуп
Көрүнүп көңүл бурасың,
Көз талдырып турасың.
Куусам дүйнө качасың,
Кутулганча шашасың.
Жалганда жаның бар болсо,
Бакыр да болсоң баашасың,
Калды Көкчө кас болуп,
Арактын тартып нашаасын!»
Ар сөз айтып Алмамбет,
Мастыктан кылган иши – деп,
Тараган соң мастыгы
Мага кылган кастыгы,
Мас тараса көрбөйбү
Башынан кетсе жастыгы.
Аркамдан киши чабар – деп,
Алыстан кайдан табар – деп,
Масы тарап болгон соң
Акеркеч айтар кабар – деп,
Артымдан келген кишилер
Нак ушу жерден табар – деп,
Шашкелик жерге бурулуп,
Жаңгактуу жерге урунуп,
Атын тушап откоруп,

Алмамбет жатты токтолуп.
Эр Алмамбет айткандай
Арактын масы тараптыр,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Жан жагына караптыр.
Арактан ачка калыптыр,
Карыны ачып кайышып,
Калыптыр Көкчө майышып.
Буудайбегин көздөдү,
Муну Көкчө сөздөдү:
«Тамагыңбарбы, катын? – деп,
Таба көргүн акыр – деп,
Адам болбой калыпмын
Ушу бүгүн такыр» – деп,
Кече күнкү мажилис,
Келген тамам элиңиз,
Бышкан бойдон эт калган,
Аны качан жедиңиз?
Жылыттырды сорпосун,
Дасторкон кылды торкосун.
Сары казы, кыйма жал,
Баарын коюп Буудайбек
Этке кошуп шекер, бал.
Абыдан кетип акыл – деп,
Алсырапмын акыр – деп,
Аш-тамагын койгон соң
Амыр кылды эр Көкчө
Алмамбетти чакыр – деп.
Арак ичпейт ал – деди,
Алмамбетке ылайык
Жая менен жал – деди,
Шекер менен бал – деди,
Азыр ылдам чакырып
Алып келип кал – деди.
Жоголгон менен иши жок,
Үч-төрт айтты эр Көкчө
Жооп айткан киши жок.
Асмөңкө деген бий экен,
Алмамбетти жектеген
Алтымыштын бири экен.
Козубай деген бар экен,
Короолош жүргөн бай экен.
Бири бий да, бири бай,
Асмөңкө айтты сөзүн жай:
«Мастыктан баатыр билбепсиз,
Кулуңдун айткан көп сөзүн
Кулагыңа илбепсиз.
Акылы кеткен аз эмес,
Алмамбет далай сөз айтты
Арак ичкен мас эмес.
Жин даарыган башкы эмес,
Кесириң урсун кытайды,
Кечээги кеби жакшы эмес.
Акеркечиңди алам – деп,
Жайы келсе Көкчөнү
Сапсалгалап салам – деп,
Көгала атты минем – деп,
Көпкөн экен эр Көкчө,
Мурунуңду тилем – деп.
Өткөрбөй жалгыз сөзүңдү,
Мас болгон сага теңелип
Өлтүрмөк эле өзүңдү,
Тазалайт эле көзүңдү.
Калкы карап турбайбы,
Канын сага өлтүртсө
Казакты кудай урбайбы.
Айылың аман турбайбы,
Азган кул сага өлтүртсө
Алачты кудай урбайбы.
Арага түшүп калганбыз,
Ал калмактын колунан
Айрып, каным, алганбыз,
Айылга турбай жогол – деп,
Айдап жолго салганбыз.
Көп кыйлача сыр кылды,
Көгала атты минем – деп,

Көжөлүп калмак чыр кылды.
Көк күбө тонуң талашты,
Көрбөймүн – деп, алачты.
Көрбөсөң көрбө, кеткин – деп,
Көпчүлүктөр жаалашты.
Калмагың кетип калган – деп,
Каныңды төгөр кезинде
Казагың айрып алган – деп,
Кытайың кетип калган – деп,
Кылмак эле саа бирди,
Кылым журт айрып алган» – деп.
Асмөңкө муну сөздөдү,
Сөз артынан жанакы
Козубай сөздү көздөдү:
«Бузуп айтпа, баатыр – деп,
Бузукчулук сиздерде
Болгон далай акыр – деп,
Арак ичпей, соо жүргөн
Акеркеч анда такыр – деп,
Акеркеч айтты акыл кеп,
Мастык менен сөздөрүн
Байкабай Көкчө баатыр – деп,
Эл билгендин баарысы
Эбиңди тапкан акыр – деп,
Жарабаган калпты айтат,
Катыныңды талашып
Кара басты дейсиңби,
Кан Алмамбет жигиттен
Катындан ибеп жейсиңби?
Алганыңды талашып
Айбан болду дейсиңби,
Алмамбет көзү мында жок,
Андай бузук кылган жок.
Каалаган атың мингин – деп,
Каалаган тонуң кийгин – деп,
Каным Көкчө сен айттың
Каңгырбай жолго
киргин – деп.
Көрүп Көкчө жайыны,
Көгала атты сурады
Минейин – деп, майыны,
Көгала берет дегенче
Көкчөнү өлдү десеңчи,
Кетирдиң минтип шайыны.
Акырегин жаш кылып,
Анты-шертин тапшырып,
Анан чыкты Алмамбет.
Чыкканда да соо койбой
Кылыч урду кыйласы,
Канжар урду канчасы,
Бычак урду мынчасы.
Каар көрүп канынан,
Калк жыйылган баарынан,
Алмамбет чочуп жанынан,
Тосуп чыгып жолунан
Карагулуң дагы өлдү
Алмамбеттин колунан».
Айтканын Көкчө туюнду,
Агып жашы куюлду:
«Иттер кайдан кийликти,
Ичип койгон экенмин
Ибилис жолдош сийдикти.
Аңдабастан залалды,
Арбын ичкен экенмин
Арак деген арамды,
Алмамбеттин көөнүнө
Аябай салган экенмин
Албан түрлүү малалды.
Баатыр эле Алмамбет,
Бала шумкар болпоңум,
Балбылдаган чолпонум,
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга султаным.
Качырганын куткарбас
Кара чаар жолборсум,
Карчалышкан заманда

Каралды болор жолдошум,
Ишимдин билдим оңбосун,
Сынган экен таягым,
Сыздаган экен аягым.
Кетилген экен туягым,
Кемиген экен сыягым.
Казылган экен чарбагым,
Качкан экен арбагым,
Үзүлгөн экен канатым,
Токтолгон экен санатым,
Мурдарчылык кылышың
Мурунтан казак адатың.
Көрбөйсүңбү жумушун,
Азгырып коюп мурунтан
Асмөңкө кулдун турушун!?
Элим, Селим эки кул,
Эрте келсин мына бул!»
Айылдан жигит чаптырды,
Алымсейит жуутун,
Тынымсейит шуутун
Аш кайнамда таптырды.
«Кайдан таптың душманды?
Качырып жаның тыныптыр
Кан Алмамбет султанды.
Куйругум жерге жеткенде,
Кубатым алыс кеткенде
Кууратмак элең, кулдарым.
Канатым жерге жеткенде,
Кабарым алыс кеткенде
Кашайтмак элең, иттерим!
Кан болбой куруп калсамчы,
Каралдымдан айрылып
Кара жерге жеткеним,
Как ушундай кылар – деп,
Канчадан бери диттедим.
Оолактан бери ойлодум,
Окустан өлүп сойлодум,
Болорун мурун болжодум,
Чырмап жүрүп кырк жигит
Чыгарган экен ойронум!
Карашкан болсоң Көкчөгө
Камданыңар жигиттер,
Алмамбеттен айрылса
Каныңар түшөр бөксөгө,
Көрдүңөр баарың жумушун,
Көп кытайды кыйратып,
Көк түздө салган урушун,
Көп көрүпсүң, көй төрө,
Көкчөгө келип турушун.
Сураган экен ат майын,
Көгала аты курусун,
Ат аяган жер карайт,
Жер карабай не карайт,
Эр Көкчөнүн кадырын
Алмамбет өңдүү эр карайт,
Ал карабай, ким карайт!
Али да болсо чабыңар,
Алмамбетти табыңар,
Табылган болсо тим карайт.
Көөдөгө сыйбас көп санаа,
Көркөм күлүк Көгала
Дилдеден жүгөн катыңар,
Жолборстон үртүк артыңар,
Алмамбеттин жолунан
Алып барып тартыңар.
Ыраңын жылуу карайын,
Ырыска шерик Алмама
Ылдамдап өзүм барайын!
Көгала тартуу тартыңар,
Көп насият айтыңар,
Тим Көкчөнү өлтүрбөй,
Тирилтип алып кайтыңар!
Кокустан Алмам жолгошсо,
Көгала атты жетелеп,
Көкчө барып жол тоссо
Коркор бекен кудайдан,

Кайтар бекен ырайдан?
Кайтып келер бир ойдон,
Кары-жашың муну ойлон!
Бармакчы болду эр Көкчө,
Бардашы журттан бөлөкчө,
Айылына дүрбөөн салыптыр,
Астыртан кабар алыптыр,
Алтымыш жакшы жыйылып,
Азыр келип калыптыр,
Буудайбегин чакырып
Арасына алыптыр.
Арактан калды беле? – деп,
Алып кел – деп, белендеп,
Күчтүү арактан алдырып,
Күчү кайтып калат – деп,
Күчаладан салдырып:
«Ичип алып аракты,
Арак деген талакты,
Масчылык басып калыптыр,
Башты оорутуп салыптыр.
Акылды алып сап кылып,
Аракка койдук чактырып.
Аз-аз ичип алалык,
Алмамбеттин артынан
Анан жолго салалык.
Аз жутуп арак алыңыз,
Алмамбеттин артынан
Сиз да жолго салыңыз.
Курушканың жазылсын,
Буурукканың басылсын.
Артынан издеп барарбыз,
Алмамбетти табарбыз.
«Ал, Буудайбек куйгун – деп,
Абалы Көкчө сунгун» – деп,
Көөкөрдөн арак куйдурду,
Көкчөгө мурун сундурду.
Экини берип элиртип,
Үчтү берип үшкүртүп:
«Аттаналык, чабалык,
Алмамбет кулун табалык,
Алачты тамам жыялык,
Алып келип калмакка
Акеркеч нике кыялык».
Ал сөздү айтып Көкчөгө,
Аялдатып токтотуп,
Дагы азгырды Көкчөнү
Азезилге окшошуп.
Баатыр Көкчө каныңды
Мас кылып жыгып салышты,
Айыл башы алтымыш.
«Арбак ургур, жатсын!» – деп,
Тарап кетип калышты.
Калды Көкчө мас болуп,
Кайран эрден айрылып,
Кара журттун баарысы
Алмамбет үчүн кайгырып.
Аны таштап коюңуз,
Арстан Алмаң не болду,
Кабарынан болдуңуз.
Арактын масы тараар – деп,
Агам Көкчө караар – деп,
Эсине эртең алар – деп,
Эркечтен укса дайынын
Энтелеп келип калар – деп,
Көзүн салып артына,
Көкчөнүн кыйбас дартынан,
Шашкелик жолго шалкайып,
Кылжейрен менен даңкайып,
Күйүп жатты бир жерге,
Жол урунту бир белге.
Ал күнү жатты, таң атты,
Эртеси Көкчө туруптур,
Напсини кудай уруптур,
Баш көтөрүп алыптыр,
Аңкап-чөлдөп калыптыр,
Ачкыл барбы, катын? – деп,

Буудайга көзүн салыптыр.
Булаңдай басып Буудайбек
Муздак арак куюптур,
Муну да Көкчө уруптур,
Суусуну канып тунуптур.
Мас болуп Көкчө жыгылды,
Бүгүн болуп үч күнү,
Баатыр Алмаң не кылды?
«Элимден небак аздым – деп,
Эр Көкчөнүн элине
Не бейлимден жаздым? – деп,
Көкчө кыйбайт – деп, жүрүп,
Бир күндүк жолду үч күнү
Бекер ачка бастым – деп,
Айдаркан кыйбайт – деп, жүрдүм,
Артымды карап көп жүрдүм,
Көкчө кыйбайт – деп, жүрдүм,
Көк ышкын терип жеп жүрдүм,
Артымды карап көп жүрдүм.
Айдарканды сактадым,
Айылынын тузун актадым,
Айдаркан, Көкчө – деп, жүрүп,
Апысын эч бир таппадым.
Мал оттосо жай алган
Маралдын оту бөксөнүн,
Байдасын эч бир көрбөдүм
Башымды кошкон Көкчөнүн.
Ат откорсо жай алган
Аркардын оту бөксөнүн,
Аркасын эч бир көрбөдүм
Айдаркан уулу Көкчөнүн,
Айланган менен айла жок,
Алыскы жолду көздөйүн.
Аны ойлонуп Алмамбет
Бекемге салып нээтини,
Мекеге салып бетини:
«Бекерге калды өнөрүм,
Мекеден болсун өлөрүм,
Белимди байлап жөнөйүн.
Орто Азия мүлк экен,
Ойрон болсун түрк экен.
Сакалат бар, тарса бар,
Ынды, жүүт, кызыл баш,
Жолдо каапыр канча бар.
Суу жетпестен кууураган,
Шамал тийсе, жел согуп
Жапырак учпай турбаган
Мен болупмун бай терек,
Эр эшиги тоң темир,
Эритмекке эр керек,
Эр Көкчө – деп, сагалап
Эми туруш не керек?
Кылсам ишке жарадым,
Кытайдан келдим эле – деп,
Кимдин көзүн карадым?
Жалтанып жүрүп жан күтүп,
Жалдырап кимге барармын?
Бала күндөн эл билип,
Бадыша заада мен болдум,
Бар кудайга сыйынып,
Башым чыктым кытайдан,
Бакырлардан кем болдум.
Кыян акпай сел кайда,
Кылайбай булут жел кайда,
Кыйырымдан азган мен жалгыз,
Кыргызга токтоп не пайда?
Жакшылык көрөр жайым жок,
Жарыгы тиер айым жок.
Карарбай булут жел кайда,
Катуулап жамгыр төкпөсө
Калкылдап аккан сел кайда,
Карыпчылык жеткен соң
Казакка жүрүш не пайда?
Батарыма жерим жок,
Барарыма элим жок,
Алла Таала ыйлаймын,

Андан бөлөк кебим жок.
Колдосоң кудай колдодуң,
Колдобосоң оңбодум.
Желөсөң кудай жөлөдүң,
Жөлөбөсөң, эрте өлүп
О дүйнөгө жөнөдүм.
Жалгасаң кудай жалгадың,
Жалгабасаң кудурет,
Жайымды таап калганым,
Алла амыры ушу – деп,
Акыретке барганым».
Бу сөздү айтып муңканып,
Буудай өңдүү кызыл жүз,
Буластаган Алмамбет,
Буурканып сурданып,
Алмамбет жүрсүн жол менен,
Албан түрлүү ой менен.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Самарканды жай кылып,
Токсон уруу өзүбек
Жалпы баарын бай кылып,
Азирет тоосун жер кылып,
Аскеринин баарысын
Арстан, жолборс шер кылып,
Агытып алгыр тайганын,
Адырдан аңга салганы,
Түз мылтык атып кийикке,
Дүрбөшүп чыгып бийикке,
Аңды көрсө уулашып,
Айгайлашып чуулашып
Кайтты Манас кечинде,
Караңгы кирген кезинде.
Капкасы болот коргондо,
Карабөрктүн ордодо
Башына жаздык коюлуп,
Баатыр уктап чоюлуп,
Напсиси бөлөк уйкунун,
Абыдан канып тоюнуп,
Жатып баатыр түш көрүп,
Далай сонун иш көрүп:
Кур биябан чөл эмес,
Дарыя чалкар көл эмес,
Бөксө кара жол менен,
Бөтөн-бөтөн коо менен
Жолго баатыр салыптыр,
Келе жатса кезигип
Жолунан чыгып калыптыр:
Байнеги алтын, сабы жез,
Узундугу үч-төрт кез,
Сырты калың, мизи курч,
Алкымы түз, кайкаң уч,
Кандай болду бул кылыч?
Жерден Манас алганы,
Өткүрлүгү кандай – деп,
Жаткан уйдай кара таш
Кылычты Манас салганы,
Боордоюн лып этип
Кесип кетип калганы.
Таш бөлүнүп калганы,
Таштан өтүп, бу кылыч
Зардабы жерге барганы.
Байланып алып, сүйүнүп,
Баатыр жолго салганы,
Жолдон бара жатканда
Жандагы жалаң кылычы
Жолборс болуп калганы.
Соңунан ээрчип Манастын
Жолдош болуп алганы,
Жон дөбөгө барганы.
Төрт тарабын карады,
Күркүрөп жолборс марады,
Атагы кайып болгондун
Эч кайсысы калбастан

Айбатына барганы
Моюндарын сунушуп,
Таазим кылып турушуп.
Кайып тарап калыптыр,
Карап турса жолборсу
Карчыга болуп алыптыр.
Чалгыны күмүш, ак туйгун
Чаңырды көккө карата.
Талпынды бу куш чаңырып,
Канча түрлүү канаттуу
Акылынан жаңылып,
Арстан Манас астына
Таазим кылды жабылып.
Кукулуктап унчуккан
Куштан башка үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдайт,
Куудан аппак жүнү бар,
Аңдап көрсө баатырың
Алп кара куш сүрү бар.
Конгону туйгун куш болду,
Коңгуроосу баш жарат,
Түшүндө сонун иш болду.
Оң колуна кондуруп,
Ойгонуп Манас калыптыр,
Ою терең бу баатыр
Оңой эмес бу түш – деп,
Оюна кыйланы алыптыр.
Азирет тоосун жайлаган,
Ыраң толук жаз экен
Байлар бээ байлаган.
Окторулуп эр Манас
Ордунан туруп алыптыр,
Орчун кыргыз журтуна
Ой-тоого кабар салыптыр.
Аяк жагы Алайдын
Жер соорусу далайдын
Кара-Тегин башы бар,
Бадаңдын бөксө сазы бар,
Байдан киши барбасын,
Башка жакка жайласын,
Кырк күндөн кийин той берем,
Азиреттин тоосунан
Улай тарткан кең жайлоо
Асты жетип жайласын,
Алайды көздөй коё берем.
Азыр алсын мойнуна
Анжияндын ысыгын,
Азыр жайлоо жайлабай
Атпай журтум кысылсын!
Ушуну айтып эр Манас
Угузду журтка кабарын, – деп,
Кырк күндө тойго келсин – деп,
Ар тарапка чаптырды
Алтымыш бир чабарын.
Жануп жагын чакырды
Ындыстанды, Ыспанды,
Күлүгү болсо келсин – деп,
Күлдү жаткан Шаңкайды.
Коросондун четинде
Кыргыздан жедигери бар,
Багышына айтыңар,
Кыпчак менен тажикке
Кабар салып кайтыңар.
Мыгырыптын тарабы
Бадакшан бар, Балкы бар,
Баскан тажик калкы бар.
Амо бою Үргөнч бар,
Анда да кыргыз жүргөн бар,
Манас бир той берет – деп,
Бардыгына дүрбөөн бар.
Ылам бели Кыйма бар,
Боз үй тиккен кыйба бар,
Басып өтсөң Батпакты
Эрен журту кыйла бар.
Эл четинен айтыңар
Чаржуй менен Букарды,

Чакырды де буларды.
Кейип менен Ысарды,
Келсин – деди, аларды.
Арал көлдө Ак-Жайык,
Алар жатып албасын,
Шымал жагын айтыңар,
Кабар берип кайтыңар.
Бабыл менен Даркандан,
Барскан менен Саркандан,
Эдил, Жайык, Нурадан
Эринбей келсин бар адам.
Сары-Арка башы Алтай тоо,
Санатын айткын мына боо.
Айдарканга айтыңар,
Аягы Мунар, Соосадан
Кабар берип кайтыңар!
Калбасын – деп, кырк күндөн
Кабарчылар бүлүнгөн.
Айткан жердин баарына
Аралап кабар салыптыр,
Аты күлүк, көөнү чак
Адамдардын баарысы
Бармак болуп калыптыр.
Арстан Манас баатырың
Элине кабар салыптыр,
Атактуу байын санаса
Анжияндан, Кашкардан
Элүү миң болуп калыптыр.
Эң алдыңкы байлары
Беш жүздөн бээ байлады,
Экинчиси үч жүздөн,
Нокто-чыпта таба албай
Көбүнүн шору кайнады.
Жыйырма бээси туугандыр
Жыйылып кызмат кылсын – деп.
Сабасы эски болбосун,
Кымызын саамал койбосун,
Койдон арык сойбосун.
Сырт жайласын тегиздеп,
Сыйыр сойсун семиздеп.
Казылуудан бээ сойсун,
Карылуусу төө сойсун.
Нан, жемишин камдасын,
Ачкадан конок калбасын!
Айтып-айтып бул сөздү
Кабар берди калкына,
Кара кыргыз жалпыга.
Калайыгы таң калды
Катыны эркек тууган жок,
Кандай той – деп, таңыркап,
Канкордун кылган наркына.
Каркап жайлоо толуптур,
Камданып журту болуптур,
Самаркандын сартынан
Чакырып алып тууган – деп,
Аш башкартып коюптур.
Жер очогун каздырып,
Баркын жакшы билер – деп,
Балоосун сартка бастырып.
Күлүктүн баарын байлатып,
Күлгүндүн баарын жайнатып,
Сабанын баарын бүктөтүп,
Салтанаттын баарысын
Жайлоону көздөй жүктөтүп,
Эл келер кези болуптур,
Эңкейип сыртка конуптур.
«Ак!» – деген келди думана,
Аңдап турсаң буларга
Аалым келди улама.
Казандай селде чалынып
Кожо келди бу тойго,
Каны, беги, карасы
Кошо келди бу тойго.
Күрсүлөрүн күүлөгөн
Балбан келди бу тойго,
Күлдү журтун бийлеген

Зардал келди бу тойго,
Калкы карап жалтанган
Кандар келди бу тойго.
Тоюн баштап салыптыр,
Ар өнөрдөн чыгартып,
Аңгеме кылып калыптыр.
Үч жүз жылкы, бир миң кой
Байгесине байлады,
Чабуучу аттын баарысын
Коконду көздөй айдады.
Багыштын аты Сурkийик
Барып тууга бир тийип,
Көй күлүктөн чыгыптыр,
Көтөргөн тууну жыгыптыр,
Сай күлүктөн чыгыптыр,
Сайган туусун жыгыптыр.
Олжосун кыргыз алыптыр,
Намысы бирге кыргыз – деп,
Ортого Багыш салыптыр.
Шыгайдын уулу эр Жапак
Жакшысын ирдеп алды – деп,
Жаманын таштап салды – деп,
Чыр чыгарып калыптыр:
«Байгени бөлүп, эл алат,
Бадырек доңуз нени алат?
Атаңдын көрү жедигер,
Атың чыкса ээ болбой
Аябай бокту жедиңер!
Атаңдын көрү түрүк – деп,
Айылга салып бүлүк – деп,
Кызыталак канкордун
Кылган тою ушубу
Кыргыздын баары бүлүп!» – деп
Жаман сөз айтып салганы,
Жаалданып эр Манас
Кылычын жалаң алганы,
Кыйып ийсем жанын – деп,
Кыя багып калганы.
Акыл терең ой үчүн,
Жакшылык нишаан той үчүн,
Жазгы көргөн түшү үчүн,
Жакшылык нишаан иш үчүн,
Жалаң кылыч колго алып,
Эки-үч кайта октолуп,
Өзү кылган тою үчүн
Астакпыралда келтирип,
Араң-араң токтолуп.
Сакалаты, тарсасы,
Жүүт менен калчасы,
Жөнөдү журттун барчасы.
Катаганы, тейити,
Канкорду Жапак кейитти,
Кыргыз, казак, кыпчагы
Майдан жүрбөй бычагы,
Барган сайын коноктоп
Той тартышы кычады:
Шекер менен бал берип,
Казы менен жал берип,
Канча түрлүү май берип,
Кандыра кара чай берип.
Өзгө журт тарап алыптыр,
Өзүнүн эли калыптыр.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздардан Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги.
Саргыл аттуу Сатайы,
Алчындардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Болбогон ичте пикири.
Аргын Каракожосу,

Акылга бирге кошосу.
Албандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төп сүйлөгөн далайы.
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү.
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү.
Топтун башы Токотой,
Элдин башы Элеман,
Калктын башы Калкаман,
Серек менен Сыргагы –
Серпишкен жоодо чыйрагы.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы.
Коңгуроонун кош Абыш,
Кош башкарган бала Ыбыш.
Алымдардан Алакен –
Ашкере баатыр бала экен,
Арстан Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казат кылып жол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту –
Калктан чыккан куусу.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн кыргыз жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн жайнак Шууту –
Түмөндөн чыккан куусу.
Казактардын Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу.
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү.
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу –
Эл аттанып кол жүрсө
Элден мурун чыкчуусу.
Чакырып алды баарысын,
Бай Жакып баштап карысын.
Керегесин керттирген,
Он эки канат ордо үйү
Түндүгүн түртүп тептирген,
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган,
Бастыргычы дейилде,
Ак манат менен тыштаган,
Чийин жибек чырмаган,
Уук менен кереге
Отуз түрлүү сырдаган
Карабөрктүн ак ордо
Жакынынын баарысын
Жалпы аламан киргизип,
Төрдө олтурду карысы,
Төгөрөк тартып баарысы.
Кырк чанач кымыз киргизди,
Эр башына бир кесе
Сары аяктан тийгизди.
Коноктон арткан шекер-бал,
Кошо кирди казы, жал.
Аш-тамакка тоюшуп,
Аңгемеде болушуп,
Олтурган орчун бийлери
Оюна келген сөздү айтып,
Аңгемесин сүйлөдү.
Көтөрүп колтук кергин – деп,
Көп ичет – дейт, баланча
Деңгенеде кымызды
Сен түгөтүп бергин – деп,
Чактабай кымыз ичирип,
Чарадай аяк көтөрүп,
Баланча мыктап ичти – деп,
Ичимчилге өткөрүп
Аңгеме кылып салыптыр,
Акылайдын үйүнөн

Арстан Манас баатыры
Азыр чыгып калыптыр,
Жапакка ачуу келгенге
Жаалданып калыптыр,
Башына сары чалыптыр.
Үстүнө кызыл жамынып,
Арстандай чамынып,
Ал мүнөзүн көргөндө
Жан калбады жай алып,
Жалаң кылыч таянып,
Базарлуу жерде баасы
Алты миң, беш миң дилдеге
Араң баалап алуучу,
Эл байына жолукса
Төгөрөк иркттен төрт миңге
Баасы тынып калуучу,
Арзан жок анын келгиси,
Ал тонду азыр ким кийсе
Алты миң үйгө бий болгон
Акимдиктин белгиси,
Улуктук тонун алыптыр,
Сол карыга салыптыр.
Душмандын баарын каарыган,
Темирди талдай таарыган,
Уруштуу күндө узарган,
Учунан оту кызарган
Айкожо берген Ачалбарс
Кылычын жалаң таянып,
Кылар ишке шайланып,
Каарын көрүп көй баатыр
Калды тили байланып.
Бул белгисин кылуучу,
Бул белгисин кылганда,
Бура тартып тилге албай,
Күнөөлүүнү күрмөнтпөй,
Миң кишини кыруучу.
Күүлөнсө бир жакка аттантып,
Бир шаарды бузуучу,
Ал мүнөзүн көргөндөр
Үч күн үйдө кусуучу,
Жүдөп болуп алуучу,
Жүрөгү чыгып калуучу.
Титиретти журтту,
Тикирейип муруту,
Сакалы саадак кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көз ызгаары жалындай,
Көй баатырдын жолунда,
Кылычы жалаң колунда,
Эшикти тосуп алыптыр,
Каарын жүзгө толтуруп,
Жүүртө басып олтуруп:
«Акылы тереңарстандар,
Кылыгы башка кыйындар,
Кылымды жеген жаяндарды
Кыла турган ишиңбар,
Жоруй тургаңтүшүң бар.
Жоруңар – деп, – түшүмдү,
Жоготомун бу жерде
Жаздым айткан кишиңди».
Көкжал эр көзүн салыптыр,
Көй кашканын баарысы,
Көп ичкени кымызды
Имериле калышып,
Ирегенин түбүңө
Кымызын кусуп салышып,
Түрүн Манас бузуптур,
Жүрөк чочуп кырк баатыр,
Түгү калбай кусуптур.
Куса берген көбүнө,
Көлкүлдөгөн көл болуп,
Кымыз чыгып барыптыр
Керегенин көгүнө.
Бай Жакып боюн күүлөдү,
Манасты көздөй сүйлөдү.
Катының эркек тубар – деп,

Кан Жакып калды айтканы,
Ка – деп, келе жатканда,
Кабылан Манас баатырдын
Кармай түштү шайтаны.
Кылычын оңдоп алыптыр,
Кызыл жалын көзүнөн
Чамгаракка жабылып,
Акылынан жаңылып,
Айтмак түгүл атасы
Кусканга кирип сабылып.
Кабыландай каркырап,
Ажыдаардай аркырап,
Жалыны көздөн шаркырап,
Жолдош-жоро кишим – деп,
Жок болуп бүтөр ишиң – деп,
Жоругула түшүм – деп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Арстандай төрө күркүрөп,
Тоскон жери босого,
Адам бакпай ошого,
Жүзүнөн чыгып тозогу,
Титиреди кырк баатыр
Тик бага албай ошондо.
Үй эң кыйын бузууга,
Үмүт үзүп жанынан,
Баары кирди кусууга.
Бай Жакып баштап баарысы,
Акбалта менен Бердике,
Байжигит баштап карысы,
Элебей туруп мунусун,
Эт жегени курусун,
Шыкап берип кымызын,
Жегин, ичкин, тойгун – деп,
Жергесинин баарысын
Жедирмек экен ырысын,
Билбей калып курудук,
Бизди мындай кылышын,
Камап алып бир үйгө,
Капилеттен кырышын.
Акыл качып алдырап,
Тил байланып жалдырап,
Мууну кетип шалдырап,
Жашын төгүп койнуна,
Өкүмсүрөп кырк баатыр
Өлүмдү алып мойнуна,
Эстүүсү ыйман айтышып,
Жаңыдан кылып тобону,
Жамандыктан кайтышып,
Кандай дээрин биле албай,
Казып жерге кире албай,
Өлөбүз – деп, баарысы
Өңүнөн чыкты сарысы,
Куушурулду далысы,
Куп жүдөдү баарысы.
Өзүбектин уругу,
Кыргыздын кыйла тунугу,
Келгенден бери Алтайдан
Кер-Көлдө болгон туругу,
Кайчактын уулу Абдылда
Карап алды Манаска:
«Элдин эсин алдыңыз,
Эшикти тосуп калдыңыз.
Буларда жүрөк калбады,
Мынча келип куршугуң
Кайратың кандай кармады?
Кабаарыган түсүңдөн
Калкыңда акыл калбады.
Бир миң киши кырууучу
Куршугуңуз кармады,
Бирге жүргөн кырк баатыр
Биринин эси калбады.
Минтсең түпкө жеттиңиз,
Көрүнөө минтип жан албай,
Көмүскө алсаң неттиңиз?
Көркүңдү бузуп бу күндө
Көмүүгө турат кейпиңиз.

Түйүлүптүр кабагың,
Түгөнүп калган кырк итти
Мынча несин камадың?
Карап туруп түрүңдү,
Адам көрсө өлгүдөй
Азыркы айбат сүрүңдү.
Түйүлгөн кабак кайтсачы,
Түшүңдүн жайын айтсаңчы?
Түрүн айткын түшүңдүн,
Түрмөгүн айткын ишиңдин.
Жоруйт деген жолдошуң
Камоодо калган киши экен,
Кайсы түрлүү түш экен,
Ою терең ойлосун,
Оозу жүйрүк сүйлөсүн.
Түк кап айткан түшүңдү,
Түшүңдө көргөн ишиңди
Кандай заңгар бийлесин».
Абдылда айтып салганы,
Ажынын сөзү ырас – деп,
Ата уулунун кыйласы
Күлкүсү чыгып калганы.
Анда Манас кеп айтат:
«Аңдаңарчы – деп, айтат.
Бөксөдө улуу жол экен,
Жеринде жемиш мол экен.
Аккула ат экен мингеним,
Ак күбө экен кийгеним,
Жайбаракат бастырып,
Жалгыз жолго киргеним.
Жалаң жолго салганым,
Кызымталдуу бир кылыч
Жолдон таап алганым.
Байнеги алтын, сабы жез,
Табылды жолдон мага кез.
Сырты калың, өткүр миз,
Учу кайкы, мойну түз.
Сынамакка кылычты
Ташка чаптым ошо кез,
Ташты кести эттен тез,
Курч экен – деп, алганым,
Кубанып кынга салганым,
Байланып алып жаныма,
Бастырып жүрүп калганым.
Салмактанды бир кезде,
Саландап жерге жетиптир,
Боосу узарып кетиптир.
Учу жерге тийгени,
Тийген жерин чийгени,
Кылычым бөлөк сүрөткө
Нак ошо жерде киргени.
Кыйык айткан сөз болбос,
Кылычым болду бир жолборс,
Жолборс болду маа жолдош.
Алтындан нокто катылат,
Ар тараптан аң көрсө
Атырылып атылат.
Аңдап көргүн көй төрө,
Ай-талаанын бетинен
Алдымдан чыкты бир дөбө.
Дөбөнүн чыктым башына,
Жолборсум жолдош кашымда.
Күн батышка бир карап,
Күн чыгышка бир карап,
Жолборсум турду ыңгырап,
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап
Жолборсум турду күркүрөп,
Төрт тараптан айбанат
Төгүлүп келди дүркүрөп.
Жан-жаныбар жыйылып,
Дөңдө жалгыз өзүмө
Таазим кылды сыйынып.
Уруксат берип тараттым,
Жай-жайына караттым.
Айбанат тарап алганы,

Алиги турган жолборсум
Ак туйгун болуп калганы.
Кукулуктап унчукса
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдап,
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса
Алп кара куш сүрү бар.
Текөөрү болот, сары аяк,
Темингенин куткарбас,
Үңкүр кабак, үнү ачуу,
Умтулганын узатпас,
Сегиз арыш буту бар,
Куйругунда куту бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын.
Талпынды канат жаркылдап,
Ачуу чыкты добушу
Асманды көздөй баркылдап,
Алп кара куш баш болуп,
Аяк жагы короолуу,
Асманга толуп калкылдап
Сыярат кылып сыйынды,
Ачып канат ирмеген
Астыма келип жыгылды.
Бу дүнүйө жандарын
Койбодум – деп, ойлодум,
Кондурган бойдон колума
Ошо түштөн ойгондум.
Жоруңар – деп, ушуну,
Кылыч, жолборс, кушумду,
Айтты түштүн жөндөрүн.
Арзан эмес бу түш – деп,
Акылмандын баарысы
Акылдары бөлүндү,
Абдылданын көзүнө
Айнектен тунук көрүндү.
Угулган экен мурунтан,
Узактан келген канча жан,
Дайын болгон далайдан,
Алмамбет келди Көкчө – деп,
Айтып келген далай жан,
Какандын болгон каны – деп,
Кара баштуу бендеден
Адам жеңбес аны – деп,
Бүтүн Бээжин журтуна
Аскер башчы атасы,
Ак ислам дин каалап,
Мусулман болуп ботосу.
Ислам динин алды – деп,
Туңша кытай калаасын
Тыйпыл кырып салды – деп,
Мусулман болуп баласы,
Бүлүнүп жатып урушуп,
Бүтүн Бээжин калаасы,
Алмамбет бөрү, кытай кой,
Кытайга кылып келгенин
Адам уулу айтпай кой,
Баатырлыгы башка – деп,
Балбандыгы ашкан – деп,
Коң төрө, Жолой баш болуп,
Коркуп жаны шашкан – деп,
Найза, кылыч батпаган,
Аткан октор өтпөгөн,
Денеси бекем таштан – деп,
Артыгыраак кайраты
Азыркы болгон жаштан – деп,
Айдаркан уулу Көкчөдөн
Айтканы кабыл болду – деп,
Алты жүз араң жылкысы
Алты миңге толду – деп,
Каарын калмак көрдү – деп,
Кан Алмамбет колунан
Кайраттуусу өлдү – деп,
Алмамбеттин байдасын
Атпай казак көрдү – деп,

Келини кете кийди – деп,
Кереги журтка тийди – деп,
Кечилдер минген кер жорго
Казактар ылоо минди – деп,
Угуп жүргөн мурунтан.
Уу ичкендей кыйрашып,
Баарын бирдей кустуруп
Манастын каары куруткан.
Башында Ажы сөздөдү,
Алиги турган көй баатыр
Бирин бири көздөдү.
Баарысы батпай токтолду,
Көрүнгөн кебин айтууга
Ажыбай чечен октолду:
«Билинди айткан түшүңүз,
Оңдолгон экен ишиңиз,
Оолуккан экен сени издеп
Ойдогу азиз кишиңиз!
Кытайга намыс бербеген,
Кылымдан ашык эр деген,
Кыйындары жыйылып
Кырылышып жеңбеген.
Оолаты кытай эл деген,
Кара чок калмак жыйылып
Кармашып жүрүп жеңбеген,
Кара баштуу кишиден
Кашкая жалгыз эр деген,
Аркы атасы Чылабы,
Намысын колдон бербеген,
Берки атасы Солобо,
Адам уулу жеңбеген.
Өз атасы Соорондүк
Өкүмөттүн башында,
Өңкөй Бээжин аскери
Кызмат кылган кашында,
Соорондүк уулу Алмамбет
Согуш кылып кытайга
Он сегизде жашында.
Жалгыз кара бир башын
Сан кишиге баалаган,
Ак ислам диниңи
Акырет үчүн каалаган.
Айдыңы тийген өзгөгө,
Айтса сөзүн узартып,
Арбак болгон Көкчөгө.
Кызматы тийген өзгөгө,
Кылган ишин узартып,
Кызыр болгон Көкчөгө.
Жаманга башы чарылып,
Жайын билбей казактар,
Эр Көкчөдөн таарынып,
Өткүрлүгү кылычтай,
Айтканына бек турган
Убада сөздөн жылышпай,
Айбаты бар жолборсуң,
Жолборс болсо жолдошуң
Алмамбет келип сиз жакка,
Аркасы тийип биз жакка.
Ак туйгун болгон кушуңуз,
Душманга тийген мушуңуз,
Канаттуулар жыгылып,
Кашыңызга келгени
Как өзүңө сыйынып
Сыймыктуу эрдин баарысы
Сыйынат экен өзүңө,
Кайыптын баары сыйынып
Көрүнгөн экен көзүңө,
Алыскы жерде кытайлар
Алынат экен өзүңө.
Бөктөр-бөктөр белиңиз,
Мөмөлүү жыгач жериңиз,
Токсон уруу өзүбек,
Толкуган кыргыз элиңиз,
Токтолбой келет экен го
Шол Алмамбет эриңиз!
Бу дүйнөдө жолдошуң,

О дүйнөдө колдошуң,
Келет экен түштөгү
Алмамбет арстан жолдошуң!
Кут болот экен тагыңыз,
Ачылган экен да күчөп
Алла берген багыңыз,
Жанган экен шамыңыз!
Өмүр дооран сүрүшүп,
Экөөңдүн көзүң өткөнчө
Сынбайт экен шагыңыз!
Күлдү душман баарына
Күндөй тийип табыңыз,
Гүлдөгөн экен багыңыз,
Күлпөңүңөн күн көрүп,
Күкүрттөйүн күч алып,
Күлүп ойнойт экенбиз
Күлдү олтурган баарыбыз!
Аалимдерден уккан кеп
Акыры түштүн ээси
Азирети Жусуп – деп,
Ушул түштү жорусун
Уруху келип Жусуптун,
Көзү агып көр болсун
Көңүлү жаман бузуктун!»
Ал сөздү айтып Ажысы,
Баштап колун көтөрүп,
Бата кылды баарысы.
Каарданган канкору,
Кара кыргыз камкору,
Акылга дыйкан анткору,
Кан Жакыптын баласы
Кабылан сындуу Манасы
Көңүлү өстү жетилип,
Көшүлүп бою чечилип.
Эбедей бою эзилип,
Эт жүрөгү созулуп,
Алмамбет келип эми эле
Калгандай болуп кошулуп.
Адамдай көзү карады,
Арстан түрү тарады,
Жолдошторуң санады,
Жоодурап көзүн карады,
Жолборстук сыны тарады.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алганы,
Карк алтындан дейилде
Ажыга жаба салганы:
«Акылың башка Ажысың,
Арзысам киер башыма
Алтын жыга таажысың.
Аманатың аманда
Айтар сөздөн, акылдан
Алдырбайсың адамга.
Жаның тирүү турганда
Жаактуудан адам жанашпас,
Таалайың адам талашпас,
Тилдүүдөн адам тие албас,
Арзандык менен бу тонду
Кыргыз уулу кие албас.
Бийлик тонду алдың – деп,
Бий болдуңуз Ажым» – деп,
Тон кийгизди өзүнө,
Кубанып айткан сөзүнө.
Ажы бий болду атагы,
Ажыбай – деп, атаган
Акындар билбес чатагы.
Бай Жакып баштап баркылдап,
Баарысы күлүп шаңкылдап,
Ажы акең чыкты эшикке
Алтын тон кийип жаркылдап.
Куш келди Манас канына,
Кубаныч келди баарына.
Бир жумадан, бир жума,
Акка кылып ибадат,
Алар жатты жупжуда.

Жай өтүп күзгө тартыптыр,
Жайлоонун көрүп үзүрүн
Жайкалышып жатыптыр.
Арстан Манас баатыры
Бейшемби күнү таң менен
Аккелте атты акыры.
Аккелте үнү чаңырды,
Айылы жакын баатырды
«Келиңер!» – деп, кыйкырып,
Арстан эрдин бу күндө
Ач кыйкырык жаңырды.
Кырк баатырдын баарысын
Азыр кел – деп, чакырды,
Алыстагы чорого
Алты муршап чаптырды,
Ата уулунун баарысын
Аттансын – деп, чакырды.
Келди баары кырк баатыр,
Ата уулунун баарысы
Ар тараптан келатыр.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кыйындары барышты,
Кызмат барбы бизге? – деп,
Кыраандан сурап салышты.
Анда Манас кеп айтат:
«Азаматтар – деп, айтат.
Ургаачы чыкса талаага
Напсилери ачылып,
Арты калар балаага.
Эркек чыкса талаага,
Эч нерсе албай санаага
Ачылат деген жолуну,
Алла Таала берет – деп,
Акылмандан уккамын
Ачып жумса колуну.
Бекерге беш ай жаттыңар,
Беш чака кайдан таптыңар?
Тамактан бөлөк олжоң жок,
Талабың тыштан болгон жок.
Эки жакка жылбадык,
Эркектин ишин кылбадык,
Айың менен ушакты
Айтылганды тыңдадык,
Алты жылдан бер жакка
Айылдан карыш жылбадык.
Мылтыктын ичи дат болду,
Кулан болуп кутуруп
Кур семирген ат болду,
Талаанын тамашасынан
Сай кашкалар жат болду.
Көтөргөнүң туу болсун,
Көк жаңырган чуу болсун,
Көй кашкалар аттанып,
Көп бир жакшы уу болсун,
Көй кашкалар жыйылып
Көрүүгө сонун бу болсун.
Кийик издеп, аң уулап,
Киши жүрбөс улуу тоо,
Тоону басып кадуулап,
Адырдан аркар аталык,
Аңгемеге баталык,
Аркардын этин таталык,
Арзыган жерге жаталык.
Курбу жерде кулжа бар,
Кудай берсе олжо бар,
Курбудан кулжа аталык,
Кубанычка минтип баталык.
Аңгеме болор мунуңар,
Алтымыш айры бугу бар,
Бугудан атып буктайлык,
Талаага көнгөн курган баш
Бут-колду чечпей уктайлык.
Аркардан атып буктайлык,
Аттанып көнгөн курган баш
Аяк чечпей уктайлык.

Жан казан ашын сагындык,
Жай билбеген катынга
Жакшы эле жатып багындык.
Анжиян, Алай арасын,
Басып тоонун дарасын,
Не түрлүү токой чери бар,
Жан жүрбөгөн жери бар,
Аюу, жолборс, кабылан
Албан түрлүү шери бар,
Мээнет кылган азамат
Беттен агар тери бар.
Маңдайыңдан өткөрүп
Абада күндүн ысыгын,
Аттанып чыгып көрөлүк
Аң-кийиктин кызыгын.
Анжиян, Кашкар арасын,
Аралап тоонун дарасын,
Аз күнү барып уу кылып,
Ары четин көрөлүк
Араниктин калаасын.
Башы Кер-Көл, Чүйү бар,
Баштагы жаткан калмактын
Манаттан жапкан үйү бар.
Мусулман болгон калыктар,
Мажусу динде калмактар
Баары качып кыргыздан
Алтайды көздөй салыптыр.
Барганында соо койбойт,
Алмамбет, Көкчө биригип,
Айдап малын алыптыр,
Азапка кыйла салыптыр.
Кеткени канча көрөлүк,
Кемтиги болсо берелик,
Алганы канча билелик,
Калың кыргыз бу да – деп,
Катарга кошуп илелик.
Элин барып бардайлык,
Жерин барып чардайлык.
Аралаш казак, кыргыздын
Аягын Арал көл кылып,
Алтайдан ылдый деңизди
Атадык эле башында
Атпай казак эл кылып.
Буура-Кожур, Ак-Ташка,
Малга жайы бир башка,
Бар дедим эле Көкчөнү,
Барбай токтоп калыптыр,
Алмамбет келип ал казак
Алтайга жакын барыптыр.
Аз күндөн бери сурасам
Атпай Чүйдүн талаасы
Адамы жок калыптыр.
Эндекей кеткен эл барбы,
Ээн жаткан жер барбы,
Байкайлык, барып көрөлүк,
Артык-мартык жер болсо
Ата уулулап бөлөлүк.
Төөсүнүн көбү нар экен,
Самаркан, Букар тарабы
Кара малга бай экен,
Ысарда жылкы кени экен,
Анжыяндын тарабы
Койго ылайык жер экен.
Жылкы малга ылайык
Азыраак экен Алайы,
Кер-Көлдөн ылдый калды эле
Кеңири жердин далайы.
Сонундап сонор кылалык,
Шолорду көрүп тыналык.
Салбырын кылып баралык,
Сабыркашып кетет го
Сапарга көнгөн бу калык!»
Калкына Манас кеп кылды,
Карысы Бакай, Кыргыл чал
Уу кылганын эп кылды.
Урунарга тоо да жок,

Ушу күндө эриккен,
Урушууга жоо да жок.
Ат жетер жерде каапыр жок,
Атышар душман такыр жок.
Жоо ордуна аң издеп,
Түн ордуна таң издеп
Бармак болду баатыры,
Кырк баатырдын баарысы
Даяр турган акыры.
Казатка чапчуу көй буудан
Камдалуу карап тек турган.
Ач маралдай шаңкайып,
Кең соорусу даңкайып,
Кулжадай саны түрүлүп,
Кундактай бели бүгүлүп,
Камыштай кулак чекчейип,
Арстай бели мекчейип,
Байлоодо жүргөн бабында,
Баарынын чабар табында,
Көкүлү көздө кертилип,
Көмкөрүп койгон чарадай
Тулпарда туяк жетилип.
Артыкчасы Аккула,
Айбан жетпейт так буга.
Ажыбайдын Карала,
Аккуланын иниси
Аркар сындуу Сарала.
Үкү жүндүү Сарала,
Макмал жүндүү Карала.
Абыкенин Кактелки,
Байбиченин Бозжорго,
Бай Жакыптын Туучунак,
Бакдөөлөттүн Суртелки,
Жабыкенин Акбакай,
Бакай кандын Көкчолок,
Жалдуу кызыл, Калдуукөк,
Карачелек, Айбанбоз,
Кан Жакыптын Туучунак,
Канкор көчтө минүүчү
Каракашка тобурчак,
Жал-куйругу бир кучак,
Жалпы баары тобурчак.
Кырк чоронун Чаары,
Кыргыл чалдын Бозайгыр,
Эр Чубактын Көктеке,
Элик сындуу Көкказык,
Боз жигиттин Куучабдар,
Болгон күлүк Акбакай.
Минер аты шайлалуу,
Уруш чыкса кокус – деп,
Бирден тулпар байлалуу.
Жем баштыгы манаттан,
Жем үзгөрбөйт бар аттан,
Казаттуу күндө каранга
Куйрук берип, май берип,
Кындырдай кылып жараткан.
Үртүгүн торко жаптырган,
Аттарынын мойнуна
Алтындан тумар тактырган.
Казаттуу күндө баарысын
Кандагайга каптаган,
Кара боюн чаптаган.
Тула бою күймөлүү,
Туягынан башкасы
Баары күмүш түймөлүү.
Кездеп атса ок өтпөйт,
Кечип чапса чок өтпөйт.
Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Мылтык атса ок өтпөс,
Отко жакса чок өтпөс
Казатка чапчуу көй тулпар,
Ал аттардан бир бөтөн
Арнап минер аты бар.
Ак арпадан түктөтүп,
Казатка минчү аттарга

Бартал атка жүктөтүп
Соот менен кыягы,
Аң уулап ууда жүрсө да
Жортуулчудай сыягы.
Огу менен дарысын,
Олуп алып баарысын,
Төрө Манас жолборсу,
Төрт жүз болуп жолдошу,
Бабасы Ногой көтөрткөн
Бадышалык туусу бар,
Байрагы калган жыртылып,
Башкасын алып, көтөртүп,
Бастырып чыгып калышып,
Бадаңдын башы Тегинде
Кызык кылды чуулашып,
Эки күн кийик уулашып.
Он эки айры бугу атып,
Текесин таштап кулатып,
Эки күндүн ичинде
Беш жүзчө кийик сулатып.
Терисин кайыш кылышып,
Жанупту көздөй жылышып.
Анжиян, Кашкар арасы
Ала-Тоонун бийиги,
Арбын экен кийиги,
Эки күн өргүп жатышып,
Капкара болгон кулжадан
Элүү төртүн атышып.
Маралын кошуп бугу атып,
Мастан аюу дегенден
Жетөөн атып сулатып,
Жолборстон атып сегизин,
Бугунун атып семизин,
Илбирс менен чөө атып,
Ийри моюн төө атып,
Баатырлар жолго салыптыр,
Кара-Кулжа атакка
Жер атагы калыптыр.
Ала-Жууку, Үч-Ташка,
Ал кезекте алардын
Салтанаты бир башка,
Анжыян башын айланып,
Жолдош менен жоросу
Ар сонундун терисин
Салаңдата байланып,
Аркардын эти, кой эти,
Абыдан канып тоюту,
Бугунун жешип жаясын,
Мынча кызык көргөн соң
Булар кайдан жай алсын,
Илбирстин атып баёосун,
Өлүүсү чирип дөң болгон,
Өрүгү чирип көң болгон,
Жер кайыбы өм болгон,
Алчасы чирип дөң болгон,
Алмасы жатып көң болгон
Саяң-Жайлак, Ара-Көл,
Алардын аңын уулашып,
Айгайлашып чуулашып,
Адам калбай калыптыр,
Ар түрлүү кийик алыптыр,
Ара-Туз менен ылдыйлап,
Тоонун башын сакташып,
Ат күлүгүн бапташып,
Араник шаарын сакташып,
Күндө кийик атышып,
Күлкүгө минтип батышып,
Анжыян, Суңшоо арасы,
Ал тоолордо бар экен
Ар түрдүү кийик баласы,
Ар сонундан аттырып
Баштап жүргөн Манасы,
Анык он беш күнүндө
Араникке барбаспы.
Араник шаары бузулган,
Азы болуп мусулман,

Көбү качып алыптыр,
Ээн калган жери бар,
Наамандын кени – деп, кеткен,
Албан түрлүү эли бар.
Калмак, кытай бу да бар,
Казак, кыргыз жуда бар,
Эренден калган сарты бар,
Эр Манасты угушуп,
Эки миң адам чыгышып,
Конок кылып бир түнү,
Бээ семизин жыгышып,
Аягы менен айланып,
Алласына жалбарып,
Мына ошол жол жакын го,
Кашындагы жүргөнү
Балбан менен баатыр го.
Таамай жыйырма күн болуп,
Бууругушуп калган го,
Ачып калган кымызын
Арбын ичип салган го,
Аңды-дөңдү карабай,
Ала деңгил болушуп,
Алар жүрүп калган го,
Арстан эрге кошулуп,
Ата уулудан ылгалып,
Алтымышы барган го.
Ашып өтүп Чаначты,
Жануп жагын караштты:
Аңдап көрсө ушулар
Келме келсе тилине,
Ыйман кирсе дилине
Болот экен мусулман,
Болжоп жерин көрүүгө
Кошулду киши ушундан.
Тулустун жери ушу – деп,
Тулус жаң-жуң өлгөндө
Дуулап турган тушу – деп.
Жаң-жуң өлүп, бөлүндү
Калмак, казак арасы,
Калган экен жок болуп
Калган шаар калаасы,
Кыйын көрдү бу жерди
Кыргыздын кыраан Манасы:
Бөксөсүн көр, сазын көр,
Бөлүнүп учкан казын көр!
Коктусун көр, сазын көр,
Каркылдап учкан казын көр!
Өлкөсүн көр, сазын көр,
Өрдөгүн көр, казын көр!
Ат жортпогон тулаңы,
Ар тараптан сандалып
Агып түшкөн булагы!
Жетиген жагын караса
Жери чыбыр, майда адыр,
Көтөлөк деген жер экен,
Көрдү муну көй баатыр.
Калмактын койгон аты – деп,
Катуу күлүп эр Манас
Калмактын атын жоёлу,
Тулус экен улугу,
Өзүнүн атын коёлу.
Ортодо өзөн, кенен сай,
Орчун жакшы жер экен
Ою-тоосу малга жай.
Койсок атын Тулус – деп,
Көтөлөк деген кандай сөз,
Тулус аты дурус – деп,
Манас айтып салганы.
Абасы Бакай кеп айтып:
Дагы калмак аты го,
Чын болсо которгонубуз
Талас болсун – деп, айтып,
Бул Таластын ээси
Манас болсун – деп, айтып.
Баары сүйлөп салыптыр,
Абамдын сөзү макул – деп,

Калайык кабыл алыптыр,
Каткырыгы баш жарып
Катуу күлүп калыптыр.
Ортосу Талас, аягы Сыр,
Акыр заман журтуна
Таласта Манас турган – деп,
Айтылып калды кыргызга
Адабият жомок ыр,
Чүй жагынан көрүндү
Ашмара бели сары кыр.
Ашмарада турчу экен
Мерки шаа деген калдайы,
Манастан Тулус өлгөндө
Бейпай болуп далайы,
Кач-качта качып калыптыр,
Канча шаар-бараанын
Калмактар таштап салыптыр.
Бетегеси май болуп,
Бээ байласа жай болуп,
Жылтырканы, шыбагы,
Жылып аккан булагы,
Жыргалдуу жердин бири го
Ойлогонго бу дагы.
Үркүндөн калган үч миң үй
Чачылып кыйрап калыптыр,
Керектүүсүн кериден
Алиги барган адамдар
Чапкылап жыйнап алыптыр.
Каттам болуп арбагы,
Качкан экен калмагы.
Калмакка болгон букара
Казак, кыргыз уругу
Калган экен буларда.
Малдуусу Чаткал барыптыр,
Бай Кошой деген калыптыр.
Бабасы кыргыз уругу,
Элине бүлүк түшкөн соң
Тескей тарап бөксөдө
Болгон экен туругу.
Манастын көрүп аскерин
Келип калды бу дагы:
Аттан түшүп бүгүлүп,
Амандык-соолук сурашып,
Арстан эрге жүгүнүп.
Дөөлөс экен уругу,
Тулуска карап турганда
Төрт жүз үйдүн улугу.
Араникти бет алып
Айылы качып кетиптир,
Арстанды көрүп бу күндө
Кубаныч кылып жетиптир:
Уругу калмак чатала,
Уруп кеткен каапырдын
Ичкен ашы атала,
Тыргооттун уругу,
Таластын башы бөксөдө
Жаткан экен бу дагы,
Калмактардын карт Кошой,
Кашына келди баатырдын
Алты бээ жетелеп,
Амандык тилеп энтелеп.
А да келип калыптыр,
Кабыл кылып тилегин,
Тартууларын алыптыр.
Ыйман айтып, келме айтып,
Ислам динге салыптыр.
Кундуз, Талкан; жайлаган,
Кундуздай кара ат байлаган
Кебил, Ара жердеген,
Кесенип жоосу жеңбеген
Аталык уулу эр Кошой:
Кыйладан бери кылчайбай,
Көптөн бери көрүнбөй,
Көкжал Манас баатырга
Учурашып катташпай,
Нуранын суусун атташпай,

Катынга жатып багындым,
Кабылан эрди сагындым,
Айылым жакын болсо да
Аралашпай калдым – деп,
Ал-абалын сурабай
Кандай жатып алдым – деп,
Актап күрүч арттырып,
Алты атанга тарттырып,
Ысардын тоосун жайлаган,
Нык семирип кайнаган
Сегиз семиз бээ алып,
Алты нарча төө алып,
Айылына келип таба албай,
Алып келген малдарын,
Жалпы таштап айылына
Жанындагы балдарын,
Эки жигит алыптыр,
Андан-мындан табам – деп,
Таба албай келип Манасты,
Жаңы көрүп Таласты,
Ушунда келет экен – деп,
Беш күндөн бери жагына
Таластын жогор бөксөсүн
Беш күнү орун алыптыр,
Учураша келдим – деп,
Улук Кошой барыптыр,
Урматтап Манас алыптыр.
Калмак Кошой алпарган
Боз байталды союшуп,
Боорсокко тоюшуп,
Абам жакшы келдиң – деп,
Баатыр кубаныч алганы.
Ногойдон калган кызыл туу,
Байрагы калган жыртылып,
Желексиз жүргөн мына бу.
Касиеттүү баба – деп,
Байрак байлап бу туугa,
Атап бергин мага – деп,
Кошой макул алган жер,
Бээни союп салган жер,
Баатыр Кошой абаңа
Туу байлатып алган жер,
Боз байталды сойгон жер,
Боорсокко тойгон жер.
Манастын жаткан жери шо,
Бото-Мойнок жайык дээр.
Эки күн жатып эр Кошой
Элине кайтып кетиптир,
Эми Манас нетиптир,
Эртең кетсек – деп, турса
Алмамбет жакын жетиптир.
Алиги Бото-Мойнокко
Алты күн орун алыптыр,
Таластын башы Жети-Төр,
Ишенбесең барып көр,
Аяк жагы бөксөдө
Акыр заман журтуна
Үч-Кошой аты калыптыр.
Эртең кетээр эр Манас
Эригип чыгып бастырып,
Кайтсамбы – деп, ойлоп үй жакка,
Эриккенден эр Манас
Көзүн салып карады
Көк жайык өзөн Чүй жакка:
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык!
Таз кара учса шашкандай,
Таңдайы күйүп качкандай,
Таз адам барса жазганбай
Маңдайы күйүп качкандай.
Куркулдай барса шашкандай,
Куйругу күйүп качкандай,
Куландар барса азгандай,
Туягы күйүп качкандай.
Томуктай болгон тоосу жок,
Кашыктай болгон кары жок,

Кара бута шаары жок,
Абанды талаа Сары Өзөн,
Оюна көзүн салыптыр,
Жейрени койдой жайнаган
Жерине айран калыптыр.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Алмаң баатырдын
Кабарын угуп алыңыз.
Казактан чыгып кайгырып,
Кадырлашы Көкчөдөн
Каргаша болуп айрылып,
Узак жолго мол басып,
Алтайдын жануп четинен
Жыйырма күн, жыйырма түн,
Санаты кырк күн жол басып,
Күн батышты алып маңдайга,
Тили кургап таңдайда,
Чыканак жерге салбастан,
Чырым уйку албастан,
Эскиси түшүп эсине,
Эркин дүйнө жалган жай
Эч көрүнбөй көзүнө,
Жалгыздык түшүп жадына,
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Аманат жан күн кечпей,
Жолдо Алмамбет бел чечпей,
Эрини чарта кесилип,
Ачкадан боору эзилип,
Айнектей көзү сүзүлүп,
Акыр жалган дүйнөдөн
Абыдан күдөр үзүлүп:
«Мекени алдым бетиме,
Бере көр кудай өлүм!» – деп,
Өлүмдү алып нээтине,
«Каралашкан казагым,
Казак берди азабым,
Каңгып жүргөн шум башым,
Кандай жолду басамын?
Жалындым кудай өзүңө,
Жайлуу жерден бир ажал
Жеткире көр өзүмө.
Болгон карып экен – деп,
Болжосом боор бураар жок,
Жатып калсам алсырап,
Кандай жаткан жансың? – деп,
Жайы-күйүм сураар жок.
Аркамдан издээр ага жок,
Алладан бөлөк баана жок,
Тек-жайын айтып телмирип
Артымда калган бала жок.
Атадан бездим дин үчүн,
Алла Таала бир үчүн,
Энеден бездим дин үчүн,
Эгем Таала бир үчүн.
Издеп келер иним жок,
Ит ордуна мен өлсөм
Ичи ачыр бенде бири жок.
Таянарга тага жок,
Жараткан жапар кудурет
Тагдырыңа дабаа жок,
Өлсөм калдым талаада,
Өзүңдөн бөлөк баана жок.
Бадышадан башкага
Баркы болбос көөкар таш,
Курган башым бир жалгыз,
Кургабай аккан көздөн жаш!
Бир өзүңө сыйынам,
Өбөктөп кетсем жөлөк жок,
Сыйынам жалгыз өзүңө,
Талап кылдым Мекеге,
Көргөз – деп, Алла көзүмө.
Шашпай тутуп иш кылсам
Шарияттын амырын,
Жашымды төгүп ыйласам

Байгамбардын кабырын,
Калкынан азган каранмын,
Каңгырап кайда барамын?
Закматын тарттым калдайган
Биябаң кара талаанын.
Элинен азган элкиммин,
Эгем Таала бир үчүн
Элимди кырып желпиндим.
Тобунан азган тозгунмун,
Токтоторуң өзүң бил,
Дос, карындаш, жар кылып,
Өткөн болсом дүйнөдөн
Жоктоторуң өзүң бил,
Каран жалган дүйнөдөн
Кайып болуп жоголсом,
Казактардай жоо кылып,
Боктоторуң өзүң бил.
Өлүм жетип өзүмө,
Кара башыл беңдеден
Калк көрүнбөй көзүмө,
Ат арыктап, жал калбай,
Аяк серпээр ал калбай,
Кыяматка бет алып,
Кыркырак кирсе оозума
Кымындай суу тамызып
Кылчаяр жок өзүмө.
Кылымдын баары кайышар
Кыраан эрдин сөзүнө.
Башымды жөлөөр баана жок,
Баркымды билер даана жок,
Барармын кудай өзүңө,
Баани чиркин жалган жай
Бир көрүнбөйт көзүмө».
Көбүнөн калган аз болуп,
Тобунан азган кас болуп,
Эр Алмамбет жапжалгыз,
Толо койну жаш болуп,
Бараарына жери жок,
Батарына эли жок,
Алмамбет наалып жөнөдү:
«Ажал берсе кудурет
Арылбай арман өлөмбү?
Кейип угар бенде жок
Керээз айткан сөзүмдү,
Кериде калып жасатым,
Кузгун чокуп көзүмдү,
Карга жарып кардымды,
Кара болуп кан башым,
Кайгылуу күнгө калдымбы?
Жору жарып жонумду,
Жокчулар тоноп тонумду,
Бендеден опа таппадым,
Бербердигер сактадың.
Адамдан опо таппадым,
Алла Таала сактадың.
Бирлик кудуретиңе
Билип урдум өзүмдү,
Бир жараткан кудаасың,
Бизге окшогон карыптын
Жеткиргенсиң мудаасын.
Мен карыптын сөзүн бил,
Бербердигер өзүң бил».
Алма-Коюр жердеген,
Намысын колдон бербеген
Илебин деген эр экен,
Илебин жердеп тургандан
Иле атанган жер экен.
Ар жагы деңиз көл экен,
Аяк жагы биябан,
Адам жүргүс чөл экен.
Чөлдөн өтүп барганда
Аягы барып Сыр куюп,
Арал-Көл деген көл экен,
Арасында ар түрлүү
Адам тургус чөл экен.
Алтайдан Жылдыз бөлүнүп,

Агымы келип Ала-Тоо,
Тянь-Шань тоо бөлүнүп,
Тянь-Шандын шымалы,
Иле бойлоп Алмамбет,
Тоо түгөнүп кеткен соң
Элким жүрүп куурулду
Эр Алмаңдын амалы.
Тоо түгөнүп, уч болду,
Жол түгөндү, түз болду,
Суу түгөндү, чөл болду,
Жануп жагын караса
Тоо басайып, бел болду,
Жол үч жакка бөлүнүп,
Алмамбет анда тел болду,
Асирет менен кайгырып,
Агып жашы сел болду.
Жол сураарга жоро жок,
Калк сураарга кара жок,
Бел сураарга бенде жок,
Айыл сураар адам жок
Жолдо турду зеригип,
Көңүлү түшүп жанупка
Жолго кирди желигип.
Кудай салган бу жолго,
Оңду таштап, оолугуп,
Алмамбет кирди жол солго,
Абалы кудай кез кылган
Алтымыш жигит осолго,
Оңунан келди бу төлгө,
Оолугуп Алмаң кириптир
Корооготу, Кош-Көлгө.
Жалгыздыктын зарпынан
Зарланып көзүн жаштаптыр,
Оңуна кудай баштаптыр.
Таңдайы кургап, тил катып,
Так кырк күнү жол тартып,
Кабагына кар жаап,
Мурутуна муз туруп,
Мындай ысык күндөрдө
Муңканып көңүл бузулуп,
Күн жактан Ала-Тоо көрүп,
Өрдөш кара коо көрүп,
Ойду көздөй бет алып,
Оолугуп ичи тутанып.
Казак, кыргыз түрүк – деп,
Кай жерде өлөм жүрүп – деп,
Кара кырчын, кара суу,
Кан Алмамбет жапжалгыз
Капталган жери мына бу.
Ийри-буйру кара суу,
Илебинде кырчындуу.
Кара суунун тунугу,
Найза салса бойлобой
Булуң-булуң чулугу.
Илегилек, көк кытан,
Ийри тумшук, бир казан,
Төрт канаттуу чалагар,
Султан Алмаң караса
Суу кушунун баары бар,
Саздуу жерди ээлеген
Ызылдап ызгыч дагы бар.
Учуп качат башка куш,
Алмамбет ошоо болгон туш,
Ызгыч кара кашка куш,
Канаттары күрүлдөп,
Катуу учуп дүрүлдөп,
Бардашы кыйын канаты,
Адамды көрсө тийүүчү
Баштатан бери адаты.
Аттатып кара суулардан,
Асты Алмамбет кутулбайт
Ызылдаган булардан.
Жакынынан жат болуп,
Көңүлү кирдеп дат болуп,
Элким болуп элинен,
Медери кетип белинен,

Кужуру кайнап куршугуп,
Кыжыры кайнап кырданып,
Кыраанын Алман сурданып,
Суу көтөрбөй сиркеси
Ызгычка айткан бир сөзү:
«Ызылдаба ызгыч куш,
Ырасын айтсам ушул иш,
Тызылдаба ызгыч куш,
Чынын айтсам ушул иш
Канаттуудан сен жалгыз,
Какшыган чөлгө бүтүпсүң,
Кара башта мен жалгыз,
Кайыры жок элге бүтүпмүн,
Кылып кыйла байданы,
Кызматым жерге житипмин!
Куйруктуудан сен жалгыз,
Кубарган чөлгө бүтүпсүң,
Жумуру башта мен жалгыз,
Куруган элге бүтүпмүн,
Куруп келем жапжалгыз,
Кубанычым жерге житипмин!
Уяң менен ишим жок,
Учурарга кишим жок,
Ушу жерде мен өлсөм
Кишим түгүл, жаныбар,
Улуп калар итим жок!
Балаң менен ишим жок,
Бара турган кишим жок,
Мына шу жерде мен өлсөм
Мааналарга итим жок!
Айбандан жалгыз атым бар,
Аллама айтар датым бар!
Адамдан жалгыз өзүм бар,
Армандуу наалыш сөзүм бар,
Айланып келип башыма
Нечүн тиер кезиң бар,
Оору тийбей, соо жүрүп,
Ооп турган эсим бар.
Койсоңчу, ызгыч, кордобо,
Жолуман чыгып торгобо,
Өзүңдү өзүң зордобо,
Айдаркандын Көкчөдөй
Жалгызсың – деп, кордобо!»
Ал сөздү айтып далайып,
Ачкалыктан шалайып,
Эки буту салайып,
Ал сөздү айтып сүйлөнүп,
Алмамбетке бул ызгыч
Келип тийди күүлөнүп.
Өз жеринде жүргөндө
Өкүмат күткөн бир далай,
Өзүнчө келип Көкчөгө
Нөкөр болгон бир малай.
Туңшасында турганда
Журт сураган бир далай,
Саптап келип Көкчөгө
Санатта жүргөн бир малай.
Малайлык ойлоп башына,
Эркексип ызгыч да келди
Эр Алмаңдын кашына,
Санаасы санга бузулуп,
Таноосу демге кысылып,
Ачкалыктан Алмамбет
Кара тер бойдон сызылып,
Камсыгып келген каркыбар,
Жаага кыйын салты бар,
Коломсокко кол салды,
Ошо кушка ок алды.
Киричке жебе чалыптыр,
Телпилдеген ызгыч куш
Чыйылдап келип калыптыр.
Алмаңдын көргүн санатын,
Ызгычтын атты канатын.
Канатын огу сындырды,
Ызгычтын жанын тындырды.
Чыйраксынды көккө учуп,

Жыгылды ызгыч жер кучуп.
Азыр ызгыч жыгылды
Алмамбеттин жолуна,
Аны Алмамбет көрмөккө
Эңип алды колуна.
Канаты сынды, калы жок,
Кармап көрсө жаныбар
Былк этерге алы жок.
Бөдөнөдөй өзү бар,
Бөтүрөйгөн көзү бар,
Насият кылып ызгычка
Алмамбет айтар сөзү бар:
«Алла жүн берген далыңа,
Аңдабай өзүң алыңа
Адамга не үчүн катылдың,
Арманда өлүп атылдың.
Алыңды чактап билбедиң,
Айланып сага тийбедим.
Катылба десем болбодуң,
Кадалып жолум торгодуң,
Кадемиң каткыр оңбодуң.
Тийбегин десем болбодуң,
Титиреп жолум торгодуң,
Тийгенден кайсыл оңгонуң?
Чөөлүккөн чөлдө сен болдуң,
Чөккөн арстан мен болдум.
Аңкаган чөлдө сен болдуң,
Ач арыстан мен болдум.
Алыңды билбей не тийдиң,
Сенден бетер мен дагы
Алымды билбей баш кошуп
Ажалдын тонун мен кийдим.
Өз алың билбей сен тийдиң,
Өзүңө окшоп баш кошуп,
Өлүмдүн тонун мен кийдим.
Берсе кудай жолумду
Чечейин өлүм тонумду,
Бүтүрөйүн канатың,
Бейкүнөө жанга катылбай
Сен да тап – деп, жолуңду».
Кайнатма кара дары бар,
Канатын азыр бүтүрчү
Канча дары баары бар.
Сүйкөп алып жарага
Сынып калган канатын
Кыябына салганы,
Алып алтай кырмызы
Канатын аста таңганы.
Дарыга канат сырдады,
Тал жибек менен чырмады,
Учурмакка Алмамбет
Ызгычты кармап ыргады.
Аралдан чыгып Алмамбет
Боз жерге келген чагы бар,
Ошо келген боз жери
Ушу күндө дагы бар:
Ак-Эрмендин ою дейт,
Ашмаранын бою дейт.
Үйүрүңдү тап – деп, жаныбар,
Уяңда балаң дагы бар,
Учуруп ийген чагы бар.
Ызгыч учту көк жакка,
Ызгыч учкан көк жагын
Алмамбет карап көт жагын
Асманга көзүн салыптыр,
Манастын турган жеринен,
Бото-Мойнок белинен
Аккула ат менен болкоюп,
Арстан эр кырда золкоюп,
Баятан байкап алыптыр,
Баатыр эр көзүн салыптыр.
Аңдап турган мурунтан:
Аркардан бөлөк айбан жок,
Айдап мал адам жайган жок.
Бөрүдөн бөлөк айбан жок,
Маралдан бөлөк малдан жок,

Бараандап чыгар жандан жок.
Кулан жатыр жайнаган,
Кудугу жатыр кайнаган.
Адамы жок жер эле,
Арстан Алмаң арбайып,
Аралдан чыкты дардайып,
Ашмаранын оюнда,
Ак-Эрмендин боюнда,
Каруу-жарак карк алтын,
Келе жатыр калдайып.
Алда кандай адам – деп,
Ат-тону бөлөк не жан – деп,
Алыстан көзүн салыптыр,
Арстан эр айран калыптыр.
Атынын мойну бир кулач,
Айбандан түрлүү көрүнөт,
Аленгир жаа асынган,
Адамдан сүрдүү көрүнөт.
Саадагы өгүз белиндей,
Салкыны сырттын желиндей,
Аты бар да бир тоодой,
Атышканын уткандай,
Анча-мынча адамды
Ат, тону менен жуткандай,
Өзү дөбө бир тоодой,
Өчтөшкөнүн туткандай,
Өжөрлөнсө кишинин
Өзүн бүтүн жуткандай.
Карк алтындан уютма,
Каралжын ыраң тон менен,
Калдайган кара талаада
Бөксөгө чыкчуу жол менен
Бөлүнүп келе жатыптыр,
Бөрү жолдуу Алакең
Көрүнүп келе жатыптыр.
Белдемчи, соот, кыягы,
Орто Азия журту эмес
Ойлоп көрсө сыягы.
Кара бою үпчүлүү,
Капталынан топчулуу.
Малакайы алтындан,
Бардашы журттан артылган,
Башында көөкар диңсе таш,
Жаркыны көккө тартылган.
Башында жыга бөркү бар,
Бадышалык көркү бар,
Кайратына жан тургус,
Канга ылайык каркыбар.
Байга ылайык башы бар,
Байкап турат алыстан,
Канга ылайык кашы бар,
Ошо келе жатышы
Жыйырма сегиз жашы бар.
Анда Манас муну ойлоп,
Албан түрлүү кеп ойлоп,
Арстанга чын болжоп:
Аллам бердиң бишарат,
Аң уулап мына келишим
Аңдасам артык ишарат.
Түштө тапкан кылычым,
Кылычымды кез кылган
Кудурет сенин кылышың.
Түштө көргөн жолборсум,
Бул Алмамбет болот го
Дүнүйөлүк жолдошум.
Түштө көргөн ак туйгун,
Көңүлгө өзүң салбасаң
Муну кайдан мен туйдум?
Алмамбет эмей ким – деди,
Арстан эрди аңдасаң
Айтпай-дебей билгени,
Кайра тартып жылт берип,
Кабакка Манас киргени.
Кайра тартып калыптыр,
Алмамбет ызгыч учуруп,
Кайкаңга көзүн салыптыр,

Карышкырдай кылаң – деп,
Түлкүдөй куйрук булаң – деп,
Элесин көрүп эр Алмаң
Элейип тура калыптыр.
Мергендердей бет менен,
Чекесинин чет менен
Ченеп Манас караса
Элесин көрүп Алмамбет
Карап калган калкайып,
Кылжейрен аты даңкайып.
Анда Манас ойлонду:
– Кызыл түктүү бил экен,
Кыраан эрдин бири экен.
Алыскы ишти ойлонгон
Акылмандын бири экен,
Айбатына жан түтпөс
Баатырлардын бири экен.
Кең көкүрөк, сом далы,
Туткандын чыгар далдалы,
Балбандардын бири экен,
Кездешкенин мант кылып
Алгандардын бири экен.
Азуусу албарс, уу тырмак,
Арстандардын бири экен,
Айбаты менен ааламды
Баскандардын бири экен.
Качыргандан токтобос
Камандан алган мүнөзү,
Кайгырып жоодон шашпаган
Жолборстон алган мүнөзү,
Жолдош болуп кезиксе
Бүткөндөй болуп көрүндү
Эр Манастын мүдөөсү.
Абыдан көрүп айкөлүң,
Кайра чапты калкылдап,
Аккула ат менен алкылдап,
Өзүнүн боюн жыйнабай,
Өңүрү кеткен жалпылдап:
«Жоого сүрдүү жолборстор,
Жолдошту кудай бериптир,
Сүйүнчү – деди, жолдоштор.
Айтканымды туюнчу,
Арстан эрлер сүйүнчү!
Сөз айтамын туюнчу,
Төрөлөрүм сүйүнчү,
Баштап жүрсө барааның,
Калкыңда жүрсө карааның,
Бетинде жүрсө бедериң,
Белиңе таңуу медериң,
Элиңде жүрсө эркегиң,
Түндүктү тирээр түркүгүң,
Жолго кирсе жолдошуң,
Жоголор жерде колдошуң,
Жоо качырсаң жолборсуң,
Өнөрү ашык дүйнөдөн,
Өмүр сүрсөң жолдошуң
Алмамбет келет, мен көрдүм,
Ар мүнөзүн, айбатын
Арыстанга тең көрдүм!
Аң уулатып адырга
Келтирген муну кудайым,
Алмамбетти аңкаарып
Азыр көрдүм куп жайын.
Көңүлүн адам тапкандай,
Көргөн адам баккандай,
Көптөп аны токтоткон
Көл дарыя ырыска
Көз көрүнөө баткандай!
Акылын адам тапкандай,
Айла кылып токтоткон
Аккан суудай ырыска
Аллам берсе баткандай,
Сунса колу узарып,
Жумулса көзүн ачкандай!
Кетирбей токтоп калыштын
Кебин кылгын көй баатыр,

Аздырбай алып калыштын
Акылын кылгын көй баатыр!
Айрылып калып Көкчөдөй,
Арманда болуп бөксөрбөй,
Жергеңде жүрсө жектебей,
Окус жаман иш кылса
Осол көрүп кектебей
Батырарын маалим кыл!
Чогоолдук кылса көтөрүп,
Өжөрлүк кылса өткөрүп,
Кейишке салса кечирип,
Кеткени болсо келтирип,
Өчтөшкөнүн өлтүрүп
Күтөрдүн камын кылыңар!
Бүлүндүрсө бүлк этпей
Түтөрдүн камын кылыңар!
Жарлык кылса буйругун
Тутардын камын кылыңар,
Өчтөшкөнүн өлтүрүп,
Жутардын камын кылыңар!
Аллага касы болбосок,
Алмамбетти кетирбей
Тутардын камын кылыңар!
Алышсак душман ар жерде,
Алмамбет баатыр бар жерде
Ал жетпеген душманды
Жутардын камын кылыңар!
Башын тартпас өлүмдөн
Баатырлык жайы көрүнөт,
Бас адамга тең жүрчү
Бакырлык жайы көрүнөт,
Карарса кайра жанбаган
Каапырлык жайы көрүнөт!
Келе жатыр жол менен,
Кейиш тартып ой менен,
Ашмаранын оюнда,
Ак-Эрмендин боюнда,
Алтындуу саадак колунда.
Аттанып чыгып беш баатыр
Бөксөгө чыгып келгенде
Азыр тургун жолунда.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчүм Ажыбай,
Сырттан Сыргак, Кутунай,
Акимдин бири бу дагы
Акбалтанын Чубагы,
Белиме таңуу беш баатыр
Азыр кайрат убагы!
Көк колот ылдый салыңар,
Көрүнбөстөн барыңар.
Азирет – деп, акырып,
Жаныңа жакын келгенде
Айгай салып бакырып,
Каракчы болуп чыгыңар,
Капилет сайып жыгыңар.
Жортуулчу болуп чыгыңар,
Жол боюна жыгыңар.
Атын коштоп алыңар,
Айдап жолго салыңар.
Бол, жүргүн! – деп, шашыңар,
Ботонун белин ашыңар.
Тоноп тонун алыңар,
Топоңдотуп кубалап,
Топту көздөй салыңар.
Кожойтуп айдап алыңар,
Колду көздөй салыңар,
Койбойм тирүү жаның – деп,
Коркутуп айткын баарыңар.
Жүткүндүрүп келиңер,
Жүрөгүн сынап билиңер!
Алкындырып келиңер,
Акылын сынап билиңер!
Көк жайыкта жатканың,
Киричтен кийик атканың,
Төрт жүз сексен кишисиң,
Төлгөсүн көрсүн ишиңдин.

Эки жүз ордо салыңар,
Элүүң жөнөп төш жакка
Ат откоруп барыңар,
Кыркың кызык ойношуп,
Чатыраш ойнун салыңар,
Тогуз-онуң биригип
Тогуз коргоол алыңар.
Жыйылып алып жыйырмаң
Топ таш-чакмак алыңар.
Он эки желдет ат алар
Оолактан атын алыңар,
Ороюң суук салыңар.
Сөөлөткө тигип алганың
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Дөөгүрсүгөн көй баатыр
Саламын алик албаңар,
Жакшы экен – деп, көрүшүп,
Жарбаңдашып калбаңар.
Жатканың турбай кырданып,
Жаалыңды салып сурданып,
Которуп орун бербеңер,
Козголуп, келгин дебеңер.
Сырыңды сынап толтурар,
Сырттандык кылса зыңкыйып,
Ою терең эр болсо
Олутун таап олтурар.
Бабырап башкаң үндөбөй,
Баянсыз кепти сүйлөбөй,
Сыр бербестен зымпыйып,
Кыраан куштай кымпыйып,
Жок сөздү айтып чуулабай,
Жол-жобосун сурабай,
Адептүү болгун баарыңар,
Ар кандай жумуш болсо да
Аңдап менден алыңар.
Арстан эрдин өзүнөн
Адеп тутуп калыңар.
Аламан казак элде өстү,
Каталык кылса кайтарып,
Асталап жолго салыңар.
Канды карып ким кылар,
Карып кылмак кудайдан,
Калтырып көөнүн кир кылар,
Каралыкка дит кылар,
Андай ишти, кырк баатыр,
Бир каражолтой ит кылар.
Бекти бейпай ким кылар,
Бейпай кылмак кудайдан,
Меңсиз көөнүн кир кылар,
Бекерликке дит кылар,
Белгисин көргүн көй баатыр,
Андай ишти ар качан
Пейли бузук ит кылар.
Төрөнү төмөн ким кылар,
Төгүлтүп көөнүн кир кылар,
Төгүндүккө дит кылар,
Аны бир төбөңдөн урган ит кылар.
Кытайдан келсе казакка,
Казактан калса азапка,
Кыргыз дагы шек берип
Калбайлык кара мазакка.
Каңгайдан келип казакка,
Казакка келген кан заада
Калып алып бир жолу
Калабалуу азапка,
Казак, кыргыз уругу
Кагышса каапыр, мусулман,
Жалгыз жанды күтө албай
Калбайлык кара мазакка.
Кыргыек учат чил издеп,
Кериктер жортот бил издеп,
Кытайдан келген дин издеп.
Карчыга учат аң үчүн,
Абадан торгой быжырайт
Агарып аткан таң үчүн.
Ата-энеден тең кечип,

Азып келген кайран эр,
Алтайчылык сапар жол
Басып келген кайран эр
Чымын кара жаны үчүн,
Бейкарар сөздү коюңар,
Мен айтамын ан үчүн.
Капия баштап албаңар,
Калкыңдын жөнүн биле элек,
Канзааданын нак өзүн
Капалантып салбаңар.
Аңгеме баштап албаңар,
Адамың жайын биле элек,
Арстан эрдин өзүнү
Ызалантып салбаңар.
Моюнга минсе шайтаным,
Бирок менин айтарым,
Арстан сындуу эрдир ээ,
Алып келип үстүмө
Ар канча кыйын болсо да
Ат менен салам бердирбе.
Жөөлөп айтсын саламын,
Жөнүн билип аламын.
Бас келип айтсын саламын,
Баркын билип аламын.
Алмамбет мында келгенде
Азат боюң күүлөбөй,
Аламандап сүйлөбөй,
Артык айтпай сөзүңдү,
Аңдаңар менин өзүмдү.
Кыл дегеним кылыңар,
Кыйла кыйын сыры бар,
Канзаададан болгон соң
Караса көрөр сыны бар.
Сыныңды сынап билбесин,
Сырттан эрдин бир өзү
Сызып жолго кирбесин.
Жоо бөрүсү эр деген,
Жоругуңду билбесин,
Жолобой жолго кирбесин.
Кытайдан келген бир эрди
Кыйырынан казак жиберди,
Көкчөнүн жигиттеринче
Көтүнөн түшсөң ал эрдин
Көрүнөө кырам силерди.
Каңгайдан келген бир эрди,
Кадырын казак билеби,
Каңгыртып кууп жиберди,
Как ошондой кылганча
Каныңды төгөм силерди.
Казак, кыргыз алаштыр,
Кара суу акса, алыштыр.
Уругу түрктүн уулуна
Ушунчалык намыстыр.
Казактан келсе кыргызга
Кыргыздан кетип жылышса,
Өзүбүз түшүп өлөлүк
Өзүбүз чапкан кылычка.
Бел байлаңар бул ишке,
Акылын кылгын ушуну,
Душмандын башын жутууну,
Абыдан кайрат кылыңар
Алмамбетти тутууну!»
Беш баатырын белендеп,
Көк колот ылдый салыптыр,
Көй төрөлөр калыптыр.
Эки жүз ордо чийишип,
Элүүсү атка киришип,
Оюнга кирди баарысы,
Оён эрдин айтканын
О жерде кылып алышты.
Көк колот менен салыптыр,
Көй баатырдын бешөөсү
Көрүнбөй тосуп калыптыр.
Кирген нардай зыңгырап,
Ач арстандай ыңгырап,
Кытайча кызыл добулбас

Чымын тийсе кыңгырап,
Кетелик билдей кеңгиреп,
Кесип чыккан жолборстой
Эси оогондой зеңгиреп,
Кубаттуу көрүп тирлигин,
Кудаанын билип бирлигин,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдүн жоюп кирлигин,
«Бербердигер бир Алла
Барлыгыңчын, катаа жок,
Алланы эске алганда
Алмамбетте капа жок.
Туудурган сенде ата жок,
Тууган сени эне жок,
Турган өзүң бир жалгыз,
Туш келишер неме жок.
Өзүңдөн тубар бала жок,
Асман-жердин ич-тышын
Алып турсуң апаппак,
Жарым сирке башындай
Бийлигиңде кара жок,
Өкүм кылсаң чара жок,
Өзгөнүн баары бейкүмөн,
Өзүңдөн бөлөк даана жок,
Өзгө тууган урук жок,
Өзгөнүн баары бейдарман,
Өзүңдөн бөлөк улук жок.
Өзгөнүн баары кирдеген,
Өз абалын билбеген,
Өзүңдөн бөлөк тунук жок.
Бол дегенде болтурдуң
Он сегиз миң ааламды,
Айткан жалгыз сөз менен
Арсы-күрсү каламды,
Өнгөн жандын баарына
Жибердиң өлүм алекти,
Бир сөз менен бүтүрдүң
Тогуз кабат балекти.
Турасың колдоп, күч болуп,
Жарлыгыңдан жаралып,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Нече түрлүү жан толуп.
Баары өзүңдүн кубатың,
Бар кудай каар кылба – деп,
Байкуш менин мурадым,
Себепкерим сендирсиң,
Өзгө жандан түңүлүп,
Өзүңдөн жардам сурадым.
Эрк өзүңдө, кудаасың,
Элким биздей бакырдын
Өзүң жеткир мудаасын».
Ал сөздү айтып Алмамбет
Ак бирлигин эске алып,
Аккан жашын көзгө алып,
Көрүнгөн жондо бир караан,
Булаң этип көрүнүп,
Дагы Алмамбет маң болду
Жолу төрткө бөлүнүп,
Белден көргөн белгиге
Бет алып жолго салыптыр,
Беленденген беш баатыр
Кабактан чыгып калыптыр.
Мылтык атып, тарс коюп,
Добул согуп, карс коюп,
Азирет! – деп, ат коюп,
Аламандап бат коюп,
Желегин шамал жапырып,
Жеп ийчүдөй бакырып,
Чукул жерден чубуруп,
Жакын жерден жабылып
Качырып чыга калганы,
Бирлигин санап Алланын
Минтип келген Алмамбет
Чил учкандай селт этип
Бир да карап албады.
Коргошуп жүрөк, бил билек

Коркпой турган Алмамбет,
Айбаты жолборс, ач курсак,
Ар мүнөзүн аңдап бак:
Жайык маңдай, жазык төш,
Жалаяк ооз, жалын көз,
Жан катылчу неме эмес.
Ач арстандай ыңгырап,
Найзасы колдо зыңгырап,
Албарсы белде шыңгырап,
Жолдон азган бир жолборс,
Жологон бенде соо болбос.
Изинен азган жолборстой,
Иришкен аман болбостой.
Арстандай түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Жапырагы алтын чынардай
Гүлдөп чачкан бүрү бар.
Кесенип чыккан беш баатыр
Келди токтоп кала албай,
Кезиккен менен беш баатыр
Бардашына болду таң,
Батынып колун сала албай.
Сундурган найза жарагын,
Султан Алмаң кебелбей
Бастырышын карагын!
Кабагы бийик, өңү саз,
Кабыландай мараган,
Каар менен караган,
Менменсиген беш баатыр
Кайратына таң калган.
Кол салса кокус кылгандай,
Койго тийген бөрүдөй
Кырып салып тынгандай.
Барганы менен бакырып,
Бар кайратын чакырып,
Кайраты мындай ким болду,
Каары катуу беш баатыр
Катыла албай тим болду.
Бардашы мындай ким болду,
Барган менен беш баатыр
Батына албай тим болду.
Кыраан Алмаң бастырган
Кылжейрен менен калкайып,
Кыйкырып барган беш баатыр
Кошулуп калды бастырып,
Саламын айтып шалкайып.
Кылжейрен атын кындыйтып,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып,
Адам өлчөөр неме эмес,
Байкап көрсөң айбатын
Манасыңан кем эмес.
Бар кудай берген экен – деп,
Баатыр Сыргак жол баштап,
Астына түштү тепеңдеп.
Ашты мойнок белинен,
Астынан барган беш баатыр
Алмамбетти көргөндө
Айрылып калды мурунку
Алаптап жүргөн деминен,
Жалгыз ооз жайын укпады
Алмамбеттин кебинен.
Алиги келген бешөөнү
Адам го – деп, аңдабай,
Алда кандай жан бу – деп,
Аңкарып анык карабай,
Кейпин көрүп беш баатыр
Кеп суроого жарабай.
Мурду тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Кабагы кашат жапыстай,
Кийген тону ок өтпөс,
Кубулганы тоостой,
Жамынганы сыртынан
Жабыр баян териси,
Бар жеринде көрүнөт
Баатырлыктын белгиси,

Бардашына көрүнөт
Баштаган баана бериси,
Бастырып келе жаткан жер
Талас, Чүйдүн арасы,
Түз-Булактын кериси,
Ушу болор Алмамбет
Эр Манаска келиши.
Сөзү түшүп көңүлгө,
Сан кыргызга Сагымбай
Жайын айтып бериши,
Жакындашып бастырып
Сандыргалуу Алмамбет
Жаткан элге келиши.
Төрт төбөлүү кырк чатыр,
Ондон киши кашында,
Орчун жыйын, көй баатыр.
Алардын кылар өнөрү
Ат алмак өкүм колунда,
Алмамбет келер жолунда.
Он эки желдет барыптыр,
Астынан турду бүгүлүп,
Ат алууга жүгүнүп.
Миң кадам жерден жол тосуп,
Алиги келген алтоону
Эки-экиден жолгошуп,
Ат жылоодон алганы.
Тегинен моюн ийбеген,
Тизгинге адам тийбеген,
Ачуусу келди Алмамбет,
Тарт колуңду мурдар – деп,
Тартып алды тизгин бек.
Катуу кагып, бек силкип,
Кармабагын – деп, силкип,
Чылбырды жулуп алыптыр,
Чыканагы биринин
Чыгып кетип калыптыр,
Эки ача билек бириси
Карс – деп, сынып алыптыр.
Дөбөгө тиккен кырк чатыр,
Эки жүзчө адамы
Бакылдашып ордо атып,
Чатыраш оюнун салыптыр,
Кишисинен кырк-элүү
Киштеге кирип калыптыр,
Чакмак-топ таш алыптыр,
Курдап алып элүүсү
Кумалагын салыптыр.
Жатканы турбай кырданып,
Жаалданып сурданып,
Карап койгон бир жан жок,
Кандай жүргөн адам – деп,
Капарына алган тири жан жок.
Алардан бетер кырданып,
Айбатын салып сурданып,
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Төрө Манас үстүндө
Дөөкүрсүгөн көй баатыр:
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыйындардын баары бар.
Оңдоп алып борумун,
Манас менен Бакайдын
Ортосунан коюптур
Болор-болбос орунун.
Аңырайган тешиктен,
Ачылып турган эшиктен
Урматта өскөн элинде,
Улук өскөн жеринде
Арстан Алма султаның
Аты менен келүүгө,
Айтып салам берүүгө
Бастырган бойдон барыптыр.
Эшикке жакын барганда,
Элүү кадам калганда
Айткан Манас канынан
Беш баатыр бекем угуптур
Ат менен салам бердирсең

Үмүтүң үз – деп, жаныңдан,
Эт жүрөгү болкулдап,
Эч аргасын таба албай,
Эстери чыгып кыпылдап,
Эшигине Алмамбет
Жакын жетти чукулдап.
Чыдай албай Ажакең
Бастырып чыйрак барганы,
Баатыр Алмаң султандын
Чылбырынан кармады:
«Сабар менен серисиз,
Сабагыңды карасам
Сары алтындын кенисиз,
Жөн-жайыңды карасам
Дөө кызматкер берисиз,
Кадамыңыз кут болсун,
Каалап мында келипсиз,
Кадыр Алла жар берсе
Калың кыргыз журтуна
Карашуучу шериксиз.
Көөкарсың көз айныган,
Куйругуң кучак буудайык
Көк асманда дайрыган.
Азуусу болот арстансың,
Ак дин издеп азгансың,
Амыры менен Алланын
Алтайдын жолун баскансың,
Акыр заман журтуна
Айтууга жомок дастансың.
Капаланып чыгыпсың
Казактын калың элинен,
Кадыр Алла буйругу,
Арстан эрге жолуктуң
Ашмаранын белинен,
Аңдап уккун арзымды
Асирет кайгы кебимден.
Улук да болсоң ушу жол
Биздер үчүн кичик бол.
Каары катуу каныбыз,
Ат менен салам берсеңиз
Калбас тирүү жаныбыз,
Кесилип кетер саныбыз,
Асылы түбүн ойлосом
Аман калбас жаныбыз.
Айтканынан кайтпаган,
Азыр өлүм турса да
Ажалдан башын тартпаган,
Өкүмү экөө болбогон,
Өчтөшкөнү оңбогон,
Өзүн кудай колдогон
Өкүматтуу төрөбүз,
Өткүрлүк кылсаң тил албай
Биз, өзгөчө кордук көрөбүз.
Жардыгы жалган болбогон,
Жамандык кылган оңбогон,
Жаратканы колдогон,
Жаалы катуу төрөбүз,
Жайылдык кылып койсоңуз
Жайыбыз ушу – өлөбүз.
Оңо турган неме эмес,
Оңой-олтоң эр эмес,
Окус өлүп кетпейлик,
Комсоо көрүп иш кылып,
Кокус өлүп кетпейлик.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн
Өткүр эрдин бири ушу,
Өзүн-жатын карабас
Жеткир эрдин бири ушу.
Кара суугa кан куйган
Канкор эрдин бири ушу,
Калайыкка чаң салган
Анткор эрдин бири ушу.
Кылыгын адам биле албас,
Кыйыгы тутса тил албас,
Кыйын эрдин бири ушу.
Мүнөзүн адам билбеген

Мүлктүү эрдин бири ушу,
Дүнүйөнү чайкаган
Түлүктүү эрдин бири ушу,
Түндө чырым албаган
Сүкүттүү эрдин бири ушу.
Жоругун адам билбеген
Жоомарт эрдин бири ушу,
Жоо көрбөсө бууруккан
Дөөбант эрдин бири ушу.
Алла берген багы бар,
Кызыр даарып башынан,
Кырк чилтен жардам чагы бар.
Батыны ачык бадыша,
Маарыпатка баш койгон,
Эшендик жайы дагы бар,
Эгем салып нээтине
Убалы болгон чагы бар.
Нуска сүйлөп, сөз байлап,
Чечендик жайы дагы бар,
Беш тараптан жоо сайса
Көптөйт – деп, көөнүнө албаган
Бекемдик жайы дагы бар,
Айткан сөзгө ар качан
Жеткендик жайы дагы бар.
Жаалы катуу канкорго,
Жандан тойгон анткорго
Жаман кылып салбаңыз,
Кас кишидей иш кылып
Канга забын калбаңыз.
Аттан түшүп алалык,
Ыгы бөлөк канкорго
Ызат кылып баралык,
Эби болсо баатыр» – деп,
Эптүү Ажың айтып кеп,
Алмаңды алды жылоодон.
Кол тийген соң жылоого
Козуп кетип эскиси
Алакең кирди ыйлоого:
«Өлчөөмө жетпей атымдан,
Өкүмат келип кармады,
Өз журтумда иш кылган
Өжөрлүгүм калганы,
Өлбөй тирүү бар туруп
Өнөрүн көрдүм жалгандын,
Көтөрбөсөм чарам не,
Көтөрдүм кудай салганын.
Карыптык башка жеткенин
Каалабай жүргөн экенмин
Кандыгым колдон кеткенин.
Башыма балаа жеткенин,
Байкабай жүргөн экенмин
Баашалык колдон кеткенин.
Убайымга башым жеткенин,
Узунга сөзүм кеткенин,
Нускасын мурун ойлобой,
Улуктук колдон өткөнүн,
Карып болгон кандырмын,
Кара жез болгон зардырмын,
Кайгылуу болгон жандырмын.
Бейпай болгон бектирмин,
Бербердигер бир Алла,
Бере көргүн дептирмин.
Төмөн болгон төрөмүн,
Мурунтан ишим бузулган,
Муну кимден көрөмүн!
Баары кудай ишидир,
Не да болсо эр Манас,
Көрүнөө болгон сыймыгы,
Көрүүгө башка кишидир».
Көрмөк үчүн көкжалды,
Алмамбетти көргөндөр
Айбатына таң калды,
Асталай басып барганы.
Салам берди заңк этип,
Арстан Манас, эр Бакай
Алик алды барк этип.

Бөлөгүнө карабай,
Бөлөгүнүн баарысы
Кол сунууга жарабай,
Абакеси Бакайга
Кол узатып жайма-жай,
Абасы Бакай кол берди.
Эр Бакайдан кол алып,
Эр Алмамбет баатырың
Төр жагынан жол алып.
Төрө Манас баатыры
Колун сунуп акыры,
Айбатына Алмаңдын
Козголуп Манас акылы.
Оңолгон Алмаң борумдуу,
Ортодон алды орунду.
Чарт айрылган эрини,
Чактап билген эр Манас
Алмамбет чыккан жерини.
Ачкалыгын билиптир,
Алып кел ылдам тамак – деп,
Ашпозго буйруп ийиптир.
Бал чайкаган кымыз бар,
Баатыр Мажик көтөрүп
Эки желдет кириптир.
Сары алтындан жан кесе,
Бири отуз төө ал кесе,
Баса куюп кымызын,
Байкап туруп баарың ук
Баатырлардын кылышын,
Кош колдоп аяк сунуптур,
Абакеме сунгун – деп,
Алмамбет айтып туруптур.
Эр Бакай эрин малыптыр,
Эңиле басып Жабыке
Алмаңа сунуп калыптыр.
Алмамбет алып аягын,
Асылы билдирбесем – деп,
Ачкалыктын баянын,
Аз гана жутту кылт этип,
Өзөгүнө түшүптүр,
Өбөктөп Алмаң шылк этип,
Көзү илинип кор этип,
Көкүрөгү кыр этип,
Кирпикке кирпик илинип,
Илингени билинип,
Өлүп барып тирилип,
Баш көтөрдү баатыры,
Арстан Алмаң эс алып,
Тамагын ичти акыры,
Олтуруп боюн тер басып,
Ордуна келди акылы.
Олтуруп Манас кеп айтат:
«Ой, азамат – деп, айтат.
АсынганыңАлмабаш,
Атканын жутчу милте окшойт,
Астыңдагы Кылжейрен,
Алыстан келген жылкы окшойт.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Ал жок болсо бир неме,
Элким жүргөн бир эрен
Ээн жерде жүргөндө
Эр тамагы кайберен,
Адыр жерде аркар бар,
Адырда жүрөт балалап,
Ар жайда жүрөт талаалап,
Аркардан кандай атпайсыз,
Аркардын этин татпайсыз,
Ат өргүтүп жатпайсыз?
Курбу жерде кулжа бар,
Кум кийиктер мында бар,
Кулжадан кандай жатпайсыз,
Кулжанын этин татпайсыз,
Курсант болуп атпайсыз?
Эрдикке азат эрик бар,
Эңкүү жерде элик бар,
Эликтен кандай атпайсыз,

Эликтин этин татпайсыз,
Эс алып кандай жатпайсыз?
Батуу жерде марал бар,
Баткактуу суудa арал бар,
Баткагын көрсөң батпайсыз,
Маралын кандай атпайсыз,
Маралдын этин татпайсыз,
Баяндап не үчүн жатпайсыз?
Бурушта жүргөн бугу бар,
Көрбөсө эрдин муңу бар,
Бугудан кандай атпайсыз,
Бугунун этин татпайсыз,
Бурулуп кандай жатпайсыз?
Жебирейил кабарчы,
Ак амырын жеткирген
Байгамбарга чабарчы,
Шарияттын изи бар,
Жайылдык жанга жаман – деп,
Аят келгең иши бар.
Абыдан шайың кетпесе,
Атышып өлгүн душмандан,
Амал кылгын урушуп,
Бекерге каның чачпа – деп,
Бейжайлык менен бекерге
Жүрүптүрсүз ачка – деп.
Төгүн жерге жан кыйып
Төкпө деген каныңды,
Бар кубатын чың кылып
Баккын деген жаныңды.
Жан аманат карыздыр,
Жан бакмактык парыздыр,
Ач жүрүшүң кандай?» – деп,
Алмамбеттен сурап кеп,
Арстан Манас токтолду,
Айтар сөзүн Алмамбет
Акылга байлап жоктоду.
«Алла деген калкан бар,
Айылында адам даркан бар,
Адырда жүрөт аркарлар,
Аркарды не үчүн атайын,
Күлала болуп күлгө көөмп,
Эт бышырып жегенче,
Ачка өлгөн жерге жатайын,
А көрө, атамдын этин татайын.
Куурап жүрүп, жайым жок,
Кулжаны не үчүн атайын,
Кубанычка не үчүн батайын,
Куйкалап этти жегенче,
Кубаарым этин татайын,
Кубарып өлүп жатайын.
Элким жүргөн бир башым,
Эликти не үчүн атайын,
Ээн талаада чүйкөлөп
Эт бышырып жегенче
Эрте өлгөн жерге жатайын,
Эмгекке тууган курган жан,
Энемдин этин татайын!
Бурушка бүткөн бугу бар,
Мендей муңканган эрдин
муңу бар.
Муңу жок киши баштанып,
Бугуну нечүн атайын?
Булгалап этин жегенче,
Муздайын, өлүп жатайын.
Бу көркчө, баатырым,
Бубамдын этин татайын.
Ажалдын жүрүп үстүндө
Аш ойлогон киши эмес,
Алты атамдан бери жакка
Алмамбет эмес, айбандай,
Атабыз кылган иш эмес,
Айылымдан азып келдим – деп,
Ал ишти кыла койгондо,
Алмамбет өзү киши эмес.
Баатырсынган мен түгүл,
Бабабыз кылган иш эмес,

Бабабыз кылбас иш кылып,
Отко салып эт жесе,
Алмамбет жакшы киши эмес».
Ошондо Манас кеп сурайт:
– Кайсы элдensиз? – деп, сурайт.
Кырааның Манас кеп айтат:
«Кылбаган ишиңкылгын – деп,
Кыйнабайлык – деп, айтат.
Кай жерде болот жериңиз,
Кабарын айтып бериңиз?
Качан мында келдиңиз,
Кай элдensиз элиңиз?
Калкы алачтын журтунан
Калганга окшоп бейлиңиз.
Жолоочудай жүрүпсүз,
Жообун айтып бериңиз.
Минип турган атыңыз,
Ат жарагы салтыңыз
Кытайча турат боруму,
Кийген кийим баарысы
Кытайча турат оруну,
Аттанып сапар басыпсыз
Наамандын узун жолуна.
Ээгиңде сакал коюлган,
Эрдиңе мурут оюлган,
Ырайы жарык жүзүңдүн
Нур ыйманга тоюнган.
Бара турган жериңиз,
Баянын айтып бериңиз.
Баса турган жолуңуз,
Баянын айтып коюңуз.
Кирерге барбы шаарыңыз,
Ачуу жеңип бу күндө
Ачылбастай баарыңыз,
Айтып аны салыңыз?
Учураштык бу жерде,
Нуркуңуз болгон не жерде?
Көз көрүштүк бу жерде,
Көбүңүз болот не жерде?
Мүнөзүң кытай уругуң,
Азып мындай жүрүшкө
Айран болуп турумун.
Атаңыз ким, атың ким?
Айтып берер жайын – деп,
Ан үчүн сурап турам тим».
Жоо бөрүсү эр Алмаң
Жоопко кирди бермекке,
Кулак салып эр Манас
Куп тыңдады эрмекке:
«Сураба аты-жөнүмдү,
Журттан кечкен бир жалгыз
Мойнуна алып өлүмдү.
Жооп берер менде эс кайда,
Жобоп жүргөн кишидей
Жол сурамак не пайда?
Эркимди айтар эс кайда?
Эсерлер жүрөт ар жайда,
Элким жүргөн бир жандан
Эл сурамак не пайда?
Бараргыма жерим жок
Маңып жүргөн бир жанмын,
Батарыма элим жок
Каңгып жүргөн бир жанмын.
Ой жетпеген иш издеп,
Оң караган киши издеп
Ооп жүргөн бир жанмын!
Ат жеткисиз жол издеп
Азып жүргөн бир жанмын,
Алымды билер адам жок
Басып жүргөн бир жанмын,
Кетмен өтпөс кериден
Келер бекен суусу – деп,
Кечээ күндүн арыгын
Казып жүргөн бир жанмын,
Кеткенин билбей курчумдун,
Кеңешин албай журтумдун

Жазып жүргөн бир жанмын.
Көзгө байлап чекени,
Көңүлгө алып Мекени,
Ойлоп жүргөн бир жанмын,
Көбүрүп аккан дайраны
Бойлоп жүргөн бир жанмын,
Түлкү жүрбөс түмөндү
Жойлоп жүргөн бир жанмын.
Карсак жүрбөс калыңда
Карайлаган бир жанмын,
Кара башым өлүмгө
Даярдаган бир жанмын,
Канча кылсам кызматты
Калайыгым эп көрбөй,
Жай албаган бир жанмын,
Калкасы бийик кара тоо
Таянбаган бир жанмын.
Балапан учуп уядан,
Ыгын билбей конордун,
Канатым талып жыгылып,
Караган менен көз жетпей
Ырыскым кайдан болорун
Жолдо калган бир жанмын,
Баргектен боо мээлейим
Колдо калган бир жанмын.
Чылбырым үзгөн тулпармын,
Акырда калган жемим бар,
Ал акырга жете албай
Акылымда кемим бар,
Насибим кайдан билбеймин,
Ак таала жазган ченим бар.
Кадырын билбей калкымдын,
Баркын билбей мааламдын,
Мээнетин чегип ааламдын,
Жаратканга жалбарып,
Насибин терип Алламдын,
Ак динине баш коюп,
Асиретке калгамын,
Кай түрлүүсүн ким билет
Каран дүйнө жалгандын,
Көтөрөт экен бендеси
Көңүлгө кудай салганын,
Көргүм келбей жөнөдүм
Көп кытайдын зардалын,
Тим кетермин Каабага
Тийгизсе кудай жардамын,
Отуз жети бөлмө экең
Дүнүйөнүн турушу,
Насибиси тозбосо,
Ажал колун созбосо,
Арбын экен көрөлү,
Азамат эрдин жумушу.
Отуз жети бөлүмдүн
Онунда көл, ону чөл,
Көлдөгүнү чөл көрбөйт,
Чөлдөгүнү көл көрбойт,
Өзү кадыр Алланын
Өкүмүнө ким көнбөйт,
Баранды менен чаранды,
Көзүң көргөн каранды,
Дөө, пери адамды,
Инсижин – деп, атанып,
Он бөлмө жерге таралды.
Ошолор да бир бирин
Көрүшпөстөн жай алды.
Жетөөнүн орду тоо болду,
Кай бир жерин карасаң
Капчал кара коо болду.
Кагышып өтүп өмүрү,
Каапыр менен мусулман
Кадимден бери жоо болду,
Каапырлыктын зарпыпаи
Кашындагы Алмамбет
Калкынан азып жоголду.
Чын дүйнөнүн жайынан,
Чымындай жандын айынан,

Акыреттин жайынан,
Аманат жандын айынан,
Алланын коркуп каарынан
Азып келип турамын
Анжы-манжы, Таңша,
Кириште, Кептун шаарынан,
Аттанып чыктым Мекеге
Айдаркап уулу Көкчөнүн
Ажалга буюрган заарынан,
Айт – деп, баатыр сурадың,
Ата-тегим баарынан.
Аркы атам аты Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солобо уулу Соорондүк,
Ошондой болот биздин жик.
Соолсун каапыр калаасы,
Курусун диндин карасы.
Соорондүктүн баласы,
Артыгы жок сөзүмдүн,
Ачыгы жок көзүмдүн,
Азып жүргөн элинен
Алмамбет бакыр өзүмүн,
Жолдо жатсам көрөр жок,
Өлүп жатсам көмөр жок,
Бир кудай! – деп, караймын,
Биздей курган карыпта
Андан бөлөк жөлөк жок.
Көз жетпеген көл болсо,
Өлөм дебей кечмекке,
Өлсөм чөгүп дайрага,
Өкүнбөстөн кетмекке,
Какшыган кара чөл болсо,
Бурулбастан жүрмөккө,
Мээнетке бел байлап,
Бура тартпай кирмекке,
Калк бар каапыр-мусулман,
Каш кайтарбай ушундан
Аралап жайын билмекке
Азып чыккан бир жанмын,
Анжы Бээжин дүмүрүн
Казып чыккан бир жанмын,
Жакынынан жат болуп,
Жазып чыккан бир жанмын!»
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Айтуудан тили байланып,
Азыркысын башына
Акыр заман айланып,
Сандыргалуу Манастын
Салтанатын, борумун,
Ар иш кылган орунун
Бар белем мынча – деп, ойлоп,
Башка белем – деп, болжоп
Жаш имерди көзүнө,
Жарандар кулак саяыңар
Манастын айткан сөзүнө:
«Аркайган бийик Ала-Тоо
Ак марал кууп ким ашпайт,
Айкын талаа узун жол
Адашса жолун ким баспайт.
Алланын берген бактысын
Арадан адам талашпайт,
Ар канча талап кылса да,
Талашкан менен жарашпайт,
Таалайы бас азамат
Жакынына карашпайт.
Кара көңүл кай бирөө
Канчалык айтса тил албайт,
Карк алтынга көмсө да,
Кадиксиз кара болгон соң
Кан кадырын биле албайт.
Ар бендеси көрбөйбү
Алланын берген насибин,
Ар бендеси кылбайбы
Атасы кылган кесибин,
Жакшылары көтөрөт
Жамандардын кесирин,

Алла Таала буюрган
Алачтын буйрук элинен
Алмамбеттин насибин.
Кадамы жеткен кан экен,
Кадыр Алла буйругу,
Кааласа келбес жан экен.
Чакырса келбес Чын каны
Чыйырыма келип турганы,
Кааласа келбес Каканчын
Кашыма келип калганы,
Байласаң турбас башыңа
Каран дүйнө жалганы,
Кутман келип, кут келип
Кудайдын берип салганы!
Алладан ар жан күчтүү эмес,
Калабалуу кырк баатыр,
Калыбынан билбейсиң,
Кан тартуусуз түшчү эмес!
Камдаңар ылдам тартуусун,
Кандык жолун кылган соң
Кааласа турар элиме,
Каалабаса калкымды
Өзү билер кайтуусун.
Күлүктөн тартуу камдаңар,
Күрөөкө тондон жамдаңар,
Баш тулпардан байлаңар,
Баатырдын көөнүн жайлаңар!
Самаган сапар жолуна
Аялуу мүлкүм Аккелте
Асалык анын жонуна,
Албарстан учтуу Сырнайза,
Аны берип колуна,
Кийгизиңер Аккүбө
Кийүүчү кийит тонуна!
Ан-азирет жиберген
Алтын саптуу Ачалбарс,
Аны байла белине,
Арзыбаса алашка
Ала кетсин баруучу
Арабыстан элине.
Кааласа кетсин каркыбар
Каканчын Бээжин жерине,
Каапыр да болсо улуу журт –
Калың кытай элине».
Кашындагы көй баатыр
Айткан жерден макул – деп,
Арстан эрдин кебине
Аягы жерге тийбестен,
Алек-далек жүгүрүп,
Аким, бийдин баарысы
Ач арстандай бүгүлүп,
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча,
Ачып көздү жумганча,
Ат даярлап алыптыр,
Аккуланы кындыйтып,
Астына аны жетелеп,
Азаматтын баарысы
Атасы келген немедей
Алып кел! – деп, энтелеп,
Баатырдын аты чоң Кула,
Баш ат кылып жетелеп,
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар
Ач маралдай шаңкайып,
Аккуланын соорусу
Ак дөбөдөй даңкайып,
Алтын ээр, сырдуу каш,
Көмкөрө ээр бетинде
Көрчөгөсү көөкар таш,
Айкожо берген Аккелте
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,

Кароолу тажаал, огу ажал,
Бургулап ичин түздөгөн,
Аткан огу жөн учпай
Ажалдуу жанды издеген,
Мысырдан каалап алдырган,
Абунасыр заманга
Ак мустапа байгамбар
Арстан эрге бергин – деп,
Аманатка калтырган.
Аккелте илип кашына,
Алтын ээр башына
Сырнайзаны сайылтып,
Асабасын жыйылтып,
Кылычын илип ээрине,
Кыргыз уулу кулак сал
Кыраан эрдин кебине,
Эшик эндүү айбалта
Кол канжыга байлаптыр,
Кошуундун көөнүн жайлаптыр.
Саадагын салып ээрине,
Сапар келген Алмамбет
Салтанаттуу бегине,
Тартууга чыкты тогуз ат
Эр Алмамбет келүүнө.
Адамдар турду жабылып,
Аты-тонун бергенге
Арстан эрди таң кылып,
Акыры өзү кантет – деп,
Арстан эр үчүн сабылып,
Аккуланын үстүнө
Аккүбө тону жабылып,
Аккуланын артынан
Маралтору бууданы,
Кызкара деген бир күлүк,
Кызкаранын артынан
Ачкула деген бүгүлүп,
Бадаң бийдин Торуча,
Баары бедөө көй күлүк.
Жабыгыр жалдуу, кең соору
Жалпоочтон жүргөн тулпары
Кокондуктун Кошчабдар,
Койчумандын Карасур,
Аккулага кошкону
Тогуз болду карап тур.
Ал тогуздун артынан
Алмаңа келген тартуудан,
Арстан Манас баатыры
Айтканда жоктур кайтуудан,
Ырыска шерик малынан,
Кулагы ашкан жалынан,
Кулжадай төшү салынган,
Сулуулугун караса
Күмбөзгө салган сүрөттөй,
Жал-куйругу түпөктөй,
Тумшугуна караса
Суусарга койгон күбөктөй,
Сай күлүктү шыңкыйтып,
Сарала атты кындыйтып,
Кулжадай санын түрүлтүп,
Кундактай белин бүгүлтүп,
Белин тартып мекийип,
Кош кулагы чекийип,
Сарала менен тогуз ат,
Аккула менен он сегиз,
Баары буудан тептегиз,
Сай күлүктү тарттырып,
Сандыргалуу Алмаңдын
Салтанатын арттырып,
Сары улакты таптырып,
Садагасын чаптырып,
Казыначы куу жигит,
Кашына Манас чакырып,
Чоң куржунун ачтырып,
Кызыл алтын дилдеден
Алмамбеттин башына
Кырк миң дилде чачтырып,

Аскерине талатып,
Алты челек май эрип,
Айлантып Алмаӊ башынан,
Алтымыш тайган иттерге
Төгүп берип жалатып,
Аалимдерин чакырып,
Арбактарга багыштап
Аят-адис окутуп,
Кийик эти, кой эти
Үч каранын этиндей,
Алмамбетиӊ олтурду
Атасы өлгөн жетимдей,
Айлантып Алмаӊ башынан
Канаттууга чокутуп,
Алмаӊа кылган садага,
Куш тоюнду дагы ага.
Анжыяндан чыгуучу
Аркыга жибек сарала,
Букардан келген дүрүйө,
Булу оор карала,
Катар-катар кийгизип,
Эски кийимин эр Алмаӊ
Карыптарга тийгизип,
Бээжинге кийчү белгилүү
Баатырлык тонун алыптыр,
Башкасын таштап салыптыр,
Улуктукка кийинген
Урматтуу тонун алыптыр,
Ушаланган эскисин
Ушу элге таштап салыптыр.
Чен тонун чечип алыптыр,
Жалаӊ кийим боростой
Жергесине калыптыр.
Башкача Алмаӊ жылдызы,
Торгун, тубар, далым боо,
Алмамбеттин кийгени
Ылгый жибек кырмызы.
Тонун алган тоюнду,
Эскисин алган эсирди,
Байпагын алган магдырап,
Баары асылдан экен – деп,
Баянын айтып бажырап,
Чепкенин алган чечилди,
Дүнүйөгө жетинди.
Чапанын алган чак болду,
Өтүгүн алган өрдөндү,
Топусун алган тоюнду,
Курун алган кубанды,
Алмамбеттин эскиси
Кубандырды буларды.
Канзааданын буюму,
Кайда болсо кар болбойт
Дүнүйөнүн кыйыны,
Азыр көрдү Алмамбет
Арстан эрдин сыйыны.
Кыргагын алтын чарыган,
Кыйындык менен табылган
Кешене аттуу селдени
Алмамбет башка чалганы.
Такасы карыш накери
Аягына кийинип,
Алласына сыйынып,
Арстан Алмаӊ баатырдын
Азыр кө .нүбир жаркып,
Аккан жашы тыйылып,
Олтурган Алмаӊорундуу,
Оӊдогон кудай жолумду,
Азыр ашты ааламдан
Алмамбеттин боруму.
Тай семизин сойдуруп,
Сары казы, кыйма жал,
Салып этин койдуруп,
Тамашага киришти,
Байкабай Манас бир ишти.
Сайгашка сөзүн билип ал,
Кырк баатырдын ичинде

Билгичилден бири бар,
Ак ыслам дини бар,
Саясы салкын тереги,
Кысылса тиер кереги
Кыйбат баа Сереги.
Таар ордуна бөз тапкан,
Тарылган жерде сөз тапкан,
Талкаланган сыныкка
Дары жагып, эп тапкан,
Такалган жерде кеп тапкан
Турду Серек ордунан,
Тунук сөз чыгар оюнан.
Мурун кыргыз наркы экен,
Мал таанылса жан түшүш,
Баатыр сизге бир айтам
Кандай болот биздерге
Дарбаан кылбай кан түшүш?
Эсине Серек салганы:
«Атаны жакшы кеп бол!» – деп,
Шаңкылдап күлүп эр Манас
Санын чаап алганы:
«Ырас айтат Серегим,
Ыгы менен ар качан
Тийип калат керегиң.
Ат чабылбай кан түшүш,
Абыдан жаман ошол иш.
Кан келгенге ат чап – деп,
Карап турбай бат чап!» – деп,
Канкор салды айгайды.
Эр Алмамбет муну ойлойт,
Карап туруп далайды:
«Аккула Манас аты экен
Кара жанына өлчөгөн,
Кас тулпарын мингизген
Ашкере чыккан март экен.
Аккүбө Манас тону экен,
Азыркысын сүйүнүп
Мага кылган жолу экен.
Аккелте Манас мүлкү экен,
Байкап турсам Сарала ат –
Мага ылайык жылкы экен.
Ыракмат – деди, кылышын,
Атына байлап тартыптыр
Айбалта менен кылычын.
Ала келди найзасын,
Ат-тонунан мен айрып
Кетирбейин айласын,
Өспөгөн жаман жан кылар
Өз жанынын байдасын».
Ойлонуп Алмаң алыптыр,
Октой болгон көй күлүк
Отуз-кыркын чыгарып
Чубатканы калыптыр.
Ошонгуча эр Манас
Алмамбетке айтып салыптыр:
«Барууга Меке жолум – деп,
Арылбаган шорум – деп,
Кан – деп, ызат бу кылып
Кандайлыктан берет – деп,
Аты менен тонун – деп,
Токтосо токтоп калар – деп,
Токтолбой кетсем бу жерден
Тоноп тонун алар – деп,
Айырып атын калар – деп,
Талабыма жеткирбей,
Таза жайга кетирбей,
Байлайбы – деп, башымды,
Баштагыдан бешбетер
Төгөбү – деп жашымды,
Токтосом кадырга алар – деп,
Токтолбосом бу жерге
Капа болуп калар – деп,
Албагын катар нээтиңе,
Адам чыкпас бетиңе.
Азиз кандын өзүсүң,
Ак ыслам дининин

Ачылган жарык көзүсүң.
Акыр заман журтунун
Айтууга дастан сөзүсүң.
Азгырбайын жолуңдан,
Ар иш келген колуңдан,
Тоспоюн айтар жообуңан,
Торгобоюн изиңен,
Тоспоюн кылар ишиңен.
Асты ыраазы мен болбойм
Арстан Алма өзүңдүн
Нааразы болгон кишиңден,
Найзага белги желектир,
Аккула атым минип кет,
Азамат эрге белектир,
Аккелтени атып кет,
Аманат жанга керектир.
Аккула менен Сарала ат,
Ал экөөнү баш кылдым,
Баары буудан он сегиз,
Тап этинде тептегиз,
Манастын көөнүн жайлап кет,
Бара турган жолуңа
Баарын бирдей айдап кет.
Аккүбө тонум кийип кет,
Бара турган жолуңа
Кидирбестен кирип кет,
Кишиминби, итминби,
Баатыр сизге айтарым
Алым ушул, билип кет.
Найзага тактым ак желек,
Азамат эрге бир белек.
Күн чыгыш барсаң Бээжин бар,
Күлдү кытай элиң бар,
Кай жакка тарткан бейлиң бар?
Кааласаң кайта барарсың
Как Көкчөдөй эриң бар,
Калың казак элиң бар.
Күн батыш барсаң арап бар,
Тарса, жүүт, сакалат,
Каапырлардын жүрүшүн
Катаалык ишин карап бак.
Жануп жакка бет алсаң
Ысбакан менен Ындыстан,
Бир жарым ай жол барсаң
Кудай билет шондо да
Кутуларың кыргыздан.
Шымалда немис, орусу,
Типти суук конушу,
Акыр адам уулуна
Дүнүйө чиркин кор ушу.
Кандай барсаң, андай бар,
Акыреттин жарагын
Ар иш кылып камдай бар.
Баш бар жерде маңдай бар,
Тил бар жерде таңдай бар,
Каапырга барып капталбай,
Ыслам динин жандай бар,
Дини ыслам актыгы
Түндө жанган шамдай бар.
Керегиң болсо дагы да айт,
Кеңешиңе салып айт,
Көңүлүңө алып айт.
Дүйнөдө болсо табайын,
Улук эр мында келипсиз,
Кадамыңды куттуктап
Кас буудандын баарысын
Тийип өткөндүгүңө
Кубанычыңа чабайын.
Тур дейт экен Манас – деп,
Туюнтуп айткан бу бир кеп,
Капарыңа албагын,
Кааласаң тур, каала кет,
Капаланып калбагын,
Калыс болор биздин нээт.
Канды карып ким кылсын,
Канзааданын көңүлүн

Кандай наадан кир кылсын?!
Бекти бейпай ким кылсын,
Бек зааданын көңүлүн
Бир бери урган адам кир кылсын?!
Төрөнү төмөн ким кылсын,
Төрө заада көңүлүн
Бир төбөдөн урган кир кылсын!»
Ал сөздөн Манас токтолду,
Турам-кетем деген сөз
Алмамбетте жок болду.
Аттын баарын айдатып,
Ат чабуучу балдарын
Арчындап жоолук байлатып,
Көкүлүн көккө түйдүрүп,
Көздөрүн шамдай күйдүрүп,
Куйругун жерге шүйдүрүп,
Балдарынын баарына
Машаты күрмө кийдирип,
Төрө Манас жолдошу
Төрт жүз сексен адамы,
Эки Кошой элинен
Эки жүз элүү барганы,
Аккулага бир баяа
Азыр минип алганы,
Ат меники, чаппайм – деп,
Алмамбет алып калганы,
Чапкан атка чубатып
Сараланы салгаңы.
Сай кашканын баарысы
Айдады атын жиберип,
Кошто калды токтолуп,
Сүрөбөйлүк муну, деп,
Сүрөмөсү жок болуп.
«Чыккан аттын байдасы,
Не болду – деп, – байгеси,
Байге сайбай ат чапкан
Манастын кандай айласы?»
Ат айдаган жери түз,
Адамдын саны жети жүз,
Кожурашты баарысы:
«Байге кайда баатыр?» – деп,
Манастан сурап барышты.
Алмамбет менен сүйлөшүп
Аңдабай баатыр калыптыр.
«Айтпаса, кайда байге?» – деп,
Ажыга көзүн салыптыр.
Элден түрү бир башка
Эрегишкен кырк кашка,
Аты чыгып бирөөнүн
Астына келип калар – деп,
Өлчөп жүргөн жанына
Бир-бир атын сайган соң
Чыккан аттын ээси
Чын ушу жерде алар – деп,
Атым чыкты, алдым – деп,
Чырга башын салар – деп,
Сырттан Манас муну ойлоп,
Байлоодогу көй күлүк
Баары кетти чабылып,
Байге кандай болот? – деп,
Баатырлардын баарысы
Бакай, Кыргыл карысы,
Баскан бойдон жабылып
Манаска келип калышты.
Камдап жүргөн байге жок,
Кандай кылат айла жок,
Токтолуп Манас калганы,
Баягы Серек Манаска
Дагы сүйлөп салганы:
«Кырк баатырдын кырк күлүк
Кыябында көй буудан,
Кубаныч үчүн чабылды,
Айдап жүргөн малы жок,
Артып жүргөн булу жок,
Байге кайдан табылды?
Байгеге чапкан көй буудан

Манастын тапкан күлүгү,
Жаманчылык, жакшылык
Башына түшсө кырк баатыр
Манаска түшөт түлүгү.
Бардигер атын Манасың
Тартууга берип салды го,
Аккуланы чаптырбай,
Аңдап турдуң өзүңөр,
Азыр көрдү көзүңөр,
Алмамбет алып калды го,
Талаада жүргөн Манаска
Табылсын кайдан байгеси,
Кылган иши баарысы
Кырк баатырдын байдасы,
Жыйырма чоро жаштардан
Байге боло калбаспы.
Атты чапкан өзүбүз,
Макул болсо сөзүбүз,
Башканын аты алабы?!
Кырк баатырдын атынан
Байгеге кирбей калабы?
Адамдан байге сайды – деп,
Алмамбеттин көңүлүн
Бир көтөрүп салалы!
Өз аты келер өзүнө».
Манас кулак салыптыр
Серектин айткан сөзүнө.
Аты-тонун талашып
Уруштуруп жүрбөйүн,
Ач бөрүдөй буларды
Жулуштуруп жүрбөйүн.
Серектин макул кеби – деп,
Жаш жигиттер бөлүнүп,
Байге болуп турганы
Абыдан келди эби – деп,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн
Кабылан Манас баатыры
Катуу күлдү акыры.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
Катуу күлүп эр Манас
Каткырыгын салыптыр:
«Серектин сөзүн алыңар,
Силерди бирөө олжолоп
Алып кетип жатабы,
Макул экен бул кеңеш,
Байге боло калыңар!»
Манас айтып салганы,
Башчы болуп Боз уул,
Он жети жигит алганы.
Башкы атка сайып жетини,
Экинчиси үч болду,
Үч атка сайды экини,
Андан кийинки аттарга
Бирден-бирден сайыптыр,
Тогуз аттын бирөөнө
Байге жетпей калыптыр.
Мына, мен эле байге болдум – деп,
Мажик баатыр барыптыр,
Ана-мына кылганча,
Ачып көзүн жумганча,
Ирээттелип турганча
Чапкан ат келип калыптыр.
Туяк тийген жерлери
Жер очоктой казылып,
Сапырылган тозоңу
Жөө тумандай жазылып,
Алмамбеттин Сарала ат
Суулугу жерге басылып,
Оозуна алы жете албай,
Эки колдоп тизгинге
Чапкан бала асылып,
Астына келип калыптыр,

Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы:
«Алмамбет!» – деп, чуу тартып,
Айгайды бийик салыптыр.
Алмамбеттин көңүлүн
Билдирбей туруп кырк баатыр
Бир көтөрүп алыптыр.
Эки болуп Бакайдын
Салкызылы барыптыр,
Үчүнчүсү Кыргылдын
Шалтору келип калыптыр.
Төртүнчүсү Ажыңдын
Аксур аты барыптыр,
Бешинчиси Сыргактын
Көкказык келип калыптыр.
Алтынчысы Кутунай
Аркарбозу барыптыр.
Жетинчиси Чубактын
Көктекеси барыптыр.
Токотойдун Тору аты
Сегизинчи барыптыр,
Тогузунчу Мажиктин
Төөсур аты барыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Эр Мажикке кеп айтып,
Тилмеч белең атыңа,
Так өзүңө Төөсуруң
Таанып келди – деп, айтып,
Каткырыгы баш жарып
Катуу күлүп калышып,
Кайбана жүрүп сыртынан
Кетет го – деп, Алмамбет
Кеңеш кылып салышып.
Алмамбет асты сыр айтпайт,
Сырынын четин кылайтпайт.
Каары катуу кан экен,
Карап турсак мүнөзү
Касиеттүү жан экен,
Кайрылбай бизге кеткендей
Мында кандай мүдөө бар экен
Бул сөздү айтып кай бирөө
Муңайышып калышты,
Байге болгон жетөөсү
Алмамбетке барышты:
Ак сакалы Боз уулу,
Андан кийин Жоорунчу,
Үчүнчүсү Тоорулчу,
Төртүнчүсү Кербени,
Төрөбүз биздин Алмамбет,
Алмамбетке келгени.
Бешинчиси Бөгөлү,
Алтынчысы Алыке,
Азыр келди баары бул.
Жетинчиси Тазбаймат.
Манаска да карабай,
Караганга жарабай,
Башкага да карабай,
Байыркы өткөн бабаңар
Ыкыбалын караңар,
«Алмамбет – деп, – байыбыз,
Башканын аты келгенде
Кетет эле жайыбыз.
Коңшу болдук сизге – деп,
Кожоюнсуз бизге – деп,
Нөкөр болдук сизге – деп,
Биздерди алып, Алаке,
Өлбөс жагыңды изде» – деп,
Башкасын таштап салышты,
Басса-турса тигилип
Алакелеп калышты.
Турса кепич оңдошуп,
Тунуп жыргап ойношуп,
Түшсө атын алышып,
Олтурса орун салышып,
Алмамбетке ал жетөө

Жабышышып алышты.
Дааратына суу алып,
Такка олтурган канындай
Даяр болуп буралып.
Башканын сөзүн байкабай,
Кыраан Алма баатырдын
Кылайтып кебин кайтарбай,
Кызматына жүгүрүп,
Кыя баспай бүгүлүп,
Кырк баатырдын баарысы
Улуктугун урматтап,
Кылар иштин баарысын
Алмамбетке жүгүнүп,
Айтар кебин айтышпай
Алмамбетти сүйлөтүп,
Аттанарын-турарын
А дегенден бийлетип,
Манас баштап баарысы,
Бакай, Кыргыл карысы
Баркка Алмаңды алышты.
Эр Алмамбет келген соң
Эбелек сары талаага
Эки күн жатып калышты.
Кетсекпи – деп, кеңешип,
Эр Алмаңдын үстүнө
Эл жыйылып барышты.
«Макул болсо баатыр – деп,
Кайтууга биздин акыл – деп,
Бай Жакып деген атаңбар,
Барсак кандай акыр? – деп,
Жүр десеңиз жүрөбүз,
Сиз болсоң доор сүрөбүз,
Тур десеңиз турабыз,
Суурсаң кылыч чабууга
Мойнубузду сунабыз.
Кыргыз урук элибиз,
Кылса сизге жамандык
Кырып салсаң мейлиңиз.
Кетсең мына жолуңуз,
Урматыңа жүгүндүк,
Уксак экен жообуңуз?
Жол узунун чала кет,
Кетсең мына жолуңуз,
Кашыңда жети баатырды
Кайда барсаң ала кет.
Эрге берген бир белек
Эки дүйнө жүзүндө
Эр жигитке мал керек.
Калкыңа келип түрктүн,
Кадыр Алла жараткан
Кайнап жаткан мүлктүн,
Кашыңда жолдош жок жүрүш
Калкка намыс чоң жумуш.
Чабыттап учкан шумкарсың,
Туягың болот тулпарсың,
Текөөрүң болот темирсиң,
Серпкениң өлгөн себилсиң,
Жар берген жапар теңирим,
Жайымды балан дегиниң.
Көөнүңө толсок күтөлүк,
Мактанбайлык жокту айтып,
Бары болсо түтөлүк.
Казак, кыргыз тууганды р,
Көкчөгө бүткөн көй кашка,
Ар кимдин иши бир башка,
Көр албай сени кууганды р.
Алардай болот экен – деп,
Акыры, баатыр, ойлобо,
Алынганбыз Манаска,
Арстандыгын болжобо,
Катышпайбыз кайгырып
Атың чыккан олжоңо,
Так жообуңду угууга
Талапкербиз ошого.
Кетсең кетип, түңүлдүк,
Турсаң, тутуп сүйүндүк!»

Муну айтып көй баатыр
Алмамбетти караган.
Арстан эрден көз өттү,
Ажыкеңден ар түрлүү,
Албан түрлүү сөз өттү.
Алмамбет акыл ойлоду,
Казакта өскөн кан Алмаң
Кайгырып салды ой-бойду:
«Талабым Меке жан үчүн,
Таарынып чыктым Көкчөдөн
Жамандык иши бар үчүн,
Талаага кандай ит жүрсүн
Тамтыксыз дүйнө мал үчүн,
Кытайдан чыктым дин үчүн,
Кан Көкчөдөн айрылдым
Кырк жигиттин жини үчүн.
Көөкар да таш, таш да таш,
Көрүп келди далайды
Алмамбеттин курган баш.
Көөкарга ташты теңейби,
Көрүнгөн жерди сүйлөсөм
Бул олтурган көй баатыр
Кошоматчы дебейби.
Алтын сары, жез сары,
Коло сары, мис сары,
Кошулуптур мисалы,
Байкап көргүн буларды,
Баары да окшош кубаары.
Саргарганды алтын – деп,
Санаама келип, жез алдым,
Билбестиктен мис алдым,
Кошуп алдым колону,
Алтын кылып сактасам
Көкчөдөн напы болбоду.
Үй – деп, кирип калыпмын
Үстү күмбөз ак сарай
Үйүлүп жаткан топурак –
Өлүккө салган молону,
Үч күн, үч түн олтурдум,
Урматы анын болбоду.
Ачка өлөрдө чыгыпмын,
Арстан Манас атагын
Айтуудан жаман угупмун,
Келгенден соң кейпине
Айран калып турупмун.
Башка да барбы мүнөзү,
Бадыша экен сүйлөшү.
Артык да барбы мүнөзү,
Арстан экен сүйлөшү.
Ар бир жерден табылар
Азамат эрдин дүйнөсү,
Акыры минтип турган соң
Арстан эрди болорбу
Алмамбеттин сүйбөсү.
Бастыргамын, жүргөмүн,
Балаасын тартып дүйнөнүн,
Батаарыма жер таппай,
Баркымды билер эр таппай,
Өлгөн болсом кокустан
Өмөлүп көмөр эл таппай,
Тирилик болсо көрөрдү,
Өлсөм кейип көмөрдү,
Баркын билип өнөрдүн
Кызматка салып көрөрдү,
Талаада калбай жасатым
Таптым бекен – деп, турам
Табытка салып жөнөөрдү.
Ага да жок, ини жок,
Ажал жетсе башыма
Айланар тууган бири жок.
Тууган болсоң кырк баатыр,
Тутууга келдим мен акыр,
Жибектен алган өөнүм бар,
Жигиттен калган көөнүм бар.
Атабыз Адам эр кана,
Андан бери канча өттү,

Азар түмөн эл кана?
Азыркы күндө тирүүбүз,
Адамдын баары көмүлгөн,
Өлүп кайтып келдим – деп,
Бендеден барбы көрүнгөн,
Биз да шонун бирибиз,
Ырас мени тур десең
Ынтымак сурайм көбүңдөн.
Кудай берсе ынтымак
Куусаң кетпейт, ырыс бак.
Мени коё салыңар,
Ынтымактуу жүрмөккө
Бата кылгын баарыңар!»
Алмамбет айтып салганы,
Азыр турган кырк баатыр
«Акылыңа бали!» – деп,
Кошомат кылып калганы,
Кол көтөрүп дубага,
Бата кылып алганы.
Алмамбет кетпес болгону,
Арстан Манас баатыры
Көңүлү көлдөй толгону.
Көй төрөнүн баарысы
Көрүнөө тийди намысы.
Күлкүсү чыгып күркүрөп,
Күлдү баары аттанып,
Жүрмөк болду дүркүрөп,
Арстан Манас жолборсу,
Алмамбет болуп жолдошу,
Бакай, Кыргыл карысы,
Бабырашып кубанып
Баатырлардын баарысы:
«Алмамбет балаң келди – деп,
Алла тилек берди – деп,
Бай Жакыпка барыңар,
Байбичеге кабар салыңар!
Баладан дүйнө аярбы,
Сүйүнчүсүн алыңар!
Табылды балаң жолдошу,
Бул дүйнөдө колдошу,
О дүйнөдө болжошу,
Жоо качырса жолборсу,
Аманат жайда сүйөрү,
Акырет жайда күйөрү.
Учам десе канаты,
Узакка калар санаты,
Коном десе куйругу,
Алмамбет мында келиши
Алла Таала буйругу,
Казатка киер калканы,
Каапырдын чыгар талканы.
Жекеге чыкса найзасы,
Эрегиш жерде айласы,
Чабыша келсе кылычы,
Жаңы келди дегиле
Жалпы кыргыз ырысы.
Атыша келсе мылтыгы,
Арстан Манас баатырдын
Ашык болгон ынтыгы.
Чаба келсе бууданы,
Алмамбет арзып келди де,
Атадан арта тууганы.
Көрөрүнө көз келди,
Көкүрөккө эс келди,
Айтууга накыл сөз келди,
Атадык дегин Алмаңа
Кырк уруу кыргыз көп элди».
Ал сөздү айтып салыптыр,
Жоорунчу, Боз уул баш болуп
Төрт чоро жөнөп калыптыр.
Самаркандын сыртында,
Бээ байлап Бел-Саз, Кырчында,
Жаткан экен Жакып бай,
Малын багып жайма-жай.
Төрөдөн барган төрт жигит:
«Сүйүнчү Жакып ата – деп,

Сүйлөсөк болбос ката – деп,
Качырганы жолборстой,
Кайсаганы албарстай,
Эрегишкен душманы
Эсен-аман калбастай
Келди Алмамбет балаң – деп,
Айтып калды Манасың
Атаке сизге салам» – деп.
Айтып барды бу сөздү,
Байбиче Шакан угуптур,
Айтканын угуп ордодон
Азыр басып чыгыптыр:
«Манасым он беш жашында
Жуманын түнү түш көрсөм,
Алмамбет жүргөн кашында,
Он алты жылдан мен мурун
Качан келет, балам – деп,
Ойлонгонмун башында.
Төө баштаган үч тогуз
Төртөөң бөлүп алыңар,
Бозжорго атым кайда экен,
Азыр токуй салыңар,
Астын тосуп баламдын
Азыр мен да барамын,
Баштап алып барыңар».
Бери жакка бет алып
Беш күн болгон чапканы,
Келип калат экен – деп,
Байбиче, Жакып шашканы.
Жылкычысы Ыйманы
Чапкылап жылкы жыйганы.
Ак сакалдуу чалдардан,
Айылы жакын жандардан
Атакеси Жакып бай
Алтымышын камдаган,
Алмамбет келет экен – деп,
Атпай кыргыз даңдаган.
Он эки кемпир алыптыр,
Байбиче Шакан баш болуп
Аттанып жөнөп калыптыр.
Торко тон менен жайкалып,
Бозжорго менен чайпалып,
Байбиче жөнөп калыптыр,
Алтымыш чалын ээрчитип,
Алардан мурун ак сакал
Бай Жакып баштап барыптыр.
«Атаңыз келди мына» – деп,
Ажыбай айтып салыптыр,
Атынан түшүп, арыштап
Алмамбет жөөлөп калыптыр.
Алтындуу селде чалынып,
Көздөгөнү табылып,
Айланайын ботом – деп,
Атасы Жакып жалынып,
Каралдым балам келдиң – деп,
Кадыр Аллам бердиң – деп,
Бай Жакып ыйлап баркырап,
Сакалдан жашы төгүлүп,
Жамгырдай болуп жаркырап,
Алмамбет көрүп атам – деп,
Анык атам бул экен,
Бенделиктен өтпөсүн
Бекерчилик катам – деп,
Агып жашы тыйылбай,
А деген үнү жыйылбай,
Бакырып төшүн жыттады,
Жакыптын жашы Алмаңдын
Сагынышкан немедей
Жакасын жууп чыктады.
Ал аңгыча артынан
Ак чач болгон байбиче
Чыйырдынын үнү чыкканы.
Алмамбет аны укканы,
Энекем келет мына! – деп,
Шүгүр кылып кудайга
Жакасын Алмаң тутканы.

Байбиченин Бозжорго
Аркыраган боюнча
Алтымыш чалга аралап
Туучунак атка тийиптир,
Байбиченин эмчеги
Жаш төрөгөн келиндей
Алмамбетти көргөндө
Ат үстүнөн ийиптир.
Кубанып Алмаӊ титиреп,
Байбиченин эмчеги
Чийдей болуп зиркиреп,
Тамырынын баарысы
Ташып кетип диркиреп:
«Балам, Манас, келгин – деп,
Бала күндө эмдиӊ – деп,
Сен эмгенсиӊ мурун да,
Баштап ээмп бергин» – деп,
Байбиче айтып салганы:
«Мамаӊды эне, бергин!» – деп,
Алмамбет чуркап барганы.
Оӊ эмчегин алганы,
Оозуна Манас салганы,
Сол эмчегин алганы,
Алмамбет ээмп калганы.
Эмчектин сүтү эӊ таттуу,
Экөөнү бирдей жыргатты.
Отуздагы баласы
Зоӊкоюп эмчек эмди – деп,
Бай Жакып күлүп калганы.
Алмамбет жыйырма сегизде,
Алардын макабатына,
Омийин деген берищте,
Энеден экөө болдум – деп,
Эр Манас айтып мындай кеп,
Атадан төртөө болдум – деп,
Дайрадай ташып толдум – деп,
Арстан Манас айтып кеп,
Кубанбаган бир жан жок,
Куп дебеген тири жан жок.
Шат болбогон бир жан жок,
Жамандык ойлоор тири жан жок.
Байбиченин сүтүнүн
Тосулта соруп бүтүнүн
Алмамбет, Манас турганы,
Ак амыры ушу – деп,
Алакеӊ моюн сунганы.
Жалгызмын – деп, жадаган,
Казактар камап турганда
Жан-жагына караган,
Ага да жок, ини жок,
Акылдашар бири жок,
Тууган да жок, урук жок,
Орун алар турук жок,
Оюна өлүм келгенде,
Аман чыккан Алмамбет
Көӊкү кытай кубалап
Көк-Түзгө уруш салганда,
Көзүнөн кара бир учуп,
Көбүнөн шашып калганда,
Ак амыры берищте
Манас, Көкчө көрүнүп,
Майданына барганда,
Байкап көргөн Алмамбет
Кытайды кырып кутулуп,
Катуу ооруптур денеси,
Уктап жатса түшүндө
Каралдын, сүйөр балам – деп,
Эмизген экен эмчегин
Эр Манастын энеси.
Эми көрдү өӊүндө,
Кошулушту баарысы
Сок-Керемден бөлүнгөн
Жийделүүнүн дөӊүндө.
Атам Жакып экен – деп,
Агам Манас экен – деп,
Алмамбет алып көөнүнө.

Салбыратып байбиче,
Эмчегин салды койнуна,
Сандыргалуу Алмамбет
Саадагын салды мойнуна.
Айылын көздөй бет алып
Бай Жакып жолго салыптыр,
Бакдөөлөт угуп бу дагы,
Барбай токтоп турабы,
Он эки катын ээрчитип
Жолдон чыкты а дагы.
Абыке, Көбөш бул экөө
Ат жарышып, куш салып,
Антип жүргөн убагы.
Айры өркөчтөн төө алып,
Ак саргылдан бээ алып,
Уйдан камдап семиздеп,
Төрт түлүк малдан тегиздеп,
Абыке, Көбөш айдатып
Кырк бир кара малыны,
Акылга дыйкан Абыке
Алмамбетке садага
Карып менен мискинге
Таратып берип баарыны.
Бакдөөлөт өптү, балам – деп,
Манаска Алмаң келгени
Баштадан маалим кеп,
Баш куттуктаар тоюм – деп,
Сексен бээ союп сел кылды,
Мусулман, каапыр баарынан
Коногуна жыйганы
Сегиз уруу эл кылды.
Алмамбетке бергени
Беш жүз кара, бир миң кой,
Сегиз кандын журтуна
Баштап салды улуу той.
Бай Жакып бар башында,
Бакайы бар кашында,
Кырк жигиттин баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Байбиченин ак сарай,
Кеңдиги бар бир далай,
Кирип баары олтуруп,
Ар жемиштен аябай
Дасторконго толтуруп,
Жээрине карын жок,
Сай төрөнүн баарысын
Тамак-ашка болтуруп,
Жалпы олтуруп жайланып,
Суусун канып чайланып,
Олтурганда кеп айтат,
Оён Алмаң бек айтат:
«Бактыңа кудай бериптир,
Ырашкын минген Үрүстөм,
Так ошонун атындай
Ырыскыңа келиптир,
Мээ кайнаган ысыкка,
Белсенишкен кысыкка,
Бок кайнаган сасыкка,
Майдан курган жазыкта
Чаап жүрсөң чаалыкпас,
Алты айга минсең талыкпас
Аккула экен атыңыз,
Аккулаң колдон бир чыкса
Айбанга өтпөс датыңыз.
Тула боюң тууш күч,
Кара боюң катуу күч,
Коргошундай салмагың,
Козголгон алыс арбагың,
Ар кандай тулпар минсең да
Арылбас аттан арманың.
Марттык кылып башында
Мага берип салганың,
Байкамакка бейлиңди
Макул көрүп алгамын.
Атакемдин үйүнө
Азыр болду келгеним,

Урматы үчүн энемдин
Аккуланы бергеним.
Сандаган журтум бүт болсун,
Сарала ат мага кут болсун.
Атпай кыргыз журт болсун,
Аккула сизге кут болсун».
Ал сөздү айтып Алмамбет
Азыр кылды батасын,
Кубандырды карыган
Жакып бай сындуу атасын.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Ата уулудан түк калбай
Атына минип алыптыр,
Ат чабуучу коногун
Атыңарды чубат – деп,
Айттырып кабар салыптыр.
Эрен журту кызылбаш
Эки миңдей келиптир.
Жүүт менен тарсадан,
Таажик менен калчадан
Үч миң экен коногу,
Сакалаттан келгени
Бир жүз сексен болгону.
Байгур уулу баарысы,
Бай Жакып болуп карысы,
Акбалта менен Акымбек,
Алардан чыгат акыл кеп,
Ошпур менен Саламат,
Орчун жыйын жамагат,
Байжигит менен Бердике,
Кырк уруу болгон кыргыздын
Кыйыны мынча саналат.
Бекзаадалар булар да
Көкөтөй менен Жанайы,
Келген экен бу тойго
Көсөмдөрдүн далайы.
Баймырза менен Торуму,
Башкача болуп калыптыр
Сарт мүнөзү, боруму.
Казактан келди канчасы,
Жетимиш миң кол болду,
Жийденин түзү карк толду.
Беш жүз жылкы, бир миң кой
Байгесине бөлүштү,
Он беш атка сайдырып,
Эки жүз жылкы, үч жүз кой
Баш байгеден көрүштү,
Тогуз жылкы, отуз кой
Аягына бөлүштү,
Атпай казак, кыргызы
Ат чабууга көнүштү.
Төрт жүз сексен күлүгү,
Алмамбет арстан келгенге
Кыргызга түшкөн түлүгү,
Айдап атты салыптыр,
Самаркандын талаадан
Сай күлүк келип калыптыр,
Көкөтөйдүн Мааникер
Аттардын мурун астында
Аш бышым келип алыптыр.
Аркасынан Аккула,
Үчүнчү болуп барганы
Байжигиттин Малкара,
Төртүнчү болуп киргени
Төрө Алмаңдын Сарала
Бешинчи болуп киргени
Эр Бакайдын Көкчолок,
Жорголугу аткан ок,
Алтынчы болуп киргени
Ажыбайдын Карала,
Жетинчи болуп жетиптир
Кейкубаттын Тобурчак,
Сегизинчи киргени
Кыргыл чалдын Акборчук,
Жал-куйругу бир кучак.

Тогузунчу келгени
Токотойдун Тору аты,
Тоорулчу эрдин канаты.
Онунчу болуп келгени
Ошпурбайдын Карасур,
Орчун бедөө көй күлүк
Тамашасын карап тур.
Он биринчи барганы
Калкамандын Кара аты,
Жакын жерден чабылып
Жазылбай калды канаты,
Он экиге барганы
Жанайдын аты Жаркызыл,
Он үч болуп жетиптир
Торум кыздын Наркызыл.
Он төрт болуп келгени
Он алтыда Абыке,
Жаңы бышты мал экен,
Кактелки деген бар экен,
Абыке өзү мингени,
Бай Жакыптап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Абыке өзү киргени.
Он беш болуп илинди
Куту бийдин Куласы,
Арстан Алмаң баатырдын
Куп жетиптир мудаасы.
Кубанды Алмаң, той тарап,
Аты келген адамдар
Кара малын жетелеп,
Кайдасың? – деп, энтелеп,
Өңөрө чаап кой талап,
Той тарады, кеч болду,
Алыскылар кете албай,
Конок бөлөр кез болду.
Аттанмакты, жортмокту
Алмамбет оюна алганы.
Жакыпка салмак салууга
Жаңыдан катын алууга
Оюна Манас алыптыр, Оолугуп
жолго салыптыр,
Ошо бойдон о жерде
Он күнү жатып калыптыр.
Кенжут деген жери бар,
Чанача деген эли бар.
Күн батышы Даңдуң тоо,
Күн жүрүшү Ымалай,
Шымал жагы Котон – дейт,
Жетиген жагы Жергенти,
Арасында жердеген,
Намысын колдон бербеген
Айган деген кан деген,
Айбаты катуу жан деген.
Манас, Кошой барганда,
Даңгытка уруш салганда
Аңдалбай калган аркада,
Ачууланып кыргыз – деп,
Айткан экен ар жанга.
Отурган-турган элдерден,
Оолакка барган эрлерден
Алмамбет угуп ал сөздү,
Алсак – деп, ойлоп калаасын,
Жетип барып көрсөк – деп,
Жебелинин талаасын.
Кенжут деген шаары – деп,
Кебелбес баатыр баары – деп,
Уккан экен Алакең,
Ушуга барсам экен – деп,
Алмамбет көөнү бар экен.
Алмамбеттин келиши
Муну менен басылат,
Айганга барган икая
Андан кийин жазылат.
Каныкейди алганын
Айгандан кийин айтуучу
Акыныңыз асылат.
Алмамбеттин келгени
Акыры болду тамамы.

## МАНАС БААТЫРДЫН ТӨРТҮНЧҮ ОКУЯСЫ. АТЕМИРДИН КЫЗЫ КАНЫКЕЙДИ АЛГАНЫ.

Өз аты Санирабийга, кандын никесинде болгондуктан кан никайы – Канникей – деп, андан Каныкей – деп, айтылып кеткен имиш. Атемир үч бир тууган болуп, эң аксакалы Атемир, экинчиси – Абылкасым, кенжеси – Шаатемир.

Атемир кандын өңү кара киши экен. Кара кылды как жарган адыл болгон экен. Башы Самаркан, арасы Букар, аягы Кейип, жаныбы Чаржуй, күнбатыш жагы Орол тоо, Каспий деңизине чейин шол арада болгон жерлерди сурап турган мусулман түрк, эң башта уйгур аталган ушулар экен.

Өңү кара болгондуктан Атемир канды Кара кан – деп да аташкан экен. Атемир канга караган эл Манастан сексен жыл башта мусулман болгон имиш. Араптан Кутбиддиндин үндөөсү менен, Кыргыздан Шайыр мергендин катышканы менен Шайыр мергендин атасы Аталык, баласы Кошой. Өткөн китепте айтылып өттү: Анжияндагы Алооке кан Манастын айбат-каарынан коркуп баладан тартуу берип, Түп Бээжинге качып кеткендиги.

Манастын шондой атагы дүнүйөнү баскандыгын Атемир кан угуп, көрүп турган. Атемирдин мусулман экендигин билгенден кийин Манас да ага көз жиберип, кол салбаган. Экөө да тынч тура беришкен экен.

Келгенден кийин Алмамбет,
Кеби кандай угуп кой,
Баш куттуктап эр Манас
Узактан журтту чакырып,
Берген экен улуу той
Алмамбет үчүн ашыгып.
Тоюн бачым таратып,
Чоролордун баарына
Алаштын болгон элинен,
Наамандын болгон жеринен
Атактуу кыздан барбы? – деп,
Ар тараптан каратып,
Убарага салыптыр,
Нускалуу кыз табылбай
Ушу күнү эр Манас
Убайымга калыптыр.
Алаштын кызын көрсөм – деп,
Ата уулуда кыз болсо
Алмамбетке алып берсем – деп,
Сурамжалдап элинен,
Жалпы нааман жеринен,
Атактуу кыздан барбы? – деп,
Ата уулу арстан бегинен
Оюна Манас алыптыр,
Ойку-кайкы бастырып,
Ар тарапка барыптыр,

Жакып байдын үйүнөн
Эки келип Алмамбет
Манасты таппай калыптыр.
Карабөрктөн кеп сурап,
Кайда кеткен? – деп, сурап,
Карабөрк катын кеп айтат:
«Кайда кеткен билбедим,
Канышынын үстүндө
Жаткандыр төрөң – деп, айтат.
«Каныш деген ким?» – деди,
Какшыгын Алмаң билбеди,
Эми катын кеп айтат:
«Эркесинин үстүндө
Жаткандыр төрөң» – деп, айтат.
Эми Алмамбет билбеди,
«Эрке деген ким?» – деди.
Карабөрк шондо кеп айтат,
Катуу күлүп, бек айтат:
Кашкаңдаган кара бет
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган каапырай,
Акылай сулуу дегенди
Көрө элек белең жеңеңди,
Анын үйүндөдүр» – деп,
Карабөрк айтты канча кеп.
Ар мүнөзүн караса
Акеркечке окшобой,
Ал сөз менен Алмамбет
Бастырып кетти токтобой.
Күнүлүктүн зардабын
Какшыгын мага айтат – деп,
Алмамбет ойлоп мындай кеп,
Кыз күнүндө кыйлача
Баатырлык кылган экен – деп,
Баатырлык менен балбандык
Ургаачыга бекер – деп,
Чоң болгондо чорт сүйлөп
Чогоол өскөн экен – деп,
Ал бойдон барып Алмамбет
Акылайдын үйүнөн:
«Адам барбы мында?» – деп,
Эшигинен сурады,
Олтурган төрдө Акылай
Орунунан турбады.
«Ат менен адам чакырган,
Атың ким? – деп, сурады.
Эр Алмамбет кеп айтып:
«Мен, Алмамбет – деп, айтып,
Баатыр барбы мында? – деп,
Бастырган жагын көрдүңбү,
Сураарым ушу тыңда!» – деп,
Алмамбет айтып акыры,
Тышка чыгып жөн айтпай
Ал Акылай катыны.
«Байбичеден чыга албай
Жаткандыр – деп, баатырың,
Байбичеден баш булгап
Бастырмагы кыйын – деп,
Башта дагы бир жөндүү,
Маа жолобойт быйыл» – деп,
Акылай жообун бергени,
Болжолун көрүп Алмамбет:
«Азыр Манас баатырым
Бойдок экен!» – дегени.
Жарадар болгон жолборстой
Ыңгыранып Алмамбет
Жакып байдын үйүнө
Жанып кайта келиптир,
Желдеттер атын алыптыр,
Басып үйгө киргенче
Баатыр келип калыптыр,
«Балам, кайда бардың» – деп,
Бай Жакып сурап салыптыр.
«Балаңа издеп катынды
Бастырып жүрдүм акыры.
Кыйын барбы кыргызда,

Кадырлуу барбы казакта,
Кыз бар – деп, угуп кыпчакта,
Кырк жигитти кыдыртып
Самаркандын кыштактан
Калктан сурап карадым,
Катынсыз турса Алмамбет
Мен канеткенде дууладым?
Сегиз күндөн бери жакка
Септүү кыздан табам – деп,
Чырым албай куурадым».
Бул сөздү айтып салганы,
Мурду-башы былк этип
Мурутунан бир күлүп,
Мында Алмамбет кеп айтат:
«Иш кылгын баатыр ойлоп – деп,
Мен бир эрте жолоочу,
Өзүңүз да жүрүпсүз
Карабөрк менен Акылай
Катын – деп, коюп, бойдок – деп,
Калыңдык менен кайгырбай,
Баатырлык менен байкабай,
Эрдигиң менен элебей
Чукуру болсо катын – деп,
Журту болсо баатыр – деп,
Карабөрк менен Акылай
Катыным – деп, ойлопсуз,
Карап турсам как өзүң
Кадимкидей бойдоксуз».
Бу сөздү айтып салганы:
«Алмамбет сөзү ырас!» – деп,
Астындагы Айбанбоз
Моюнга чаап алганы,
Ар бир акыл ойлонуп,
Баатырыңыз бу жерден
Бастырып кетип калганы,
Ошо бойдон токтолбой
Бай Жакыпка барганы.
Адамзат бендеге
Алланын канча барзы бар,
Акыреттин күнүндө
Собол сураар карзы бар.
Билмегиң адал-арамды,
Дүнүйөдө ылгагын
Жанга болор залалды,
Жаман айтып бирөөнү,
Көөнүнө салба мылалды,
Көзүң катып жүргөндө
Көргөзгөн экен кудурет
Мен окшогон каралды.
Каралды балаң мен болдум,
Караган атам сен болдуң,
Кабарың жок эч иштен
Кан Жакып ата не болдуң?!
Абунасыр сүйлөгөн
Аят-адис дарсы бар,
Атага болгон баланын
Таамай алты карсы бар.
Абалкысы карсынын
Алынын жеткен жерине
Насип тоюн соймогу,
Акылманга текшертип
Атын жакшы коймогу.
Эгем Таала берген соң
Эркелетип эрмегин,
Экинчиси балага
Напагасын адалдап,
Адал тамак бермеги.
Үчүнчүсү балага
Жанга келер залалды,
Таанытып арам-адалды,
Төртүнчүсү баланы
Сүннөт кылып салганы –
Адалдап анын колуну
Олтургузуп алганы.
Бешинчиси баланы
Баланын бардыр талабы,

Акыры бенде болгон соң
Ырастыр катын алары.
Алтынчысы баланы
Мектепке карматып,
Молдо кылып алмагы,
Андан кийин атанын
Балага түшөр салмагы.
Коюпсуң жакшы атымды,
Арбын жатыр ойлосом
Сизге айтуучу датымды.
Аң уулап жүрүп талаадан
Таптым акыр мен аны –
Абунасыр замани
Атам аны көрбөдүң,
Болсун балам молдо – деп,
Оюңа алып мурунтан
Окушка мени бербедиң.
Абунасыр замани
Он төрт күндүн ичинде,
Он төрт күнү кечинде
Жыйырма сегиз күн болду,
Түрүн көрүп тозоктун
Үстүмө каран түн болду.
Бетин көрдүм бейиштин,
Бейиштин жүзүн көргөндө
Зардабынан кутулдум
Тозоктон көргөн кейиштин.
Жети күн көрүп тозокту,
Жеткенимде өлүмгө
Бенде болуп жаралып
Келгенге кылдым кейишти.
Жети күн көрдүм бейишти,
Бендеге кудай бербесин
Тозоктогу кейишти.
Жааннамды көрүп алгамын,
Жан болуп дүйнө келгенге
Жаман бушман кылгамын,
Өксүп ыйлап, жаш тыйбай
Өкүнүчкө калгамын.
Ак байгамбар Мукамбет.
Ак тааланын элчиси,
Бендесине дин чачып,
Калкка кабар берчүсү,
Байгамбары кудаанын
Абунасыр кожого
Баянын айттым мудаамын –
Жаннатына киргиз – деп,
Жайы-көйүн жаннаттын
Кандайлыгын билгиз – деп,
Жанашалап тургамын:
Ак байгамбар саабасы,
Ааламга тийген байдасы
Байгамбардан келипсиз,
Бар кудаанын бирлигин
Барчага кабар берипсиз.
Эркеси эки дүйнөнүн
Эсте жокто не сөздү
Жалгыз мага сүйлөдүң.
Тозоктон калдым кейишке,
Талап кылам көрсөм – деп,
Аты жаннат бейишке.
Айкожо сөзүм кыйбады,
Аа – деп наалып, дос тартып,
Аш бышымдай ыйлады,
Жашы жерге чачылды,
Жараткан берип тилегин,
Жаннат бейиш капкасы
Жанымдан келип ачылды.
Эч нерсеге болжоорго
Эсим жетпей калганы,
Ар нерсе – деп, айтууга
Акылым жетпей калганы.
Жети күнү, жети түн
Жыйылбай оозум бүпбүтүн,
Каткырыгым баш жарып
Катуу күлүп мен карып,

Даух махфуз жазуудан,
Абунасыр замани
Жазуууга көзүн салганы.
Көңүлүмө, көзүмө
Көп илимдин ыкымы
Дайын болгон өзүмө.
Жети күнү, жети түн
Бир орунда олтурдум,
Аллам анык берген соң
Аалымчылык экимет
Абыдан окуп болтурдум.
Молдого бербей сен калдың,
Болжолсуз окуп мен калдым.
Эгем салган эсим
Эки дүйнө болгону
Көрүнгөн тамам көзүмө,
Кайрат берген бир кудай
Карап турсаң өзүмө.
Абунасыр кожодон
Алып кабар ошондон,
Анык динге кире албай,
Ак барлыгын биле албай
Чала жүргөн өзүңө
Ыслам динин билдирдим,
Ар жердеги мажусу
Каапырдын калкын бүлдүрдүм.
Кутулуп бала карзынан,
Кутулбадың атакем
Кудаанын салган барзынан.
Катын алып бермегиң
Карыздыр ата мойнуңа,
Кайып даңдын Карабөрк
Катын жатат койнумда,
Кастык кылып жол тосуп
Ымалайдын тоосунда,
Каңгурдун кара коосунда,
Ымалайдын сазында
Үч жүз нөкөр кашында,
Кайып даңдын Карабөрк
Колума түштү башында.
Алигиче жүрөмүн
Кыябыма толбостон,
Кыз алгандай болбостон.
Алтайдан көчүп алган соң,
Алайга келип калган соң
Өнбөгөн ишке чатылып,
Өзү келип катылып,
Каратегин калчасы,
Кара тажик канчасы,
Каар көрүп барчасы
Таш-Котондун талаадан,
Тагызманын калаадан
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган каапырай
Карматып алдым камоодон,
Кызын тартуу кылган соң
Кара тажик баарысы
Кутулган эле талоондон.
Кыз алгандай болбодум,
Кызык оюн көрө албай,
Кысталгандай болжолум.
Кулдук уруп дайындап,
Куда болуп кайындап
Кутулбадың карзымдан,
Куйкалап ийип дүйнөңдү,
Ата сага кылбайын
Эскербеген дартыңдан.
Сапырып ийип зарыңды,
Айдап ийип нарыңды,
Кокус кылып жүрбөйүн
Колуңдагы барыңды.
Жашым жетти отузга,
Шашып калба окуска.
Жакындан кордук көргөнүң
Жаманга калар өрнөгүң,
Баладан кордук көргөнүң

Башкага болор өрнөгүң.
Катын алып бербейм – деп,
Калбаны бөөдө көрбөгүн,
Алып мираш бермекке
Акылың болсо жөнөгүн.
Аманат жаным өлбөсөм
Ар канча чыгым болсо да
Нагыз өзүм төлөймүн.
Эркелеткен эли бар,
Эдир-эмиш кеби бар,
Эртели-кечти көз кыскан
Жандама күткөн эри бар
Бийдин кызы болбосун.
Аалимдигин ашырып,
Ар иш кылса жашырып
Бирдин кызы болбосун.
Үкүлүү сексек, дөң маңдай,
Түштө туруп мен кандай,
Жардынын кызы болбосун.
Жамандык көрсө кектеген,
Жарыбаган иш кылып,
Талабына жетпеген
Ардуунун кызы болбосун.
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп,
Атамдын көзү барында,
Ар ким кардал малына,
Алар эрим мырза – деп,
Байдын кызы болбосун,
Малга кароо башыңды
Балакетке койбосун.
Туурук таман, тултук бет,
Туура тилин чайнаган,
Паржисин жолго байлаган
Кул кызынан болбосун,
Атам өзүң билерсиң
Анча мынча ургаачы
Купулума толбосун.
Эркелетип өстүргөн,
Эркеги жок, кызы бар
Жалгызынан болбосун,
Обурактуу азамат
Ол кызынан болбосун.
Атасын билбей башка өсүп,
Нөкөр-жөкөр өзүндө,
Өз эркинче кашка өсүп
Кан кызынан болбосун.
Өкүмү бар өзүндө,
Аят-адис сөзүндө,
Атасынын желдетин
Ар тарапка жиберген,
Көзү түшкөн балдарды
Айла менен имерген
Казы кызы болбосун,
Карып калган чагында
Карайлатып бир адам
Капталтып сени койбосун.
Айтканыңда чының бар,
Анча-мынча сының бар,
Ачып кара көзүңдү,
Айтып кара сөзүңдү,
Абыдан чыңда өзүңдү.
Барганды куру койбогон,
Балакетке тойбогон,
Бери болсо бир түндө
Беш-төрт киши жойлогон,
Жеңелери актаган,
Жээк-жергеси мактаган,
Боз балдардын кыйласы
Босогосун сактаган
Жүйрүктөрдөн болбосун,
Күндө чапса чарчабас
Күлүктөрдөн болбосун.
Тарткан тасма белденген,
Тал чыбыктай теңселген,
Саамай чачы сеңселген,

Акылын терең ойлогон,
Ак сүлөөсүн баштанып
Аста басып сойлогон,
Ар бир түрлүү жумуштун
Аркасын аңдап болжогон,
Жазы маңдай, көөкар көз,
Инжи тиштүү, ширин сөз,
Ашкере кылган сабырын,
Адамга салбай жабырын,
Айтар сөзү акырын,
Эл алмакка жиберген
Нечен түрлүү акылын,
Боло турган жумушту
Болжоп билип алыстан,
Акылына жеңдирип,
Ар кылган билбей калыштан,
Шарият болгон тутканы,
Айткан жерге токтолгон
Ар түрлүү сөз укканы,
Акылга дыйкан айлалуу,
Ааламга толук байдалуу,
Көңүлү сылык, бейли кең,
Төрт тарабы болгон тең,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз,
Алача моюн, түймө баш,
Акылга терең, боору таш,
Көкүлү көркөм, колоң чач,
Ошондой кызды көрмөккө
Аянбай ата, көзүңдү ач!
Каапырдан алдым катынды,
Мусулман кылып алам – деп,
Мурунтан буздум алкымды,
Түрктөн болсун тил билген,
Мусулман болсун дин билген,
Айттырбастан иш кылып,
Ай-ааламдан үлгүргөн.
Акыл менен эр баккан,
Айла менен эл баккан,
Баркын билип мал баккан,
Жалбарып акка жан баккан,
Дүнүйө сарптап ордуна,
Түмөн иш ойлоп оюна,
Бир сиркедей макүрөө
Жугузбаган боюна
Ойротто жок уз болсун,
Ою терең кыз болсун.
Акыл ойлоп ар кандай,
Акыр заман журтуна
Айтуу болуп калгандай,
Болсо болсун болгондой,
Көзү түшкөн бенденин
Көңүлүнө толгондой!
Дүнүйөгө ээ болуп,
Түбү таштан коргондой,
Аз болгондо кайып иш
Алты жылдык жумушту
Азыр билип койгондой,
Берекесин көргөндө
Бейли бузук адамдар
Ичпей-жебей тойгондой,
Санаганы баары амал,
Турган менен жүргөнү
Туташ баары сарамжал,
Сөзү болсун шекер бал,
Ошондойдон ойлогун,
Оңой-олтоң кыз издеп
Окус кылып койбогун,
Эми ушунчалык ойлонгун.
Баланы ата үйлөмөк
Баштагынын наркы экен,
Жаман да болсо балаңыз
Манас – деп, чыккан даңкы экен.
Малга кароо сырың бар,
Мал жагына калганда
Басылбаган чырың бар,

Нуска көргөн мурунтан
Ургаачылык еынын бар».
Ал сөздү айтып эр Манас
Атасын жолго салганы.
Самаркан тоосун жайлатып,
Самсыган жылкы айдатып,
Жаратып күлүк байлатып,
Кыяктуу чөптү жапыртып,
Кызыл сабаа, сыр кесе
Чарага кымыз сапыртып,
Курбусу бар күмүштөн,
Кулагы бар алтындан,
Бир чаранын баасы
Алты төөгө айтылган,
Курбусу күмүш, түбү жез,
Үч жамбыга алдырып,
Үйүнө койгон ошол кез,
Ичи тунук ак калай,
Ага куйган кымыздар
Ачып турган бир далай.
Ысылыкка тай союп,
Суусундукка бал коюп,
Ичээрине чай коюп,
Буурукса бугу атышып,
Буурукбаса жатышып,
Буюрган даамын татышып,
Аң уулап аркар атышып,
Аңгемеге батышып,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Аягы Ысар, Көлөптө,
Азиреттин Кара тоо,
Арасында Согу бар,
Башы жаткан Алайда,
Баары кара кыргыздан,
Басырык кылган далайга,
Жалпы кыргыз алашың,
Жата турсун Манасың,
Аны таштап салыңар,
Карыясы Жакыптын
Кабарын угуп алыңар.
Атайдын уулу Боокени,
Акымбек уулу Меңдибай,
Алыбек уулу Жоокени
Кашына жолдош алыптыр,
Кан Жакып бай жөнөдү
Эки атка кошун арттырып,
Жаадай болгон бедөөгө
Жалаңдан аркан тарттырып.
Кыз табылса кокустан
Кысынып кантип турам – деп,
Кызыл чака бул бербей
Кулдукту кантип урам – деп,
Алтымыш жамбы бул менен,
Кызматкери кул менен
Алла! – деп, жолго салыптыр,
Аттанып чыгып калыптыр,
Көрмөк үчүн кыз болсо
Көкөтөйдүн элине
Көсөл Жакып бет алып
Талап кылып барыптыр.
Самаркан элин саралап,
Жарды-байын аралап,
Оро-Төбө, Жызакты,
Онун баарын кыдырып,
Шерма менен Кожентти
Кыз таба албай сыдырып,
Кечип дайра Сырынан,
Боз үй тиккен эл байы
Чыйырчыктын кырынан
Көөнүнө кыз толтурбай,
Тынчып Жакып олтурбай,
Жай саратан баарына
Ташкендин кирди шаарына.
Эл байы бар тыштагы,
Нече бөлөк кыштагы.

«Айылыңда кыз барбы?» – деп,
Ата уулусун кыстады.
Табылбады Ташкенден,
Эми Жакып жөнөдү
Кыз кароого башка элден.
Күн батышта Кыйба бар,
Дагстан – деп, тажик – деп,
Атактуу журт кыйла бар.
Нээтине алып эр Жакып
Аралады буларды,
Көөнүнө алып Букарды –
Улама бар илимдүү,
Улуктары билимдүү,
Ушул жерге барайын,
Кыдырып кызын карайын.
Кылымдан кыйла кыз көрдүм,
Кылайып бири жакпады,
Түрк уулунан түк койбой,
Типти Жакып таппады.
Көңүлүнө кыз толбой,
Баарын Жакып саралап,
Манаска жагар кыз болбой,
Көсөл Жакып өтүптүр,
Кыйба, тажик журтуна
Кылчайбастан кетиптир.
Бирин койбой аралап
Мусулмандын баласын,
Отуз алты күнүндө
Букардын көрдү калаасын,
Карап көрдү кан Жакып
Алтын берип, бул берип,
Кыйбат кыздан барбы? – деп,
Ата уулунун баласын.
Дүйнөсү көп чал – дешип,
Жүргөн кандай жан – дешип,
Жакшы кыздан аябай,
Мейли жарды, мейли бай,
Көрсөтүп аны сал – дешип,
Кыйба, тажик бектери
Кыз көрүүгө бу чалга
Уруксатты бергени,
Аз болгондо алты жүз
Ал шаардын кызын көргөнү.
Кыз жактырбай Букардан,
Кыдырып өттү булардан.
Ушунчадан кыз жакпай,
Не жан, – дешип, бул адам,
Кыз көрөм – деп, кыдырып,
Кандай жан – деп, бу наадан
Узатты жолго салышып,
Ушакташып калышып.
Кыз таба албай булардан,
Кыдырып өтүп Букардан,
Кечип өттү Кейипти,
Карып калган чагында
Кыз издетип кылымдан
Жакыпты Манас кейитти.
Эки жамбы бул берип,
Эл башчысын чакырып
Эр Жакып кызын сурады.
Кыз сураган бай Жакып,
Алым мырза дегени
Бай Жакыпка кыз бар – деп,
Барып кабар бергени,
Кандай түрлүү көрөм – деп,
Кан Жакып жооп бергени.
Алым мырза кеп айтат:
«Аксакал аңда – деп, айтат.
Айтпайбыз төгүн биз – деди,
Алты жүз сексен кыз – деди.
Азыр турган бир калаа
Аты Кейип, жери түз,
Адамы момун, эли түз.
Жетимиш миң үйү бар,
Жети казы-бийи бар,
Сексен бир катын окутат,

Ал окуткан катындын
Асты алтымыш сегизде,
Асили түбү талыкпайт
Кыздарга сабак беришке.
Аркасы жашы он сегиз,
Ал сексен бир катындын
Баары молдо тептегиз.
Окуп жаткан алардан
Ою терең канча жан,
Атасынын аты Атемир,
Отуз калаа болгон кан,
Санирабийга деген кыз
Өкүмүнө караган
Өзү билет канча жан,
Кырк нөкөр бар жолдошу,
Кыйын болор ал кыздын
Эр жынысына бой кошуу.
Ага кошо окуган,
Акылдашып олтурган
Эки кайып, бир бери,
Эркек бенде эч көрбөйт
Анын кыйын бир жери.
Бейшембинин кечинде,
Түш эңкейген кезинде
Эрте кайтат молдосу,
Элүү жети кыз болот
Санирабийга жолдошу.
Кыз жактырбай кылымдан
Кыдырып келген экенсиз,
Эгер жакса ушу кыз
Кантип алат экенсиз?
Балаңызды алуучу,
Аламын – деп, жан айтпайт,
Аламын – деп, айткан жан
Алек болуп калуучу.
Өз колуна караган
Аламын – деп, айткандан
Өлүп калган канча жан.
Бадыша бөлөк, башка кан
Алам – деп, кардал болбосо
Батына албайт көп адам.
Алты жүз сексен кыз болот,
Медиресе жык толот,
Андан бир кыз жакпаса
Бекер болгон убара,
Бул сапарыңтоктолот.
Мындан өтсөң эрен бар,
Дини бузук элден бар.
Адамдар жок ал жетер,
Кыз кыдырып эл издеп,
Булар жакпай койгон соң
Жүргөнүңүз тим бекер».
Бу сөздү айтып талдырды,
Жакыпты айран калтырды.
Эки жамбы жеп алып,
Кыз көргөзөм – деп, алып,
Алым мырза барганы,
Он чактысы жыйылып
Удаа келип калганы.
Жаман көрбөйт булдууну,
Жакшы кыз көрсөтөбүз – деп,
Актаяк менен кор башы
Жуда келип калганы,
Алиги эки жамбысын
Эптеп бөлүп алганы,
Медиресе чаркары,
Баштап алып Жакыпты
Бакчасына барганы.
Таштап жолдош-жоросун,
Медиресе ичинен
Кыздын таппай жолоосун,
Башкаларын таштаптыр,
Бай Жакыпты баштаптыр.
Ак сакалдуу чал экен,
Напсиси өлүк жан экен,
Кызды көрүп чыгууга

Кызып келген жан экен,
Сабак алган кыздарды
Кирүүгө бер – деп, уруксат
Устаттарын кыстады.
Бул берип устаттарына,
Сексенинин баарына,
Киргизди кыздын үстүнө,
Ызылдаган көп кыздар,
Бакпаган адам түсүнө.
Чалды көрдү чалкайган,
Ак сакалы жайкалган,
Кыз албай куруп калсын – деп,
Сен тийгин ушу чалга – деп,
Сексейген мындай жанга – деп,
Билгенин айтып шыбырлап,
Бирин бири шылдыңдап,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыңкылдашып күлүшүп,
Китептерин ушташып.
«Сен тийгин» – деп, айтканын
«Жерге кир!» – деп, мушташып.
Алты жүз отуз кызыны
Аралап Жакып ушуну,
Көргөнү жакпай көөнүнө,
Көзүн салып көбүнө,
Элүү кызы кайда? – деп,
Эр Жакып сурайт мындай кеп.
Элүү кызды көрмөккө
Энди жоктур айла – деп,
Алтымыш жашта устаты,
Алардын артык нускасы,
Алардын жаман жери бар –
Адам уулун түк көрбөс
Арасында кошулган
Кайып менен бери бар.
Аталары каныбыз,
Аны көргөзмөккө биз
Чыдай албайт жаныбыз.
Кор башысы, Актаяк,
Коркуп алар жан аяп,
Батына албай тарады,
Чыгып медиреседен
Бай Жакып жолун карады.
Күйүмдүүсү калгандай
Күйүп-жанып баратыр.
Башканы койдум байкабай,
Букардан көрдүм кыйынды,
Кыйладан көрдүм ушундай
Кыз балдардан жыйынды.
Кошуна Жакып барыптыр,
Кожурашып калыптыр.
Кор башы менен Актаяк
Коркуп көргөзбөдү – деп,
Бай Жакып барып айтып кеп,
Батпады көргөзүүгө – деп.
«Калаадан чыгып алыңар,
Кара суу бойлоп барыңар,
Чөптүү жерге токтолуп,
Аял кылгын бир күнү
Аттарыңды откоруп.
Аркы күндө келиңер,
Аңдап келип ошондон
Кайсы түрлүү болсом да
Кабарымды билиңер.
Улугуна барайын,
Учурашып карайын,
Урматтап улук күтпөсө
Убарага салайын.
Өкүмдүк кылып окустан,
Өчөшкөн бойдон өзүмдү
Өлтүрүп ийсе кокустан
Алла билет бул элди
Аман мында турарын,
Куп билемин артымдан
Кунумду кыргыз кубарын,
Бир-эки күн көрөйүн

Бейли-куюн булардын».
Бул сөздү айтып бай Жакып
Жолдошун жолго салыптыр,
Буюрганга айла жок,
Мында Жакып калыптыр.
Кан ордосун бет алып
Калкая басып Жакып бай,
Бара жатыр жайма-жай,
Жолунан чыкты кашка сай.
Аккан тунук суусу бар,
Найза бою куурайы,
Аңгемеси ушу бар.
Көп тердеген көшүлүп,
Ак сакалдуу Жакып бай
Эбедей бою эзилип,
Суу жээгине чечинип,
Кирди суугa дардайып,
Жыпжылаңач чардайып,
Киринип суугa алганы,
Кийип көйнөк, дамбалды,
Окуюн – деп, намазды
Кан Жакып бай ойлонуп,
Кыбылага толгонуп,
Окуп намаз алганы.
Ошонгуча кыздардын
Чыкты дабыш жаңжалы.
Баягы кызбы, башкабы,
Бай Жакып көңүл ашканы.
Аккан суунун четинде,
Калың куурай бетинде
Бай Жакып көзүн салыптыр,
Чубап медиреседен,
Буластаган көй сулуу
Булбулдай тилин безеген,
Аягы барып ал суунун
Кабуз болгон көл экен,
Айланасы тең жемиш,
Чытырман калың чер экен,
Кылаасына абуздун
Кыз ойноочу жер экен.
Молдодон келип чубашып,
Оюн ойноп чуулашып,
Этектери элбиреп,
Далдадагы бай Жакып
Карап жатыр элдиреп,
Жеңдери кетип желбиреп,
Ашуланы айтышып,
Ары-бери тартышып,
Ар түрлүү оюн ойношуп,
Аккан сууну бойлошуп,
Жакыпка жакын барышып,
Жайнап турган жемишке
Жабылып кирип калышып,
Жаткан жаңгак сууда бар,
Алма, бадам жуда бар,
Алча, жүзүм бу да бар.
Мисте менен алмурут,
Билими артык бу журут,
Жабылды жемиш теришип,
Сонун экен бу дешип,
Созуп колун беришип,
Жакыпка жакын келишип,
Жакып менен иши жок,
Жакыпты көргөн киши жок,
Бакчаны кыздар аралап,
Бай Жакып көрдү дааналап,
Жатып алып куурайга,
Чок камышка бааналап.
Бай Жакып көзүн салыптыр,
Арууке менен Каныкей
Кокок деген жемишке
Кол узатып калыптыр.
Узаткан колу жетпеди,
Ушулар узап кетпеди,
Кыздарынын баарысы
Чылк жибекке чырмалып,

Жыгылчудай ыргалып,
Алтындалган жыгасы
Оң чекеде кырданып.
Кырк эки кыз калыптыр,
Он бир кыз андан бөлүнүп,
Орою башка көрүнүп,
Эрен жактын кызы экен,
Байкап жатыр бай Жакып,
Бас кыздар кетти бөлүнүп,
Мында калган кыздардын
Маралдай шаңы көрүнүп.
Кококко келген үч кызы
Колоңдой чачы төгүлүп,
Короздой мойну көрүнүп.
Санирабийга кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен,
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кези экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Сары алтындан түймөдөй
Келишкен кара кашы бар.
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чийдей кашы чийилип,
Жазы маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай-чырайлуу, бото көз,
Кызыл жүзү нурданган,
Кыпча бели буралган.
Ококтон бирин түшүрүп,
Колго алып кыздар бөлгөнү,
Ары-бери басканда
Аныктап Жакып көргөнү.
Кыздар кийген кырмызы,
Кырк бир кыздын ичинен
Артык турат жылдызы.
Айтсам балам алар – деп,
Арылбаган шорум көп,
Арты болбой калар – деп,
Тууса бирди тубар – деп,
Тумшугу жок жаныма
Тукумдан кудай урар – деп.
Кыздар кийген кырмызы
Буга жетпей калдыбы?
Болжолуна карасам
Кан сыпаты, сөөгү бар,
Ар мүнөзүн карасам
Сарамжалдын көбү бар,
Желке жагы тар экен,
Жетигип жашы толгончо
Туубастык жайы бар экен,
Тууган менен тукуму
Турбастык жайы бар экен.
Тургузарын, турбасын
Ак жазуунан болуучу,
Ар түрлүү адам жанашса
Акылына толуучу.
Аман болсо алганы,
Кайып болуп кетпесе
Жаралган дүйнө жалганы,
Жаман – деп, киши айтпаган
Сыйлуу болор киши экен,
Алганынан айрылса
Кирпиги узун, тунук көз,
Ыйлуу болор киши экен.
Бир бүлөнү он бөлүп,
Оюн терең жиберип,
Оң жагынан имерип,
Кирпиктей кирди койбостон
Боюн сылап тараган,
Аяк-башын имерип
Жыртык койбой караган,
Болжолу жок боорукер,
Эзилтип адам көңүлүн

Эт боорунан жаралган,
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган бенденин
Үзүрү болсо сураган,
Жетишпедим дегенге
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон
Терендик жайы бар экен
Короз моюн, колоң чач,
Босого маңдай, боору таш
Бекемдик жайы бар экен,
Болжогондой сөзү бар,
Болор кепти бир айткан
Чечендик жайы бар экен.
Ылайыктап адамга,
Ыгын салбай нааданга,
Ыраазы кыла сөз айткан
Ыгын билип ар жанга,
Динге балбан тик турган
Эшендик жайы бар экен,
Бечарага карашкан
Бекемдик жайы бар экен,
Азамат бакса айнытпас
Жетерлик жайы бар экен.
Кылган иши баары амал,
Кызылдай бою сарамжал,
Жок дегендер табылган
Кастарлуу жайы бар экен,
Кыз мүнөзү кылтайбай,
Тастарлуу жайы бар экен.
Арбын болсо дүйнөсү
Адамдан төмөн мүнөзү,
Көп болсо көтөрүлбөгөн,
Жаманды-жакшы билбеген,
Жаманды күткөн жакшыдай,
Жиндини күткөн бакшыдай,
Бакшыны күтөр кожодой,
Кожону күткөн башында
Бадышасы болгондой,
Жигитти күткөн эриндей,
Эрге кылар кылыгы
Эми эле түшкөн келиндей.
Бектерди күтөр канындай,
Өкүмөттүү кандарды
Өзгөчө күтөр бапестеп
Өзүнүн кара жанындай.
Өзгө журтту кыдырдым,
Жүрбөйүн эми эл кезип
Мындай неме табылбай.
Кара, тунук көз экен,
Кыйгач каштуу, бал сөздүү
Кылаңкороз өзү экен.
Катары калктан бөлүнөт,
Кашындагы тургany
Кайып сындуу көрүнөт,
Экөө кайып, бир бери
Айтпай, дебей бай Жакып
Кайып менен берини
Айра билип жиберди.
Он сынга тең экен,
Ойрон болсун дүнүйө ай,
Төрөөт жагы кем экен.
Азыркы Жакып бул чалдын,
Куурайда жаткан куу чалдын
Сынчылыгы эмей неткени,
Кыздарга көзү жеткени,
Жыла басып, жыластар,
Ордого кыздар кеткени.
Жетимиш катар капкага
Жетип кыздар алыптыр,
Албан түрлүү аңгеме,
Ордосуна барыптыр,
Оюндарын салыптыр.
Кашында бар кырк нөкөр,
Санирабийганы карап көр:

Атемирдин казына
Барлыгынан түттүрүп,
Кыйбат баа тондордон
Отуз-кырктан бүтүрүп,
Чоңу менен кичини,
Көрүп алса Санирабийга
Көчөдөгү кишини
Өлчөп кийим тиктирип,
Тиккенинин баарысын
Жан билбес жерге житирип.
Кылдырып кызга алганын,
Кыздар аны түк билбейт
Кайда коюп салганын,
Оймоктуудан уз түгүл,
Ошо жүргөн кыз түгүл
Ата-энеси билген жок,
Чапан менен чалбарды,
Чаксыз кылып аларды,
Тебетей менен өтүгүн,
Аңдап билгин калайык
Акылынын жетигин.
Баашабы, байбы барарым,
Атемир атам төрүндө
Журтта мени соо койбос
Жуптуланбай каларым,
Илме кайып бир жумуш,
Кадыр Алла бир билер
Кандай жерге барарым.
Жазуудa Алла жазганын,
Жазуудан чыгып мен бакыр
Жарым кадам баспаймын.
Нечен түрлүү ургаачы,
Эгер жанга жапаа го
Эрге тийбей турбасы.
Никеленбей так өткөн
Илгертеден нарк эмес,
Башынан эркек көрбөстөн
Басып жүрүш барк эмес.
Он алты жарым жашында,
Ой ойлонуп башында,
Илинип калып никеге
Башым калып байланып,
Эреметтүү бирөөнө
Барып калсам айланып,
Алла билер жакшыбы,
Атасынын төрүндө
Аңдап күтүнбөгөндөр
Абийиринен какшыды.
Алла билет жаманбы,
Алты жыл мурун ойлонуп
Ар бир түрлүү заманды,
Казынадан мүлк алып,
Канчадан бери камданды.
Кереги тийбей койбос – деп,
Кемчилик жүрүш болбос – деп,
Бир жашаган балага
Бир кыйла болгон чапаны,
Билинбестен бир жанга
Бир бирчөктө жатканы.
Сарпайы санга толуптур,
Топу, жоолук, күрмө, шым
Төрт кез болгон сандыктан
Төртөөнө толуптур.
Санирабийга кыз экен,
Жакып бай сынап жаткандай
Сарамжалы ашык уз экен.
Кандай жанга барышым
Калк ар түрлүү, ким билет,
Кадыр Алла бир билет,
Эркекке кызмат кылмактык
Ургаачыга чоң милдет.
Ойлонгон экен оюна,
Түрлөп килем чактаган
Чоң-кичинин боюна.
Жакыптын жайын билген жок,
Буулум, бута, дүрүйө,

Кан казына болгон соң
Канча түрлүү дүнүйө,
Кайтып барып окуштан
Кашындагы кыздарга
Иш кылдырат күнүгө.
Санирабийга деген кыз
Жата турсун ал бойдон,
Жакып байдын жумушун
Калайык карап энди ойлон.
Ордого Жакып барыптыр,
Ордонун орто жеринен
Олтуруп орун алыптыр.
Ордодогу супага
Олтурду Жакып даңкайып,
Олуттуу бийдей чалкайып.
Кыя баскан кыйба бар,
Кыжылдап тажик кыйла бар,
Парсы, арабы баары бар,
Түркү тилден дагы бар,
Бай Жакып жаңы келгенде
Дигер болгон чагы бар.
Мечитине бет алып
Беш миңи кирди жыйылып,
Бербердигер колдо! – деп,
Жакып бай акка сыйынып,
Окуп намаз болгону,
Баары колун көтөрүп,
Бата кылып койгону.
Басып Жакып балкайып,
Баягы олтурган супага
Дагы олтурду чалкайып.
Түрк сүйлөгөн сарты бар,
Кыя тартып караган
Кыйбалыктын салты бар.
Аркалыктай мүнөзүң,
Ак сакал кайдан жүрөсүң?
Эңкейип карыган бир жансың,
Эбиңен тайган тири жансың,
Эмине кылып жүргөнсүң?
Арба-дорбо сүйлөшүң,
Аркалыктай мүнөзүң,
Аппак сакал башыңда,
Ордосуна баашанын
Осолдуктан киргенсиң.
Айдап жүргөн малың жок,
Артып жүргөн булуң жок,
Айткан сөзүң турум жок.
Кан олтурчу орунду,
Каада билип көрбөгөн
Каралыктын боруму.
Календеркана барыңыз,
Конок болсоң ошондон
Кошулуп орун алыңыз.
Олтурба – деп, бул жерге,
Орун ал – деп, алыстан
Оолак жумшайт бир жерге.
Эки желдет, бир беги,
Жакып байга булардын
Жаман тийди бу кеби.
Бекер келген мен эмес,
Бекер неге жүрсүң – деп,
Бекзаада айтар кеп эмес.
Каңгырып келген мен эмес,
Календерге кошул – деп,
Канзаада айтар кеп эмес.
Ачып кара көзүңдү,
Аңдап сүйлө сөзүңдү,
Азыр мени сойсоң да
Алек кылып жүрбөйүн
Акимсиген өзүңдү!
Оңдоп кара көзүңдү,
Ойлоп сүйлө сөзүңдү,
Он эсе мени бөлсөң да
Ойрон кылып жүрбөйүн
Ушу жерден өзүңдү.
Кары дешиң кээ болот,

Кан олтурган орунга
Кан олтурса не болот?
Сенден суук сөзүм бар,
Жуучу келген өзүм бар.
Кырмызы кийген кырк бир кыз
Болжоп көрдүм мүнөзүн,
Боростой кийим кийинген,
Ботодой бели ийилген,
Калемдей кашы чийилген,
Карчыга куштай тапталган,
Катаалык иштен сакталган
Каныңдын кызы экенин
Карап көзүм жетпедим,
Бегиңдин кызы экенин
Менин көзүм жетпедим.
Караңдын кызы болсо да
Кандан артык көрүндү,
Калыпка чапкан күмүштөй,
Жандан артык көрүндү.
Бекердин кызы болсо да
Бектен артык көрүндү,
Мен супада олтурсам
Бек сындырдың көөнүмдү.
Атемириң кандай кан,
Айылына конок келбеген
Ант аткырың кандай жан?
Жуучу келди кызга – деп,
Журтуңа айткын мындай кеп.
Кайната келди кызга – деп,
Калкыңа айткын мындай кеп.
Атемирге барыңар,
Жуучу келсе өлтүргөн
Ачуулуу экен каныңар.
Эгер мага кол тийсең
Айтты-койду дебеңер,
Аман калбас жаныңар!»
Аны айтып Жакып каркылдап,
Ачууланып баркылдап.
Анда желдет кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Аркалыкка кыз берер
Акмак барбы? – деп, айтат.
Чал тоюпсуңжаныңдан,
Атемир кан муну укса
Кашык тамбас каныңдан.
Бенде көрбөс кыздардын
Бетин кайдан көрдүңүз?
Эркек көрбөс кыздардын
Этин кайдан көрдүңүз?
Кыйкырып катуу сүйлөсөм
Кыз берет – деп, көөнүңүз.
Сүйлөгөнүң түркү тил,
Өз уругуң ким болот?
Өз ажалың өзүң бил».
Бек кашында мыршабы,
Мээнет муну курчады,
Бекем сүйлөп турганы.
Анда Жакып кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Кара кыргыз уругум,
Азыркымды сурасаң
Азиреттин Кара-Тоо,
Жайланган жайым так ошо.
Кек алганмын далайдан,
Келген жерим Алтайдан,
Кекеп-кекеп сүйлөйсүң,
Жеп ийчүдөй сен айбан.
Аябадым жанымды,
Албарстыдай чачайын
Алдыңарга канымды.
Атам Ногой, Жакыпмын,
Кабуздун жогор жагында,
Арасында куурайдын
Намаз окуп жатыпмын,
Анда көрдүм кызыңды,
Жуучу келдим деленге

Өпкөң мынча кысылды,
Өңүң мынча бузулду,
Кыялыңар мурунтан
Кызга жуучу келгенди
Кырып жүргөн шекилдүү.
Өзүңдү өзүң күүлөйсүң,
Өлтүрөм! – деп, сүйлөйсүң,
Өлсө жалгыз чал өлөр,
Өңкөй кыйбаң не көрөр?!
Кетсе жалгыз чал кетер,
Тажикке өлүм тез жетер.
Кежилдешип сүйлөшүп
Олтурба менин жаныма,
Орунуму тапмакка
Айткын эрте каныңа.
Өлсөм өлүп калармын,
Өлүп калып тек жатпай
Өзүм өңдүү чалдардан,
Өкүмөт билген жандардан,
Өкүмсүп кебин сүйлөгөн
Өкүмсүнгөн заңгардан
Эки-үчөөн кошуп алармын».
Бу сөздү айтып салганы,
Бул аркалык курган чал
Өжөрлөнүп айтат – деп,
Өлбөй кантип кайтат – деп,
Өлөрманын артат – деп,
Ээрчитип алып бегини,
Бек укту Жакып кебини.
Ал аңгыча мечитке
Азан айтып ийгени,
Адамдардын баарысы
Намаз шамга киргени.
Окуп болуп намазын,
Ордосун көздөй кан жүрдү,
Канга кошо коногу
Отузчалык жан жүрдү.
Акылбайыс бек экен,
Желдет менен кошулуп
Жакыпты сөккөн неме экен:
«Ак сакалдуу бир адам,
Айткан кеби чын наадан,
Кыз издеп мында келдим – деп,
Кыйбанын көрдүм элин – деп,
Сураганы кыз экен,
Суук тумшуктун өзү экен.
Алтай тоодон келдим – дейт,
Азыркысын турганым
Азиреттин Кара-Тоо,
Анжыянды жерим – дейт,
Ата уулудан кыз көрүп,
Азыр мында келдим – дейт.
Кан олтурчу чаркана
Как ошого олтуруп,
Буга олтурчу жер эмес,
Кет десек сөгүп болтуруп,
Жуучумун келген – деп,
Журт айтпаган айтат кеп.
Мыршап буга күүлөндү,
Буйругу кандын өлтүрмөк,
Өлтүрөм! – деп, сүйлөндү.
Өлтүрө койгун мына! – деп,
Өжөр, өкүм чал экен,
Өлтүрө кой мени – деп,
Өчөшкөндөй күүлөндү.
Чал сөзүнө бакканда
Өлөт эле бизден – деп,
Өлтүрбөдүк, тим койдук
Өтүнө албай сизден» – деп,
Акылбайыс айтты кеп.
Атемир башын чайкады,
Ачуу келип бир катар
Мойнуна минди шайтаны.
Оюна ар иш алганы,
Алооке качкан Манас – деп,
Эсине түшө калганы.

Капкама келип катылган,
Ордомо келип оолуккан
Оңой неме эмес го.
Сурады Акылбайыстан,
Аты-жөнүн сурабай
Акылы кем тайыздан:
«Барбы жолдош-жоросу,
Кашында канча жолдошу?
Аттары кандай экен? – деп,
Аңдабай келип мага айтып
Ачууландың бекер – деп,
Азыр кайра чыгыңар,
Аты-жөнүн, атасын
Анык сурап угуңар,
Аңдабай мага сөз айтыш
Наадандык болор мунуңар.
Бу жерге келип күчөнгөн
Бери бекен, жин бекен,
Асилин сурап көрүңөр
Ата-жөнү ким экен?
Кыйын айткан сөзү – деп,
Ак сакалдуу болгондо
Кыз алат бекен өзү – деп,
Кыздарды кайдан көрдү экен
Каапыр чалдын көзү – деп,
Иниси бекен кыз алар,
Издеп журтка чаң салар.
Баласы бекен кыз алчу,
Кызыңды маа бергин – деп,
Кыйбаңын журтун кыстачу,
Тажиктин элин теңшерип,
Кебин кекеп сүйлөгөн
Кетүүчүдөй эңшерип.
Абалы сурап билиңер,
Оңой-олтоң жан болсо
Кесип алып келдесин,
Көрүстөнгө илиңер».
Атемирдин сөзүнү
Анык угуп алышты,
Алиги чаркар супага
Банар алып барышты.
Айнектен ичин ойдурган,
Шамаланы койдурган,
Көтөрүп алып шамыны,
Өлтүрөбүз чалыны,
Жакыптын кылып камыны
Экөө желдет, үчөө бек,
Өлүм издеп өзүнчө
Жүргөн экен бу чал – деп,
Өлүмүн өзү издеген
Өкүмсүгөн куу чал – деп,
Жакыпка жакын барыптыр,
Капаланып кан Жакып
Караңгыга калыптыр
Салам айтпай улуксуп
Абдыкалык карганы,
Акылбайыс, Түлөөбек
Үчөө бирдей барганы,
Жакып байга ушулар
Салам айтып салбады.
Эр Жакып да жан дебей
Тынч олтуруп алганы,
Улук сыпат экен – деп,
Ушулар айран калганы.
Ак сакалдуу адамсыз,
Азып жүргөн адамдай
Кайдан келип калгансыз?
Кыларга барбы ишиңиз,
Кызматта барбы кишиңиз?
Сатууга барбы булуңуз?
Жаман жорук мунуңуз,
Дигерден бери бу жерге
Тикирейип турдуңуз.
Кор башы чыгып кокустан
Кордук кылып койбойбу,
Кой дегенге тил албай

Түн баашасы кор башы
Зордук кылып сойбойбу.
Календеркана барбапсыз,
Каның тарткан не жансыз?
Кайсы элденсиз элиңиз,
Каңгып кайдан келдиңиз?»
Абдыкалык сурады,
Ал сөзгө Жакып турбады.
Анда Жакып кеп айтат:
«Азаматтар – деп, айтат.
Карарып жаткан багыңар,
Калдайып жаткан тамыңар,
Атемир экен каныңар.
Көчөңдөн көрдүм көпчүлүк,
Калааңдан көрдүм канча жан,
Калкың конок көрбөгөн,
Каптап кетип алаамат
Калбаса керек жалгыз жан.
Кылычтуудан кыйынды,
Баштап кирип үйүңө
Кырк-отуздай жыйынды,
Сатылуу болсо ашыңар
Мен берейин тыйынды.
Аркалык – деп, болжойбу,
Аркалыктын баарысын
Алуучу – деп, ойлойбу,
Ашыңардан беришип,
Акыңа алсаң болбойбу?
Капкага камчы илбеген,
Калкың менен куруп кал
Каадалуу нуска билбеген,
Конок келсе коржоңдоп
Кул-кутаны тилдеген.
Түбүмдү түрүп кеп сурап,
Түбүң барбы? – деп, сурап,
Түртөсүңөр көп сүрөп.
Тегимди терип кеп сурап,
Тегиң барбы? – деп, сурап
Тексиз кипш дедиңби?
Темтейип келген бир чалдын
Тегинен эбеп жедиңби?
Башкы атам бар Бабыр кан,
Уругум улуу кыргыздан,
Бабырдан кийин Буура кан,
Бузук кылган душмандын
Мурунтан башын туураган.
Буура кан уулу Түбөй бар,
Түп Бээжин менен салышып,
Түбүнөн Аллам болгон жар.
Түбөй, Көгөй бир тууган,
Сүрүшкөн жерин кан жууган.
Түбөйдүн уулу Ногойду,
Түбүнөн иши оңолду.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Ордоңордо кор болуп,
Ушу бүгүн жатыптыр.
Ойлоп турсам сиздерди
Башканы конок кылдырбай
Башынан арбак атыптыр.
Бабамдын заты алаштыр,
Кыз үчүн мени кыйнаган
Баламдын аты Манастыр».
Баянын айтты бай Жакып,
Чалдын көрдү чатагын,
Уккан экен мурунтан
Эр Манастын атагын.
Айтты Жакып көп макал,
Абдыкалык аксакал
Атасы экен Манастын,
Анык жерин укканы,
Алкымга жүрөк чыкканы.
Боконо, жүрөк болк этип,
Боор, өпкөсү солк этип,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Төртөөң мында тургун – деп,

Абдыкалык жөнөдү
Бай Жакыптын жанынан.
Атемирге киргени,
Ашыгып сүйлөп ийгени:
«Көрдүм чалды, каным – деп,
Чоң балакет келиптир,
Чоочуп келди жаным – деп,
Алтайда туруп туулган,
Алты шаар журтуна
Абыдан салып чуулган,
Амур дайра, Уркунду,
Айдап алаш журтуну,
Башын салган кытайга
Маңгулдун калбай тукуму,
Какшатып каңгай элини,
Сонундукка көрүптүр
Тундуранын жерини,
Ырысын анык жедирип
Алар түгүл тыяктан
Ындыстандын элини.
Даңгыттын журтун талкалап,
Сырмуш шаанын калаасын,
Зар ыйлатып баласын,
Кызыл чоктуу көп ойрот
Кытай таппай дабасын,
Ымалай тоо, Сыра тоо,
Калмак, кытай мажусу
Калбай мындан бири соо.
Өткөн Дакы Жунусту,
Көөнө-Турпан, Шаяга
Үч жыл кылып урушту,
Токсон миң калаа Котонду
Тобунан койбой отоду,
Тогузак журтун которду.
Башкы Текес, Куясын
Абыдан бузуп уясын,
Каркырада Байсоорун
Калкына болбой кайсоорун,
Кер-Көлдөгү Оргону,
Улуксунган далайдын
Урап калды коргону.
Алма-Коюр суусунда
Аким болгон ушунда
Кашкел менен Илебин,
Канчалыгын түгөткөн
Каапырдын кылган илесин.
Кемин шаа, Чулуну
Кара жер болгон туруму.
Кулуттун журтун куруткан,
Дөрбөлжүн менен Туткуйду,
Аярларын баш кылып
Ач бөрүдөй улуткан.
Лаңги-Төбө, Бурканы
Элинде калбай тирүү жаны,
Кубан менен Арсыны
Куп окуткан дарсыны,
Барса-келбес жиберген
Кудайдын берген карсыны.
Акунбешим баашаны,
Шамың шаа калдайды,
Сапырып ийген далайды.
Сокулукту соолтуп,
Аламүдүн жаң-жуңду
Алек кылып жаныны,
Түгүн койбой кыйратып
Чүй боюнун каныны.
Мерки шаа, Тулусту,
Текеликте Сумура
Беш күн араң уруштту.
Алардан чыгып алганы,
Ай жарымда Ташкенге
Пануска уруш салганы.
Кара кыргыз калкы экен,
Өз уругун көргөн соң
Түрк уулунун баарынын
Түтпөй турган салты экен.

Ташкендеги Панусту
Адам бакпас бетинен,
Айырып өкүмөтүнөн,
Калкын басып имерди,
Ойрон салып Ташкенге,
Дин билбеген улугун
Олуя кылып жиберди.
Араниктин Ашарсуу
Айтып ыйман, кутулуп,
Араң калды мына бу.
Кайта жанган Кашкарды,
Кара-Тегин Шоорукту
Күн тарабын башкарды.
Каарына чыдабай
Качып кетип Алооке,
Барса-келбес, Маргалаң,
Айбатына жан барбас
Ажыдаарын айдаган,
Алтымыш кулач мамонут
Катылганын жайлаган,
Аягы Азирет, Алайды,
Кара кыргыз басыптыр
Орто Азия далайды.
Катылбай биздин эл жакка,
Каттабай биздин жер жакка
Элөөсүз жаткан элибиз,
Атасы экен келген чал,
Мурунтан конок күзөтпөй
Бузулган экен бейлибиз.
Кыргыздан чыккан бу бир дөө,
Кандай келген билбейбиз,
Аты жок, азыр өзү жөө.
Келген экен дигерде
Кез келдим – деди, силерге.
Кел – деп, айткан тири жан жок,
Кеп сураган бир жан жок,
Конок элем мен – деди,
Коногун көрсө коркуткан
Копшолгон кандай эл – деди.
Жанында жалгыз киши жок,
Азыр жалгыз олтурат
Ачуудан бөлөк иши жок.
Акылын кылгын каным – деп,
Ашыгып келди жаным» – деп,
Абдыкалык сөздөдү,
Сөз артынан токтолбой
Атемир сөздү көздөдү:
«Кылымдан киши жеңбеген
Кыйынга калган экенбиз,
Ааламдан киши жеңбеген
Азапка калган экенбиз,
Байкабай туруп коноктон
Мазакка калган экенбиз.
Мейманкана сарайга –
Даам берилген далайга,
Бектер кирип олтурган
Мейманкана киргизгин,
Бейкабар адам экен – деп,
Бейгуда сүйлөп салбасын,
Бээжинден келген кыргыздын
Мээнетине калбасын.
Алда кандай адам – деп,
Аркалыкты наадан – деп,
Ашепке сүйлөп салбасын,
Алтайдан келген алаштын
Азабына калбасын.
Жуучу болуп, кыз издеп,
Журт кыдырып жүргөн чал,
Жолдошу жок, аты жок,
Жолукканын карап ал.
Аңдап сөзүн сураңар
Алтайдан келген кыргызды,
Аты жок, жөө кыргычты
Окуштагы кыздардан,
Кайдан көргөн билбейбиз,
Жактырыптыр бир кызды.

Санирабийга кошулуп
Атактуу кыздан алтымыш,
Арбын жери жети жүз,
Азим шаар Кейиптин
Адыры арбын, жери түз,
Аалими бар катындан,
Адам жуучу түшөм – деп,
Ажалы жеткен катылган.
Санирабийга балада
Сапаты жолдош кырк кыз бар,
Букар менен Кейипти
Самаган экен кыргыздар.
Адамдан алган сабагын,
Аңгемесин карагын,
Кайып да бар, бери бар,
Азыркысын Нааманда
Кара кыргыз эли бар,
Баламдын аты –Манас – деп,
Чалдын айткан кеби бар,
Бадышалык ордого,
Баары келген молдого,
Кыздардан көрүп алдым – деп,
Кыздын бирин жактырып,
Жуучу түшүп калдым – деп,
Айткан кебин аңдадыңар,
Караламан бир чал – деп,
Капылетке калбаңар.
Олтурбаңар бекер тим,
Ошо көргөн кызынын
Укту бекен, аты ким?
Сурап билип келиңер,
Мааниси мындай экен – деп,
Баянын айтып бериңер.
Сураңар билип жөнүнү,
Жөнү бөлөк көрүнсө
Эртелеп болсун өлүмү».
Бу сөздү айтып Атемир
Буйруп ийди бектерге,
Бай Жакыптын үстүндө
Бектер кирди кептерге.
Нуркунан сурап нускасын,
Узартпай сөздүн кыскасын,
Кайдан катын алганын,
Манас болуп баласы,
Каканга чатак салганын,
Аяк-башын сураштЫ
Анжыянды алганын.
Катын алып бергин – деп,
Карып калган чагында
Жакыпка чатак салганын,
Барганадан кыз таппай
Кейипке келип калганын
Баштан-аяк кеп кылып
Баянын айтып салганы.
Аныгын билип алдырап,
Акылмандын баарысы
Тилден калды жалдырап.
Кийгендери кырмызы,
Медиресе жолунан
Көрүптүрсүз көп кызды.
Жактырыпсыз бирини
Сайраган угуп тилини,
Азиз тутуп кармаган
Ак ыслам динини,
Ал кыздардын баарынын
Артык болор билими,
Аят-адис тил менен
Ар өнөрдөн илими.
Таамай көрсөң затыны,
Айттың уктук датыңы,
Анча көргөн кыздардын
Уктуң бекен атыны?
Ушу жерде сөз сурап
Жакыптын башын чатыды.
Жакып бай шондо кеп айтат:
«Жайын айтып берейин

Көргөнүмдүн – деп, айтат.
Жолдошум менен атымды
Тоону көздөй жибердим,
Ордого конок болмокту
Оюма алып имердим,
Ороюңду көрбөдүм
Мындан мурун силердин.
Бакчаны көздөй бет алып,
Басып жолго салганым,
Кабуздун жогор жагынан
Оңдонуп даарат алганым,
Окуп намаз калганым,
Оозума кудай салбасын
Бу күндө сөздүн жалганын.
Камыш экен каралаш,
Куурай чыккан аралаш,
Олтуруп орун алганым,
Кыңылдашып сүйлөшүп,
Как ошо жерде мен көрдүм
Кыздардын келип калганын.
Көрөбү – деп, шекинип,
Көп куурайдын ичинен
Көзүмдү салдым бекинип.
Жибекти кийип буралган,
Жин ургандай жаштарды
Көрүп турдум көз менен,
Алар жүрдү сүйлөшүп
Арап, фарсы сөз менен,
Аңдап көрдүм алардан,
Акылына алардын
Жетер эмес ар адам.
Эки кайып, бир бери
Санирабийга, бер кел – деп,
Кокок жемишти имерди.
Кайдан баккан Санирабийга
Адамга жуубас кайыпты,
Ал кыздардын жүрүмүн
Таба албадым айыпты.
Кайып кыздын бири бар,
Кант-шекердей тили бар,
Атын уктум Арууке,
Аңдаган экен бу чал де.
Өңгө кыздан бөлүнүп,
Үкөк жемиш алышып,
Өзүмө жакын көрүнүп,
Аш бышымдай олтурду,
Ал кыздардын аттарын
Бакыр чал жаттап болтурду.
Беринин кызы Сайымкул,
Кайыптын кызы Улугат,
Жанында жаткан Жакыпка
Тамаша кылган сөздөрү
Дападаана угулат.
Санирабийганы
Жагар го – деп, балама
Жакыптын кеткен кыялы.
Караңдыкы болсо да,
Каныңдыкы болсо да,
Төрөңдүкү болсо да,
Жөнүңдүкү болсо да,
Бекердики болсо да,
Бегиңдики болсо да,
Берерби дейм балама,
Бербей койсоң ал кызды
Мээнет көрбөй коём – деп,
Бекер өзүң каалаба.
Бүгүн менин коногум
Кудамдан болду корегим».
Куудул сөз айтып бир четтен,
Жакып бай сүйлөп салганы,
Жаман экен бу чал – деп,
Жайын айтып канына
Жалпы бектер барганы.
Аш-тамагын татышты,
Аңгемелеп жатышты.
Теңтуш көрдү чалыны,

Кечээ билбей кейитип
Жапаа кылган жаныны.
Эрте туруп ал Жакып
Эшигинин астынан
Дагы көрдү Санини.
Санирабийга баланы
Жакып көрүп алганы,
«Тетиги бала кимки?» – деп,
Жанындагы бир бектен
Жайын сурап калганы.
«Атемир шаанын кызы – деп,
Акылга дыйкан узу – деп,
Айтып беги салганы,
Улугунун кызы экен,
Угуп алып кан Жакып
Кубаныч кылып калганы.
Аныктап алып бай Жакып
Азыр калбас тек жатып:
«Жактырган кызым кан кызы,
Бир атанын жалгызы.
Берер болсо бererин,
Мен билбеймин не дээрин,
Бербес болсо бербесин,
Бектер кылып кеңешин,
Жообумду менин бериңер
Жолуңа түшкүн десеңер,
Берер болсоң берем – деп,
Кулдук дейбиз биз жакта,
Бата аягын жесеңер».
Бай Жакып сүйлөп калганы,
Бектеринен бешөөвү
Атемирге барганы,
Желдеттерден жетөөбү
Капкасынын эшигин
Карыша кармап алганы.
Канына барып кеп айтып:
«Кандай кылып бу чалдан
Кутулабыз – деп, айтып,
Жатып алып камышка,
Кыздын баарын көрүптүр
Жарыбаган абышка.
Санирабийга баланы
Самап бу чал калганы,
Бербейбиз – деп, узатсак
Заман акыр салабы,
Башкаңда эмес, балаңда
Ушу чалдын талабы.
Берсе берем, десин – деп,
Бектерден жооп берсин – деп,
Бербесе бербейм, десин – деп,
Каапыр чал бизди камады,
Карап чалдын мүнөзүн
Кайрат бойдо калбады.
Канетебиз аны – деп,
Кайрат кылган адамдын
Калар эмес жаны» – деп,
Канына булар барганы.
Атемир анда кеп айтып:
«Акылмандар жыйылсын,
Мыршаптан жетөө чабыңар,
Бул шаарда бектерден
Аялдатпай табыңар,
Үйүнө бирин койбоңор,
Удайчы менен датка – деп,
Ата уулунун баарысы
Азыр минсин атка!» – деп,
Атемир буйруп салыптыр,
Желип-жортуп кыштакка
Жети мыршап барыптыр.
Казы менен муптусун,
Калкы сөзүн укчуусун,
Удайчы менен бектерин
Үстүнө алып келгени.
«Баштатадан жердеген
Букар, Кейип жер талаа,
Баш жактан чыгып калыптыр

Манас аттуу бир балаа.
Уругу кара кыргыздан,
Аз жыл болду келгени
Алтай менен Жылдыздан.
Түркстан жерин бошотуп,
Түмөндөгөн кытайды
Түгүн койбой окшотуп,
Түрүп барып таштаптыр
Түп Бээжинге токтотуп.
Ушунда бир чал жүрөт,
Урушкандай жан жүрөт,
Балам Манас эле – деп,
Бар дүйнөнүн камын жеп.
Жамандык менен келбептир,
Жалгыз кызым Саанини
Көрүп алып дегдептир,
Манас деген баласы
Ата болсоң мага бир
Катын алып бер дептир.
Келген экен ушу чал
Кезиккени биз болуп,
Издегени кыз болуп.
Манаска бер – деп, балаңды,
Көтөрүлүп каапыр чал
Көөнүмө салды алаңды.
Көбүңөр буга не дейсиң,
Көмүлгөндөй шаарда
Жатып көнгөн кедейсиң.
Жайып чыгар малың жок,
Каптап кыргыз кол келсе,
Кара жанга зор келсе
Качып чыгар алың жок.
Тигип качар үйүң жок,
Кызды бербей биз койсок
Чечилүүчү түйүн жок.
Туу көтөрүп турушуп,
Тулпар минип жулушуп,
Тумшугу жок кыргызды
Жеңебизби урушуп?
Билген-көргөн эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
Бири миңдик – деп, айтат.
Кара кыргыз калкы – дейт,
Карсылдашкан душмандан
Качпай турган наркы – дейт.
Наркы болсо мейлине,
Азап салып элине,
Беттешүүгө бел байлап,
Урушууга дем байлап,
Майдан жерге барышып,
Башты аябай жарышып,
Ач бөрүдөй алышып,
Арманы жок салышып,
Кол сындырып шалактап,
Бут сындырып салактап,
Коркоктун көзү алактап,
Төө мылтык тийип, окко учуп,
Төбөдөн түшүп, жер кучуп,
Найза тийип, кан чыгып,
Аңтарылып жан чыгып,
Өмөлүп уруш салышып,
Өлүмдү моюнга алышып,
Өлбөгөн жерде калышып
Урушарың барсыңбы?
Кыз берүүгө бел байлап
Турушарың барсыңбы?
Кылычты кындан чечишип,
Кызылдай жандан кечишип,
Майданга башты салышып,
Бака-шака чабышып,
Калабага киришип,
Кандуу тон чечип кийишип
Кармашарың барсыңбы?
Алтайдын кара кыргызга
Ажыдаардай октолуп
Арбашарың барсыңбы?

Же айкалышып кыз берип
Жарашарың барсыңбы?
Сөзүмдү алып оозумдан
Талашарың барсыңбы?
Көбүңө кылдым мен өкүм,
Өткүрдүн баары жыйылдың,
Угуңар ушу арзымды».
Ал сөздү айтып Атемир
А жерде турду токтолуп,
Атемирге жооп айтып
Сүйлөөр бенде жок болуп.
Элейип эли калганы,
Эл ичинде эстүүлөр:
«Не деген сөзүң ушу?» – деп,
Канына сүйлөп калганы.
«Мурункулар кеп айткан,
Буюрган сөзүн көп айткан:
– Ырысы жокко доочу – деп,
Ырас болор ушу кеп,
Ырыстууга жуучу – деп,
Ырысы качкан кай бирөө
Келсе жуучу куучу – деп,
Балаңыз өсүп кетиптир,
Байкап турсак быйыл жыл
Он алты жарым жашына
Ушу быйыл жетиптир.
Антип-минтип алганча
Ай-күн өтөр ар канча,
Эркекти алып кыз бала
Эл ичинде жүрөбү,
Кызды алып эркек кетмек бар,
Таалайы кандай ким билет,
Талабына жетмек бар.
Арканын наркын угабыз,
Арбын мал айдап берет – деп,
Айран калып турабыз.
Кыз берсек кыйла тособуз,
Энчиси үчүн балан – деп,
Не түрлүү дүйнө кошобуз.
Балага кошуп дүйнөнү,
Баарын берип үйдөгү,
Айдап жолго салабыз,
Аңкайып куру калабыз,
Анда нени табабыз?
Так бойдон өтүп кетеби
Санирабийга балаңыз.
Кабылан Манас баатырды,
Кабары катуу акыры,
Кара кыргыз каны экен,
Кабарын уксак мүнөзү
Канга ылайык жан экен,
Күн чыгыштан дин ачкан
Агарып аткан таң экен,
Арбагы кыйын ааламда,
Нече жашта жан экен?»
Акылбайыс, Түлөөбек:
«Айтор, арзан чал эмес,
Ойлоп жүрбүз кечээтен
Оңой-олтоң жан эмес,
Манас деген немеси
Кызга теңтуш бала эмес.
Сакал чыккан муруттуу,
Сапырган далай журутту.
Нече жашта болду экен,
Не деген сөзү журтуна эм,
Сурап билсек болбойбу
Атасы азыр колдо экен».
Акылбайыс, Түлөөбек
Айтып салды мындай кеп.
Абдыкалык сүйлөдү:
«Жашап калган жан болсо
Бербейт белең кызды? – деп,
Бербеймин – деп, узатсаң Азапка
салдың бизди – деп,
Азыр ынтык болуптур
Алууга ушу кызды» – деп,

Абдыкалык кеп айтат:
«Ай, калайык – деп, айтат.
Менин сөзүмдү алыңар,
Аркалыктын өзүнчө
Арбын дүйнө салыңар.
Наамандагы кыргыздын
Албан түрлүү малы бар,
Төөдөн баштап төрт түлүк,
Биз көрбөгөн дагы бар,
Арбыта малды салыңар,
Акылын минтип табыңар,
Ар кайсы малдан бир канча
Айтып-айтып калыңар.
Оюңа келген малды сал,
Оозуңа келген булду сал,
Кызматыңа кулду сал,
Кыз алам – деп, ынтыгып
Ордо мейманканага
Олтуруптур кузгун чал.
Узаталык мал салып,
Арбын малды салган соң
Убара болор сандалып».
Ушуну айтып салганы,
Макул болду баарыга,
Абдыкалык карыга,
Акылбайыс, Түлөөбек,
Ал олтурган байына.
Абылкасым, Шаатемир,
Анын баары кубанды,
Атемир шондо жөнөлдү
Көрөйүн – деп, кудамды,
Атемирдин үстүнө
Аз болгондо алты жүз
Ата уулунан куралды.
Ал аңгыча Жакыптын
Атка кеткен балдары
Азыр келип калганы:
Акынбек уулу Меңдибай,
Акылга дыйкан бир далай.
Атайдын уулу Бөкөсү,
Алыбек уулу Жөкөсү,
Ат багар эки кулу бар,
Аңгемесин угуп ал.
Белендеген немедей
Бешөө келип калыптыр.
Ак сакал чалдын жолдошу
Азыр келди бешөө – деп,
Айтып берди бирөө кеп.
Камданып алып каапыр чал,
Жалгыз жүргөн экен – деп,
Жалпы баары айтып кеп
Жабырашып калышты,
Балкыгандай көңүлү
Бабырашып калышты.
Канча мал салсак кудага,
Жеткириңер мудааңа,
Кыз берсек кызык кеп болот,
Кыргыздан келген куу чалга
Канча мал салсак эп болот?
Удайчың бар, бийиң бар,
Мансаптуунун баарысы
Миңден чыккан бириң бар,
Панжа башы бегиң бар,
Баарың карап олтурсуң,
Кандай айтар кебиң бар?
Төө деген бир мал бар,
Канча – деп, айтсак эби бар?
Аспиден канча салалык,
Айдатып арбын алалык.
Келеден канча салалык,
Келтирип арбын алалык.
Көспанттан канча салалык,
Көбүрөөк кылып алалык.
Абдыкалык аксакал,
Акылбайыс дагы бар,
Ата уулунун бектери

Баары олтурган чагы бар.
Базарда көнгөн бачагар,
Калаага көнгөн кашайгыр
Шуудурдан үчтү салсак – деп,
Жылкыдан жүзүн алсак – деп,
Беш жүз кой берер бекен – деп,
Арбытып айтсак бекер – деп,
Напсилүүсү дагы айтат
Алты жүздү айтсак экен – деп,
Бакардан отуз салсак – деп,
Башы боолуу кул болсо
Эркек менен ургаачы
Эки киши алсак – деп,
Эсирип келген куу чалдын
Эсин бир оодарып салсак – деп,
Келди чалдын кези – деп,
Малдан чыгар эси – деп,
Акылмандар ойлошуп,
Алар малын болжошуп,
Жамбыдан жана салалык,
Кызыл алтын дилдеден
Кыйланы айтып калалык.
Бирөө айтты миң – деди,
Жана бирөө сүйлөдү:
Миңди табар ким? – деди.
Көчмөн кара кыргыз го,
Көрө электир алтынды,
Көбүрөөк бу сөз артылды.
Беш жүздү айтсак бекер – деп,
Мыкты болсо бу кыргыз
Эки жүзгө алы жетер – деп,
Анда Темир кеп айтат:
«Ага-ини, журтум – деп, айтат.
Кыз берер кыял менде жок,
Айткан малыңбаары да аз,
Кыйын деген бектерим
Кымындай акыл сенде жок.
Качырар болсоңмал жактан
Арбын айтып мал салып,
Ушу баштан сен сактан.
Кыргыздын малы көп болот,
Кыйналбай келип калбасын,
Кызыңды бергин ылдам – деп,
Кыйынчылык салбасын.
Бербей турган кыз үчүн,
Жыйып жүрдү дейсиңби
Кыз алам – деп, биз үчүн,
Күйөөмсүгөн кыргызга
Көргөзөлүк мал күчүн,
Көрөлүк мунун бар күчүн.
Алтымыш шуудур салыңар,
Улуксуңар баарыңар,
Угузуңар, калыңар,
Кудай уруп тапсынбы,
Кутулуп жатып калыңар.
Ойлонбой баарың турбачы,
Ошо алтымыш төөнүн
Отузу болсун ургаачы.
Баштары кара, өңгөсү ак,
Баатырлар муну ойлоп бак.
Эркек болсун отузу,
Жамы бою капкара,
Жалаң башы ак болсун,
Таба албай жүрүп куу кыргыз
Ушуну менен мак болсун.
Бери болсо бу чалга
Беш жүз жылкы салыңар,
Бербей койдуң малды – деп,
Бекер гана кутулуп
Белсенип жатып алыңар!
Эки жүз бакар салыңар,
Эки жүзүн тим койбой
Түрлөп айтып калыңар.
Салган беш жүз аспиден
Маңдайында агы бар,
Тумшугунун үстүндө

Нокто кескен тагы бар
Жүздүктөй болгон кара аттан
Жүзүн санап алыңар.
Кандын бу – деп, буйругу,
Капкара болсун куйругу,
Оно бою ак болсун,
Кара куйрук, ак атты
Кайдан издеп табам – деп,
Качып кыргыз токтолсун.
Баары окшошкон пар болсун,
Жоору жок, чаар болсун,
Жолу каткан кыргызга
Таппай турган мал болсун.
Ак, карадан неме жок,
Кыпкызыл болсун жээрде,
Кыйналсын кыргыз таба албай,
Кызды калсын ала албай.
Кара жалдуу куладан,
Каңгырасын бу наадан,
Элүү – деп, эсеп салыңар,
Чабдар менен торудан
Жыйырма бештен алыңар,
Качсын десең бу чалды
Ушу болсун малыңар.
Эки-үч асый-бакардан
Элүүнү актан салыңар,
Кара болсун букасы,
Жолобосун бу кыргыз
Жондорунун жукасы,
Карадан элүү алыңар,
Актан бука салыңар,
Айтууга болсун малыңар.
Өңкөй таргыл өгүздөн
Элүү өгүз салыңар.
Карала өгүз жыйырма беш,
Сарала өгүз жыйырма беш,
Эки жүз бакар салыңар,
Эсептеп жакшы алыңар,
Кыргызга арзан табылбас
Ушу салган малыңар.
Эки миң көспант салыңар,
Миңин кара, миңин ак,
Бирин койбой алыңар.
Кызыл алтын дилдеден,
Кыргыз билбес дүйнөдөн
Кырк миң дилде салыңар,
Жамбыдан бир миң алыңар,
Кыргыз түгүл ар жаккы,
Кытайдан кошо жыйса да
Кыйнаар ушу малыңар».
Угузалык муну – деп,
Узаталык жанакы
Кыргыздан келген кууну – деп,
Атемир баштап каныңыз,
Аңдап сөзүн алыңыз,
Атагы кыргыз болгондор
Акырет кеткен атаңа
Дуба кылып салыңыз.
Тажиктин бар кыйласы,
Кейип шаар Кыйбасы,
Букар журту бу да бар,
Дагстандык жуда бар
Кеңешмендин кыйласы.
Таажысын кийди башына,
Бармак болду Атемир
Бай Жакыптын кашына.
Бешөө болуп жолдошу,
Белгилүү Жакып жолборсу.
Улуксунган Атемир
Ушу жерде көрдү Жакыпты.
Үшү кетти канынын,
Тынчы кетти жанынын.
Келбетин көрүп кейиди,
Айбатынан алсырап,
Кайратын көрүп кайгырды.
Мүчөсүн көрүп бүлүндү,

Манастын атасы экени
Маалим болуп билинди,
Салтанаттуу Атемир
Саламга араң илинди.
Аликти Жакып алыптыр,
Улуктун билген нускасын
Учурашып калыптыр.
Урматын кылып, келгин! – деп,
Бай Жакыпка Атемир
Оңунан орун салыптыр.
Баашалык менен Атемир
Байкап түрүн билиптир,
Башта көргөн бектерин
Баарысын сөгүп ийиптир.
Жөнүн билбес бектерди
Сөгүүгө каны келгени,
Адамды билбес бектерди
Ачууга каны келгени:
«Арбак урсун, ант урсун
Акылыңды – дегени,
Жөнүн билбей адамдын,
Дөөрүп жүргөн бир чал – деп,
Жөөлөп жүргөн бир жан – деп,
Келбетин билбей адамдын,
Келип жүргөн бир чал – деп,
Кеңгиреген бир жан – деп,
Сыпатынан таанызбай,
Сурдандыңар бир далай,
Кишинин түрүн биле албай
Кирдеттиңер бир далай,
Адамдын түрүн биле албай
Аздырдыңар бир далай,
Өлтүрөлүк чалды – деп,
Азгырдыңар бир далай,
Календер кана кирсин – деп,
Кас кылдыңар бир далай».
Ачууланып Атемир
Казы менен муптусун,
Каар сөзүн укчусун,
Удайчы менен бектерин,
Улуксунган эрлерин,
Ур-бериге көп алып
Ушу келген элдерин:
«Ачпайсыңар көзүңдү,
Нускалууну билбестен
Уят кылып жүрсүңөр
Ар качан болсо өзүмдү».
Адамына Атемир
Айтты кыйла сөзүнү,
Ачууланып элдерин,
Жакыпка салды көзүнү:
«Кадамыңыз кут болсун,
Кас кишиңиз журт болсун!
Кабарсыз кандай келдиңиз,
Кара кыргыз элиңиз,
Кайсы жөндүү келдиңиз?»
Байкады кандын өзүнү,
Бай Жакып айтты сөзүнү:
«Как ушунда келишим
Тагдыр Алла буйругу.
Жайдан күйүп, кыш издеп,
Бастыргамын бу жакка
Балам үчүн кыз издеп.
Көп жерди көрдүм кыз жакпай,
Көңүлгө толгон кыз таппай.
Көрүндү сиздин балаңыз,
Насип кылса Ак таала
Макул десең каныбыз,
Балабызга ылайык
Балаңызды алабыз».
Ал сөздү Жакып салганы,
Жаш эле – деп, балабыз
Атемир сүйлөп калганы.
«Жаш дегениң жалган сөз,
Баландын тиле бактысын».
Бай Жакып сүйлөп калганы:

«Он жаштан ылдый жаш дегин,
Он алты жашка келгенде
Оюнда жок болбосо,
Ойротко бүтүн баш дегин».
Ак сакалдуу Жакып бай
Ал сөздү айтып салганы,
Акылдуу чал окшойт – деп,
Атемирдин адамы
Арка жакта бир бири
Күбүрөшүп калганы,
Ошолордон да калган
Опосу жок жалганы.
«Куп десең кулдук урамын,
Кудай буюрса насипти
Кубанычтын үстүндө
Куда болгон турамын.
Артыктыр жаштын талабы,
Кызыңызга мен жуучу,
Көңүлдөрү жарашса
Балам алсын балаңды,
Жамандык менен алат – деп,
Көңүлгө салба алаңды,
Кыз балаңыз нечөө экен,
Сурайынчы балаңды?
Эркегиңиз нечедир?
Түндө менин жатканым
Бейшемби күнү кечидир,
Адамга адам жолукса
Көңүлдөгү түйүндү
Көрө-биле чечедир,
Адам билбес наадандар,
Алла Таала жараткан
Албан түрлүү адам бар,
Айбандан жаман кечедир».
Бай Жакып антип сурады,
Азыркысын Атемир
Жообун айтып турады:
«Ак тааладан амыр күч,
Кыз балам эки, эркек үч,
Бешөө – деди, берзентим».
Баянын сурап балдардын,
Балкыганын көрүңүз
Башта чоочун чалдардын.
Эр Жакып шондо кеп сурайт:
«Эки кызың бирдей тең
Колуңдабы?» – деп, сурайт.
Анда Темир кеп айтат:
«Адирабийга бир кызым
Башта барган байына,
Бара турган жайына,
Санирабийга бу кызым,
Азыр турган колумда.
Каалап аны турусуң,
Көрдүк келген жумушуң».
Ак ала сакал Атемир
А сөздү айтып салганы,
Акымбек уулу Меңдибай
Жакыпка карай калганы.
«Кулдук булун бергин» – деп,
Бай Жакып сүйлөп калганы.
Меңдибай туруп куржундан
Бир шаңшуур жамбы алганы,
«Бейбереке болбо – деп,
Берерди өзүм билейин,
Куржунуңду көтөрүп,
Алып келгин колго» – деп,
Бай Жакып сүйлөп салганы.
Кол салып Жакып куржунга,
Бермек болуп кулдукка
Шаңшуурдан тандап чоңду алды,
Санап туруп онду алды.
Баарысын берер бекен – деп,
Бекзаадалар көз салды.
Чочпарадан онду алды,
Бай Жакыптын ишине
Байкаганы таң калды.

Тай туяктан онду алды,
Баарысына баалык
Алтындан койду бир жамбы,
Адамдар көбү таңданды,
Көрмөк үчүн көп адам
Көпчүлүк болуп жарданды.
Чалыбыз кыйын чал экен,
Билинбей алып жүргөнү
Бир кыйла дүйнө мал экен,
Өлөрман чал – деп, биз жүрсөк
Шекер-шербет бал экен.
Бектер айтып кожурап,
Бештен-төрттөн божурап
Сөзгө кирип алыптыр,
Бата аякка берди – деп,
Баарысы айран калыптыр.
Бабасы мындай чал экен,
Манасы кандай жан экен?
Атасы мындай чал экен,
Акылга дыйкан бу кызды
Алары кандай жан экен?
Көрсөк дешип дегдешип,
Көпчүлүгү кеңешип,
Башы маңгул кыргыздан
Баары журтун көчүрүп,
Айдап келип бу күндө
Барганага тургузган,
Аягы Ысар, Көлөптө,
Башы Жазык, Жөлөктө,
Алаш уулу болуптур,
Арттырбаптыр бөлөккө,
Кара кыргыз уругу,
Азиреттин Кара-Тоо
Азыр болгон туругу,
Санирабийганы
Санап келип тургану
Сан алаштын улугу.
ЖараштЫ бекен күйөө – деп,
Алган адам ким болсо
Саани болор сүйөө – деп,
Санирабийганы
Ырыстуу адам алар – деп,
Ыгы жок болсо күйөөсү
Убалына калар – деп,
Андай сөздү айтышып,
Ата уулунун баарысы
Атемирдин үйүнө
Азыр кирди кайтышып.
Соогат-салам барбы? – деп,
Канга кабар айтышып.
Атемир угуп ал сөзүн,
Азыр көрүп Атемир
Ар адамдын мүнөзүн,
Элге сөкөт калбайын,
Алтын жамбы маа калсын,
Ак жамбыдан албайын,
Ата уулулар бөлсүн – деп,
Алла кандай бу жумуш
Артын кийин көрсүн – деп,
Отуз жамбы чыгарды.
Ортодогу бектери,
Бектер түгүл карасаң
Ойроттун баары келгени,
Ортого салып бөлгөнү,
Ол Атемир канынын
Өкүмүнө көнгөнү,
Бата аяктан олжо алып,
Баары тамам жөнөдү.
Бай Жакып берген булунан
Баарына байда тийгизди,
Кыргыздын заңы кандай – деп
Биле алышпай турушту,
Билбесек да кийсин – деп,
Биздин эл кылган жумушту
Бу да көрүп кетсин – деп,
Кызыл кымкап дейилде

Үч сарпайы кийгизди,
Баашайы менен бейкасам
Тогуз сарпай кийгизди,
Жарашып куда болушуп,
Жакыпты жолго киргизди.
Үч күн жүрүп арада,
Чөл биябан талаада,
Азиреттин Кара-Тоо
Азыр келди Жакып бай,
Ага-иниси, эл-журту
Жаткан экен жайма-жай.
Келди – деп, Жакып үйүнө
Кете тон алып бир далай
Калкына кабар жетиптир,
Кан Алмамбет, эр Манас
Кара-Тоого уу кылып
Жети күн мурун кетиптир.
Уудан кийик атыптыр,
Азиреттин бөксөгө
Аң уулап келип жатыптыр.
Алмамбет жатып түш көрсө:
Чекеси кетик толгон ай
Колуна кирип атыптыр,
Койнуна бирге жатыптыр.
Ойгонуп алса түшү экен,
Оболдон акыр Алмамбет
Түк көрбөгөн иши экен.
Алмамбет туруп ойгонуп,
Айтайын – деп, Манаска
Ар бир акыл ойлонуп.
Ошо түнү Манаска,
Ойдо жогун жеткирип
Алла Таалам аябай
Ыкыбал берген алашка,
Таң сөгүлүп атыптыр,
Чекеси кетик толук ай
Манас да алып жатыптыр.
Кырк баатырдын баарысы
Кыргыл, Бакай карысы
Бир бирден толук ай көрдү,
Көзү түшүп, колго алып,
Көңүлдөрү жай көрдү.
Эрте туруп эр Алмаң
Манаска түшүн баштады,
Манас да айтты көргөнүн,
Эр Бакай жоруп берсин? – деп,
Баянын айтты Бакайга.
Бакай көзүн жаштады:
«Ай тийгени колуңа
Ала турган жарыңдын
Акылынын жетиги,
Башка чукак экен го
Чекесинин кетиги.
Башкасы алган толук ай,
Балалуу болуп баарысы
Балкыйт экен көөнү жай.
Манас менен Алмамбет
Бала көрбөй зарыгып
Жүрөт экен бир далай».
Анда Манас кеп айтат:
«Ай колумда болду – деп,
Аягында ошол ай
Артык болуп толду» – деп,
Манас айтып салганы.
«Алганымда кетилди,
Аягында ай толуп,
Кадимкидей жетилди»
Алмамбет сүйлөп калганы.
«Башында кетик болгону,
Аягында толгону
Алардан бала табылып
Элиңе ээ болгону!»
Ал сөздү айтып эр Бакай
Жоруп түшүн койгону.
Буруш жерден бугу атып,
Бугудан атып сулатып,

Курбудан кулжа атышып,
Кубанычына батышып,
Адырдан аркар атышып,
Аңгемеге батышып,
Ар бир жерде эрендер
Ат өргүтүп жатышып.
Бадалдан марал атышып,
Баатырлардын баарысы
Мааракеге батышып,
Он бир күн өтүп арадан,
Ойлонуп үйүн ар адам,
Үйгө кайта кетсек – деп,
Ойго-тоого тараган,
Үйгө кайта тарашып,
Ойдо-тоодо көй баатыр
Оокатына карашып,
Жанып Манас барыптыр,
Манас келип калды – деп,
Алмамбет менен Манасты
Азыр мында келсин – деп,
Бай Жакып айтып калыптыр.
Атам сизди келсин – деп,
Айтып жатыр үйдө – деп,
Абыке мырза барыптыр,
Алмамбет менен Манаска
Айтып кабар салыптыр.
Кыз тапкан белем атаң – деп,
Кыраан Манас айтып кеп
Алмаңа сүйлөп калыптыр:
«Тапканы болсо көрөлүк,
Тагдыр кылса көнөлүк,
Таалайда болсо көрөлүк».
Аны айтып эр Манас,
Айбалта, кылыч эгешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Атына минип алганы,
Ак сакалдуу Жакыпка
Ал экөө азыр барганы.
Ак сакалдуу бай Жакып
Алардан мурун беш күнү
Элине кабар салганы.
Элге кабар салыптыр,
Не кыйындын баарысын
Кашына жыйып алыптыр.
Акбалта менен Бердике
Бу да келип калыптыр,
Айыл билген карыя
Жуда келип калыптыр.
Ошпур менен Акымбек
Ошолор да барыптыр,
Көкөтөй менен Жанайы,
Көргөндөрдүн далайы
Көңкү келип калыптыр.
Көгала сакал Чагоо бар,
Бу да келип калыптыр,
Ороздун уулу Чагатай,
Азаймат менен Бердибай
Жуда келип калыптыр.
Алардын акыр үстүнө
Алмамбет, Манас барыптыр,
Кыргыл, Бакай келсин – деп,
Кыргызга кабар салыптыр,
Кырк чоронун баарысын,
Жашы менен карысын
Жалпы жыйып алыптыр.
Эр Жакып сөздү баштады,
Эл тыңдады, шашпады:
– Жайдан жадап, кыш издеп,
Алмамбет келген бала үчүн
Ааламды кездим кыз издеп,
Чаржуй менен Букардан
Чарчап таппай булардан,
Самаркандан, Ташкенден,
Сараладым башка элден.
Сырдын боюн сыдырып,
Аяк жагы Арал-Көл,

Түрк уулунан түк койбой
Түмөн элди кыдырып,
Ашайдын Кара-Чөлүнөн,
Аягы менен жол жүрүп
Чабактын кара көлүнөн
Типти бир кыз таба албай
Түрк уулунун элинен,
Жанардын белин ашканым,
Балдарым үчүн кыз издеп
Далай жолду басканым,
Кечип өтүп суусунан,
Кейиптин журтун наздадым.
Кейип деген жер экен,
Кеңири тажик эл экен,
Бизден мурун көп жылда
Мусулман болгон неме экен.
Уругун уксаң кыйба экен,
Ушу күндө дин үчүн
Убарасы кыйла экен.
Элинде болсо ургаачы
Эбактан берки наркы экен
Эркекке жакын турбасы.
Шарымы артык бу журттун
Шариятты бек туткан.
Кыз жигитин көрбөгөн,
Жигит кызын көрбөгөн,
Аралаш жүрүп айбанга,
Аясы артык ар канча,
Арамдык ишке көнбөгөн,
Кетте уруктуу журт экен
Кейипте жатып төлдөгөн,
Шарияттан башкага
Санаасын бузуп бөлбөгөн,
Белин динге байлаган,
Байлары Талкан жайлаган,
Жаныбында жатканы
Кара кыргыз катаган,
Тейит, найман, шыбаа бар,
Кыпчак, жүз – деп, атаган.
Өз уругу кыйба экен,
Түп жагында дүмөгү
Каапырларга кыйла экен.
Жүүт, тарса, сакалат,
Бир чекеси элинин
Арал көлгө такалат.
Аларды бийлээр кан экен
Азыркы көргөн журтумдан
Азада болгон жан экен,
Атемир деген эр экен,
Арсуу, Кейип жер экен.
Окушта көрдүм кыздарын,
Ойротто жок уздарын.
Ушул элге бакканда
Олуя көрдүм өздөрүн,
Аят-адис, ар түрлүү
Аалим – деп, билдим сөздөрүн.
Агасы аты Атемир,
Абылкасым иниси,
Кенжеси экен Шаатемир.
Үч ага-ини киши экен,
Куткуп мени жеткирген
Кудуреттин иши экен.
Абыл, Кабыл, Жанадил-
Үч эркеги бар экен,
Азыр мага жакканы
Санирабийге бала экен.
Адирабийге дегени
Кеткен экен байына,
Азыркы кыз Саанини
Алган болсо Манасым
Келер дедим жайына.
Кашында бар кырк нөкөр,
Окутканы ургаачы,
Ошол Саани балада
Оюу терең көп жөкөр.
Жатып алып бакчадан

Жакып атаң карады,
Салтанаты, боруму,
Карып кеткен болбосом,
Как өзүмө жарады.
Кээ бир жерде жаш балдар
Жаратпай таштайт чалдарды,
Жайы-көйүн ким билет
Жаңы өспүрүм балдарды.
Көрүп кыздын өзүнү,
Атемирин баш кылып
Көбүнө айттым сөзүмү.
Бата аягын бердим – деп,
Байкап баарын көрдүм – деп,
Барып көрсүн балдарым,
Тынды менин көөнүм – деп,
Эки кайып, бир бери
Окушунан көрдүм – деп,
Кайып экен бир кызы,
Алмамбетим алсын – деп,
Ага да ооду көөнүм – деп,
Отуз жамбы мал бердим,
Алтын жамбы зар бердим,
Он эки сарпай кийгизди,
Алып мында мен келдим.
Сарпайы менен тонуну,
Аксакал болгон атаңа
Атемир кылган жолуну,
Алып келгин, эл көрсүн,
Ата уулулар тон бөлсүн».
Ал сөздү Жакып салганы,
Акымбектин Меңдибай
Он эки сарпай көтөрүп
Ортого алып барганы.
Үчөө дейилде шыбама,
Он эки тайпа көп кыргыз
Бу да дешип шыбага
Урууга бөлүп алганы,
Ушуга барсак экен – деп,
Алмамбет, Манас баарысы
Бакай, Кыргыл карысы
Көңүлдөнө калганы.
Кыз кабарын угуптур,
Кызды жакшы дегенге
Кыйноочу жери туруптур.
Көңүлү кызга ооптур,
Көрбөй жатып көкжалдар
Көчүк жагы кооптур.
Анда Манас кеп сурайт,
«Ай, атаке – деп, сурайт:
Аңдапсыз наркы, тегини,
Айттыңыз мактап кебини,
Ал элдин айттың алыны,
Кыз беришип, кыз алса
Болот бекен калыңы?
Бизге салган мал барбы,
Айтыңызчы малыны? »
Анда Жакып кеп айтат:
«Даткасы, бийи шок экен,
Байкап көрсөм баштатан
Кызында калың жок экен.
Кызыңды бер деген соң
Кысталышып калды – деп,
Кыргыздын заңы мындай – деп,
Кыйла мал айтып салды – деп,
Балаңды бергин дегенде
Балакетке калды – деп,
Баркыбызга жараша
Малды арбытып салды – деп,
Кара кыргыз нуркунун,
Калмак, казак, түрк уулу
Калың алаш журтунун
Наркы ушундай болот – деп,
Арбын калың мал алып
Атасы кыздын оңот – деп,
Жарым малын кызына
Жасоо кылып коёт – деп,

Токтолгон болсо үдөтү
Тоюн арбын соёт – деп,
Удайчы менен даткасы,
Манжа башы, миң башы
Башчы болгон бектери,
Басырыктап кара журт
Баары тамам келгени.
Байлык кылсаң мал берип,
Кызыккан болсоң кыз үчүн
Кызмат кыл – деп, биз үчүн,
Алтымыш төө бер – деди,
Отузу болсун ургаачы,
Отузу болсун эр – деди.
Баштары кара, өңгөсү ак,
Уругу кыргыз ойлоп бак,
Таба албас – деп, салган мал,
Кара башыл төө болсо
Калайык муну оюңа ал,
Отузу эркек төө болсун,
Оно бою капкара,
Баштары анын ак болсун,
Ак баш төө таба албай
Агала сакал ушу чал
Айласы кетип мак болсун.
Кыз атасы Атемир
Бу сөздү айтып салды – деп,
Бектери калды күбүрөп,
Бербести сүйлөп калды» – деп,
Бай Жакып айтып салганы.
Кыйын мал салган экен – деп,
Кыл муруту солк этип,
Кыраан эр күлүп алганы,
Жылкыдан канча салды – деп,
Жакыптан сурап калганы.
Анда Жакып муну айтат,
Ачык-жарык куп айтат:
«Берекесиз кыйба журт,
Караган ага кыйла журт,
Беш жүз жылкы салды – деп,
Бери ургурдун кыйнаары
Өңдөш айтып калды – деп,
Тумшугунда тагы бар,
Маңдайында агы бар,
Жүздүктөй кара жүз – деди,
Аркар шыйрак, нар таман
Аркасы болсун түз – деди.
Кара куйрук, ак жылкы,
Казатка минсе бап жылкы,
Андан жүздү бер – деди,
Элүүнү чаар салды – деп,
Эсер каның сүйлөдү
Эсеби жок малды – деп,
Манаттай кызыл жээрде
Элүүнү айтып калды – деп,
Тору, кула, кызылдан
Жыйырма бештен салды – деп,
Эки-үч асый уйлардан
Элүүнү актан салды – деп,
Кара болсун букасы,
Катыша албай качсын – деп,
Кыргыздын жону жукасы,
Жана элүү карасы,
Алты жашка толбогон
Болсун уйдун сарасы,
Актан болсун букасы,
Кыйын дешет Манасты,
Кыргыздын дешти туткасы,
Кыз алары чын болсо
Барбы – деп, муну укпасы.
Шаа мүйүзү тегизден,
Арыгы жок семизден,
Өңкөй таргыл өгүздөн
Мээнетке тууган бери ургур,
Элүү өгүз салганы,
Дыйканчылык кылам – деп,
Эсепсиз айтып калганы.

Жыйырма беши сарала,
Жыйырма беши карала
Элүүнү салды жана да,
Миңи кара, миңи ак
Кой салышын карап бак,
Коржоңдойсуң Манасым
Кайнатаң айткан малын тап.
Кырк миң дилде бул – деди,
Ургаачылуу, эркектүү
Эки киши кул – деди,
Кайнатаңыз Атемир
Айткан кеби шул – деди.
Караймын балам алыңды,
Карыганда кыз үчүн
Каңгыраттың чалыңды,
Камдап эми таба кой
Калыңга берчү малыңды.
Жаратканым кут кылса
Акылыңа бир толор
Ала турган жарыңды».
Ал сөздү айтып салганы,
Атпай алаш кыргызга
Арстан Манас карады.
Алса катын ушунда
Куда болор тушунда
Ага-иниден кошумча
Наркы бизге калганы.
Баары олтурган көпчүлүк
Башы кара ак төөдөн
Жүз отуз айтып салганы.
Ак баш кара төөм бар – деп,
Алты жүз он төрт киши айтты.
Ак маңдай кара жылкыдан
Алты миңге жакынды
Алыңыз – деп, баарысы
Эр Манасты такыды.
Кара куйрук ак жылкы
Бери болсо беш миңче
Беребиз – деп, чуулады,
Он эки тайпа кыргызы
Ошо жерде дуулады.
Кырк баатырдын баарысы,
Кысталышта ар качан
Кылат экен намысты,
Кылайган малдан койбо! – деп,
Кыйкырыкты салышты.
Катын алса Манастан
Кантип аяп калалык
Кара журттун байы айтат,
Канча десеңтурдук – деп,
Кан Манаска жай айтат.
Ыкыбалдуу элди көр,
Ынтымактуу эрди көр,
Бирдей болду эшик, төр.
Каткырышты балдары,
Куда башы болмокко
Карпаңдады чалдары,
Айтканынан үч эсе
Артык малын камдады.
Сыйда сакал, кер мурут
Он эки миң жигити
Эр Манасты жандады,
Толук жаштуу ак сакал
Тогуз миңи тандалды,
Бай Жакыпты жандады,
Аяк-башын барчасын
Алты күндө камдады.
Байбиче Шакан кудагый,
Баруuга болгон ылайык,
Кудагыйдын жолдошун
Тогуз берип тыналык.
Тогуз жүз болду кемпири,
Толуктап баарын келтирди.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыйырына кабар салыптыр,

Бирди тандап бир миңден
Кырк миң адам алыптыр.
Өрүктөн комуз чаптырган,
Үкөктөн капкак жаптырган,
Чарасын тереӊ ойдурган,
Тепкесин тайкы койдурган,
Ичеги кылын тактырган,
Аркы-терки кактырган,
Күүсүн уккан жактырган
Комузчудан жүздү алып,
Кош ооздуу кернейден
Кол ичине үчтү алып,
Сары жыгач кыйдырган,
Саратан күнгө койдуруп,
Усталыктан кылдырган,
Отуз жети жигитте
Сыбызгы менен чоору бар,
Сырттаның Манас барында
Кыргыздын кыйла доору бар.
Айчыгы алтын, найы жез,
Алтымыш төрт сурнайчы
Азыр болгон ошол кез.
Чымылдак кылган камышы,
Беш таш жерге угулуп,
Безилдеген дабышы,
Элүү болгон өнөрпоз,
Эки кылдуу кыягы,
Намурут, Шитдат, Сулайман,
Азирети Искендер
Алардан да кем эмес
Ал кезекте кыргыздын
Аттанганда сыягы.
Анжиянга, Коконго
Алым кылып салдырып,
Алма, мейиз, өрүктөн
Алты жүз төөгө алдырып,
Жети жүз төөгө жүктөтүп
Жер-жемиштин баарысын,
Куда башчы болгун – деп,
Жээликтирип карысын.
Туу көтөрбөй бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Туура сөздүү кай бирөө
Бирин бири шүк – дешип.
Аӊгеме сөзүн аӊдашып,
Акылы бар жигиттер
Насиятын угууга
Аксакалын жандашып,
Кыргыздын көпчүлүгүн көр
Кырк үйдөн бир кой чыгарып,
Отуз миң кой айдашып,
Нардан жүзүн жетелеп,
Ата уулунун башчысы
Айдатып малын чекелеп.
Айрыдан эки жүз алып,
Атарга мылтык түз алып,
Үч миң жылкы айдатып,
Бара турган жолунун
Астын-үстүн жайнатып,
Токсон бээ союшуп,
Тогуз жүз байтал бир бөлөк,
Соё турган тою ушу.
Көкөтөй баатыр канына
Жакыптын кошуп жанына,
Мал башкарчу сен бол – деп,
Баймырза, Жанай баарына,
Бара жатыр көй баатыр
Атемир кандын шаарына.
Керней тартып бапылдап,
Дап согулуп дапылдап,
Барабан кагып шаркылдап,
Кара сакал, боз балдар,
Баары барат кудага
Мас болгондой шалкылдап.
Сурнайдын үнү такылдап,
Чилмардан кагып шакылдап,

Көпчүлүктүн баарысы
Көчкөн көчтөй калкылдап.
Асты-артына көз жетпей,
Бара жатыр закымдап,
Кейип шаар кайда – деп,
Жеттикпи – деп, жакындап.
Жезнай үнү ызылдап,
Сыбызгы үнү тызылдап,
Ырчылар ырын ырдашып,
Ышкылуусу тыңдашып,
Баатырлар боюн чыңдашып,
Балбандар күчүн жыңдашып,
Сопулар селде чалынып,
Молдолор китеп салынып,
Акылмандын баарысы
Алла, кудай оңдо! – деп,
Жаратканга жалынып,
Каалагандын баарысы
Как ушу жерде табылып,
Кой айдатып чубатып,
Уй мөөрөтүп чуулатып,
Кишинетип жылкысын,
Кишинин баары кушубак,
Кубанычтуу болушуп,
Жыргалда болуп ушу чак,
Он эки конуп арада,
Ой биябан талаада,
Он үчүнчү кеч менен
Барып конду баатырлар
Кейип шаар калаага.
Жүгөрү деген бир жигит
Жүргөн экен талаада,
Чү! – деп, кирип барыптыр
Кейип шаар калаага:
«Кайнаган калыңкол келди,
Калдык –деди,-балаага.
Асманга чыкты тозоңу,
Анык көрдүм ошону.
Обого чыкты чаңы – деп,
Ойлонуп көрдүм аны – деп,
Бири калбай чыккандай
Бир кылымдын баары – деп,
Билбей келдим аны – деп,
Аяк-башы түшчүлүк
Аскерге келген жаны» – деп,
Айтып жетип барганы,
Атемир угуп бул сөздү
Айран азыр калганы.
«Аскерлер кайда, жыйылсын,
Жайнап душман кол келсе
Алласына сыйынсын.
Урушуп үшүн алсын – деп,
Өлсөк шейит кечербиз,
Өлтүрсөк казы кетербиз,
Каптап каапыр кол келсе
Качкан менен нетербиз,
Канын жүктөп кыйланын
Капилет өлүп кетербиз!»
Ашыгып калып Атемир
Аскерге кабар салыптыр,
Кырк миң экен аскери,
Кыйласы келип калыптыр.
Арбын – дешип, жоо – дешип,
Азыркы ушу кишиңди
Аман койбойт соо – дешип,
Алдырашып калыптыр,
Коркоктору селейип,
Жалдырашып калыптыр.
Алар антип турганда
Ажыбай, Чалыбай, Кутунай
Атемирди көрмөккө
Алар жетип барыптыр.
«Каапыр дешиңбекер го,
Кара кыргыз экен го,
Акыр болду, болбоду
Карыя чалы жеткен го,

Балама куда болом – деп,
Мал салдырып биздерден
Бая күнү кеткен го».
Ал сөздү айтып Атемир
Акылы тына калыптыр.
Салам айтып Ажыбай,
Аркасында Кутунай,
Артынан келди Чалыбай,
Атемирдей канына
Амандашып жайма-жай.
«Кудаңыз келди мында – деп,
Кутманым, сөздү тыңда – деп,
Кылыгы чата күйөөң бар,
Кыз балдарың чыңда» – деп,
Ажыбай айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча
Кой мааратып чуулатып,
Көчөмө-көчө чубатып,
Отуз миң экен барган кой,
Малчысы кандын кайда? – деп,
Малыңды багып жайла – деп,
Кой башчысы Коңурат
Коюңду ал – деп, кыйкырып
Көрүнгөнүн болтурат.
Кайдан келген бу кой? – деп,
Кара курттай куу кой – деп,
Кыйбанын көбү кыжылдап,
Калчанын көбү кажылдап,
Тажиктин баары бажылдап,
Көп көспант кайдан келген – деп,
Көпчүлүк айтып далай кеп.
Семиз экен, май экен,
Ээси кандай бай экен?
Ушунча койду саткыдай
Не мүдөөсү бар экен?
Акчалуусун жандашып,
Алуучусун камдашып,
Койду көрүп дүрбөшүп,
Көспант сатып алсак – деп,
Булуңду алып жүр – дешип,
Көчөгө сыйбай кетти – деп,
Көпчүлүктөн жүдөшүп
Алагды болду баарысы,
Ээси кайда? – деп, сурап,
Эстүү-баштуу карысы.
Ал ошентип жатканда
Абасы Бакай, Кыргыл чал,
Кара токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги
Белгилүү бешөө барганы,
Желдеттер атын алганы,
Мал айдатып барганы
Сегиз болуп калганы.
Амандашып турганда
Үч миң жылкы айдатып
Үстүнө жетип барганы:
Кандын кайда малчысы,
Жылкыны жыйнап алчусу?
Багып-күтүп алсын – деп,
Бадыша, кайда малчың? – деп,
Жылкычы башы Саламат,
Кашында канча жамагат,
Балакет аттар келди – деп,
Калаага түштү алаамат.
Тажиктердин кыйласы,
Тетиксинген кыйбасы,
Айгырлар калса алышып,
Адамды жутчу мал го – деп,
Тамына кире салышып,
Кай бирөөбү корголоп
Тамын тешип алышып,
Көрмөккө көзүн салышып,
Аттарды айгыр качырса
Жейт экен – деп, бир бирин
Айран-азыр калышып.
Үрпөңдөсө айгыры

Үлкөнсүгөн кай бирөө
Үйүнөн чыкпай кайгырды.
Тебишкен жылкы көрбөгөн,
Көчөдө жылкы тебишсе
Өзүн тепчү немедей
Темтеңдеп качып жөнөгөн.
Асписи арбын бу ким? – деп,
Ага-иниден сурап кеп,
Караганы шумдуктуу,
Качырганы турат – деп,
Каңшылашып бир бирин
Аягы менен урат – деп,
Камалышты баарысы.
Алардын арка жагынан
Үмөт, Жайсаң, эр Чубак,
Серек, Сыргак, Калкаман
Булар алтоо барганы,
Амандашып Атемир
Айбатына айран калганы.
Тогуз жүз толук уй айдап,
Уй башкарган Делдеши
Айгай салып акырып,
Бадачы болсоң келгин – деп,
Ордого келип бакырып.
Мүйүздөрү каркайган,
Өгүздөрү даңкайган,
Букалары өкүрүп,
Бакарды көрүп баарысы,
Малды салбай койбой – деп,
Баштан-аяк өкүнүп.
Букалар жатыр челишип,
Тута турган бир жан жок
Бадага жакын келишип.
Базардагы сыйырыны,
Жайлоодон барган жаңы уйлар
Баарынын бузду кыйырыны,
Калыңга барган бул уйдун
Катарында калышып,
Өз уюна жете албай
Алыстан көзүн салышып:
Келтирбеди келемди,
Кез-кездеп турат букасы,
Келемди аман береби?
Атемириң курусун,
Малды мындай салды – деп,
Мал таап бербейт – деп, туруп,
Балакетке калды – деп,
Бакарымды букасы
Жибербей, тартып алды – деп,
Саан уюнан айрылып,
Аралап айдап кете албай
Сабыркады кайгырып.
Аркасынан алардын
Эл башчысы Элеман,
Топ башчысы Токотой,
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгы бийдин Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү
Үч жүз төө айдашып,
Шыпкала баары жөнөдү.
Айры төөлөр селкилдеп,
Ач бөйрөгү бүлкүлдөп,
Арасында нар буура,
Айбатын салып күркүлдөп,
Кан төөчүсү кайда? – деп,
Кармап муну жайла – деп,
Отор деген төө башчы
Ордого айгай салыптыр.
Атемир баштап каны бар,
Аяк-башы баарысы,
Жашы менен карысы
Алтымыш миң саны бар,
Ээ болбоду малына,
Эмгек түштү бу күндө
Эл-журтунун баарына,

Батпай кетти келген мал
Кейип-Бадаң шаарына.
Малы менен алышып,
Балакетке калышып,
Баатырыңды байкабай
Кошко таштап салышып.
Ал кезекте кыргыздын
Жан илинбей көзүнө,
Байкаганың айран кал
Бабаңардын сөзүнө.
Кырмызыдан чатырын
Кыдырата тигишип,
Союшу бөлөк өзүндө,
Кыйгач калпак, кызыл шым,
Бир биринин кошуна
Кызматкерлер киришип,
Үйүндө жүргөн немедей,
Үлпөттөрү кебелбей,
Талаадагы, үйдөгү
Так ошондой жүргөнү,
Сандыргалуу Манаска
Атемирдин адамы
Астына келбей сүрдөдү.
Арадан бир түн өтүптүр,
Мал-бул менен алышып
Атемир билбей кетиптир,
Экинчиси түнүндө
Эр Манас баатыр нетиптир?
Эңкилдетип напсиси
Эми түпкө жетиптир.
«Атемир кандай кан –деди,
Адамды адам билбеген
Ант ургур кандай жан? –деди.
Акылга дыйкан жатык сөз
Ажыбай баатыр бар – деди,
Аземдеген бейбагын
Аныктап билип ал – деди.
Жайынын көрүп борумун,
Жата турган орунун,
Жакып бай айткан сонунун
Аныктап көрүп кел – деди,
Кыз кайтарган сакчыга
Ак жамбыдан бер – деди,
Барар жолду тазалап,
Макул кылып кел – деди,
Баркы, баасын көрөйүн
Мактоолуу кызын мен» – деди.
Ажыбай макул алганы,
Оңдоп-солдоп куржунга
Отуз жамбы салганы.
Ордо баккан он жигит,
Он жамбы берип алганы.
Эшигинин астында
Кабуз кылган көлү бар,
Ал кабуздун четинде
Ар түрлүү жемиш көбү бар,
Шар аккан шабыр суусу бар,
Шабыр көлдө жатуучу
Так алты жүз куусу бар,
Үнү бийик муңканган,
Куу унчугуп коёт – деп,
Тим болгондо ал кууга
Жолобогон жалгыз жан.
Ордонун оозу жагында
Жатуучу экен Темир кан,
Алган зайыбы Акмама,
Акылга дыйкан бу бир жан,
Сани кыздын энеси,
Санаасы тереӊ немеси.
Аңдабаган Атемир,
Анда ойлонду катыны,
Арбын экен акылы.
«Ааламдан ашык шок деген
Алаштын Манас баатыры,
Тогошуп бенде жеңбеген,
Токтому жок эр деген,

Тоорулуп келип калбасын,
Атемир туюп коржоңдоп,
Тозокко бөөдө салбасын.
Бата окуган журтум – деп,
Маанисин жакшы уктум – деп,
Кызыккан бойдон күйөөбүз
Кызга келип калбасын,
Кызматкерлер туюшуп,
Кыйкырып зордук салбасын,
Кылыгы чата эр деген,
Кылымдан бенде жеңбеген,
Кырып бөөдө салбасын,
Кызматкердин кызыл кан
Кыямат күнү мойнума
Күнөө түшүп калбасын.
Өчтөшүп бенде жеңбеген,
Өтүмдүү өткүр эр деген,
Өткүрлүк менен жетпесин,
Өкүм өскөн жаш чиркин
Өңкөй нөкөр баарысын
Өлтүрүп таштап кетпесин».
Аны ойлонуп Акмама
Эркектин баарын таратып,
Жаткырган экен ары тамга.
Канжар алып колуна,
Кенизектен жетөөсү
Санирабийга баланын
Жатуучу экен жолуна.
Кыдырата коргон бар,
Коргонго жакын салдырган
Кыздарга салган ордо бар,
Ал ордонун ичинде
Кырк шамала койгон бар,
Чайнектин ичин ойгон бар
Шам жандырып койгон бар.
Банар отун жандырып,
Мамык төшөк салдырып,
Башайы, тубар, барчадан,
Байкаган адам баа кылса
Акылы жетпей чарчаган,
Так эшиктин астында
Алты нөкөр кызы бар,
Жан багар койгон калчадан,
Алтындуу айчык көшөгө
Азем үчүн тарттырып,
Ар салтанат борумун
Азыркыдан арттырып,
Билими жандан кем эмес,
Ички сырын адамдын
Билбей коёр неме эмес,
Сулайман алган Балкыздан
Бир боруму кем эмес,
Каткаксысам жутам – деп,
Суусундукка бал коюп,
Ысылыкка май коюп,
Төшөгүнүн четине
Кырк нөкөр кылып жатуучу,
Кыйла сонун иш коюп,
Каз-өрдөктүн көшүнөн
Катырма тузун септирип,
Кырк кебепке шиш коюп,
Кыз Рабийге Санинин
Кызыгына жан тоюп,
Жумага бирди бактырган,
Ар жумага бир эркеч
Садагага кактырган.
Башка бөлмө бир үйдө
Ак эркеч коюп кашына,
Ажына тийбестиги үчүн
Испаны дилбар кылычтан
Ак тинте сайып башына,
Акылга дыйкан, илимдүү,
Азыркысын апаңыз
Аземденген бадыша.
Ар мүнөзүн Ажыбай
Аралап билип бир далай,

Акмамам экен кудагый,
Артык көрдү андан сый,
Кудагыйга кеп айтты,
Кут болсун күйөөң – деп, айтты.
Туюк айткан бул сөзүн
Туюнуп билди кудагый:
Келүүгө күйөөм имерген,
Жолун билип келмекке
Бул жигитин жиберген.
Каттаса күйөө кокустан
Катаачылык өтпөсүн
Катындарым силерден
-Кенизегин кекетип,
Келсе өткөрүп, жол бер – деп,
Байбиче айтып бекитип,
Өз үйүнө барыптыр,
Айтпай, дебей Сани кыз
Ал ишти билип алыптыр,
Өлмөйүнчө өткөрбө,
Кесмейинче өскөрбө,
Жан жибербе мага – деп,
Жалпы баарың өлөсүң,
Жоктур мага дабаа – деп,
Кыз кекетип кенизек,
Кыйланы сүйлөп, тил безеп,
Басып жатты мамыкты,
Мамыкта уктап камыкты,
Баарын көрүп Ажыбай,
Баатырга айтты аныкты:
«Кыйла кыйын иш экен,
Кызын баккан нөкөрү
Кырк-элүүдөй киши экен.
Кайненең экен Акмама,
Кайырдуу экен ар жанга,
Кызы кыйын жерде экен,
Барып келдим мен таңга,
Канетебиз, баатыр? – деп,
Барам десең, баштаймын
Аргам жоктон акыр» – деп,
Ажыбай айтты мындай кеп.
Анда Манас күүлөндү,
Ажыбайга сүйлөндү:
«Айтпагын андай сөзүңдү,
Арзан көрбө өзүңдү,
Алып барып көрсөтчү
Азыр менин өзүмдү.
Эшик ачып кирейин,
Эркелеткен кызынын
Не түрлүүсүн билейин.
Жалынса жанын коёрмун,
Жаман болсо жай билбес
Жаткан жерге соёрмун.
Акылын аңдап билермин,
Акылы кем жан болсо
Кара боорун тилермин,
Капкасынын оозуна
Тирсегинен илермин,
Атемирдин шаарына
Аламандап кирермин,
Атасы менен элинин
Кыйындыгын билермин».
Муну айтып төрө салганы,
Ажыбай макул алганы.
Барбагын – деп, айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай,
Ажыкең минди атына,
Айтканда жетмек датына.
Аңдап көрсөң буларга
Арстан минип кулага,
Аккула минип компоюп,
Атайы күйөө боруму,
Аккүбө кийип зымпыйып,
Арстан Манас абаңыз
Алгыр куштай кымпыйып,
Кыз кызыгы бар үчүн,
Мал өткөрүп, бата окуп,

Кудай кошкон жар үчүн
Жүрөгү дегдеп тынбады,
Токтоого такаат кылбады,
Ажыбайды кошчу алып,
Аккуласын кындыйтып
Арстан эр жолго салганы.
Дигерден мурун кечинде,
Кечки бешим кезинде
Он жамбы санап алганы,
Ордо баккан корбашы,
Аксакалы Маматбек
Астынан чыгып калганы.
Ажыбай менен Манасты,
Ал экөөнү өткөрүп,
Арстан эрди көз көрүп,
Арстандын болду сүйөөсү,
Санирабийганын
Алуучу ушу күйөөсү.
Түрктөн чыккан жолборс – деп,
Ажы акеңди сүйлөдү
Күйөөгө болгон жолдош – деп,
Маматбек айтып салыптыр,
Күйөө жолдош демек сөз
Бизге мурас калыптыр.
Канжарын каршы байлатып,
Кандын кабуз көлүнөн
Алыс жерден айлантып,
Каз, өрдөк баккан шабыр көл,
Суусу тартыш, жери чөл,
Каркылдатпай казыны,
Чалпылдатпай сазыны,
Куркулдатпай куусуну,
Чачыратпай жай кечип
Шабыр кара суусуну,
Кан ордосу капкасы,
Ажыбай менен Маматбек
Алла кудай колдо – деп,
Эшигинин астында
Эр Ажыбай кеп айтат:
«Орто үйүндө калайын,
Төркү үйдө карындашыңа
Төрөнү кийирип салайын.
Кенизектен жети бар,
Рабийга бу кыздын
Келбесин деген нээти бар.
Кенизегин кекетип
Келтирбе – деп, койбосун,
Кеби тийсе бирөөнүн
Кан ичме күйөөң сойбосун,
Карап турган биздерди
Канына забын койбосун.
Жетөөнө жетип барайын,
Жерин өлчөп алайын.
Оозуна жакын ордосун,
Окус барып бу Манас
Ойрон кылып койбосун».
Ол сөздү айтып салганы.
«Барсаң ылдам барчы» – деп,
Баатыр сүйлөп калганы,
Жети жамбы көтөрүп
Жети кенизегине
Жетип Ажың барганы.
Канжарлары колунда,
Каршы-терши жатыптыр
Канкордун өтөр жолунда.
Нааркүл деген акылман,
Артыкчасы бул экен
Алиги жети катындан.
Ажыбай аны ойготуп,
Акыл айтып ойлонтуп,
Эшикте эки калча бар,
Андан башка каныштын
Жан багары канча бар?
Айткын мага сырын – деп,
Ашык айтпай, чынын – деп,
Ажакең айтып салганы.

Акыл экен мунуң – деп,
Ааркүл жөнөп калганы.
Бычак алып колуна,
Жаткан экен кирүүчү
Жер босого жолуна.
Ойготуп калча кыздарын,
Эки шаңшуур жамбыны
Карматып коюп колуна,
Катын арзан эместир
Карагын сөздүн соңуна,
Ажыбай азыр келгени,
Ачылды баатыр жолуң – деп,
Арстанга жооп бергени,
Кыздын көрүп кызыгын
Кыраан Манас дегдеди.
Оздо бөлмө ордодо
Отуз чырак койгондо
Түнүн көрсөң нак түштөй,
Талаа менен чак түштөй.
Жарагын алып кашына,
Жаздыгын коюп башына
Жаткан экен Атемир,
Жалынганы бир теңир.
Капилет уйку басыптыр,
Кабылан Манас көрмөккө
Кан кызына ашыктыр,
Андан өтө бергенде
Ааркүл эшик ачыптыр.
Калчадан эки кызы бар,
Каныштын жаткан үйүндө
Бою бийик босого,
Ачып коюп эшигин,
Бой теңешип ошого
Кыздар кылды кызматты,
Каныкейден ар жакта
Катар кырк бир кыз жатты.
Ар жагында кырк кыздын
Кыз Аруукe артыгы,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойсураган жыласы,
Сол жагында жыйырмасы,
Солкулдаган жыласы.
Жыпар бурап жыттары,
Жылма тартып жатканы.
Ак шайыдан шейшеби
Абыратын жапканы.
Аземдери артылып,
Алтын гүлдүү көшөгө
Беттеринде тартылып,
Жаткан экен жарашып,
Калча кыздар болбосо
Кете жазды эр Манас
Көп кыздардан адашып.
Бер жагында четинде,
Алтын барда бетинде,
Алтындаган тактада,
Алтымыш кабат бактада
Баса жатып мамыкты,
Мамыкта жеңең камыкты,
Калча кыздан өткөн соң
Санирабийга – деп,
Көргөздү кыздар анықты.
Барамын – деп, дегдеген,
Бая түштөн бери жакка
Баатырың тамак жебеген.
Кебеп шиштин учунда,
Келген төрөң ушунда,
Арстан эр аны көрүптүр
Ачыгып келген тушунда,
Кырк кыздын кылар наарыны
Шыпырып алып шишинен,
Оозуна үч салды
Ошончонун баарыны,
Аякка куйган балыны,
Балга кошо майыны,
Эртең ичер наар койбой

Кетирди кыздын жайыны.
Ашы менен нанынан
Эчтемесин койбоду
Эртеңки жечү камынан.
Кырк кыздын бүтүн тамагын
Кыпым неме калтырбай
Жеп бүтүрдү карагын.
Чала тоюп алганы,
Жайнап жаткан Саниге
Койнуна колун салганы.
Ичиркенип, бой жыйып,
Имерилбей сөз кылып,
Чыракка барда тартыптыр,
Чыйрыгып жаман айтыптыр.
Бардасын алды чырагын,
Баатырдын көрдү ыраңын.
Жутуучудай көзү бар,
Журттан бөтөн өзү бар,
Жуда заар сөзү бар,
Бой өлчөөсү болжолсуз,
Өңү айбаттуу, сөзү түз
Өткүр эрди көргөнү,
Ылайык деди эрликке,
Айтканына көнбөдү.
Билмексен болуп кеп сурап:
«Эшиктин алды көл – деди,
Өткөн кимсиң – деп, сурап,
Каз, өрдөгү төлдөгөн,
Казандай куулар көлбөгөн,
Бейкарар бенде көрбөгөн,
Шабыр кара көлүнөн
Шашпай өткөн сен кимсиң?
Шарысы жок элиңдин,
Атакемдин ак ордо
Алтын сарай, кең коргон
Ачып өткөн сен кимсиң?
Жети катын кенизек
Басып өткөн сен кимсиң?
Эшик багар канчаны,
Эки кызды калчаны
Бойлоп кирген сен кимсиң?
Эркек кадам койбогон
Эшиги бийик ак сарай
Жойлоп кирген сен кимсиң?
Нечен түрлүү икиметти
Ойлоп кирген сен кимсиң?
Адам билбей табышың,
Асинамар жыландай
Сойлоп кирген сен кимсиң?
Ажайыпта куландай
Ойноп кирген сен кимсиң?
Башка койгон бал-шекер
Баарын ичкен сен кимсиң?
Аяктагы суусунду
Алып ичкен сен кимсиң?
Очоктогу кебепти
Оозго салган сен кимсиң?
Ойлонбостон иш кылып,
Жандан кечкен сен кимсиң?
Алтын барда көшөгө
Боосун чечкен сен кимсиң?
Шарыятка каршылык
Жолду салган сен кимсиң?
Жаткан Рабийгага,
Колду салган сен кимсиң?
Азиреттин тумарын
Колуңа алган сен кимсиң?
Ажал-өлүм, акыбет
Мойнуңа алган сен кимсиң?
Уруксатсыз бу жерге
Келип турган сен кимсиң?
Кетте, азезил Парсинин,
Кебин урган сен кимсиң?
Тарткын азыр колуңду,
Тапкын азыр жолуңду!
Ажал жетпей эртерээк

Айта койгун жообуңду!»
Катуу айтып какылдып,
Кан баласы шакылдап,
Желдет-мыршап жетсе – деп,
Жер куруткан бу кыргыз
Калабасыз кетсе – деп,
Санирабийга сурады,
Жай айтпай төрөң турабы.
«Атаңызга мал берип,
Айры меңен нар берип,
Алтын, күмүш зар берип,
Атын Рабийга – деп,
Алганы келген мен Манас!
Ашепке артык сөз айтсаң
Акыр заман башыңа
Салганы келген мен Манас!
Карк алтынды үрөндөй
Чачып келген мен Манас,
Караңгы түгүл күндүздө
Кадам койбос капкаңды
Ачып келген мен Манас!
Алтындуу бокчо оромол
Чечип келген мен Манас,
Ат бойлобос кара көл
Кечип келген мен Манас!
Каркылдатпай казыңды,
Шарпылдатпай сазыңды,
Кукулдатпай кууларды,
Куп окшотуп буларды
Бугуп келген мен Манас,
Санирабийга – деп,
Салтанатың, атыңды
Угуп келген мен Манас.
Алтын капка ордонун,
Атакеңдин коргонун
Ачып келген мен Манас,
Жети нөкөр кенизек
Басып кирген мен Манас,
Калча кызды жалтантып,
Өтүп келген мен Манас,
Өкүмөтүн кор кылып,
Өөрчүп келген мен Манас,
Алла кошкон жарым – деп,
Алмак үчүн аны – деп,
Аскер жыйнап, мал айдап,
Көчүп келген мен Манас.
Бата аякка мал берип
Сөзү келген мен Манас,
Баркымды билер жарым – деп
Өзү келген мен Манас!
Отко койгон кебебиң
Оозго куйган мен Манас,
Ортосу жубар бардаңды
Беттен алган мен Манас,
Ак чүчтөдөн көйнөгүң
Эттен алган мен Манас!
Кербээлдетпе сөзүңдү,
Кечиктирбей өзүмдү
Төшөгүңдү бергин» – деп,
Төрөң айтып мындай кеп,
Окуранган айгырдай
Омуроолоп алганы,
Баягы ойронун көрсөң коржоюп,
Дакип-дакип селкилдеп,
Сары суу чыгып мелтилдеп,
Күчкө салып күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Оюна койбой оолугуп,
Оён кызга жолугуп,
Зордук кылчу немедей,
Соолгон каныш кебелбей,
Болбосун билип
баатырды,
Төшөгүнөн буралып
Сани кыз турду акыры.
«Кайда кеттиң мыршап» – деп,

Эшиктен желдет чакырды.
Атемирдин катыны
Акылга дыйкан акыры
Билген экен мурунтан
Манастын келбей койбосун,
Ыгын билген энеси
Рабийга кызынын
Ырастык менен болбосун.
Алты желдет бүгүлүп,
Ар жакта бир бөлмөдөн
Азыр чыкты жүгүрүп.
Эшигин тосуп байбиче
Желдеттерге кеп айтат:
«Жерге кир баарың – деп, айтат.
Кабар укпай каныңдан,
Кандай курган кулдарсың,
Тойдуңбу кара жаныңдан?
Кыздыгынан кыя албай,
Кыйын напсын тыя албай,
Араң турган күйөөгө
Асыла кетсең кокустан
Амандык бербейт бирөөңө.
Санирабийганы
Акыл-сабыр бар үчүн,
Алла кошкон жар үчүн
Азыр сойбой тим койду,
Арың кеткен желдеттер
Аны тутуп алышка
Ал-кубатты ким койду?
Короздой үзүп башыңды,
Койнуңа төгүп жашыңды,
Кырып кетер баарыңды
Кызыл кан кылып ашыңды,
Кыйып кетер жаныңды.
Оолукса эгер бу күйөө
Ордодо жаткан каныңды,
Ойрондоп кетер баарыңды,
Жол кылып кетер шаарыңды,
Жоготуп кетер баарыңды.
Кайта ордуңа баргын – деп,
Кайсы түрлүү иш болсо
Кабарын эртең алгын – деп,
Желдеттерди кайтарып,
Сөзү менен байбиче
Жүрөктөрүн майтарып.
Кенизек жаткан үйүнө
Келип Мама кеп сүйлөйт:
«Кереги болор кебимдин
Балдарым уккун – деп, сүйлөйт.
Азелге шербет кошулса
Даамын билген татуучу,
Асылга асыл кошулса
Дарбаан кылбай жатуучу.
Бири шумкар, бири туйгун
Уясы бирге болуучу,
Учса кайра конуучу,
Улукка улук кошулса
Урматында болуучу.
Алтын менен жубарды
Алыштырып иш кылса
Адам уулу баа коюп
Алалчу эмес буларды,
Азылзаада тукуму
Асылышып турарбы,
Атилес менен тубарды,
Бири астар, бири тыш,
Жарашпастан турарбы».
Алардын уруш болгонун
Аңдаган экен Акмама
Айтпай-дебей буларды.
Айтып коюп ал сөздү
Байбиче кирди төшөккө,
Кан кызынын бетинде
Карк алтындан көшөгө.
Көшөгөсү түрүлүп,
Төрө менен Сани кыз

Төшөгүнөн сүрүлүп.
Рабийга кеп айтат:
«Ынтыкпаңыз – деп, айтат,
Анда сөздүн соңуна,
Алганда барам колуңа,
Азыр не үчүн көнбөйсүң
Айтып турган жообума,
Эзелден моюн сунгамын
Ак шарият жолуна.
Аргам жоктон барам – деп,
Алып жатпайм, арам – деп,
Арамдык жанга залал – деп,
Асыласың келип тим,
Аты-жөнүң, өзүң ким?
Жайыңды айтчы өзүңдүн,
Жалыны чыгат көзүңдүн».
«Атым –Манас, Кыргыздан,
Бар кудайым башыма
Бакты-дө .лөт тургузган,
Талабыма жете албай
Тайды бактым бир кыздан.
Көнсөң эми көндүң – деп,
Көжөлсөң бирди көрдүң – деп,
Катаасы жок өлдүң!» – деп,
Каарданып, күүлөнүп,
Кайраты ташып сүйлөнүп,
Кыздан көрдү кыйынды,
Каарданып бул Манас,
Кайраты бойго жыйылды.
Кайратын билип кан кызы
Кадыр акка сыйынды.
Кыз кыйындап кеп айтат:
«Кыргызда Манас сен болсоң,
Кыйбада Рабийгамын,
Кыйылып кетер жаның – деп,
Төгүлөр бекер каның – деп,
Башка жан – деп, көрөмбү,
Аты Манас экен – деп,
Айтканыңа көнөмбү?
Нөкөрүм аты да Манас,
Жөкөрүм аты да Манас,
Бакарчым аты да Манас,
Бакалчым аты да Манас.
Малчымдын аты да Манас,
Басып жүргөн кызматкер
Жалчымдын аты да Манас.
Башымды кантип көмөйүн,
Аты Манас экен – деп,
Айтканга кантип көнөйүн.
Атамдын үйүн булгабайм,
Азыр кетип жөнөгүн,
Азыр чыгып кетпесең
Анык сенин өлөрүң!
Өз напсиңе ээ болбой
Ушубу сенин өнөрүң?»
Айтып аны кан кызы,
Атемирдин жалгызы
Алды канжар колуна,
Ачуусу келди Манастын,
Кара жанын байлады
Кас ажалдын жолуна,
Кан баласын бир муштап
Канжар туткан колуна.
Муштаарын билип ошо кыз
Бурулуп бетин буруптур,
Муштаймын – деп, бу кызды
Канжарга колун уруптур.
Билекке канжар тийиптир,
Билектеги көк тамыр
Канжардын учу чийиптир,
Чийдей кызыл кан атып
Шыркырап агып сийиптир.
Канжар тийген сол колу,
Канкордун сонун болгону.
Жеке таман кашка өтүк,
Боруму журттан башка өтүк

Санирабийганы
Көөдөнгө Манас тепкени,
Рабийга сулуу кыз
Көмөлөнүп кеткени.
Баатыр Манас бабаңдын
Баатырлыгы эмей неткени,
Балчыктай жанчып тепкилеп,
Басып чыгып кеткени.
Алиги көргөн кан кызы
Атемирдин жалгызы
Атасынын төрүндө
Абыдан жеди таякты,
Ал жерде башын үзмөкчү,
Ажар-көркүн, турпатын,
Артык көрүп сымбатын
Арстан Манас аяды.
Беш кабырга кыйрады,
Бетин басып ыйлады,
Манас басып чыкканча
Жеңине каны сыйбады.
Маматбек менен Ажыбай
Ордонун капка оозунда
Карап турган жайма-жай:
«Жол болдубу баатыр?» – деп,
Жооп сурады Ажыбай.
«Болбоду, Ажым, жолум – деп,
Канга толду колум – деп,
Кан Жакып да курусун,
Карагын кылган жумушун?!
Калабалуу карга туш кылып,
Карагын кылып турушун.
Кара кандын кер канчык
Капшытына балалап,
Баласына каралап,
Каап алды колумду,
Карап көргүн Ажаке,
Кесир кылды жолумду.
Атемирдин куу канчык
Ак сарайга балалап,
Күчүгүнө каралап,
Үзүп калды жеңимди,
Уруп кеткен каапырдын
Урматын көрөм дедимби?
Урууну баскан бул төрөң
Ушу карга жеңилди».
Аны айтып бу Манас
Силкип салды жеңини.
Колун тартып алыптыр,
Кой боорундай кара кан
Ошо жерде жеңинен
Уюп түшүп калыптыр.
Айбаттанып кырданып,
Ачууланып сурданып
Арстан барды кошуна,
Аскеринин кашына.
Барган заман баатыры
Балакет кылды акыры,
Баштан кетип жоголду
Карылардын акылы.
Самаганы табылды,
Урушка какчу добулбас
Ушу бүгүн кагылды,
Сансып жаткан көп аскер
Атты көздөй жабылды.
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Калаага койду чабуулду.
Тажик менен кыйбаны,
Темселеди кыйласы,
Кейип шаар ар тарап
Кейишин тартып ыйлады.
Ыйлабаса канетсин
Баатыр берген калың мал
Базарына сыйбады.
Мылтыктуу мылтык октоду,
Мылтыкка милте чоктоду.

Саадакчы жаасын октоду,
Каптай түшүп калаага
Калың аскер токтоду.
Карыялар каркылдап,
Бай Жакып менен Көкөтөй:
«Бадыректер токто!» – деп,
Айгай салды баркылдап.
Карысынан өтө албай,
Калаасын каптап кете албай
Каз катар тартып көй баатыр,
Каршы алдынан караса
Алтымыш ат тартуу алып
Атемир чыгып келатыр.
Атемирден өтө албай,
Аламандап калаага
Каптап кирип кете албай
Кара кыргыз токтоду,
Ал аскерди Атемир
Азыр келип жоктоду.
Кыз берем – деп, кысылып,
Калган экен домокко,
Каны көрүп, башкарып,
Бөлүп алды конокко.
Кырк чоронун баарысын,
Кыргыл, Бакай карысын
Конок алды бектери,
Уккандарга бул экен
Баштап алып Манасты
Кан ордого келгени.
Баштап келди Манасты,
Кырк чорону талашты,
Бизге мейман сиз бол – деп,
Бөлүп алып тарашты,
Бөлөк бөлмө бир үйгө
Тургузган экен Манасты.
Бирден-бирден жөнөдү,
Бирин бири көрбөдү.
Ажалынын жогунан
Атемирдин шаарынан
Азыр киши өлбөдү.
Берсеңерчи кызды – деп,
Бекер кырат бизди – деп,
Ойлонолу акыры
Орун басар ишти – деп,
Датка, беги, удайчың
Ата уулулап алашты
Таратып алды жудайын.
Ал кезекте кыргызга
Айбат берген кудайым,
Кабылан Манас баатырдын
Сөзүн айтып турайын.
Баатырдын аты Аккула,
Мыраакырлар байлаган,
Өзү олтурар үйүнө
Орун-төшөк жайлаган.
Жекендос жерден алдырып,
Баяндос мамык салдырып,
Атилес көрпө, ак мамык
Алда канча жыйдырып,
Манас кирген сарайдын
Кеңдигинен сыйдырып,
Боз үй тигет кыргыз – деп,
Бакчанын баарын кыйдырып,
Шаарга кабар салдырып,
Акыр кылчу устадан
Алтымыш ашык алдырып,
Тез курдуруп, үй кылып,
Усталарды башкартып,
Эки устаны бий кылып,
Мал багуучу далайын
Басып уста сарайын,
Жетимиш желдет чаптырып,
Эл байында элинен
Неме койбой чакырып,
Кагып-согуп калкынан,
Тегеректе кыйба бар,

Боз үйлүү тажик кыйла бар,
Төрт жүз кийиз таптырып,
Түндүгүн кайың ийдирип,
Каалга менен босого
Канча түрлөп чийдирип,
Каалгага коюп сызыкты,
Карбаластап Атемир
Кан Манаска иши жок,
Карап көргүн кызыкты,
Катын-калач барды – деп,
Кан күйөөнү кыз-келин
Кастарлап күтүп алды – деп,
Карбаластап Атемир
Капарына албаптыр,
Ага кошо Акмама
Аңдап көзүн салбаптыр,
Айбатынан Манастын
Анча-мынча катын-кыз
Астына басып барбаптыр,
Ал арада желдеттен
Эч бири да калбаптыр,
Капкасына канына
Эстүүдөн киши барбаптыр.
Көчүрүп кызым берем – деп,
Ар жумушту башкарып,
Атемир жүрүп элеңдеп
Манас менен иши жок,
Байкап көргөн киши жок.
Эрте күз экен күн ысык,
Эми болор чоң кызык.
Бөлмө сарай коргондо,
Бөтөнчө жакшы ордодо
Жалгыз кирген эр Манас
Жалгызы да калбастан
Жалпы кеткен көп алаш,
Кыз келет – деп, кымпыйып,
Кыраан Манас зыңкыйып
Жатты, турду, жан келбей,
Катын да жок, кыз да жок,
Каттап бирөө да келбей,
Кырк баатыры дагы жок,
Кыяк, комуз өнөрпоз
Кылчаюучу чагы жок.
Зынданга түшкөн адамдай
Сырттан Манас баатырың
Каарланып ар кандай,
Кандай бу – деп, кордугу,
Азыр толуп ташты го
Атемирдин зордугу.
Алла Таала буюрса
Түз кыламын ордуңду,
Түгөтөрмүн шоруңду,
Байбиче кылып чорунду,
Бас кыламын зоруңду,
Кетирермин саныңды,
Кара кылып каныңды,
Кызыталак Атемир
Кызына кошуп бир жолу
Кыярмын кызыл жаныңды,
Кырылбаса кыргызым
Кыйратармын баарыңды!
Айбатын салып ал үйдө
Арстандай кеңгиреп,
Акылы кетип зеңгиреп,
Заары чыгып жүзүнөн,
Каары чыгып түсүнөн
Олтурган бойдон калды тим,
Эки күнү, эки түн
Тамак татпай, жан көрбөй
Олтуруп калды бүпбүтүн.
Кырк баатырдын бирөөбү
Кылайып келип тил албай,
Кыз менен кызык көрдү – деп,
Тынгандыр эми көөнү – деп,
Кыйналган сырын биле албай
Бейкабар калган баарысы.

Караламан кыргызды
Кандан артык багышты.
Кабылан эрдин каарына,
Катындар батпай заарына,
Кырк-элүүсү жыйылып,
Капия деген катынга
Каттагын – деп, сыйынып,
Катындар келди асылып,
Капиянын кайраты
Кара бойдон ашынып,
Көрмөк үчүн күйөөнү,
Арт жагынан ээрчитип
Жолдош кылып бирөөнү,
Каалгасын ача салыптыр,
Каарданып турган баатырдын
Ыраңын көрүп алыптыр,
«Энеке!» – деп, жыгылып,
Эс-акылдан таныптыр,
Кайра качып жолдошу
Катындарга барыптыр,
Как желмогуз өзү экен,
Кантип тиет боо кыз – деп,
Катынга кабар салыптыр.
Капия жүзүн көрдү – деп,
Көмүлүп калсын көрбөсө,
Как ошо жерде өлдү – деп,
Айтып барды бу катын,
Ашып-шашып катынга
Кайтып барды бу катын.
Катындын баары селейип,
Эстери чыгып элейип,
Эмне дейсиң, бейбак – деп,
Экөө-үчөө жүгүрүп,
Энтелешип бүгүлүп,
Капияны көрүптүр,
Эси чыгып Капия
Эшигинде өлүптүр.
Өлдү – деп, катын чочушуп,
Дүрбөй түшүп жоошушуп,
Капиянын башыны,
Көтөрдү жерден өзүнү,
Көтөргөндө Капия
Араң ачты көзүнү.
Алты катын жөлөшүп,
Санирабийгага
Араң барды жөнөшүп.
Эси чыгып Манастан
Талыганын билиптир,
Салтанаты артык Сани кыз
Көрбөгөн экен эрди – деп,
Көөнүңө алгын эми – деп,
Сани кыз шак-шак күлүптүр.
Эки күнү, эки түн
Эч ким бенде каттабай
Санирабийга билиптир:
«Менден көрдү мазакты,
Бейнике келип турган соң
Аябай кылдым азапты.
Соо койбой мени сокту – деп,
Бүгүнкү күндө көрөрсүз
Калааңдан кызыл чокту – деп,
Замбирек менен топту – деп,
Жааган кардай көрөсүз
Жаадан түшкөн окту – деп.
Бүгүнкү күндө көрүңөр
Тамашанын кенин – деп,
Тартуусуна көргөзүп,
Алып барар мени – деп,
Эгер мени албаса
Талкалап коёр сени – деп,
Он бир жашта кошулган
Ошо Манас күйөөңө
Биз бакырдын тени – деп,
Албаска мени арга жок,
Аман-эсен басылар
Арбын болор калба жок».

Ал сөздү айтып Сани кыз,
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас баатырдын
Алда кандай сөзү бар
Кабарын угуп алыңар.
Каарданып бир үйдө
Олтурган Манас каныңыз,
Учурашып келүүнү
Ойлогон Бакай карыңыз.
Чакырды Бакай баарыны,
Башчысы Кыргыл карыны.
«Эр Манаска баралык,
Келин-кесек, кыз-кыркын
Олтургандыр ойношуп,
Эшиктен кабар салалык.
Амандашып көрөбүз,
Айтканы болсо көнөрбүз,
Жатса көөнү жайланып
Жайын көрүп жөнөөрбүз».
Бу сөздү айтып эр Бакай,
Мыршаптар бар бир далай,
Бастырып жолго салганы,
Кан ордосу капкага
Кара кыргыз барганы.
Капкадан кирип, ат байлап,
Ат байласа бат байлап,
Чакырып алып бир желдет:
«Күйөөңөр кайсы үйдө? – деп,
Көргөнүңдү сүйлө?» – деп,
Абаң Бакай сурады,
Алиги жигит токтолуп
Аңырайып турады.
«Билбедим – деп, күйөөнү,
Күйөө жактан кеп кылган
Көрбөдүм – деп, бирөөнү»
Берди жигит жоопту.
Бек айбат салган бир сарай,
Салтанаты бир далай,
Ол сарайга кирүүгө
Бакайдын көөнү ооптур.
Кырк баатырдын баары бар,
Астында Бакай кары бар.
Салам айтып кириптир,
Кирген жерде Бакайды
Төрдөн туруп төрөңүз
Көмө түртүп ийиптир.
Артында Кыргыл туруптур,
Кыргылды алып бөрүктөй
Алмамбетти уруптур.
Артында Сыргак туруптур,
Сыргакты алып көтөрүп,
Ажыбайды уруптур.
Жанаша Серек туруптур,
Куп көтөрүп Серегин
Кутубийди уруптур.
Алиги Серек жыгылган
Арстан эрдин артынан
Асылыша туруптур:
«Ачууга сабыр кылбаган
Акылың тайыз кем белең?
Ачуулана тургандай
Алуучу жарың мен белем?
Кайратыңа жөндөп кел,
Калың берип, мал чачкан
Катының беле мындагы эл?
Кыздан талап кыласың,
Кыз келбейт – деп, кашыма
Кыргызды кандай кырасың?
Катын талап кыласың,
Катын келбей койду – деп,
Калкты кандай кырасың?
Катын болор көтүм жок,
Канеткенде кыласың?
Аңдап көргүн өзүмдү,
Ачып кара көзүңдү,
Айткандан уккун сөзүмдү!

Азыр турган мен Серек
Атемирден кемминби?!
Катыныңды кайтарып,
Чыгарып ийген менминби?
Кыз келтирбейт бирөө – деп,
Кырып ийгин элиңди!
Санирабийга кыз
Чыгарар сенин желиңди!
Же кылайтып киши каттатпай
Кыз жибербес менминби?
Эптүү ачуу кылчы – деп,
Эби жок мындай кылганча
Элиңдин баарын кырчы» – деп,
Эби жок кылган жумушка
Эр Серек кирди урушка.
Серектин кеби угулуп,
Баатырың сөзгө жыгылып,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Сез болуп баатыр өзүнө,
Серппей аяк жыгылып
Серектин айткан сөзүнө,
Оң муруту солк этип,
Оң бөйрөгү болк этип,
Алып кел – деп, Кула атты
Ак таяктан чуратты.
Баатыр үйгө кириптир,
Жоо-жарагын кийиптир.
Эр Манас үйдөн чыкканча
Кырк баатырга эр Бакай
Жарлык айтып ийиптир:
«Каапыр эмес, мусулман,
Кан төкпөңөр ушундан,
Кыргыз эмес кыйба – деп,
Кыйырында тажик кыйла – деп,
Кыргын кылып бул элдин
Кызылдай жанын кыйба!» – деп,
Күбүрөп Бакай күүлөнүп,
Манас басып чыкканда
Күрс-тарс этип сүйлөнүп.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Астын-үстүн салганы,
Айгай салып кырк баатыр
Аралап шаарын калганы.
Басып жүргөн сатаңдын
Куйрукка найза мылгытып,
Базардагы тоогунун
Башын үзүп ыргытып,
Көчөдөгү көбүнүн
Айбалтанын уңгусу
Жаздым тийип башына,
Кан жабылып кашына,
Баштан каны шорголоп,
Бакылдашып кыйласы
Бастырмага корголоп,
Арттан тийип найзасы,
Агып каны шорголоп,
Акимсинген кай бирөө
Айбанкана корголоп,
Дубалынан ашышып,
Базардагы жалдаптар
Колдон булун чачышып,
Үркүп-коркуп далайы
Үйгө кире качышып.
Куда болуп кутуруп
Барган кыргыз мол экен,
Аяк-башы баарысы
Алтымыш миң кол экен.
Ар тараптан туюнуп,
Асманга чаңы бурулуп,
Бейкут жаткан кыйбаны,
Бейкүнөө уруп кыйланы,

Айбатын көргөн алардын
Бет-бетинен кыйрады.
Атемир калган бейкабар,
Астын-үстүн кылды – деп,
Аскер менен күйөөңүз
Адамдын баарын кырды – деп,
Айтып кабар салыптыр,
Аны уккан соң Атемир
Айран-азыр калыптыр.
«Кыз бермекке үй кылып
Кызматында жатышым,
Кыйынырaак жумуш ко
Кыргын болуп атышым,
Кыз берем – деп, олтуруп
Кызыл канга батышым,
Кайда кеттиң бектер?» – деп,
Ой-бойду каны салыптыр,
Окту кардай жаадырып,
Ордого жакын калыптыр,
Айласын таппай Атемир
Апкаарып өзү алыптыр.
Абдыкалык, Түлөөбек
Алганы жатып колукту,
Азапка бул эл жолукту,
Ант ургур кандай күйөө? – деп,
Жамандык кылып жайлабай
Таштаганбы бирөө – деп,
Акылбайыс кеп сурап:
«Күйөө күткөн ким эле,
Күлдү журттун баарысын
Күм-жам кылып тим эле
Ачуусу неден келди? – деп,
Аны күткөн адамдар
Алда эмне деди экен,
Андаңар, ылдам сура – деп,
Атырылып чура – деп,
Амандык бербес булар» – деп,
Катынга кабар салыптыр,
Каттаган катын жок экен,
Кабарын билген жан жок – деп,
Кайтып келип калыптыр.
Кыздардан барган бекен? – деп,
Кыйкырып сүйлөп бекемдеп,
Акылбайыс, Түлөөбек
Аш бышырып, нан коюп
Барган бекен бирөө – деп,
Кыздардан кабар алыптыр.
Кылайып көргөн бир жан жок,
Кыйын ишке калыптыр.
Ачка таштап, кыз барбай,
Кыз барат – деп, биз барбай
Кыйыгына калыппыз,
Кылымга түйшүк салыппыз.
Аргасын таппай алдырап,
Айнектей көзү жалдырап,
А дегенче кырк баатыр
Аткан мылтык дабырап.
Казын атты учурбай,
Каары катуу ушундай.
Учканынан куу атып,
Көрүнгөндүн баарысын
Уу ичкендей сулатып.
Көчөдөгү келесин
Башын үзө чабышып
Суугa келген немесин,
Аткылашып мылтыгын
Азапка артык салышып,
Атынын башын үзө чаап,
Жүгөндө башы калышып,
Үрүп чыккан ит койбой,
Наабайчынын дандырын
Талкалай чаап түк койбой.
Жебенин огу кыркырап,
Жазайыл огу зыркырап,
Чаң обого буркурап,
Чабуул коюп көй баатыр

Жаа Аллалап чуркурап,
Кыргыздан чыккан кырк баатыр
Кыйраткан бойдон келатыр.
Аны көрүп Акмама
Санирабийга балага:
«Айтпадым беле мен сага,
Азыр кирип кеткен соң
Ажалга – деди – не даба.
Атаңды ада кылдың – деп,
Адамдын баарын кырдың – деп,
Астыңа салып барчаны,
Атемир баштап баашаны
Анан жаның тындың» – деп,
Ачууланып барганы,
Ажарын салып Сани кыз
Апасына карады.
«Канеткенде коёмун
Калктын баарын сойдуруп,
Каршы чыгып астынан
Кайтарармын койдуруп.
Капа болбо, эне – деп,
Кара кыргыз канына,
Никесине кирүүгө
Барайын – деп, жанына».
Кыларын мурда аңдаган,
Кызыл-тазыл кийинтип
Кыздарды мурун камдаган.
Алтымыш нөкөр кашында,
Алтындан жыга башында,
Он алты жарым жашында,
Жез жыгадай майышып,
Жекеге буту чалышып,
Алтындан күрмө жаркытып,
Айдай жүзүн балкытып,
Мандили бүркөп тон менен,
Басып чыгып жол менен,
Беренжилүү тондору,
Бери ургандай теңселип,
Көкүлдөр көздө сеңселип,
Жең билекке батпаган,
Жел жагына ким чыкса
Көз көрүм жерге буркурап
Жыпардын жыты каптаган,
Күрөөкө тондой жылт этип,
Күдөрү тондой былк этип,
Күкүктөй үнү шыңк этип,
Желбегей тонун жамынып,
Дандырлуу оттой камыгып,
Жез комуздай зыңк этип,
Ордодон чыгып оолугуп,
Орчун улук баарына
Ортончу үйдө жолугуп.
Атасы бар кашында,
Алла эмне болом – деп,
Аламан уруш киргенге
Алды жуулуп жашына,
Абдыкалык, Түлөөбек
Акылы качып, болуп тек,
Акылбайыс, Шаатемир
Жаныбыз тирүү калса – деп,
Жалынганы бир теңир,
Акылбайыс, Маматбек
Алдырашып туруптур
Алла кудай колдо! – деп,
Урушту көрүп умпайып,
Уу ичкендей сумсайып,
Корбашы кошо Атакул,
Корккондордун иши бул.
Капкасын кыргыз алыптыр,
Кайратынан корголоп
Камалып үйгө калыптыр,
Алдырап алар турганда
Ак кочкордой маңкайып,
Ак маралдай шаңкайып,
Алтымыш нөкөр кыз менен,
Ачып эшик түз менен,

Акылга дыйкан уз менен
Санирабийгасы,
Жаман эмес кыясы,
Келгенде көргөн кайратын,
Кейпине болгон ыраазы,
Аташкан болсом ушуга
Кадырга жетер кан го – деп,
Калган экен кыясы.
Кайгырып турган атасы,
Кашында кошо апасы,
Кара бет көнбөй койгон – деп,
Энесинин капасы,
Эми бир күн токтолсо
Эл-журтунун баарынын
Кете турган запасы.
Санирабийгага
Салды көзүн атасы.
«Кара кыргыз уулунан
Кабыланын жар кылдым,
Моюн сунбай, кулунум,
Карыганда мени кар кылдың
Бабыр кан уулу Ногойду,
Манас деген бу кыргыз
Бакбурчун менен Чынмачын
Баштатан кайдан соо койду.
Байкабай күйөөң мүнөзүн
Так катырып, каттабай
Тапкансың, балам, оңойду.
Айылынан карыш бастырса
Аскери кошо чөмүлгөн,
Арзыбаган менменсип
Арстандар кыйла көмүлгөн.
Атагын уккан атаңыз,
Жер жүзүнө азыр бул
Жеңилбестей көрүнгөн.
Жеңе-сиңдиң көп турат,
Дартың болсо таамай айт
Талабың болсо көөнүңдөн».
Атемир айтып ал сөздү
Асирет менен басылды.
Санирабийганын
Санаада кири ачылды:
«Барча тажик, кыйба үчүн
Багыштадым башымды,
Бу дүйнөдөн көрбөдүм
Бул өңдөнгөн асылды,
Канчалык кылдым каталык,
Мунун баарын батырды.
Бектерден бешөө кошулсун,
Мен барайын акыры,
Мен сөзүнү тоспосом
Кылчаюучу жер эмес
Кыргыздын Манас баатыры».
Кылымга тиер байдасы
Кыз Санинин акылы.
Так ошо жерде токтотуп
Санап кырк кыз алыптыр,
Көзгө комсоо көпөңү
Көбү токтоп калыптыр.
Кылаң короз сындуудан
Кыркын санап алыптыр,
Отоголуу сойлоктон
Ону кошо барыптыр.
Каптап уруш кылганы
Канкор эрдин сыры экен,
Кылаңкороз отого
Катын-кыздын сыны экен.
Жабуулу кара ингендер
Жайы-күйүн билгендер
Жалпы мында калыптыр,
Акылбайыс баш болуп,
Алты бегин ээрчитип,
Ак жоолук байлап желекке,
Азелдүү шербет аш куюп
Алтындан кылган челекке,
Каптап келген аскерге

Каршы келди бектери.
Астында Бакай, Кыргыл чал
Аламан келген алашты
Катылбаңар дегени.
Мылтыктын баары октолуп,
Милтенин баары чоктолуп,
Кыйкырып келген көп аскер
Кыңк этпей кыргыз токтолуп,
Кылкылдап токтоп калыптыр,
Ат коюп капка кирбей – деп,
Аябай кырып ийбей – деп,
Артынан Манас барыптыр.
Алтын тон менен жайкалып,
Асталай басып чайпалып:
«Таарындыңбаатыр бизден – деп,
Талабым артык сизден – деп,
Кыйбанын жоктур күнөөсү,
Кыялыңды билмекке
Кыз жарын кылган мүнөзү.
Тажиктин жоктур күнөөсү,
Бенде кылган күнөөгө
Теңирим өзү күбөсү,
Теңтуштукка чиренип,
Коркутуп сизди койгону
Колуктуңдун мүнөзү.
Чырдын баары биздики,
Чыйраксынып чыр салган
Чыдамсыздык сиздики.
Калбанын баары биздики,
Кайратыңа карк толуп,
Калабага бет болуп,
Катаалчылык сиздики.
Кошконмун сизге денимди,
Козгопсуз минтип элиңди,
Бир ооз айтпай кошомат,
Билмек үчүн бейлиңди,
Канжар тийип колуңа,
Карамакка соңуңа,
Кара башым чын тартуу
Канкорум сенин жолуңа!
Түйүндү төрөм, чечиңиз,
Дүүлүккөн ачууң кечиңиз?!
Камчыдан түшкүн чечиңиз,
Камсыкпай каарың кечиңиз?!
Таарынып элди кыйратпай,
Талабыңа жетиңиз!
Кана, таарынган менен неттиңиз?
Кайнатаңдын калаасын
Талкалап таштап кеттиңиз,
Эл бүлүндү, чабылды,
Не мураска жеттиңиз?»
Кыз чыгып тосуп кылкылдап,
Желбиреп сүйлөп Сани кыз,
Жез комуздай шыңкылдап.
Күлсө тиши жарк этип,
Күзгүдөй өңү жалт этип,
Күкүктөй үнү шаңк этип,
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчудай ыргалып,
Лагыл алтын жыгасы
Оң чекеде кырданып,
Чылбырдан Каныш алыптыр,
Кыздын сөзүн кайтарбай,
Кырып ий – деп, айта албай
Кыраан эр токтоп калыптыр.
«Калыңмал айдап келдиң–деп,
Кайын журтум экен дедиң–деп,
Кандайлыктан жездеке,
Капилет калкты жедиң – деп,
Итчилик бизде, көрдүк – деп,
Ар не десең көндүк – деп,
Санирабийга баланы
Никейиңе бердик – деп,
Кара кыргыз каныcыз,
Каапырларды бүлдүргөн
Каары катуу жаныcыз.

Кан баласы Канышты
Никейиңе алыңыз!
Магшар күндө күбөбүз
Кыйба, тажик баарыбыз,
Алып тынчып жаныбыз,
Кандын никейинде – деп,
Катаасы жок күбө бол
Кара кыргыз баарыңыз!»
Абылкасым аны айтып,
Арстан эрди далайтып,
Абасы Бакай, Кыргыл чал:
«Биз да күбө болдук» – деп,
Билимдүүнүн баары айтып.
Кыргыз, кыйба колуна,
Колдун тосуп жолуна:
«Санирабийганы
Самап келген кыргыздын
Никейине бердик!» – деп,
Абылкасым аттанып,
Айгайды журтка салыптыр,
Кандын никейинде – деп,
Калайык угуп алыптыр,
Санирабийганы
Түркөйү кыргыз түк билбей,
Андан кийин атагы
Каныкей атка калыптыр.
Каздай мойну созулуп,
Каныкей менен кошулуп,
Кошо барган кырк кызы
Кошулган экен магбузда
Кырк баатырга жылдызы.
Уюган чаңы жазылып,
Урушу тарап басылып,
Алдырап турган Атемир
Кызы көңүл бергенге
Умачтай көзү ачылып,
Уучтаган колу жазылып,
Казыначы кайда? – деп,
Дүнүйөгө асылып,
Кыз, күйөөнүн жолуна
Жүз миң дилде чачылып,
Кыргыздын алып барганы
Үч жүз төө нар экен,
Үч нарына жүктөгөн
Кызыл дилде зар экен.
Садагага зар чачты,
Кудайы кылып алсын – деп,
Казынасын дагы ачты,
Кара мал, алтын, күмүшкө
Калктын башы адашты.
Кылдырган экен Атемир
Кыйладан бери бүлүнүп,
Кыраан Манас баатырдын
Кыйындыгы билинип,
Жошо кошпой сырдаган,
Шамал согуп, жел тийип
Ысыкка жакшы болот – деп,
Боз үй кылып чыңдаган,
Үзүктөрүн кылдаган,
Ууктарын учтаган,
Туурдуктун баарысын
Учуга менен тыштаган,
Түндүгүн алтын чаптырган,
Зымдар боодон тактырган,
Кырк бир отоо үйүнү,
Чечилди кыздын түйүнү,
Кашар-Дөбө оюна,
Кара суунун боюна
Тигилди келип үйлөрү,
Үй башкарып тиктирген
Ата уулунун бийлери,
Кара камыш кышадан
Калай турган чийлери.
Камыштан чийин калаар – деп,
Каныкей мурун билгени,
Ойлогон экен башында,

Он эки жарым жашында.
Алыска барган аңчыдан,
Кыш-кыштаган малчыдан,
Соодагерге кошулуп
Сонунду көргөн жалчыдан
Арбыта берип акысын,
Ыраазы кылып бакисин,
Тасма чийден тарттырып,
Жаш күнүнөн Каныкей
Жакшы көргөн боз үйдү,
Талабын кудай арттырып,
Жибек менен чырмаган,
Кашындагы нөкөрлөр
Аш кайнамга тынбаган,
Антип жүрүп апаңыз
Ак сарай үйүн чыңдаган.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Сексен нөкөр жиберип,
Сексен эки канат чий
Алып келип, ар үйгө
Эки-экиден имерип,
Келтирип үйдүн борумун,
Түзөтүп түптүз орунун,
Карап эми көрүп ал
Каныкей кылган сонунун:
Машаты килем салдырып,
Барча, буулум, дүрүйө,
Баасы кыйын дүнүйө,
Мамыктан жаздык алдырып,
Атлес, шайы, тубардан
Алты жүз жууркан салдырып,
Арбын экен булардан
Доолон, чүчтө, марадан,
Каапырай, кайда койгон? – деп,
Атемир баштап баары адам
Айран болуп караган,
Алтын чайдоос даңкандан
Алтымышын алпарган.
Кырк жашаган катындай
Кыйбатты жыйган бир далай.
Такта коюп жүк жыймак
Так ошондон калыптыр,
Атасы бирге болсо да
Айылы бөлөк, көрбөгөн
Казактар төшөк салыптыр,
Тактайлап жүгүн жыйбастан
Салылуу төшөк калыптыр,
Каныкей жүгүн жыйган – деп,
Кара кыргыз борумун
Как ошондон алыптыр.
Кары-жаштын баарысы
Каныкейге ыракмат
Арбын айтып салыптыр,
Кырка тиккен кырк үйү,
Кызмат кылды кырк бийи.
Кызым болсо берсем – деп,
Кыз сурашып бир бирин
Кубанычка калыптыр.
Кошо келген кырк нөкөр,
Кошулушун карап көр.
Астынын жашы он сегиз,
Он алты жарым аягы,
Ар кайсысы бир үйгө
Кыздар кирди тептегиз.
Ай төгөрөк үйлөрү,
Андайын мурун билбеди,
Аалимдик кылып иш билген
Ааркүл аттуу кыз барып,
Каныкейге жакын үй
Ааркүл орун алыптыр,
Ага катар бир үйгө
Арууке кирип калыптыр.
Аруукеге жанаша,
Аңдасаң мындай тамаша,
Саягүл кирип калыптыр,
Удаалаш кирди Улагат,

Ушуга катар Кыяпат,
Барды катар Батмасам,
Буга катар Бурунас,
Серпилип кирди Сейилсам,
Ага кирген удаалаш
Отор бий кызы Сейилкан.
Тал чыбыктай буралып,
Ташбүбү кирди бир үйгө,
Салакасы башкача
Санамкан кирди бир үйгө.
Абылкасым кызы экен,
Азелкан – деп, аталган
Акылмандын өзү экен,
Атам тең – деп, токтобой
А да кирди бир үйгө.
Маарамбүбү, Балкыя
Бир-бир үйдөн кириշти,
Бир-бир эркек тиерин
Айтпай-дебей билишти.
Кузабүбү, Тизекан,
Тизген бермет баштанган
Баары окшошкон кандай жан!?
Маматбек кызы Мааранкан,
Акылы жетик Албүбү,
Карабек кызы Калбүбү,
Букарлык кызы Мунускан,
Сонунбүбү, Бурмакан,
Талапбүбү, Арышкан,
Талабы артык кандай жан?!
Тилеке кызы Көгүчкөн,
Тигилген адам көрүштөн,
Удайчы кызы Чынайткан,
Үркөрбүбү, Жанымжан,
Миңбайдын кызы Акчабак,
Кейипбай кызы Серсабак,
Талчыбыктай Талмаарам,
Санарбүбү, Айымжан,
Начарбүбү, Калемкаш,
Аталары журтка баш.
Дилде, Буруш, Сулайка,
Тигилер адам буларга!
Төлөөбийдин Өкүмкан,
Акылдын кызы Айымкан,
Турна моюн Турсунай,
Батмабүбү, Шыңгынай,
Нөөмөттөшүп бир бирден
Үйгө кирди жайма-жай.
Уругу кара кыргыздан
Улуусу экен Бакай кан,
Жашы келген отуз беш,
Жардап турду ошо кез.
Отуз төрттө Кыргылы,
Ойротту жеңген дыңгылы,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздан кыраан Кутунай,
Кара токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Алчындардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үч тамганын Жайсаңы,
Аргын Каракожосу,
Арстан эрге кошосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Албандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Топ башкарар Токотой,
Калк башкарар Калкаман,
Эл бийлээри Элеман,

Серек менен Сыргагы –
Серпишкен жоодо чыйрагы,
Коңгуроо уулу кош Абыш,
Кош текшерер эр Ыбыш,
Аймандардан Алакен,
Арстан Мажик бар экен.
Нойгуттардын Чубагы,
Оёндун бири бу дагы.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Каратүлөө Кабыке,
Жаангер уулу Жабыке,
Алооке уулу Бооке,
Ырчы уул, Боз уул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Кадыр жайнак Шууту,
Түмөн жайнак куусу,
Кырк баатыр кырка туруптур,
Арбактуу элден кыз алып,
Ал кезде кыргыз тунуптур.
Аксакалы Атемир
Арбагымды көтөр – деп,
Жалынганы бир теңир.
Жалпы турган мусулман,
Тажик, калча канча жан,
Кырк миң турган кыйбадан,
Кыз көрмөккө ынтыгып
Кыйноо тарткан канча жан.
Тойго какчу нагыра
Атемир азыр чалдырды,
Ак сакалдуу улама,
Аңдап көрсөң буларга,
Алтымышын алдырды.
Никеге кутпа окутуп,
Аалимдер сайын бир-бирден
Жылжыган жорго токутуп,
Бири күйөө, бири кыз,
Бири астар, бири тыш,
Жаратканы алсын – деп,
Жарашпаса которуп
Бир-бирине барсын – деп,
Кааласа моюн сунсун – деп,
Каалабаган эркеги
Катышпастан турсун – деп,
Кыз тандасын бир күнү,
Кызыкпасын бир түнү,
Аңдасын жигит бир күнү,
Шашпаңар – деп, бир түнү,
Эрк берди кыздын өзүнө,
Эр жигиттер карап көр
Эртегинин сөзүнө.
Тандоону койду эркекке,
Эркектер калды эмгекке.
Кыз тандасын, тийсин – деп,
Кызык болгон бу бир кеп!
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кысталышып турушту,
Кылым журттан ким көргөн
Кызык мындай жумушту.
Санирабийга балага
Ашыктык түшүп санаага
Сандыргалуу Манасы,
Каныңа нике кылдык – деп,
Айткан ата-анасы,
Каныкей – деп, ойлонсо
Кара кан өтөт ичинен
Кабылан баатыр Манасы.
Каны мен – деп, ойлонуп,
Карап турган эр Манас
Каныкей үчүн толгонуп.
Анда Манас кеп айтат:
«Ай, баатырлар, – деп, айтат,

Тандатып кызга жүргөнчө
Тамаша болсун дүрбөөнгө
Талаага чыгып баралык,
Жарышып келип калалык,
Таалайыңа кандай кыз,
Так ошону алалык.
Баатырлар ушу кандай?» – деп,
Манас айткан бу бир кеп,
Кыргыз менен кыйбасы
Кызык болсун шондой – деп,
Макул көрдү кыйласы.
Кырк бир баатыр баарысы
Талаага чыгып жарышып,
Кыйла жерге барышып,
Кырка туруп алышып,
Тартты кайра шол жерден
Жаш баладай жарышып.
Чаң артында буркурап,
Чабуулдашып чуркурап
Кырк баатыр жолго салыптыр,
Алмамбеттин Сарала ат
Астына чыгып алыптыр,
Артынан Бакай барыптыр,
Андан кийин эр Сыргак
Өтүп кетип калыптыр.
Өкүрөң албай чоң Кула
Өксүп өзү калыптыр,
Өзү кылган ишине
Өкүнүчтүү болуп барыптыр.
Кырк баатырдын баарысы
Кыздан кандай тиет – деп,
Кысталышып барышты.
Сарала чурап тез келип,
Сандыргалуу Алмамбет
Эң мурунку тигилген
Аруукенин үйүнө
Алмамбет баатыр кез келип.
Жолукту – деп, кандай кыз
Жоо бөрүсү Алмамбет
Үйгө кирип барыптыр,
Үтүрөйгөн кара кыз
Алмаңды көрүп алыптыр.
Кытай деген ушу – деп,
Кыздардан угуп калыптыр,
Апсун окуп, дем менен
Албарсты болуп алыптыр,
Үтүрөйгөн кара кыз,
Тирүү пенде карагыс,
Үйдө олтуруп калыптыр.
Артынан Бакай барыптыр,
Атын байлап, эр Бакай
Нааркүлгө кез келди,
Көкчолок чуркап тез келди,
Отуз беште Бакайга
Ойсураган сулуу кыз,
Оёндор сөзүн угуңуз!
Көкказыгын чуратып,
Көтүнөн чаңын буратып
Көсөл Сыргак барыптыр.
Саягүл сулуу зымпыйып,
Алгыр куштай кымпыйып,
Атка чаап аман келдиң – деп,
Алла буйруп азелден
Аташканым менин – деп,
Баатырлыгын билиптир,
Чаңын кагып бөркүнүн
Кызматын кыла кириптир.
Төртүнчүсү Ажыбай,
Карала ат чуркап жетиптир,
Кан Ажыңыз нетиптир?
Кандай кыз экен үйдө? – деп,
Ажы бий кирип кетиптир.
Уруада жок Улугат,
Урматтуу эрге жолугат.
Кутубийдин Акбакай,
Улаан күлүк бир далай,

Бешинчи болуп барыптыр,
Бери кызындай Кыяпат
Бетине келип калыптыр,
Берген кудай муну – деп,
Бекке ылайык Кутунай
Бетине келип калыптыр.
Алтынчы болуп аркырап,
Маңдайы кашка жаркырап,
Мажиктин аты Керкашка,
Малдан шаңы бир башка,
Барган экен жүгүрүп,
Басып чыгып Батмасам
Алла кошкон жарым – деп,
Атын алды бүгүлүп.
Жетинчи болуп жүгүрүп,
Жээрендей шаңы бүгүлүп,
Токотойдун Тору аты,
Тоорулчу эрдин канаты,
Тору ат келип калыптыр,
Кез келем кандай кызга? – деп
Келип кирсе Токотой
Бурунас турган буралып,
Муну көрүп Токобек
Муңу чыгып кубанып.
Сегизинчи ат болуп,
Чалыбай келди шат болуп.
Чаар аттын мойну тер болуп,
Чаалыгып келип бу турду
Чапканы алыс жер болуп.
Серпилип үйгө кириптир,
Сейилсам кызды көрүптүр,
Кечи качан кирет – деп,
Чал акең шашып өлүптүр.
Тогузунчу Чубагы,
Кандай мага кез келет,
Апкаарып келген бу дагы.
Сейилканга кез келип,
Тердеп турду бу дагы.
Онунчу болуп Калкаман,
Кара аты жетип аркадан,
Ташбүбүгө кезигип,
Таалайы артык кандай жан.
Он биринчи Чалиги,
Темгил кызыл аты бар,
Бери уулундай заты бар,
Тепең уруп каркыбар,
Чалигиң келди сүйүнө,
Санамкан кыздын үйүнө.
Боркара менен болкулдап,
Желүүгө келбей солкулдап,
Боовек келген артынан,
Минген атын чабышып
Бир-бир кыздын дартынан,
Он экинчи болгондо
Азелканга ал келди.
Аркасынан удаалаш
Атайдын аты Карабоз
Аркардай чуркап да келди.
Маарамбүбү кыз экен,
Акылмандын өзү экен,
Атайга келген кези экен.
Он төрт болуп илинди,
Шаабектин аты Шалпаңкөк
Күлүктүгү билинди,
Барган бойдон Шалпаңкөк
Балкыяга илинди.
Балкыя деген кыз экен,
Башкача сулуу өзү экен.
Он бешинчи болгону
Кожонун аты Желтаман,
Кусабүбү бир кызга
Келип калган кези экен.
Боокенин аты Алагер,
Кезегинде кыргыздар
Айнектей кыздан ала бер,
Тим турбастан Бооке

Тизеканга бара бер.
Он жетинчи барыптыр
Шүкүрдүн аты Алаяк,
Калбады Шүкүр жан аяп,
Маарамкан кызга барып бак.
Он сегизи Жайсаңы.
Ачбуудан аты бүгүлүп,
Албүбү кызга жүгүрүп,
Ачбуудан аты тез келди,
Албүбү кызга кез келди.
Он тогузу болгону
Албандардын Алтайы,
Аламойнок аты бар,
Калбүбүгө бет алып
Каршы келди каркыбар.
Ал кезекте кыргыздын
Ааламды бузган даңкы бар.
Жыйырманчы Жоорунчу,
Букарлык кызы Мунускан,
Бу да кыйла дурус жан.
Жоорунчунун Салкүрөң
Жыйырма болуп жетиптир,
Мунускандын үйүнө
Жоорунчу кирип кетиптир.
Жыйырма бири Төртайы,
Жыйылган элдин далайы,
Бир жеринде бөлөк жок,
Баарынын бирдей сарайы.
Төртайдын аты Салкүрөң,
Салкүрөң самсып барыптыр,
Сонобүбү кыз экен,
Тобунан чыккан уз экен,
Төртай көрүп кубанган,
Кара кыргыз балдары
Калбаган арман булардан.
Жыйырма экиси Төлөгү,
Төлөктүн аты Төөкара,
Бурмажан кыздын үйүнө
Буластап Төлөк жөнөдү.
Жыйырма үчүнчү Сереги,
Серектин аты Наркызыл,
Талапбүбү үйүнө
Сезбеген Серек жөнөдү.
Жыйырма төртү Агыдай,
Агыдайдын Алакөк,
Ал кезекте кыргыздын
Аңгемеси андан көп,
Арышкан кыз туш болуп,
Агыдай көөнү куш болуп.
Жайнактын аты Чалаңкөк
Жаадай учуп жетиптир,
Көгүчкөн кыздын үстүнө
Жалмандаган боюнча
Жайнак кирип кетиптир.
Түмөндүн аты Наркызыл
Түйүлгөн бойдон жетиптир,
Чынаяткан кыздын үстүнө
Түшүп кирип жетиптир.
Жыйырма жети болгону
Кайгылдын аты Карагер,
Үркөрбүбү сулууга
Үстүнө кирип бара бер.
Бөгөлдүн аты Бөрүкөк,
Жүгүрүшү бир бөлөк,
Түтүндөй болуп барыптыр,
Жанымжан кыздын үйүнө
Түшүп кирип калыптыр.
Жыйырма тогуз болгону
Ырчынын аты Чабдарат,
Ыргыштап чуркап бу барат,
Акчабак деген кыз көрүп
Андан бетер кубанат,
Акчабагын караса
Атилес кийип буралат.
Отузунчу Кербени,
Октору деген аты бар,

Серсабак кызга бет алып
Жетип келди каркыбар.
Барча кыргыз ал кезде
Бадышадай баркы бар.
Отуз бири Дөрбөнү,
Дөрбөндүн аты Дөңкара,
Талнаарам кызды көргөнү.
Отуз үчүн караса
Боз жигит аты жөнөдү.
Бөгөлдүн аты Бөрткула,
Санарбүбү кыз келди
Бөрү жолдуу так буга.
Артынан Боз уул барыптыр,
Нарбуурул деген аты бар,
Айымжан деген бу кызга
Боз уул келди каркыбар.
Отуз төртү Тазбаймат,
Аскара деген аты бар,
Начарбүбү сулууга
Байматың келди каркыбар.
Ал кезекте кыргыздын
Тамаша менен уруштан
Тартынбаган наркы бар.
Отуз беши Түлөөсү,
Ошолордун баарысы
Оён Манас баатырдын
Ооган жерде сүйөөсү,
Калемкаш кызга барганы,
Кан Манастын кырк чоро
Калды бекен арманы?
Ошолордун баарысы
Калмак, маңгул, казакта
Кара кыргыз зардалы,
Түлөөнүн аты Карагер,
Калемкаш болуп алганы.
Дилдебуруш сулууга
Жабыкенин Кылжейген
Жаадай учуп барганы.
Ыбыштын аты Телкүрөң
Ыргычтап келип калыптыр,
Суксур моюн Сулайка,
Ыбыш ага барыптыр.
Аксур деген аты бар,
Отуз сегиз болгондо
Алакен кирди каркыбар,
Өкүмкан деген кызга туш,
Баатырлардын көңүлү
Болду бүгүн баары куш.
Айгымдардын Калдары
Аксур менен барганы,
Айымкан болуп алганы.
Ал кезекте алаштын
Арылгандай арманы.
Кыркы болуп Кызайдын
Кыясказы барганы,
Кыйгач каштуу, түймө баш
Турсунай кыздын үйүнө
Туура келип калганы.
Кырк бир болуп кыйкырып
Көккоёндун Көкжорго
Көшүлүп кирип барыптыр,
Батмабүбү сулууга
Барып турду да буга.
Кырк экиси Акпайы,
Акжал менен секиртип,
Арткы этегин желпинтип,
Азыр келип калганы.
Шылдыр чачпак, жылан көз,
Жыгалуу бөрк, ширин сөз
Шыңгынайга келди кез.
Аркасынан албаңдап,
Аккула менен далбаңдап
Арстаның Манас барыптыр.
Ак сарайдан буралып,
Ак маралдай суналып,
Ак чүчтө кийип чубалып,

Сандыргасы санда жок,
Салтанаты жанда жок,
Улук бейил анда жок
Санирабийга чыгыптыр,
Ыргала басып теңселип,
Аккуланын дүбүртүн
Алыс жерден угуптур.
«Атыңыз күлүк экен!» – деп,
Кылайып күлүп туруптур.
«Канжар тийген колуңуз,
Каныштан болсун жолуңуз,
Каарданбай, төрөм, коюңуз,
Катаалдык кылат экен – деп,
Бузулбасын оюңуз.
Баарысын көрүп сабылдым,
Аяк болуп турсам да
Бактыма, төрөм, табылдың!
Арстаным, бери келгин – деп,
Атыңды түшүп бергин» – деп,
Оюна койбой оодарып
Оёндун атын алыптыр,
Оолжуй басып жеңеңиз
Орунду небак салыптыр.
Кубанычтуу күндө күнөө жок,
Куюп күндө жүргөн жок,
Баштатан мындай дүрбөөн жок,
Мас болуп алар жүргөн жок,
Найманадан алдырган,
Алтымыш көөкөр аркытка
Күчү кайтып калат – деп,
Күчала туурап салдырган,
Алдырып келип арагын,
Аземдерин карагын,
Жез челекке куйдуруп
Жети меште шарабын,
Кыз экенден күтүнгөн
Кыйындыгын карагын.
Шекер-шербет, бал менен,
Жая коюп, жал менен,
Сексен түрлүү нан менен,
Кырк баатырдын баарысын
Кыздары менен чакырып,
Жайын көргүн Каныштын
Дасторкон жайып салышын.
Эртеси жок кечинде,
Күн батар жакын кезинде
Күйөө менен колукту
Үлпөткө минтип жолукту.
Мас болгонуң баса тур,
Байкашып сыры-сыпатын,
Басык иш кылбай, таза тур.
Мен ушуга тийбей – деп,
Армандуу кызда калбасын,
Кырк баатыр кырка оолак тур,
Кыздардын көзүн байласын,
Жабыла басып бу кыздар
Бирден-бирден кармасын.
Кармаганын кас кылып,
Бирөөнүкүн бирөөбү
Билмексен болуп албасын.
Кырк жерге барды кырк баатыр,
Кыздар көзүн байлатып,
Кырк чорого келатыр.
Колдорун жазып жетиптир,
Аты келген күйөөсүн
Өз-өзү кармап кетиптир.
Үркүп бою турса да
Үтүрөйгөн кара кыз
Алмамбетке жетиптир,
Атемирдин Каныкей
Манасты кармап кетиптир.
Ачып көзүн караса
Аты келген жигитке
Калган экен кармаша.
Анда Алмамбет муну ойлойт:
Калабалуу кара кыз

Калды мага жармаша.
Түрүн бузуп түрлөндү,
Алмамбетти сүйбөдү,
Катарында кырк чоро
Баарына тийди сары кыз,
Мага кандай кез болду
Ботала болгон кара кыз,
Алмамбет аны сүйлөдү.
Сулуулугун, сымбатын,
Арзан менен кымбатын,
Табылбаган айып – деп,
Уругу улук Кайып – деп,
Нускасынан бу кыздын
Эч таппайсың майып – деп,
Сани кыз аны сайрады.
Арууке кайда кеткен? – деп,
Кырк бир кыздын баарысы
Кыяпатын карады.
Кайдан келген бу кыз – деп,
Калабалуу куу кыз – деп,
Бир бирине карады.
Тааныбайбыз муну – деп,
Катарга алып ким жүрсүн
Салпылдаган кууну – деп,
Кыздар күлүп каткырып,
Катындар көрүп каткырып.
Каныкей билип мүнөзүн
Кадыр Алла колдо – деп,
Жараткан атын жат кылып,
Арууkeгe бет алып
Аста келип сөз салып:
«Капа кылба канды – деп,
Каапырдан болгон мусулман
Касиеттүү жанды – деп.
Кадимки түрүң салгын – деп,
Кандайлыктан кубулуп
Кара кыз болуп калдың?» – деп,
Каныкей келип асылды,
Кайыптын кызы Арууке
Үндөбөстөн басылды.
Какандын кашка тунугу,
Калың кытай улугу,
Адамдан бери айныбай
Ант урган Кабыл уругу,
Орто Азия, Түркстан
Ушу күндө туругу,
Оңой дебе муну сен,
Оёндун бири бу дагы,
Жаяндын бири суудагы,
Жакшынын бири бу дагы.
Байкабасаң сөзүмдү
Манас алсын өзүңдү.
Алсын Манас сени – деп,
Алмамбет алсын мени – деп.
Кайсысы болсо бир эркек,
Таалайга түшсө мейли – деп,
Шариятсыз болбойлук,
Бар кудайым буюрса
Башынан ишти оңдойлук.
Ушу келген кырк бир кыз
Ортого туруп жайлансын,
Оолакка чыгып эркектер,
Баарынын көзү байлансын,
Ачпай келип көздөрүн,
Асталап келип өздөрүн,
Бир-бирден кызды кармасын.
Туткан кызга турулсун,
Учтаган кызга урунсун.
Кармаган кызга кабылсын,
Мындан артык калыстык
Кайдан бизге табылсын?»
Муну айтып Каныш салыптыр,
Ал турган жандын баарысы
Айтканын макул алыптыр.
Ким турат ушу жалганга,
Кызык болсун калганга,

Муну да бир кылалык,
Сай кашкалар куп көрдү
Сани кыз айтып салганга.
Кыздарды бөлөк айдады,
Кырк баатыр көзүн байлады.
Кыздар турду кыңк этпей,
Кырка турду былк этпей,
Манас баштап баарысы,
Бакай, Кыргыл карысы
Бала ойногон немедей,
Барча кыз турду кебелбей,
Басып аяк былк этпей,
Баары унчукпай кыңк этпей
Кыз кыркалаш калыптыр,
Кырк баатырдын баарысы
Кайдалашып барыптыр.
Билгендей баары жетиптир,
Бир-бирден кармап кетиптир.
Аттары келген кыздары,
Айныбай анык өздөрү
Ат келген кызын тутуптур,
Алмамбетке кез келип,
Андан бетер Арууке
Дагы түрүн бузуптур.
Тутар Алмаң зилини,
Арууке тантык кыз болуп
Туура чайнап тилини.
Алмамбет ачып көзүнү,
Ал жаман кыздан да көрдү,
Азыр келип өзүнү,
Аңдап көргүн калайык
Арууке айткан сөзүнү.
Каныкейге кеп айтат:
«Эжеке, тыңда – деп, айтат.
Кыйгыз эли түйүк – деп,
Кытайдын эли бүйүк – деп,
Кандай мага туш келет
Кайта-кайта жүйүп – деп,
Башка кыздын баайысын
Кыйгыз алат экен – деп,
Башы боолуу немедей
Кытайга кандай кетем?» – деп,
Арууке сөзүн салганы,
Айтканын угуп Каныкей
Ачуулана калганы.
«Айтпагын андай сөзүңдү,
Ачып кара көзүңдү.
Аасылык болор мунуңуз,
Адам бенде болгон соң
Ак тааланын кулубуз,
Анча-мынча сөз айтам
Насиятым угуңуз.
Алтын, жездин кени бир,
Аягы эки, кол эки,
Адамзаат дени бир,
Алмамбет арстан ойлоп тур
Наадан го – деп, сени бир.
Нары жагы кени бир,
Алтын кандай бөлүндү?
Байкагын жез менен алтынды,
Баары турат саргарып,
Себебин недир ойлогун,
Алтын артык көрүндү,
Азып келген кытай – деп,
Айнытпагын көөнүңдү!
Күмүш да бар, калай бар,
Күмүшкө калай жетмеги
Дүнүйөдө далай бар.
Аземдеген сарай бар,
Баары жердин топосу,
Сарайга топо жетмеги
Санап турсаң далай бар.
Сарай болду иштеген,
Сан журтунан бөлүнүп
Жакшылык жолун издеген.
Албайсыңбы ибарат

Чагып турган мистеден
Тышы сөөк, ичи дан,
Көп топодон бөлүнүп,
Сарай болгон бу бир жан,
Териси калып жеринде,
Мистеден чыккан бу бир дан,
Уучтап турган каканды
Урматы артык улук жан,
Өнөрү артык өзгөдөн,
Айбаты артык азиз кан».
«Түрктөн эмес, кытай – деп,
Түгөнсүн сөзүм мындай – деп,
Калкым айтар ушак кеп:
Арууке качып адамга,
Кайыпты чанган кара бет,
Кыдырып жүрүп тийиптир
Кытайдан келген нааданга.
Намыс үчүн тийбейм – деп,
Арлыктан моюн ийбейм – деп,
Түрк уулунун типти бир
Малайынча билбейм» – деп,
Арууке сөзү басылды,
Андан келип Каныкей
Алмамбетке асылды.
«Бериден эмес, кайыптан,
Сиркедей бузук жери жок
Бенделик катаа айыптан.
Сулуулугу, сымбаты
Кыз бүткөндүн кымбаты.
Өзү назик, жүзү нур,
Өз жайына тим коюп,
Азгана күн күтүп тур.
Аяшым сөздү оюңа ал,
Алдап-соолап боюн ал.
Антпесең кайып жоголор,
Аргасы кетсе оңолор.
Менден да артык акылы,
Берер көөнүн акыры.
Баарыбыздан ыраңдуу,
Балакеттүү кайып бу.
Кара бойдо кээри жок,
Кашыкка куйган кара суу,
Карагат көздүү, кан жүздүү,
Кашы кара, ай түстүү,
Теңшебей турат бу сизди,
Атасы кытай экен – деп,
Алек кылды бу бизди.
Келбетин бузуп кейитти,
Сүрөтүн бузуп сүйрөдү,
Сүйбөстүн кебин сүйлөдү.
Борумун бузуп бозорду,
Айласын мунун таппадым,
Манаска тийсе жараар – деп,
Башында муну баптадым,
Айласын мунун ким табат
Амалдап алдын тосорду.
Кошулдум он бир жашында,
Алты жылдан бери жакка
Аралаш жүрөт кашымда.
Акылга дыйкан, өзү уз,
Ааламга келбейт мындай кыз.
Айтканы түркү, сөзү түз,
Адамга багып күлбөгөн
Атасы кайып, өзү суз.
Атайы жаман өзү – деп,
Айныбаңыз андан сиз,
Ашкере артык экенин
Аңдаганбыз аны биз.
Жаман кара кыз бойдон
Жарады – деп, алыңыз,
Кыз келбетин бир салса
Корунганбыз баарыбыз».
Санирабийга кыз
Сайрап айтты кыйла сөз,
Көпчүлүктүн баарысы
Угуп турду көзмө-көз.

Алмамбет макул алыптыр,
Аруукеге бет алып
Асталай басып барыптыр.
Баштагыдан бешбетер
Туурук таман, тулга бет,
Карасы казан көөсүндөй,
Карап турсаң мүнөзү
Кадимки чордун өзүндөй,
Таш тулгадай бети бар,
Таар каптай эти бар,
Түйдөк кара чачы бар,
Түйүлгөн жаман кашы бар,
Деңгенедей башы бар,
Жыйырмадан ашык жашы бар,
Таманы төөдөй буту бар,
Саңырсыган жыты бар.
Тура албады жанына,
Кайра басып Алмамбет
Келди Манас канына:
«Нур кызынан болсо да
Ушунуңду албадым,
Атым чыгып келди – деп,
Алган болсом бу кызды
Арылбас менин арманым.
Мени чанган бу кызды,
Мен албадым, баатырым,
Бери ургандай куу кызды.
Бери да болсо албадым,
Алайын десем эң жаман,
Арылбай кетер арманым».
Ал сөздү айтып салыптыр,
Алмамбет менен Арууке,
Ал экөөнө дүрбөшүп,
Кыз-күйөөнүн баарысы
Уктай албай калыптыр.
Бир төшөккө жата албай,
Бир ууртам даам тата албай
Ачка калды, таң атып,
Арууке элди жадатып.
Ачууланып эр Манас,
Айбатынан чыдабай
Астына келди көп алаш.
Кайраттандың баатыр – деп,
Кандай болот акыр – деп,
Найзанын учу жаркылдап,
Асабалар жалпылдап,
Кара кыргыз аскери
Аттанып алып калкылдап
Баары келди Манаска,
Байкаган экен Атемир
Балакет түштү алашка.
Колуна кызды алды – деп,
Санирабийга баланы
Саркерделер кутпа окуп,
Кечээ берип салды – деп,
Бүгүн мындай дүрбөөнү
Кайдан чыгып калды – деп,
Билип берсин аны – деп,
Жакыпка кабар салыптыр.
Жанай менен Көкөтөй
Чапкылашкан боюнча
Эр Манаска барыптыр.
Не дүрбөттүң элди? – деп,
Эси чыгып кайнатаң
Кабары бизге келди – деп,
Кыйнабачы куруган
Кыйба, тажик элди – деп,
Кан Көкөтөй барганы,
Канкорго айтып салганы.
Айбатка бою батыптыр,
Арстан Манас баатыры
Аттанганы жатыптыр.
Ачууланып, күүлөнүп,
Атырылып сүйлөнүп:
«Атемирдин мазагы,
Абыдан өттү азабы.

Кыярды жыйып кызым – деп,
Аярды жыйып аял – деп,
Алдап жүрүш кандай кеп?
Балааны жыйып балам – деп,
Басып жүрүш кандай кеп?
Кайыпты жыйып карам – деп,
Карап жүрүш кандай кеп?
Берини жыйып, бек айтып,
Меники баары-деп айтып,
Мээнет кылып биздерге,
Баарын таштап кыздардын,
Башыма түшкөн чоң мүшкүл,
Башкадан кыз издээрге
Оюма келип оолуктум,
Оюн-чынын билбеймин,
Оёндорум жакпаган
Олуяга жолуктум.
Кыз албасам кечейин,
Кыйба – деп жүрүп нетейин,
Кырып таштап кетейин.
Кара кыргыз кыйбадан
Катын албай коёюн,
Калкынын баарын соёюн.
Каадаланган кыздарын
Кара көзүн оёюн.
Кадага баарын мингизип,
Какпай казык киргизип,
Бирин койбой ойрондоп,
Билбегенин билгизип
Таштап салып кетем – деп,
Алмамбет куру калган соң
Алып катын нетем» – деп,
Ачууланып бекемдеп:
«Каработк менен Акылай,
Кара кыйба кыздары
Катынымдан булардын
Кай жери артык экен?» – деп,
Каарын баатыр салыптыр.
Кан Жакып баштап карысы,
Акбалта менен Бердике,
Аксакалдар барышты.
Ак ала сакал Ошпур бай,
Байжигит менен Акымбек
Манаска балаа болду – деп,
Кыргыздын келди карысы.
Кыраан эрдин аз калган
Кыйкырып добул кагышы,
Кыйкырып добул бир какса
Кырк баатырдын белгилүү
Кыямат кайым салышы.
Кылаарын угуп кыраандын
Кыйба, тажик барышты,
Кылыксынбай турбай – деп,
Кыздарын жемеге алышты.
Кыздардын баары кеп айтат:
«Отуз беш жашта алды бар,
Ошондон ылдый баары бар,
Аркасы жыйырма сегизде,
Адамдан мындай болорбу
Асмандан түшүп келбесе
Напсиси өлүк бериште.
Кыздар кирди бир-бирден
Кырк эки отоо сарайга,
Кылган иши калыстык,
Кызык болду далайга.
Ата уулдашып бөлүшпөй,
Артык-кем – деп, талашып,
Намысташып өлүшпөй
Бир үй сайын бир кызды
Киргизип бизди тургузду.
Ай-талаага баралы,
Алыска чыгып алалы,
Атка камчы салалы,
Жарышып келип бир-бирден
Таалайга түшкөн кыз болсо
Так ошону алалы.

Бул сөздү айтып кетишти,
Жарышып келген баарысы,
Таамай отуз беште экен
Кырк жигиттин карысы.
Кыргыл – дейт, бирөө отуз төрт,
Кыялына карасак
Кылымга бүткөн кызыл өрт.
Бир-бирден бизди алышты,
Артык экен – деп, айтарга
Адамдын көзү жетпеди,
Ар кимиси бир кызга
Ат жарышып жеткени.
Алмамбет деген бар экен,
Жыйырма сегиз жашында,
Кытайдан келген бала экен,
Кытай экен, тийбейм – деп,
Аруукe деген бар экен,
Апсун билген молтолуу,
Аруукe кылды жолтоону.
Адам эмес, кайыптан,
Сани кыз баштап баарыбыз
Азыр аман турабыз,
Ат-аты келген жарыбыз,
Кылайган жок катабыз.
Кыздар көзүн таңышты,
Карайлашып барышты,
Аты келген жигиттин
Өз-өзүн кармап алышты.
Жигиттер көзүн таңышты,
Жинди болгон немедей
Тегеренип калышты.
Кыз олтурду кыңк этпей,
Кылайып бирөө былк этпей.
Өз-өзүн кармап алышты
Ушу келген кырк кыздын,
Нускасы артты кыргыздын.
Улуусу экен Аруукe,
Нуру күндөй балкыган
Сулуусу экен Аруукe.
Он жетиде жашы бар,
Оролгон кара чачы бар,
Оймок ооз, калем каш,
Таш көөкардай башы бар,
Кайдан тапкан жан билгис
Шекер-шербет ашы бар,
Аш кемисе дапдаяр,
Азыр бизге берчү эле,
Айрылбайбыз баарыбыз,
Адамзат канына
Мен тиемин дечү эле.
Энеси кайда, эли жок,
Эч адам көргөн жери жок,
Атасы кайда, айылы жок,
Айылы кайда экенин
Адам билер дайыны жок,
Азыркы кылган жумушун
Аңдап турсак жайы жок.
Аркабыз он беш жаштабыз,
Кейишке калдык ушундай,
Кечээтен бери ачкабыз.
Кубансак күнөө болбос – деп,
Куюп алган аркытка
Алтымыш көөкөр арак тур,
Аштыкана үй толуп
Аш-тамак жайнап карап тур.
Аш-тамактан татпадык,
Күйөө менен биригип
Күлүп-ойноп жатпадык».
Кыздар айтты көргөнүн,
Моюн сунуп көнгөнүн.
Окуудагы кыздары
Ата-энеси, эл-журту
Ошончолук кыстады.
Жообун кыздын угушту,
Жок экен буга дабаа – деп,
Жобурашып турушту.

Таажик, кыйба, кыргызы
Тентиретти кайыптын
Окуштагы бир кызы.
Аксакалы Атемир,
Абылкасым, Шаатемир,
Абдыкалык, Маматбек
Азапка кандай калдык – деп,
Акылбайыс, Түлөөбек
Азаптуу кандай дүйнө – деп,
Бай Жакып менен Көкөтөй,
Балта чал менен Бердике,
Баймырза менен Жанайга,
Байжигит, Ошпур, Акымбек
Башчы болгон далайга
Ушулар келип кеп айтат:
«Угуңар сөздү – деп, айтат.
Түп атаң түрк, угузсуң,
Жүрүп алып Жакып бай
Дүмөктү бизге жугуздуң.
Кардар болдуң бир кызга,
Катыштырдың миң кызга,
Жуучу болдуң бир кызга,
Жугуштурдуң миң кызга.
Атабыздан бабабыз
Жамандык качан кылды эле
Алтайлык алаш кыргызга?
Кардалың кандын баласы,
Санирабийга – деп,
Атемирдин сарысы,
Көзүнүн нуру, карасы,
Көрдүң эле жашында
Көп баланын сарасы,
Катышыптыр окушка,
Кандай келген билбейбиз,
Кайыптын бир баласы.
Угуучу элек уламыш
Дөө менен бери – деп,
Жер бүткөндүн баарысы
Адамдардын жери – деп,
Арада жүрөт дечү эле
Албарсты жинден теги – деп,
Кайып деген немени
Угулбаган кеби – деп,
Кызыр менен Илияс
Кайып эрең деди – деп.
Кызыр менен Илияс,
Кырк чилтен бары дагы ырас,
Он эки ымам кайып – деп,
Ошондой уктук мурда кеп,
Аз күндөн бери угабыз
Арууке деген бир кызды
Кайыптын кызы экен – деп.
Окуштагы балдарга
Окус келип кошулуп,
Октой мойну созулуп,
Ургаачыдан устаты,
Ушундан сабак алат – деп,
Кайсы күнү жатарда
Кай кеткенин жан билбейт,
Кайып болуп калат – деп,
Кайсы күнү катарлаш
Кыздар менен кысылып
Кошо жатып алат – деп,
Артык – деди-билими,
Алтымыш төрт кыздардан
Ашты – деди-илими,
Кычырабайт эшиги
Чыгыш менен кирими,
Ким экенин билбейбиз
Кай түрлүү жандан зилини,
Адам ойлоп биле албас
Акыл менен дилини,
Алмамбетке тийбейт – деп,
Күүлөнүптүр күйөөбүз,
Каарданып чакырып
Капкайдагы жинини,

Кырып кетер көп болсо
Кыйбанын койбой бирини,
Каратейит, калчаны,
Кыра жүргөн канчаны,
Кырыларбыз, өлөрбүз,
Кыз үчүн кыргын болдук – деп,
Кыяматка жөнөөрбүз,
Магшар күнү барганда
Баатырлыгын көрөрбүз.
Каапырды кырды каапыр – деп,
Кайыптын кызы тийбейт – деп,
Мусулман бизди кырган соң
Мунуңуз кандай зордук кеп!
Адам эмес, жин эмес,
Адам айтып көндүрөр
Адам менен беринин
Эч болбосо бири эмес.
Алты конуп арага,
Тоого чыгып толгонуп,
Тоо – деп, айтат бийикти,
Тоодон көрүп келчү элек
Тозуп жүргөн кийикти.
Аркар менен кулжаны,
Бугусун атып кай бирөө
Алып келет олжону,
Кайып деген ушу – деп,
Калктын баары болжоду,
Аземдүү сулуу кыз болуп
Амыры бизге болгону,
Алмамбет ага туш болуп,
Кайыр кылып моюн сунбаса
Каныбыз ташып толгону,
Каратейит, кыйбанын
Казасы жетип болгону.
Упалуу беттен кан акса
Убалы кимдин мойнуна?
Улук-кичик олтурсуң
Ушуну алгын оюңа.
Сурмалуу көздөн суу акса
Жашы кимдин койнуна?
Жакшы-жаман олтурсуң,
Жайлап кара оюңа?»
Акылбайыс муну айтты,
Адамдын көбүн муңайтты.
Айтканын угуп алышты,
Аксакалдын баарысы
Айран-азыр калышты.
Аттанбасын, койсун – деп,
Арстан Манас баатырга
Арага киши салышты.
Манаска айтты баянын,
Баян кылып өтөлү
Балгеринин аянын.
Толгонуп Манас калыптыр,
Токтотуп коюп аскерин,
Төлөк мында келсин – деп,
Төрөсү кабар салыптыр.
Отуз жашта Төлөгү,
Олтурду оолак бөлөгү.
Кырк бир таштан бал ачты,
Кыргыздар кыйла караштуы.
Издегени канзаада,
Иренжип калган Алмаңа
Никейине илинди,
Эркектен бирди тубары,
Эл бийлеп, эсен турары
Төлгөсүнөн билинди.
Артык арып, ар амал
Аруукеден билинди,
Эркек төрөйт дегенге
Эр Алмаң боору тилинди.
Кара да болсо алам – деп,
Кашына азыр барам – деп,
Сасык да болсо алам – деп,
Жанына азыр барам – деп,
Алмамбет алды оюна,

Такааты турбай боюна,
Жыйды Төлөк балыны,
Агыдайды чакырып,
Ачкын – деди,- далыны.
Агыдай карап далыны,
Арты жакшы болду – деп,
Андан бетер кубантты
Алмамбеттин жаныны,
Ар кандай түрүн бузса да
Ала турган өңдөндү
Алакеңдин калыбы.
Балгердин балын каратты,
Жай-жайыңа жаткын – деп,
Аскерин Манас таратты.
Кыздар тандап тийсин – деп,
Кырк баатырдын баарысын
Кырка коюп карматты.
Аты келген ким болду,
Аты келген жигитти
Кыздары кармап тим болду.
Каныңдын никейинде – деп,
Калайык айткан канча кеп,
Рабийга кеп ойлойт:
Кара кытай каны экен,
Кадыр Алла жар берип,
Аман келген жан экен.
Кор тутпай буга тиейин,
Коржойбой моюн иейин,
Калкка калба салбайын,
Кары-жашты кырдырып,
Канга забын калбайын.
Арууке калсын Манаска,
Адамдар калсын каласка.
Аны ойлонуп Каныкей
Аруукеге кеп айтып,
Алмамбетти кармайын,
Арстанды кантип кардайын,
Кармагын – деп, Манасты.
Алмамбет, Манас жанашты,
Бакырайып көз ачык
Басып келип кармашты.
Арууке туткан Манасты,
Алмамбет болуп адашты.
Каныкей тутмак Алмаңды,
Алмамбет – деп, кармаса,
Манас болуп калганы,
Абалда жазуу экен – деп,
Арууке оюна алганы,
Акылга дыйкан Каныкей
Айырмасын билген соң Ар белгиге салганы:
Кырк чоро жаа кер –деди,
Атыңды салып огуна,
Алыскы дөбө жер – деди,
Атып шону бер – деди.
Кырк эки баатыр жаа тартты,
Саадакка салып ок атты.
Октор калды сайылып,
Каныкей баштап жабылып,
Бир-бир ок сууруп алыптыр,
Арууке көрдү бир окту,
Манас артык күчтүү – деп,
Тийген жерге оруноп,
Күчтүүлүктөн түштү – деп,
Арууке сууруп алыптыр,
Алып окуп караса
Алмамбеттин огу экен,
Арууке айран калыптыр.
Кайта келди жыйылып,
Кадыр Аллам жар бер – деп,
Калкы үчүн Каныкей
Жаратканга сыйынып.
Башында болуп Арууке
Сарала ат чыгып алды – деп,
Аккула кийин калды – деп,
Чыгарын билип мингизген

Ай сарала малды – деп,
Баптагы жүргөн союлгур
Мага келип калды – деп,
Бычак салган Санини
Не үчүн Манас алды – деп,
Оюна алып мындай кеп,
Сүйбөй туруп Алмаңды
Сүрөтүн бузуп алганы:
«Мен ортого турайын,
Мекерин билем булардын,
Балдар атка минсин – деп,
Баары жолго кирсин – деп,
Жарышып келип калсын – деп,
Ат-аты келген кыздарын
Ошо жигит алсын» – деп,
Аруукe кеби ачылды,
Анча-мынча чачылды.
Айтканын макул алганы,
Ат чапчуу балдар, барганы,
Тизгинге колу карышып,
Тизе кошуп жарышып,
Аккула чыгып алыптыр,
Башында турган Каныкей,
Барып ага калыптыр.
Илгери-кийин баспастан,
Кечээги келген кыздардан
Жалгызы да жазбастан
Өз-өзүнө барганы,
Октой болгон Сарала ат
Ортодо турган Аруукe
Ошого келип калганы.
Оболку жазуу экен – деп,
Ойлонуп бу кыз калганы.
Дагы Аруукe кеп айтат:
«Кыйналбасын чалдары,
Кыйбанын он жаш балдары
Мажилиске келсин – деп,
Кырк көгүчкөн учурам,
Ар кайсысы аты бар,
Кыркы жигит, кыркы кыз,
Канатында каты бар,
Кармап балдар берсин» – деп,
Санирабийганы
Алмамбетке жазыптыр,
Кайдан аты бузулсун,
Алла буюрган насиптир.
Кырк үч барча кагазга
Апсун окуп, дем салды,
Адамдар көрүп таң калды.
Көгүчкөн болуп учуптур,
Көктө жүрдү дүрүлдөп,
Көрүп эски кырманга
Көгүчкөн түштү бириндеп.
Он жашар балдар барганы,
Оттоп жүргөн көгүчкөн
Качпай-учпай балдардан
Карап туруп алганы,
Көгүчкөндү көтөрүп,
Көп балдар келип калганы,
Канатын ачып катына
Калайык көзүн салганы.
Башында аты келгенге
Аттары түшүп алыптыр,
Алмамбет менен Аруукe
Бир жазылып калыптыр.
Аны көрүп Аруукe
Кечээ турдум башында
Аякка бүгүн турайын,
Аты келсе арга не,
Анан моюн сунайын.
Муну ойлонуп Аруукe
Каныкейге кеп айтат:
«Кайра чапсын аттарын,
Аягына мен турам
Макул болсо» – деп, айтат.
Аягы болуп Аруукe

Арада турду Каныкей,
Башына башка кыз турду.
Кыйбадан келген кырк бала
Кырк бедө .гөминиптир,
Кылчайбай жолго кириптир.
Өлчөлүү жерге барганы,
Калыстан келген балдары,
Кайта жөнөп калганы.
Ат-аты келген кыздарга
Аттары келип алганы,
Арада турган Каныкей
Аккула келип калганы,
Аягы болуп араңдап
Аруукенин тушуна
Сарала ат жана барганы.
«Магбузда жазган жазууга
Баш бурушум бекер – деп,
Башта дагы бул өзү
Бадышадан экен – деп,
Кайыпты сүйбөй, адамга
Кара башым кеткен – деп,
Кадыр буюрган никеден
Кайсы жакка кетем – деп,
Качсам кайып болормун,
Кайдан жүрүп оңормун».
Акыл ойлоп турганы
Алмамбетке тиймекке
Азыр моюн сунганы.
Жети бөлмө арыбы,
Аруукенин чын келди
Кадимкидей калыбы,
Карап турган канча жан
Сулуулугун көргөн соң
Суру кетип талыды.
Каныкей кирген ак сарай
Салтанаты бир далай.
Үшкүргөндө Арууке
Үч көгүчкөн барыптыр,
Ата-энеси, элине
Азыр кабар салыптыр.
Аны-муну кылганча,
Ачып көздү жумганча
Төө кийиктин төртөөнө
Адам көрбөс аруу бул
Алтындуу дилде эң сонун
Арттырып алып үстүнө,
Байбиче келип калыптыр.
Кулан минип кутурган
Куран моюн балдардан
Экөө ини, бири ага,
Эки жүз он төрт барыптыр.
Он эки айры бугуга
Нокто салып минишкен
Орчун кара сакалдан
Отуз келип калыптыр.
Кырк кызы бар, кырк келин,
Кайыптын көргөн ким элин,
Кыйгач кара каштуудан,
Кырмызыдай чачтуудан,
Алтын түймө баштуудан
Сексени келди келин-кыз,
Сестейди көргөн элиңиз,
Ат минген аркар-кулжадан,
Айран болду көп адам.
Токсон марал союшту,
Той кылууга коюшту.
Алтын менен күмүштү
Адал бакан кылдырып,
Агачтай алып жүрүштү.
Алтындан алты кумганы,
Аптабалап турганы,
Андан артык болорбу
Алмамбеттин тунганы.
Алтын кырдуу тактадан,
Төрт бугуга жүктөтүп,
Арзат деген бактадан,

Алган болсо ар адам
Аккан суугa батпаган,
Сегиз сандык таңылчак
Сексен түрлүү сонундан
Аруукеге сактаган.
Кереге күмүш, уугу алтын,
Ар ким кылар өз салтын,
Айтылды жомок, көрбөдүм
Акыры мунун чын-калпын.
Нурданган кызыл түндүгү,
Жохардан тарткан күндүгү,
Көшөгөсү жубардан,
Көргөндөр чыгат кумардан.
Ак манат үзүк жабылган,
Алакеңдин бактына
Артык дүйнө табылган.
Атасы кайып каны экен,
Алты кылым жердеги
Кайыпка улук жан экен,
Ар түрлүү кийик баарысы
Алар күткөн мал экен,
Аа бакканда адамдар
Карышкырча бар экен.
Карышкыр малдан жеп кетет,
Кайгырат да, ээси
Кап, кудай кылды – деп, кетет.
Аркар, кулжа, бугусун,
Аңдатайын мунусун.
Адам атып жейт экен,
А да биздей кайгырып,
Ак буйругу – дейт экен.
Көрүнбөйт экен биздерге,
Көлдө бүгүн бир дубан,
Далил айтам сиздерге.
Бериштеден бери жакта,
Адамдардан анча өөдө,
Жин уруктан канча өөдө,
Акка жакын кайыптыр,
Азгандар жолдон тайыптыр.
Ат чаптырды кыз үчүн
Аркар, кулжа, жейрен бар,
Кулан, бөкөн деген бар,
Элик, эчки, зырапа,
Эл жетпеди санатка.
Он беш миңин сайыптыр
Аркар, кулжа, бугусун,
Кайып балдар баарысы
Эки миң төрт жүз ат болуп,
Бир жумадан бир жума
Айдап барып жупжуда
Апирийка жеринен,
Ашырып Дуңша белинен,
Батпактын басып чөлүнөн
Саарастандын көлүнөн
Аралаш барып ат, кийик,
Бейшемби күнү кечинде
Кондуруп коюп талаага,
Жума күнү таң атып,
Багымдат маал кезинде
Аттарды коё бериптир.
Токсон атта байге бар,
Он беш миң – деп, мал сайган,
Мындай өнөр кайда бар.
Калк сүрөөгө тосуптур,
Кайыптын баары осуптур,
Аруукенин атасын
Айтат экен Байын – деп,
Баштагы элдин жомогу,
Байкаганга дайын кеп,
Энесинин аты-Аналды,
Сайган кийик он беш миң,
Нече күнгө камалды.
Эртеси жок, кечинде
Самынас аттуу бир кийик-
Байыңдын чапкан бугусу
Башына келди мунусу.

Мүйүзү жок бугудай,
Астына келди жайма-жай.
Келди сексен сегизи,
Баары кийик тегизи.
Ат да кошо чабылган,
Аркар да бар, кулжа бар,
Ар түрлүү кийик мында бар.
Сексен сегиз алыптыр,
Көкөтөйдүн Мааникер
Сексен тогуз болгондо,
Тогуз жашар Бокмурун
Араң келип калыптыр.
Жел кайыптан жалгашкан,
Мойну узарып, жал баскан,
Токсон болуп Аккула
Араң кирген чагы бар,
Маңдайында багы бар,
Аккуланын артында
Үч жүз кийик дагы бар.
Алардын арка жагынан
Араңдап жетип бириндеп,
Адамдын чапкан аттары
Араң келген чагы бар.
Өз кийигин өзү алды,
Өнөрүн айтып сөз калды.
Таратып ийди талаага,
Жылкычы, койчу өңдөнтүп
Айдатып ийди баарысын
Алты-жети балага,
Андан кийин да калды
Аягы бизге калаба.
Кырк сандыкта булу бар,
Кызык кебин угуп ал.
Абдыра койду алтындан,
Казына кайып деген сөз
Кадимден бери айтылган.
Чүчтө менен сооланды,
Көрпө, жууркан дегениң
Бир миң болуп бооланды.
Биздин элдин наркы бу,
Алсаң – деди, олорду.
Жезден мамы кактырды,
Жерди тешип алып барып,
Жибек аркан тактырды.
Адам уулу баргын – деп,
Аркандын учун алгын – деп,
Мейлиң үзгүн, мейлиң жыр,
Эптеп тартып алгын – деп,
Алалбасаң калгын – деп.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Сексени бүтүн барышты,
Адам уулу болгону
Абыдан кылды намысты,
Арстан Манас баш болуп,
Аркандын учун алышты,
Алиги турган кайыптар
Апсун окуп салышты.
Туман басып, чаң болду,
Турган адам таң болду.
Күндүзгү күн түн болду,
Кайыптардын деминен
Таш-топурак көккө учуп,
Куюн алган жүн болду.
Ал өнөрдүн ордуна
Биздики топо, күл болду.
Аллам жардам бергени,
Аракет кылып жатканда,
Абунасир Айкожо,
Азыздардын уруху
Ага кошо келгени.
Экинчи тартып, үчүндө
Аргамжысы үзүлдү
Азыздардын күчүнө.
Аракет менен Алмамбет
Арууке кызын алыптыр,
Төшөк талаш деген сөз

Кара кыргыз нуркуна
Как ошондон калыптыр,
Адамга кайып аралаш
Арстаныңдын барында
Аңгемени салыптыр.
Султаның Манас барында
Сонун тийген аркасы
Жолдош-жоро, жарына,
Той жегин – деп, жар салды
Кейип, Букар шаарына,
Тоо текеден сойдуруп,
Мүйүзүн алып койдуруп,
Улак берди баарына.
Кайып менен адамы
Аралашып алганы,
Ал заманда алаштын
Калды бекен арманы.
Майдан жерге барышып,
Балбандар күрөш салышып,
Кайыптан балбан чыкканы,
Кармашып адам жыкпады.
Кыйба, кыргыз бөлүнүп,
Кызыкчылык көрүнүп,
Токсон марал, он бугу
Байын тойго сойдурду.
Бар адамдын уулуна
Кызматка табак тарттырып,
Үч жүз жигит койдуруп,
Кайып деген калк экен,
Кайтарып табак албаган
Кадимден берки салты экен.
Бир жүз кулан союптур,
Миңди-сандуу көп адам
Ак майына тоюптур.
Жая, жал тартып кулandan,
Адам уулу таң калып
Тойдогу кайып уландан.
Күнү-түнү тарттырып,
Күлдү адамдын баласы
Тарткан тоюн арттырып,
Базардан алып күрүчтү,
Майсыз болбойт экен – деп,
Баары кайып болгону
Аа таңыркап турушту.
Башка жемиш өзүндө,
Катаа көрсөң сөкпөңөр
Байыркынын сөзүндө.
Кашык, аяк, табагы
Кармаганга калганы,
Колуна тийген идишин
Өз-өздөрү алганы,
Ошондогу кыргыздын
Калды бекен арманы,
Берип жатса тосулбай
Берекелүү тамагы,
Нике байлап берүүгө
Байың кан молдо камдады,
Адам, кайып аралаш
Арууңа нике байлады.
Анал аттуу энеси,
Алтымыш ашуун келиптир
Аруукенин жеңеси.
Кайып элең, неттиң? – деп,
Азыз кайып уругу,
Адам болуп кеттиң – деп,
Кармаса уучка толбогон,
Жазып ийсе төрт таш жер
Эч-эчтеме болбогон,
Жаркырашы күндөй бар,
Жүзүндөгү накышы
Миң кубулган гүлдөй бар.
Асылды бүркөп башына,
Алтымыш келин келиптир
Аруукенин кашына,
Амандашып ыйлашып,
Алды толуп жашына.

Кайыптан адам болдуң – деп,
Кайгыга бизди койдуң – деп,
Кут болсун бийкеч тоюң – деп,
Бизге мурас калыптыр
Бийкеч демек бу бир кеп.
Кызды бийкеч демеги
Кайыптар айткан кеп экен,
Качантан бери жоголбой,
Кандайлыктан келди экен.
Тоо кийиктин ээси
Толуп жаткан эл экен.
Аны көрбөйт адамы,
Ак жараткан ар жанды,
Араңда кайып кошо – деп,
Аятка да салбады,
Калк ичинде канча бар
Кайыптан катын алганы,
Мурункунун тушунда,
Муну да айтам ушунда.
Албарсты жүргөн аралаш,
Адамга кошо аралаш,
Көрүнбөйт экен биздерге,
Адам алы келе албас.
Жин асили бир урук,
Алмамбетке кыз берген
Асили кайып бир улук,
Дө . менен бери бар,
Көрө албайбыз көз менен,
Көйкап анын жери – деп,
Уламанын кеби бар.
Мланик – дейт, берииште,
Бар кудаадан буйрук жок
Байкап бизге келишке.
Кайыптан чыккан Байын кан,
Кашында нөкөр канча жан,
Аруукеге көрүшкөн
Алтымыш келин чарчаган.
Кыз берген ыкласына,
Качат экен кайыптар
Каапыр жүүт, тарсадан.
Амандашып кызына,
Азыркылар таң калар
Ал замандын ишине,
Кайып каны көрүштү
Аксакал Жакып кишиге
Келиниң болду кызым – деп,
Кетмекчи болдум өзүм – деп,
Ак тагдыры бул экен,
Амандашкан сөзүм – деп.
Амандашып-коштошуп
Ал турган элдин баарына,
Бадышасы кайыптын
Манастын барды жанына.
Иниңе бердим кызымды,
Издеген менен таппайсың
Адам уулу өзүмдү,
Акыры магшар күнүндө
Көрсөтсүн Аллам көзүңдү.
Коштошуп тышка барыптыр,
Өксөп бир добуш салыптыр,
Кайнап жүргөн кайыптан
Неме калбай калыптыр.
Карасын көргөн калык жок,
Элесин көргөн эч ким жок.
Бараанын көргөн бенде жок,
Баягы кайып элде жок,
Баскан изи жерде жок,
Изи-түсү калбады,
Издеген таап албады.
Адам көрбөс сонуну,
Алтын так болуп оруну,
Айдай балкып боруму,
Арууке өзү калганы.
Адам уулу жыйылып,
Атемир менен Жакып кан
Акылдашып барганы.

Кайып кан оюн салганы,
Карк бир жума болду – деп,
Сегиз күнгө толду – деп,
Бир жумадан бир жума
Тамаша көрдүк жупжуда.
Карарган аскер кол жатыр,
Кашыңызга токтолуп
Казатка тууган көй баатыр,
Үч миң жылкы айдатып,
Отуз миң экен коюңуз,
Бир катарда малы бул,
Не дейт экен оюңуз?
Кейипти басты келген кой,
Берсекпи – деп, биз да той,
Үч жүз шуудур мал келди,
Төрт атанга зар келди,
Бакардан миңге толуптур,
Байын кайып той кылып,
Никесин байлап коюптур.
Кандай кылсак каным – деп,
Карыялар кашында,
Калк жыйылып айтты кеп.
Акылдашып барышты,
Аңгеме байрак көтөртүп,
Тойду курап салышты.
Каныштын кыйла билери,
Кашында бар кенизек,
Казынага баргын – деп,
Төрт жүз катын жиберди.
Буулум, канча бутаны
Жыйнаган экен бу дагы.
Атилес менен шайыны,
Айтканда чыгар дайыны.
Машуроо менен барчаны,
Жыйган экен канчаны.
Кымкап менен дейилде,
Кыйбат баа булдардан,
Кыз чагында ойлонуп,
Жыйнаган экен булардан,
Торгун, буулум, тубарды,
Толтурган экен буларды.
Дүрдүн деген бири бар,
Дүнүйөнүн кыйбатын
Атын билбей калганың
Так ушундан билип ал.
Доолон, соолон, чүчтөнү,
Не кубулган түстөрү,
Санам менен дүрүйө,
Сап жыйылган дүнүйө,
Бейкасамдан беш жүзү,
Бир бирине окшобойт,
Баасы кыйын бул түсү.
Жууркан менен көрпөнү
Журттун баары көргөнү,
Кырк бир отоо баарына
Кыз Каныкей бөлгөнү,
Кызматын бу журт көргөнү.
Кырк бир үйдүн баарына
Он жууркандан оруну,
Ошол үчүн Каныкей
Ойроттон озгон боруму.
Арууке аңдап буларды,
Акыл менен ыйгарды.
Ар отоого тогуздан
Көз көрбөгөн сонунду
Кырк бир үйгө чыгарды,
Эне-атасы кыздардын
Камданышып калышкан,
Ал-алынча чыгарып
Жууркан-төшөк барышкан.
Отоонун ичи толуптур,
Озгон асыл сонундан
Отуздан жууркан болуптур.
Кырк үч экен баарысы,
Кыргыз, кыйба, тажиги
Кызматына барышты.

Үй борумун жайлады,
Ушуну менен кыздарга
Үч катар нике байлады.
Төшөктү бийик салышып,
Алтын айчык көшөгө
Бетке тартып алышып,
Бири күйөө, бири кыз
Бирге жатып калышып,
Билгенин кылып салышып,
Айтпаса да билесиз
Ар жагында жумушун,
Аңдап көргүн калайык
Алмамбет кылып турушун.
Улук болуп кытайда,
Урунбаган мындайга.
Он жетиде жашында,
Ортодо бир жыл сүрүшүп,
Он сегиз жашка киргенде
Көкчөнүн келген кашына.
Байытууга казакты,
Мойнуна алып азапты,
Амандык бербей калмакка,
Сары санаа-пикири
Калмактан жылкы алмакка,
Он жылы жүрүп Көкчөдө,
Ошончолук сабылды,
Алалдыгын көрө албай,
Акеркечке ойнош – деп,
Арамдык жалаа жабылды...
Кыз-күйөө жатып таң атып,
Ынтымагы барында
Ааламды бузуп жадатып,
Баатырларың барында
Атпай тажик, кыйбаны
Алып кызын, каратып,
Так кырк күнү той тартып,
Жалпы журттун баарысын
Тамашадан жадатып,
Ат-кунанын чаптырып,
Арзыгандын баарысын
Азыр кылып таптырып,
Ар тараптан тоюна
Алты шаар чакырып,
Элге киши чаптырып,
Эстүүлөрүн чакырып,
Эки миң атан алдырып,
Ээрчишкендин баарысын
Куп кумарын кандырып,
Карыянын баарысын
Жооп берип, жолго салыптыр.
Байбиче Шакан баш болуп,
Тогуз жүз катын барыптыр.
Азезил отун өчүрүп,
Байбиче бар Чыйырды,
Кырк үч келин көчүрүп.
Кейип менен Букардан,
Ким ыраазы жалганга,
Кетпеген кейиш булардан,
Талабына ошондой
Жетер бекен ар адам.
Кырк баатырдын баарысы,
Кылайып кетпей намысы,
Кыйбадан тандап кыз алып,
Кыраандар үйгө барышты.
Аяк жагы жайлоосу
Азиреттин Кара-Тоо,
Азыркысын Манаска
Урушар жок жакын жоо,
Алганы сулуу, дени соо,
Байлары жайлап Алайга,
Барган бойдон көй баатыр
Жатты жыргап далайга.
Мурункудун жомогу,
Бир-бир катын алгандан
Ушул экен домогу.
Сүрөдүк кыргыз уругун,

Башы Бабыр, Ногой кан,
Түркстандын улугун,
Ада кылып түгөтүп
Бай Жакыптын Манасын,
Барча кыргыз бабасын.
Манасы бар кашында,
Өңкөй баатыр кырк нөкөр
Дөөлөт кушу башында,
Оён Манас бу күндө
Отуз төрттө жашында,
Алмамбет кетип Көкчөдөн,
Алтай тоонун бөксөдөн
Көрө элек экен Көкчөнү,
Көрүштүрүп келмекке,
Көңүлүнүн мүдөөсүн
Алмамбет айтып бермекке
Барган экен баатыры.
Казак, калмак камашып,
Алтайдын шымал тоосуну
Намысташып талашып,
Канкордун угуп кабарын,
Казакка берип жерини,
Калмактын көргүн элини,
Казак-калмак жарашып,
Калмактар кеткен тарашып.
Айдаркан уулу эр Көкчө
Аттанып барган элине,
Арстан Манас барыптыр
Калмактарын аткарып,
Манас качан келет? – деп,
Күтүп турган жерине.
Амандашып Манаска,
Аңдаганга тамаша,
Алтын айчык туу болгон
Алмамбет баатыр алачка,
Көкчө көп сөз баштады,
Алмамбетти көргөндө
Көзүн ыйлап жаштады.
Учурашып болушуп,
Ушу күнү конушуп,
Эртеси жолго салыптыр,
Тарбагатай тоосунда
Таа-Дөбө деген ушунда,
Ай балта, кылыч эгешип,
Бугу, марал барбы? – деп,
Акылдашып кеңешип,
Таа-Дөбө тоонун бийиги,
Жан-жагында көп экен...
Уулап бугу-маралын,
Ай-талаадан көрүптүр
Бир топ көчтүн караанын.
Көч десе, колдо туусу бар,
Кол – деп, аны караса
Жөөсү да жүрөт ушулар.
Жүк жүктөгөн төө да бар,
Жүрө албаган жөө да бар,
Айдаган бир аз кою бар,
Арстан Манас баатырга
Тууганбыз деген ою бар.
Жүк арткан сыйыр-уйу бар,
Карап турса мүнөзү
Калмак сындуу кую бар.
Жөө жүргөнү дагы бар,
Төө мингени дагы бар,
Уй мингени дагы бар,
Учкашканы дагы бар,
Ат мингени дагы бар,
Ар түрлүүнүн баары бар,
Арасынан көрсөңүз
Сакалынын ичинде
Ак ала болгон кары бар.
«Калмак бекен, маңгулбу –
Кара калмак журтунан
Кандай жүрүп каңгыды?
Сурайынчы аны – деп,
Башчысы экен береги

Ак ала сакал кары» – деп,
Кыйгактуу найза доолдоп,
Кырк баатыр баары шоолдоп
Келип айтты саламды».
Угуп, көрүп билбеген
Салам бериш ааламды,
Үтүрөйүп Үсөнү
Манас жакка карады.
Мөндү пайна – дейт, экен
Маңгул, калмак саламы.
Ак сакал андай дегенде
Аликти билбей, пайна – дейт,
Ал сөзгө күлүп калганы.
Ушу кезде Көзкаман
Түк койбойт түрктүн тилини,
Түшүнүк болуп, биле элек
Дин ислам динини.
«Балдарым нени билдиңер?
Пайна десем күлдүңөр,
Баяныңды айтыңар
Кай тараптан жүрдүңөр?
Кара кыргыз окшойсуз,
Катарың менен топтойсуз?»
Анда Бакай кеп айтат:
«Карыям уккун – деп, айтат!
Мөндү-пайда калмакча,
Мусулмандын баласы
Салам айтып көрүшөт,
Салам айтпай кеткенге
Чамасы келсе өлүшөт.
Дүнүйө жүзү аалам – деп,
Мусулманга бир парыз
Айтмак үчүн салам – деп,
Жаштар салам бергенде
Карыясы жооп айтат.
Алеки салам, балам – деп,
Өзүңүз кайдан жүрөсүз?
Кыргыздарча сүйлөйсүз,
Ким болосуң, бабам?» – деп,
Эр Бакай сурап салганы,
Эсине түшүп эскиси
Элден азган кары чал
Эчкирип ыйлап калганы:
«Уругумду сурасаң
Угуз кандын балдары,
Кырга чыгып байлыктан
Кыругуз атка калганы.
Самар, Сапар тушунда
Орто Азия, Түркстан
Жерин көрүп ушунда
Өз алдынан көрүнүп,
Өзүбек болуп бөлүнүп,
Өчмөндүүнүн баарынын
Каны суудай төгүлүп,
Араптан чыккан ушунда
Ак байгамбар тушунда
Акеше аттуу бабабыз,
Айта берсек узун сөз
Кыргызды кыйла табабыз.
Сары эшен Кыркан болуптур,
Ал кезекте кыргыздар
Абыдан динге толуптур,
Анал аттуу кыз чыгып,
Нак олуя болуптур,
Мансур аттуу иниси,
Байкап турса көпчүлүк
Анал жаман жүрөт – деп,
Ушак кылып коюптур.
Андып жүрүп артынан,
Ушак сөздүн дартынан
Кырк чилтендин шарабын
Мансур ичип тоюптур.
Акылы кетип аз болуп,
Бехуш болуп, мас болуп:
«Анал ак да, мен да ак!»
Айта берип ушул чак,

Ак дегени таза сөз,
Араптын аалимдерине
Айткан аны көзмө-көз.
Угуп көрүп улама
Шарияты боюнча
Жазаа буйруп буларга:
«Түрк уулунан түк койбой
Түркстанга кубала.
«Ак-жараткан Кудай! – деп,
Аналда ак, мен да ак –
Айтканын аңдап карап бак,
Экөөбүз кудай деген сөз,
Көрдүңөр да, уктуңар
Көп аалимдер көзмө-көз
Өзүбектин өзүн – деп,
Өзүңөр көрүп уктуңар
Кудаймын деген сөзүн – деп,
Шарият азыр турат – деп,
Муну жазалабасак
Баарыбызды урат» – деп,
Угуз кандын нуркунан,
Акешеге аралаш
Бирге жүргөн журтунан
Бирин койбой сүрүптүр,
Мансурду тутуп алыптыр,
Канча бөлүп койсо да,
Кыйма чаап сойсо да:
«Ак» – деп, айтып калыптыр,
Алып барып күлүнү
Аккан сууга салыптыр,
Ташып кетип дайрасы
Базарында шаарыны,
Мисир журтун баарыны
Дарыя басып кетерде,
Далайга өлүм жетерде
Мансурдун ашык экенин
Ал олуя билиптир,
Артынан аңдап жүрүптүр,
Өрттөгөн күлдүн ордунан
Топурагын түйүптүр,
Дарыя ташып келгенде:
«Тарткын, Мансур, баатыр!» – деп,
Топону чачып ийиптир,
Толкуп толгон дарыя
Калыбына кириптир.
Минтпесе шорун катырат,
Жакшы-жаман баарысын
Жердин жүзү батырат.
Жер жеңбеген неме жок,
Өткөндөрдөн сөз айтсам
Угуңар, балдар, жеме жок.
Ошо Мансур олуя
Жакын бизге тууганды‌р.
Арапка барган ал токсон
Асты Багдат, Мисирде
Алар анда калыптыр,
Бабыр деген атабыз
Баргана жерин алыптыр.
Кырдагы Угуз тунугу
Кыругуз болуп уругу
Төбөй болгон атагы,
Кыйла болгон маңгулга
Төбөйдүн салган чатагы.
Төбөйдөн кийин Көгөйдү,
Мында да Угуз балдары
Эсеби жок көбөйдү.
Көгөйдүн уулу үч болду,
Кырга келген Угузга
Кыйла сонун күч болду.
Ногой, Шыгай, Чыйыры,
Ал кезекте кыргыздын
Бузулбады кыйыры.
Ногой атаң өлгөнү,
Ногойдун көзү өткөн соң,
Ойротту каапыр бөлгөнү.
Ногойдун уулу төрт болду,

Кытайдын көрү өрттөндү,
Калмак, кытай кошулуп,
Кыргызды келип көптөдү.
Атам Ногой, Үсөнмүн,
Атамдын көзү өткөн соң
Абыдан минтип түзөлдүм.
Жыйырма төрттө жашымда
Кийгизип тери башыма,
Жуушаңгыр деген жерине
Алып барып таштады
Дөңгө деген элине,
Эки ай араң жаз болот
Жуушаңгынын жерине.
Шымал жакта жери бар,
Жуушаңдын шымал жагында
Даңгы тоонун бели бар,
Белден ашып түшкөндө
Да түгөнгөн түрктүн эли бар.
Самаит болгон атагы,
Кийикти багып мал кылган
Киши кылбас чатагы.
Жанубу Байкал көлү бар,
Ээ, балдарым, сурасаң
Тамашанын көбү бар.
Күн чыгышы жагында
Тундуранын эли бар,
Жүргөн тентип аякта
Түрк уулунун кени бар,
Тууганына барсын – деп,
Мени кошкон чени бар.
Самаит менен Тундура
Мунун баары жуда түрк,
Алып келдик Алайдан,
Атасы кыргыз, бу да түрк.
Алып барып айбанга
Кошкон, балдар, өзүмдү,
Быяктан алып барганда
Дүнүйө жүзүн көргөзбөй
Таңып барган көзүмдү.
Алтымыш жашка киргенде
Атагын уктум Манастын,
Ногойдун уулу Жакып – деп,
Бала күтүп, мал бүтүп,
Жакшы болду жатып – деп,
Кабардабай турбадым,
Ага-ининин баласы,
Атам бирге тууганым,
Кубат кылып жүрчү элем
Алтай жакта турганын.
Алтайдан көчүп алды – деп,
Анжиянга барды – деп,
Анжиянда Алооке
Айдап сүрүп салды – деп,
Аягы Букар, Ысарды,
Аяк-башы узарды,
Анжиянды, Алайды,
Акимсиген кытайдан
Башын жутуп далайды,
Орто Азия, Түркстан
Орчун бааша болду – деп,
Ойрон кылат катылган
Оңу менен солду – деп,
Шымал жагы сол деген,
Жануп жагын оң деген,
Иним Жакып баласы
Азияга чоң деген.
Азары болор тууганды‚
Безери асты болбос – деп,
Уругун билип тууганды‚
Узакка качыш оңбос» – деп,
Үсөндөн чыкты үзүр кеп.
Бастырып кетип баратып
Бар сөзүн айтып салыптыр,
Бардашы менен эр Манас
Байкап угуп алыптыр,
Бакай абаң чыдабай

Бакырыкты салыптыр,
Моюндан алып Үсөндү
Болкулдап ыйлап алыптыр.
Көзкаман аны тааныбайт:
«Көп ыйлабай, жайыңды айт?»
Кашында Кыргыл кеп айтып:
«Кантесиңер – деп, айтып,
Манасыңдын агасы,
Бай дегендин баласы,
Карап турган мына бул
Бай Жакыптын Манасы!»
Бул сөздү айтып салганы,
Буркурап келип Көзкаман
Манас менен Бакайды
Бирдей басып калганы.
Астындагы ыйлаган
Атасы Үсөн чалдары,
Артынан келди балдары.
Кырк чоролор чабуулдап:
«Тууганыңыз келди!» – деп,
Туш-туш жактан барганы.
Карыя Үсөн айкырып:
«Кагылайын сага!» – деп,
Канкорго ыйлап бакырып,
«Теректен болгон чырпыгым,
Телик куштан болгон чымчыгым,
Дайрадан болгон чалчыгым,
Караңгыда калганда
Ачылган тешик жыртыгым!
Бүтөлгөн экен жыртыгым,
Жылмайган экен тыртыгым,
Кагылайын каралдым,
Башта сыймык чымчыгым!»
Ал сөздү айтып Көзкаман
Айгайды кыйла салганы:
«Ороздунун балдары
Олоруңкайда, балам?» – деп,
Ойлонуп сурап калганы.
«Орустан олжо бөлдү – деп,
Он баласы көпсүнүп
Ушу Манас иниңден
Окус болуп өлдү» – деп,
Оозу жүйрүк Ажыбай
Ол сөздү айтып салыптыр.
«Тууганын кырыш кандай?» – деп,
Көкчөкөз оюна алыптыр.
Ал сөздү ойлоп турганда
Азезилдин Канасы
Акыры сен да шолсуң – деп,
Көңүлүнө салганы,
Көшүлүп турган Көкчөкөз
Жыйылып бою калганы.
Кошулган жери Манастын
Кара-Талдын оюу экен,
Кайнар-Суунун бою экен,
Дайрасына Иленин
Жакыныраак жер экен.
Көчтүн баарын кондуруп,
Казысы сере семизден
Эки бээ сойдуруп,
Чакыртып Көкчө баатырды:
«Тууганым келди мында – деп,
Өрүлүгүң чында» – деп,
Көкчөгө салык салганы,
Казак менен калмактан
Кадыр салып суратып,
Үч жүз жылкы алганы,
Дөң журтунан кошулган
Бозгой деген бири бар,
Болор кыйла жумушун
Болжолун мындан билип ал,
Дөң элинен жети үй бар,
Өздөрүндө эки үй бар,
Улуусу экен Көкчөкөз,
Урган таштай айтат сөз,

Коржоңбоз деген аты бар,
Дөң журтуна баш бербей
Доңшуп көчкөн каркыбар.
Кожоймо деген тону бар,
Көкчөкөз экен улуусу,
Жолборс сындуу жону бар
Көрүп турса мунусу.
Көп экен – деп, корксун – деп,
Көп калмактын ичинен
Көтөргөн экен кызыл туу.
Асынган мылтык Чотала,
Ичээр ашы атала,
Калмакта өскөн карантүн
Бетин жуубайт, ботала,
Кийимдери кара көө,
Кишисинин көбү жөө.
Кирден баары чириген
Көйнөк менен дамбалы,
Кирдегенден айрылып
Чыккан экен далдалы.
Катындары кийгени
Торгун менен тубары,
Тозоң баскан эмедей
Тос-тос болгон булары.
Кийиминде орун жок,
Жүрүмүндө борум жок,
Орго-дорбо сөздөрү,
Кеп угарда булардан
Көзкаманга көздөдү.
Көзкаман болду дуңчусу,
Көкчөкөз болду тыңчысы,
Үйгө чапты сүйүнчү
Ырамандын ырчысы.
Алты күн жатып ал жерде
Алар көчүп жөнөгөн.
Доң уругу курусун
Абыдан жакыр эл экен
Артыкбаш жылкы көрбөгөн,
Айгырын көрсө алдырап,
Кире качып үйүнө,
Калмактарча балдырап.
Атты көрүп алышып,
Ат көргөндүн баарысы
Тиштеп жутуп ийчүдөй
Ыраак качып калышып,
Бээден безе качышып,
Тайды көрсө кичик – деп,
Минсем дешип ойлоду,
Ылоосун билбей тайлардын
Мингенде мөңкүп кеткенде
Бет алдынан сойлоду.
«Кичинеси жерге уруп,
Минген жанды жыгат – деп,
Чоңун минген кишинин
Көтөрүп уруп, тиштесе
Бекер жаны чыгат – деп,
Душманга берчү мал экен,
Ойрон болгон Манасың
Ушундай жаман мал берген
Оң санабас жан экен.
Кайдан тапты муну – деп,
Катасыз душман кууну» – деп,
Үйрөтүү менен иши жок,
Бири чатыр, тогуз үй,
Ошол келген он үйдөн –
Көзкаманга кошулуп,
Кошо келген ол үйдөн
Үстүнө чыгар киши жок,
Безип качып, дүргүшүп,
Бет-бетинен үркүшүп,
Мал минбей, бакыл өскөнүн
Баатыр Манас билиптир,
Тамашалап кырк чоро:
«Тууганыңыз кандай?» – деп,
Бака-шака күлүптүр,
Өлбөйсүң, муну мингин!» – деп,

Ачууланып эр Манас
Аларга кабак түйүптүр.
Өлтүрчү малын таңат – деп,
Калмактар ичи күйүптүр.
Казактардын Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңганын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Тазбаймат менен Бозуул –
Баары жаштар мына бул.
Кара түлөө Кабыке,
Жаңгирлердин Жабыке
Жаштар жылкыга киришип,
Азоолорун жоошутуп,
Алты күн жүрүп иришип,
Өлтүрбөсүн билдирди,
Доңдун ээрин домпойтуп
Токуп берип миндирди.
Атынын карап кулагын,
Аягынан карап туягын,
Өпөйүп жаман көрүнөт,
Атка минген сыягын,
Жүккө минген төөм – деп,
Жакшы эле мындан жөөм – деп,
Алып урса талаага,
Жабыштырды Манасы
Моорун деген балаага,
Коркконунан минишип,
Коржоюп жолго киришип,
Көкчөкөз менен Үсөнү
Бозгой үчөө жылкы айдап
Жүрөр жолун түзөдү.
«Алай көргөн жериң – деп,
Абаке, өзүң келгин – деп,
Орозду уулу кырылды,
Аман-эсен саламат
Орчун кыргыз элиң» – деп,
Амандашып алганы,
Жолдошу бар кырк баатыр,
Жолго төрө салганы.
Эки-үч конуп арага,
Эр Манас үйгө барганы.
Алты ай болгон кеткени,
Аман-эсен саламат
Айылга Манас жеткени.
Катын-бала, кары-жаш
Аман-соосун сурашып,
Учурашып бир-бир баш,
Көрүшүп көк жал баарына,
Бердике, Жакып карыга.
Манастан мурун барыптыр,
Үч катындан үч жамбы,
Баары алганы беш жамбы –
Бакдөөлөт, Чыйырды бериптир,
Аталаш тууган келиптир.
Ороздунун он уулун
Калганына угузуп,
Катылып өзү өлдү – деп,
Калабасын жугузуп,
Кабарын айтып салыптыр,
Калган катын, баласы
Качып көчүп алыптыр,
Көкөтөйгө барыптыр.
Он уулунун күйүтү
Ойдон кетпей дарт болуп,
Ошо күндөн бу күнгө
Ташкенде калды сарт болуп.
Арстан Манас он беш күн
Тынчып орун алыптыр.
Ошо күндө бир адам
Кабар келип калыптыр:
«Ооган деген чыкты – деп,
Түлкү деген мыкты – деп,
Катаганды, тейитти
Калкын жаман кейитти,

Жазийранын чөлүнө
Айдап келип тыкты – деп,
Кыпчагы жүрү жоо болуп,
Кара калпак, кандысы
Кан Кошойго толгонуп,
Душман чукул табылды,
Журттун көбү чабылды».
Ал сөздү айтып салганы.

## МАНАС БААТЫРДЫН ООГАН МЕНЕН СОГУШКАНЫ

Ачууланып эр Манас
Аскерин жыйып алганы.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Бай Көкөтөй каны бар.
Канга кабар салыптыр,
Карып калган Көкөтөй
Ойроттун баарын карчаган,
Оруска барып чарчаган,
Кагылайын, сен бар – деп,
Баласын айтып калыптыр.
Он экиде Бокмурун,
Ошондой алыс сапарга
Бара элек экен бул мурун.
Баба кандын кызыл туу
Көтөрүлүп калкылдап,
Кырк миң аскер кол менен,
Анжияндын талаасы
Жийделүүнүн жол менен,
Көкөтөйдүн баласы
Бокмурун келип калганы.
Канымдын уулу келгин – деп,
Кадырлап Манас баланы,
Элүү миң аскер элинен
Эртелеп жыйып алганы,
Токсон миң аскер кол менен
Ашып-шашып эр Манас
Жүрмөк болду жол менен.
Карабөрк менен Акылай
Мурунку алган зайыбы,
Аңдап турса Каныкей
Ургаачылык жагынан
Чыгар эмес айыбы,
Эртели-кеч санаса
Эч жеринен көрүнбөйт
Каныкейдин майыбы.
Тапшырсам жакшы караар – деп,
Жуушадан келген тууганга
Ушул ишке жараар – деп,
Келтирбес ага залал – деп,
Кейитпей жакшы багар – деп,
Каныкейге кеп айтат:
«Катыным, уккун! – деп, айтат.
Катыным, кылар ишиң бар,
Кастарлап багар кишиң бар.
Жуушадан келген абабыз,
Журттун баары биздики,
Тууганды кайдан табабыз?
Тон кийгизгин тонуңдай,
Кайда барсаң иш кылдыр
Как өзүңдүн жолуңдай.
Ат мингизгин атыңдай,
Жаман багып койбогун,
Жароосуз жаман катындай.
Үй тиктиргин үйүңдөй,
Дүнүйөнү сарп кылгын
Ичиңди жыйып күйүнбөй.
Жүк жыйдыргын жүгүңдөй,
Мал күтсүн баштын түгүндөй,
Тууган мынча келген соң
Жатышың болбос бүлүнбөй.
Желелеп бээ байласын,

Жергеме кошо жайласын,
Сабага куйдур кымызын,
Заман акыр журт айтсын
Тууганга кызмат кылышың.
Тапшырарым бул ишим,
Союшуна мал бергин,
Өңдөштүрүп нар бергин,
Жылкы берсең тай бергин,
Суу тилесе, чай бергин,
Бөз тилесе, шай бергин,
Көш тилесе, май бергин.
Койдон берсең козу бер,
Короолош конор коңшу бер,
Айры менен нар бергин,
Алтын менен зар бергин,
Алам десе жар бергин,
Сураса тана, өгүз бер,
Арык бербей, семиз бер».
Кандай дейсиң калайык
Кастык кылган тууганын,
Ороздунун он уулу,
Он уулунун кылышын,
Көзү көрүп кастыгын
Көңкү баарын кырышын,
Дүнүйөмдү тең бөл – деп,
Катынга өкүм кылышын.
Аягында Каныкей
Мойнуна коёр кылмышын –
Дүнүйөгө мас болуп,
Жамандыкка жылышын,
Да көрөрсүң аягын
Тууганынын кылышын.
Айтып-айтып тапшырып,
Акырын сүйлөп жашырып:
«Мен келгенче түткүн – деп,
Бек жакшылап күткүн – деп,
Ыраазы кыл, акыры,
Дүнүйөмдүн баарысын
Берсең дагы бүтүн – деп,
Мен үчүн келген тууганга
Бейкабар болбой күтүн – деп,
Каныкейге тапшырып,
Казат жолун бет алып
Канкор жүрдү бастырып,
Тогуз санча кол менен,
Үргөнчтү беттеп жол менен.
Ашып өтүп Арышты,
Арша-Кум менен барышты.
Каратегин калчаны
Казатыма жүргүн – деп,
Калкын бүтүн карчады.
Кырк миң аскер кол алды,
Кыя тартып жол алды.
Алеңгир аттуу бели бар,
Жануп жаккы тушунда
Атагы Ооган эли бар.
Жүрүп Манас жол менен,
Жүз отуз миң кол менен
Алектин белин ашыптыр,
Астында Аму дарыя
Адамдар көрүп шашыптыр.
Башы чыккан жанубу,
Саркан тоо Кенжуттан
Барат экен калыбы.
Баштан мөңгү бузулуп,
Ар тараптан аккан суу .
Арбын келип кошулуп,
Капкара болуп чалма агып,
Кан жыттанып жошулуп.
Үлкөн шаар Үргөнчтү
Жарып өткөн суу болуп,
Үстү көбүк буу болуп,
Ооган, Кыйба ортосу
Катташа албай чуу болуп.
Үстү жагы көбүктөп
Үйөр агып алыптыр,

Үйдөй таштар түбүндө
Күлдүрттөп-күлдүрттөп
агып калыптыр.
Ак көбүгү бурулуп,
Аркы-терки урунуп,
Найза бою ыргычтап,
Чамгарактап алыптыр.
Карагайы, тал агып,
Кайың менен сал агып,
Карагандын баары агып,
Үйүрү менен мал агып,
Аркар, кулжа, бугусу,
Аралаш агып мунусу,
Атагы Аму улуу суу.
Жаздын асты баардан,
Шымал жакка оодара
Жанып өткөн шаардан,
Тоодон аккан токою
Ташка тийсе бурулуп,
Жарга тийип урунуп,
Жардын бети туурулуп,
Кулап түшүп жарынан,
Урунт жердин баарынан
Тамыры калып суурулуп,
Дөбөдөй болгон чалмалар
Тегеренип жуурулуп,
Аны көргөн адамдын
Кечпей жүрүп бул жакта,
Тим көргөндө дайраны
Кейпи кетип тигил жакта,
Заманасы куурулуп.
Аскер барды лыкылдап,
Амуну бойлой жыкылдап.
Дайра экен көл экен,
Жери ысык чөл экен,
Кечемин – деп киргенге
Казылуу кара көр экен.
Суу кире элек чагында
Дайранын шымал жагында
Катаган, тейит, калчаны,
Канчасын Ооган карчады,
Ооган кылып көпчүлүк,
Каңды, тейит, жүзүнө
Канча салды көп түлүк,
Алымын арбын алыптыр,
Аркадагы кыргыз – деп,
Азапка тирүү салыптыр,
Мырза чабуул кылыптыр,
Мыктыларын кырыптыр.
Аскерди көрүп алышты,
Ал жердеги кыргыздан
Алтымыш миң барышты.
Уругу кыргыз журтуна
Улук Манас баатыры
Намыстанып акыры,
Айбатын көргөн Манастын
Башында калбай акылы,
Күркүрөшү күн болуп,
Карарып ачуу түн болуп,
Бетиндеги ызгаары
Бери болсо бейбактын
Беш байпактык жүн болуп,
Каары мындай ким болду,
Сырын билген баатырлар
Үндөй албай тим болду.
Алмамбетти кел – деди,
Жан аябай жайла күн
Өнөрүңдү сен – деди.
Кытайча кыйын окуган,
Жети кез кийиз алдырып,
Астына аны салдырып
Эр Алмамбет олтурган.
Жай таш чыккан кой жүнүн
Жаз күнүндө алдырган,
Кыш күнүндө кыларда
Жай дубасын салдырган,

Дуба салып бастырган,
Кыдырата четине
Кытайынча ариптүү
Кешмир дуба жаздырган,
Кийизди салып астына,
Олтуруп Алмаңүстүнө
Барайыздан баштады,
Башкы келген аязга
Барча адамдар шашканы,
Кыргыздын колу аязга
Кырылып кете жаздады,
Кийими жука кишилер
Ыйлап көзүн жаштады.
Жаканын баары жамгырлап,
Жарлардын бети жалбырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Доол соккон немедей
Доошу катуу дабырлап,
Туурадан туман дүркүрөп,
Кыбыладан тунарык
Кызыл мунар күркүрөп,
Кылым журттун баарысы
Кыш чилдедей зиркиреп,
Кара тоо башын кардатып,
Кабактын баарын аңдатып,
Өзөндү шамал чаңдатып,
Өлтүрөбү бизди?! – деп,
Өз аскерин таңдатып.
Барайызды бат окуп,
Даңги-бүңгү сөз менен
Калмактын кара дубасын
Канча түрлөп жат окуп,
Тегерете терс окуп,
Катыс дуба калкынын
Шермолтосун кесе окуп,
Шыпаа кешмир келтирди,
Тилегин Алла жеткирди.
Тиктегенин көргөн кул,
Тилегин Кудай берген кул
Алмаңдын жайы мына бул.
Атканын жазбас мерген кул,
Айтканы кабыл келген кул,
Дүкмекер апсун мына бул.
Күчү менен дубанын
Астына салган кийизи
Алмамбетти көтөрүп
Үч кез өөдө турганы.
Арыктын баары жыгындап,
Аңдардын кары тыгындап,
Үч күн болду, үч түнү,
Амач алып басылбай,
Аркы-терки шыбыргак,
Бозоргон туман ачылбай,
Борошосу басылбай,
Жааган күнү ачылбай,
Күздүк аштык күбүлүп,
Жаз айдоочу аштыктан
Жандын баары түңүлүп,
Мурунку мөмө түйүлүп,
Түйүлгөндөн түк калбай
Жерге түшүп күбүлүп,
Келгин куштар тура албай,
Кыйылып жаткан жыгачка
Шыбыргак музу дубалдай,
Зыркыраган аязга
Чыдап адам тура албай,
Орундун баары сыз болуп,
Жаз болгондо кыш болуп,
Жука кийим кийгендер
Кыңылдап сүйлөп кыз болуп,
Үч түн болду, төрт күнү
Үшкүрүп аяз бүтүнү,
Көрүнөө өлмөк болдук – деп,
Көрүнө көбү күтүндү.
Кылайып наар албастан,
Оозуна даам салбастан,

Алмамбеттин апсуну
Улуу жомок, чоң дастан,
Көтөрүлүп жети кез
Астына тирөөч салбастан,
Үстүнөн танап албастан
Муаллак барып олтурду,
Астындагы кийизин
Ошондой ишке болтурду.
Үч түн менен төрт күнү
Жетөө өттү бүтүнү,
Турган, жүргөн адамдар
Оозунан чыкты түтүнү,
Жети күндө Алмамбет
Катуу кешмир дубасын
Кайтарууга күтүндү.
Олтурду жерге оңолуп,
Абадан булут жоголуп,
Какшаган сыркаар басылып,
Карарган туман ачылып,
Эртең менен таң атып,
Күндүн мурду чачылып,
Чымын учуп чырылдап,
Чымчык учуп чурулдап,
Жерден булоо бурулдап,
Күн ачылып алыптыр,
Тоонун башын курчаган
Куу туман туруп калыптыр,
Сайы менен саркырап
Сары жел жөнөп алыптыр.
Өткүр Алма баатырдын
Өнөрү болгон ушундай,
Бир чөпкө турган бубагы
Билеги жоон муштумдай.
Какырда суулар как соолуп,
Кашка булак так соолуп,
Кара суулар муз болуп,
Күн ачылып алыптыр.
Мөңгүгө өлчөп жай байлап,
«Аскердин баары аттан!» – деп,
Жар чакырды айгайлап.
Таш көрүнүп сороюп,
Тал-дүмүрү короюп,
Ар кайсы жерде чөөттө
Аттай кара балыктар
Өлүп жатыр тороюп.
Калдайган калың муз болуп,
Сай четинде кылдырлап,
Шыйракка чыкпай суу агып
Сайда жатыр шылдырлап.
Эки жүз миң аскери
Суудан өттү жыбырлап.
Оогандын каны Түлкү экен,
Ошону да күүлөгөн
Ойрон болгон түрк экен,
Түлкү кабар салыптыр,
Түмөнбай деген уулу бар,
Түмөндү жыйып алыптыр.
Түмөн аскер кашында,
Быйыл он үч жашында,
Дөөлөт кушу башында,
Түпөктүү найза кармаган,
Жүрсө жоодой чаңдаган
Кан Түлкүнүн кара туу
Душман союп кандаган,
Кара Токо деген бар,
Кароолдон жазбас мерген бар,
Калпа, Төкө эрлер бар,
Кадырбай бала деген бар,
Акун деген иниси,
Адамдан башка мүнөзү,
Сейит баттал тушунда
Чала болуп мусулман,
Жанган экен ушунда.
Мажусу дин дини бар,
Түмөн деген бири бар.
Түлкү кандын агасы,

Ажал жетип, ал мурун,
Ажалга недир дабасы,
Андан калган дагы бар.
Ажымат аттуу баласы,
Аларга карап турганы
Адыры, чөлү-сакарасы,
Кең Үргөнчтүн калаасы.
Түмөндүн уулу Ажымат
Он алтыда жашында,
Орчун жыйын кашында,
Чечендиги бир башка,
Четки аскери колунда,
Найзакерден көй кашка,
Дини мажусу, өзү ооган,
Баатырлардын баары бар
Баш тартпаган ар жоодон.
Аарылардан бөлүнгөн,
Ооп келип ортого
Алптан эли көрүнгөн.
Аралдан келип жай алган,
Жазийрага таянган,
Аркы атасы Баян кан,
Өз атасы Катыласы,
Жаян аттуу бабасы,
Салганы Үргөнч калаасы.
Катыла кандын уругу
Түлкү, Түмөн, Акуну,
Кызыл баш анын жакыны,
Элинде бар не түрлүү
Ашкере аяр, баатыры.
Азыркысын ашкере
Акун баатыр дээр экен,
Алты тайпа Ооганды
Бийлеп турган неме экен.
Жашы бар отуз сегизде,
Түрк дегенде дүүлүгүп,
Куштар болгон куу аяк
Бир челишип келишке.
Катыла кандын кызыл туу,
Кайгайлаган ызы-чуу,
Калкылдатып көтөрүп,
Эки жүз миң кол менен,
Шымалга чыккан жол менен,
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Айчыктуу туулар жаркылдап,
Асабалар жалпылдап,
Айбатын көргөн адамдын
Азат бою калтылдап,
Добул согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Сел аккандай шарылдап,
Жел сокcондой арылдап,
Баарысынын мингени
Теке жоомарт арымдап.
Теке жоомарт минишип,
Үзөңгүнүн тээгине
Найзанын түбүн илишип,
Калкандын баарын ойнотуп,
Кас бууданды сойлотуп,
Жарактын баарын жайлатып,
Канжар кошуп кылычка,
Жандарына байлатып,
Катыланын кызыл туу
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын жайылтып,
Келип конду бу дагы,
Кестешип калган эки журт
Бекер карап турабы.
Күшөк деген аяры
Апсун демин салганы,
Аркардай шаңы көрүнгөн
Аргымак болуп алганы.
Күн чыгышы жагынан
Суунун барып башына,
Оттогон болуп аскердин

Жетип келди кашына.
Атчы балдар көрүштү,
Кармайлык – деп, көбүштү.
Кармоого кылды талапты,
Кайдан билсин бу балдар
Аяр Күшөк талакты.
Салды чалма мойнуна,
Аңдап көргүн Күшөктүн
Али да кылар ойнуна.
Кең соорусу даңкайган,
Ач маралдай шаңкайган,
Атка бүтпөйт андай шаң,
Туу аркардай сыягы,
Чуркай турган кыябы,
Куюлган чоюн туягы,
Жаккан шамдай кулагы,
Теке жоомарт экен – деп,
Журттун көбү дуулады,
Немене – дейт?-бир-бирин,
Билбегендер чуулады.
Бир ат келип калды – деп,
Биз көрбөдүк бул өңдүү
Жылкыдан сулуу малды – деп.
Суу боюнан жогортон
Өзүнчө келип калды – деп,
Өтүп кетип баратып,
Атты көрө салды – деп,
Атты көрүп айланып,
Анан келип калды – деп,
Амалдап кармап алдык – деп,
Бокмурундун балдары
Кармап аны алганы,
Сиз минүүчү сонун – деп,
Кабылан Манас баатырдын
Кулагына салганы.
Алып келгин мында – деп,
Алдырып Манас алганы,
Аккуланын чоң тердик
Аны жаба салганы.
Ак каңкыны токутуп,
Баса минди баатыры.
Баатыр баса мингенде
Баягы аяр Күшөктүн
Башынан кетти акылы.
Бастырса бели сынгандай,
Тула бою тууш күч
Туйгунду кайдан көтөрсүн,
Кара бою катуу күч
Канкорду кайдан көтөрсүн,
Бак-дөөлөтү башында
Баатырды кайдан көтөрсүн.
Күшөктүн шору катканы,
Көмөлөнүп жыгылып,
Көтөрө албай жатканы.
Көтөргөн болсо баатырды
Алып качып акыры
Аскерине бармакчы.
Аңдабаптыр мурунтан,
Арстан Манас баатырдан –
Азыр коркту арбактан.
Айбаты катуу, заары күч,
Арбагы бийик, өзү түз,
Аткан октой сөзү түз,
Баатырды көрүп алганы.
Мал болбой ушу курсун – деп,
Түшүп алып эр Манас,
Басып кетип калганы.
Кошко Манас олтурду,
Коборгондо ушул ат
Дарылдата оосурду.
Күндүзгү күн түн болду,
Көңкү колдор бир-бирин
Көрө албастай күн болду.
Ат оосуруп салды – деп,
Андан кийин ушундай,
Не болгонун билбейбиз,

Караңгы түшүп калды – деп,
Сулуулугу жылкыдан
Көрбөдүк мындай малды – деп,
Көкөтөй эли кармаптыр,
Көпчүлүгү жетелеп,
Көтөрө албай Манасты
Алып кетип калды – деп,
Алмамбет менен Бакайга
Айтып бири салыптыр,
Алмамбет билип алыптыр.
Аяр келген экен – деп,
Аңдабасак бекер – деп,
Келсин Көйүш аяр – деп,
Көкөтөйдүн тобуна
Ылдам барсын даяр – деп,
Буйрук кылып ийиптир.
Көйүш аяр жүгүрүп
Көрмөк үчүн кириптир.
Капкараңгы түн болгон,
Көөдөктө мындай ким болгон,
Көрөмүн – деп, бастырып,
Бокмурун токуп миниптир.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Он үчтөгү жаш бала
Оозуна алы жетпеди,
Орчун аскер оогангa
Октой учкан күрөң ат
Алып кирип кеткени,
Күшөк аяр балдирек
Аярлык эмей неткени.
Акун баатыр көрүптүр,
Ал кезекте адамдар
Аярлыкка көнүптүр.
Кара көзү чолпондой,
Калктан башка султандай,
Канчырынан кан тамган,
Караса көздөн от жанган,
Чылк жибекке чырмалган,
Суусардан бөркү кырдалган,
Багылан сулуу баланы
Алып аяр баргaны.
Кезиккен жерден алдык – деп,
Кубанышып калганы.
Өлтүрүп азыр ийбейлик
Жаш чырактай баланы.
Ордого алып баргын – деп,
Ор түбүнө салгын – деп,
Акун өкүм кылганда
Салбасы барбы зынданга.
Жети желдет алганы,
Жетелеп алып баланы
Кан Түлкүнүн ордого
Азыр алып барганы.
Канышай аттуу кызы бар,
Капканын турган оозунда,
Кандай заман болот – деп,
Карап турган ушунда.
Кичи кызы Дүрбөнөй,
Канын кармап келдик – деп,
Барды желдет жайма-жай.
Канышай жашы он бирде,
Тогуздагы Дүрбөнөй,
Жеп турган экен бир кирде.
Атка келди бекемдеп,
Нанды жегин, ме, сен – деп,
Дүрбөнөй берди нанына,
Калабалуу түрктүн
Кармап канын келдик – деп,
Дүрбөөн кылды баарыны.
Жаш бала экен каны – деп,
Наристе жашын кан кылган
Баарыңын жокко жаны! – деп,
Өлө албай жатып кол курап,
Бизге келет дагы – деп,
Желдеттер барат жетелеп,

Желмогуз элдин колунда
Бокмурун барат чекелеп.
Канышайдан уккун сөз:
Камыш бойлуу, кара көз,
Бет кызылы анардай,
Көзү жанган банардай,
Чыбыктай бели буралган,
Чырактай жүзү кубулган.
Чачы кундуз, бермет тиш,
Жамынганы кара киш,
Өкчөсү алтын өтүгү,
Ашкере тур дүйнөдө
Акылынын жетиги,
Аңдап көрсө Бокмурун
Азыр кызда көрүнбөйт
Ар жеринин кемтиги.
Аны көрүп алганы,
Ашык болуп ал кызга
Акылынан танганы,
Басалбастан шалк этип,
Бала жатып калганы,
Өлдү, жүрөк чыкты – деп,
Өзүбүзбүз мыкты – деп,
Желдеттер айтып салганы.
Он бирдеги Канышай
Ойноп турган жайма-жай,
Балага көзү тийиптир,
Бар денеси ийиптир,
Ашык болуп бу дагы
Алган жарым болсо – деп,
Ыштанына сийиптир.
Өлдү – деп, желдет чуулады,
Капилет өлүп кетти – деп,
Канышай барып турганы.
Өлбөгөндөй деми бар,
Талмалуу бала окшойт – деп,
Кай бирөөнүн кеби бар.
Муздак суудан алдырып,
Чымын коргооч шыйпаңын
Суугa чылап салдырып,
Бокмурунга чачканы,
Суу тийгенде селт этип,
Кыл тийгенде желп этип,
Бокмурун көзүн ачканы.
Тур, бадирек, түрк – деп,
Зынданга кир жүрүп – деп,
Желдеттери баштады.
Өлтүр! – дешип, кай бирөө
Өкүмөт ээсин чуулады,
Өлтүрбөңөр жашты! – деп,
Өз ашыгы Канышай
Өтүнүп көптөн сурады.
Сураган кандын баласы,
Бербеске барбы дабасы.
Ал кызынын бар экен
Бегайым деген анасы.
Кан Түлкүнүн зайыбы,
Канын кармап келди – деп,
Угулган экен дайыны.
Бегайым келген эрмекке,
Каны бала жаш экен,
Кандай жан – деп, көрмөккө.
Өлүмгө бу да кыйбады.
Бөлөк менен иши жок,
Кыздын тартып күйүтүн
Бокмурун жашын тыйбады.
«Баатыр болсоңтыштагы
Түрктү түмөн сойгун – деп,
Кырып салып кыргызын,
Кызыл канга тойгун – деп,
Кымындай бир бала экен,
Кыңк этпей буга койгун – деп,
Түйүндө болор чечүү – деп,
Жардын түбү кечүү – деп,
Жарашып кетсе эл болуп
Арзан болор жетүү – деп,

Жоонун түбү эл деген,
Өлтүртпөйм ушу баланы,
Жолотпоймун мен» – деген.
Ылайык көрүп күйөөгө,
Үч кызынын бирөөнө,
Кенжеси бар үч жашар,
Байбиченин көөнүндө
Нече түрлүү акыл бар.
Бокмурун кирди зынданга
Улугу өкүм кылганда.
Канын кармап келди – деп,
Дүрбөп барган канча жан,
Бала экен байкуш, жечи – деп,
Дүрбөнөй берген кирде нан.
Баланын кеткен колуна,
Адабият алчуулар
Байкаарсың сөздүн соңуна,
Жата турсун Бокмурун,
Баатырлардан кеп угуң.
Күшөк аяр жетиптир,
Көтөрүп келген канына
Көкөтөйдүн ордуна
Кан көтөргөн жакында.
Алып качып кетиптир,
Кара кыргыз тукуму
Калгандары нетиптир?
Сүлөтү аяр мында бар,
Мурункуңдун жомогу,
Сүйгөнүңөр тыңдап ал.
Матуштук деген бири бар,
Баштагыңдын аярын
Байкап угуп, билип ал.
Матуштук бир дем салыптыр,
Алиги турган Сүлөтү
Алтын кыргак бир килем
Азыр боло калыптыр.
Килем болду алтындуу,
Кишиде өнөр артылды.
Кыргагын алтын чордогон,
Жибектен гүлүн тордогон,
Кырк жылы койсо кыянга
Кылайып чети оңбогон
Ыспандыктын килеми,
Бул сүрөткө Сүлөтү
Өнөр менен киргени,
Матуштук менен Көйүшү
Дем салып үйлөп ийгени.
Балдар аткан топ өңдүү,
Замбиректин огу өңдүү,
Адам көрбөй калганы,
Аярлык менен Сүлөтү
Асмандап учуп барганы,
Арасына аскердин
Азыр түшүп калганы.
Ары-бери жүргөндөр,
Аскердеги дүрбөөндөр
Кимден түшкөн килем? – деп,
Жакшы бекен, килем – деп,
Бетин ача салыптыр,
Көргөндөр көзү уялып,
Асыл буюм экен – деп,
Айран-азыр калыптыр.
Акун баатыр көрсүн – деп,
Көтөрүп алып барыптыр.
Кайсы датка, кайсы бек
Көрсө таанып ээси – деп,
Эшигинин астына
Эр Акун аны салыптыр,
Элүү-кырктай кишиси
Тегеректеп калыптыр.
Алты датка, бир баатыр
Олтурган килем үстүнө,
Ой жетпеген бир шумдук
Оболку элдин сөзүнө,
Тегеренген бир куюн
Көрүндү элдин көзүнө.

Куюн болгон Матуштук,
Килем болгон Сүлөтү,
Бөгүш аяр болуптур
Сулуу кыздын сүрөтү.
Бөгүш жетти Акунга –
Акын аттуу баатырга.
«Кайдан келген кыз бу?» – деп,
Акун айтып калыптыр,
Кыз үшкүрүп оюна
Апсун дуба салыптыр.
Куюн болуп учуруп,
Ачып көздү жумганча,
Кай жеткени билинбей
Кайып болуп калыптыр.
Алты датка баатырын,
Кенже иниси Акунун
Арстан Манас кашына
Алып кирип барыптыр.
Алып кеткен аяры
Бокмурун бала каныны,
Аңдап Акун караса
Асылышкан душмандын
Коёр эмес жаныны.
Барган жерде түшүрдү,
Килем эмес, киши экен,
Алтындуу килем болгону
Аярлардын иши экен.
Кыз болгону дагы аяр,
Кыябы келсе кыйраткан
Кыргыздардын баары аяр.
Куюн болгон дагы аяр,
Акун баатыр караса,
Куралган кыргыз баары аяр.
Көрсө көңүл күйүнгөн,
Көтөрсө көлүк ийилген,
Көпкөк темир кийинген,
Карап турса кыргыздар
Калкан, соот, кыягы,
Каармандай сыягы,
Алтын кылыч, болот шап,
Аскеринин баары шат.
Мингендерин караса
Кара байыр казанат,
Күрсүлөрү болоттон,
Катар чапса там бузат.
Манаста бар кырк бөрү –
Бадышалык жөкөрү,
Билектүү жеңдей муруту,
Бир атадан туугандай
Кара кыргыз бар журту.
Мойлоолору калкайып,
Жемге тойгон шумкардай
Баары төштөк чалкайып.
Жаагы жазы, мурду кыр,
Далылары капкадай,
Келишимдүү даңкайып.
Ойроттун баарын ойгондор,
Орус, кытай – деп, жүрүп,
Ооганды аман койгондор.
Кылымга кыргын салгандар,
Кыйбанын журтун алгандар,
Бир бирөөсү кырк баатыр
Миңге тойбос балбандар.
Акун көрдү көз менен,
Акыл ойлоп олтурду
Албан түрлүү эс менен.
Алты улук менен акыры
Алып келди аярлар
Атагы Акун баатырды.
Барсы тилде сөздөрү,
Чымын-куюн өздөрү.
Айран болуп өздөрү,
Акун баатыр кеп ойлоп:
Жаман эле Түлкү кан,
Арттырып акыл ойлобос
Аким өскөн бу бир жан.

Токтотпой уруш салар – деп,
Урушкан болсо Оoганга
Түлүк түшүп калар – деп,
Үстүн-астын салар – деп,
Үргөнчтүк Кабылга
Үргүлүп кантип барар – деп,
Барган менен куткарбас,
Балакетти салар – деп,
Кабыл түгүл кезенсе
Балык шаар, Бадакшан,
Маймунга заары барар – деп,
Бас келе албас бендеси
Багдатты кошуп алар – деп,
Акун кан ойлоп алыптыр.
Ал аңгыча Түлкү кан
Майданга киши салыптыр.
Даңгибир деген баатыры
Майданга чыгып акырды:
«Түрк уулу түгүң койбосмун,
Жаңгелден чыккан жолборсмун!
Таштаал, Тугул бабабыз,
Келе албас мага дабааңыз,
Ажал айдап өзүңдү
Келишиңди караңыз.
Качкан менен кутулгус
Кандуу Аму суум бар,
Кара кыргыз түркүнө
Сала жүргөн чуум бар!»
Айтып сөзүн камынып,
Акунду алып кеткенге
Ачууланып камыгып,
Ач арстандай чамынып,
Мылтыктын оту чагылып,
Калканы төшкө жабылып,
Көргөндөр эстен жаңылып,
Ачкызыл деген аты бар,
Азыркысын аңдасаң
Дажаалдайын заты бар,
Майданга чыгып калганы.
Алигинин өзүнө,
Ачуусу келип сөзүнө,
Миңди көрсө шашпаган,
Миң кишиге бет алса
Көп экен – деп, качпаган,
Миң кишиге жолукса
Билген ишин баштаган,
Санды көрсө шашпаган,
Санды көрсө бир өзү
Санаасын бузуп качпаган,
Сан кишиге жолукса
Шашпай уруш баштаган,
Сундурса найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган
Султан Сыргак туруптур,
Көкказык деген атыны
Камчыны катуу уруптур.
Анын дагы колунда
Камыштан кылган сыр найза,
Кара таш учар бир сайса.
Мунун алган колунда
Жекенден кылган жез найза,
Темири кулач кез найза.
Желегин жерге жапырып,
Майдандагы эки баатырлар
Маңдайлашты качырып,
Айгайлашып айкырып,
Алтын ээр кашы – деп,
Нак жүрөктүн башы! – деп,
Тиктеп келет Даңгибир.
Сыргак баатыр кеп ойлоп,
Сынып колум кетпесе
Жыгармын кулду! – деп ойлоп,
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алтын кемер чети – деп,
Ай балканын бети – деп,

Темир кийген дат менен,
Ачкызыл деген ат менен,
Найза тутуп бетине,
Ар ишти алып нээтине
Арстан Сыргак баатыры
Найза тозуп акыры,
Узун кармап турганы,
Учкан куштай Ачкызыл
Даңгибирди найзанын
Учуна келип урганы,
Аркасынан оркоюп,
Карыштан артык коркоюп
Сыртынан чыгып турганы.
Аз аңгеме баштабай,
Найзадан жерге таштабай,
Көтөрүп колуна алганы,
Ачкызылын кубалап,
Аскерге алып барганы.
Өнөрдү Сыргак баштады,
Өңкөй кыргыз ичине
Найзасынын учунан,
Алып барып ушундан,
Даңгибирди таштады.
Суурулуп найза, кан чыкты,
Суурган жерде жан чыкты.
Каны чыгып шорулдап,
Даңгибир өлдү корулдап.
Аны көрө салыптыр,
Барча Ооган чогулуп,
Бадышасы Түлкүнүн
Маңдайына барыптыр.
«Чыкпайсыңбы бириң? – деп,
Жана жанып да келсе
Төгүңөр ылдам жинин!» – деп,
Түлкү акырды элине,
Базир менен бегине.
Чыламкайыр баатыры
Чыкты майданга акыры.
Тазала деген аты бар,
Үстүнө темир кийинип,
Үрүстөмдөй заты бар.
Чыламкайыр барганы,
Чыккан бойдон токтолбой
Сырттан Сыргак барганы.
Абалында озунуп
Чыламкайыр найза салыптыр.
Сыргак тосту калканды,
Калканга тийип калганы,
Калкандан найза тайганы,
Найзасы өтө бергенде
Сыргак баатыр сайганы.
Калкан тосуп Чыламкайыр
Өнөр кылып салганы,
Сыргактын өтпөй найзасы,
Сырт жагына тайганы.
Чанчышып найза турушуп,
Жаалданып бир бирин
Айбалта менен урушуп.
Арстан Сыргак күркүрөп
Айбалта шилтеп салыптыр.
Чыламкайыр жонуна
Калкан тартам дегенде
Айбалта тийди колуна.
Сол билектин бирөөбү
Айбалта тийип сыныптыр,
Чыламкайыр чыдабай
Жан аргасын кылыптыр,
Колун көздөй коржоңдоп,
Тазала менен качыптыр,
Дагы Сыргак баатырдын
Эр кайраты ашыптыр.
Кызыл кемер чети – деп,
Кыр арканын бети – деп,
Сыргак найза салыптыр,
Чыдай албай Чыламкайыр
Колго качып калыптыр.

Сыргактын көр ойнуна,
Аттын кетип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна,
Жыгылар жерге жеткени,
Азыр ойрон болордо
Аскерге кирип кеткени.
Элине чейин кубалап,
Арстан Сыргак баатырдын
Эрдиги эмей неткени!
Бадыратып мылтыгын
Баары да атты Сыргакка.
Жаанын огу кыркырап,
Мылтыктын огу зыркырап,
Жетөө тийип калканга,
Жерге түшүп жалпайып,
Коргошундар быркырап,
Майданга Сыргак турганы,
Даниңге чач пар – деп,
Тажикти кудай урганы.
Дубана аттуу баатыры
Турбай чыкты акыры,
А дегенде майданда
Сыргакты көздөй качырды.
Жаасы өгүздүн белиндей,
Минген аты Сарала,
Чуркашы кырдын желиндей.
Саадагынын огу бар
Там тиреген устундай,
Тамашасы ушундай.
Чамалы деген мылтыгы,
Эми көргүн мыктыны.
Калкан тосуп кан Сыргак
Качырып кайрат этиптир,
Саадактын огу тийгенде
Калкан сынып кетиптир,
Ала чаап калканын
Тазбайматы жетиптир,
Каапырлар анда нетиптир?
Экөөлөдү аны – деп,
Эсен калбайт жаны – деп,
Эки жүзү аттанды.
Сынып калган калканды
Ала кеткин Тазым – деп,
Сыргак жерге таштады.
Таз калканды алганы,
Кайра тартып калганы.
Ооганды кара басканы,
Оңбогон өнөр баштады.
Кара баспай неткени,
Ат койгон бойдон Сыргакка
Аламандап жеткени.
Сыргак калды арага,
Чын жолукту балаага.
Калпы-чынын ким билет,
Кадыр Алла бир билет,
Карап турган киши жок,
Кайраты ашык кан Сыргак
Качуу менен иши жок.
Алмамбет, Чубак айкырып,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Азирет – деп бакырып,
Жаа Аллалап күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп,
Төрт жүз киши айкырып,
Жаа Аллалап бакырып,
Ногойлоп ураан чакырып,
Аны көрүп Түлкү кан:
«Аттан! –деди, турган жан.
Эки жүз миң аскери –
Оогандын оён көп эри
Немеси калбай ат койду.
Барабан, добул согулуп,
Бар кабылдык чогулуп,
Келип салган урушу,
Типти болбос турушу

Түрк уулунун жумушу,
Төрт жүз миң аскер кошулду,
Тозоңу көккө созулду,
Тондун баары тозулду,
Калканды каршы тутушуп,
Карсылдашып көп аскер,
Капкара канды жутушуп.
Мылтык үнү тарсылдап,
Кагылып добул карсылдап,
Тартылып керней бапылдап,
Баатырлар үнү бакылдап,
Балталар башка шакылдап,
Кылычтар колдо жаркылдап,
Топ замбирек күркүрөп,
Көпчүлүктөр чү койсо
Жер көчкөндөй дүркүрөп.
Кылычтар башка шака-шак,
Найзалар төшкө така-так,
Туулгага чабылган
Айбалта башка чака-чак.
Колтуктун баары чоюлуп,
Алаканы жоорушуп,
Кол териси жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээр сынып үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүптүр сулайып,
Муруттары чычайып,
Эр өлүптүр булайып.
Качууга ооган жетиптир,
Асты качкан кезинде
Караңгы кирип кетиптир.
Кыйба, кыргыз, калчасы
Кырылды экен канчасы?
Баш көтөрбөй барчасы
Урушта жүрүп чарчады.
Кошко келген жарадар
Которуп ишин караңар,
Онтолошуп жатышат
Тойгон койго барабар.
Ок жуткуруп окшутуп,
Кусуп жатыр кай бири,
Нуржемил жаап, шишигин
Бузуп жатыр кай бири.
Тинтүүр салып огуна,
Октун кирген ордуна,
Билип жатыр кай бири.
Октун тушун наштарлап
Тилип жатыр кай бири.
Колу-буту сынганын
Козголбо, кыйшык болот – деп,
Шак-шак кылып белендеп,
Минип жатыр кай бири.
Аскер жатып, чуу болуп,
Арылбаган дуу болуп,
Калча, кыйба, кыргызы
Калганы шүгүр кылышты.
Кыпчак, жүзү, ооганы
Өлүгү жерде бооланды,
Өкүрүккө жер көчүп,
Көрөр болсоң аларды.
Жүздөн чыккан Баткулда
Жүрө албай барды атына.
Кыпчактын беги Калдары
Кыйланы көрүп калганы,
Кыжылдап ыйлап балдары,
Кыймылдаар шайы калбады,
Сенделип үйгө барганы.
Жетим, Бөкөл желдети,
Жеткир Сары кылдаты
Жети жерин жаралап,
Көрүп барды кымбатты.

Бөкөл деген жүз экен,
Атканы бараң түз экен.
Бөлөкчө жара түшүптүр –
Бөйрөк этин үзүптүр,
Өлүүчүдөй онтолоп,
Өз үйүнө түшүптүр.
Катыла уулу Түмөнү,
Калканы сынып үбөлдү,
Отуз бир жерде жара бар,
Оогандын журтун караңар.
Катыла уулу Түлкү кан
Кайраты ашык бу бир жан,
Тула бою кызыл кан,
Чопкутунда тамтык жок,
Тозулуптур электей,
Кара көзү көрүнбөй,
Кара башын өлчөсө
Канга малган челектей,
Араң барды ордого,
Кан жарадар болгонго
Айгай толду коргонго.
Кырк жети миң киши өлүп,
Кыйынчылык иш көрүп,
Дары күткөн илекер
Жаралууга кыларын
Жайын өзүң биле бер.
Каптайбы – деп, шекинип,
Капкасы калды бекилип.
Ооганды таштап коюңар,
Оён Манас не болду,
Кабарынан болуңар.
Арстан Манас кошунда
Аксакалдар ушунда.
Бердике, Ошпур, Дамбылда
Эл урушка киргенде
Беш жүз адам жан багып
Олтурган Акун кашында.
Бешимге кирди бел чечип,
Бербердигер бер – дешип,
Намазга кирди кеңешип.
Окуп намаз алганы,
Алтайдан келген түрктүр,
Арабстан журтунан
Алтайлык жолдо жүрүптүр,
Бизден өөдө бир айлык
Билгенин кара динди – деп,
Бир жүз жылда унуткан
Биздин эл кандай жинди – деп,
Күн батышта араптыр,
Араптын дини бул элге
Кайдан жетип тараптыр?!
Жаңыдан келди Нааманга,
Кыргыз болгон уругу,
Кытайга жакын талактыр.
Таат кылып табынса
Кыбыла кылып Мекени,
Күн батышка каратып...
Жайы-күйүн суроого
Акун муну санаптыр.
Окуп намаз болгону,
Бата кылып койгону,
Сурамакка дин жолун
Султан Акун ойлонду.
Акун баатыр кеп сурайт:
«Ак сакалдар – деп, сурайт.
Күн батыш карап турдуңар,
Жүзүңдү жерге урдуңар,
Не заң – деди мунуңар?
Беш айлык бизден төмөн – деп,
Бизден барган адамдар
Мекеликтен көргөн – деп,
Бээжинге жакын сиздин эл
Кайдан буга көнгөн? – деп.
Ата-баба browseinде
Аарыларга жакынбыз,
Аары түпкү зилинде,

Аттап өтүп биздерден
Сиздерге кантип билинди?
Ким үйрөттү сиздерге
Минткен өнөр-илимди?»
Антип Акун сурады,
Бердике менен Дамбылда
Бербей жообун турабы.
Байгамбар чыккан Сам – деди,
Барча адамдын уулуна
Акырет үчүн жеп жүргөн
Сам оолаты кам – деди,
Ажал жетсе акыры
Бир күнү чыгар жан – деди,
Акунум анча сурадың,
Ашыкпай угуп ал – деди.
Асман-жердин кубаты
Алла Таала бар – деди.
Алла деген бир өзү,
Аят келген көп сөзү.
Китеп аты Курандыр,
Ислам билген журтунда
Азирет менен тургандыр,
Адам дилин ар качан
Азезил шайтан бургандыр.
Асты-үстүндө дүйнөнүн
Адам уулу тургандыр.
Биринчиси бир кудаа,
Кайсы түрлүү турушун
Адам билбейт жупжуда.
Көрбөйт көзүң, өзү азыр,
Астында да, үстүндө,
Эп эткен желдей урунбайт
Тийип турса жүзүңө.
Алдыңда да, артыңда
Бар! – деп, билгин, тартынба.
Оңуңда да, солуңда
Кудурет кубат-күч болуп,
Аралашкан денеңе,
Аяк менен колуңда.
Астыңызда жер – деди,
Чымчып алсаң топурак
Анда да кудай азыр! – деп,
Аны да ойлой бер – деди.
Жер дүнүйө жуда бар,
Ушу жердин астында
От дагы бар, суу да бар,
Жел дагы бар, буу да бар,
Ар түрлүү сонун жуда бар,
Жер алды да куру эмес,
Жекене-жеке кудаа бар.
Үстүндө турган асмандыр,
Алда нече дүнүйө
Күчү менен азгандыр.
Асман аба, буу болор,
Акпаган дайра суу болор,
Куюлтуп бери келтирбейт,
Кудаанын күчү бу болор.
Көрүп турсун жылдызды,
Амыры, күчү нак ушу
Асманды, жерди жылгызды.
Таң атырып, күн жетет,
Күн батырып, түн жетет,
Ак амыры болбосо
Ал орунга ким жетет?!
Жан жараткан Кудайың
Ар түрлүү жандын баарысын
Өзү сактайт жудайын.
Канча түрлүү жан көрдүң
Дарыядагы, көлдөгү,
Жана канча жан көрдүң
Суу көрбөгөн чөлдөгү.
Барча болгон макулукат
Кудурет күчүн көрбөдү,
Айбан эмес, адамдан
Акка ынанып көнбөдү,
Канча түрлүү адамдар

Каапыр бойдон жөнөдү.
Көрүнбөйт Кудай көзүңө,
Көрүнбөстөн турса да
Көп жардамчы өзүңө,
Көп окуган түшүнөт
Куран-калам сөзүнө.
Өзү кубат, өзү күч,
Билдирмекке бирлигин
Биздерге айткан сөзү түз.
Байгамбар бизге кабарчы,
Байгамбарга жеткирген
Малайик бар кабарчы.
Бериштеге өзү айткан,
Бенделерге беришге
Ак тааланын сөзү – деп,
Аят кылып сөз айткан.
Азгырып турган, кылба – деп,
Аты Азезил бар шайтан.
Алла Таала кубаты
Асман-көктүн тышында,
Тышта экен – деп, тим болбо
Азыр турат ушунда,
Каары катуу кашында,
Аралашып өзүңө
Ичиң менен тышында.
Аалими артык көп болгон,
Баары ааламдын баарына
Макулукатка карк толгон.
Арбыны бар бериште,
Алым келбейт которуп
Баарын айтып беришке.
Аршы-күрсү, калем бар,
Нечен түрлүү аалам бар,
Макулукаттан куру эмес,
Ошондо да көп жандар.
Тогуз кабат палек бар,
Бир кудаадан башкага
Өлүм деген милдет бар,
Лох менен калам бар,
Өзү себеп кылуучу
Өкүмөттүү Аллам бар.
Өзүм кыйын – деп жүрсүз,
Өзүңдү сактаар паанаң бар,
Айтпасаң да билүүчү
Абыдан жетик даанаң бар.
Көрөрүңө көз берген,
Киериңе бөз берген,
Көкүрөгүңө эс берген,
Жол көрсөтүп, тез берген
Бар кудайың паанадыр,
Барчаны билген даанадыр.
Туудурган аны ата жок,
Турат колдоп, ката жок.
Тууган аны эне жок,
Туш келишер неме жок.
Өзү бир, тууган-урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок,
Өзгөнүн баары кирдүүдүр,
Өзүнөн бөлөк тунук жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өзүнөн болор бала жок,
Өзгөнүн баары бейкүмөн,
Өзүнөн бөлөк даана жок.
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Ошончонун баарысын
Күчү жетип колдогон,
Токсон тогуз миң заты,
Миң бир эки бар аты,
Калк жаратып, сактамак
Баштан-аяк адаты.
Ары жарык, ары ысык
Ибарат күндөн албайсыз,
Нааданчылык көп кызык,
Түрк уулу кыргыз колуна
Түшүп жесир болмогуң

Макпус жазган бу сызык.
Кудаанын билгин бирдигин
Кубаттуу болор тирлигиң,
Көрбөй туруп ишенип,
Көңүлдүн чыгар кирдигин».
Дамбылда бар, Бердике,
Сараймандан Саламат,
Жайнап турган жамагат:
«Бир Алланын бирлигин,
Байгамбардын барлыгын,
Түк кап көрүп калба – деп,
Дүнүйөнүн карлыгын,
Акыр бир күн тартабыз
Акыреттин тарлыгын,
Акун баатыр билсеңиз
Бир кудайдын барлыгын
Айтып ыйман, динге кир,
Насият угуп, тилге кир!»
Бу сөздү айтып салганы,
Акун баатыр келме айтып,
Мусулман болуп алганы.
Жанындагы жолдошу
Жалпы болду мусулман
Жан калбастан ушундан.
Калмактан болгон Бадаңбай
Ал мусулман болгондо
Алып келген каратай.
Төрт аяктуу жылкыдан
Ашкан экен жоргосу,
Арпа түктөп, жем берип,
Манат экен дорбосу.
Акунга аны мингизип,
Алты датка бегине
Алтындуу тон кийгизип,
Аны менен тим койбой
Алты аргымак мингизип,
Ак бирлигин билгизип,
Азим шаар Үргөнчкө
Жүргүзүп ийди Акунду
Түн боюнча киргизип.
Капкага Акун барыптыр,
Бекитти – деп, капканы
Акун барып какканы.
Түрк уругу кыргыздан
Түгөтөр – деп, шекиген,
Түндө капка бекиген.
Арбын экен аяры,
Кыйын экен кыяры,
Кыргыздын ырас кылары.
Акун болуп алар – деп,
Азапка бөөдө салар – деп,
Корбашысы ачпады,
Коркуп андан чыдабай,
Кан Түлкүгө качканы.
Каны Түлкү жарадар,
Өкүрүгү басылбай,
Өлүүчүгө барабар,
Өткөндөрдүн сөзү бу,
Өңкөй алач караңар.
Түлкү каны кеп айтат:
«Түндө келсе Акунду
Жүрөгү сезбес баатырды
Карайлап кыргыз баргандыр,
Карбаластап калгандыр,
Кан жутуп алар барганда
Капилеттен кылт берип,
Качып Акун калгандыр.
Алда кандай бул жумуш,
Аярдан алып барыңар,
Бу дүнүйө жалгандыр,
Аңдап кийрип алыңар,
Кирген болсо калаага,
Аяр да болсо бадирек,
Анык калар балаага.
Берилерден болсо да
Мээнет көрбөй кутулбас,

Акун болбой, жоо болсо,
Дөбө болбой, тоо болсо,
Бизди кудай урбайбы
Капкадан кирген соо болсо!»
Онтолоп жатып Түлкү кан,
Кашында нөкөр канча жан,
Канынан жарлык алганы,
Корбашысы кошулуп,
Желдеттен сексен барганы,
Алты бегин ээрчитип,
Акун кирип калганы.
Алтындуу тондон кийишип,
Аргымак бедөө минишип,
Агасы баатыр түлкүнүн
Үстүнө булар киришип,
Увазир, желдет, удайчы
Учурашып баарысы,
Уу-чуу болуп калышты,
Кутулдуңуз кантип? – деп,
Кужулдап сурап салышты.
Башка сөзүн таштады,
А дегенде Акун эр:
«Баласы тирүү барбы?» – деп,
Бокмурун кебин баштады.
«Салдык эле зынданга
Казылар өкүм кылганда.
Билбедик өлүү-тирүүсүн,
Өчөшкөндөр жолукса
Сойду бекен терисин,
Атасы өлгөн андан көп,
Агасы өлгөн сандан көп,
Иниси өлгөн чаңдан көп,
Жаралуу келген андан көп.
Аңдабай адам калгандыр,
Аңдаган болсо аныңды
Бая эле союп салгандыр».
Бу сөздү айтып салганы:
«Бат бил! – деп, өлүү-тирүүсүн».
Азыр келген Акуну:
«Тирүү болсо өзүн – деп,
Алып келип маа көргөз
Ал баланын көзүн – деп,
Кебин кийин угуңар
Келген кыргыз сөзүн» – деп,
Акун буйруп салганы.
Эки желдет энтелеп
Зынданчыга барганы.
Чыгарып бер баягы
Зынданга салган баланы,
Желдет минтип барганы.
Жетелеп чыгып баланы,
Желдеттердин колуна
Соо-саламат салганы.
Болжоп билди Бокмурун
Өлтүрөт экен мени – деп,
Көңүлүнө алганы.
Канышай кызды көрсөм – деп,
Көрүп анан өлсөм – деп,
Көөнүнө аны алыптыр,
Көзүн жаштап барыптыр.
Ордосуна-канына,
Баштап барды желдеттер
Кан үйүнүн жанына.
Жакын болду ыраагы,
Жагылып турат чырагы.
Жарадар болгон Түлкүгө
Садага чаап ийчүдөй
Желдеттердин сыягы.
Канышайды көрсөм – деп,
Казага болуп ыраазы,
Өкүмүнө көнсөм – деп,
Эр Бокмурун ойлоптур,
Эшик ачып бойлоптур,
Үйгө кирип караса
Айдай жүзүн жаркытып,
Атасынын кашында,

Алды толуп жашына,
Кыз Канышай сойлоптур.
Кыз Канышай сойлоктоп,
Колго баккан эликтей
Олтуруптур ойноктоп.
Кырккандай чачы булайып,
Кыргоолдой мойну кылайып,
Кызды көрүп Бокмурун,
Өлүмгө болуп ыраазы,
Бул олтурду жылмайып.
Тирүү көрдү баланы,
Өлтүрбөй кандай койгон? – деп,
Тигилип көзүн салганы.
Ашык болгон Канышай,
Акылы толуп жайма-жай,
Анын да көөнү тыныптыр,
Алиги барган Бокмурун
Ар кандай өлүм болсом да
Ыраазымын ага – деп,
Ичинде шүгүр кылыптыр.
Эр Акунда дары бар,
Не түрлүүнүн баары бар.
Жанчыгынан чыгарып,
Кан Түлкүгө бергени,
Жараттары жазылып,
Аккан каны басылып,
Айнектей көзү ачылып,
Үшкүрүгү баш жарып,
Үшүнө келип олтурду.
Эр Акун эми шашпады,
Эрикпей сөздү баштады:
«Ажалга жоктур даба – деп,
Аманбы Түмөн ага?» – деп,
Акун баатыр сурады...
Карыган киши эмеспи,
Кайдан барсын урушка,
Калабалуу жумушка
Калган үйдө аман – деп,
Калаадан тышка чыккандар
Жарадар болгон тамам – деп,
Өлгөн окшойт кыйла адам,
Өлөрчө болуп жарадар
Өбөктөп келди кыйла жан,
Өкүрүп жатыр көп адам.
Калган менен өлгөндүн
Ала элекпиз эсебин,
Кайдан келген билбейбиз
Кара кыргыз кесебин.
Айтып желдет басылды,
Айтып тамам кылганда
Агасы Түлкү канына
Акун баатыр асылды:
«Аяры мени алганда,
Алты датка-бек менен
Ушунча колдон кутулуп,
Куюн болуп учуруп,
Алып кетип калганда
Уруштун камын жедиңби,
Ушул алты бек менен
Акунду өлсүн дедиңби?
Токтобой уруш не салдың,
Тополоң кылып кимди алдың?
Байкабай уруш не салдың,
Байкабай уруш салган соң,
Басып-жанчып кимди алдың?
Аңдабай уруш не салдың,
Аңдабай уруш салганда
Айдап кырып, кимди алдың?
Урушту мыктап сүйүпсүз,
Урунарга тоо таппай,
Убайымда жүрүпсүз.
Урушарга жоо таппай,
Алышарга эр таппай,
Араң жүргөн экенсиз
Атышарга эл таппай,
Каалап жүргөн экенсиз

Кан төгүлөр жер таппай.
Урушарга жоо келди,
Урушка барган аскерден
Бири кайда соо келди,
Баш көтөртпөй, чындаса,
Басып калар тоо келди.
Майданда уруш салганы,
Барган жерде үч баатыр
Экөө өлүп, бири аман,
Балакетке калганы.
Эң аягы-чабалы,
Эң каруусуз жаманы.
Көк темир кийген көсөлдөр,
Бадана кийген баатырлар,
Соот кийген сонундар,
Күбө тон кийген күчтүүлөр,
Алар жатты кошунда,
Айбатына жан тургус,
Ажыдаар түстүүлөр.
Кыягы болот кыйындар,
Калканы болот кандары,
Калган жатып кошунда
Кайраты ашык жандары.
Белдемчи болот бектери
Беттешип сага келбеди.
Чопкут кийген чоңдору,
Жолборстой туташ жондору,
Чоң-кичүүсү болжолсуз,
Соо коёру болбоду.
Адам эмес мүнөзү,
Арыстанбы, жолборспу,
Ачууланса чеңгели
Аскеринде жатышты
Адам колго толбосу.
Жүрөктөрү ташка окшойт,
Жүргөндөрү башка окшойт,
Болжоп турсаң кыргызың
Борумдары башка окшойт.
Жүздөн жүзүн бурбаган,
Жүдөймүн – деп, турбаган
Жүрөктүү көрдүм кыргызды.
Миңден бетин бурбаган
Бири да токтоп турбаган,
Билимдүү көрдүм кыргызды,
Бир кудайга сыйынган
Илимдүү көрдүм кыргызды.
Көптөн азы качпаган
Көсөл көрдүм кыргызды,
Көргөн жоосун жанчтаган
Көсөм көрдүм кыргызды.
Атканынан жазбаган
Мерген көрдүм кыргызды,
Апкаарып жоодон шашпаган
Эрден көрдүм кыргызды.
Сундуруп найза тартпаган
Султан көрдүм кыргызды,
Өлгөнүнө ыраазы,
Балаага сабыр кылуучу
Журттан көрдүм кыргызды.
Бетке алганын жазбаган
Мерген көрдүм кыргызды,
Беттешкендин жазайын
Берген көрдүм кыргызды.
Бар жүрүшү тобокел,
Баатыр көрдүм кыргызды,
Башын динге байлаган
Бакыр көрдүм кыргызды.
Касташканын соо койбос
Каапыр көрдүм кыргызды.
Атка үйрөнгөн чабендес
Көнүк көрдүм кыргызды,
Жан кадырын билбеген
Өлүк көрдүм кыргызды.
Тапканына каниет,
Аштуу көрдүм кыргызды,
Тек! – деп, койсо тим турган

Баштуу көрдүм кыргызды.
Кийгендери кырмызы,
Тондуу көрдүм кыргызды.
Бир бирине ызаткер,
Жолдуу көрдүм кыргызды,
Аскери жерге сыйбаган
Колдуу көрдүм кыргызды.
Үй ордуна жүктөгөн
Чатыр көрдүм кыргыздан,
Миңден бири шашпаган
Баатыр көрдүм кыргыздан.
Козу ордуна тай сойгон,
Эттүү көрдүм кыргызды,
Кызыл ыраң, нур жүздүү –
Беттүү көрдүм кыргызды,
Кош-беш айтып сүйлөсө
Эптүү көрдүм кыргызды.
Коркунчусу кыямат,
Шектүү көрдүм кыргызды.
Каалаганы ысылам,
Диндүү көрдүм кыргызды,
Калабадан качпаган
Жиндүү көрдүм кыргызды.
Өлүмүнөн качпаган
Өкүм көрдүм кыргызды,
Өз билгенин иш кылган
Аким көрдүм кыргызды,
Өчмөндүү болуп урушуп,
Жалгыз эле мен эмес,
Бакиң көрдүң кыргызды».
Аман барып Акуну,
Аскер башчы баатыры
Ал сөздү айтып салганы,
Ал аңгыча таң атып,
Жарык болуп калганы.
Аксакал болгон Түмөнү
Акун аман келди – деп,
Көрүшөм – деп, жүргөнү.
Акун аман келгенин
Адамдар угуп дүрбөдү,
Биле албаган нааданын
Билимдүүсү жүр – деди,
Караламан кай бирөөн
Илимдүүсү жүр – деди.
Улуу менен кичүүсү
Урматка толук кишиси
Баары кирип калыптыр,
Башчы Түмөн ак сакал
Кары келип калыптыр.
Жетик Бөрү желдети,
Жеткир Сары кылдаты,
Бөгөөл уулу Султаны,
Туу көтөргөн Алтаны,
Каражойдун Камбары –
Калк башкарар зардалы,
Калкы ооган барганы.
Кара сакал Калчасы,
Жыйылып келген Акунга
Кыйындардын канчасы.
Башка кепти таштады,
Баргандан көргөн-укканын
Баштан-аяк баштады.
Аман келген Акундун
Айран болуп өзүнө,
Салды кулак сай төрө
Дин ыслам сөзүнө.
Баатыр Акун кеп айтат:
«Башкаңболбой калсаңда
Башым болдум мусулман,
Байка тууган, мен келдим,
Баш тартпаймын ушундан.
Кырылыштың тарадың
Кыргыз арзан журт го – деп,
Кыялыңда санадың.
Эндекей турба баарыңар,
Эмгекке башты салдыңар,

Эсебиңди алыңар.
Кыйраттык – деди, Ooганды,
Кыргыз кайдан соо калды,
Озунуп Ooган кол салды.
Урушту кыргыз, мол – деди,
Ooган кайда соо калды,
Оңой дебе кыргызды,
Оңколоп өлүк тургузду.
Эки жүз миң кол элең,
Шаар Кабыл, Үргөнчтөн
Келген аскер мол элең.
Алгын – деди-эсебиң,
Келгин – деди-эсениң».
Баатыр Акун муну айтып,
Баарына кабар салыптыр,
Мазандары Үргөнчтүн
Шаарына кабар салыптыр,
Кечээ барган аскерден
Жүрбөгөнүн жетелеп,
Жүрө көр! – деп, энтелеп,
Жүз отуз миң барыптыр.
Жетимиш миңи жок болуп,
Жер көчүрдү айгайы
Ooган, кыпчак токтолуп.
Олорго кошо жүз да бар,
Акундун көөнү түздө бар:
«Акыл баарың болжоп ал,
Алсак тилин кыргыздын
Абыдан бизге олжо бар.
Ак бирдигин билебиз,
Ыслам динге киребиз,
Экинчиси элчилик,
Казына кылып мал жыйбас,
Алтын, күмүш зар жыйбас,
Амбар жасап, дан жыйбас,
Иштеткени бил экен,
Издегени дин экен,
Сүйлөсө көркөм тил экен,
Байгур болуп бөлүнгөн,
Баштатан журтка көрүнгөн,
Бакыры уйгур аталган,
Басташкан жоого чаң салган,
Каканды бузуп, жамбы алган,
Бешти берсең шаңшуурдан
Бир ат үчүн албаган,
Күнүнкү көрөр ырыскыны
Күнүн таап жалмаган,
Эртең ачка өлөм – деп,
Эч оюна албаган,
Шуудур, аспи малы бар,
Бакар, көспант дагы бар,
Шот деген жана бири бар,
Эшек, качыр көргөндө
Жолотпогон жини бар,
Аңдап келдим кыргызды,
Ак ыслам дини бар,
Акыреттин камы үчүн
Ага-ини журтум тилимди ал,
Ырас бил актын барлыгын,
Ыслам динге кирип ал!
Бадыша болуп башкарып,
Башыңды кармап турбаган,
Алтын, күмүш зар алып
Дүйнөгө көңүл бурбаган,
Өлбөстөй күтүп казына
Карап турбайт кашына,
Бир ат болсо болгудай
Бир адамдын башына.
Кыргыз экен мындай эл,
Кылайып пикир кылбаган,
Кылган иши тобокел,
Бар болсо, бардай жеп кеткен,
Жок болгон болсо колунда
Тобокел акка! – деп, кеткен,
Азуулуудан бөрүңүз
Аңдап аны көрүңүз,

Миң кой жесе тоймок жок,
Тоём ушу болот – деп,
Бирини жеп коймок жок.
Ачкадан бөрү өлгөн жок,
Азык жыйып жемекке
Азелден алар көнгөн жок.
Бирде ачка, бирде ток,
Жараткандын бир жаны,
Ырыскысыз өлгөн жок.
Болжолу кыргыз бөрү экен,
Кам жегендер эшектир,
Кара кыргыз уругу
Касиеттүү төрө экен.
Көрүп жүрсүң жолборсту,
Издебейт жолборс жолдошту,
Аны дагы көрүңөр
Карайт экен кудайга,
Казынасы болбосту.
Кез келгенди алып жүр,
Ачтан өлбөй а дагы,
Ажал келип кармаса
Ар жерде өлүп калып жүр.
Азуулуу арстан баарысы
Мекен кылбай салып жүр,
Кыргыз да шонун бири экен,
Бүгүн келген оруну
Эртең куру калып жүр.
Карчыганы, кушуну
Карап көрдүм ушуну,
Ал жеткени алып жүр,
Артканы жерде калып жүр.
Карчыга кыргыз куш экен,
Кайрылбаган жемине
Карап турсам ушу экен.
Кыргыз бөрү, ооган кой,
Майданыңды карасам
Болгон окшойт улуу той.
Башка журт карга, кыргыз куш,
Башка журт суу, кыргыз туз,
Аздыр-көптүр татыды,
Аңдабастан уруштук,
Башка эл тоос, кыргыз куш.
Тоос болуп сыландык,
Сулуу да болсо куш алды,
Шол катарлуу кыргыздар
Бизге келип муш салды.
Көрүп жүрсүң көзүңөр
Аюу менен жолборсту,
Жолборс келип кол салса
Аюуң аман болбосту.
Жолу каткан кыргыздын
Жолборстугу көрүндү,
Асылдык эле аюуча,
Аскердин каны төгүлдү.
Өз сурагың өзүңдө,
Ынансаңар сөзүмө,
Алдыруучу көрүнбөйт
Азыр кыргыз көзүмө.
Камалбайлык, тарайлык,
Калаба сүйбөй карайлык.
Караттым – деп, бир жолу
Кадалып алар эл эмес,
Кан чыкканын сорсом – деп,
Карай турган неме эмес.
Өнөрүн анын көрдүңөр,
Өкүмүнө көнүңөр,
Өбөктөп ыйлап олтурбай,
Өлүгүңдү майдандан
Жыйып алып көмүңөр.
Карарбасын дилиңер,
Кудай жалгыз, куран чын
Ак бирлигин билиңер,
Акырет бары анык чын,
Артык жакшы зилиңер.
Анапия тушунда
Анда да болуп мусулман,

Айнып жана бузулган.
Сейитбаттал тушунда
Азы болуп мусулман,
Андан кайтып бузулган».
Арстан эрден уккан соң
Акундан бери карата
Айныган жок ушундан.
Акун айткан сөзүнө
Адамдары ишенди,
Ак буйругу болдубу,
Аягынан чечти кишенди,
Келме айтышты буркурап,
Келтирип ыйман, чуркурап.
«Өлөңдүү жерди өрттөгөн
Өткүр Манас баатырдан
Өлбөй келген аман жан
Өзүң болгун Акун кан.
Туландуу жерди тутанткан
Туйгун Манас баатырдан
Кутулуп келген сиздин жан,
Ооганга болгун кутман кан.
Журтка чачтың жарлыкты,
Кылбаптыр кыргыз тарлыкты.
Кыргыздан жаның келген соң
Жан куттуктап жарлыкты
Мен берейин кандыкты.
Жаркып көңүл толсун – деп,
Жан куттугу болсун» – деп,
Түлкү кан келип кашына,
Кийгизди таажы башына.
«Өкүмүң экөө болбосун,
Экөө кылган оңбосун!
Жарлыгың жалган болбосун,
Жалган кылган оңбосун!»
Бул сөздү айтып салганы.
Калаада жатып калың журт
Камданышып алганы.
Жетимиш тартуу нар алып,
Түлкүнүн казынасынан
Эки атка жүктөп зар алып,
Актан желек байлатып,
Алтымыш сегиз наамачы
Астына салып сайратып,
Сексен миңче кыз-келин,
Күлдөй жүзүн жайнатып.
Оболкусу Оогандын
Урматтуу улук киши экен,
Улуктарын изаттап,
Нуска болгон иш экен.
Алмамбет, Бакай кеп айтып:
«Ургаачысы чыкпасын,
Аскерлер кебин укпасын»,
Бу сөздү айтып салганы.
Угуп алып Акун кан
Уларбоз минип барганы.
Атын желдет алганы,
Саламын айтып кан Акун,
Сандыргалуу Манастын
Баргөйүнө барганы.
«Кечээ келдиң уурдалып,
Караламан жан болуп,
Кайтып келдиң, баатырым,
Таажылуу тактуу кан болуп.
Кут болсун кандыгыңыз!» – деп,
Кубанып Манас айтты кеп,
Кудай берсе кеч эмес,
Бакты дөөлөт башка – деп,
Бу сөздү айтып салганы.
Аны уккан соң Акун кан
Сөзгө кирип калганы:
«Аарылардан түбүбүз,
Азим шаар Кабылда
Ооган болуп жүрүбүз,
Оюңа ала жүрүңүз.
Түрк уулунан беш урук
Кыргызыңыз бизде бар,

Кырданып душман кол салса,
Кыйыктанбай издеп ал.
Катаган, тейит, каңдыны
Кайыры жок болду бизге – деп,
Калбалуу Ooган аңдыды.
Мырза чабуул кылышып,
Мыктысынан бир катар
Элүү-кыркын кырышып.
Бузукту мурун салдык – деп,
Мурунтан сизди аңдабай,
Бу балаага калдык – деп,
Жетимиш миң эр өлүп,
Жерди майлап салдык – деп,
Өлгөндөрдүн шорудур,
Өкүмөт өнөр зорудур.
Кара кийип, кан жутуп,
Калкымда кайгы көп болду,
Кара кыргыз кырган – деп,
Калганга жаман кеп болду.
Көшүп ыйлап көп адам
Көздүн жашы төгүлдү,
Шаарга кирип, шат болуп,
Көтөрүңүз көңүлдү.
Мажусу динде элибиз,
Баатыр жакшы келдиңиз!»
Алмамбет, Бакай кеп айтып,
Ургаачысын көрбөйбүз,
Урматтаса – деп, айтып.
Калыстык кебин айтабы,
Анча келген аялдар
Най үмүт болуп кайтабы?
Элге кирип көрөлүк,
Кыргын кыйла көп болгон,
Эртелеп өлүк көмөлүк.
Ал сөздү Акун салганы,
Бакай баатыр, Алмамбет,
Баары макул алганы.
Бадышалык салтанат
Башта жүргөн борумун
Манас эми салганы.
Белин тартып мекчейген,
Эки кулак чокуда
Эликтей болуп чекчейген,
Бир жеринде жоктур так,
Минген аты баары да ак,
Баары да аппак көрүнөт
Жоо шайманы, бар жарак,
Азыркы ишин аңдап бак,
Ак супадан тон кийген,
Баш кийими ак калпак,
Астында жүргөн жыйырмасы –
Андис мерген жыласы.
Мылтыктарын октотуп,
Милтелерин чоктотуп,
Мүрүгө кундак токтотуп,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Аты-тону кыпкызыл,
Азелдеги иш ушул.
Кызыл кыйгач бөрктөрү,
Кылымды баскан көрктөрү.
Сол жагында жыйырмасы,
Жоо бөрүсү жыласы.
Баары көк ат минишип,
Бадананын сыртынан,
Баса көктү кийишип.
Алтындуу жаа саадактуу,
Тартып ийчү немедей
Огун кездеп ийишип.
Артында бар жыйырмасы,
Ашкере баатыр жыласы,
Мубакүлдүү найзаны
Буудан эрге сундуруп,
Жаа Аллалап келме айтып,
Айгай кулак тундуруп.
Асты жагын караса,

Алты жасоол жол баштап,
Ортосунда чоң кула ат
Он эки жайсаң бош коштоп,
Жерин ачып бош-боштоп.
Эки жүз миң кыргыздан
Өлгөн экен канча жан.
Жүз сексен миң барыптыр,
Жети миңи жарадар,
Кошко жатып калыптыр.
Таң ата келген мусулман
Кеч бешимге жеткенче
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Үзүлбөдү ушундан.
Асты жагын таратып,
Аскерди конок бөлүптүр,
Кыпчак, жүзү, оогандан
Жетимиш миң өлүптүр.
Шаарга кирип аралаш
Өлтүргөнү, өлгөнү,
Өзү кадыр Алланын
Өкүмүнө көнгөнү.
Бир бирине каралаш,
Ак буйругу ушу – деп,
Өлүктөрүн көмгөнү,
Ооган, кыргыз оболдон
Аралашып көнгөнү.
Жатып тынчтык алыптыр,
Аярлык кылып аттанып,
Сырындып кеткен эр Кошой
Жаңыдан келип калыптыр.
Катаган калкын чапканда
Кошойдун уулу Алике
Ооган, кыпчак биригип
Аны өлтүрүп салыптыр.
Баласын көрүп күйүнүп,
Манасын көрүп сүйүнүп,
Ботосун көрүп күйүнүп,
Болушканын көргөн соң,
Бошогон Кошой сүйүнүп,
Баласын угуп буралып,
Манасын көрүп кубанып:
«Ак тагдыры акыр – деп,
Амансыңбы баатыр – деп,
Көрдүм Алтай жайда – деп,
Көчтү – деп, уктум Алтайдан,
Көк жалым, айылың кайда?» –
деп,
Абаң Кошой сурады.
Жайын айтып жеринин
Жайдары Манас турганы.
«Жакындапсыз баатыр – деп,
Жакшы болду акыр – деп,
Калкың кыргыз журт болсун,
Кадамыңыз кут болсун,
Келгениң жакшы болду – деп,
Кемтигим жаңы толду» – деп,
Кубанды Кошой карысы,
Эки күнү эл өргүп,
Кубанды журттун баарысы.
Кубаттуу эрлер барында
Кетпеген кыргыз намысы.
Арзыганы табылып,
Ат-кунан күндө чабылып,
Улакты күндө тартышып,
Урматтуу сөзүн айтышып,
Улуктарын изаттап,
Учурашып кайтышып,
Оогандын заңы ушул заң,
Ол кезекте аларда
Өлгөнүнө тырманган.
Темир тарак алчу экен,
Эмчек, төшүн баарысын
Айра тартып салчу экен.
Жетилигин сойдуруп,
Андай заңын койдуруп,
Өлгөндүн белин буудуруп,

Кандарын таза жуудуруп,
Бир жумадан, бир жума
Аскер менен баатырды
Алар күтүп жупжуда,
Ал заманда эрлерге
Ыкыбал берген бир кудаа.
Кайтууга Манас камданып,
Кан Акундун мүнөзүн
Карап туруп таңданып,
Акка мурун киргенин,
Арстан эр айран болуптур
Ыслам динин билгенин.
Аарылардан болсо да,
Артык экен өзү – деп,
Адамда жок мунайым,
Ширин экен сөзү – деп.
Манасты байкап Акун кан,
А да артык сынчы жан,
Арстан экен өзү – деп,
Аалим экен сөзү – деп,
Астынан чыкпай буралып,
Ар ишине кубанып,
Акун сурап азыр кеп:
«Барбы, Манас, балаң – деп,
Уулуңбарбы, баатыр? – деп,
Угайын айтчы акыр – деп,
Эр Акун сурап калганы.
Кабылан Манас баатыры
Каткырып күлдү акыры,
Кайгыланып шол заман,
Балага келди акылы.
«Уулум түгүл кызым жок,
Бала десем жүрөгүм
Жанып, болот кызыл чок!»
Манас жообун бергени,
Байкап туруп Акун кан:
«Аттигине! – дегени.
«Бир балам бар Тунарык,
Эркегим экөө, бири өлдү,
Эне-атасын тең таштап,
Барса-келбес жөнөлдү.
Жыйырма үч жашар жашымда
Ындыстандын журтунан
Катын алгам башында,
Андан бөлөк балам жок,
Көңүлүмдө бу күндө
Баладан бөлөк алам жок.
Ортого мылтык коёлук,
О дүйнөлүк бололук.
Арага кылыч коёлук,
Акыреттик бололук,
Уул тапса катының,
Кыз берейин баатырым.
Кыз тапкан болсо катының,
Уул берейин баатырым.
Ушул ишти кылмакка
Уюур бекен акылың?!»
Уюду – деп, акылы,
Улук Бакай агасын,
Ушу жерге чакырды
Алмамбет менен Чубагын,
Азыр келди сиздерге
Акылдашар убагым.
Ажыбай менен Сыргагын,
Серек, Кыргыл чунагын,
Кутубий, Кутман ынагын,
Кырк баатырдын баарысын
Кашына алып чакырып
Бердике, Ошпур карысын,
Келип турду Саламат,
Кетте-кичик жамагат.
Коштолуп келген кошунан
Кош аттан арткан бошунан,
Баштык аты дорбодон,
Басыгы артык жоргодон,
Кан Акун экен жолборс – деп,

Караган соң биздерге
Каратып коюш болбос – деп,
Үч миңди жыйып келиңер,
Караган Акун канына
Урматына бериңер.
Муну айтып Манас салганы,
Баатырлар макул алганы.
Айткан үч миң жылкысын
Аш бышымда камдады.
Тогуз жүзү тор жорго,
Тогуз жүзү сур жорго,
Айдап келип бир жолдо.
Үч жүз болду сарысы,
Үч миң болду баарысы.
Урматына Акундун
Өңкөй баатыр барышты.
Кыраан Бакай айтып кеп:
«Кыз берсек кийитибиз – деп,
Аз да болсо алыңыз,
Аскер жүрүп жолоочу,
Азыраак экен алыбыз.
Эркектүү болсо эр Манас,
Кыз бала сизден табылса,
Бата аяк кылган малыбыз.
Бечара кыргыз уругу,
Бей алыраак алыбыз,
Жазыктуу болдук сиздерге,
Жаман көрбөй алыңыз».
Бакай кан сөздү сөздөдү,
Акун чыгып эшикке,
Казынаны көздөдү.
Үч жүз жамбы, бир миң тон,
Элүүсү бар дейилде,
Эр Акун кан келтирди,
Эл жыйылган баарысы,
Айырбасын – деп,-кудурет,
Бата кылып салышты.
Кечээ душман, бүгүн эл,
Айкалышып калышты.
Мискин барбы-карып? – деп,
Кабар сал шаарга барып – деп,
Жети желдет чаптырды,
Бечарасын, карыбын:
Бери кел! – деп, чакырды.
Акун берген дүйнөсүн
Эр Манас берип сап кылды.
Манастын берген малыны
Бакырына кан Акун,
Таратып берди баарыны.
Аягы Айчүрөк узун сөз,
Жомогунан укканбыз
Семетейдин жарыны.
Семетей Манас баласы,
Жергеси бүтүн алачы,
Жердеген экен Таласты,
Ооган, кыргыз оңолуп,
Ошенетип жарашты.
Кошулуп алып баарысы,
Кошойду көздөй барышты.
Өлтүргөн ооган баласын,
Дасторкон кылып салыптыр
Шымал жак Үргөнч калаасын.
Аягы Аму дарыя,
Баарына кан болгун – деп,
Жазыйра, Сакара талаасын,
Энчисине бөлүптүр
Түн шымал жак калаасын.
Мал жайына бөлүптүр,
Ысар менен Көлөбүн,
Абаң Кошой билиптир
Бир Кабылдан бөлөгүн.
Жайлатты Кундуз, Талканды,
Улук кылып урматтап
Кыргызда Кошой дарканды.
Кошой баштап карысы,
Баштап барды Акун кан,

Кошулуп барды Акунга
Кол кошундун баарысы.
Түлкү, Түмөн агасы,
Түгү калбай жазылып
Түлкү кандын жарасы,
Ооган, кыргыз жараштьі,
Орчун жыйын-улуу топ
Кош-кошуна тараштьі.
Түлкүнүн кызы Каньішай,
Бокмурунду эстесе,
Отура албайт жайма-жай.
«Айтканына көнсөм – деп,
Акыры шону көрсөм – деп,
Арман кылбас элем – деп,
Аташып жүрүп өлсөм – деп,
Отоголуу башы бар,
Оюлган кара кашы бар,
Он бир жашар жашы бар,
Кыз калыптыр күйүткө,
Уялат барып жүрүшкө
Кара кыргыз журтуна.
Канкор атка минерде,
Казат – деп, жолго киерде
Кан көтөргөн ушунда,
Душманы менен эл болуп,
Кубанып турган тушунда,
Көкөтөйдүн баласын
Атасынын ордуна
Кан көтөргөн Манасың.
Бабаңардын сөзүнө,
Байкасаң айран каласың,
Көрүп, билди эр Манас
Ал Бокмурун баласын
Көңүлүндөгү аласын.
Эми Манас чакырды
Не да болсо билмекке
Нээтиндеги жарасын.
«Калк көтөргөн каньісың,
Кан Көкөтөй карынын
Көкүрөктө жанысың,
Балалык кылып ат минип,
Байкабай Күшөк аярды,
Балакетке саларды,
Оогандын түшүп колуна,
Окус болор кезекте
Барымта алып Акунду,
Бар кудай салды оңуна.
Сабырың суз келгенден,
Кандай капа болдуң сен?
Оогандан шагың сындыбы,
Окус иш бирөө кылдыбы?
Кыпчактан шагың сындыбы,
Же кыянаттык кылдыбы?
Сабыркайсың, каласың,
Көп жамандык байкабай,
Көөсөр, көөдөк баласың,
Көргөнүң болсо айткын?» – деп,
Көп сурады Манасың.
Бала шондо кеп айтат:
«Баатыр мени билдиңиз,
Мен минген Күшөк аярды
Сиз да токуп миндиңиз.
Сиз минди – деп, мен миндим,
Мындайын кайдан мен билдим.
Канын уурдап келдик – деп,
Каткырыгын салышты,
Бала экен – деп, каны – деп,
Жаш баласын кан кылган,
Кара кыргыз уругу
Калкынын кандай заңы? – деп,
Кандай экен каны – деп,
Биз көрөлүк аны – деп,
Кары-жашы, катын-кыз,
Аарылардан бөлүнгөн
Алган ооган калкыңыз,
Кемпир менен чалдары,

Келип турду балдары.
Жаш экен – деп, өлтүрбөй,
Ырайым кылды бардаары.
Жанымдан жарым түңүлүп,
Жалпы турду оогандар
Качып кетет дегенсип,
Камалашып тигилип,
Аңдап турсам олоруң,
Алла билет бул иштин
Арты кандай болорун,
Бет алдымда тургандар
Ача берди жолдорун.
Жол бергин – деп, качышты,
Жоголгур кайдан катышты,
Турган эл жолун ачышты.
Нарктуу кандай неме – деп,
Байкап көзүм салганым,
Баатыр сизге айтпайын
Барксыз сөздүн жалганын,
Кыз экен карап алганым,
Сыздады жүрөк былк этип,
Жыгылыпмын шылк этип.
Турна моюн, кара көз,
Чыбык бойлуу, чырак жүз,
Болжолу закым, бою түз,
Болжосом мага ою түз,
Тиши бермет, нурлуу жүз,
Чач бериптир кудурет
Кемчат кара кундуздан,
Көз бериптир кудурет
Абада чолпон жылдыздан,
Ошондойду көрбөдүм
Ооган менен кыргыздан.
Такасы алтын, талма бой,
Тал боюнда мууну жок,
Ар борумун айтпай кой,
Ал кызды көрүп алганда
Башымдан кетти акыл-ой,
Үшкүрүгүм баш жарып,
Үстүмө түштү улуу той.
Кашына келди сиңдиси,
Карып, байкуш бала – деп,
Бала башың кан болуп,
Балакет сага чала – деп,
Байкасам шондо өзүмдү,
Колго түшкөн жан болуп,
Коркуум кетип көңүлдөн,
Кызды көрүп таң болуп.
Кашыма калкы келгени,
Аа байкуш, ачка – дегени,
Жаныма келип сиңдиси,
Бир кирде нан бергени.
Алдым кирде нанына,
Аманат ойлоп жанымды,
Өлсөм деймин өзүм да,
Балакет мага табылды.
Ашыктыгым ашканы,
Аманат жаным шашканы,
Кызды көрүп кыялым
Калабаны баштады,
Мени өлтүргүн дегенде
Кыз да көзүн жаштады.
Орто Азия жердеген
Ооган бөтөн калк экен.
Оңой менен кыз бербес
Абалдан келген салты экен.
Баатыр сизге бата албай,
Батынып сөзүм айта албай,
Басып жүрөм мында – деп,
Балалыктан айтат – деп,
Балакетти кылба – деп,
Бар сөзүм ушу, тыңда» – деп,
Жакшылап кебин урганы,
Жашын ирмеп турганы.
Баланын ашык болгонун
Баатыр Манас билиптир,

Кыл муруту солк этип
Кыял менен күлүптүр.
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген
Катуу күлүп кан Манас:
«Казак, кыргыз, өзүбек,
Кырдагы угуз балдары
Карчалышкан өзү – деп.
Калыс болуп аралап,
Кайсы бирөөн баралап,
Баш көтөрөр эстүүсүн
Бантка салып каралап,
Аңдап билип угабыз,
Аскерди бил – деп, тыйтайды,
Калкым көрүп турасың
Кабылдын нурку кытайды.
Маңгул менен казакты
Башына салып азапты.
Калмак менен татарын
Кырдагы Угуз балдарын
Амалдап бузуп катарын,
Ойроттун алып жарлыгын,
Ногойдун алып кандыгын,
Ойлонбогон оболку эл
Кызыталак кытай тарлыгын.
Тараткан таза бабаңды,
Тагдырдан кудай сактаса,
Табармын иним, дабаңды.
Ташкен алач калаасы,
Алдырып коюп кытайга,
Тараган алач баласы.
Бергендир кудай кыргызга
Белге таңуу Манасты,
Бербесе кудай ажалды,
Мерт кылбасмын алачты.
Азыр болгон төрт ата,
Жанадил аттуу бабасы,
Чалыяр чаркы келбеген,
Чабышып адам жеңбеген:
Азирет-Аалы дарбайлап,
Амалдап уруш салыптыр,
Алдырбастан Түркстан,
Аман-эсен калыптыр.
Боозур жүрөт кашыңда,
Бакатылдын тукуму
Баймырза менен Жанай бар,
Байкап көрсөң сен иним,
Баштагы өткөн кыргыздын
Балакети далай бар.
Ынтымак жоктон тараган,
Ыкчылдар ишке жараган,
Эки жүз жылга жакындап,
Кыңк эте албай угуздар
Кытайдын көзүн караган.
Бейлеп ук, иним, сөзүмдү,
Меники Манас – деп, коюп,
Белине бекем бир таңуу
Кылган болуп өзүмдү,
Белин байлап түрк уулу,
Бээжиндин ойду көзүнү.
Эскимустун элинен
Орустун айдап өзүнү,
Лина суусун кечирип,
Эртиш куйган Муз деңиз
Жакасына келтирип,
Көргөзүп Орол тоосуну
Аарылар арбын каспы – деп,
Айдап ийип өзүнү,
Аскер үшүп, кыш болуп,
Айталбай келдик оруска
Дин ачуучу сөзүнү,
Кашыңда Манас турганда
Капаланып кыз үчүн,
Не дейин иним өзүңдү!
Бул кезекте кыргыз чук,

Муңканбай, иним, кебимди ук.
Жаман агаң барында
Таратып кууп башка элди,
Тартып алдык Ташкенди,
Согуштан алдык имерип,
Зорсунуп жаткан Панусту
Сопу кылып жиберип,
Араник шаар, Ашарсуу,
Аны көрдүм көз менен,
Атилес тең болобу
Ак чолок мата бөз менен,
Наамандын тапкан айласын,
Алачтын тарткан пайдасын,
Эч ким жеңер неме эмес,
Эзелден бери кан болуп,
Эсен кандан кем эмес,
Анжыянда Алооке
Ааламды билген жепжеке,
Айдап ийдик Бээжинге.
Түгөтүп айдап кытайды,
Түркстанды кайта алдык.
Түк кайгырба кыз үчүн,
Алы болор агаңдын
Бир түйдөк чачтуу байталдык.
Баймырза, Жанай, Көкөтөй,
Баарына мен ыраазы
Каапырдын туусун жыкканга,
Кара кыргыз баласы
Каптап Күйүктү ашканда
Астымдан тосуп чыкканга,
Кызылбаш, жүүт, сарт болуп,
Кылганың мага дарт болуп,
Панусту жандап кол чыкты,
Кытайга кирип көй мыкты,
Кылыгынан жан чыкты.
Кыргыз деген урукка,
Кылчайбастан Көкөтөй
Кытайдан болгон улукка,
Кызылбаш, тарса а чыкты,
Кыргыздын туусун көтөрүп,
Баймырза, Жанай, Көкөтөй
Кыйкырган бойдон маа чыкты.
Урматтап кыргыз уругун,
Баш бербестен бөлүнүп,
Бараан болуп көрүнүп,
Кытайдын таштап улугун,
Кызматынан Көкөмдүн
Кутула албай турумун.
Кара кыргыз уулунда
Кандык деген бар экен,
Кандыктын даамы да келбейт,
Карып калган жан экен.
Кан болгондо кол баштап,
Казатка улуу жол баштап,
Каны менен каапырдын
Кармаган туусун кандаса,
Кан айымы менмин – деп,
Кара көз кыздан жандаса,
Ачуу-таттуу тамактан,
Аштан арман калбаса
Кайтты дээр элем акысын,
Барксыз кылып коюптур
Дүнүйөнүн бакисин.
Дүнүйөнүн кызыгы
Керексиз болгон кезинде,
Келиптир менин кезиме,
Кызматты кандай кылам – деп,
Эрте-кеч алам эсиме.
Кан кылган болдук алачка,
Кан болгон менен алачка
Каалабай калган тамаша,
Өзгөчө борум чыгарып,
Өлгөндө кызмат кылбасам
Өкүнчү болор Манаска.
Өңкөй түрк журтуна,
Өзгөсү болбой калса да,

Өзүбектин нуркуна
Өнөр кылып көрөрмүн,
Өкүмат менен көмөрмүн,
Өлгөнүн уксам ыйлаармын,
Өлүп калган өлүгүн
Тирүүдөн артык сыйлаармын.
Алтынды тажик зар дейт ко,
Абу буудан жан дейт ко,
Жан кетсе да кетпесин,
Арбак деген бар дейт ко,
Ыкчылдын көөнү толгондой,
Ынтымак берсе бир кудай,
Ыраазы арбак болгондой
Өлгөнү болсо көрбөсөм,
Өнөр менен көмбөсөм!
Кызыгынан дүйнөнүн
Кыйгап өтүп калыптыр,
Оюн менен күлкүдөн
Оолак өтүп калыптыр,
Аземинен дүйнөнүн
Алыс өтүп калыптыр,
Карыгандыктын белгиси
Балам барып келгин – деп,
Кандык туусун көтөртүп,
Сени жолго салыптыр.
Азыр болсун сөз кыска,
Ашык болуп келипсиң
Аңдабастан бир кызга.
Билдиңби кимдин кызы экен?
Билбеймин сенин оюңду,
Билими артык уз бекен?»
Минтип Манас сурады,
Аныктап көргөн Бокмурун,
Айтты сөзүн бу дагы.
«Кан Түлкүнүн кызы экен,
Кашыкта кара суусундай,
Кас сулуунун өзү экен.
Он-он бирде жашы бар,
Оюлган кара кашы бар,
Таш көөкардай башы бар.
Ашык болдум көргөндөн,
Агер аны албасам,
Айныбаймын өлгөндөн!»
Бокмурун айтып салганы,
Кыз үчүн жаның кыйба – деп,
Болкулдап күлүп калганы,
Алмамбет, Бакай келсин – деп,
Арстан кабар салганы.
Чакыртып келди Сыргакты,
Жаш күнүнөн сырдашты.
Ажыбай менен Кутунай,
Баймырза менен Жанайын,
Баарын алды чакыртып
Баатырлардын далайын.
«Акун, Түлкү кан экен,
Түмөн деген бар экен,
Карып калган жан экен,
Түлкү кандын колунда
Кыз баласы бар экен,
Кара кыргыз кан кылган
Бокмурун деген бала экен.
Ылайык десе балабыз
Түлкүнүн кызын алабыз,
Бербесе эрте душмандык,
Жамандашып калабыз.
Бер! – деп, кызын айтыңар,
Бербеймин десе жообуну
Тагынан угуп кайтыңар».
Бу сөздү айтып салганы,
Баатырлары аттанып,
Кан Түлкүгө барганы.
Капкасында Түлкү кан,
Кашында бар канча жан.
Олтурган экен ордодо,
Оогандын баары толуптур
Он капкалуу коргонго

Изатын кылып олтурду,
Тамак-ашын ичишип,
Дасторкон жыйып болтурду.
Абдылда ажы кеп баштап:
«Жуучу келдик, Түлкү кан,
Эби келсе – деп, баштап.
Ооган, кыргыз абалдан
Аралашкан калыксыз,
Али дагы биз сизге
Ишибиз түшүп калыппыз.
Бар экен сиздин кызыңыз,
Жай экен, жанып кышыңыз,
Түшкөн ушу ишибиз,
Бар! – деп, бизди жиберген
Манас деген кишибиз.
Кубанычка биз да толсок – деп,
Кудай Таала буюрса,
Кызыңа кайын болсок – деп,
Куралып келген көпчүлүк-
Кутмандуу журт көп түрүк.
Кудалашпай-достошпой
Куру кетиш болбос – деп,
Сизге жуучу жиберген
Биздин Манас жолборс – деп.
Көкөтөй деген каныбыз,
Көп жашаган карыбыз,
Көтөрчү элек айтканын
Көңкү кыргыз баарыбыз.
Атасынын ордуна
Кан көтөрдүк баласын,
Үстүн-астын кылмакка
Үргөнч шаар калаасын,
Камыштуу найза боолашып,
Кара кыргыз кол келдик
Казат кылып жоолашып.
Кечип өтүп Амуну,
Кетирбеске намысты
Ооган-кыргыз кол жасап,
Майдан курап калышты.
Күшөк аяр барыптыр,
Аярлык апсун дуба окуп,
Ат болуп өзү алыптыр,
Аскерге барып калыптыр.
Абыдан сулуу ат – дешип,
Көпчүлүк көзүн салыптыр,
Көркөм сулуу ат экен,
Көрө салып каныбыз
Жоргосу барбы, көрөм – деп,
Жоругу барбы, көрөм – деп,
Басыгы барбы, билем – деп,
Баса муну минем – деп,
Аярды билбей ат – дептир,
Бастырайын бат – дептир,
Бала оюна алыптыр,
Ала качып Күшөгүң
Мында келип калыптыр.
Он үчтөгү бала эле,
Бала да болсо ал өзү
Ою терең жан эле.
Каныбызды уурдап
Аяр Күшөк алыптыр,
Көрүп, сиздин балага
Көзү түшүп калыптыр,
Көңүлү ооп алыштыр,
Көкөтөй кандын баласы
Алып бер – деп, Манасты
Алеңгирди салыптыр.
Ан үчүн келдик, каным – деп,
Аны бербейм десеңиз
Азыр кечип коёбуз
Жакындыктын баарын» – деп,
Ажыбай сөзүн болтурду.
Айтканын угуп, жер карап,
Түлкү баатыр олтурду.
Баш көтөрүп, кеп айтат:
«Баатырлар ушу келишиң

Макул экен – деп, айтат.
Бизге күйөө болуучу
Биз уурдаган балабы?
Азыр кызым он бирде,
Жаш баланы алабы,
Бөлөк жакка бербеске
Убада кылып салалы,
Кызга ылайык көргөнбүз
Уурдалып келген баланы.
Бата аяк малын сойбойбу,
Чоңойтуп кызды алууга
Убада кылып койбойбу,
Же ушу эле азыр бергин – деп,
Улугуң Манас ойлойбу?
Кызды алуучу бирөө – деп,
Кыргыздын баары сүйөө – деп,
Кызыбызга ылайык
Бокмурун болсо күйөө» – деп,
Түлкү, Түмөн, Акуну
Түгөттү сөзүн акыры.
Кайтып келди Манаска
Өңкөй кыргыз баатыры.
Келип алып көй баатыр
Бокмурунду чакырды.
Бокмурун кирип келген соң
Ажыбай кепти сүйлөдү:
«Көрбөдүм – деп, көп элден
Баладан сендей каапырды.
Он үчтөгү баласың,
Он бирдеги кыз көрүп,
Ойротко түйшүк саласың,
Наристе кызын бирөөнүн
Азыр кантип аласың?
Аңдап турам мүнөзүң
Ата безер баласың,
Кыз бербесе кырам – деп,
Кырданат экен Манасың,
Манас менен Бокмурун
Бу бейлиңер барында
Бир балаага саласың».
Ажыбай айтып басылды,
Алгандай болуп бу кызды
Бокмурун бугу жазылды,
Кабагы карыш ачылды.
Бата аякка мал союп,
Патунуска нан коюп,
Кызга кулдук ургун – деп,
Болду жакты мунуң – деп,
Илинбей турган акылга,
Баамы жетпес адамдын
Манас менен Акунга,
Кызы да жок, уулу жок,
Кубанычка толушту,
Курулай куда болушту.
Андан көрө Бокмурун
Ашык болуп, алсам – деп,
Анталап шашып өзү тур,
Ала турган колукту
Айнектей болуп көзү тур,
Жашабагыр бул экөө
Бири тийип, бири алмак
Убадалуу сөзү тур.
Аянбайлык мындан – деп,
Аркан бүтөр кылдан – деп,
Көп түкүрсө көл деген,
Көңкү кыргыз эл деген,
Артык баш ат койбостон
Альш баарын кел – деди,
Айдап барып Түлкүгө
Артык атты бер – деди.
Макул – деди, баарысы,
Куда башчы болмокко
Куп – деди, Бакай карысы,
Кужулдашып кыргыздар
Кубанышты баарысы.
Кураттан айдап төрт миңди,

Кара тейит, калчадан
Көрмөк үчүн Манаска
Келген экен канча жан,
Куру келбей баарысы
Толгон экен төрт жүзгө
Айры менен нарчадан,
Күбөкбай менен Дөбөчү
Төө кайтарып чарчаган.
Төөдөн төрт жүз нарыны,
Төрө Манас жиберди
Бирин койбой баарыны.
Бакай, Кыргыл карысы
Марал тору күлүккө –
Мааникердин иниси
Баш ат кылып айдатып,
Ак издүү-ак жол болсун! – деп,
Ак кебезден аяктай
Марал тору башына
Барпайткан бойдон байлатып,
Баары малын айдатып,
Аземин антип арттырып,
Аңылдаган сурнайдан
Алтымышын тарттырып,
Чоор, комуз, кыягы,
Тоо көчкөндөй сыягы,
Тогуз бээ сойдуруп,
Токсон ирик куйкалап,
Төөлөргө артып койдуруп,
Жебей-ичпей көргөндүн
Көңүлдөрүн тойдуруп,
Шайырларын ырдатып,
Шат кылып көңүл жыргатып,
Куда келди, мына – деп,
Куюлуп кирип барганы,
Кулдук айттык, баатыр! – деп,
Ажыбай айтып салганы.
Кужулдашып оогандар,
Кубанышып калганы.
Бир кызы бар он бирде,
Бир кызы бар тогузда,
Бир кызы бар бешикте,
Адамдын жетпес акылы
Алла берер насипке.
Азыр ооган иши оң,
Улуусунан кичүүсү
Өзү болук, бою чоң,
Дүнүйөсүн аябай
Кыздарга сарп кылууга
Түлкү кандын ою чоң.
Кайсынысын көрдү! – деп,
Каражолтой баланын
Кайсыга түштү көөнү? – деп,
Түлкү кан айран калганы,
Аты ким – деп, келиниң?
Бакайдан сурап салганы.
Укпаган Бакай атыны,
Көрбөгөн кыздын затыны.
Бир биринен сурашып,
Биле албай калып чуулашып,
Күйөө болчу баланы –
Бокмурунду чакыртып,
Булар мында алганы.
Кандай кыз эле көргөнүң?
Көрүптүрсүң затыны,
Уктуң бекен атыны?
Бокмурундан сурады
Көрүптүр, атын билбеген,
Аламын – деп, ал кезде
Көңүлүнө илбеген.
Таттуу уккамын сөзүн – деп,
Көрсөм анын көзүн – деп,
Таанып элем өзүн – деп,
Бокмурун бала сөздөдү,
Көргөзмөк үчүн кыздарды
Отуз келин көздөдү.
Оогандын отуз келини

Ойрондор оңой турабы:
Көрүндүк бер, күйөө! – деп,
Бокмурундан сурады.
Тай туяктан Бокмурун
Отузун берип салганы,
Алла билер бу сөздүн
Чыны канча, жалганы.
Момунусу эле – деп,
Бокмурун кызды кармады.
Шарактaшып көй келин
Барды Бакай карыга,
Түлкү, Түмөн олтурган
Баатырлардын жанында,
Келди келин күйөөсү,
Аты ким? – деп, келиндин
Сурабаптыр бирөөсү.
Түлкү каны кеп сурайт,
Аты ким экен келиниң
Айткын Бакай,– деп, сурайт.
Бакай абаң бу кепке
Маңырайып калыптыр,
Баатырлардын баарысы
Атын сурап келген жок,
Аңырайып калыптыр.
Сыным аттуу бир катын
Зымпыйып басып барыптыр,
Канышайды каалады,
Кулагына Түлкүнүн
Шыбыр этип калганы.
Күлүмсүрөп эр Түлкү
Бакай канга карады.
«Олтурбаңар баарың тим,
Атаңарчы, угалык,
Келиниңдин аты ким?»
Бу создү айтып салганы,
Мукактанып баатырлар
Бир бирин карап калганы.
Алчы тогуз атты – деп,
Атын мурун билбестик
Жаныбызга батты! – деп,
Кан Бакай күлдү каркылдап,
Кас баатырдын баарысы
Катуу күлдү каркылдап.
Тогуз атын бергени,
Топтотуп алып келгени.
Келиниң аты Канышай,
Угуп алгын дегени.
Канышайбүбү экен – деп,
Арстандар угуп алганы,
Ат сурамак көрүңдүң
Наркы бизге калганы.
Алты миң чапан, жүз кымкап
Алып келип Түлкү кан
Арага үйүп салганы.
Ата уулулар бир бирден
Агарсын – деп, ийнибиз,
Алтындуу тондон кийгени,
Аркасынан кара журт
Аламандап киргени.
Жаңы болгон мусулман,
Жайын угуп ушундан,
Кошулуп кокуй болбосун,
Ортоктош кылып күнөөгө
Окус кылып койбосун,
Дамбылданы кел – деди,
Уксун-көрсүн эл – деди,
Нике байлап бер – деди.
Кулдук уруп, кой союп,
Куда болуп, тай союп,
Аземин минтип арттырып,
Ат-кунанды чаптырып,
Алты күн улак тарттырып,
Кыз, күйөөнү бир үйгө
Кызматкерлер жаткырып,
Ал заманда кыргыздар
Талабына жеткени,

Тамаша таңды атырып,
Күлкүсү күндү батырып,
Бутага мылтык атышып,
Тузду бирге татышып,
Ooган, кыргыз аралаш
Он беш күнү жатышып,
Несаана сайып коюшуп,
Балбандар саадак чоюшуп,
Несаана саадак атышып,
Эриккенче жатышып,
Он бош күн кошо ойношуп,
Ooган, кыргыз тойлошуп,
Чоңойтуп кызды алсын деп
Кемелге келин жеткенче
Бокмуруңдун жаштыгы
Бойдон тарап кеткенче
Кыз үйүндө калсын-дсп,
Алты жылда, беш жылда
Анан келип алсын – деп,
Кызга күйөө жараштı,
Кыргыз, ooган тараштı.
Мурункунун баарысы
Мураадына жеткени,
Жоо кишиси эл болуп,
Эзилишип кеткени.
Кубатка каркап толушуп,
Курчалып куда болушуп,
Кучакташып дос болуп,
Ошондон бери карата
Ooган, кыргыз бир бирин
Жамандык кылбайт козголуп.
Беш уруу кыргыз Ooганда,
Берсе кудай ынтымак
Ыкыбал берет ар жанга,
Эзилишкен элибиз,
Нени айталык эми биз.
Аралашкан айылыбыз,
Каралашкан калкыбыз,
Катын алмак, кыз бермек
Кадимден бери салтыбыз.
Ката болсо сөкпөңөр
Казак, кыргыз жалпыңыз.
Болду тамам бу казат,
Тамам болду казаты,
Дагы кылар узун сөз
Жакшылардын мазааты.
Жер алдына катылган
Жетиктердин жазааты.

## МАНАС БААТЫРДЫН КӨЗКАМАНДАРГА ЖАКШЫЛЫГЫ

Абакеңиз Кошойго
Акылдашып ошого,
Аарылардан аз эл – деп,
Алла Таала буюрса
Аябай жардам сиз бер – деп,
Эр Кошойго дайындап,
Көкөтөй экен агасы,
Көргөн жалгыз баласы
Бокмурунун кайындап,
Акун кан болуп бел куда,
Адамда калбай эч мудаа,
Аман-эсен келишип,
Арбактуу баатыр жупжуда,
Күлүгүн күндө чабышьш,
Күсөгөнүн табышып,
Аргымак аттан чабышып,
Арзыганын табышып,
Чаржуй, Букар, Көлөптү,
Арасынан көрбөйсүң
Бу кыргыздан бөлөктү.
Бадакшан бар, Балык бар,
Мурункунун сөзү экен,
Кыйшыгы бар, анык бар,
Кара Ногой баласы

Тогуз уруу калык бар,
Азиреттин кара тоо,
Аягы Кундуз, Талгарда,
Аралыгы Алайда,
Акең кыргыз уругу
Ал кезекте бир катар
Арбагы кеткен далайга.
Башы жаткан Амурда
Бел байлап салган мээнетти,
Ары жагы Угуз кан,
Үч уруу болуп турушкан.
Наадандардын иши жок
Атасы кылган жумуштан.
Казак болгон атагы,
Кара кыргыз а дагы.
Калсак – деп, калмак динине
Өздөрү кылган чатагы.
Бай Тыргооттун балдары
Кыругуздан бөлүнүп,
Калабыз – деп, калгандан
Калмак болуп алганы.
Кымтын алып кытайды,
Кыйынчылык мүлүктү
Кыргыздарга салганы.
Мүлүк эмей неткени,
Кан Ногойдун балдарын
Бүлүндүрүп кеткени.
Каапырлар кура салыптыр,
Жакып менен Үсөндү
Жазыксыз кармап алыптыр,
Орозду уулу, Бай уулу
Орунунда калыптыр.
Ортодон сексен жыл өтүп,
Ошо күндөн ушу күн
Көрүшкөнү так бүгүн.
Көп мээнетке толуптур,
Маңгул, кытай колунда
Көзкаман атка конуптур.
Азыр келди Көзкаман,
Аркасы мунун эң жаман.
Жуушанын келип жеринен,
Доңдун келип элинен,
Тууганга кылган жакшылык
Ибарат алгын ага-ини
Атаңардын кебинен,
Таап келген эр Манас
Тамтайып жүргөн жеринен.
Үч жүз жылкы мал берип,
Баштап келгин жолун – деп,
Үч азамат да берип,
Казатка кетип баратып,
Каныкейге тапшырып,
Кара Ногой журтуна
Кадырлаймын – деп, баш кылып,
Оюна обол алыптыр,
Оюна албай кудайды,
Окустук ойлоп салыптыр,
Оогандан Манас келгенче
Көзкаман келип калыптыр.
Тууганы келип калды – дейт,
Туйгун Манас төрөнүн,
Тууганын барып көрөмүн.
Ага-иниси келди – дейт,
Арстан Манас төрөнүн,
Атайы барып көрөмүн.
Атымды токуп бергин – деп,
Арзыганың бар болсоң
Аркамдан азыр келгин – деп,
Айыл башчылар аттанып,
Шатман болуп шатманып,
Тосуп барды баарысы
Топ башынын карысы.
Көрүп турса, каапырай,
Көрүнбөдү калысы.
Балдыр-салдыр сөздөрү,
Кыргыз деп айтар жери жок,

Кызылдай кытай өздөрү.
Калдыр-кулдур сөздөрү,
Казак – деп айтар жери жок,
Кадимки калмак өздөрү.
Уюн айтат үкүр – деп,
Жылкысын айтат морун – деп,
Төртөөнү айтат койрун – деп,
Айгырын айтат ажыр – деп,
Адам билгис жаман кеп.
Төөсүн айтат тебин – деп,
Кыргыздар күлөт каткырып,
Кыраан Манас баатырдын
Тууганынын кебин – деп.
Эчкисин айтат чигин – деп,
Буу тууганын баатырдын
Эч ким билбес тилин – деп,
Кас-мус калмак, кытайдан
Айрып болбос жигин – деп,
Калайык' айран калганы.
Кайнагалар келет – деп,
Канча союш мал алып,
Каныкей тосуп барганы.
Аттан түшүп, жөө басып,
Абакем – деп, ызаттап,
Тосуп турду жолуну
Бооруна алып колуңу.
Адамга адам жүгүнүш
Атайы жаман кыйын иш,
Бир кудайдан башкага
Болбойт экен бүгүлүш
Аны ойлоп Каныш тик турду,
Кесирлүү катын экен – деп,
Калмагынча кеп урду.
Келиппиз – деп, акыры,
Кесирдүү экен катыны,
Катыны мындай болгон соң
Оң кылбайт – деп, акыры.
Катыным – деп, алыптыр,
Кара кыргыз баатыры.
Аппак сакал абыгый
Астынан чыкса бүгүлбөйт,
Бели сынып кетчүдөй
Мээнет баскыр жүгүнбөйт.
Манас өлүп калса – деп,
Манасты билген сенсиң – деп,
Баштан ары салса – деп,
Басып көктөп, баш байлап,
Баатыр Көкчө алса – деп,
Турар эле жүгүрүп,
Туш келгенге жүгүнүп.
Басар эле жүгүрүп,
Баарыбызга жүгүнүп,
Жесирлешим алам – деп,
Мен ошондо сүйлөсөм
Көрүнөбү адам? – деп.
Назарына түк албайт,
Адамбы – деп, көз салбайт.
Каныкей каршы кеп айткан:
«Аман-эсен саламат,
Кут болсун, аке, сиздерге
Кара кыргыз жамагат,
Амансызбы?» – деп, айткан.
Ал сөзүн Үсөн билиптир,
Ыракмат балам, бай бол – деп,
Ыраазы болуп ийиптир.
Кайнагасы Көзкаман
Ыраазы болуп ал заман,
Келиним келин экен – деп,
Келжирей берип нетем – деп,
Өңөргөнү бир бала,
Учкашканы бир бала,
Илгери көздөй тепеңдеп,
Бастырып өтүп кетиптир.
Аркасынан ант ургур
Жети калмак жетиптир.
Түркү тилди билбеген,

Аманбы? – десе, аңдабай,
Тыйпыл сөзүн тыңдабай,
Эсендик сөзүн элебей,
Шүгүрбү сөзгө сүйүнбөй,
Бой көргөзөт бизге – деп,
Түк жүгүнүп ийилбей,
Көрдүк тууган элин – деп,
Баарыбыздан ак сакал
Көкчөкөзгө келин – деп,
Барлыгы менен Манастын
Тогуз тебин, токсон мал,
Өрүлүгүн карап ал,
Өлүп кетсе Манасы
Өзүбүзгө тийчү мал,
Мал айдатып мактанып,
Баары боюн актанып,
Бой көргөзүп болукшуп,
Мейли кемпир, мейли чал,
Белин ийип бүгүлбөй,
Бейилдүүсүн карап ал.
Ушуну уруп өтпөгөн
Көзкаман уулу тирүү жок,
Абыгыйым, мөндү! – деп,
Бир ооз айткан тили жок,
Амандык айтат пайна – деп,
Эсендикке келбеген,
Элдиги мунун кайда? – деп,
Калмагынча сөздөшүп,
Көкчөкөзгө көздөшүп,
Бастырышып баарысы
Каныкей берген жүз малын
Баарын талап алышты.
Калмак үйүн чочойтуп,
Кичине түндүк, уугу узун,
Тиккен болуп алышты.
Көрөр болсоң мунусун
Көөкөрү бар көк заңгел,
Идиштери курусун,
Алдырбаган жүнү бар,
Апсайган жаман түгү бар.
Ирик-чирик чаначы,
Катар-катар кир болгон
Кара жыгач чарасы.
Чүңкүр кара казаны,
Кара көөсү канча эли,
Минтип алар мазаны.
Бабаңардын жомогу
Баштан-аяк жазалы.
Бар урунган мүлкүнөн
Бир таппайсыз тазаны.
Көпчүлүгүң текшергин,
Көзкамандын казалы.
Көсөмдөрүң билесиң
Көңкү кыргыз бабасы,
Көк суурдун терисин
Көркөмдүк үчүн карматкан
Көпкөк чирик сабаасы.
Асили арамзааданын
Табылбайт экен дабасы.
Усталар соккон кара аяк,
Илеби жука сары аяк,
Төгөрөтө четинде
Төрт эли болгон кири бар,
Маңгул, калмак курусун,
Байкатайын мунусун.
Тузга кошуп айранын
Кылат экен курутун,
Ашаткы – деп, кыргыздар
Айтат экен мунусун.
Катындары кажылдайт,
Калмагынча бажылдайт.
Каныкей барып жүгүрүп,
Көчтөн жүгүн түшүрүп,
Ысык экен күнү – деп,
Көңкү калмак баарысы
Көлөкө кирип үшкүрүп,

Маңгулча сүйлөп баарысы,
Тил билер кыргыз бири жок,
Каныкейди жамандап,
Кара боюн караңар,
Бир сиркедей кири жок.
Кайдан туусун каапыр – деп,
Канкор төрө Манасы
Катыны мындай болгон соң
Куу баш өтөр такыр – деп.
Ырыс токтоор жери жок,
Сыланыштын эби жок,
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчудай ыргалып,
Алтын айчык мандили
Оң чекеде кырданып,
Ойротко калсын айтылып,
Отуз ором илеки
Оболдон жүргөн тартынып,
Иришип калган молдолор
Ич жыйбай оку көзмө-көз,
Элечек – деп, айтканың
Илекиче деген сөз,
Биз айтабыз селде – деп,
Илеки – деп, аталган
Парсы деген элде – деп.
Түркү тил айтат дастар – деп,
Илекиче деген сөз
Парсыдан алган бул бир кеп.
Татар айтат чалма – деп,
Баркын кыргыз билбеген,
Байкуш болуп жүргөндөн
Сагымбай айтат арман кеп.
Жушадан келген каапыры
Элечекти көрбөгөн,
Эч мындайга көнбөгөн.
Башында кара такыя,
Баштан-аяк ушу сөз
Бабаңдан калган окуя.
Эскимустун элинде,
Туядурага эң жакын
Бээжиндин түн жак четинде
Түн болгондо ай көргөн,
Эки ай жарым жай көргөн,
Самайитке жери жуук,
Жерине арпа бышпаган,
Он айы өткөн бүтүн суук.
Андан келген агаңар,
Ар мүнөзүн караңар,
Кылган кыял-жоругу
Кытай менен барабар.
Кытай да андан таптаза,
Доңдуя журту курусун,
Кыргыздан барган Үсөнгө
Жеткирген экен куп кыза.
Үйүн тигип үргүлүп,
Каныкей жеңең жүгүрүп,
Кызматын кыла баштады.
Кайып даңдын Карабөрк
Туугандар келген экенин
Билип алып басканы,
Ымалайдын тоосунда
Тар-Капчыгай коосунда
Колго түшкөн ушунда,
Он жетиде жашында,
Калмак өскөн башында,
Даңгыт деген калмактыр,
Калмакча ызаат, калмак сөз
Так унутуп калбаптыр.
«Абыгый, мөндү пайна!» – деп
Барып калды жүгүрүп,
Башын ийип, бүгүлүп,
Жаңы келген жан тууган
Кош болмок үчүн бүгүлүп,
Карабөрк койду жүгүнүп.
Эси жогун андан бил
Эрип-эпчип калышты,

Каныкейди жамандап
Карабөркке салышты:
«Он эки мүчө боюнда,
Мыктымын – дейт оюнда,
Мыктылыктын бири жок,
Ырыс турар боюнда
Бир сиркедей кири жок.
Үмүтүн үзгөн туугандан,
Не түңүлбөйт баатыры
Эрим жакшы көрсүн – деп,
Үзүлтө белин буугандан,
Үстүнө келер ырысты
Үч күндүк жерге куугандан,
Ырыскысын токтотпой
Күндө үч убак жуугандан,
Катын – деп, жүргөн кесирди
Баатырыңар кандай жан?
Кирпигине кир жукпайт,
Ушуга ырыс бир жукпайт,
Сизди да баатыр зайыбым – дейт,
Кайдан жүрүп билгенсиз
Калмакча биздин жайды? – дейт.
Келиптир мында синдиңиз
Өзүнөн бөлөк киши жок,
Амандык менен иши жок,
Мелтирейт бетин сыланып,
Бизге жыты сапсасык,
Жыпар деген немеге
Чыккан экен чыланып.
Биздин эл ага көнбөйт – деп,
Эри эле жакшы көрбөсө,
Эч ким жакшы көрбөйт» – деп,
Көзкамандын катыны,
Сымбат экен өз аты,
Дондон алган каапыры,
Карабөркке канча сөз
Айта берди акыры.
Карабөрк сөзүн кайтарып,
Жооп берип кеп айтат:
«Жоругу башка ал катын,
Санирабийга – дейт экен,
Каныкей болуп атанып,
Жоготуптур өз атын.
Эри жакшы көрөт – деп,
Не деп айткан сөзүнө
Эли-журту көнөт – деп,
Алганы жакшы көрөт – деп,
Алганы жакшы көргөндөн
Айткан сөзү чеки эмес,
Адамдын баары көнөт – деп,
Жаңы тууган сиздер – деп,
Жайы-куюн көп айтып,
Жадаганбыз биздер – деп,
Эми келген сиздер – деп,
Эрээн ишин көп көрүп,
Эркегинен тил угуп,
Эзилгенбиз биздер – деп,
Не кыласыз жаман – деп,
Аралашып сиңгенче
Аңдап жүргүн сиздер» – деп...
Шооруктун кызы Акылай
Шоодурайт экен каапырай,
Бээ жетелеп, төө алып,
Карабөрк мурун барыптыр,
Калмактын заңын билген ал
Кажылдашып калыптыр.
Өз кызыбыз экен – деп,
Кадырлашып калыптыр,
Кажылдаган тилине,
Түшүнө албай бирине
Каныкей айран калыптыр,
Эки бээ жетелеп
Эми Акылай барыптыр,
Катыны – деп, Манастын
Карабөрк айтып салыптыр.
Акылай тили тажиктен,

Айран болду Акылай,
Бир ант урган тилге кезиккен.
Калмагынча тил менен
Карабөрк сүйлөп салыптыр,
Көргүсү келбей аны да
Жамандашып калыптыр.
Айтпаса да билишип,
Көкүрөккө дык салып,
Каныкейге ык салып,
Акылай катын туруптур.
Ооз бүйрүп, көз кысып,
Калмактардын катынын
Аларды кудай уруптур.
Айылынын жогор жагынан
Аңкыштап чыгып бир суур,
Тикесинен туруптур.
Агалдай деген эмеси
Чыркылдаган бу не? – деп,
Ордунан ыргып туруптур.
Көрө коюп суурду,
Борсугум – деп, дардаңдап
Муну кудай уруптур.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Уулуу кийик көргөндөй
Үйгө кирип аландап,
Милтесин отко малганы,
Чотала мылтык алганы,
Чаркылдап турган суурду
Тарс дедире бир атып,
Томолотуп салганы.
Катыны менен балдары
Бугу аткандай сүйүнүп,
Булдурлашып калганы,
Борсугунду жээр – дешип,
Кулдурлашып калганы.
Акылай менен Каныкей
Муну немене кылат? – деп,
Катындар көзүн салганы.
Катындарга берүүгө,
Азелден асыл тамагы,
Ачылды жаңы кабагы.
«Катыгүн, аны жебейт» – деп,
Калмактарча тил менен
Карабөрк айтып салганы.
«Кандайлык үчүн жебейт?» – деп,
Бер жактан туруп бир сөздү
Бекебай сурап калганы.
Кайыпдандын Карабөрк
Жооп берип салганы:
«Динин ислам дини – деп,
Тарбыгынга – борсукка
Табыты чапкан адамга
Жаман келет жини – деп,
Какайды каршы көрөт – деп,
Кокустан доңуз жесеңер
Колуңарга өлөт – деп,
Алал да бар, арам бар,
Арамдан жеди – деп, укса,
Ага-ини – деп, карабайт,
Жаныңарга залал бар».
Бул сөздү айтып салганы,
Карабөрктөн укканд соң
Кулдурлашып калганы,
Келгенине бушайман,
Кулдурлашып калганы:
«Көк теңир бизди уруптур,
Көп сүйлөшүп туруптур
Борсук, какай этинен
Жар-жамаабыз куруптур.
Тууганым – деп, козголгон
Көкчөр менен Көзкаман,
Көрүп турбуз тууганын,
Мүнөздөрү эң жаман.
Жетсин убалыбыз – деп,
Жери да ысык жер экен,
Борсугун, какай жебеген

Ырысы жок эл экен.
Жеринде чексиз көп экен,
Тарбыгыны, борсугу,
Тууганым – деп, Көзкаман
Тапты экен кайдан ушуну».
Көп сүйлөшүп калганы,
Ал Карабөрк катынга
Агалдай менен Бөкөбай
Азыр көзүн салганы.
Көрөсүңдү жейби? – деп,
Көптөп баары сурады.
Кийиктин баарын жейди – деп
Карабөрк айтып турганы.
Кыргызда жок акыл – деп,
Борсугундун майынан
Айрылган экен акыр – деп,
Тарбыгын эти багылан,
Айрылган экен буруттар
Таттуу тамак баарынан.
Бурутту кыргыз дээрбиз – деп,
Жебесе бурут таш жесин,
Кыргыздарга көргөзбөй
Кыйласын атып жээрбиз – деп
Чагалдай айтып салганы,
Чакчак болуп баарысы
Каткырып күлүп калганы.
Жаш кичине балдары
Борсугундун бөйрөгүн
Колдоруна алганы,
Жеңин, колун кан кылып
Жетип балдар барганы,
Кундуздан бетер терисии
Кармалашып жабышып,
Кубанышып калганы.
Алайга келген жаңы жай,
Аткан сууру эң семиз
Ичи-тышы баары май,
Терисин барктап кундуздай»
Арытып болуп келиндер
Ичеги менен карыны,
Көкө теңир берди – деп,
Тазалаган болушуп
Ич-тышынын баарыны,
Алып үйгө киргени,
Аш казанга аралаш
Баканына илгени,
Анык арбак урган – деп,
Акылай менен Каныкей
Ашкере сырын билгени.
Кой кайтарган баласы,
Кой ысыктан баса албай
Арка жакта калыптыр,
Кар сактаган кыр менен,
Кой баспаган чер менен,
Чаманшу аттуу баласы,
Кылган иши кыйла бар
Кыргыздардын бабасы,
Эки даңгыт ити бар,
Эртегиңдин сөзүндө
Не түрлүү сонун иши бар,
Жел жүргөндө салкындап,
Конуп калган жерине
Жеткенинде жакындап
Бадалдуу адыр жер экен,
Бал-Камыш, Жийде дээр экен,
Бодур ала таш экен,
Алайдын болгон башы экен,
Таш түбүнөн томтоңдоп
Бир кашкулак солтоктоп,
Качып чыга калыптыр,
Эки даңгыт ит барып
Узатпай басып салыптыр,
Ургулап жатып Чаманшу
Аны өлтүрүп алыптыр.
Даңгытына айланып,
Кашкулагын байланып,

Коюн айдап түйүлүп,
Кош мүйүз бугу аткандай
Көрдүм жолдон кызык – деп,
Көкө теңир уруптур,
Жери кыйын ысык – деп,
Абийири мунун бул экен,
Баланын аты Чаманшу.
Көкчөр Көздүн уулу экен,
Үсөндү кытай алганда,
Үзүп барып кыргыздан
Жуушага коюп салганда
Алып барган катыны
Боюнда болуп акыры,
Бозоруп көзү өлүптүр,
Жерин казып, кепиндеп,
Үсөн өзү көмүптүр.
Кара басып катыны
Өлгөндөн соң акыры
Эркек бала төрөлгөн,
Жаман эмес жөрөлгөм,
Кытай да болсо кылым журт,
Калмак да болсо кандуу журт,
Кантемин кудай салганын,
Эми башым үч болбой,
Катыным өлүп калганым.
Маңгулдар билбей тим болгон
Өлгөндөн кийин катыным
Немене кылып салганым.
Өлүгү журтта калчу экен,
Саңыроонун заңы бар –
Жагып отко салчу экен,
Ажал өлүм жетчү экен,
Сүйрөтүп барып өлүгүн
Талаага таштап койгондо
Карга менен сагызган,
Жору талап кетчү экен.
Кай бирөө өлүп калчу экен,
Кан чыгарып санынан,
Иттерине салчу экен.
Тарпсыз кылып жеп кетсе
Менин кишим мыкты – деп,
Бейишке туура чыкты – деп,
Кубанышып калчу экен.
Ал кылганын көрүптүр,
Айтпай-дебей Үсөнүң
Жалгыз өзү жер казып,
Жашырып түндө көмүптүр.
Намазын окуп, арданып,
Кармаган жалгыз катындан
Айрылган соң зарланып,
Байкасаң сөздүн соңуна,
Барган дондун тобуна,
Баласы калды колунда,
Баана кылар кыргыз жок,
Байкуш Үсөндө ырыс жок,
Басып жүрөт, тыныш жок.
Калмактын журту кайрыкер,
Кастыгы менен каапырдын
Каңгырады кайран эр.
Басып жүрүп тиленет:
«Элимди көрсөт, кудай дээр.
Кыргыздын четин көрсөм – деп,
Кыргыздын четин бир көрүп,
Кыямат кетип, өлсөм – деп,
Калкымдын четин көрсөм – деп,
Камсыкпас элем дүйнөдөн
Кай түрлүү болуп өлсөм – деп,
Катыны менен өзүнү,
Сегиз айлык жол экен,
Жарыкчылык көргөзбөй
Таңып барган көзүнү.
Барганда мажус growth динде,
Бар кудайга жалынып,
Мусулман болгон зилинде.
Байгамбар менен саабаны
Айтып берер бир жан жок,

Атын уккан тир жан жок.
Баш маңгулдун динини,
Байкай албай тилини
Алты ай жарым жүрүптүр,
Айбанга окшош бурут – деп,
Алдуулары сүрүптүр.
Ачкалыктан баласы
Алдырап ыйлап жүрүптүр.
Чочкосу көп, ую жок,
Маңгулдарды байкаса
Балкытуучу кую жок.
Койлуу жерден сүт берип,
Көпчүлүктөн бүткөрүп,
Мунун өзү бурут – деп,
Кылар иши эң жаман,
Кыргыз деген журт – деп,
Кожо – деп, колун
баштайт – деп,
Маңгул десе баш кесип,
Койдой кырып таштайт – деп,
Айткан сөзү көп жаман,
Атын коюп Көзкаман,
Жүргөнү маңгул арасы,
Кээде ачка, кээде ток
Көтөрүп жүргөн баласы,
Өлөрүн санап жүргөндө
Түшүнө кирди Манасы.
Айбаты катуу, заары күч,
Арстан ыраң, сөзү түз,
Атамдын аты-Жакып – деп,
Алжыба минтип жатып – деп,
Чоң атам аты-Ногой – деп,
Чогулмагың оңой – деп,
Басташса болбос амандык,
Байда бербес арамдык,
Балдарың кылар жамандык,
Өтүрүк сөз бекер – деп,
Өз башы менен кетер – деп,
Өлүмдүн күнү жетер – деп,
Айтып Манас салыптыр,
Ойгонгондо түш экен,
Аны ойлонуп Көзкаман
Айран-азыр калыптыр.
Алооке качып барганда
Манастан качып келди – деп,
Кулагы кепти чалыптыр.
Аты Манас бир бала
Атам Жакып дегенден
Көңүлү болуп көп ала,
Атагын анык уксам – деп,
Жатса-турса көп санаа.
Көзкаман оюна алыптыр,
Тогуз ай жүрүп маңгулда,
Доңго кайта барыптыр.
Доң бир динсиз эл экен,
Эгин жайы жогунан
Дөң адамы дээр экен.
Маңгулда жүрүп жудайын
Бакылдык кылып ар дайым,
Арпа менен буудайын
Арбын жыйып жудайын,
Маңгулдар менен калыптыр,
Алты кап буудай айдаса
Арбын чыгып алыптыр.
Алты жүз батман буудайын
Көмүп салып жудайын,
Кан тапшырган доңуна
Карып болгон Үсөнүң
Иши келип оңуна,
Тогуз ай жүрүп маңгулда,
Аштыктын терип аласын,
Ал аштыгын сугарган
Көтөрүп жүрүп баласын,
Табылса талкан, таппаса ун
Чайнап берип баласын,
Кан уулу карып болгонго

Калайык, айран каласың.
Ага-тууган анда жок,
Түрк баласы кыргыздан
Түк көрүүгө жан да жок.
Жаш баласы мойнунда,
Жашын төгүп койнуна,
Көп эл айран каларсың
Көзкамандын ойнуна,
Көтөрүп алып баласын,
Келди Жууша жерине,
Токтолбой он бир күн жүрүп,
Доңдун келген элине.
Доң болгон жери бүтүнү
Отуз миң келер түтүнү.
Көзкаман келип калыптыр,
Жаң-жуң экен Чимкирик,
Чакыртып аны алыптыр.
Байкуш бурут неттиң? – деп,
Кан тапшырган өзүңдү,
Бир жыл болду көрбөдүм
Көзкаманым көзүңдү,
Кайсы жакка кеттиң? – деп,
Чимкирик жаң-жуң сурады.
Койнуна салып баласын
Таазиминде турады.
Бакырып бала туйлады,
Баркырап бала ыйлады.
Тамак бер – деп, балага
Жаң-жуң буйрук кылганы.
Мегежин тилин бергени,
Бечара бала жегени.
Жаң-жуңдан бөлөк каны жок,
Эт менен эки күн өткөн,
Эп этим кандын даны жок.
Азык кылып балага
Алган экен жудайын
Алты такча буудайын.
Түйүп барган белине,
Чайнап берип жүрчү экен
Бала ыйлаган жеринде.
Жаң-жуң көрдү буудайын,
Балага бересизби? – деп,
Сурап калды жаң-жуңу.
Алгын муну, каным – деп,
Салып берди жудайын.
Чимкирик жаң-жуң кеп сурап,
Арбын мынча буудайды
Алдың кайдан? – деп, сурап,
Үсөн анда кеп айтат:
«Катыным эркек тууду – деп,
Калкымдан каныңкууду – деп,
Атагыңулук аалимсиң
Арзымды уккун – деп, айтат.
Келгенден кийин төрт айда
Туугандан өлдү катыным,
Турбады башта акылым.
Колумда калган балабыз,
Корлукка кыйла калганбыз.
Доңдон жүрүп жай таппай,
Арадан бир ай өткөрүп,
Алтайдан берки маңгулга
Алсырап азып баргамын.
Байынын кошун айдаштым,
Бара-бара жайлаштым,
Календерлик иш кылып,
Калктын жыйдым буудайын.
Калкы менен кайрыкер,
Калмак тууган боорукер,
Алты кап болду буудайым,
Байлар менен жалдашып,
Айдап алдым жудайын
Сугарып, ала тердим – деп,
Көтөрүп жүрүп балама
Чайнап буудай бердим – деп,
Алты жүз батман буудайды
Алып коюп келдим – деп,

Жаң-жуңга айтты сөзүнү.
Алиги жаң-жуң Чимкирик
Мээнеткеч адам экен – деп,
Жакшы көрдү өзүнү.
Эсен кандын буйругу
Элимде болмок турагың,
Элким бурут сени да
Эзиркөөгө турамын.
Байлардан көлүк таптырып,
Баарын тамам чакырып
Үч жүз төө, жүз өгүз
Алдырып келди тептегиз.
Арканы менен комуну,
Төөнүн салып чомуну,
Токутуп барча өгүзүн,
Эки жүз киши чыгарып,
Баргыла – деп, тегизин,
Кап билбеген эл экен,
Кап ордуна күткөнү
Туюк сойгон тери экен,
Атагын мешкээр дээр экен.
Жети конуп барышып,
Жер жайнаган буудайын
Жерден ачып алышып,
Көлүккө тамам салышып,
Алты сумбул буудайын
Алып келди жудайын.
Ар адамга ырыскы
Жеткирүүчү кудайым.
Мал башына алты жың
Салдырып берди буудайын,
Улакка бер – деп, эки жың,
Чоң койго бер – деп, жети жың.
Үкүргө бер – деп, жыйырма жың,
Какайга бер – деп, тогуз жың.
Морунга бер – деп, он сегиз,
Бычып берди тептегиз.
Шуудурга бер – деп, жыйырма беш,
Жаң-жуңдан чыкты бул кеңеш.
Жеринде ууру, бөрү жок,
Жылас болгон Көзкаман
Жылкы алууга көөнү жок.
Уй менен төө жандыкты,
Чимкирик чачты жарлыкты,
Басып жүрөт Үсөнүң
Доң элинде буралып,
Мал жыйылды куралып.
Чимкирик жаң-жуң кеп айтат:
«Чиркин бурут тим жүрбөй
Катын алгын» – деп, айтат.
Калкынан катын алсам – деп,
Көзкамандын ою бар.
Көшүлгөн таза бою бар,
Чырымчал деген өзү бар,
Алым жетсе алсам – деп,
Үсөндүн салган көзү бар,
Субай деген кызы бар,
Бейчубан кайын энеси,
Көзүнө жакшы көрүнгөн
Субай деген немеси.
Жаң-жуңга кеңеш салыптыр,
Жарымын берип малынын,
Капыя кызын алыптыр.
Катын алып, үй тигип,
Казан асып, от жагып,
Адам болуп калыптыр.
Эки какай, беш коюн,
Эки жашка толгондо
Үчтү союп үкүрдөн,
Баласы менен катындын
Элине берди чоң тоюн.
Баласын алып жетелеп,
Ат кой – деп, келип калыптыр,
Көкчөр коюп салыптыр.
Аттары жаман экен – деп,
Көтөрүп турган Үсөнү

Көңүлүнө алыптыр.
«Чөрүн» жоюп салсам – деп,
Эч болбосо түрк тили
Көкчөкөз коюп алсам – деп,
Ошо кезде Үсөндүн
Орундуу жашы жыйырма төрт,
Ногойдун жүрсө элинде
Наамандын жүрсө жеринде
Ойротко салмак кызыл өрт.
Адаштырган жеринде,
Доңдун жүрүп элинде
Алтымыш бешке чыгыптыр.
Алтымыш бешке чыкканда
Манас деген кабарын
Маңгулдардан угуптур.
Өзү кара кыргыз – деп,
Өнөрүн адам кылгыс – деп,
Алоокени качырды,
Нааманда бөлөк жагына
Айдаса да жылгыз – деп,
Таппайт душман дабасын,
Зар ыйлатып баласын,
Талкалап жатып алыптыр
Дагы Панус калаасын.
Будаңчаңын боздотуп,
Боз биябан чөлдөрүн
Шаар кылып окшотуп,
Тоту журтун токтотуп,
Даңгыттын журтун талкалап,
Далайга түйшүк салды – деп,
Манас деген санталак,
Алты шаар уйгурду,
Алдыратып кургурду,
Анын баарын алды – деп,
Каканга каран саларда
Кай кеткенин билинтпей,
Алтайдан кетип калды – деп,
Күн батышты бет алып,
Тянь-Шандын жолуна,
Тыйпыл көчүн салды – деп,
Кыпын калбай кыргыздан,
Көчүп кетип калды – деп,
Маңгулдан укту Көзкаман,
Манасты көргөн түшүндө,
Эсине түштү ал заман.
Доңдун жүрүп элинде,
Жуушанын жүрүп жеринде
Өмүрү өтүп чарчаган.
Доңдо жүргөн Үсөндү,
Жылдан жылга малы өсүп,
Ырыскысы түзөлдү,
Кайта-кайта уксам – деп,
Манастын сөзүн күсөдү.
Субай катынды алыптыр,
Бир жарым жыл болгондо
Эркек тууп салыптыр,
Чаганга жакын тууган соң
Чагалдай коюп алыптыр.
Жана бир жыл болгондо
Эркек тууп салыптыр,
Агалдай коюп алыптыр,
Дагы токтоп катыны,
Эркек тууду акыры,
Арбалдай коюп салыптыр.
Дагы тууду катыны,
Бала жактан бу Субай
Кургатпады чатыны,
Дөрбөлдөй коюп алыптыр.
Дагы тууду катыны,
Бегалдай койду атыны.
Дагы тууду катыны.
Токтобай койду атыны.
Элиңдин четин көрсөк – деп,
Көзкаманга кеп айтып
Самап жүрөт катыны,
Катындуу кылып балдарын,

Андан кийин кетүүгө
Көзкамандын акылы.
Барган сайын арылдап
Угулуп Манас акыры,
Жакыптан туулган экенин
Жайын угуп баатырды,
Келинин алып болгон соң,
Келген экен акыры.
Кайсы түрлүү жүргөнүн
Карабөрк сурап такыды.
Субай айтты кебини,
Тарткан жапаа мээнетин
Кетирбестен эбини.
Карабөрк сөзгө салыптыр,
Кажылдашкан сөзүнө
Каныкей айран калыптыр,
Кашындагы Акылай
Мурунун чүйрүп салыптыр,
Кыз бербей келген экен – деп,
Карабөрк кубаныч алыптыр.
Кызынын асты он үчтө,
Кысып сурап чак түштө,
Катындар сөзгө алыптыр.
Калмак келин, калмак кыз,
Катын-кызы таанылгыс:
«Кара торгун такыя,
Катынынча кыз киет,
Кандай эл – деп, кокуй-я»,
Акылай айтып салыптыр.
«Айтпагын андай сөздү – деп,
Жүргөн-турган жеринин
Заңынча кийген өзү» – деп,
Каныкей тыйып калыптыр.
«Ишенбегин күнүңө»,
Жийиркенип жатыр – деп, айтып,
Эжекең жетер түбүңө.
Жамандады бизди – деп,
Эриңе айтып салбасын,
Эркектен бөлөк эриң бар,
Көңүлүнө албасын.
Тууганым жаман, мен жакшы,
Туташ кагам жиниңди,
Сен жинди болсоң, мен бакшы,
Бул сөздү айтып турбасын,
Келе албай жүргөн туугандын
Кемин кайдан көрдүң? – деп,
Керип салып урбасын.
Бөлөктөн кетти дебейлик,
Бөлөкчө заңы – деп, коюп
Бөөдөдөн таяк жебейлик».
Шыбырап айтып сөзүнү,
Сыр алдырбай өзүнү,
Каныкей сүйлөп салыптыр,
Карабөрк кепке каныптыр.
Субай айткан кебине
Баштан-аяк Карабөрк
Акылай менен Каныкей
Аларга айтып салыптыр.
Аңдап угуп ал экөө
Айран-азыр калыптыр.
Ал аңгыча болбоду
Кашкулакты байланып
Чаманшу бала барыптыр.
Жаш балдары дүрбөшүп,
Катындарын караса
Кажы-кужу сүйлөшүп,
Бугу аткандай сүйүнүп,
Жаш балдары секирип,
Так секирип түйүлүп,
Көкө теңир берди – деп,
Абыгына борсукту
Байланып алып келди – деп,
Кубанышып калганы
Айылы дүрбөп жүргөнгө
Булар неге дүрбөйт – деп,
Мал башкарган Көкчөкөз

Бастырып жетип барганы.
Катындарын Манастын
Көкчөкөз көрө салганы.
Жылкысы бар, төөсү бар,
Бир жүз үчкө толуптур,
Катындан барган малдары,
Малдар менен иши жок,
Кашкулактын этине
Жабылып жатыр балдары.
«Салгын борсук этин – деп,
Келиндерим жесин – деп,
Көкчөкөз сүйлөп калганы.
«Келиндер жебейт экен» – деп,
Субай айтып салганы.
«Не үчүн жебейт экен? – деп,
Көкчөкөз сурап калганы.
«Жеп келиндер болбосу
Айтат экен арам – деп,
Буруттардын молдосу».
Бул сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Көкчөкөз
Атын чаап мойнуна,
Бура тартып калганы:
«Кой союңар, турсун – деп,
Бердиңерби суусун? – деп,
Кой күйкүнүн союңар,
Ачка болуп калбасын,
Суусун берип коюңар».
Бул сөздү айтып салганы,
Кетебиз – деп, Карабөрк
Калмакча сүйлөп калганы.
«Куру кетпегиле – деп,
Жандыктан күйкүн соёлук,
Кетиңер – деп,-аны жеп»,
Бу сөздү айтып салганы.
«Эти менен курусун,
Эжеке, кетеликчи» – деп,
Акылай айтып калганы.
Араң турган Каныкей
Апаке, кетеликчи – деп,
Карабөрккө айтып салганы.
Он жети эле катындар
Ал үчөөнө кошулуп
Айылынан барганы.
Ар мүнөзүн көргөндө
Катындардын баарысы
Айран азыр калганы.
Куру ооз кантип кетет – деп
Келини айтып салганы.
Чачылган үй-жай малдары,
Ыйлап барат жанында
Катындардын балдары.
Кетели – деп, дүрбөшүп,
Бирин бири жүр – дешип,
Катындар тура калганы.
Куру ооз чыкпай ичкин – деп,
Аякка кымыз куюптур,
Катындарга сундуруп,
Акылай мурдун тумчулап,
Ары карап туруптур.
Каныкей ээрдин малыптыр,
Карабөрк ууртап алыптыр.
Капорто жолго катындар
Баары кусуп салыптыр.
«Арамсытат бизди – деп,
Бөкөбай айтып калыптыр.
Оозуңду сөгүп калды – деп,
Акылай, Каныкейине
Карабөрк айтып салыптыр.
Калмактын заңы курсун – деп,
Катындар сүйлөп калыптыр.
Жанып алып баарысы
Жай-жайына барыптыр,
Жарым айда эр Манас
Кайтып келип калыптыр.
Күлүктүн баарын байлашып,

Күлгүндүн баарын жайнатып,
Тууганы келген турабы,
Тууганын өрүлүктөбөй
Туйгунуң Манас тынарбы,
Токсон бээ сойдуруп,
Тогуз жүз кой дайындап,
Союшуна койдуруп,
Барганины, Букарды,
Баарын жыйды буларды,
Кер-Көл менен Чүйүнө,
Калбасын – деп, үйүнө,
Кашкар менен Ташкенди,
Чакырбады башка элди,
Үлпөтүн элден арттырып,
Каныкей кылган ак сарай,
Салтанаты бир далай,
Ууктарын учтаган,
Түндүгүнүн баарыны
Учуга менен тыштаган,
Картаң уста жадаган,
Чамгарагын купалап
Күмүш менен кадаган,
Он тогуз жерден көктөгөн,
Күлдү көктүн баарысын
Күмүш менен бөрктөгөн.
Төтөгөнүн баарысы
Төрт эли жибек жээктүү,
Боо тагылчу жеринде
Баары күмүш тээктүү.
Чийин жибек чырмаган,
Кереге менен уугун
Тогуз түрлөп сырдаган.
Оюмун манат бүктүрдү,
Ошол өңдүү үйлөрдөн
Он экисин тиктирди.
Бирине кирди Үсөнү,
Билгенге үйү түзөлдү,
Бир үйгө кирди Көкчөкөз,
Миң жылдан аркы ушул сөз,
Бир үйгө кирди Агалдай,
Кеңдигинен үйүнүн
Өз буюмун таба албай,
Бирине кирди Чагалдай,
Билгендин болор көөнү жай.
Бирине кирди Дөрбөлдөй,
Уюкка кирди кезек бей.
Бирине кирди Арбалдай,
Акыр адам уулунда
Акыл болор ар кандай,
Коркутуп жүрөт Манасты,
Маңгул менен калмакты
Кошуп алып баргандай.
Бир үйгө кирди Бөгалдай,
Берен Манас баатырдын
Ороздунун он уулу
Ортосуна алганын
Бир ойлонуп кек албай.
Бирине кирди Токолдой,
Жакшылык кылган тууганга
Жамандыкты издеген
Түбүндө калбас отолбой.
Артып калды беш үйү,
Бошко калды нече үйү.
Доңдон келген калмагы
Жабуусу кийиз боз үйдөн
Бирден тигип алганы.
Өңгө журт кылган өрүлүк,
Оолаккы эл алып келиптир,
Жети үйлүү келген доңдукка
Оён Манас башкарып
Отуз-кырктан бериптир.
Манас мени көрдү – деп,
Өрүлүк келсе биздерге
Өзү билип бөлдү – деп,
Жарытпайт ко бу Манас
Жат элди жакшы көрдү – деп,

Чоочунду жакын көрдү – деп,
Доңдукка малды бөлдү – деп,
Калмагынча үйүндө
Күпүлдөшүп калышып,
Катындар укса билет – деп,
Кайбатташып Манасты
Күбүрлөшүп алышып.
Чачы агарган каапырдан
Шакан деген катындан
Манас деген эмеси,
Чыйырды атка конуптур,
Манасты тууган энеси.
Жалгыз неме турбайбы,
Жан аямак жамандык,
Коржоңдосо биздерге
Кол тартсак кудай урбайбы!
Бул сөздү айтып салышып,
Чогулганда күүлөнүп,
Булдурашып калышып,
Жата турсун калмагы,
Сагымбай мен сүйлөсөм
Жалган-чынды көп айтып,
Жайыбызга койбой – деп,
Жаман көрүп жүрбөсө
Жакшылардын арбагы,
Той берүүгө камданып,
Толукшуп Манас алганы.
Кезеги келип Канышка
Манас келип калганы.
Бадамчы деген желдетти
Башчы кылып коюптур –
Мааналап киши келбесин,
Арстан Манас баатырга
Насыят айтмак болуптур.
Адамдын баарын кайтарып,
Ак ордого жеткирбей
Алты желдет калыптыр.
Аны Манас билген жок,
Каттатпагын киши – деп,
Каныкей коюп есалыптыр.
Олтуруп төрө кашында,
Койну толуп жашына,
Кара көзүн жаштады,
Каныкей сөздү баштады:
«Жуушадан келген тууганың
Журтмун – деп, келип турганың
Туйгун төрөм билбейсиң
Тууганды кудай урганын.
Каапырда өскөн кара боор,
Кайтарбы – деп, ойлоймун,
Кабылан төрөм, сиздин доор,
Калкыңа тиер салмагы оор,
Аталаш тууган аз үчүн
Абыдан ачыйт биздин боор.
Астында болгон ага жок,
Ажал жетсе дабаа жок,
Алмадай кара башыңа
Алладан бөлөк баана жок.
Агаңды көрдүм барктаган,
Аргымак аттай таптаган,
Ак шумкар куштай баптаган,
Маңгулча кылган шымдары,
Балтыры шымга батпаган,
Борбую батпай шымына,
Боздоп калар бекемин
Тууганыңдын чырына,
Айткан тили билинбейт,
Адамдын көзү жетпеди
Ага-иниңдин сырына.
Күлпөңүң күндөй турганда
Күүлөнө бербе тууганга,
Кылган кызмат билинбес
Кытайдан келген урганга.
Айдыңың айдай турганда
Арбын элди бийлетип,
Ачылбагын тууганга,

Арам эт сиңип сөөгүнө
Алыстан келген урганга.
Көзкаман аттуу болорбу,
Көкчөкөз аттуу оңорбу,
Көтөрүлсө тууганың
Көтүңө түшпөй коёрбу.
Агалдай аттуу болорбу,
Артылган соң дөөлөтү
Артыңа түшпөй коёрбу.
Чагалдай аттуу болорбу,
Чарк толгондо дөөлөтү
Чаң салбастан коёрбу.
Арбалдай аттуу болорбу,
Арбыган соң бүлөөсү,
Артык жаман көрүнөт
Ага-иниңдин мүнөзү,
Баш кийгенин карасам
Думананын күлөсү,
Артыкча бузук болорбу,
Асылбай сага коёрбу,
Арамды кошуп адалга,
Жанга тиер залалга,
Алып жүргөн оңорбу.
Дөрбөлдөй аттуу болорбу,
Төрт түлүгү толгондо,
Төрт үйлүү коңшу конгондо
Жөөлөшпөй сага коёрбу,
Дөөгүрсүгөн арамга
Төбөлөшүп олтурса
Сендей төрөнүн иши оңорбу.
Бегалдай аттуу болорбу,
Бейледим ишин алардын,
Беш байтал күткөн күнүндө
Берени сенин өзүңө
Бет алышпай коёрбу,
Бекерлер бекке кол салса
Сендей, берендин иши оңорбу?!
Бел байлап алган тууганды
Анан меңкээритмек оңойбу.
Токолдой аттуу болорбу,
Толуп алса дөөлөтү
Токтолуучу түрү жок,
Тосултар деймин ногойду,
Тоз-тоз кылып журтуңду,
Толукшуп алган тууганды
Тосуп алмак оңойбу,
Көрүнөө турат калмагың
Токмоктошо коёру.
Ала албай жатат сырыңды,
Алып алса сырыңды,
Ага-иниң жок жалгызым
Абыдан түзөөр сыныңды,
Адам кылбас иш кылып
Арбытар бекен чырыңды?!
Олуя болуп кеттиң – деп,
Ооздон ары бир коюп,
Арстаным жаман көрөт – деп,
Айталбай жатам чынымды,
Акыр түбү көрөрсүң
Аягыңдан чечер шымыңды,
Алек кылып кыйратар
Аскер билген тыңыңды.
Биле албай жатыр тилиңди,
Туталбай жатыр диниңди,
Түшүнсө түрктүн тилине,
Түбү душман зилинде!
Тууган – деп, боор бурасың,
Туурасын айткан кебиме
Душман – деп, мени турасың.
Жуда чогуу тим койбой
Туш-тушка бөлүп тараткын,
Душмандын көзүн караткын,
Буларды чогуу тим койбой,
Бузуп, баарын тараткын,
Мурунтадан иш кылып
Букара көзүн караткын!

Бирин жибер калчага,
Сөөккө сиңген жамандык
Оңолчу эмес канчага,
Кулак сал айткан арызга,
Куранды кылгын тарсага.
Кудайды билбес калмакка
Куралтып ийип кубатын
Алың келбей чарчаба.
Бирин жибер Эренге,
Аягы жерге жетпеген
Акпаган дайра тереңге.
Бирин жибер Кыйбага,
Бирин-бири көрө албай,
Минтип жүрсүн кыйлага,
Билбей туруп тууган – деп,
Бир күнү боздоп ыйлаба,
Зардабы тийип кыйлага,
Жапырагы алтын чынарым
Шамал тийбей кыйраба.
Бирин жибер татарга,
Короолош кылып кыргызга
Кошуп койбо катарга.
Бирин жибер казакка,
Минтип камын жебесең
Биз каларбыз мазакка,
Айткан тилди албасаң
Акыр түбү каларбыз
Арылбаган азапка!
Ногойго минтип тараткын,
төрөм,
Оболдон көзүн караткын, төрөм,
Айылга койбой тараткын, төрөм,
Абыдан көзүн караткын, төрөм,
Созмологон тал жибек, төрөм,
Соктоосун үзсөм бөлүнбөйт,
төрөм,
Доңдуктан келген тууганың,
төрөм,
Соо жүрчү неме көрүнбөйт,
төрөм,
Кызыл-тазыл кырмызы, төрөм,
Кыргагын жазсам бөлүнбөйт,
төрөм,
Кытайдан келген тууганың,
төрөм,
Кыргыздан тийсе колуна
Кылчаяр арам көрүнбөйт, төрөм!
Куранды кыргыз журтуңдун,
төрөм,
Куйруктуу коюн жеп коёр, төрөм,
Кулдарың бербей суракты,
Курамаң белем – деп,
коёр, төрөм,
Тел козуңду жеп коёр, төрөм,
Теӊ тууган элем – деп, коёр, төрөм!
Кызырак тайдан сойбойбу, төрөм,
Кыйырыңдын көзүн ойбойбу,
төрөм,
Кыстап барып сураса
Кытаймын – деп, койбойбу,
төрөм,
Кыргыздан коңшу конбойбу,
төрөм,
Кыйласы жолдош болбойбу,
төрөм,
Кый десең кармап сойбойбу,
төрөм,
Кыз алган жарың бейбакты
Кызылдай чокко койбойбу, төрөм.
Кызуусунда ойлойлу, төрөм,
Казактан коңшу конбойбу, төрөм,
Карарган малдан сойбойбу,
төрөм,
Катарлаш тууган болбойбу, төрөм.
Калыңдатпай ойлогун, төрөм,
Каяша кылсаң сойбосун, төрөм,

Карабөрк менен Акылай
Жана Каныштын көзүн ойбосун,
төрөм,
Калкыңдан чыгып жансызың,
Бизди карайлатып койбосун,
төрөм!
Эрдигиң бар, эсиң жок, төрөм,
Эндөөлүк кылар кезиң жок, төрөм,
Энелеш тууган кишиң жок,
төрөм,
Эчтеке менен ишиң жок, төрөм,
Турган адам ишенгис, төрөм,
Турган, жүргөн түрүнө, төрөм,
Бата албай турат дүмүңө, төрөм,
Тууганың жетер түбүңө, төрөм.
Тууганың болор душманың,
төрөм,
Имерип өлүм жеткенде
Ичиңде болор бушманың, төрөм!
Жакының кылар жамандык,
төрөм,
Жаныңа бербес амандык, төрөм,
Эсиркеп бербес эсендик, төрөм,
Айлансаң бербес амандык, төрөм,
Азили келсе оңуна
Арттыра кылар жамандык, төрөм.
Тууган – деп, боюң урбачы, төрөм,
Тууганың душман болгондо
Тутанып кетип турбачы, төрөм,
Тумшугу жок бир жанмын, төрөм,
Журтум башка, ургаачы, төрөм,
Жакын – деп, боюң урбачы, төрөм,
Жакының кылса жамандык, төрөм,
Жаныңа тилейм амандык, төрөм,
Жанып кетип турбачы, төрөм,
Жан багар чороң мен эмес, төрөм,
Мен бир жайым бөлөк ургаачы,
төрөм,
Артык уста таптырып,
Ак манат менен жаптырып,
Ак сарай кылдың киргенин,
Арамыңдын мүнөзүн
Азгандарча билбедим.
Бергени турсуң тойлорун,
Жасоого турсуң бойлорун,
Бир барып көрүп ыраңын,
Билип турам, иттердин,
Бир балааны кыларын.
Чакыр экен көздөрү,
Чалыр экен сөздөрү,
Жакшылык кылчу түрү жок,
Чатак экен өздөрү.
Айтканына көнбөсөң, төрөм,
Аким кылбай жөндөсөң, төрөм.
Урматына көнбөсөң, төрөм,
Улук кылбай, жөндөсөң, төрөм.
Ак сарай кылдың киргенин, төрөм,
Аталашым, бил – дедиң, төрөм,
Ай – деп, койсо, тилдедиң, төрөм.
Көк сарай кылдың киргенин,
төрөм,
Көтөрөр тууган, бил – дедиң,
төрөм,
Көңүлүн өскөр баарың – деп,
Көй кашканы тилдедиң, төрөм.
Көй кашкаң калар кашыңа, төрөм,
Көп калмак жетер башыңа, төрөм,
Көздөн кайып сен болсоң, төрөм,
Көйнөгүм жуулар жашыма,
төрөм.
Кырк кащкаң калар кашыңа,
төрөм,
Кытайың жетер башыңа, төрөм,
Кызыл кан агар жашыма, төрөм.
Тууганым – деп, сүйүнбө, төрөм,
Туугандан көрүп өлүмдү

Суп көйнөккө түйүлбө, төрөм.
Кара жөлөк канга – деп,
Дене жөлөк жанга – деп,
Шыйрак жөлөк санга – деп,
Тууганым – деп, ишенип,
Тумшугу жок Канышты
Тутандырып салба – деп,
Же турат туяк дегиндей
Тутпадык сенден бала – деп.
Каралды кылар кара – деп,
Карманбадык бала» – деп,
Каныкей айтты канча кеп.
«Кашыңда бардыр даана – деп,
Жасаганың бир кудай
Өзү болсун баана» – деп,
Ок жыландай толгонуп,
Оң жылда келер жумушту
Ушу күнү ойлонуп,
Арстанга айтып салыптыр,
Ал сөзүнө Манастын
Ачуусу келип калыптыр:
«Тууганым түгүл, Каныкей,
Тутушкан душман союппу,
Журтта жок сөздү айтасың,
Туугандан көзүм тоюппу?!
Катындыктан айтасың,
Кас кылып каапыр союппу,
Кармашпай Манас коюппу,
Карадан көзүм тоюппу?!
Жанга күйөр тууганга,
Жардам берип турганга
Жарып Манас калдыбы,
Келе элек жаткан тууганым
Саа, жамандык кыла салдыбы?
Кытайга кеткен тууганым
Кыргызга келип калдыбы,
Кыйырына келе албай жатып,
Кылымдын баарын алдыбы,
Саа, кыйын иш кылып салдыбы?
Ороздунун балдарын
Ойрондоп кырып салганым,
Ойлонбойм сөздүн жалганын.
Ногойдун уулу төрт экен,
Көп көрдүңбү, катыным,
Көзкамандын балдарын
Көчүп келип калганын?!
Канаты бар учуучу,
Куйрук менен конуучу,
Каралап келсе, тууган – деп,
Катарга койбой, тарат – деп,
Какшаганың кандай кеп,
Катындыгың болуучу.
Кытайдан келсе кыргыз – деп,
Кыйырдан бөлөк тургуз – деп,
Кыйнаганың кыйын кеп,
Жамандык кылган жайы жок,
Жаңыдан келди быйыл – деп,
Таба албай жүрсөм тууганды,
Тарат-дешиң, кыйын кеп,
Катындар бүтпөс жарасың,
Какшанып сүйлөп каласың,
Казам жетсе туугандан
Кантип айрып аласың?!
Ургаасы бүтпөс жарасың,
Узун сөз айтып каласың,
Макпузда жазган жазууну
Бузуп кантип саласың?!
Тагдырда жазуу бар үчүн
Ногойдун уулу бөлүндү,
Ошо да кудай буйругу-
Ойротко Манас көрүндү,
Озунган менен болчубу,
Оболдо жазган өлүмдү.
Азелде кудай жазуусу
Алаштын баары бөлүндү,
Азып-тозуп жүрсө да

Арасынан кыргыздын
Айбаттуу Манас көрүндү,
Айтканың менен Каныкей
Адам калбас кутулуп
Азелде жазган өлүмдү.
Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс!
Кыркырап өткөн кырк миң ок
Кытайдын турсам ичинде
Кылайып даарып өткөн жок,
Аяк-башы айчылык
Дүбүрө журту кызыл чок.
Андан да кудай сактаган,
Туугандан жазса ажалым
Кутуларга дабаа жок.
Кытайдын көрдүк бөлүмүн,
Кыңк этерге шай барбы
Кыргыздан болсо өлүмүм.
Жоосун, элин ойлобос,
Жолдошу менен ойнобос
Туруктуу токой жолборсу,
Тобокел эрдин жолдошу,
Тобокели болбосо
Эзелден бери белгилүү
Эр жигиттин оңбосу.
Эч күнөөсүн көрбөстөн
Эл кыдыртып саламын,
Ороздуулун кырган соң,
Үсөн байдын балдарын
Үстүн-астын кылган соң
Элким өзүм каламын.
Кара журт айтар тууган – деп,
Жакыптын уулу Манасты
Жамандык үчүн тууган – деп,
Жалгыз ушул туулган – деп,
Эрегишке жараймын,
Эртеңки күндө бир душман
Эрегиште кеп айтса,
Туташ кырып салгыдай
Тууганың барбы? – деп, айтса,
Не бет менен караймын?!
Ороздунун балдарын
Ортого көптөп алганын,
Анда көрдүм тууганды,
Чыдабай Көбөш, Абыке
Чырылдап келип калганын.
Чындап душман күчөсө,
Чыдай албай ону да
Маа болушмак экен – деп,
Көңүлүмө алгамын.
Өлтүрүүн өзүм өлтүрүп,
Көзүмдү жаштап өкүнүп,
Көп бушайман калгамын.
Кара кыргыз уругун,
Кыргыз түгүл ар жаккы
Кара кандын тунугун,
Кадыр Алла жар берип,
Казак, калмак, уйгурун
Катар алып караттым,
Каралды – деп, маа келсе
Кайдан муну тараттым.
Таратып Манас бөлөбү,
Макул дегин Каныкей,
Тагдырсыз бенде өлөбү?»
Сөздү Манас салганы,
Токтолбостон Каныкей
Жооп берип калганы:
«Айтканыңырас, баатыр – деп,
Азабыңа мен калган
Акылы чолок катын – деп,
Аягында көрөрбүз
Ар иш болсо баатыр – деп,
Азыр келген тууганың,
Алыстан келген тууган – деп,
Алам уруп турганың,
Азелде жазган жазуудур

Абыдан менин курганым.
Аңдагын – дедим, зилиңди,
Ачууланып мен жакка,
Агытып турсуң жиниңди,
Арбын айтып сүйлөсөм
Алгын кесип тилимди,
Тууганга күйгөндүгүңүз
Туйгунум, анык билинди.
От чагылар көзүңө,
Ок жаңылар өзүңө,
Ошондо кулак саларсың
Ойдугуңдун сөзүнө.
Кылыч тиер мойнуңа,
Кан төгүлөр койнуңа,
Каныкейдин сөздөрү
Ошондо келер оюңа!»
Ол сөздү айтып салганы,
Ороло басып Каныкей
Орун төшөк салганы.
Эл уктаган кез болуп,
Эртеси жок, кеч болуп,
Жатып уктап калганы.
Желдеттерин тара – деп,
Каныкей кабар салганы,
Төрөсүнө кошулуп,
Жеңеңиз жатып алганы.
Эртең туруп кобушуп,
Намаз окуп коюшуп,
Ороздудан калганы
Он үч экен балдары,
Ою тереӊ Кутунай
Алып мында келгин – деп,
Аны буйруп салганы.
Биринин аты Түрк экен,
Түрк – деп, жүрөт арада,
Бизден калган мүлк экен.
Биринин аты Саба экен,
Биринин аты Жаба экен,
Ушулардын баарысы
Кыругузга таба экен.
Биринин аты Кыдыршаа,
Билдирейин баарын саа,
Бу Кыдыршаа Маймунда.
Биринин аты Туталык,
Бу жерде жок бу калык,
Эл болбогон туугандын
Несин айтып туралык,
Чакыртып алып эр Манас
Не иш кылды угалык.
Төөдөн төрт миң нар берди,
Төрт төөгө артып зар берди.
Атаңардын куну – деп,
Алып, оокат кылыңар,
Аял-балдар муну – деп,
Агаңар үчүн кылган той,
Башкарып муну тургун – деп.
Атаңар кылды өкүмдү,
Аны үчүн Манас өлтүрдү.
Баарың бол – деп, ыраазы
Балдарынан өтүндү,
Лахи-макпуз жазууда
Ажалы менден шекилдүү.
Ал сөздү айтып салыптыр,
Ыраазы болуп баары жаш
Кошуна кетип калыптыр.
Алар дүрбөп жүргөндө
Көкчөкөз көзүн салыптыр.
Кырып салып муну – деп,
Дүнүйөдөн көрбөдүм
Манас өңдүү кууну – деп,
Көкчөкөз жатыр күпүрлөп.
Көтөрмөк үчүн көңүлүн
Көпчүлүк жыйып үстүнө
Көк жалың жатыр дүбүрлөп.
Бегалдай туруп кеп айтат:
«Мээнетке калдык – деп, айтат.

Тарбыгын көп жер экен,
Тарбыгын этин жедирбей,
Дарбып жүргөн эл экен.
Борсугу көп жер экен,
Борсук этин жедирбей
Бозуп жүргөн эл экен,
Көмүлбөй калган Көзкаман
Не үчүн тууган – деди, экен».
Бу сөздү айтып салыптыр,
Ороздунун балдары
Как ошонун тушунда
Тууганым – деп, көрмөккө
Барган экен ушунда.
Капкара болуп дулдуйган
Беттерин көрүп алыптыр,
Казанына салдырган
Кашкулак менен суурдун
Эттерин көрүп алыптыр,
Тууганыңыз курсун – деп,
Манаска айтып барыптыр.
Бака, жылан жыйнаткан
Көшү менен курсун – деп,
Балдыр-салдыр сүйлөгөн
Сөзү менен курсун – деп,
Кытайча чалыр караган
Көзү менен курсун – деп,
Кирге чирип, жыртылган
Бөзү менен курсун – деп,
Манаска айтып барыптыр,
Баркылдап күлүп эр Манас,
Балдарга кубаныч алыптыр.
Атаңар да алардан
Артык эмес башында,
Кыргыздын баары ошондой
Манас агаң жашында.
Атаңарды балдарым,
Аңдап келдиң жандарым,
Араң жолго салгамын –
Алалдап берип колуңу,
Ачып берип жолуну,
Адам болуп алган соң
Асылып жүрүп Манас – деп,
Кайнаткан кара шорумду,
Инилерим ан үчүн
Кара жер кылдым орунду,
Баш күнүндө бабаңар
Мына ошондой борумдуу.
Аралашып туруңар,
Ашкере тууган мунуңар,
Атаңар мага кылганын
Аксакал элден угуңар.
Жеткирген кудай багы бар,
Жетик баатыр Чалыбай
Желкесинде бу күндө
Жети кылыч тагы бар,
Жарасын жаман көргөзөт,
Болжоп турсам боюмда,
Атаңардын кылганы,
Алтымыш жара тагы бар,
Алда канча өткөрдүм
Атаңардын кылганын,
Азелден бузук экен – деп,
Аргам кетип кыргамын.
Азыр, балдар, айтпайын
Буларды андан өөдө – деп,
Кырып салып, айткан соң
Кызматым кетер бөөдө – деп,
Тууганыңа той кылдым,
Той кылмакка ой кылдым,
Башкарыңар балдар – деп.
Айрылышып кетчү эмес
Ата жолун куушкан,
Кандуу калпак кийишсе
Карап турбас туушкан.
Тутканыңар Манас менмин – деп,
Туушканыңар келди – деп,

Конок алып, башкарып,
Күтүңөр күлдү элди – деп,
Эр Манас айтып салыптыр.
Алтоо мурун барыптыр,
Жетөө барбай калыптыр.
Көрмөккө тууган дегдешип
Сонуркашып калыптыр,
Сонун көрүп барыптыр.
Тууганың менен иши жок,
Тууганыңбыз – деп, айтса,
Туура билген киши жок.
Кайнатканы кашкулак,
Кыялына карап бак.
Эгине коюр сөздөрү,
Эч бир адам экен – деп, –
Элебей койду өздөрү...
Кошомат кылып кармаса,
Колунан алат ишини,
Адам кылар неме эмес,
Аралашкан кишини.
Оозу, мурдун сылашып
Жанында жаткан итини.
Сылап-сылап башыны,
Кол жуубай барып кол салды
Бышырып алган ашыны.
Жерге кирсин ушулар,
Жетиптирбиз туугангa,
Жергесине ким турсун
Бул өңдөнгөн урганга.
Айбатың элден бөлүндүң,
Атабызды сойсоң да,
Арбак урсун буларды,
Ага болуп көрүндүң.
Аланы минсе кери жок,
Адамдын ысы-тери жок,
Ага-тууган болушуп
Айланышар жери жок,
Артык балит эл экен,
Жакындашсаң жакын – деп,
Адам угар кеби жок.
Кечтик мындай туугандан,
Кейпи суук ургандан.
Катындары кийгени
Кара тумак такыя,
Кыз-катыны таанылгыс,
Кытайдын кирген наркына,
Кырк жыл бирге жүрсө да
Кызыталагың, кыргыздын
Жетер эмес баркына.
Бу сөздү айтып барышты,
Булдурлаган тилдерин
Туурап күлүп калышты.
Калмакта жүрсөң ар кимиң
Как ошондой болосуң,
Кашыңа келсе тууган – деп,
Келеке кылып коёсуң.
Кытайда жүрсөң кыялың,
Кылыгың шондой болосуң,
Кыргыз – деп, келсе кашыңа
Кыяпат кылып коёсуң.
Арстаны Манас кеп айтып,
Сынтакпаңар – деп, айтып,
А да билер бир күнү
Ак ыслам динини,
Жаратканга жалбарып,
Жатыктырар тилини,
Бейиш, тозок болорун,
Ал да билер зилини.
Кыругуздун балдары,
Кыйла заман болуптур
Өкүмөт кетип калганы.
Ар кайсысы ар жерде
Болуп кеткен букара,
Азыркысын кырдуусуп
Сөз айтпайлык буларга.
Ашкере чыккан качаган

Аргамжы моюнга сүйрөлөр,
Асталап жүрүп көндүрсөк,
Атасы бирге эмеспи,
Ар нускаңды үйрөнөр.
Ашыкпай азыр туруңар,
Артык сөз болот мунуңар.
Чагатай уулу Ысакты,
Бекебай уулу Түрүктү
Чакырып келгин элди – деп,
Чыныгы тууган келди – деп,
Башында Бакай кары бар,
Кырк баатырдын баары бар,
Кыйдысы Кыргыл чалы бар,
Кыйындардын баары бар,
Көкөтөйдөй карысын,
Көй төрөнүн баарысын,
Баймырза менен Жанай бар,
Баатырлардан далай бар,
Ногойдон калган кызыл туу,
Оёнуң Манас барында
Тууганга кылган ызат бу,
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын жайылтып,
Көтөртүп чыгып койдуруп,
Токсону бээ, тогуз тай,
Тойду баштап сойдуруп,
Алтындуу жагдан ачтырып,
Атасын баштан, балдарын
Олтургузуп үстүнө,
Ак теңгеден чачтырып,
Алдууларын жадатып,
Айылда карып-касарга
Садага кылып таратып,
Мейманга тиккен беш үйгө
Бирден-бирден киргизип,
Билбегенин билгизип,
Ак самындан алдырып,
Көшөгө тартып салдырып,
Ысык сууну суудуруп,
Самын менен жыштырып,
Оно боюн жуудуруп,
Киринтип, үйгө киргизип,
Экиден көйнөк, үч дамбал
Эркегинин баарына
Ак суп көйнөк кийгизип,
Чүчтө көйнөк, суп дамбал,
Жакшылык билбей, түбүндө
Жамандар салар куп жаңжал,
Анжыяндан алдырган,
Аркагын жибек салдырган,
Анжыяндын сарала
Букардан чыккан, билесиз,
Булу оор карала,
Эр башына беш чапан,
Эки чепкен, үч чапан,
Бойго ылайык түс чапан
Баарысына кийгизип,
Байдасын баатыр тийгизип,
Келини менен жеңесин,
Келтирип алып баш кылып
Субай деген немесин,
Кыздарга кымкап кийгизип,
Кызматын минтип тийгизип,
Самындап сууга киринтип,
Балиттик жаман болот – деп,
Баркын айтып билинтип,
Карабөрк турду кашында,
Карк алтындуу жекей бөрк
Кыздары кийди башына.
Кыздарынын алды бар
Он үч, он төрт жашында.
Атлес көйнөк, алтын бөрк,
Куп түзөлдү анда көрк.
Кокондуктун көк жеке,
Алса баасы көп жеке
Жеке таман, кашка өтүк,

Боруму журттан башка өтүк,
Баштан-аяк баарысын,
Бай Үсөн баштап карысын,
Баштап үйгө киргизип,
Башкарып Бакай кийгизип,
Бут тырмагын алышты,
Бутумду кести бурут – деп,
Булдурлашып калышты,
Ырысты булар кести – деп,
Кулдурлашып калышты.
Кол тырмагын алышты,
Колумду кести, кокуй – деп,
Кокуйлашып калышты,
«Кокуй» калмак сөзү экен,
Которуп кыргыз алышты.
Чапан берип салды – деп,
Чапаны менен курусун,
Ырыс калбай калды – деп,
Чагалалап калышты.
Эркегинин баарысын,
Көзкаман баштап карысын,
Чачын алып салышты.
Оозунан алды мурутту,
Оозумду кестиң, кокуй – деп,
Ой-бой салып курутту.
Жети төөнүн отунун
Баштан-аяк алдырып,
Жел болгондо от жагып,
Күркүрөп жалын жанганы,
Маңгулдан келген бар кийимин
Жанган отко салганы,
Жалбырап күйүп калганы.
Чокой менен бөркүнү,
Чогулган кыргыз төркүнү,
Анда Манас ар кылган
Калайык көрсө жаман го
Калмак борум көркүнү,
Өрттөп ийип тынайын,
Өз тууганым кылайын,
Жандырып ийип тынайын,
Жан тууганым кылайын.
Эски үйүнүн баарысын –
Жыгачтын баарын жандырып,
Тутуусунан түк койбой
Тутанган отко салдырып,
Бакандын баарын жактырып,
Жаңыдан бакан чаптырып,
Чамгарагын чаптырып,
Типти неме койбостон
Түндүктүн баарын жактырып,
Казандын баарын сындырып,
Казан, тулга барчасын
Жаңы кылып келтирип,
Калмактын көөнүн тындырып,
Табак менен аягын,
Тамашасын карагын,
Үкөк менен сандыгын,
Үйүндөгү барлыгын,
Баарын отко жактырып,
Эскисинен түк койбой
Баарын өрттөп, сап кылып,
Отко жакмак болгону
Сабаа менен чаначты,
Токолдой деген немеси
Терисинен эшектин
Кылган экен бир мешин
Жигиттерден талашты.
Талашканы жүндүү меш,
Калайык кандай бу кеңеш?
Чаначы эшек териси,
Так ошондой туугандын
Атасынын көрүсү.
Жети желдет барыптыр,
Токолдой деген немеси,
Түктүү эшектин териси,
Кылган экен чаначты,

Бербеймин – деп, мешимди,
Токолдою талашты.
Токтоочу беле желдеттер,
Буйругу – деп, Манастын,
Токулдатып сабашты.
Нааданда мындай ким болду,
Алдырып ийип тим болду.
Шибеге-бигиз, бычагын
Баарын тамам сындырып,
Темир тулга очогун,
Эскиден неме койбоду,
Элге кылып шерменде,
Бүлдүрдү мүлктүн баарын – деп,
Эр Көкчөкөз ойлонду.
Тууганың түпкө жетти – деп,
Көкө теңир бир берсе,
Кетирбесмин кегимди,
Түбү алармын кекти – деп,
Көңүлүнө алыптыр.
Көк коргошун куту бар,
Кудайым – деп, чокунган,
Көз менен мурун чыгарган,
Жаш баладай буту бар,
Бутун отко салганы,
Муну көрүп калмактар
Булдурлашып калганы.
Отко жакты кутту – деп,
Ойрон кылды бутту – деп,
Кол салууга Манаска
Кужулдашып калыптыр,
Коюңар муну бу сапар,
Манаска кыйла тузак бар,
Илинер – деп, тузакка,
Лаайлама жар болсо,
Кетирермин бир жолу
Барса-келбес узакка,
Көкчөкөз тыйып салыптыр.
Үтүрөйүп калмактар,
Үшкүрүшүп алыптыр.
Кол-кошуну кашында,
Дөөлөт кушу башында,
Азыр колду салбаңар,
Кыргыздар кыпын чыгарбайт,
Кырылба бөөдө баарыңар.
Түк кейибе, инилер,
Түбүндө тиер акыңар.
Баштын алды чачыны,
Көздүн алды кашыны,
Көкө теңир буюрса
Көмөрмүн жерге башыны.
Ооздон алды мурутту,
Эски мүлктүн баарысын
Неме койбой курутту,
Кыйласын мен да алармын
Кыргыз деген журутту.
Кыла берсин билгенин,
Кыңк этпестен инилер
Кыймылдабай туруп тур,
Азыркысын ааламдын
Акими Манас улуктур,
Өч болсо кийин алынар,
Өжөрлөнбөй туруп тур,
Өңкөй кара кыргыздар
Манаска моюн сунуптур,
Доңдун жүрүп элинде,
Жуушанын жүрүп жеринде
Тилибизди буруптур.
Мусулмандык кандай? – деп,
Динин билип аларбыз,
Бура тартып сүйлөшүп,
Тилин билип аларбыз,
Кайсы жакын, кайсы ыраак
Зилин билип аларбыз,
Каралдысыз канкордун
Жайы келсе бир күнү
Жара тартыл саларбыз.

Кужулдашып басылды,
Баркын билбейт асылды.
Бир-бир жорго мингизип,
Мурчуюп турган калмактар
Араң анан жазылды.
Эр Манас кылды акылды,
Элдин баарын чакырды,
Алалдаңар колун – деп,
Калмак өскөн каапырды.
Буюруп муну салыптыр,
Жыйырма төрт экен эркеги,
Жыйып баарын алыптыр.
Көзкаман баштап карысын,
Эки жашар баладан
Үч баласын таштады,
Өңгөсүнүн баарысын,
Жыйырма бир экен бүлөсү,
Жыластар үчүн сарп болду
Канкордун канча дүйнөсү.
Көк боёк мата алдырып,
Көшүлгөн отко салдырып,
Көңкү баарын жандырып,
Эки күрөк күл кылып,
Немесин койбой алдырып,
Көзкаман баштап карысын,
Көңкү калмак баарысын,
Көкчөкөз баштап баатыры,
Көпчүлүк камап келгенде
Көнөт экен акыры,
Ар кайсысын бир үйгө
Баштап кирип калыптыр,
Устара, бычак, наштарын
Аштап кирип калыптыр,
Өлтүрөт экен бизди – деп,
Эсерлер эстен таныптыр,
Ар кайсысын беш желдет
Кармалашып калыптыр.
Келмеге тили келе албай,
Келжиреди бир далай,
Кебине булар күлүшүп,
Мазак кылды бизди – деп,
Кейишип калмак бүлүшүп,
Шоодайды кесет экен – деп,
Аяктары бүрүшүп.
Туура кесип салат – деп,
Тумшугу жок катындар
Ынай албай калат – деп.
Адам өлбөй калабы
Кыркылган соңтамыры,
Бузук жаман иш экен
Мусулмандын бу кылган
Шоодай кескен амыры.
Чогуу турса бир жерде
Калмак экен өлүшүп,
Бирден-бирден ар үйгө
Алып кеткен бөлүшүп.
Ондон-бештен адамдар
Ортосуна алышты,
Тек турбасаң нетет – деп,
Теше менен кесет – деп,
Кесилбесе каапыр – дейт,
Туугандыктан безет – деп,
Желдеттер өкүм кылышып,
Шоодайдын учун шылышып,
Баарын кесип салыптыр,
Эки элидей териси,
Эти кошо барыптыр,
Энеке – деп, акырып,
Эстери ооп бакырып,
Абыгыны айтышып,
Акылына кайтышып,
Ачышканы басылып,
Аябай күлдү салган соң
Аяктары жазылып,
Сомосу аман барбы? – деп,
Шоодайына асылып,

Аккан каны басылып,
Баарынын колун алалдап,
Ыслам динге салыптыр.
Атты бычат дечү эле,
Адамды бычат бул эл – деп,
Үсөн бай сүйлөп калыптыр,
Ушунун касты кайтар – деп,
Көкчөкөз айтып салыптыр.
Жарым ай, бир ай жамандар
Жакындабай катынга
Бөлөк жатып алыптыр.
Айыкканда караса
Көк баш болуп бөлтөйүп,
Көрүнөө болуп калыптыр.
Көңкү баары олтуруп
Кеңеш кылып салыптыр:
Тууган – деп, келип курудук,
Тарбыгын, борсук, аюунун
Этин жебей куурулдук.
Доң журтунан суурулдук,
Букарды көздөй бурулдук,
Көзкаман тилин алгандан
Бул балаага урундук.
Келмени антип келтирди,
Тил келүүчү кеп эмес,
Тилди кармап өлтүрдү.
Тилди кармап уштады,
Тил келбеген адамды
Манасыңдын жолдошу,
Байымкерим молдосу
Жаактан ары муштады.
Бирден үй берип салганы,
Артык кетет дегенсип
Өзүбүз тиккен үйлөрдү
Өрттөп баарын алганы,
Кызыталак буруттун
Кылбаганы калбады,
Кыргызга келсек тууган – деп,
Кытайдан жаман кардады,
Шоодайдын башын кандады,
Ар канча кеги болсо да
Армандары калбады,
Атабызды баш кылып,
Кесип учун салганы.
Кеги бизде калбады.
Катындын баары кайгырып,
Алымсынбай калгандыр.
Башыбыз чогуу турбады,
Ар кайсыбызды ар үйгө,
Ар жарагы бар үйгө
Алып барып бурдады.
Баарыбызды ыйлатып,
Башчы болгон ак сакал
Карыбызды кыйнатып,
Басып алып кыргыздар
Тай букадай туйлатып,
Таарып учун салыптыр,
Байкаганга болтоюп
Башы чыгып калыптыр.
Ушуну кылган Манасты,
Өзү өлгөн соң өч алар
Жок экен го баласы,
Өлтүрбөй кантип коёбуз,
Өкүнбөңөр, Манасты,
Айтканын кылып ар качан,
Амалдап жүрсөк соёбуз,
Өзүбүз билип кыргызды,
Өкүмөт ээси болобуз.
Өчөштүм ушу канкорго,
Как баш Жакып каапырды
Кара көзүн оёлук,
Абыке, Көбөш инисин
Карайлатып коёлук.
Катаалдык кылсак аны да
Катары менен соёрбуз,
Жакып деген чалынын

Жалынса жанын коёлук,
Жамандык ойлоп баратса
Жайын кылып соёлук.
Лаайламалуу – дешип,
Убада болсун бу – дешип,
Билет экен жанагы
Карабөрк деген катыны,
Ал Карабөрк катынга
Сүйлөбөңөр акыры,
Айтпаңар – деп, бир бирин,
Карабөрктүн көзүнчө
Сүйлөшпө – деп, такыды.
Туугандарым келди – деп,
Манас жатыр сүйүнүп,
Кудаанын кудуретин көр,
Жакшылык болуп жамандык,
Өлтүрмөккө шерт кылып,
Курсагына түйүлүп.
Манас ойлоп көөнүндө,
Мактанып тууган көбүнө,
Чырпыгы жок кожойгон,
Чынар болуп бүрдөдүм,
Куурап калган куурайдай,
Кубарган бойдон жүрбөдүм.
Бакчадагы заргындай
Ачылып гүлүм гүлдөдүм,
Кудайга салып кеп айтпай,
Кааласа кудай – деп, айтпай,
Көңүлгө шону алыптыр,
Аның үчүн адамдар
Көрө турган жамандык
Андан жетип калыптыр.
Манас жүрөт сүйүнүп,
Көзкаман уулу күйүнүп:
Кантип адам болобуз
Эски динден айрылып,
Эсерлерди карасаң,
Динине күйүп кайгырып,
Манас жүрөт кубанып,
Көңүлү тынып, жай кылып,
Калар – деп, Манас бир күнү
Кара жандан айрылып,
Кайдан келдик мында – деп,
Капаланып кайгырып.
Туугандарын эр Манас
Курч бычактай бүлөп жүр,
Байге атындай сүрөп жүр.
Калмактан келген тууганы
Эр Манастын өлүмүн
Эртели-кеч тилеп жүр.
Ороздунун балдары
Окусунан өлдү – деп,
Ойлоп адам болорбу
Оздон чыккан желди – деп,
Андан күйөр тууганым
Азыр мага келди – деп,
Атышкан жоого мен туруп,
Алынтайын буларга
Алач-кыргыз элди – деп,
Аллам тилек берди – деп,
Адил, Төбөй балдары
Азыр келип калганы,
Ага-ини мендей жыйылса
Адамдын калбас арманы!
Азганым азыр келди – деп,
Аллам тилек берди – деп,
Алла Таала жар берсе
Билдирейин элди – деп,
Көңүлүнө алып жүр
Өлтүрсөк – деп, Манасты,
Аңдып жүрөт тууганы,
Артынан аңдып калып жүр
Эки күн элди жаткырып,
Не түрлүү даам таттырып,
Эртесинде этин тарттырып,
Отуз балбан күрөшүп,

Орто жерде сүрүшүп,
Ойноп жалпы күлүшүп,
Олтургузган балдардай
Тууганынын баарысы
Турбай жатыр бүрүшүп,
Көк бөрүнү тартышып,
Көп аңгеме артышып,
Акындар ырын айтышып,
Акылман сырын айтышып,
Көтүн кесип баарысын,
Көпчүлүк тарап кайтышып
Баш байгеге сайганы
Сексен жылкы, үч жүз кой
Маңгулдан келген тууганга
Манас берген бу бир той.
Экинчи атка сайылган
Элүү жылкы, токсон кой,
Өткүр Манас баатырдын
Өнөрүнө карап кой.
Эң аягына сайылган
Жети кара, жыйырма кой,
Тууганына кубанып,
Ат чабылган бу бир той.
Он үч атта байге бар,
Аты чыгып келгенге
Ошончолук байда бар.
Чаба турган сай күлүк
Санаты беш жүз толуптур,
Коконду көздөй айдатып,
Жийделинин боюнан
Коё бермек болуптур.
Аттарды айдап салыптыр,
Эртең менен айдаган,
Дигерге жакын болгондо
Чапкан ат келип калыптыр.
Чаң жетпеген Мааникер
Астына чыгып алыптыр.
Чаалыкпаган Аккула
Чаң илешпей барыптыр.
Көтүнөн келди Көгала,
Аркасынан Карткүрөң,
Айгай салды Ажыбай,
Айгай салып чоң сүрөөн.
Артынан жетип жакындап
Сарала жетти закымдап,
Сараланын артынан
Жанайдын аты Оркызыл,
Анын арка жагынан
Тагылыктын Туушасы,
Анын арка жагынан
Баймырзанын Сурчасы.
Анын арка жагынан
Токотойдун Торусу
Тогуз болуп киргени,
Көккоёндун Көккашка,
Көркү малдан бир башка,
Онунчу болуп барыптыр,
Он биринчи Карала,
Калкамандын Кара аты,
Сыргактын аты Көкказык,
Эти семиз чабылган,
Сендиректеп тер басып,
Суутпастан чаап ийиптир,
Акбалтанын Көктеке
Он үч болуп кириптир,
Байгесин бөлүп алышты,
Аты кирген олжо алып
Мактанышып калышты.
Той тарады, эл кетти,
Бая томаяктар канетти?
Шоодайы менен алышып,
Жыйырма беш күн, он беш күн
Жылып баспай калышып,
Калмактан келген кашайгыр,
Жыйылышып алышып,
Кара кыргыз эл экен,

Катырган ысык жер экен,
Атбай кыргыз эл экен,
Аңкаган ысык жер экең,
Отунун жаксак ышы жок,
Оңолбогон кандай жер
Орчун үч ай кышы жок.
Салкын шамал, баары жок,
Самсаалап түшкөн кары жок,
Жаз – деп келдик Алайга,
Күнгө күйдүк далайга,
Тогуз айга толуптур,
Жуушада жүргөнүбүзгө
Суук маалы болуптур.
Күнүнө баары күйөт – деп,
Күдөр үскөн салкындан
Күмүрөй болгон кыргыздар
Ысыкты кандай сүйөт – деп,
Карап бекер турбайлык,
Канкорунан сурайлык,
Калайыкты карчаган
Анткорунан сурайлык,
Каралашар эл барбы,
Какчыйтып кумга кактабай,
Биябан чөлдү сактабай,
Кар токтолор жер барбы,
Четтеп алып элини,
Жеткирсе кудай кезегин
Сындырарбыз белини,
Самап барып турабыз,
Тердетип ысык койбоду,
Салкыныраак жерини.
Аарчып жүрүп теримди,
Эки катар түшүрдүк
Этке бүткөн терини,
Салкын жерде биз өскөн,
Ысык урса соо койбойт
Тула бою, дениңди.
Акылдашып алганы,
Чогулуп жаткан жерине
Көзкаман көзүн салганы.
Баштагы аты бай Үсөн,
Балдарынын үстүнө
Басып кирип барганы.
Аксакалы Көкчөкөз,
Эр Манаска кылмакка
Айтып жүргөн канча сөз.
Экинчиси Агалдай,
Үчүнчүсү Чагалдай,
Айта берген сөздөрүн
Ачкан оозун жабалбай.
Арбалдай менен Дөрбөлдөй,
Бегалдай менен Токолдой,
Доңдун жети жолдошу,
Жуушадан келген колдошу
Жыйылган экен баарысы,
Көрүп, кирди үстүнө
Көзкамандай карысы,
Байкап көрсө баарынан
Көзкаман экен калысы.
«Дабырап балдар сүйлөйсүң,
Карып калган чагымда
Дагы кайда сүйрөйсүң?
Байкап көрсөм баарыңар
Жаман жүрөт мүнөзүң.
Башкы атаң Бабыр кан болгон,
Кан боло элек чагында
Тобой аттуу жан болгон.
Түтүнү толук сан болгон,
Түрмөктүү кыргыз кан болгон,
Кыругуз болгон атагы,
Кылымга тийген чатагы,
Жаарупанын жеринен
Жанып келген аскери
Галандия элинен.
Кыргыз алган кылымды,
Кыдырып өтүп Кырымды.

Ойротту баскан биздин даң,
Бабыркан бааша өткөн соң
Ордуна болгон Ногой кан.
Ногой жеткен жүз жашка,
Ойлоп турсам, балдарым,
Мүнөзүңөр бир башка,
Шыбырыңар кошулат
Шыгайдын уулу чырбашка.
Жапак экен атагы,
Жайын көрдүк Манастын,
Жанын жутар Жапактын
Өзүнүн кылган чатагы.
Акыл, балдар, сенде жок,
Алып келдим тууганга,
Арманыңар менде жок.
Атам Ногой өлгөнү,
Адылдык менен тута албай,
Элди Орозду бөлгөнү.
Ороздуга өтүп өкүмөт,
Эр Кыргыздын баласы
Эч жакшылык көрбөдү.
Элдин баары бириндеп,
Бет-бетинен жөнөдү.
Бузуктук кылып балдары,
Мурдарлыкта калганы.
Кыргыз тарап кеткен соң
Кытай бизди кармады.
Тундура жакын жерине,
Тоздуруп барып атаңды
Доңдун койгон элине,
Туулдуң балдар шо жерде
Жуушанын жеринде,
Кордукта жүрүп атаңар,
Жаңы келип турамын
Жураты кыргыз элине.
Жакын көрүп калмакты,
Атаңардын аксеми
Дагы бизден калбаптыр,
Илгери баскан кишиңди
Эзелтен кыргыз көрө албай,
Эми карап турдуңар
Эл жердеген жерине
Эсиңер ооп, көнө албай.
Атаңдан калган жер ушул,
Атагы кыргыз эл ушул,
Атаңардан насият
Угар болсоң кеп ушул.
Элин жүрсүң өгөйлөп;
Жерин жүрсүң өгөйлөп,
Атаңдын тилин үйрөн – деп,
Айтып жүрдүм көп ойлоп,
Байкабастан койдуңар,
Баштап түркко келгенде
Макоодон жаман болдуңар.
Да бир балаа баштоону
Ойлоп жүрөт оюңар,
Ойроттун баары Манаста,
Кимге ишене койдуңар.
Билдигин билбей катылсаң,
Бир жолу түшөр тоюңар,
Мурдарчылык иш ойлоп,
Бузуктуу балдар жоюңар,
Бузулушпай Манаска,
Мында баштап келдиң – деп,
Мурда мени союңар!
Карадан эмес, кан элек,
Калк баштаган жан элек,
Кара кыргыз уругу
Как ушу жерде турганда
Бир кишиче бар элек.
Бекер эмес, бек элек,
Бээжиндеги кытайды
Бендеби ушу дээр элек.
Кан Ногойдун балдарын
Каапыр бөлүп таратты,
Кытай түгүл ар жакка,

Журт колунан чыккан соң,
Жуушадагы бадырек
Доңдун көзүн каратты.
Жакыпты жана алыптыр,
Алтайдагы Желең-Суу,
Кынганга коюп салыптыр.
Атагы Кынган, өзү тоо,
Кытайдын журту бизге жоо.
Түркстан толгон түрк – деп,
Түрк уулу кылар бир балаа
Түп Бээжинге сүрүп – деп.
Уругу кыргыз түрктүр,
Атап жерин Нааман – деп,
Атпай кыргыз уругун
Адаштырмак нак үчүн
Алтайга көбүн сүрүптүр.
Кыргыз-калсак уругу,
Өлгөн соң Ногой улугу
Алтайда болуп туругу,
Айрыла албай маңгулдан
Али да далай калыптыр,
Алтайда жүргөн Жакыпка
Аты Манас баланы
Алла берип салыптыр.
Арбак урган кытайдан
Айырып элин алыптыр,
Абалдан иши оң эмес
Ороздунун балдарын
Ойрондоп кырып салыптыр.
Ногойдон чыккан бир бала
Оюна алып жамандык
Аксакалы Көкчөкөз,
Аяк жагы Токолдой
Асылганы калыптыр,
Абирей деген бир неме
Артыкча күүлөп салыптыр..
Өлтүргүдөй Манасты,
Өрттөгүдөй алачты
Жамандык иши кайсы?
Жалпы менин балдарым
Ага жаман ойлонгон
Акылынын тайызы.
Жолуккан жерде жолуңа
Үч жүз жылкы сурчаны,
Баары семиз туучаны
Берип кетти колуңа.
Арада жүрүп нече күн
Акыры келдик Алайга,
Арбагыңды чыгарып,
Ат чаптырды далайга,
Алачык үйүңдү өрттөтүп,
Киргизди аппак сарайга.
Келгенде Манас не иш кылды,
Жамынганың киш кылды,
Итчилик балдар ойлобо,
Ит аягың мис кылды.
Үйүңдүн жабуу ак манат,
Урматтап кылды куп санат.
Таңда күнү бир душман
Такашкан жерде айтпайбы
Кыргыз атаң түрүк – деп,
Кеспей койсо шоодайың
Кытайдан келген бүрүк – деп,
Калжырап өкүм сүйлөйсүң
Каапыр бойдон жүрүп – деп,
Аны ойлоп кести көтүңдү,
Ачмакка журтка бетиңди,
Акылым алсаң коюңар
Андай жаман нээтиңди.
Жуушадан көчтүң баарың жөө,
Катыны берди жүз үч мал,
Каркырадай ону төө,
Катылбаңар тил алсаң,
Манас деген бу бир дөө!
Жамандык кылган жайы жок,
Жаанга түшкөн кызыл чок,

Өчөшкөн жерин өрттөгөн,
Өнөрүн көрүп турабыз
Өмөлүп душман өтпөгөн,
Жаткан жерин жандырган,
Козгогон жерин кок кылган,
Жоолашкан жерин жок кылган.
Келгениң милдет кыласың,
Кебиңдин айтсак ырасын
Келинге кете кийгизди,
Керегин бизге тийгизди.
Кемирейген отооңдон
Кең сарай үйгө киргизди.
Кызыңа кызыл кийгизди,
Кызматын бизге тийгизди,
Кысылган кызганыч үйүңдөн
Кыйла кең үйгө киргизди,
Жүргөнүңдүн баарына,
Жүдөп келген жаныңа
Жүздүктөй жорго мингизди,
Жүдөгөн үркөнчөгүңөн
Жүрүңөр – деп, чыгарып,
Жүз баштуу үйгө киргизди.
Жүдөгөн экен туугандан,
Сагынганын билгизди,
Саралатып баарыңа
Сарпайы тондон кийгизди.
Жакшы экен келин Каныкей,
Сарамжалын билгизди,
Салтанат кылып тууган – деп,
Жакшылыгын тийгизди.
Абдырасын ачтырды,
Садага кылып баарыңа
Ак теңгесин чачтырды.
Айтканың балдар кээ кылат,
Арзып келген тууганым
Андан артык не кылат!
Түгөнгөн жерге барыпмын,
Сүйлөбөй жүрүп нече жыл,
Түркү тилдин көбүнү
Мен да унутуп калыпмын.
Атаң кыргыз – деп, айтсам,
Азар түмөн кеп айтсам,
Аңдабай жүрүп балдарым
Адаштырдың тилимен.
Алган экен кабарын
Ак ыслам дининен.
Мажусу динде турганда
Бардым эле Доңгого,
Байкап эми карасам
Баштагы жолу калыптыр,
Баштаганы бу Манас,
Башка динге салыптыр.
Баракелде өнөрүң,
Баарың билип, көрдүңөр
Жандын баары өлөрүн.
Кыямат кыйын жайда – деп,
Кыйылбас жан кайда – деп,
Кылым кыргыз журтуна
Болор бекен байда – деп,
Кылыптыр элди мусулман
Кымындай жанга айла – деп,
Акырет камын кылыптыр,
Асылган жоосун кырыптыр,
Азыр келип Нааманга
Аманат жаны тыныптыр.
Кыямат камын кылыптыр,
Кытайды кыйла кырыптыр,
Кыргыздын баарын башкарып,
Кыябы менен тыныптыр.
Тоюңа сойду бир жүз бээ,
Айткан сөзүң баары кээ,
Өлтүрсөк – деп, жүргөнчө
Өзүңөргө бакканда
Өлө көрбө Манас де.
Алынган кыргыз баласын,
Ар түрлүү жан жай алган

Асман-жердин арасын,
Атаңды билбей, Доңдо өсүп,
Көрө албай кыргыз карасын,
Арбагы чыгып, эл көрдүк
Арстандай Манастын.
Ак байгамбар күтүптүр
Алланын айткан жарлыгын,
Анык билгин, балдарым,
Акыреттин барлыгын.
Кирпигиң бар көзүңдө,
Жараткан кудай кошо бар
Аралашып өзүңдө.
Коркуңар, балдар, кудайдан,
Кол тартыңар мындайдан,
Кокус болор бир күнү
Компоңдогон курган жан.
Ырас жаман көрсөңөр,
Ызгаарлуу жерге көнсөңөр,
Ысыктуу жерде турганга
Ынабасаң, балдарым,
Ырыскы дөөлөт бардарың,
Орто Азия, Түркстан
Ойлогондун баары бар,
Орчун баары жалпы эмес,
Ойбут-ойбут кары бар
Оюн-тоосун чалыңар,
Орун болор бир жерди
Оолактап четтен табыңар,
Манаска кастык кылышты
Ойлонбоңор баарыңар,
Ортоңордо мен турам
Ойрон болгон карыңар.
Болушат десең Манаска
Мени өлтүрүп салыңар,
Салышып жүрүп канкорго
Сап болуп тынар жаныңар».
Бул сөздү айтып салганы,
Атасынын мүнөзүн,
Ал сөздү айтып сүйлөшүн
Көкчөкөзү билиптир,
Атаңар сөзү акыл – деп,
Көзүн кысып, күлүптүр.
Арбалдай менен Дөрбөлдөй
Атасы менен урушуп,
Абыдан жаман бүлүптүр.
Калмактын сөзүн карап бак:
«Сендей карыган дөбөттөр
Ар кайсы жерде үрүп жүр.
Эрте жок биздин атабыз,
Жыргатып койгон иниңди
Айрып алмак болдуң го,
Жылас кылганы жатабыз.
Кол көтөрсөм батам тең,
Компоңдосо канкорго
Кол тартпаймын, атам тең,
Коркуп жаның калбаса,
Көчүп барып канкорго
Коңшу болуп алгын сен,
Жанадил кан кылса да
Жан аябайм мындан мен».
Бул сөздү айтып Арбалдай
Буркан-шаркан сүйлөндү,
Бул сөзүн угуп Көкчөкөз
Мурункудан күүлөндү.
Көзкаман кары кеп айтат:
«Көрөрмүн балдар – деп, айтат.
Өлтүрбөй туруп Манасын,
Булдурабай, тил тактап,
Окуп, билип алыңар
Мусулмандын намазын,
Бу бойдон өлүп кетсеңер
Мурдар бойдон барасың.
Манаска карайт көпчүлүк,
Багынган экен көп түрүк,
Байкасам салган жүрөсүң
Башыма менин көп түлүк.

Ыраактагысын төрөм – деп,
Жакындагысын көрөм – деп,
Билгениң кылгын көөнүң – деп,
Бир кудаанын жазганын
Кайда болсо көрдүм» – деп,
Балдарына таарынып,
Балакет мындан табылды,
Басып кетти Көзкаман,
Манаска айтып койчудай
Байкаса бейли эң жаман.
«Тайдыратминтип күчтөн – деп,
Балакет чыкты ичтен – деп,
Айтпай-дебей сырыңды,
Ичиңерден тиштен» – деп,
Көкчөкөз аны сүйлөдү,
Азыркысын бай Үсөн
Балдардын ишин сүйбөдү.
Көзкаман чыгып кеткенин
Дагы көргүн неткенин,
Нак ушундан билиңер
Акка ишин салгандар
Талабына жеткенин.
Көкчөкөз баатыр күүлөнүп,
Көбүрдү кыйла сүйлөнүп:
«Казандан чыккан какмакты,
Карыганда көрбөдүм
Как Үсөндөй акмакты.
Өлтүргөн киши Манасты
Өз эркине койчубу
Өөдө-төмөнкү алашты.
Өлтүрсө Манас кыргычты
Өз билгенин кылбайбы
Өзүбек менен кыргызды.
Өкүм ээси болбойбу,
Өрттөнүп кеткен абыгый
Өзүн өзү кордойбу».
Чагалдайга сүйлөндү:
«Манаска тартып айтканда
Өрттөнүп кеткен куу чалды
Өлтүрүп ийсең болбойбу.
Уругу кыргыз улуу журт,
Акешеден бери жакка
Алтын айчык туулуу журт.
Кылымга толгон кыргызды
Кытайдан алып келиппи,
Кыргыз болуп берем – деп,
Кытайдын баары эриппи,
Кызыталак канкордун
Энеси тууп бериппи?!
Казак, кыргыз канча журт,
Каңгайдан алып келиппи,
Казак болуп берем – деп,
Каңгайдын баары эриппи,
Калк түгөткөн канкордун
Катыны тууп бериппи?!
Атагы Нааман, жери кең,
Атабыз өткөн Түркстан,
Кырдагы Угуз балдары
Баарыбызга бирдей тең.
Өкүмөт өтсө колуңа
Өңкөй Угуз балдары
Өмөлөр эле соңуңа,
Өзүнө келген жакшылык
Өзгөгө ырап олтурса
Өлүп кандай бербейсиң
Атаңардын колуна!»
Ал сөздү айтып Көкчөкөз,
Ага-иниси бул сөзүн
Угуп турду көзмө-көз.
Эр Көкчөкөз кеп айтат:
«Инилерим – деп, айтат.
Арбагы бийик Алтайдан
Артыла жакшы кең жайдан,
Кыргыздын иши кызык да,
Канкор баштап не келди
Какшыган каран ысыкка?

Күймөлүшпөй буларга,
Күйүп жүрбөй Букарга,
Кокуйлап жүрбөй Коконго,
Мал откоруп келем – деп,
Чыгамын – деп, оторго,
Барган болуп ошого,
Манасына барайын,
Байкап сөзүн карайын,
Кең Анжыян жай болду,
Келгеним он бир ай болду.
Кедей келген агаңыз
Кең дөөлөттүү бай болду,
Келин-кыздын кийгени
Кете тон менен шай болду.
Кошомат кылып Манаска,
Көп сөз айтып салайын,
Көйрөң неме көрүнөт,
Жер өлчөөсүн алайын.
Күйүп өлбөй Коконго,
Салкынырак Ала-Тоо
Жайлуу жерин алайын.
Манас болсун элге бай,
Жер табайын малга жай,
Жеткирсе теңир кезегин
Көтөрүлгөн канкордун
Көкөң табар эсебин,
Көкөңдүн ою бир далай».
Көкчөкөз көөнү кандыкта,
Манастын көөнү алардын –
Барча тууган журтунун
Башында дөөлөт барлыкта,
Баш күнүнөн иши жок
Бакырчылык, тарлыкка.
Бала экенден иши жок
Катын, кызга катылып,
Катышпаган карылыкка.
Айкожого кезигип,
Напсиси өлүп кесилип,
Алалдатып колуну,
Азирет султан ат берип,
Абунасыр замани
Ачкан экен жолуну.
Асылганы Көкчөкөз
Арстан эрдин оруну,
Арстан Манас эр үчүн
Ак көгүчкөн тир байлап,
Ар жерге жайып торуну,
Жакшылык болуп жамандык,
Мындан артык болобу
Дүнүйөнүн сонуну,
Көкчөкөздүн көңүлү
Кийсем – деп, Манас тонуну.
Калкын бийлеп калсам – деп,
Каныкейин алсам – деп,
Каралды жок жалгызды
Капилет союп салсам – деп,
Кара кыргыз журтуна
Кан болуп өзүм калсам – деп,
Көкчөкөздүн ою жүр,
Көкжал Манас баатырың
Көп тууганым келди – деп,
Көңүлү жыргап тоюп жүр.
Бай Үсөн атын жоюптур,
Бадирек кытай каапыр журт
Көзкаман атка коюптур.
Көзкаман атын жоёюн,
Кан Үсөн атка коёюн.
Манас аны самап жүр,
Өлтүрмөккө Манасты
Аңдып күтүп алар жүр.
Бадышалык кандыкка
Аларды Манас баалап жүр,
Алты иниси ыктуу – деп,
Ар иштин чыгар үдөөнө
Көкчөкөз экен мыкты – деп,
Абалда азган алаштан,

Он беш жаш улуу Манастан,
Ар кандай ишке жараар – деп,
Көөнүндө Манас жараткан.
Көсөмү Бакай кеп айткан,
Манас мактай бергенде
Көрөрбүз артын – деп, айткан,
Билбесе Бакай нени айткан.
Манас ойлоп көөнүндө
Өзү жакшы болууну,
Өлчөдү Бакай – деп, айткан.
Баштагыдан калган сөз,
Бармак болуп Манаска
Ат токутту Көкчөкөз.
Коржоңбоз атты миниптир,
Коржоюп жолго кириптир.
Жети үйүнүн бүрөөбү
Чебекшоо кошо жүргөнү.
Арасы алыс шашкелик,
Аз бастырып, көп желип,
Жаздын алды баардан
Көчүп чыгып шаардан,
Кыраңдан жылкы айдатып,
Кысырак бээден байлатып,
Ачытып болуп кымызын,
Акыр түбү көрөрсүң
Арамдардын кылышын,
Көкчөкөз барып калыптыр,
Көй кашкалар жүгүрүп
Көкөндүн атын алыптыр.
Салам берип, ордунан
Улук төрө эр Манас
Учуп тура калыптыр.
Уятынан Каныкей
Аюу талпак салыптыр.
Абакелеп жүгүрүп,
Арстан Манас өз башы
Кызмат кылып калыптыр.
Жанган отко чай коюп,
Коногуна тай союп,
Аш-тамагын жай коюп,
Кожо көрсө турбаган,
Туруууга моюн сунбаган,
Олуя келсе турбаган,
Орунунан туруууга
Оболдон моюн сунбаган,
Урматтуу улук дебеген,
Баашага салам бербеген,
Изат кылып тууганын,
Көп адамдар таң калды
Кол куушуруп турганын.
Коркот экен менден – деп,
Компоюптур ичинде
Көкчөкөз деген урганың,
Көрөрсүң кийин көй кашка
Көңүлүн шайтан бурганын.
Тамагын жеп, жайланып,
Суусунун ичип, чайланып,
Кайтарында кеп сурап:
Кайда турам? – деп, сурап,
«Биздин жүргөн жерибиз,
Билими артык элибиз
Кар жатчу эле сегиз ай,
Бир айы күз, бир ай жаз,
Болуучу эле эки ай жай.
Жүрдүк доңдун калкында,
Күйбөй-бышпай салкында.
Бир жарым ай кыш көрдүк,
Кышы дагы кыйла ысык,
Жаз катары иш көрдүк.
Быягыңдын баарысын
Тыш көрбөдүк, ич көрдүк.
Көнө албадык какталып,
Салкынырак жер барбы,
Көрсөмбү – дейм, аттанып.
Суукта өскөн ага-иниң,
Жаңы таптык ак динин,

Салкынырaак жер барбы
Мал багуучу эл барбы,
Жер көрө элек биздерге
Башчы болор эр барбы?
Тунук аккан суу барбы,
Тулаңы кабат жер барбы?
Былтыр өткөн жазында
Жайлап көрдүм Алайды,
Алайың андан дагы ысык,
Анжыян тоосу баары ысык,
Алайдан көрдүк далайды.
Азиреттин Кара-Тоо,
Андан чыгып карасам
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Томуктай болгон тоо көрбөйм,
Кашыктай болгон кар көрбөйм,
Какшыган чөл-биябан,
Карап турсам чубаган
Кара аркар түштү кыядан,
Аба менен баркылдап
Ак шуңкар учту уядан.
Чөбү сана, жери ысык,
Турар эмес эч адам
Жай күнүндө жай алып
Улуу тоого таянып.
Мал өсүүчү жери жок,
Абайдан арбып өнбөсө,
Андан бөлөк жеринин
Мал туруууга эби жок.
Төөдөн болсо нар болсо,
Кышында койдон бар болсо,
Түк туруучу жери жок,
Жылкы деген мал болсо.
Уйга жакшы, койго ысык,
Жуушадан келген биздерди
Койду жандан тойгузуп.
Иним сизге эп болсо,
Салкын жер таап берер – деп,
Биз айткан жакшы кеп болсо».
Көкчөкөз айтып салганы,
Макул экен бу сөз – деп,
Баатыр кабыл алганы.
Жануп жакта калча бар,
Жайкы ысыгы канча бар.
Улуу-Чат, Кызыл, Мыргаптыр,
Ысыктан күйүп кургаптыр.
Эс токтолгон акылдуу
Билимдүүлөр келсин – деп,
Эл бийлеген өкүмөт
Илимдүүлөр келсин – деп,
Абам келген Көкчөкөз
Жер жакшысын берсин – деп,
Жети желдет чаптырды,
Жээк-жергесин чакырды.
Кырк баатырдын баарысын
Кыргыл, Бакай карысын,
Алмамбет арстан калысын,
Көкөтөй баштап каныны,
Баймырза, Жанай баарыны,
Бай Жакып баштап карыны.
Бир жумадан, бир жума
Журтун жыйып жупжуда,
Баарына Манас кеп айтат.
Байкагыла – деп, айтат:
«Малдуулар барсын Алайга,
Байкап турсам Баргана
Жеткирбейт экен жер-суусу
Дүнүйөдө далайга.
Жылкыга Ысар жакшы – дейт,
Барар болсоң Ысарга
Башка малдан какшы – дейт.
Төөсүн чымын урат – деп,
Айланасы баары чөл,
Күйүп-жанып турат – деп,
Алтайдан келген бу кыргыз,

Аталары жүрсө да
Өзүлөрү көнбөгөн,
Салкында өскөн куу кыргыз
Баштаган менен бара албас,
Барган менен кыргыздар
Баштагы жойго сала албас,
Ар жердеги жайлоодон
Алай да кийин кала албас.
Тундура жакын жеринен,
Доңдун келген элинен
Жуушадан келген абабыз,
Үсөн бай жердеп туруугa
Суук жерди кайдан табабыз?
Менин да турган өзүм бар,
Көбүңө айтар сөзүм бар,
Алмамбетти издеп жол тосуп,
Арстан эрге жолгошуп,
Көрүп келген көзүм бар,
Абалкы аты Абаң суу,
Оюмда жүрөт журтум бу.
Тоо түгөнүп, уч болгон,
Жогору жагы кууш болгон,
Бетегеси, тулаңы,
Мелмилдеп аккан булагы,
Ийсең менен Жуушаңы,
Издечү жер бу дагы,
Ирим-ирим булагы.
Камышы асман тиреген,
Кайыбы чөбүн жиреген,
Талкалап келдик келгенде
Оргонун чыгып ойрону,
Оруну калды-коргону.
Алып Акунбешимди,
Атышып жатып бел байлап
Абыдан кылды кесирди,
Аламүдүн жаң-жуңу
Ааламды бузуп даң-дуңу.
Соолтуп келдиң далайды,
Союп өттүң урушуп,
Сокулук аттуу калдайды.
Мерки шаа, Тулусту,
Кетеликке камалып,
Беш күнү араң урушту.
Аштым-Маран деген жер,
Бир тилинде маңгулдун
Маралдын атын маран дээр.
Чымыгентти, Сайрамды,
Чырга салдың далайды.
Баштагы аты Санам-Суу,
Көкөтөй абам келген соң
Сайрадык – деп, кыргыздар,
Сайрам аты мына бу.
Кара кыргыз уругу
Как ошондой кылганы
Кадыр Алла буйругу,
Ташкендеги Панус кан
Алоокенин куйругу.
Абаң-Суунун ой-тоого
Кыргыз колу жайылды,
Урушуп жатып он үч күн
Панустун колу сайылды.
Баарың көрдүң көзмө-көз,
Түркү башы деген сөз,
Тили келбей түркү дээр,
Тили сакоо түлкү дээр.
Көкөтөй Ташкен ээси,
Көп ысыкты сүйбөгөн
Көкчөкөз абаң мүнөзү.
Ар жак менен бери жагын
Эми ушу жерден аттансам
Ара күндүк жер экен,
Бешим болгон чагында
Араниктин бели экен,
Атагын Чаткал дээр экен.
Ары жагы Абаң-Суу,
Араниктин түн жагы,

Аңдасаңар сөзүм бу,
Көтөлөк деген жер экен,
Көтөлөктү бийлеген
Тулус жаң-жуң эр экен.
Өлгөндөн кийин Тулусу
Качып кетип калмагы,
Калыптыр ээн мунусу.
Асты жагым Араник,
Ары жагым Абаң-Суу,
Ошо жерге барсам – деп,
Азыркы оюм мына бу.
Каар салдык Тулуска,
Көңүлүм менин көп тартат
Көтөлөк барып турушка.
Көтөлөк атын жойсом – деп,
Тулус турган жер үчүн
Тулус атка койсом – деп,
Билгендер айтар Тулус» – деп,
Бир кыйла журт сүйлөдү
Бу сөзүң, баатыр, дурус – деп,
Күлүп, Манас айтат кеп:
Мусулманга, каапырга
Мурунтан бу жер талаш – деп,
Тулус тилге буруу го,
Атагы болор Талас – деп,
Акыр заман журту айтар
Таластан өттү Манас – деп.
Кайдан билсин калган эл
Алтайда бизди тууганын,
Азып-тозуп кыргыздар
Арасына маңгулдун
Ар кайда барып турганын.
Орто Азия, Түркстан
Оболкулар турганын,
Оюна койбой Манасы
Ойду көздөй кууганын.
Кокон менен Букарды,
Койбой алып буларды,
Эзет менен Кумшайдан,
Эскиден койбой душманды
Элирте кууп бу жайдан,
Кудуреттин берүүнчө
Кураган болдук кыргызды.
Баш коштуруп кудайым
Барганага тургузду,
Ага-ини сага эп болсо
Көбүрөөк самайт көңүлүм
Көтөлөккө турушту».
Бу сөздү айтып салганы,
Четиге деген калмак чал,
Мусулман болуп алган ал,
Ашарсууга кошулуп
Ыйман таап калган чал.
Четелик шондо кеп айтат:
«Аярлыгыңбар беле,
Анык таптыңжериңди.
Жер сонуну ушу бар,
Жеткен актан бир амыр,
Күн чыгышы Суусамыр,
Сам деген анык калмак тил,
Тунук деген сөзүн бил.
Суусу тунук, чөбү күр,
Жер бүткөндө бу бир дүр.
Карагай, талы, кайыңы,
Канча миң түтүн жан кирсе
Чыгар эмес дайыны.
Бир жагында Араник,
Бир жагында Абан-Суу,
Абалдан жакшы жерлер бу.
Күн батышы тарабың Күркүрөө,
Чыйырчык, чоң Ташкен,
Күлдү кыргыз чогулдуң
Батына албас эч башка эл».
Ал сөздү айтып салганы,
Бармак болуп Тулуска
Баатыр макул алганы.

Азар датка деген бар,
Кайып даңдын элинен
Канкорго туруп калганы,
Азар датка кеп айтат:
«Арстан жезде – деп, айтат,
Ага-иниңди жыйнадың,
Жерде салкын барбы – деп,
Көрбөгөн элди кыйнадың,
Көргөнүмдү айтууга
Көңүлүмө жыйнадым.
Көзкаман экен абаңыз,
Көкчөкөз экен агаңыз,
Көлдүн жануп жагында
Көп жерлер анда бар экен,
Көңүлгө алып караңыз.
Күн жагына карасак
Таштуу бийик тоосу бар,
Тар капчыгай коосу бар,
Аксы менен Турпан бар,
Турпан, Кашкар арасын
Адыр басып турган бар.
Турпан башы Үч-Сууга
Турса кантет туугандар.
Саяң-Жайлак, Үч-Сууга,
Жакшы көрсө салкынды
Самаса барсын ушуга.
Ар тараптын баарына,
Эл бай менен шаарына
Ыраагынан кеп айткан,
Жылдыз экен – деп, айткан.
Башы Жылдыз, Ала-Тоо,
Баштагы аты Тянь-Шань,
Адамдан бери муз эрип,
Кетпей жаткан кары бар,
Кең жайлоонун баары бар.
Оп тартпаса дем эмес,
Ошол айткан Жуушадан
Кардуу тоосу кем эмес.
Как ошо жерге барбайбы,
Каалаган болсо салкынды,
Капаланса ысыктан
Кадырлуу жерин албайбы.
Анжыян, Кашкар күндүк жол,
Ала-Тоонун суугу мол.
Түн жакта Кер-Көл көлү бар,
Жанубунда Кер-Көлдүн
Дүнүйөнүн көбү бар.
Түрлүү кие чөбү бар,
Кар түшкөндө кычыраар
Карлуу жердин көбү бар.
Анжыян, Кашкар арасы,
Аягынан кааласа
Араниктин талаасы,
Аяктан барып жай тапса
Жаңы келген туугандын
Басылгандай санаасы.
Ланги-Төбө, Суңшоону,
Ырастап көрдүк ошону,
Бойгут менен Кочкорду,
Салкын жерди самаса
Болжоп турам ошону».
Азар датка муну айтты,
Ал турган элди кубантты,
Акылын таап, куп айтты.
Сан жыйындын баары бар,
Алтайдын жануп жагында
Санжы деген шаары бар,
Санжынын беги – деп, койгон
Өз аты бар калмакча,
Санжибегим – деп, койгон,
Күлүше деген жер экен,
Ал жерди жердеп турганы
Күлдү маңгул эл экен,
Күлүше деген ал жери
Алайга жакын неме экен.
Каалаган барсын акыр – деп,

Как ошонун уругун
Карамуңкуш дээр экен.
Санжибек туруп ордунан,
Сан жыйынга кеп айтат:
«Сай төрөлөр – деп, айтат.
Аралаштык башынан
Атагы кыргыз элине,
Алынып алдым жерине,
Барбасам – деп, аркага»,
Баянын айтып салганы,
Артылта кылган дыйкандык
Аянын айтып салганы.
«Мал откоргон баргын – деп,
Мага десең кырк уруу
Баарың мында калгын – деп,
Кээде жайлап Алайды,
Кесир болуп кетпесе,
Кенелтермин далайды,
Кээде жайлап Абаңды,
Кадыр Алла кудурет
Жаңылтпаса тобомду,
Барам деген барсын – деп,
Баш тартканы калсын» – деп,
Манас айтып салганы.
Көпчүлүктүн баарысы,
Көкөтөй баштап карысы,
Жалпы журттун баарысы
Бата кылып алганы,
Баянын угуп Көкчөкөз
Жымырайып калганы.
Алган болсом жай кылып
Анжиян, Кашкар арасын,
Атырылган канкордун
Табармын – деп, дабасын.
Жан сактоонун кезеги,
Жалпы журт эми тарасын.
Бул сөздү айтып салганы,
Жыйылып келген кыргыздын
Жыйыны тарап калганы.
Карсылдап күлүп кан Манас,
Жай таптык – деп, абама,
Кайтып үйгө барганы.
Каныкей менен Карабөрк
Олтурган экен сүйлөшүп,
Оёнго көзүн салганы,
Оңуп келди эриң – деп,
Карабөрк айтып калганы.
Карап көрсө Каныкей
Манас басып буралып,
Барсылдап күлүп кубанып,
Басып келет үй жакка.
Катарлашып Карабөрк
Аягы менен тик турду
Ашкана тарткан чий жакка
Кирди баатыр үйүнө,
Үйгө кирди сүйүнө,
Карабөрктү катын – деп,
Каныкейдин үйүнө
Кантип кирдиң, каапыр? – деп,
Каныкей деген сиңдиң – деп,
Кай мекээрин билдиң – деп,
Турганын көрүп жанаша
Манас айтты тамаша.
Каныкей анда кеп айтат:
«Кабагыңжаман жарылып,
Каалаганыңтабылып,
Тапкандай конуш абаңа,
Кыл өткөрбөй араңа,
Кадырладың абаңды,
Абаң бышаар сабаңды,
Кадырлабай койбодуң
Калмактан келген адамды,
Кашкулак жеген арамды.
Ызаттайсың абаңды,
Ырысы качкан адамды,
Тарбыгын – деп, талашып,

Суур жеген арамды.
Каапыр да болсо кандуу журт,
Камсыкпасаң кебимди ук.
Кытай да болсо кылым журт,
Кыйыктанбай кебимди ук.
Эсен кандын тыңчысы,
Эмки келген агаңды
Не деген экен сынчысы?
Атын койгон Көзкаман,
Аңдасам түрү эң жаман.
Уулунун аты Көкчөкөз,
Укумда барбы мындай сөз?
Тууганым – деп, ойлоорсуң,
Тушунда келип бир калсаң
Туура ошонун колунан
Душмандан мурун сойлоорсуң,
төрөм!
Каралдым – деп, ойлоорсуң,
Капысына бир келсең
Как ошонун колунан
Каапырдан мурун сойлоорсуң,
төрөм!»
Каныкей сүйлөп салганы,
Карабөрк сөзүн алганы:
Санирабийга сен– деди,
Эр айтат катын душман – деп,
Жайына коё бер – деди,
Тууганын айтып душман – деп,
Не кыласың сен – деди,
Эркине коё бер – деди,
Эркелетпей койгун – деп,
Нечен айттым мен – деди,
Таңшыган менен пайда жок,
Андан жакын болбойсуң
Ар канча кылсаң сен» – деди.
Карабөрк аны айтканы,
Үйүн көздөй Карабөрк
Кайрылбастан кайтканы.
Катындарын урмакка
Калды эле келип шайтаны.
Кайпаң уруп Каныкей:
«Капаланба, канкорум,
Катындын айткан сөзүнө,
Кайрылар тууган өзүңө,
Калмак кийим боруму
Катындарың биз эмес,
Калайыктын баарына
Көрүнгөн жаман көзүнө,
Көркүн оңдоп койгон соң
Көңүлү тынган өзүңө.
Улуктар капа болчу эмес
Ургаачынын сөзүнө!»
Бул сөздү айтып бөйпөңдөп,
Кошомат кылып сөйкөнүп,
Коргошундай көйкөлүп,
Тегеренип барадай,
Эркелетип баладай,
Андайга Каныш тасыптыр,
Ачуусун араң жазыптыр,
Ургаачы жакшы болгону
Эр жигитке насыптыр.
Акылайда кезеги,
Арамдардан табылар
Арстан эрдин эсеби,
Жат өскөндү жакын – деп,
Ойлобоңор эзели.
Карап тургун, канкорго
Катындардын бир кезде
Келип калар кезеги.
Азиреттин Кара-Тоо,
Азыркысын Манасың
Турган экен нак ошоо.
Жийделүү суунун кашы экен,
Самаркандын башы экен,
Көп адамы ал жерге
Коргон уруп, там кылды,

Көк жал төрөң Таласка
Көчмөк үчүн кам кылды.
Эски түрк кандай жүрүшүн
Эгем Таала буюрса
Эсиңе салам баарыңды.
Эл ичинде байлары
Ээрчип кошо көчмөккө
Эгизден атын байлады,
Не байлар көңүл жайлады,
Кенелди – деп, жерибиз
Кедейлер аштык айдады.
Балкый турган кез болуп
Байлардын чыкты айраны.
Кыйладан бери аттанбай
Кырк баатыр жатып калганы.
Кара-Тоодон кетмекке
Каалады Манас Таласты,
Качанга карап жүрөбүз
Аттангын – деп, Манасты?
Жетиген батыш жагында
Жерин болжоп алалы,
Жаарупанын жери – дейт,
Жайнаган каапыр эли – дейт,
Көп барбайлык, аз барып,
Күн батыштын шымалы,
Күлдү баатыр аттанып,
Аз эл болсо чабарбыз,
Анча-мынча олжону
Кудай берсе табарбыз.
Манас калды бейкабар,
Башчысы Бакай кары бар,
Баатырлардын баары бар,
Кытмыры Кыргыл дагы бар,
Кыйындардын баары бар.
Олжого орток болот – деп,
Ойротко кабар салбады,
Ногой кандын элинен
Орчун аскер албады,
Төрөсүн таштап төрт жүз кол
Аш бышырып, ат багар
Атагы жок балдарды
Алар жолдош алганы.
Көчкөнү жаткан Көзкаман
Кулагы муну чалганы.
«Аттанат экен баатырлар,
Агаңар Бакай башы бар.
Аттанууга калыптыр
Кыргызда кыйла жакшылар.

## МАНАС БААТЫРДЫН САМАРКАН ЖЕРИНДЕ БОЛГОН АЗИРЕТТИН КАРА ТООСУ МЕНЕН АЛАЙ ЖАЙЛООСУНАН КӨЧҮП, БАШ ЖАГЫ АЛТАЙ ТООНУН АЯГЫНАН БАШТАЛЫП, АЯГЫ АРАЛ-КӨЛ, ШЫМАЛ ЖАГЫ ЭРТИШ, ИЛЕ, ЫСЫК-КӨЛ, ЧҮЙ, ТАЛАС ЖЕРЛЕРИНЕ ӨЗҮНӨ КАРАШТУУ БОЛГОН ЭЛДЕРИН ӨЗ ЫКТЫЯРЛАРЫ МЕНЕН ОШОЛ АРАДА БОЛГОН ЖЕРЛЕРДИ ЭРКИН ЖЕРДЕТҮҮГӨ КӨЧҮРҮП АЛЫП КЕЛИП, ТАЛАСТЫ ЖЕР ОРТОСУ – ДЕП, ОРДО КЫЛГАНЫ. ОШОЛ ЖЫЙЫНДА БАЙЖИГИТ БААТЫР ТОЙ БЕРИП, КАЙТА АЛТАЙГА КӨЧҮҮГӨ ЖУРТТАН УРУКСАТ АЛЫП, ТОЙ БЕРГЕНИ, ТОЙ ҮСТҮНДӨ ШЫГАЙДЫН УУЛУ ЖАПАК ЧАТАК ЧЫГАРЫП, МАНАСКА КАСТЫК КЫЛЫП, АНЫ МАНАС ӨЛТҮРТКӨНҮ

Айта берсек бу сөздү
Дайын болор ар ата,
Бир миң кырк жыл болуптур
Андан бери карата,
Калет көрсө сөкпөсүн
Жетик билген караса.
Казак, кыргыз уругу,
Кабылан Манас улугу.
Бабасы Бабыр, Ногой кан,
Баштагынын дастаны
Манас деген бу бир жан,
Кара кыргыз нуркуна
Калк башкарган улук кан,
Алардын кылган ишине
Айткан өзүм болом таң.
Алтайдан көчүп Баргана
Кара кыргыз барганда
Аягы Ысар, Көлөптө,
Башы Жазык, Жөлөктө,
Кундуз, Талкан кыргызда
Кубайыс, Дөбөт чөлүндө,
Жануп жагы кыргыздын
Ымалайдын белинде,
Котон, Капал, Жазийра,
Алган жери бир кыйла,
Каптаган кыргыз канчаны,
Каратып алган калчаны,
Ойдон алып Оогандлы,
Ошо күндө кыргыздан
Орус кайда соо калды,
Кыңк эттирбей караткан
Кыйба менен Ооганды,
Кырда жатып көпсүнүп,
Кытай кайда соо калды.
Басып алды бараңды,
Маңгыттын журту тарады,
Малга жайлуу Наамандан
Бар бекен – деп, эр Манас
Баштан-аяк карады.
Алтайда өскөн көп кыргыз
Келип Кер-Көл көлүнө
Кыш кылайып муздабай,
Көрүнгөн ысык көбүнө,
Ысык-Көлдү ысык – деп,

Кыргыздан чыгар кызык кеп,
Анжиянга барыптыр,
Аңкап-чаңкап кыргыздар,
Ала-Тоого талашып,
Алайдан түшпөй калыптыр,
Аңдап көрүп, элине
Арстан эр көзүн салыптыр,
Абансуу менен Таласты
Оюна Манас алыптыр.
Казаттан келип баатыры
Алты ай өтүп акыры,
Талас, Чүйгө барсам – деп,
Ошого келди акылы.
Жердеп турган Анжиян,
Баатыр Манас султандын
Жергесинде канча жан,
Айрыга жаман, нарга бар,
Ысыгына чыдабайт
Сыргакты сүйгөн жылкы мал,
Артык жакшы коюна,
Арстан Манас баатырдын
Ар нерсе түшүп оюна,
Жалпы баары келсин – деп,
Жар чакыртты тобуна,
Келди кыргыз баарысы,
Кетте-кичик, калысы,
Кеңеште бар карысы
Келип баары калышты.
Жер очокту ойдуруп,
Жети бээ сойдуруп,
Жети жүз чанач кымызды
Кыдырата койдуруп,
Кызматкерди турдуруп,
Кызыл кесе, сары аяк
Кыдырата сундуруп,
Жай эңкейип, күз жакын,
Табак уурдап жазгырып
Жарыбаган куу такым,
Тамагын элге тарттырып,
Ар кандай соргок болсо да
Ак майынан арттырып,
Тартканы казы, жая, жал,
Таттылыкка бергени
Шекер-шербет, зире, бал,
Суусунга берип кымызын,
Султан Манас баатырдын
Журтуна кара кылышын.
Аке – деп, чуркап балдары,
Аз болгондо алты жүз
Ак сакалдуу чалдары.
Калмакта жүрүп башында,
Катарлаш жүрүп жашында
Үйрөнүп калган башында
Канжа тарткан чалдары.
Шарият сөзүн баштатып,
Дүт жутмак түптү жаман – деп
Канжасын Манас таштатып,
Калкына өрнөк баштатып,
Каапырдын иши канжа – деп,
Каар кылса кудурет
Алыбыз биздин канча – деп,
Таштап койгон дагы бар,
Чыдай албай кай бирөө
Насыбай тарткан чагы бар.
Анжияндан алдырган,
Сагаса күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган,
Кара мурчтан буулаган,
Калемпирден суулаган,
Чеккен адам уулаган
Насыбайын алышып,
Алаканга салышып,
Кумарлары канышып,
Аңгемесин айтышып,
Насыбайын тартышып,
Алтайдан келген кыргыз бар,

Арасы жайлоо Жылдыз бар,
Эртиштен келген кыргыз бар,
Эрмек сөзүн кылышар.
Бураталаа, Чыйпуудан,
Тарбагатай, Шыйкуудан,
Аягүздөн кеп кылып
Айтып турган дагы бар,
Ушул элдин арбыны
Уркун дайра, Амур суу,
Андан келген чагы бар.
Энесей дайра, Ала-Көл
Анын кебин башташып,
Көнгөн жери курсун – деп,
Көбү көзүн жашташып,
Желең-Суу менен Кыйжанды
Жердегенин кеп кылып,
Кыйнап, малын кытайлар
Бер дегенин кеп кылып,
Анча Манас болбосо
Алмак эле малыңды,
Айдап салып урушка,
Кыймак эле жаныңды.
Намуруттай болом – деп,
Айткан экен Эсен кан.
Какан сурап калааны,
Кара кыргыз түрк – деп,
Кайгы кылар жүрүп – деп,
Кастык кылып чыгарар
Калабалуу балааны,
Калк ичине таратып,
Жоготолу биз аны,
Эсен кан эсине алганда,
Эси оогон бойдон жыгылды
Эр Манас чыгып калганда.
Ал сөздү айтып салышып,
Аңгеме кылып калышып,
Алты шаар көргөн кыргыз бар,
Ар неме айтып сөз кылар.
Алты шаар уйгур – деп,
Эшек менен эптешип
Көрдүң беле кургур – деп,
Шылдыңга аны алышып,
Жашыраагы бир четтен
Шыбырлашып калышып,
Самаркандан, Букардан,
Самап келген булардан
Сап кыргыздан канча жан,
Аштыгын бирге айдаган,
Айылы бирге жайлаган,
Кыпчак, дөөлөс, думара,
Кызык болду буларга.
Аксакалдар бир бирин
Аңгемеге салышып,
Алпылдап күлүп калышып,
Эркекке эптүү булар – деп,
Кыз баладан эркекти
Жакшы көргөн куулар – деп,
Эмки кебин ташташып,
Эски сөзүн башташып,
Азыркы кебин ташташып,
Аңгемени башташып,
Эркек менен эшектен
Не десең ырас, жаманбыз,
Тарбыгын менен какайдан
Шаарлыктар аманбыз!
Алтайдан келген кыргызга
Ал сөздү айтып салышып,
Аңгеме кылып калышып,
Капия сөзгө салышып,
Каткырып күлүп калышып,
Олтурган эле ошолор.
Ошонгуча болбоду,
Кырк нөкөрү кашында,
Дөөлөт кушу башында,
Келди Манас ушунда.
Атпай кыргыз алашы

Аксакалга бет коюп
Арстан төрө Манасы.
Аз болгондо алты миң
Кара кыргыз куралды,
Карап көрсөң буларды –
Орчун жыйын улуу топ,
Оркоюп турган бири жок,
Олтурган баары кымпыйып,
Оёндун баары зыңкыйып,
Ошондо төрө кеп айтат,
Орчун жыйын элге айтат:
«Ой, калайык – деп, айтат
Башкы бабаңТүрктүр,
Баашалык күтүп жүрүптүр,
Багдатта жүргөн бабаңар,
Балдарым жердеп көрсүн – деп,
Башынан билип көнсүн – деп,
Кытайды бабаң сүрүптүр,
Каракайдын тушунда
Калк келиптир ушунда,
Байгур-уйгур болушуп,
Бакырын ойго коюшуп,
Малдуусу тоодо болушуп,
Барган сайын дөөлөтү
Ташыган суудай толушуп,
Уругу – деп, Кабылдын
Уруп-согуп кытайды,
Шо жерге койбос болушуп,
Түбүнө кыргыз жетиптир.
Беттеп түркке тура албай
Бээжинге түшүп кетиптир.
Мен чыгардын алдында
Кытайлар кычап жетиптир.
Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып,
Анжиян болуп туругу,
Зуң кытайдан уругу,
Наамандын болгон улугу,
Түтүн сайын бир тогуз
Малыңдан алым алам – деп,
Түтүн сайын бир бала
Башыңа салык салам – деп,
Кара Ногой өлгөндө,
Калкы кыргыз карайлап,
Каапырлардын канынан
Катаалчылык көргөндө
Кайгырыпсыз баарыңар,
Каяша айтып чыкпасак
Калбас экен жаныңар,
Ачылган соң ак диниң
Алтайда жаткан ага-иниң
Калбалаштык каапырга,
Түгөнгүрдү биз дагы
Түшүрдүк заман акырга.
Жанадил кан, Самаркан,
Башкы атаңар-бабаңар
Кара Кыргыз болгон жан.
Улук атаң Угуз кан,
Кырдуу жерге тургузган,
Кылым журттун баарына
Кыругуз атак жугузган,
Зерикпейт элем мен дагы
Кытайга жакын туруштан.
Бейкабарсың бектерим,
Магырыпта каапырга
Балаа салып келгеним.
Алтайда жердеп биз жаттык,
Абунасыр замандан
Насият угуп, дин таптык,
Андан бери карата
Көсөмсүгөн кандарды
Тактысынан көп кактык.
Будаңчаң менен Бозкертик
Булардын бердик жазасын,
Камап жатып өлтүрдүк
Кан Дүбүрө баашасын.

Кырмус шааны кыйратып,
Кытайларга дин айттык.
Дакы Жунус калаасын
Тамам баарын жыйнатып,
Карадым – деп, келген соң
Карап өзү берген соң
Кайыпкан менен Мунарды
Катарга алдык буларды,
Карыялар шүгүр кыл,
Калкың кыргыз куралды.
Кара тажик-калчаны
Кармашам – деп, чарчады.
Бу да мажус эл экен,
Быяктан алган олжобуз
Мусулман кылдык канчаны.
Калчанын каны Шоорукту,
Катылып бизге оолукту,
Катыгын бердик бир жолу
Мойнуна салып боолукту,
Кысылгандан кыз берип,
Жазылып жини соолукту.
Атемир кан Кыйба экен,
Адамы саны кыйла экен,
А да берди эсебин,
Жаарупанын журтунан
Жаңы келдик талкалап
Догошун деген кесебин.
Ак уруктар аарылар,
Аарылардын эли экен
Ар түрлүүнүн баары бар.
Чаркес койдук атагын,
Ага-ини баарың көрдүңөр
Аарылардын чатагын,
Аксакалдар өтүнүп
Сөз айтууга жатамын.
Түпкү атаңыз түрүксүз,
Түмөндөгөн кытайды
Түп Бээжинге сүрүпсүз.
Кара Моор, Эски муз
Камап коюп орусту,
Катарга албай жүрүпсүз.
Кытай койгон Нааман – деп,
Кылымга маалим болгон кеп.
Кытайды сүрүп, түрк алган,
Ким өтпөгөн бу жалган,
Түрк баласы алды – деп,
Түркстан атка жер калган.
Атагы башта Азия,
Аягы Меке, Медийна.
Башы Бээжин, Кумулду,
Орто Азия, Түркстан
Ойротко маалим угулду.
Аны үчүн ойлоп эске алып,
Жаңы көрдүк мунуңду.
Жер-жемиши гүлдөгөн
Анжиянды, Букарды,
Аңдап көрдүм буларды.
Артык экен дүйнөдөн
Топосу кара, жери май,
Тоо кармаса эли бай,
Аккан суусу бышкан чай,
Ар түрлүү эгин мол бышкан,
Дыйкандарга жери жай.
Аксакалдар кеп кылган,
Азар түмөн эл сыйган
Артык экен Анжиян.
Алай сырты малга жай,
Арты болор эли бай,
Аксакалдар отурсуң,
Ар немени көп ойлоп,
Болбой турат көөнүм жай.
Ортолоп элди турсам – деп,
Оюмда бар көп жумуш,
Ойротко колум сунсам – деп
Аттанып чыгып Алтайдан,
Артык Алтай кең жайдан

Терс Маёдо Текести
Демин кыргыз да кести.
Баш ылдый балаа салганым,
Алты ай тамам урушуп,
Акунбешим зор канды
Араң жеңип алганым.
Урушун узак салыппыз,
Атышып жүрүп каапырга,
Анда аңдабай калыппыз,
Алмамбет келген жолунда
Ар иш түштү оюма,
Жерин чардап чалгамын,
Тулустун турган жерине,
Көтөлөк экен атагы,
Көп суктанып калгамын.
Ары жагы Чүй экен,
Абалкыда атагы
Абаң-Суу болуп жүр экен.
Суңшоо болгон күн жагы,
Суусамыр экен түн жагы,
Араник, Ташкен калаасы,
Жетигендин тарабы
Ою Абаң талаасы,
Орчун кара кыргыздын
Ойлосом ошол арасы.
Азиреттин Кара-Тоо
Ороло көчүп өтүүгө,
Анжиянды аралап,
Арадан дайра кечүүгө,
Алмамбет табылган жолдо
Ат койгонбуз Талас – деп,
Нак ошого жетүүгө
Талабым бар, оюм бар,
Талабы бирге көй баатыр
Тарткынчыктабай коюңар.
Дыйканың болсоң калыңар,
Жыйылган малдууң барыңар.
Көлүктүүң болсоң барыңар,
Көөндүүңөр мында калыңар.
Караң менен каның бар,
Каалаганың барыңар,
Кайдан бардык ага – деп,
Кайгырганың калыңар.
Бекериң бар, бегиң бар,
Бел байласаң барыңар.
Айтпай көчсөм ага-ини
Наалат айтып коёрсуң,
Ал жерди самап жүргөнүң
Абыдан капа болорсуң.
Өз-өзүңдү өзүң бил,
Таласка оогон биздин дил,
Ар тарапты самашып,
Ногой уулу болгону
Оолугуп турат биздин зил.
Азыр жакшы болуптур
Аксакалдар келгениң,
Артыңа чапан, алдыңа ат
Ажырашаяк бергеним».
Ал сөздү айтып салганы,
Алтымыш ат, миң чапан
Азырлаган желдеттер
Алып келип калганы.
Аксакалдар ат минип,
Топ башылар тон кийип,
Тон кийгендер кулпунтуп,
Ат мингендер жулкунтуп,
Көпчүлүгү дүңгүрөп
Бата берип салганы.
Айчактын уулу Байжигит
Ордунан тура калганы:
«Алтайга кайра көчүүгө
Азыр менин оюм бар,
Аз күн токтоп берсеңиз
Алайда берер тоюм бар,
Эркек тууган жеңеңиз,
Баланын аты коюлар.

Олтургузар бир бала,
Оңунан салса бир Алла,
Келген жаңы келин бар,
Ара конуп, Алтайдан
Келип жаткан элим бар.
Калмактын калың элинен
Басырык көрүп алдык – деп,
Башчыбыз жок калдык – деп,
Келсең экен көчүп – деп,
Келип жаткан элим бар.
Жакын барып Көкчөгө,
Жанаша айыл конушуп,
Жамандык кылса калмакка
Жасоолошо коюшуп,
Өкмөттү коё бербей
Өкүм айтып турушуп,
Өмөлүп калмак каптаса
Өзүңүздү чакырып,
Өрт саларбыз урушуп».
Ал сөздү айтып салганы,
Арстан Манас баатыры
Макул алып калганы.
Алтайга кайта барууга,
Бар – деп, айтып салууга
Ылайык адам жок болуп,
Ыңгыранып эр Манас
Араң жүргөн токтолуп.
«Балкып көөнүм толду – деп,
Барганыңыз Алтайга
Макул-жакшы болду – деп,
Алтайды ээлеп турмакка
Алып кел баатыр колду!» – деп,
Кол кармашып алганы,
Көк ала сакал Байжигит
Көп кубанып калганы.
Көчмөк болуп бир айда
Көп алдында Байжигит
Убада кылып салганы.
Көзкамандын балдары
Көчсөк экен биз да – деп,
Көбүнөн сурап калганы.
Көкжал Манас токтолуп,
Лаңгү-Төбө, Суңшоону
Көргөн киши жок болуп,
Көпчүлүккө карады.
«Аратүз, Саяң-Жайлакты
Абам самайт аякты.
Суук жерде өскөн эл экен,
Күлдү Анжиян жеринен
Күйүп өлдүк дээр экен.
Абамды баштап барууга,
Арбытып айбан багууга,
Көрө элекпиз биз аны,
Сырт жер окшойт мисалы.
Күн жаккы бети кара – дейт,
Лаңгү-Төбө, Суңшоону
Жер соорусу-сара – дейт.
Суунун болгон башы – дейт,
Күн жүрүшү жагында
Кашкардын кара ташы – дейт.
Түн тарабын көргөнбүз
Кер-Көлдүн чалкар көлү бар,
Кар түшкөн жерге кетүүгө
Карыя абам көөнү бар.
Кышы кыйын суук – дейт,
Анжиян менен Кашкарга
Арасында жуук – дейт.
Абамдын айылын баштоого,
А жерди анык көргөзүп,
Жеткирип барып таштоого,
Сыдырым сыртты жайлоого,
Зыңкыйтып күлүк байлоого,
Кой туудуруп төлдөтүп,
Кымыз кылып көлдөтүп,
Төө туудуруп көлбөтүп,
Уй туудуруп мөөрөтүп

Баруучудан барсыңбы?
Кашымда турган көпчүлүк
Баарыңа айтам арзымды.
Короосуна конушуп,
Коңшулаш тууган болушуп,
Айылы бирге конушуп,
Аралаш тууган болушуп,
Айылыма айылы конушуп,
Аксакал болгон абамды
Калыс кылып коюшуп,
Кышында семиз союшуп,
Кызырак байтал кымызын
Кызып ичип, тоюшуп,
Ала-Тоонун бийиги,
Артыгыраак арбын – дейт,
Албан түрлүү кийиги,
Аңын уулап атууга,
Аңгемеге батууга,
Абакеме кошулуп,
Анда куунап жатууга
Барсыңарбы элден» – деп,
Баатыр Манас айткан кеп.
Барар киши жок болуп,
Баары турду токтолуп,
Эч болбосо көргөзүп
Жол баштаары жок болуп,
Көпчүлүк турду токтолуп.
Көпчүлүктүн ичинен
Көк ала сакал Меңдибай
Ордунан турду октолуп:
«Алтайдан көчүп алгамын,
Жылдызга келип калгамын,
Узун тоону сыдырып,
Суңшоонун башын кыдырып,
Лаңгү-Төбө түшкөмүн,
Калмактын көрүп өлүгүн,
Каржалгандан көлүгүм
Жанымдан үмүт үзгөмүн.
Алты конуп жай алып,
Ала-Тоого таянып,
Атаны сонун жер бол – деп,
Сууларынан кечкемин,
Суктанып өтүп кеткемин.
Ара-Түз деген жерине
Алты ай кыштап калгамын,
Кыштай жатып кыдырып,
Ар тарабын чалгамын.
Алты жүз үйлүү киши элек,
Жалгызсырап чыдабай
Анжиян келип калгамын.
Анда менин жолдошум
Азыраак кыргыз эл эле,
Ал кыштаган жерибиз
Анжияндын бели эле,
Белге жакын жер эле.
Тунук аккан суусу бар,
Тулаңдуу жер ушулар.
Суусунун боюнда
Талы менен кайыңы,
Жыгачтын кени аякта,
Черине кирген адамдын
Чыгар эмес дайыны.
Саяң-Жайлак, Үч-Сууга
Жаздап бардык ушуга.
Дың сууганда кайткамын,
Анжияндагы элге кошулуп,
Азыр болду айтканым,
Башка журтка айтпадым.
Барар болсо агаңа
Бакырың жолдош абаңа».
Меңдибай сүйлөп салганы,
Пейили жакшы кыргыздар
Бекер кылды Манас – деп,
Берки четтен кыйласы
Күбүрөшүп калганы.
Меңди акем акыл тапты – деп,

Эр Манас макул алганы.
«Күн жагында Кашкар бар,
Түн жагында Кочкор бар,
Лаңгү-Төбө, Суңшоону
Укканым бар ошону.
Кээде кара, кээде кар,
Калыңдап кары басканда
Ар жагы да, бер жагы
Кар көрбөгөн жери бар,
Как ошого барууга
Абакемдин эби бар».
Арстан Манас баатыры
Ал жыйынды таратып,
Оокатына каратып,
Жооп айтып элге салыптыр,
Так жыйылган көпчүлүк
Тарап кетип калыптыр.
Уруксат алып Байжигит
Камын кылды тоюнун,
Семизин ылгап бир миңди,
Чарын тандап коюнун.
Жети миң экен жылкысы
Ошо жылы кыштатып,
Жердетип келген Жылдызды,
Тойго аракет кылмакка
Үч миңин бөлүп алыптыр,
Төрт миңи төлгө калыптыр.
Төрт жүз экен төөсү,
Чымын тийип, жүзү өлүп,
Чыгымдуу болуп калыптыр,
Элүү төөсүн алыптыр,
Эки жүз элүү төөнү
Тойго аракет кылууга
Камдап аны салыптыр.
Беш жүз сыйыр-келеси,
Куру калса болбойт – деп,
Уй деген малдын желеси,
Элүүсүн бөлүп алыптыр,
Төрт жүз элүү сыйырын
Даяр кылып салыптыр.
Сөөк, тамыр, тууганы:
«Кут болсун!» – деп, тоюңуз,
Кошумча келип турганы
Дагы ошончо мал болду,
Той үчүн жыйган ун, күрүч
Тогуз миң кап дан болду.
Байжигит айылы эки миң,
Баары көчүп жам болду.
Андагы аты Артбашы,
Азыркы аты Эркеч-Там,
Байжигит кылган тойго кам.
Күн чыгыш жагы айылынын
Арт-Азайдын оюна,
Уругу кыргыз Улуу журт
Ата уулулар үй тигип
Кең Алайдын боюна,
Баары кылган кошомат
Байжигиттин тоюна.
Азиреттин Кара-Тоо
Азыр Манас ошондо:
«Абам тойго келсин» – деп,
Кабар айтып Кошойго.
«Байжигит аттуу иниңиз,
Балдары үчүн той кылат,
Башкарып, тоюн билиңиз.
Күлүгүң болсо байлаңыз,
Күлдү кыргыз уулуна
Күнүгө тиет пайдаңыз,
Бел байланган той болду,
Бей капилет калбаңыз,
Эдир-эмиш бир той – деп,
Эскербей жатып албаңыз,
Бекерчилик болбойт – деп,
Бейкабар таштап салбаңыз.
Маймун менен Кабылды
Баштатан бирге элиңде

Көңүлүң жакын эр барбы,
Кара кыргыз катарын
Көрсөк – деп, жүргөн эл барбы,
Кадырлашкан кан барбы,
Жакындашкан жан барбы,
Пейили жакшы бек барбы,
Толкутуп адам жыюуга
Тойдон жакшы кеп барбы,
Кебим ушу, ойлосун,
Келбей абам койбосун,
Ак уруктун каны эле,
Олуя чалыш жан эле,
Аарылардан бөлүнгөн,
Орто Азия жерине,
Орчун кыргыз элине
Оогон болгон атагы,
Оболдон болбойт чатагы,
Акунга кабар бериңиз,
Аттары болсо чабарга
Аны да алып келиңиз».
Жоорунчуну чаптырып,
Чоң Кошойду чакырып,
Кабарды Манас салыптыр,
Камданып алып, бир күнү
Кайда кабар берем? – деп,
Байжигит бай аттанып,
Манасты көздөй барыптыр.
Ал сөздү таштап коюңуз,
Арзан болбойт тоюңуз,
Бабасы Төбөй, Бабыр кан
Бадыша өткөн бу бир жан,
Бабыр кандын тушунда
Бадыша болуп ушунда,
Баарына кыргыз күч болгон,
Бабырдын уулу үч болгон,
Улуусу Ногой кан болгон,
Урматы журтка даң болгон,
Маңгул менен татары,
Бөлүнбөстөн катары,
Кара кыргыз калмагы,
Катарлаш болгон а дагы.
Дейилде кылып чатырын,
Ал кезекте түрктөр
Дегдар деген баатырын,
Ортосу Шыгай бек болгон,
Ол кезекте кыргызды
Ойлогон душман тек болгон.
Кенжеси Чыйыр болуптур,
Ал кезде дөөлөт толуптур.
Ногой өлгөн тушунда
Озуптур кытай ушунда.
Маңгул, татар, калмагы
Баары кетип калганы.
Баштатадан жазылды
Ногой кандын балдарын
Кармап кытай алганын,
Көрө албастан бир бирин
Көп жыл бөлөк калганын.
Баба дини мажусу,
Бир жараткан кудай – деп,
Бирлигин билип көнө албай,
Тарап Ногой тукуму,
Көп жыл болгон бөлүнүп
Бирин бири көрө албай.
Асты келип көрүшүп,
Элүү жылдын ичинде,
Эч бенденин акылы
Жетип болбос акыры
Ак тааланын ишине.
Алтайдын көрдү жайыны,
Алтымыш жашта Жакып бай
Араң көрдү Байыны.
Он жетиде бөлүндү,
Ойлосун адам өлүмдү,
Алтымыш үч жашында
Жакыпка Бай көрүндү.

Орозду көрбөй өтүптүр,
Оболку өткөн бабаңар
Ойротко тарап кетиптир,
Байкап көрсөң баарыңар
Олорго да ажал жетиптир.
Ажал деген өлүмүң,
Азыр болгон кыргыздар
Андан берки өнүмүң,
Өкүмөт кытай болгондо
Окуганың көрөрсүң
Ногой уулун бөлүмүн.
Азыр көрүп турасыз
Көзкамандын келимин,
Адам билбей балан – дейт,
Ак тагдырдын керимин
Акылмандар так сүйлөп,
Даамын таткын кебимин.
Кара кыргыз уулуна
Ногой уулу туу экен,
Бабаң Ногой тукуму
Бабыр кандын оолаты
Баштан-аяк уу экен.
Ногойдун кичи иниси,
Ойлоп көрсөң кыйын иш
Оболку элдин билиши,
Эсен кандын сынчысы –
Элге жансыз тыңчысы,
Шыгайды көрүп кеп айткан:
Чыйрактыгы чекене,
Шыйпаңыраак – деп, айткан,
Шыйпандан чычаң
чыгар – деп,
Көтөрүлгөн тууганын
Шыйрактан тартып жыгар – деп,
Он бир экен баласы,
Көчүп Манас келгенден
Көөнүндө бар аласы,
Көрө албайт экен Манасты.
Баарынын Бабыр бабасы,
Маалим болгон Манаска
Көзүндөгү аласы,
Көңүлүндө карасы,
Анткен менен Манаска
Асты келбейт дабасы,
Келер болсо дабасы,
Жетер болсо чамасы
Колунан келсе тууган – деп,
Коёр эмес Манасты.
Эңулуусу Шыгайдын
Жапак аттуу баласы.
Ногойдун кенже баласы
Аты Жакып болуптур,
Шыгайдын улуу баласын
Атын Жапак коюптур.
Жапактын уулу Чынкожо
Семетейдин тушунда
Айчүрөктү талашып,
Артык салган чырды ошо.
Кеңешкени тоюна,
Ченегени боюна,
Ар түрлүүдөн ой ойлоп –
Барып акыл кылайын,
Манастын кирип жоюна,
Айчактын уулу Байжигит
Көк жорго атын миниптир,
Көк жал эрге бармакка
Көшүлүп жолго кириптир.
Байжигит жолго салыптыр,
Чаяндынын боюнан,
Байжигиттин жолунан
Жапак чыгып калыптыр.
Аксакал экен Байжигит,
Астына келген Жапакка
Салам айтып салыптыр,
Жапак алик алыптыр,
Жалтанат экен менден – деп,

Көөнүнө кетип калыптыр.
Бу да кыргыз тууган – деп,
Тең атадан кем болуп,
Манаска карап турган – деп,
Бийлеп тоюн бере албай,
Кеңешмекке Манаска
Бараткан го урган – деп,
Көңүлүнө алганы,
Көзүн Жапак салганы:
«Тебетейди түрүпсүз,
Көк жоргоңду теңселтип,
Көк сакалың сеңселтип,
Жол болсун, кайда жүрүпсүз?»
Байжигит баштап сөзүнү,
Баянын айтты өзүнү:
«Алтайда калган айылыбыз,
Эртиште калган элибиз,
Эки миң араң түтүнүм,
Элге бир той берсем – деп,
Нээт кылып күтүндүм.
Сарп кылсам – деп, тоюма
Эми ушуга түтүндүм.
Өтүк болсо такасы,
Тон болгондо жакасы,
Кара кыргыз сакасы,
Баарыбыздан жаш турат,
Жаш да болсо баш турат,
Каалаптыр кудай Манасты,
Манас атка минген соң
Катарга кийирди алашты.
Калмак, маңгул, кытайлар
Кудайдын берген бактысын
Тарлык кылып талашты,
Өлүмгө баары баалашты,
Өмөлөшүп талашты.
Өлтүрмөк түгүл Манасты
Өкүмсүгөн каапырлар
Өз dининен адашты.
Кудай берген кишиге
Кудай урган теңелет,
Манаска кудай бербесе
Абунасир замани
Медина менен Мекеден
Мээнет тартып не келет!
Ыслам динге биз кирдик,
Айкожодон уккан соң
Жаратkандын жарлыгын,
Байгамбардын барлыгын
Баарынан да биз билдик.
Кырда маңгул балдары,
Кыйладан бери дин билбей
Кытай болуп калганы,
Буйругу – деп, кудайдын
Салып жүрөт ушунда
Мусулман болуп алганы,
Кытайды көрсө өлүшөт
Кыргыз болуп калганы,
Эки жүзгө толчу эмес
Нукура Угуз балдары.
Канкордун көрүп нышаанын
Кара калмак канчасы
Мусулман болуп бузулуп,
Кыргыз болуп алганы.
Манастын кирип тилине,
Бир атабыз жакын – деп,
Казактан мурун озунуп
Кирди ыслам динине.
Башкы атабыз маңгул – деп,
Баатыр, динге кам кыл – деп,
Маңгулдун кирди жармысы,
Кабардашып казактар
Динге кирди баарысы.
Динге кирген калмактар
Калган маңгул, калмакка
Асылышып калышты,
Кыргызбыз – деп, кыйкырып,

Кызык кылып салышты,
Алтайдан бери көчкөндө
Ал жерге калбай бири да
Алайга келип алышты.
Өз тууганым Алтайда,
Өтүшкөнүм Алайда,
Бир тууганым Алтайда,
Бирлешкеним Алайда.
Канча ата экен билбеймин
Калмак-кыргыз туушкан,
Кабылан Манас баатырга
Калкы калмак жугушкан,
Маңгул деген бадирек
Башкы атасы бир экен,
Баш койбоду ак динге,
Баарынын көөнү кир экен.
Бербердигер буюрса,
Берип тойду саламын,
Бу жерде калат баарысы,
Сексен үй менен сенделип,
Желеңге кайтып барамын.
Аңырты менен Кажырты
Ал жерди жердеп турчу элем –
Алтайдын оң жак тарабын,
Той берүүдө талабым,
Кай калыкка берерин
Манастан жообун аламын».
Байжигит сөзү басылды:
«Кытайды чакыр, Баке» – деп,
Жапак баатыр асылды.
Чакыргын – деп, кытайды
Жапак сурайт өтүнүп,
Ал кезекте адамдар
Айтпайт экен өтүрүк.
Калп айтууга болбогон,
Канын төгүп салса да,
Каар кылып олтуруп,
Байжигит анда кеп айтат:
«Иним, тыңда – деп, айтат.
Баштатадан куралып,
Бадыша күткөн улуу журт,
Туташып алган туулуу журт,
Кытай да болсо кылым журт,
Каапыр да болсо кандуу журт,
Кантип аны чакырам.
Чакырса Манас чакырсын,
Алакандай Анжиян
Анын баарын сап кылсын».
Жапактын антип турушун
Жай көрөрсүз жумушун,
Кайда да болсо как ушул,
Жаман тууган курусун.
Ак жамбы ташып жагынып,
Алоокеге багынып,
Букара болуп өзүнө,
Мурунтан карап көзүнө,
Кыштоо кылып Алайдын
Жануп жаккы тоосуна,
Куйруктуу козу, чоң эркеч
Кармап берип жүрүптүр
Калмак менен кытайдын
Дуңчусунун оозуна.
Алайга бээсин байлашып,
Анжы калмак, зуң кытай
Орозду, Шыгай балдары
Аралаш жүрүп жайлашып,
Он жашары жашында
Алооке уулу Коң төрө –
Азыр болгон чоң төрө
Жапак жүрүп жанаша,
Жарышып ойноп, тамаша,
Айтыша кетип, жеңишип,
Алыша кетип, эңишип,
Алы келбей алдырап,
Ачууланса кыңк этпей,
Тилден калган немедей

Тиктеп калып жалдырап,
Баатырлыгын, бар күчүн
Коңурбайдан көрүптүр,
Коркуп жүрөгү өлүптүр.
Коңурбай жоктон
нетти? – деп,
Манастан качып Алооке,
Балакет баскыр, кетти – деп,
Кытайды баштап алды – деп,
Кызык дүйнө Баргана
Кыргыз басып калды – деп,
Башыңды жуткан Алооке
Маңгулду баштап алды – деп,
Барганаы, Коконду
Басып кыргыз алды – деп,
Калабалуу карыган ит
Коң төрөнүн жогунда
Качып жолго салды – деп,
Коң төрө болсо качабы,
Колтугун жоого ачабы,
Билип жүргөн бир Манас,
Бир жерден чыкса миң Манас,
Билдим эле эрлигин,
Бир Коң төрө шашабы
Бир миң Манас жабылса,
Кылыч, күрсү аралаш
Баш-көзү, башка боюна
Чолоо койбой чабылса
Элебей турган эр эле,
Эки миң душман кол салса
Эске албаган неме эле,
Эл суратып, кан кылам
Ээ Жапагым дээр эле.
Коң төрөнүн жогунда
Коркуп кетип Алооке,
Комутта калган бу Жапак,
Коржоңдогон куу Жапак.
Аяп качып баласын,
Алооке кетип Кытайга
Арманда Жапак калыптыр,
Душман көрүп тууганын,
Байкаарсыңар ар жерден
Бактысы ашык Манастын
Тууганда көөнү сууганын,
Артык көрүп бу Жапак,
Арам санаа куу Жапак
Алооке мында турганын,
Байкап көрдүң баарыңар
Тоюңа кытай чакыр – деп,
Байжигитти бурганын.
Айтор, Манас кыйын – деп,
Кыргыздан кытай качканы,
Кас душманды эл көрдү,
Эл көрбөсө не көрдү,
Жапакты кара басканы.
Жаза берсе тозулбас
Жакшылардын дастаны.
Кызыталак куу Жапак
Кыжылдаган кытайды
Не үчүн мынча наздады?
Коң төрөм аман келет – деп,
Конпоңдотпой Манасты,
Жазасын келсе берет – деп,
Коң төрө келсе кокустан,
Көпөмсүгөн бу Манас
Көрүнүп калса окустан,
Асылышкан душманы
Андан калбайт аман жан,
Той – деп, кабар берсе – деп,
Жоо-жарагын шайлан – деп,
Мен да астыртан десем – деп,
Толкуган кытай келсе – деп,
Көпөмсүгөн канкорду
Көмө чаап өлтүрүп,
Орунун алып берсе – деп,
Ойлогону ошо кеп,

Ойрон кылар Манасты
Эр Коңурбай болсо – деп,
Артыкча тилеп тилегин,
Айылдагы кыргызга
Түйүп алып муштумун,
Көп өткөргөн билегин.
Байжигитке кеп айтып,
Бапылдады кеп айтып:
«Кыла турган тоюңуз,
Той берүүдө оюңуз,
Алакандай Анжиян,
Казандын түбү Кашкарды
Той экен – деп, бергенче,
Кытай калкы келбесе,
Чыгым болбой коюңуз,
Такыядай Ташкенди
Билчүүнүн бири менмин го,
Кылайтып эгер чакырба
Кытайдан бөлөк башка элди.
Айтканым кытай келбесе,
Ар тараптан эл келсе,
Алаштар тойго дегдесе,
Тоюңду Манас бийлесе,
Тозо чаап мен жүрсөм
Топчудай кеңеш тийбесе
Туугандыгым болобу,
Туура ушундай кордукка
Турса Жапак оңобу?!
Далбас уруп, той берип,
Манас менен Байжигит
Таптыңар кайдан оңойду,
Жапак чындап күүлөнсө
Тап койбосун өзүңө,
Талкалап салып Ногойду.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Олтургандан тура албай,
Ошону көрүп жүрөбүз,
Ойрон болуп жатыптыр,
Тууралаңып ар качан,
Тууганым – деп, Манас кан
Ороздунун он уулу,
Оттоптур Манас да муну,
Абыдан шору катыптыр,
Тең атанын уулумун,
Теңиринин кулумун,
Теминишпей канкорго
Желиктирип турупмун.
Жаңы келген неме – деп,
Жайына коюп жүрүмүн,
Жалмап коём бир күнү,
Жалганы жок мунумун.
Манасты мыкты ойлобо,
Бабыр кандын тукумун
Башкасы менен ойнобо,
Манас – деп жүрүп ишенип,
Баш көтөрбөй сойлобо!
Беленденип берүүгө
Камданып алган тоюңуз,
Шыгайдын уулу Жапакты
Көңүлгө алып коюңуз.
Көп экен сиздин малыңыз,
Көмөк экен айылыңыз,
Шыгайдын уулу Жапак – деп,
Көңүлгө бизди алыңыз,
Ата-тегин ойлонсоң
Анча-мынча бизге да
Көз кыйыгын салыңыз...
Көтөрмөлөп тим жүрбөй,
Көө сүйкөсөм бетиме
Көрүнөө турат алыңыз.
Көзкамандын балдары
Көрдүк көркүн келгенде
Көтүнө катып чалбары,
Чалбарынан чаң чыгып,
Чарыгынан үн чыгып,
Алтайдан аркы Тундура

Жуушанын келди жеринен,
Доңшонун келип элинен,
Мусулман десе дин билбейт,
Булдурашат өздөрү,
Жалгыз чалы болбосо,
Жалпы баары тил билбейт,
Кытайдан да ары кызыталак,
Кытайдын тилин билчү элем,
Кылайтып бирин биле албай
Жадап болдум кысталып.
Калмактын тили анда жок,
Алардын тилин билүүгө
Казак, кыргыз, калмак, сарт
Бир билүүчү жан да жок.
Ошобу тапкан тууганы,
Оңуп калган немедей
Опурулуп турганы.
Ишенериң Бакайбы,
Байдын уулу – деп, жүрөт,
Манастын тапкан олжосун
Баарын алып жеп жүрөт.
Залимдик кылат Манасы,
Ногой экен бабасы,
Тилегин тилеп тикийип,
Тиктеп катып калыптыр
Бай дегендин баласы.
Олуясып Бакайы
Ооздон келме түшүрбөй,
Аалимдигин кантейин,
Ойроттун баарын кыйратып,
Бешиктеги балдарды,
Меңкээрип калган чалдарды
Ой-бойлотуп ыйлатып,
Ойрон болгон Манастын
Залимдигин кантейин,
Бейкарар адам бири – деп,
Беделиңизге албассыз,
Беттешип жеңсем канкорду
Менден аман калбассыз,
Көп адамдын бири – деп,
Көңүлүңө албассыз,
Көзүңдү жан – деп, салбассыз,
Көбүргөн кулду бир жеңсем,
Көрүнөө айтам Байжигит,
Көмүлбөй зади калбассыз.
Он бир Шыгай баласы,
Ооздо сөзгө ишенбей,
Орчун айыл элиңди
Өзүң барып карачы,
Манасым – деп, байланып,
Бадыша кылып алдык – деп,
Баарыңар жүрсүң айланып,
Тынчтык алып үйүнө
Бир күн жатпай жайланып,
Кыргыз, казак, калмактан
Кырк неме жипсиз байланып,
Ушулары күүлөсө
Учат экен Манасы
Улуу куштай айланып».
Жапак баатыр күүлөнүп,
Далай сөз айтып сүйлөнүп,
«Адам десеңмени – деп,
Алтайдын ары жак башында
Чакыргын Алоокени – деп,
Алооке келбейт деги – деп,
Келип калса Коңтөрө
Кенебей жүргөн канкордун
Кесилер көрсө деми – деп,
Табылып калар эби – деп,
Таралып калар эли – деп,
Манасың экөөң коркпосоң
Манжурия Коң канды
Барып кабар берчи – деп,
Көрүнөө айтам сөз менен,
Бөлөк эмес, башка эмес,
Так өзүм көрдүм көз менен

Ишенген мыкты тууганын,
Жаңы Алайга келгенде
Жакып байдын үйүнөн
Жаа бою качып турганын.
Берекелүү бир иш жок
Бенденин кылар ишинен,
Баары качып дүрбөшүп
Бай Жакыптын итинен,
Келгенде көрдүм жүйөөлөп,
Бай Жакыптын үйүнө
Басып кирер алы жок,
Көк дөбөткө күйөөлөп
Ишенген мыкты тууганын
Бери болсо беш көрдүм
Иттен качып турганын.
Ороздунун уулубу,
Же бир ойноштон тууган кулубу,
Сыргак деген немеси,
Ар не десе аа макул
Сырттан заада неме экен,
Бирин Серек коюптур,
Билгичсинип сүйлөгөн
Сырандаган кем экен.
Жигит кылып алыптыр,
Калмак менен казагын,
Жиним чындап кайнаса
Башын жулуп кыйласын
Мен беремин азабын!»
Жапак муну сөздөдү,
Жапактын сөзүн аягын
Байжигит баатыр көздөдү:
«Казаттын жолун куушкан,
Кайратка белин буушкан,
Карсылдашса бир душман
Кандуу калпак кийсе да,
Башын жарып, куйкасын
Балжа-булжа тилсе да
Туралчу эмес туушкан.
Байжигит Манас кагышса,
Бака-шака чабышса
Тууганыңа болушуп,
Туура жактан чыгасың,
Бой тирешип күрөшсөм
Буттан тартып жыгасың.
Ногойдун эки уулу экен
Жаалыңды салба, Жапак сен,
Башка журттун баарысы
Башы боолуу кул бекен?
Кыргыз деген кырк урук,
Кырданбаңыз кутуруп.
Токсон уул өзүбек,
Карап турам мен сага
Кандай айткан сөзү – деп,
Ногой, Шыгай болосуң,
Оройлук сөздү мага айтып,
Опузалай коёсуң.
Ногой да тең, сен да тең,
Шыгай уулу жаман – деп,
Айтканымды уктуң беле сен?
Ногойго болушасың – деп,
Обу жок айтыш кандай кеп?
Шыгай мындай экен – деп,
Сыңар киши кеп кылбайт,
Кеп кылсаң Жапак кыла бер,
Өзүңө эле жакшы болбосо
Өзгө журт муну эп кылбайт.
Сен Манаска жакын – деп,
Сөз кылып айткан кандай кеп?
Алтайдан келген кыргыз – деп,
Айрып айтыш кандай кеп?!
Айрылган жери силерден
Алты атага толуппуз,
Ногой, Шыгай дебестен
Ошондон бери карата
Калыс тууган болуппуз.
Мурунтан сырдаш элек биз

Бузукчулук, жамандык
Кимге кыла коюппуз?
Манас экен иниңиз,
Бакырып, элди коркутпай,
Басмырт болуп билиңиз.
Башынан берки жакшылык
Бабырдан кандай кетпейт – деп,
Кара кыргыз уругу
Кайнабасын жинибиз,
Карарбасын динибиз,
Үзүп алсаң башыны
Шу жерде эле жүрөт ко
Манас деген иниңиз.
Баласынын атыны,
Эркек тууган катыны,
Манас койгон Жакыптыр.
Ногой уулу тозгондо
Шыгай аман жатыптыр,
Шыгайдын уулу сен болсоң,
Чычалаба эр болсоң,
Атың Жапак сен болсоң,
Алоокенин колунан
Ачпайт белең башыңды
Арстандай эр болсоң.
Кызыталак кытай колунан,
Кылган иши келип оңунан,
Барча кыргыз баласын,
Басып шаар калаасын
Акканда тыйып жашыңды,
Таратып бойго ашыңды,
Ачып жүр Манас башыңды.
Кырдагы Угуз балдары,
Кыйынсып жүрөт бардаары
Байгамбар Муса тушунда,
Баары журт кирсе ушунда
Каалабай актын динини,
Калмак болуп калганы,
Канчалыгы калсак – деп,
Карап турсам артына
Калкка жаман мазак кеп,
Уругу кыргыз болду – деп,
Убайга журту толду – деп,
Ушунтип турган кезекте
Бул немине деген кеп?
Ногойдун уулу Жакып – деп,
Ойротту билди жатып – деп,
Көрө албайсың сен Жапак,
Көп ушунтип олтурсаң
Көрүнөө чыгар бир чатак.
Манас болсо balaңдай,
Бай Жакып турат бабаңдай.
Көрк берип Манас баатырга,
Көтөрүлүп арбагы,
Көчкөндөй болуп көрүнүп
Көк жал Манас киргенде
Алоокенин чарбагы,
Айдап ийип кытайды,
Алып калды жериңди,
Баш коштурса кудай – деп,
Барча кыргыз элиңди,
Иришипсиң Манаска,
Ит уксун мындай кебиңди.
Акылдуу Жапак – деп, жүрсөм,
Баатыр Манас, Жакып бай
Башы кокус чарылса
Аздырбайт элди – деп, жүрсөм,
Түрк уулунун наркыбы,
Түгөнгүрдүн мурунтан
Түгөнбөгөн салтыбы,
Манасты жаман карайсың,
Баш душман Кабыл уругун
Туң уулуңдай санайсың.
Канчалык жакын болсо да
Каапыр экен Коң төрө,
Манас деген өзүңдүн
Бир тууганың турбайбы,

Аман болгой эле – деп,
Тилегин тиле а көрө.
Оңой эмес Манасың,
Тең туугансып, оңой – деп,
Ушул ишиң көрүнсө
Окус болуп каласың».
Ол сөздү айтып салганы,
Одураңдап эр Жапак
«Оболдон жалтангансыңго
Ногойдун ойрон төрөсүн,
Ону бир туруп жоголгон
Ороздунун балдары,
Ошондой мени көрөсүң.
Байжигит, билдим оюңду,
Алоокени чакырбай
Берип көрчү тоюңду,
Куп билемин жоюңду,
Баарын талап кетпесин
Кара тегин калчалар
Байсынып жүргөн коюңду.
Көчүрбөсмүн Алтайга,
Каардансам Байжигит
Көчүң жетпес бир тайга.
Жылкыңды жылас алармын,
Жылдырбай таштап салармын,
Түтүнүңдү түгөтүп,
Түрмөгүңдү жүдөтүп.
Тилегин тилеп Манастын
Болушканың көрүндү,
Аралашып айылыңды
Конушканың көрүндү.
Байжигит билдим оюңду,
Аш кылармын тоюңду!
Тоюңду тозок кылбасам,
Дос-тамырың кырбасам,
Маарекеңди баспасам,
Той бергениң көрөйүн
Балакетти баштасам.
Жаңы келген алтайлык,
Шайманың жок бир тайлык,
Азыгың жок бир жайлык,
Алыңды билбей иш кылып,
Азып калар бекенсиң,
Анык кара тууганда
Басып калар бекенсиң,
Айттырып ийсем бир кабар
Алоокеден кол келсе
Анжиянга тура албай,
Алдыңар катып, Букарга
Качып калар бекенсиң,
Арбынсынган дүйнөңдү
Алды-артыңды жыя албай,
Чачып калар бекенсиң.
Алыстан келсе Коң төрө,
Айылыңдан туруп асылса
Аты Жапак чоң төрө
Көрөрмүн сенин көтүңдү,
Сыртыңдан алар өтүңдү,
Карартар эки бетиңди,
Манастан коркот экен деп,
Байкаймын сенин нээтиңди.
Коркот – деп, жүрсөң оюңда
Тамашаны салайын
Так өзүңдүн тоюңда».
Бу сөздү Жапак салганы,
Байкамакка тек турган,
Асылабы – деп, турган
Байжигиттин ачуусу
Жаман келип калганы.
«Өлсөм да тоюм беремин,
Мен баштайын тоюмду,
Жапагым көрдүм жоюңду,
Абыдан душман экенсиң,
Аныгын билдим оюңду.
Карап туруп өзүңө,
Кайратың менен сөзүңө

Азыр көңүл толду – деп,
Тоюмду тозок кылмакка
Алып келгин колду – деп,
Букара болгон мурунтан
Бирөөдөн көрсө жамандык
Чагып айтып куруткан,
Манаска барып кайтат – деп,
Баштан-аяк айтат – деп,
Ойлонорсуң Жапак жан.
Мурунку өткөн Угуз кан,
Мына уругу канча жан.
Угуздун туун аштайын,
Улуу тойду баштайын,
Аскериңди-колуңду,
Тазалап алып жолуңду,
Кылгын жеңер жериңди,
Кыйкырыктан кырылба,
Байкап-байкап иш кылгын,
Балакеттин башы дейм
Манас деген шериңди.
Болбойт менин турушум,
Кыйла бар кылар жумушум,
Манасты басып, мага кел,
Кыла бер билген урушуң».
Бу сөздү айтып салыптыр,
Бурулуп алып Байжигит
Кайтып кетип калыптыр.
Бармак эле Манаска,
Жаман атты болом – деп,
Башын тартты каласка.
Эгер барса Манаска
Арбын улуу той кылып,
Ай-ааламды чакырып,
Арбымак эле тамаша.
Байжигит барып үйүнө,
Баягы Жапак сөздөрү
Көңүлүнө түйүлө,
Жер очокту каздырып,
Жети жүз казан астырып,
Тогуз жүз бээ сойдуруп,
Тозгондон топор тоюнду,
Башка уруу малдан союлду,
Бакырдын баары тоюнду,
Кедейлер майга кенелди.
«Кырга чыккан угуздан
Кылайтып неме койбо – деп,
Башка уруудан айтарың
Ооган деген бир эл бар,
Ошону гана ойлогун,
Кытайдын журту алыста,
Чыгым анда көп болор,
Чакырып аны алышка,
Чыгымына карабай
Чакырмак элем кытайды,
Чакырбасаң кытайды
Жалпы Алтайдан келгенге
Койбоймун – деп, бир тайды
«Жакшы» Жапак күүлөнүп,
Жаман кылам сени – деп,
Жаалданып сүйлөнүп,
Байкабастан Жапакты
Баштаптырмын тоюмду,
Баштан-аяк көрдүк биз
Баатыр Жапак оюнду.
Тоюн туура аш кылып,
Той курганда көрөрсүң
Байжигит жатты союлуу,
Союлсам да тобокел,
Токтотпоюн тоюмду,
Күн батыш тарап оюму
Кебилге жакын Кейипке айт,
Кыдырып Кыйба журтуну,
Чаржуй менен Букарды,
Чакыр баарын буларды.
Оро-Төбө, Самаркан,
Ортосунда чоң Ташкен,

Аяк жагы Арал-Көл,
Ак-Жайык менен Абаңды,
Аягы Орол тоолорду,
Эдил, Жайык эки суу,
Эртиште болсун бир чети,
Алтайда Айдар каны бар,
Аңыртынын өзөндө
Алымсейит дагы бар,
Кыпчактардын кыйыны
Кумарыкта чагы бар,
Алты шаар журтуна
Айтып кабар салалык,
Даңгыттын журтун чакырып,
Так ушу жерге алалык,
Жанганы болсо дининен
Такып, динге салалык».
Акыл менен Байжигит
Ат жаратып мингизип,
Тон жаратып кийгизип,
Он эки жигит оттуудан,
Оозу жүйрүк шуттуудан,
Кароолду жарган көздүүдөн,
Кайратка толук сөздүүдөн,
Эсирик эмес, эстүүдөн,
Тентеги жок, тестүүдөн
Он эки киши жиберип,
Ойротту тойго имерип,
Кылсын мага Жапак – деп,
Кытайды таштап салыптыр,
Амурдагы маңгулга
Айтып кабар салыптыр,
Айылы жакын аралаш
Алооке куру калыптыр.
Жибере көргүн бери жакка
Коң төрөнү келтирип,
Кор кылалык Манасты
Коржондотпой өлтүрүп.
Алымбөкө дегенин
Жансызга киши салыптыр,
Коңурбай кеткен Бээжинге,
Конуш издеп элине,
Алооке үйдө калыптыр.
Анжиянда турганда
Абыдан алган таанышып,
Алоокенин үстүнө
Алымбөкө барганы.
«Чаалыкпай чантуу кайдан?» –
деп,
Алооке сурап калганы.
«Анжиян эле жайыңыз,
Кидирбей качып жериңден
Кимден кетти шайыңыз?
Кай жерде болсо турганың
Карашкан кишиң тууганың.
Жат жерде өскөн туугандын
Көрбөдүм жарып турганын.
Кыл баткынча көрүнбөй
Кытай-кыргыз айрымы,
Кытай, маңгул кеткен соң
Ал жердеги кыргыздын
Чыкпай калды дайыны.
Маңгулдан түбү болсо да
Башкы атагы Кыругуз,
Баш бербестен Манаска
Шыгай уулу турубуз.
Көрдүк Манасыңызды,
Көрө сала көчтүңүз,
Көпөк – деп, калдык биз сизди.
Көчкөн, турган жөнүнөн
Бир ооз кеп кылбай кеттиңиз,
Эске албадың сиз бизди.
Астыңа келип турушум,
Арбытпайын сөзүмдү,
Азыр келген жумушум
Кара кыргыз, өзүбек
Анжиянга жыйылды,

Кадимден калган жерибиз
Түркстандын өзү – деп,
Алтайдын тоо Хын-ханда –
Аңырты, Бозкак кыркада
Баштатан жаткан неме экен,
Байжигит деген эр экен.
Байыган экен ченде жок,
Той берем – деп, камынып,
Жорголонуп Манаска,
Жойпурланып жалынып,
Кылат экен чоң тойду,
Ойлогон экен чоң ойду.
Өзүңүз көргөн Алай бар,
Алайда кыргыз далай бар –
Торуңузга чалынган,
Баш күнүнөн сиздерге
Батырылып алынган.
Балаңыз аты-Коң төрө,
Баш күнүнөн чоң төрө,
Баатырлыгы, балбаны
Баары кытайдын зардалы.
Чынын айтсак, каныбыз,
Тутуша келген душмандын
Чыгар эле далдалы.
Аманбы балаң, Коң төрө,
Арбагы артык чоң төрө?!
Башка журттун баарысын
Байжигит, Манас чакырды.
Жакынын алар чакырса,
Коңго кабар бергин – деп,
Кол менен алып келгин – деп,
Жапак мени чаптырды.
Үйдө жогу Коң төрө
Болду акыры жаман – деп,
Как ушу тойго бир барса
Канкордун жаны эгерде
Калбайт эле аман – деп,
Коңурбай, Жапак бириксе
Койбойт эле иришсе,
Кошо кырып салбайбы
Кошой чал кокус киришсе.
Баатыр Коңур барганча
Өтүп кетер тою – деп,
Тойго Жапак чакыртып
Тозок кылар бекен – деп,
Коркуп жүргөн ою» – деп,
Алымбөкө сөздөдү,
Коңурбай артык баатыр – деп,
Кошоматын көздөдү.
Алооке көргөн Манасты,
Ала-Тоодон түк койбой
Талкалап барган алашты.
Алаштын көргөн айбатын,
Калкынын көргөн кайратын,
Байкап көргөн Манасын,
Акыл менен кутулган
Азабын тартпай Манастын.
Айткан сөздү билгени,
Ак ала сакал Алооке
Арсаң-арсаң күлгөнү.
«Оңой Манас көрбөдүм,
Ойлонгун Алымбөкөм сен,
Орунсуз сөзгө көнбөдүм.
Коң балам азыр мында жок,
Токулуп аты турса да
Аякка сапар кылмак жок.
Карк ажалы жетпесе,
Катышкан жандын баары өлөт
Канкоруң Манас беттесе.
Чын ажалы жетпесе,
Чырдашкан душман баары өлөт
Сырттан Манас беттесе.
Манасты көрдүм – мен көрдүм,
Башы кара, буту айры
Балакетке тең көрдүм.
Жагып ийсе, от өтпөс,

Жара чапса, чот өтпөс,
Тартып атса, ок өтпөс,
Таш көмүр койсо чок өтпөс,
Замбирек атса, топ өтпөс,
Кара темир калк болсо
Канкорду көрдүм албарстай,
Башканын баары ит болсо
Манасты көрдүм жолборстой.
Бөрү болсо бөлөк эл,
Кабылан – деп, канкорду
Катасы жок анык бил.
Манас бөрү, башка эл кой,
Башыңарды жутууга,
Айтканыңдан аңдасам,
Жүргөн экен сиздин ой.
Баламдын аты Коң эле,
Баш күндөн ишим оң эле,
Далайга өкмөт айтам – деп,
Талабым менин чоң эле.
Манасты көрүп басайдым,
Арбыган кайрат азайдым,
Беттешем – деп, Манаска
Берилип калар сазайың.
Акылы болсо Жапагың
Асылышпай тек жатсын,
Анжы-манжы, Туңшага
Аттаналы – деп, жатсың,
Аттын баарын арытып,
Адамдын баарын сабылтып,
Азыктын баарын тосултуп,
Аскерге барган адамды
Ак куудай мойнун созултуп,
Алдыраган кезинде,
Жамандардын көздөрү
Эки айтканча элебей
Жалдыраган кезинде,
Кытайга кыргын салам – деп,
Узун чачтуу ур кыздын
Келер жолун алам – деп,
Жоонун чыгып бетине,
Элиниң чыгып четине,
Ай жок кара кечинде,
Ак туман баскан кезинде
Аярдан киши чыгарып,
Акылмандан ыйгарып,
Жапак болуп, Коң болуп,
Жараткан колдоп кетпесе
Калар беле бу Манас
Капилеттен оңдолуп.
Жабышса Жапак ичинен,
Тайбаса таман изинен,
Коң төрө кирсе тышынан
Күжүлдөгөн бу чантуу
Күбүлөр беле ышынан.
Атпай дүйнө жүзүндө
Баскан жердин түзүнө
Адамдардын баарысы
Адыр экен, коо экен,
Аңдап көрсөм Манасты
Аска-мөңгү, зоо экен,
Кар турган Кара-Тоо экен.
Башканын баары карадай,
Манасты көрдүм төрөдөй.
Башка эл саздын дүмүрү,
Башкасына бакканда
Манасты көрдүм акыры
Басалек улуу дөбөдөй.
Кылыммын – деп, кыйынсып,
Кытай жатыр быякта,
Австралия жердеген
Атасынын көрү – деп,
Кырпур жатыр тыякта.
Жабаа жатыр жайланып,
Жайнаган даңгыт көп эле,
Алдырып коюп Кайып даң,
Калды жипсиз байланып,

Кылдыбы Манас жамандык
Душмандыкты ойлонуп.
Өскөн кыргыз журт эле,
Мен көргөн Манас бар болсо
Өзгөчө өткүр курч эле.
Дарасыз жерде коо болбос,
Дабансыз жерде тоо болбос,
Дагдырда буйрук болбосо
Жапагың мындан соо болбос,
Коң төрө ага кошулуп,
Боло албайт экен боо жолдош.
Жеңил экен Жапагың,
Көтөрүмдүү эр болсо
Коң төрөгө кошулуп,
Кол салат эле не болсо.
Бирөөнүн кылган тоюна,
Мен чакырдым тойго – деп,
Келтирген экен оюна.
Акы өтпөсө доо болбойт,
Атышпаган жоо болбойт,
Аңдап көрдүм мүнөзүн,
Акыры Жапак соо болбойт.
Көңүлгө алып аланды,
Көрүп туруп таштадым,
Кең Анжиян калааңды,
Көпкөрүнөө балакет,
Алып качып кутулдум
Коң атактуу баламды.
Кутулуп алып балаадан
Куру намыс кылбаймын,
Айрылып алып балаадан
Азапты кайта жыйбаймын.
Окуштан келип ол балам
Анжияндан көчтүң – деп,
Оолугуп кылган убара.
Наамандан көчтүң бекер – деп,
Алакандай чантуунун
Алы кимге жетер – деп,
Мазакты балам кылганы,
Баарыдан жаман иш экен
Шашып кетип, баладан
Атанын шагы сынганы.
Алымбөкөм кайтып бар,
Жапакка салам айтып бар,
Алы келбейт Алайда,
Алышар болсо Манаска
Алып келип асылсын
Анжы-манжы кең жайда.
Түрк уулунун элинде,
Түркстандын жеринде
Анда Манас жеңдирбейт,
Жеңдирмек түгүл ал жерде
Атаң-анаң дедирбейт.
Баста жаткан бараң бар,
Баш көтөрбөс арам бар,
Айлакер арап журту бар,
Аңдасак душман ушу бар,
Андан коркуп ыктаган,
Нааманды көздөй чыкпаган
Бараң менен иңгилис
Байкап баарын билдик биз.
Барганда алды Кыйбаны,
Кыйба түгүл бу Манас
Басып алды кыйланы.
Бутап алды Букарды,
Буюм дебей буларды
Ойрон салды Ооганды,
Эски муздун жеринен
Орус кайда соо калды.
Ойрон болгон Манаска
Ойроттун баары өткөнү,
Ойлонбостон Жапактын
Ушу кайсы көпкөнү.
Ыслам динин тутуптур,
Ойногонун утуптур,
Ойго алганын жутуптур,

Орчун шаар Даңгуну,
Дагалакты талкалап,
Ойрондоп баарын бузуптур.
Дүбүрөнү түзөтүп,
Каракыштын калаасын,
Кан ыйлатып баласын,
Каяша кылар бир жан жок,
Селге кеткен түрк уулун
Сен – деп, айтар бир жан жок.
Адамы кумдан кем эмес,
Арбындыгын карасаң
Эч ким жеңер неме эмес.
Дарыя түпсүз – терең көл –
Жайнаган кытай арбын эл,
Катылбаптыр Каканга,
Кандайлыктан соо койду,
Касташкандын баарынын
Каны төгүлүп солойду,
Ат жеткен жерден асылбай,
Азыркысын аңдасам,
Бээжинди аман-соо койду,
Мажусу динге баккандан
Бетинде Бээжин соройду.
Беттешкендер Манаска
Бери багар болбоду,
Бээжинге биздер кеткен соң
Үйрөнүшкөн каным – деп,
Жапак бизге толгонду.
Толгонгон менен айла жок,
Токтолгон менен пайда жок.
Ата-баба динибиз,
Айрылып алып ошондон,
Кагылар – дедик, жинибиз.
Кармашкан менен Манаска
Каруу келер неме эмес,
Кара көлдүн үстүндө
Кара шамал учурса
Оодарылар кеме эмес.
Айтып баргын Жапакка,
Аңдабай башын салбасын
Арылбаган чатакка.
Көргөнмүн Манас баатырды,
Тең туугансып тепеңдеп,
Кара кыргыз уругу
Калыс турат экен – деп,
Катылып колун салбасын,
Капилет өлүп калбасын.
Карасын коюп, актансын,
Аскерин жыйып чактансын,
Атасы бирге болсо да,
Абыдан душман ойлоптур,
Не да болсо сактансын,
Сактанбай кокус тийишсе,
Анык билип мен турам,
Амандыкты таппасын».
Алооке акыл айтыптыр,
Акылын угуп ал жерден
Алымбөкө кайтыптыр.
Орто Азия, Түркстан,
Байжигиттин тою – деп,
Ойроттун баары дүргүшкөн.
Байрактын баары жалпылдап,
Жарактын баары жалтылдап,
Аргымак минип, кындыйып,
Азаматтын баарысы
Аруу тон кийип зымпыйып.
Күлүгүн байлап, тапташып,
Күчтүүлөрдүн баарысын
Күрөшүү үчүн сапташып.
Буудандын баарын тапташып
Буулумду кийип катташып,
Туусу бийик ашталды,
Тою жаңы башталды.
Бөкөнүн баары күрөшүп,
Бөлөктүн баары дүрбөшүп,
Аты күлүк адамдар

Көк бөрүгө чабышып,
Элбесеңки жаш балдар
Экиден-үчтөн жарышып.
Кара тил чечен сөздүүлөр
Капия менен жеңишип,
Карылуусунган жаш балдар
Кармалашып эңишип,
Талма бойлуу, тасма бел
Кыздар тойго келишип,
Кермаралдай керилген
Келиндер менен эришип,
Ак кочкордой маңкайып,
Ак маралдай шаңкайып,
Ажар – өңү, сыпаты
Аткан таңдай чаңкайып.
Кыз менен келди келини,
Кызык көрдү көп адам
Кыргыздын көрүп элини.
Каз элечек бүркөгөн,
Кара бойдон башкасын
Казаа менен чүмкөгөн
Катындар келди калкылдап,
Камка тон кийип жаркылдап
Бай катыны балкылдап,
Башайы кийип жаркылдап.
Куну жоктун катыны,
Кубалап көргүн акыры,
Куур тон кийин куудуңдап,
Ошондо да тим жүрбөй,
Куруп калсын балан – деп,
Ушагын айтып шудуңдап.
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзү-башы ириңдеп,
Өлүүчүдөй баштанып,
Эки көзү жаштанып
Кары келди бу тойго.
Кара кыргыз уругу
Баары келди бу тойго.
Тамаша таңды атырып,
Күлкүсү күндү батырып,
Жаштар ойноп чыркырап,
Өпкөсү жок карылар
Өлүүчүдөй кыркырап,
Аңгемени салышты.
Тойго келгин баатыр – деп,
Байжигиттин балдары
Чакырышып барганы.
Кабарын Манас алыптыр,
Карыясы Бакайга:
«Келсин» – деп, кабар салыптыр.
Алмамбет, Сыргак ал экөөн,
Ажыбай, Кыргыл бул экөөн:
«Кара кыргыз журтунан
Каада билген нарктуудан
Он миң отоо алыңар,
Кең Алайдын оюна,
Байжигиттин тоюна
Барып тигип салыңар.
Абам келет Кебилден,
Абакемди күтүүгө
Азыркы менин демилгем»,
Ал сөздү айтып салыптыр.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Алмамбет менен Чубагы,
Азыркысын кырк баатыр
Кайраты толук убагы,
Он миң отоо үй алып,
Адил казы, бий алып,
Ашкере семиз бээ менен,
Айры өркөч, нарча төө менен,
Аштыктан келген-чөл жактан
Алты жүзчө жөө менен
Оторго барчу жылкыдан
Ноктолотуп мингизип,
Баарын жолго киргизип,

Алып жүрдү Алайга,
Аңгемелүү ушу той
Аягы кетер далайга.
Байжигитке баш болуп,
Коногун кошо алышып,
Ар түрлүү кылган аңгеме
Чыгымга боюн салышып,
Кең Алайдын оюнда,
Байжигиттин тоюнда
Башчы болуп Алмамбет
Башкарып тоюн туруптур.
Тойго Манас келе элек,
Жапакты кудай уруптур.
Той бергенсип томаяк
Алтайдан келген Байжигит
Алың сенин бир чигит.
Көтөргөн болуп туусуну,
Көбөйткөн болуп чуусуну,
Акылына албастан,
Айтууга болсун чоң дастан,
Калчанын Калдар беги бар,
Калабалуу алтайлык
Канча түрлүү эли бар,
Канкор менен тийишип,
Кандай кылсам эби бар,
Элге Манас нени айтса
Макул көрөт, эми бар.
Эм кылганын эңшерип,
Балаа кылып макулун,
Тетири учуп, айланып,
Тетеңдеп Манас кол салса
Жери калсын майланып,
Тою калсын бүлүнүп,
Баары кыргыз жалтансын
Баатырлыгым билинип.
Манас жүрөт, түк билбейт,
Шыгайдын уулу мында – деп,
Бенде экен – деп, көзгө илбейт.
Көрүнөйүн тоюнда,
Көмүктөн ачып алгандай
Мени көөсөр – деп, жүрөт оюнда.
Көңкү кыргыз бүлүнсүн,
Же менин көөсөрлүгүм билинсин.
Кара кыргыз баласы,
Тажатып чыксам Манасты,
Арбыны тиер колума,
Жыла-жыла жетермин
Кыргыздын калың коруна.
Муну ойлонуп салыптыр,
Алты жүз үй көчүрүп,
Алып келип калыптыр.
Алты шаар жаккы четине,
Айылдын конду бетине,
Алооке келет экен – деп,
Алган экен нээтине.
Алымбөкө барганы,
«Алооке келбес болду – деп,
Чакырбай бизди койду – деп,
Тойдун ээси Байжигит.
Барып калса Алооке
Байжигит, Манас белгиси,
Байкап турсам жок экен
Башкасы айтса келгиси.
Алтайлыктын тою – деп,
Ай-ааламды чакырган
Алда кандай ою – деп,
Келбей койду бизге – деп,
Чакырба – деп, айттым го
Жапак аке, сизге – деп,
Кызматыңкачан билинди,
Кызыталак алтайлыктарга
Кыйырыңмынча бүлүндү.
Алынып алган арамдар,
Алтайдан келген кыргызда
Албан түрлүү адам бар,
Ажырашар көрүнбөйт,

Алтымыш бөлүп салсаң да
Манастан башы бөлүнбөйт.
Баркөлдөн келген байкуштар
Маңгулдан болгон кыргыз бар,
Баш булгоочу бири жок
Байкап көрсөм бул элде
Манастан бөлөк тири жок.
Маңгул менен татары,
Баш күндөн бирге катары,
Кырга чыккан угуз – деп,
Кылымга маалим болгон кеп,
Кара кандын тушунда,
Калк бөлүнүп ушунда
Калсак-калмак атагы,
Куп чак болуп дин үчүн,
Кара кыргыз атанып
Далайга тийип чатагы,
Бөлүнүп аталарыбыз,
Жүз жылга жакын көрүшпөй
Бөлөк өсүп баарыбыз,
Жакындашаар жайда жок,
Эселден бөлөк өскөн соң
Айтып-айтпай айла жок,
Барктабай турган болгон соң
Мал түгөтүп пайда жок,
Анжиян менен Алайда
Алооке деген чоң канга
Аралаш жүрдүк далайга.
Атасынын көрү кытайга,
Айбатынан Манастын
Анжы, Бээжин чоң калаа
Алтайдан өтө качкан соң
Алоокеден не пайда.
Амур, Уркун дайраны
Аралап көрдүм аларды,
Айткандын болбос жалганы,
Маңгул, калмак, кыпчагы,
Түгөнгөн Манас дегенде
Түшүрбөйт экен оозунан
Түрк уулунун калганы.
Ал жерде калган кыр угуз,
Аңдап көрүп Жапак жан
Акылыңа сөз жугуз,
Айыл олтуруп кол салсак
Асылы болбос мунубуз.
Кара кандын тушунда,
Кырдагы угуз балдары
Каалап динди ушунда,
Арыз айтып, динге кирсек – деп,
Көбүрөөгү муну айтып,
Ата-баба динини
Артыгыраак билсек – деп,
Ата динге калсак – деп,
Арбыны айтып андай кеп.
Азыр барып мен көрдүм
Калсактардын уругу
Алтайда экен арбын көп,
Алар да оздон түшүрбөйт
Арстан эле Манас – деп.
Алакандай Алайдан
Ал Манаска жоо болуп
Асылышың кандай кеп?
Ногой, Шыгай бир тууган,
Эл менен жерин алдырып,
Төбөй уулу бузулган,
Кыргыз тарап азайып,
Айрылган жерден ушундан.
Алооке алып мизинди,
Анжиян болуп атагы,
Арбак урган кытайдын
Ааламга тийген чатагы.
Анжиян – деп, калаасын,
Айдап, сүрүп чыгарып
Кыругуздун баласын,
Токтотконун сарт кылып,
Тобубузду тоздуруп,

Тоого сүрүп, дарт кылып,
Тозуп, таппай жигинди,
Алайдын аркы багытын
Атаң Шыгай жердептир
Тасыры деген тигинди.
Тасыры деген жер экен,
Кой менен төөгө калганда
Татар чөбү кең экен,
Жылкы менен уй малга
Тартыш болчу неме экен.
Суусу таңкыс, аз экен,
Талаасы кеткен Дөбөткө,
Чөл-биябан бас экен.
Алты ай келген жай күнү
Ысыгына түтпөгөн,
Керимсел учуп күчөгөн,
Кыштын болгон алты айы
Кылайып кар түшпөгөн,
Тасыры деген тигинди,
Дагы Алайың болбосо
Таппайт элең жигинди.
Биябан экен – чөл экен,
Кырдагы Угуз балдары
Дарыя чалкар көл экен.
Келе электе алтайлык,
Кеңеш кебин айталык,
Кыргыз, кытай биригип
Жайлап жүрдүк Алайды,
Алайдан кеткен Алооке
Айтты мага далайды.
Анжиянга келгенде
Алооке деген кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Манасты көрүп алганда
Мактанып жүргөн Алооке
Башын алып кутулган,
Баашалыгы бузулган,
Басташпайлык Манаска,
Бишаарат алгын ушундан.
Кылым кытай уругу,
Кызыл чок ойрот улугу,
Соорондүк кандын баласы,
Туңша Бээжин калаасы,
Ак ыслам дини – деп,
Арбак урсун кытайды,
Азган каапыр зили – деп,
Алмамбет келип эл болду,
Атаң Жакыпка бир тууган,
Акылман Жапак не болду?
Манжулуктун калмагы
Баш күнүнөн, бери жакка
Баш кошушуп калганы,
Аралашып баш күндөн
Жанына жолдош кылыптыр
Шакум аттуу баланы.
Манжулук калмак баарысы
Башкага кетпейт намысы,
Мажыбек болуп ал жүрөт,
Маанайында каралаш
Башка уруудан да жүрөт,
Кыргыздан экен Кыргылы,
Айтканымда Алооке
Найза бою ыргыды.
Жакыптын уулу Манас – деп,
Манаска кусур ким айтса,
Башын жутпай калбас – деп,
Алтымыш жылдан бери жакка
Адам жеңип албас – деп,
Алооке айтты андай кеп.
Асыр асылышпайлык
Арзан экен Манас – деп.
Айтканын макул көрөлүк,
Ардеме десе көнөлүк,
Букара болуп кирелик,
Бултарбай ыгын билелик,
Кыругуз болгон түрк уулу

Кытай менен соо болбос,
Кыр көрүнбөй, тоо болбос,
Көл жайнаган кытайдын
Көптөшкөн жерин көргүн – деп,
Манас менен Коӊ төрө
Көздөшкөн жерин көргүн – деп,
Ага чейин кыӊк этпей
Айтканына көнгүн – деп,
Алооке айткан акылы,
Жакты мага акыры».
Алымбөкө муну айтып,
Азыр турду Жапакка.
Калчанын Калдар бегине
Ишенип алып эр Жапак
Ишин салды чатакка.
«Айтпа Алымжан мунусун,
Абийири жок сөз айткан
Алооке болбой курусун.
Акылдаш – деп жибербей
Коӊ менен Күр төрөнү,
Нааманды таштап жөнөгөн
Өзүндөй наадан көрөбү?!
Майдан тартып турушпай,
Баш байлашып урушпай,
Ажалдуусу өлүшпөй,
Азаптуусу көрүшпөй,
Акылсыздын баарысы
Акылдууга көнүшпөй,
Кытай деген чоӊ урук,
Кылым дүйнө жыйылса
Кытайга жетпейт чогулуп,
Кыргыздан качып Алооке
Көө сүрөткө чокунуп,
Бээжинге качып чогулуп,
Мен үчүн айтып насият,
Бу жерге келип сен айтып
Бериштенин сөзүндөй,
Бетин көрүп Манастын
Беш айлык жолго качкандай
Мени да көрүп өзүндөй,
Айткан мага акылын,
Алоокенин сөзү – деп,
Анча несин такыдыӊ?
Асмандаган ак терек,
Асили жерден чыккан соӊ
Бийиктиги не керек.
Балта тийбей сынбасмын,
Же өлтүрбөй, же өлбөй,
Манас үчүн тынбасмын,
Башын алып кутулуп
Барган экен Алооке,
Мага насият кылбасын!»
Бу сөздү айтып салганы,
Алымбөкө бу сөзгө
Ачуусу келип калганы:
«Карынын сөзүн кагасыӊ,
Кан Алооке сөзүнөн
Кандай кыйшык табасыӊ?
Майсыз жанар чырак жок,
Байкап турсам Манаска
Жакын да жок, ыраак жок.
Өлөӊдүү жерди өрттөгөн
Өткүрлүгү көрүндү,
Өз, жат дебей теӊ көргөн
Жеткирлиги көрүндү.
Кара суугa кан куйган
Канкордугу көрүндү,
Калайыкка чаӊ салган
Анткорлугу көрүндү.
Ороздунун он уулу
Ороӊдогон өзүӊө,
Керемдин капчыгайында
Көрүнгөн жокпу көзүӊө?
Тыгам – деп, союл көтүӊө,
Көптүгүн сага көргөздү
Көгөндү – Кыя ашырып,

Көшөкөр уулу Бөлөкпай
Алып калды өзүңдү
Алмалуура жашырып.
Шыгайга салган кылыгын
Ногойго да салыптыр,
Ногойго сала койгондо
Оён Манас канкордон
Ойрон болуп калыптыр.
Өзүнөнбү, өзгөбү
Олутун Сыргак алыптыр.
Көз каман уулу дегени
Көчүп жаңы келгени.
Чалыр турат сөздөрү,
Чагыр турат көздөрү,
Манас менен эл болуп
Жүрөр эмес өздөрү.
Манасты жутуп салгандай,
Тукуму Шыгай болгону
Тунуп жыргап калгандай
Сага да жүрөт кекенип,
Бадышалык өкүмөт
Баштан-аяк алгандай,
Баш бербей Жапак калгандай.
Балан десек бадирек,
Канкордон мурун кабылып
Калмагы колду салгандай,
Карап турсам мүнөзү
Качырып каман чалгандай.
Ороң-бороң сөздөрү,
Ойротто жок аңдасам
Орой экен өздөрү.
Бирлешкен киши бир да оңбос,
Жакындашкан жарыбас,
Байкашкан киши марыбас,
Манаска да, сага да
Байкап турсам ичи кас.
Төбөй уулу баарыңар,
Төртөө-үчөө карыңар,
Көңкү алашка көтөргөн
Көкөтөй турат каныңар,
Көк жал Манас өлбөсө
Көңкү Төбөй балдары
Тынчыбайт экен жаныңар,
Берген экен силерге,
Бербердигер кудайым
Бак берген кудай Манаска,
Баштан-аяк баарыңар
Көрө албайсың жудайын.
Он бирсиң Шыгай балдары,
Ошондо да көпсүнүп
Ортого сени алганы
Ороздунун балдары,
Ошолордун кордугу
Оюңдан чыгып калганбы?!
Жаман тууган дегендин
Жайын билип бейлегин.
Арстан Манас келгени
Адамдын баары дегдеди.
Кыраан Манас келгени
Кыргыздын баары дегдеди.
Көп кыргыз кеткен сарт болуп,
Кыйындардын баарысы
Кыргыз атак өчөт – деп,
Көңүлү жүргөн дарт болуп,
Көк жал Манас чыкканы
Баары кыргыз жүрөсүң
Бадышадай март болуп,
Ногой, Шыгай деген сөз
Орто жерден табылды,
Тилегин тилеп кыргыздын
Оёнуң Манас сабылды.
Эл-журтум, жээк-жергем – деп,
Эртели-кечти тилеги,
Өз тууганы Манасты
Өлтүрө койсок экен – деп,
Түрүлүп жүрөт билеги.

Анткени менен бу Манас
Акка салган ишини,
Аман-эсен соо койбос
Асылышкан кишини.
Тилимди алсаң Жапагым
Тим жарабайт чатагың,
Тийишем – деп Манаска
Абийириңди кетирип
Тик көмүлүп жатпагын.
Ойлоп турсам оңолбос
Ойрон болгон Манаска
Ойногон душман соо болбос.
Кыйналган күнү кез келип,
Кызырдан жардам сураган,
Кызыр берип мүсүрөт,
Кыргыздын башын кураган.
Маңгул деген бир урук,
Башынан чыккан улуу журт,
Баштаган Манас арбынын,
Бабаңардын жегени
Бака, борсук, тарбыгын.
Калмакты кылып мусулман,
Кайтарды баарын ушундан.
Маңгулду кылып мусулман,
Баарыңды тосту ушундан.
Диндеш болуп кытайга,
Аралашып башынан
Азиядай кең жайга,
Араңды бөлгөн Манаска
Асылыштан не пайда?!
Калмактан кылды мусулман,
Карый элек, жашы бар,
Аяк менен башы бар.
Кырдагы угуз балдары
Кыйладан бери аты өчүп,
Маңгул, калмак атакка
Башы кирип калганы,
Кыйла кылып аракет
Кара кыргыз наамга
Кайтарып Манас алганы.
Өзбөгөн угуз балдары
Өз жакшысын көрө албай,
Өзүнөн чыккан улуктун
Өкүмүнө көнө албай,
Көтөрө албай ырысын,
Көрүп турам кыргыздын
Көп балакет кылышын».
Алымбөкө айтыптыр,
Айтканын угуп ал жерде:
«Ай ушуну кантсем» – деп,
Жапак баатыр кайтыптыр.
Калчанын Калдар беги бар,
Калча деген уруктан,
Катасы жок, кулдан – деп,
Айткан экен Угуз кан.
Манас чаап, каратып,
Ала албай калган өчү бар.
Аңдап көрсөң мурунтан
Кызматын көрүп ооруктун,
Кызын алып Шооруктун,
Мажусу динден кайтарып,
Сүрүшкөндүн баарынын
Жүрөгүн алып майтарып,
Зордугу бар Манастын.
Багындык деген кеби бар,
Башын жутсам экен – деп,
Манаска кылган кеги бар.
Орчун кыргыз тынайды,
Ногой менен Шыгайды
Күүлөп коё берейин,
Манасты Шыгай өлтүрсө,
Ачып алып башымды,
Атаңдын көрү кыргыз – деп,
Ар тарапка желейин.
Койбой ногой улуусу,
Өлсө Жапак мунусу,

Козголбостон ногойго
Кошомат кылып жөнөйүн,
Ошону алып оюна,
Манастын башын көргөн соң
Ким ишенсин боюна,
Барган экен Жапагы,
Караган бизге калча журт,
Калча да болсо канча журт,
Акылдашып алсам – деп,
А кимсиген канкорго
Асылышып калсам – деп,
Оңума келип окустан,
Колум жетип кокустан,
Дөө Жакыптын баласы –
Өлүп калса Манасы
Өкүмөт ээси Жапак – деп,
Өлтүргөн соң Манасты
Өкүмөт күтүп жатат – деп,
Артыма калсын атагым,
Аянбайын бу күндө,
Манаска болсун чатагым.
Манаска тийбей койсом да
Ажал жетсе бир күнү
Акыры өлүп жатамын,
Өлсөм дагы Манастан
Өзгөчө калсын атагым.
Баштан-аяк түрк уулу
Басташкандан баш тартпас
Баштатадан бил муну.
Өчүгүшсө өлүшкөн,
Өңкөй түрк зилиңиз,
Такашса тууган дебеген
Таштан катуу дилиңиз.
Баштан-аяк бу бейил
Бабаңдан – деп, билиңиз.
Түмөндөгөн түрк уулу
Түпкү атаңдын наркы – деп,
Түгүң калбай бил муну.
Кол салмакка Манаска
Козуп Жапак калганы.
Коркпой колду сен сал – деп,
Кошуун жыйып, кол көптөп,
Бет алышса мен бар – деп,
Күүлөп салды Калдарбек.
Жапак келди кошуна:
«Кокус Ногой чыр кылса
Кол тартпагын балдар» – деп,
Дар пикири Жапактын
Өлүп Манас калса – деп,
Өкүмөтүн алсам – деп,
Өзгөнүн тилеп алаштын,
Өлгөнүн тилеп Манастын,
Арбагын тилеп алаштын,
Ажалын тилеп Манастын
Азаматын даярдап,
Арстан Манас баатырдын
Астын тосуп аяңдап,
Кандай кылып шылтоолоп,
Катыларын биле албай,
Кармап сөздөн бузууга
Катыштырып тил албай,
Жапак минтип калыптыр,
Манаска балаа кылууну
Көңүлүнө алыптыр.
Алмамбет, Бакай, кырк чоро,
Алар барган бир жоро,
Кара кыргыз бүтүнү
Каркап он миң түтүнү.
Үйүн тигип Алайга,
Конок күтүп далайга,
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Түрлөп даам – жай коюп,
Дүңгүрөтүп айдатып,
Түрмөктүү жылкы мал коюп,
Жаткан алар жайлашып,

Жакада бээ байлашып.
Айткан тойдун күнүндө
Эр Манаска караган,
Алтай тоого тараган
Он үч миң жарым кол менен,
Калмактары кайлаган
Керкөкүл келип түшкөнү.
Алтынкөкүл, Керкөкүл
Адамы кыйла мажусу,
Мусулманы, каапыры
Аралашып акыры,
Азыр келген бу тойго
Алтынкөкүл баатыры.
Эр Манастын жөкөрү
Эгей-шыгай кырк бөрү
Алар күтүп калыптыр.
Алардын арка жагынан
Алты шаар уйгуру,
Даңгытты билген кургуру
Кайыпкан менен Мунары
Ызатын кылып буларды,
Кайнаган кара кол болуп,
Кара курттан мол болуп,
Он алты миң кол менен,
Ополду баскан жол менен
Алар келип калыптыр,
Оён Манас аскери
Астынан тозуп барыптыр.
Чай кайнатып, нан коюп,
Казы кертип, жал коюп,
Суусундукка бал коюп,
Жагынага мал союп,
Жатсын булар куп тоюп.
Жедигердин эр Багыш
Жети жүз киши кол менен,
Жекендин башы жол менен,
Угуз кандан бөлүнгөн,
Кыругуз болуп атагы,
Урматы артык көрүнгөн,
Сыпайы тартып сыяптап,
Сур кийик атын кыяптап,
Багыштын колу келгени,
Аркасынан дүңгүрөп,
Агыштын колу келгени.
Байжигит тобу канчалык,
Башкарып бөлүп алганы.
Аркасынан алардын
Калча тажик Шооруk кан
Алты миң аскер барганы.
Жапак көрүп жарагын,
Жамандык экен тилеги,
Көпкөндүгүн карагын,
Жакшы айтышкан кишим – деп,
Жайымды Манас билсин – деп,
Кара күчкө күүлөгөн
Калдарбектин сөзүнө,
Кас ажалы Жапактын
Жеткен экен өзүнө,
Ойротту баскан бу Манас
Ойрон болгон Жапактын
Көрүнбөптүр көзүнө,
Деги дабаа жок экен
Тең атанын сөзүнө.
Найзасын миздеп тыкыстап,
Көрүнсө Манас көзүнө
Ат койчудай ыкыстап,
Жапак жүрөт күүлөнүп,
Жаалданып сүйлөнүп.
Ошо кезде карасаң
Оогандын келди кошууну,
Ойлоп көрсөң ошону
Селделерин чалынып,
Зер гүл куржун салынып,
Азыркысын атактуу
Акун менен Түлкү экен,
Абаң Кошой ал кошо,

Кыргыздын сөзү түрк экен.
Ооган менен Кыйба экен,
Алардын эли кыйла экен.
Барсы, тажик тили бар,
Мажусуну көргөндө
Басылбаган жини бар.
Боз жорго менен чайпалып,
Ак сакалы жайкалып
Кошой келип калыптыр,
Ооган, Түлкү, Акун кан
Абакеңиз Кошойго
Кошо келип калыптыр.
Алардын арка жагынан
Букар, Кейип шаарынан,
Кулакчын, жалдык, дейилде,
Бу дүйнөдө мал жеткис
Бууданынын баарына,
Азирет! – деп, күңгүрлөп,
Аккан селдей дүңгүрлөп,
Асманга чаңы буркурап,
Азан айтып чуркурап,
Куржундарын салынып,
Курун селде чалынып,
Барсы, тажик тил менен,
Бадышасы Атемир,
Кош артып кошок бил менен,
Келип калды бул тойго
Кайнатасы канкордун,
Калк түгөткөн анткордун.
Конок үчүн бөлөйүн,
Так ушуну шылтоолоп,
Кол салышып көрөйүн,
Коржондоп Манас чыр кылса,
Бирим калбай өлүшүп,
Билгеним кылып жөнөйүн.
Ушуну Жапак ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Атемир кандын астынан
Азыр каршы барыптыр,
Аксакал экен Атемир,
Айтып салам салыптыр,
Атемир алик алыптыр.
Амандашкан жеринде:
«Адамсыңбы, жинсиңби,
Билесиңби жынсыңды?
Аркансыңбы, кылсыңбы?
Аркансып жүргөн өзүң бар,
Кызыңды берип Манаска,
Кыл ойлоймун өзүңдү,
Кылдан артык күчүң жок,
Кылымды билер түзүң жок,
Байлаган болуп күлүгүн,
Алтайдан келген кедейге
Салган болуп тулугун,
Кытайдан башын бөлгөнсүп,
Кыйба кыргыз болгонсуп,
Орто Азия, Түркстан
Кыр-оюна толгонсуп,
Жайлоосу Алай жазык түз
Той берип толкуп конгонсуп,
Угуз кандын уругун
Нуска билген баатыр – дейт,
Аркалык угуз баары айтат,
Ак сакалдан кары айтат,
Кыйба менен тажикти
Катасы жок катын» – дейт.
Атемирге ал барып
Албан түрлүү сөз салды,
Ал сөзүнө Жапактын
Атемир кан таң калды.
«Эп-эп, балам, сиздики,
Элибиз коркок экени
Эзелден маалим биздики».
Бу сөздү айтты кебелбей,
Жапакка койду теңелбей.
Андан чыгып алыптыр,

Акун кан менен Кошойго
Акыры барды ошого.
Эр Кошойго кеп айтып,
«Манасың мага турушсун,
Баатыр болсо Манасың
Майданында мен жүрөм,
Коркпосо, келип урушсун!»
Улук Кошой бу сөзүн
Угуп азыр алганы,
Алиги жерден Жапакка
Ачуусу келип калганы:
«Тарап кеткен кыргызды,
Тагдырда жазган кудурет
Дагы берип ырысты,
Адам болор бекен – деп,
Артык турса тилегим,
Жоруксуз Шыгай балдары
Жоонойгон экен билегиң.
Манаска колуң салууга
Макул экен көңүлүң,
Колуң тийсе кокустан
Өзгөгө жок, аныгы
Өлүм анык, биле гой,
Өз башыңа көрүнүү».
Ал сөздү айтып салганы:
«Компоңдобо Кошоюм,
Коркконуңуз Манастан
Кордугун көрүп ошонун.
Кошула койгун канкорго
Коркутуп алган анткорго!»
Ал сөздү айтып салыптыр,
Абакеңиз эр Кошой
Айран-азыр калыптыр.
Сүрөтү бар адам – деп,
Сүйлөгөнү айбан – деп,
Жин даарыган жери жок,
Азыркысын кыргыздын
Кургап калган тери жок.
Кытай кылды залимди,
Кыр Угуздун уулунан
Кыйнап алды алымды.
Алды каткан кыргыздар
Алдырады, сабылды,
Алооке деген кан чыкты
Айбатынан жан чыкты.
Кандык өтүп кытайга
Карайладык ар жайда,
Кабылан Манас чыккан соң
Калабалуу кытайды
Эми күсөш не пайда?!
Оюна далай ой ойлоп,
Оён Кошой бой-бойлоп
Ошо бойдон калыптыр.
Ал ошенткен кезекте
Чыйырчыкты жайлаган.
Чыбырата кулун байлаган,
Алтайдан Манас келгенде
Аскери жүз миң жайнаган,
Панустун жутуп башыны,
Тилек кылып кудайдан
Көзүнүн төгүп жашыны,
Угуздун кырда балдары,
Ушундан бөлөк баарысы
Убарага салганы,
Маңгул менен калмагы
Баштан-аяк тил албай,
Балакетке салганы,
Баашасына баш бербей,
Баштап алып кыргызын,
Панус деген канына
Жапаа салып жанына,
Тилегин тилеп алаштын,
Өмүрүн тилеп Манастын,
Чакмак, Күйүк жошулуп,
Самап келип кыргыз – деп,
Сайрамда келип кошулуп,

Атагы мурун Салма-Суу,
Азыркы аты мына бу –
Салышып жайды алдык – деп,
Салма-Сууга келгенде
Жаңы тууган табылып,
Жайланып жатып калдык – деп,
Күлүктүн баарын байладык,
Күлкүбүз чыгып сайрадык,
Буудандын баарын байладык.
Куушуп жүрүп жайды алдык,
Бугубуз чыгып сайрадык,
Көкөтөйгө караган
Көңкү кыргыз канча жан,
Баймырза менен Жанайы,
Баары тойго келиптир,
Баатырлардын далайы.
Арбагын журтка даң кылган,
Азаматын сан кылган,
Алгандан соң Панусту
Ар жагы Букар, Нааманга
Обурагын көтөрүп,
Кан көтөргөн көп жанга.
Көкөтөйдүн кызыл туу
Көтөрүлтүп калкылдап,
Көй төрөнүн баарысы
Ураан тартып баркылдап,
Азаба менен туулары,
Азирет! – деп, чуулары,
Он эки миң кол менен
Ушу жерден көрдү буларды.
Келмеге тилин жатташып,
Аргымак атты бапташып,
Найзанын баарын сапташып,
Түркстандын кыргызы
Үйөр жүргөн немедей
Тойго кирди капташып.
Уругу кыргыз болгонсуп,
Уруп кеткен бир чалын
Кан көтөрүп койгонсуп,
Канына барып кайтайын,
Каар кебимди айтайын,
Бу сөздү Жапак ойлонуп,
Көкөтөйгө келгени,
Көпкөндүгүн караңыз,
Ат менен салам бергени.
Кайдан билсин Көкөтөй
Алигин куп – деп, алганы.
«Алооке кандын орду – деп,
Ак сакал болгон шордуу – деп,
Алоокенин орунун
Ким ушуга койду» – деп,
Киши айтпастай бу бир кеп,
Жапак сүйлөп салганы.
Жанындагы Бокмурун
Жаалы келип калганы:
«Алоокең кыйын кан экен,
Менин атакем осол жан экен,
Панусуң улук кан экен,
Көкөм төмөн жан бекен,
Көөсөр айбан бул неме
Кайдан келип калды экен?»
Ал сөздү айтып салганы,
Ачууланып Бокмурун,
Обдула түшүп Жапакты
Оройго басып алганы.
Болжоп кара бул ишин,
Бокмурунду чабам – деп,
Мойнуна албай кылмышын,
Боордон суурду кылычын.
Муну көрүп Бокмурун
Кылыч суурат мага – деп,
Кызыктын баарын бул күндө
Көргөзөйүн сага – деп,
Чокусунда чогу бар,
Өзөгүндө огу бар,
Бурама түшкүн булдурсун –

Чапса кулак тундурсун
Кылычын кындан суурганча,
Бокмурунга урганча
Камчы менен Бокмурун
Кайраттанып салыптыр,
Артыла тийип кулакка
Алиги Жапак баатырың
Аттан түшүп калыптыр.
Байдын уулу Баймырза:
«Бадышага жөөлөшүп,
Аттан түшкөн кай мырза?»
Жапактын көрдү жатканын,
Жаак-башы айрылып,
Абыдан шору катканын.
«Шыгайдын уулу неткен? – деп,
Бу жерге кайдан жеткен? – деп,
Кылычы жатыр колунда,
Көмөлөнүп калыптыр
Көкөтөйдүн жолунда.
Кантесиң Жапак, тургун – деп,
Жаагы-башың кан болгон,
Жаман жорук мунуң» – деп,
Кайтып башын көтөртүп,
Каны-башын жуудуруп,
Жаранын оозун буудуруп,
Баймырза баштап алыптыр,
Балаңды соо койбойм! – деп,
Бапылдап Жапак барыптыр.
Атемир менен Кошойдун
Жапагың жаман сөктү – деп,
Арзып той – деп, чакырып,
Абийирди Манас төктү – деп,
Уялбай турган бетиби,
Сөк – деп, Манас айтпаса,
Бизди сөгөр кө тү бү?
Мойнуна шайтан миндиби,
Манас айткын дебесе,
Артыкча бизге асылып,
Анын өзү жиндиби?
Акбөкөдөн айттырып,
Алар кабар салыптыр.
Аны укканда эр Манас
Арбак кандай урган – деп, Айран-
азыр калыптыр.
Аны-муну дегенче
Акун кан менен Түлкүдөн
Абийирибиз төгүлдү
Тоюна келип түркүдөн,
Манас баатыр нетти – деп,
Тойдон келип биз уктук
Адам укпас кепти – деп,
Байжигит той кылып,
Баштатадан бу Манас
Сөктүрүүгө биздерди
Жүргөн экен ой кылып.
Жапагына сөктүрүп,
Абийирден түк койбой
Абыдан жерге төктүрүп,
Чакырган экен тоюна
Ыза кылмак үчүн – деп,
Көпчүлүгүн чогултуп,
Көргөзмөк экен күчүн – деп,
Акун кан менен Түлкүдөн
Азыр келди калчасы,
Ар тараптан көп келди
Арызчылардан канчасы.
Кайып кан менен Мунардан
Кабар келди булардан:
«Байжигитиңтой кылып,
Чакырыптыр тоюна,
Тойго келсе сөккүн – деп,
Байжигитпи, Манаспы,
Жапактын койгон оюна.
Наалып айтып баарысын,
Жиберген экен Манаска
Акыбек деген карысын.

Андан келди кабары,
Алла билер булардан
Жапактын жаны каларды.
Айдаркан менен Көкчөдөн
Алымсейит кабары
Жапагың жаман сөктү – деп,
Айтып бу да барганы.
Жамгырчы менен Чагоодон
Чабар барды олордон.
Угуп Манас умпайып,
Урушкандай сумсайып,
Шыгайдын уулу Жапак – деп,
Алоокенин колунда
Аралашып жүргөндө
Не кылбаган чатак – деп,
Касиеттүү карыга,
Кандайлыктан тийишкен
Канзааданын баарына,
Барайын – деп, мен ага,
Тең туугансып болбос – деп,
Чакыртсак келе койбос – деп,
Теңир ургур а да бир
Жаңгелге жаткан жолборс – деп,
Сурайынчы аны – деп,
Карадан эмес сөккөнү
Мусулмандын каны – деп,
Айттырган Манас экен – деп,
Тим коюптур баары – деп,
Астынан жүрүп жол тосуп,
Акимдерге жолгошуп,
Оозуна келген кепти айтып,
Оюну бекен, чыныбы,
Минтсем кантээр экен – деп,
Биз үчүн кылган чырыбы,
Билмек үчүн сырыны
Бармакчы Манас болуптур,
Баскүрөң деген бир атын
Балдар токуп коюптур.
Барарын билип Жапакка
Балакеттүү чатакка
Баатырына туйгузбай,
Баскүрөңдү тургузбай,
Алып келгин ылдам – деп,
Астыртан айтып аста кеп
Аккула атты току – деп,
Байлоодо туруп баптаган,
Сары арпа менен таптаган,
Чоң казатка сактаган,
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерден сугарткан,
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Үртүктү кабат жаптырган,
Үлкөн күлүк бул атты –
Урматы артык Кула атты,
Эки каптал эн темир,
Эңкер баштуу ак каңкы ээр,
Желдетке атын токутуп,
Аккуланы жебелеп,
Ары-бери жетелеп,
Желдеттер тышта туруптур.
Кайта кирип Каныкей
Канкоруна кеп айтып:
«Каса тулпар Аккула ат
Чөптөн арбын чалыптыр,
Ченеп берген жеминен
Төрт байса артып калыптыр.
Төрөм аны токуттум,
Кириши чыгып жазылсын,
Жамбашынын аштоосу
Салмактуу жүк арткандай
Бычак сырты басылсын,
Аркадагы жүлүнү
Сары суусу сыгылсын,
Колконун баары чоюлуп,
Таз карында жаман чөп
Картага барып тыгылсын,

Жүк арткан менен болобу,
Жүк өгүзгө ылайык,
Аккулага жүк артса
Бактысы калбайт кылайып.
Баса мингин баатыр – деп,
Урматы бар улуксуң,
Учкашпас киши акыр – деп,
Тула боюң тууш күч,
Кара боюң катуу күч,
Ошондо да куда атка
Жеңилдик кылып жатыр – деп,
Баатыр сизге бата албайм,
Батынып сөздү айта албайм,
Уруна турган тоо да жок,
Уруша турган жоо да жок,
Той маараке үстүндө
Кудайга шүгүр, коога жок.
Атыңа салмак болсун – деп,
Кий десем соот, кыягың
Үйдө жарак кийгин – деп,
Акылсыз катын айтат – деп,
Жаман көрөр сыягың».
Күлүп коюп шыңк этип,
Күрөөкө тондой жылт этип,
Күдөрүдөй былк этип:
«Атыңа салмак болсун – деп,
Аккуланын күчү көп,
Өлчөөсүнө толсун – деп,
Түштүктөн жакын жерде экен
Чоң атаңдын тууганы,
Чогулган элдин баарысы
Жакшылап келип турганы,
Барып андан келгенче
Бастыксын кула ат тулпарың,
Салмактуу жарак алыңыз,
Белге саадак салыңыз,
Ак келте мылтык асынып,
Кылычты белге чалыңыз,
Салмактуу болсун атыңа,
Жетсеңиз менин датыма
Айбалта менен күрсүнү –
Алгын жарак мүлкүңү».
Оор тондон кийгизип,
Ойлонбогон канкорду
Оңдоп жолго киргизип,
Башталгандан той кызык,
Башың салкын жүрсүн – деп,
Башкача тийген күн ысык,
Туулга менен калканды
Жуда баарын алганы,
Казат атын мингизип,
Казат тонун кийгизип,
Тууганына барууга
Туура болгон бабында,
Барууга Шыгай айылына
Даяр болгон табында.
«Анык душман элиң жок, төрөм,
Аттанып үйдөн чыкканда, төрөм,
Душманың жок, жериң жок,
төрөм,
Жакының көп, жатың көп, төрөм,
Айылыңда азыр турсаң да, төрөм,
Айтууга арыз датым көп, төрөм,
Адамдын баары куру эмес, төрөм,
Ак жоолуктуу катын көп, төрөм,
Кара кыргыз калкыңда, төрөм,
Жакыныңдан жатың көп, төрөм,
Жамандык кеткен жынсыңдан,
төрөм,
Жайыңды билип турган соң,
төрөм,
Жарыңыз көрүп кысылган, төрөм,
Тууганым дээрсиң, сүйөөрсүң,
төрөм,
Душмандан жаман күйөөрсүң,
төрөм,

Темир деген бир жыныс, төрөм,
Жыгач менен, таш менен
Темирди кыйын иш кылыш,
төрөм,
Темир иштээр темирди, төрөм,
Балка, кычкач болбосо, төрөм,
Тил албас темир кеңири, төрөм,
Өз жынсынан болбосо, төрөм,
Ким ийилтет темирди, төрөм.
Атаңар артык канзаада, төрөм,
Азабың артык ар жайда, төрөм,
Азап менен ажалга, төрөм,
Эзелден жоктур эч айла, төрөм,
Казатка чапсаң мактангын, төрөм,
Кара доо келсе актангын, төрөм,
Каныш кылып күтсөң да, төрөм,
Катының менден сактангын,
төрөм.
Акырет билбес каапырга
Ак динге үндөп аттангын, төрөм,
Атышкан жоого мактангын,
төрөм,
Арманда болбос жагың бул, төрөм,
Алганың менден сактангын,
төрөм.
Айылыңа жыйган улуу той, төрөм,
Аңтарып кебим угуп кой, төрөм,
Азыр душман кайда – деп, төрөм,
Аңдабай турган сиздин ой, төрөм.
Жакындан кастык жетет ко, төрөм,
Тартыла турган биздин бой, төрөм,
Жалындан калган чок жаман,
төрөм,
Жаңылып тийген ок жаман, төрөм.
Калыстыгы болбосо,
Калдайган калың топ жаман,
Катышып алган жериң жок,
Карандай кара док жаман,
Оозуна тийбес тамакка
Оборун салган оп жаман,
Окустан тийген ок жаман,
Душмандан тийсе арман жок,
Туугандан тийген ажал ок,
Жоодон тийсе арман жок,
Жолдоштон тийсе ажал ок,
Элөөсүз жүрсө эр өлөт,
Эр өлбөсө не өлөт,
Жан аманат өзүңдө,
Жалының бар көзүңдө,
Жаалың турат сөзүңдө,
Жакындан жетип жамандык
Жатуучу белгиң өзүңдө.
Абамдын көрдүм кырасын,
Ар качандан, бир качан
Айтканын катаа кыласың,
Талыкшып жүрүп, аңдабай
Кандырба душман кыбасын.
Ала баргын абаңды,
Алеңгир түшсө башыңа
Табылбас дары дабаңды».
Бу сөздү айтат Каныкей
Аны Манас ойлонбой
Саламга жооп аликтей.
Абакеси Шыгайдын
Астына Манас бармакка,
Чакыртып алып Жапакты,
Карыя Шыгай алдында
Салып күнөө мойнуна,
Жапакты койбой оюна,
Улуктуктун урматын
Нуска кылып айтмакка,
Карып калган Шыгайга
Учурашып кайтмакка
Жолго Манас салыптыр,
Жоо бөрүсү эр Бакай
Жолунан чыгып калыптыр.

«Каякка жүрдүң баатыр» – деп,
Карыя Бакай сурады.
«Шыгайдын Жапак дегени
Кандайлыгын билбеймин,
Калкка назар бергени,
Аттанып ага баратам
Насыят айтып келгени.
Айтканда Бакай билиптир,
Арсаңдап абаң күлүптүр.
Абыдан тапкан экенсиң
Насыят угар кишини,
Атын чаап, той тарат,
Арбытпай кылар ишиңи.
Асылы мен көрбөдүм
Алла берген ырыска
Канагат кылган кишини».
Бу сөздү айтып салганы:
«Абамдын кандай сөзү? – деп,
Алыс менен жуукtan,
Ысык менен сууктан
Кан Бакай кабар алганбы,
Калабалуу шыгайлар
Карабас болуп биздерге
Катылганы калганбы,
Бузулбай туруп бергин – деп,
Калмагы кабар салганбы?
Не да болсо барайын,
Туугандыктын нышааны
Тууралап жолго салайын.
Кандардын баарын кайрыптыр,
Айылын бөлүп кондуруп,
Азыр жигин айрыптыр.
Барайын Шыгай абама,
Бадыша заада бабама,
Келбеген экен алың – деп,
Керденкеч болгон балаңа».
Ушу сөздү айтууга,
Учурашып кайтууга
Жолго Манас салыптыр,
Жоо бөрүсү эр Бакай
Жолдош болуп алыптыр.
Шыгайдын үйүн бет алып,
Бакай, Манас барганы,
Айылга жакын калганы.
Келишимдүү көй күлүк
Кермеде турган бүгүлүп,
Келет Манас дегенде
Азаматы Жапактын
Ат-атына жүгүрүп.
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Найза, кылыч, бар жарак,
Айбалта, саадак даярдап,
Мылтыкка оту чагылып,
Мыкты Жапак баш болуп
Манасты көздөй жабылып:
«Айтпадым беле баатыр – деп,
Алиби жаман каапыр – деп,
Абакеңиз эр Бакай
Ашыгып акыл жаңылып,
Жаңылбаса неткени,
Жанында турбай Манастын
Жапакка каршы жеткени.
Эки эмчектин тушу – деп,
Төш тактайы ушу – деп,
Бакайга найза неткени.
Андайга андис эр Бакай
Жапакты көздөй бакканы,
Найзасын катуу какканы.
Каккан найза тайылып,
Сол ийинге сайылып,
Оргон бойдон кеткени,
Жабуу деген бар экен
Жапактын удаа иниси,
Жапактын жашы кырк тогуз,
Жабуунун жашы кырк сегиз,

Он бир Шыгай баласы,
Баары бирдей ат койгон
Оңдурбаска Манасты.
Бакайга найза салганда
Жаалы келип эр Манас
Жапакка карап алганда
Манаска найза сундуруп,
Бакырыгы жер жарып,
Айгай кулак тундуруп,
Удаа Жабуу барыптыр,
Каарданып эр Манас,
Жабууга көзүн салыптыр.
Каар түзүн көргөндө
Жабуу кетти жайылып,
Аттан түшүп калыптыр
Тикеси менен сайылып,
Ашарбек деген эмеси,
А да Шыгай уулу экен,
Жаага кыйын кул экен,
Аякка салып, жаа тартты,
Манасты көздөй ок атты.
Калканды Манас кармады,
Калканга тийип токтолду,
Шыгай уулу көптөгөн,
Болушаар тууган жок болду.
Эр Бакай менен Манаска
Ат чабар күнү кайсы – деп,
Аныгын сурап алмакка,
Аттарың жакшы тапта – деп,
Катарында калмакка
Балан күнү чабат – деп,
Дайынын айтып салмакка
Көкчөкөз келип калыптыр,
Үлкөн коога-согуштун
Үстүнөн чыгып алыптыр,
Шыгай! – деген чуусуна
Көкчөкөз көзүн салыптыр,
Көтөрүлгөн туусуна
Көрүп айран калыптыр.
Көк жал төрө эр Манас
Көзү көрбөй көр болуп,
Чындап ачуу келгенде
Көңүлү кара кир болуп,
Турган экен токтолуп.
Манасты көздөй эр Жапак
Кара сур менен октолуп,
Качырып коё бергени,
Ата ураанын айткан соң
Аңдап көрүп Көкчөкөз
Жапакка жаалы келгени.
Жүн тытар Шыгай баласы,
Айылы менен аттанып,
Дүүлүккөнүн карачы.
Атам Ногой турбайбы,
Манасты буга сайдырсам
Мени кудай урбайбы.
Көкчөкөз аны ойлонуп,
Көтөрүп кылыч алыптыр,
Манаска саяр найзасын
Бөлө чаап салыптыр.
Найзасы сынды Жапактын
Аксакал Шыгай айран-таң
Айласын таап, баса албай,
Айылынан чыккан чатактын,
Каары бойго чачылып,
Кабылан Манас баатырдын
Ачуудан көзү ачылып,
Жан-жагына караса
Жапак кылыч алыптыр,
Чабамын – деп, Манаска
Чакчарылып калыптыр.
Калкан тосуп бетине,
Качырып баатыр жеткени,
Кылыч туткан колунан
Манас кармай кеткени.
Эки жашар баладай

Ээринен жулуп алганы,
Жапакты алып туруптур,
Бөрк аткандай ыргытып,
Ашарбегин уруптур.
Ашарбек аттан жыгылды,
Чалкалаган Жапактын
Чаңга башы тыгылды.
Жапак тийген Ашарбек
Калдайып аттан түшүптүр,
Үсөндүн уулу Көкчөкөз
Кылыч менен бир уруп,
Үзүп башын салыптыр.
Үсөндүн уулу Токтобай
Алты жүз тиккен түтүнүн,
Айылынын көрүп бүтүнүн,
Көптөйт экен булар – деп,
Көбүңкү тарткан куулар – деп,
Токтолбостон Токтобай
Топко кирди айгайлай.
Кырк баатырга барыптыр,
Кыйкырып кабар салыптыр.
Бакай, Манас, Көкчөкөз
Адам уккус бу бир сөз,
Айылына бардык Шыгайдын,
Аңдабаппыз мындайын,
Жапагы баштап кол салды,
Эки миң, үч миң жасоосу,
Элдеринде бар экен
Не мөңкүгөн азоосу.
Манасты алып ортого,
Барып алып кокустан
Малынып калдык жолтоого,
Ортого алып Бакайды,
Жалгыздыктын зарпынан
Бакайдын көзү чакчайды.
Көкчөкөз мындан барганы,
Бирөө келип Манаска
Көтөрүп найза салганы,
Көмө чаап анысын
Көкчөкөз анда калганы.
Тойго тиккен отоолор,
Токтолбостон ошолор,
Алмамбет, Чубак акырып,
Ажыбай, Кыргыл бакырып,
Атка мишга көй баатыр
Шыгайдын элин жапырып,
Ногойлоп ураан чакырып,
Обого чаңын сапырып,
Кырк баатыр кирди кыйратып,
Кысырак, тайын туйлатып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Ителги тийген таандай
Айдаганы баратыр
Ийменбеген кой баатыр
Иттей кылып баарысын
Жайлаганы баратыр,
Адам чанчып, найзасын
Майлаганы баратыр,
Булкунтуп күлүк бууданын
Байлаганы баратыр.
Дөбөт жолдун боюнда
Кетече деген калаасы,
Он экиде жашы экен
Чын дүйнө кеткен Жапактын
Чынкожо деген баласы.
Өлүп калып атасы,
Өксөп калды ботосу.
Чоң атасы Шыгайга,
Токтоп туруш не пайда:
«Атамды ажал айдаган,
Акыреттин жолуна
Абыдан белин байлаган,
Адам тиер Манаспы
Аскери кумдай жайнаган,
Катылбаска катылып,
Абыдан шору кайнаган.

Минтип жүргөн кыргызды
Билимдүүлөр күтпөсө,
Бири миңди токтоткон
Баатыр балбан түтпөсө,
Калбаны атам салды – деп,
Калабасы курусун,
Кан ичменин баарысы
Каптап келип калды – деп,
Тутушкан менен бекер – деп,
Тукум койбос бекен» – деп,
Чынкожо барып Шыгайга
Чыркырады бир жайда.
Сарыкер менен сабалап,
Шыгай жөнөп калыптыр,
Бай Жакыпка барыптыр:
«Ногойдун уулу сен туруп,
Ойрон Шыгай мен туруп,
Тукум калбай кырылса,
Жаманатты кабары
Туташып кетер кылымга.
Ногой, Шыгай балдары,
Ногойдун көзү өтсө да,
Шыгай аман турбайбы,
Шыпкай кырсаң Шыгайды
Ногойду кудай урбайбы!»
Бу сөздү айтып салганы,
Туучунак минген Жакып бай
Турбай жөнөп калганы.
Бай Жакып барды бакырып:
«Ай кантесиң, балдар – деп,
Аксакал Шыгай акырып,
Алардан мурун эр Бакай
Айдап чыгып калыптыр,
Айылдан сүрүп жапырып.
Жапактын уулу Чынкожо
Атасынын үстүнө
Айгай салып акырып:
«Көзкаман уулу Көкчөкөз
Бар эле бизде башында өч.
Өлтүрүп кетти атамды,
Ошон үчүн ит калмак
Аттары бузук аталды.
Кытайдан келген кызыталак
Кылып кетти мага – деп,
Кылымдын ээси Манаска
Кыжырына не тийдиң,
Кыямат жолу жакындап
Жүрүпсүң атам сага – деп,
Алтайдан келген ант ургур
Абыдан кылды мага – деп,
Ажалга жоктур даба – деп,
Ааламды алган Манаска
Ачуусуна не тийдиң,
Ажал айдап акыры
Келген өлүм сага – деп,
Кахраман болсоң да
Катылар кезиң жок эле,
Канкорго недир даба» – деп.
Айышкожо иниси
Сегиздеги бала экен,
Эркеги үчөө, кызы экөө,
Беш баласы бар экен.
Катыны кара салыптыр,
Көп өлүктүн үстүнө
Кайгыланып барыптыр.
Кара чачы жайылып,
Кандуу бети жыртылып,
Катыгүн! – деп, чыңырып,
Кызына кызыл салыптыр,
Кыйкырышып ыйлашып,
Кыйырынын баары барыптыр.
Буту сынып булайып,
Жабуу жатыр бир жакта
Жарадар болуп сулайып.
Амандык тилеп эр Манас
Аскердин баарын токтотуп,

Айдатып семиз топтотуп,
Кошойду баштап карысын,
Акун кан баштап калысын,
Кайып кан, Мунар баарысын
Коногуна алдырып,
Коёр жерин даярлап,
Көрүн казып салдырып,
Каш-кабакта өлүм – деп,
Кадыр Алла буйруган,
Калайык байкап көргүн – деп,
Үч жүз кара мал байлап,
Манас өзү куп жайлап,
Бурак атын токутуп,
Жаназасын окутуп,
Катма куран кылдырып,
Катын менен баласын
Кадырын айтып тындырып,
Кайта келди тоюна,
Кең Алайдын боюна,
Алмалынын оюна.
Катагандан кан Кошой,
Казактан Көкчө, Айдар кан,
Даңгыттан Мунар, Кайып даң,
Оогандан Түлкү, Акун кан,
Кыйбанын каны Атемир
Букарды билген Шатемир,
Агыш менен Кожошу
Акпай менен Мамбети,
Буудайыктын Музбурчак –
Түрктөн чыккан көп оён,
Көкбөрүнүн Көккоён
Акимдин баары жыйылып,
Ак таалага сыйынып,
Арзан эмес экен го,
Ажал деген бадирек,
Асылып калды Манаска
Акыры сойсом экен – деп,
Союлуп калды өзү – деп,
Ажал кууса адамдын
Ар түрлүү кетет экен го
Айта турган сөзү – деп,
Өлтүрсөм – деп, Манасты
Өзөлөнүп калды – деп,
Өчмөндүүдөй иш ойлоп
Өзүнө кылып алды – деп,
Аңдадыңар, көрдүңөр
Алиги жаткан көп колду,
Аяк-башы алашка
Айтууга кыйла кеп болду,
Аяк жагы узун сөз
Айчүрөктүн жомогу,
Аңгемеси көп болду.
Жапактын сөзү басылды,
Байжигиттин тоюна
Баары журту асылды.
Кай күнү күрөш салышып,
Майдандан балбан жыккандар
Камка тон кийип алышып,
Ар түрлүү оюн салышып,
Чабендес улак тартышып,
Акындар ырын айтышып,
Ак элечек зайыптар
Балдарына көтөртүп,
Ак май алып кайтышып.
Айылдагы, тыштагы
Аңгемеге батышып,
Тамашага бир катар
Жамбы байлап атышып,
Жалгандагы даамдан
Неме койбой татышып.
Даргачы дарга ойношуп,
Амал кылып аярлап,
Ар тарапка сойлошуп.
Чабендестер эңишип,
Чечендер сөздөн жеңишип,
Отоо тиккен жанаша,

Олтурганы, копкону
Оюн-күлкү тамаша.
Түрк балдары баарысы
Кетпеген жоого намысы.
Кара кыргыз уругу,
Карыя Кошой улугу.
Келди Кошой кашына,
Башкарып тойдун башына:
«Эртеңки күнү чабылат,
Тер койбо – деп атыңа».
Айгай салып акырып:
«Атыңарды тердет» – деп,
Айтып Кошой бакырып.
Кабар салды калкына,
Бу заманда андай жок,
Кууган менен жетпейбиз
Мурункунун наркына,
Баш байгесин байлады
Эки жүз жылкы, бир жүз төө,
Жүз элүү сыйыр-үю бар,
Миң эки жүз кою бар,
Чабал болду алым – деп,
Аз болду байге малым – деп,
Байжигиттин ою бар.
Баштагы өткөн бабаңдын
Мына мындай тою бар.
Экинчи аттын байгеси
Эгер аты бир келсе
Ээсине тиер пайдасы:
Карасы жүз, элүү төө,
Төрт жүз субай кою бар,
Бир миң элүү жыл болгон
Басылбай келген даңкы бар,
Баш байгеге кошулган
Токсон шаңшуур жамбы бар,
Экинчи атка кошулган
Отуз жамбы дагы бар.
Эң аяккы атында
Он үч кара, үч жамбы,
Отуз борук кою бар.
Оболку өткөн түрк уулу
Ошондо да комсунуп,
Аз болду деген ою бар.
Ысылыкка май берип,
Карыя Кошой, Акунга,
Кайып кан, Мунар баатырга,
Атемир менен Музбурчак,
Айдаркан, Чагоо карыга,
Айыл башчы аксакал
Ата уулунун баарына
Кысыр семиз тай берип,
Суусундукка бал берип,
Нечен түрлөп нан берип,
Дасторкону жыйылбай,
Табак тартуу тыйылбай,
Той тарттырды үч жума
Толкуган түркко жупжуда.
Ошо тойго ким келди,
Оозу жүйрүк Сагымбай
Ойротко айтсын билгенди:
Оогандан келди Акун кан,
Орто Азия журтунан
Келбей киши калбаптыр
Атагы чыккан баатырдан.
Кыйбанын каны Атемир,
Ал кезекте кыргызга
Аябастан дүйнөнү
Берген экен бир теңир.
Татардан Чагоо каары бар,
Айдаркан, Көкчө баары бар,
Кайып кан, Мунар дагы бар.
Той башкарып, топ баштап
Катаган Кошой кары бар,
Той бергендин башчысы
Манас баатыр чагы бар.
Айчактын уулу Байжигит,

Атпай кыргыз баары бар.
Байгелерин бөлүшүп,
Баштан-аяк текшилеп,
Мал ыраңын көрүшүп,
Керней тартып бапылдап,
Сурнай тартып такылдап,
Акын менен ырчысы
Аңгеме айтып шакылдап.
Байжигит берген улуу той,
Башчысы абаң эр Кошой.
Калыска койду Үрбүнү,
Кара кыргыз болгонуң
Азыркысын кылбайсың
Атаңдан калган үлгүнү.
Үртүктү каба жаптырып,
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Кындыйтып атты жаратып,
Кыйгачтатып каратып,
Кумдуу жерге оонатып,
Кудуктуу жерге сугартып,
Сай күлүктүн баарысын
Салды бүгүн көчөгө
Чубатууга чыгарып.
Ак ыраңдуу алтын тон
Кандык тондун белгиси,
Эңгиреген шум жалган
Экинчи жоктур келгиси,
Алтын гүлдүү ак суп тон
Ай чыккандай жаркылдап:
«Атыңды ылдам чубат» – деп
Абаң Кошой баркылдап,
Аттуурга кылып кошомат
Илбериңки адамдар
Эл ичинде талпылдап,
Өөдө-төмөн чабышып,
Өксүгү болсо табышып,
Кара байыр казанат,
Кара кыргыз түркүндө
Канча түрлүү сонун ат,
Калбыр өпкө, жез канат,
Казанат күлүк баарысы
Каздай моюн ийишип,
Карыянын баарысы
Кандык тонуп кийишип,
Камыш кулак, жез билек,
Каз күлүктер лёпилдеп,
Катаган Кошой, кан Акун,
Казактардан Айдаркан,
Татардан Чагоо карысы,
Эштектерден Жамгырчы,
Буудайыктын Музбурчак
Көчөдөн атты сынашып,
Көңкү баары жардашып,
Карыялар калкылдап,
Кандык чен тон жаркылдап,
Барар жерин өлчө – деп,
Баатыр Кошой баркылдап,
Ат кайтар жерин айтыңар,
Тогуз жүз болду атыңар,
Тогуз жүз он бир ат болду,
Аты күлүк адамдар
Байгени көрүп шат болду.
Өз аты бар Манастын
Өркөчү бийик өр Кула,
Өзү айбандан зор Кула,
Кабыргасы как Кула,
Казанат күлүк Аккула
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Тумшугунун үстүндө
Нокто кескен тагы бар,
Жаңыдан кылып мусулман
Жамгырчы менен урушкан,
Жамбашынын урчукта
Жамгырчы жаа атканда
Жебенин жырган тагы бар,

Желмаяндай жаныбар,
Соорусунун үстүндо
Кул кожо Акмат Жасабий,
Руху учуп сылаган
Кол тийген жерде калы бар,
Комдонгон жолборс сөөктүү
Кондурдай болгон жаныбар,
Кол менен сайган немедей
Төгүлгөн кара жалы бар.
Омурткалуу оң Кула,
Ойротто жок чоң Кула,
Боз уул менен Ырчы уул,
Болумдуусу Тазбаймат
Жаадай Кула ат жебелеп,
Эки желдет жетелеп,
Алып келди көчөгө,
Бактуу Кула ат келген соң
Башка тулпар баарына
Башкача түштү көшөгө.
Көркүн көргөн Кула атты
Көргүсү келбей чубатты,
Шаңын көргөн Кула атты
Баш байгеден түңүлүп,
Шалдайып атын чубатты,
Сынын көргөн Кула атты –
Зыңкыйган тулпар бул атты –
Баш байгеден түңүлүп,
Сыр айтпай атын чубатты.
Кылымды бузган кырк бөрү –
Кыраан эрдин жөкөрү,
Чаар ат минген, кынаган,
Кештелүү калпак кырдаган,
Чалбары сары, тону сур,
Салтанатын көрүп тур:
Минген аты баары чаар,
Алтындуу жабдык, аземдер,
Кийген тону баары таар,
Жаманы жүздөн жанбаган,
Баатырлары бир миңди
Адам экен – деп, ойлоп,
Назарына албаган.
Кырк нөкөрү дүркүрөп,
Кыргыл чалы күркүрөп,
Кыраан Манас келгени.
Калк агасы Кошойго,
Салам айтып ошого,
Кызыл нардын жүнүнөн
Кылдан ичке ийрилген,
Кыйбаттыгы билинген,
Келеп баштап курганда
Уздан токсон чогулган,
Өткөрмө таштап согулган,
Нар жүнү чепкен пиязы,
Алтын тон кийген чалдарды
Кыздай көрүп кыязы:
«Ат кайтарар жерини,
Айтыңыз өлчөп, аба – деп,
Ургаачы кийимин кийдиңиз,
Нусканы мурун билдиңиз,
Ат кай жерден кайтса – деп,
Өлчөйт экен дилиңиз?»
Эр Кошойдон сурады,
Абакеңдин жанында
Акылмандар турады.
Эр Манас минтип сурады.
Жалгыз менин бийлешим
Жарабас – деп, көбүнө,
Адам өлөт бир күнү,
Артып-тартып дүйнөнү
Ала кирбейт көрүнө.
Чаң илээшпейт терине,
Аткан октон тез келген
Анча-мынча жерине,
Жакынчыл күлүк дагы бар,
Олбооргой түшүп жазылган,
Чуу укса деми басылган

Орто күлүк дагы бар,
Багалчагы малынган,
Маралдай төшү салынган,
Куюшкандык узарган,
Кулжадай көзү кызарган,
Төрт аягын тик салган
Кый сүбөөгө жик салган,
Алтайга минсе арыбас,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун чалып карыбас
Буудан күлүк мында бар,
Чукул жерге чураган
Жүрөгү жок түрсүлдөк,
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Чуу укса чыдап турбаган,
Жеңил күлүк дагы бар.
Ар түрлүү күлүк баарысы
Талап кылат чагы бар.
Барды Манас аралаш,
Кандарына каралаш,
Ат кайтарар жерини
Акылдашты көп алаш.
Ат айдоочу сүрсүн – деп,
Ары карай үч күнү
Айдоо менен жүрсүн – деп,
Ат таптаган саяпкер,
Алам деген талапкер
Аттын камдап жемини,
Адамдарын дүрбөтүп,
Ат түнөтөр жерине
Үйдөн чыккан адамдар
Үч күндүк жолго ары бар.
Түрк уулунун көй тулпар
Дүбрүттүү күлүк баары бар,
Бак-таалайга салыңар,
Кожент менен Самаркан
Кошо басып кетиңер,
Букардан кыям өтүңөр,
Үч-Аралдын тушунан,
Жануп жагы Кызылдын –
Кызыл-Кумдун учунан
Коё берип салсын – деп,
Бактысы бар күлүктөр
Байгесин келип алсын – деп,
Аксакал Кошой кан айтты,
Айтканыңыз макул – деп,
Акылмандын баары айтты.
Аягы менен Алайдын
Арабы белин ашырып,
Адамын чаңга жашырып,
Таз кара жүрсө шашуучу,
Таңдайы күйүп качуучу,
Таз адам барса шашуучу,
Маңдайы күйүп качуучу,
Куркулдай учса шашуучу,
Куйругу күйүп качуучу,
Куландар жүрсө шашуучу,
Туягы күйүп качуучу
Закым учкан сай менен,
Сап биябан жай менен,
Салкар улуу жол менен
Алтымыш киши ат айдап,
Көтөрүп байрак кол менен,
Бир миң киши ат кошчу,
Конгон жерде аттарын
Табы менен откорчу,
Чөптүн билген демини,
Ченин билген жемини,
Байлаган атын бапташып,
Башынан көңгөн тапташып,
Этине эми келди – деп,
Үй көрбөй атын сакташып,
Ушинткендин баарысы
Атка кошо барышты.
Эки күнү ары айдап,
Шапкаарыта тердетип,

Таң ашырып кондуруп,
Эртең ээр алдырып,
Эбей-себей чөптөрдөн
Эки-үч бурдап чалдырып,
Байсалап жемин салдырып,
Калбасын – деп, теринен,
Атты коё беребиз
Кандардын айткан жеринен.
Ат айдоочу ат айдап,
Айгай салып, катуу айдап,
Айдап атын тердетип,
Алда кантер экен? – деп,
Адамдар жүрөк дегдетип.
Экинчи күнү караса
Чабылган бедөө баарысы
Мурунку күндөй тердебей
Бубактанып барышты,
Эки түнү таң ашты
Этинен аттар адашты,
Дагы бүгүн айдашты.
Кызыл-Кумдун чөлүнө,
Кырака кулан чөбүнө,
Чөлгө жакын жетиптир,
Чөөлүгүп кирип кетиптир.
Тоо түгөнгөн учунда,
Токтолду аттар ушунда.
Аттын баары таң ашты,
Саяпкер атын карашты.
Табында аттар тарбайып,
Такым эти арбайып,
Ооп алыптыр этинен,
Терс айланып жүндөрү,
Түксүйүптүр бетинен.
Сыртына тартып зымпыйып,
Семиз аттын баарысы
Үч күн удаа таң ашып
Кыйгач карап кымпыйып.
Кубарган чөлгө бир бүткөн
Кузгун деген булагы,
Кулан менен эликтин
Суу ичүүчүтурагы.
Азганакай ак чөп бар
Кара кыяк, тулаңы,
Супасадык таң менен,
Ат откормок кам менен,
Боз көбөөн отун чалдырып,
Ооздугун алдырып,
Булагынан сугарып,
Сугарып алып чыгарып,
Баштыкка жемин салышып,
Баарын бирдей карасаң
Жем жедирип алышып,
Күү чыгып аттын туягы,
Аттын шаңы бу күндө
Ач маралдай сыягы,
Айдоо менен жетишип,
Абыдан келип кыябы,
Тогуз жүз экен санаты,
Жазылган жери бир кыйла
Жайылган аттын канаты,
Уруксат берди таң менен,
Учуп жүргөн канаттуу
Асманда жүрүп адашып
Топурак тозоң чаң менен,
Чаң абага созулуп,
Туманга тозоң кошулуп,
Ошо тойго жыйылган
Орто Азия түрктүр,
Адам жыйып, той берген
Ата наркың жүрүптүр.
Ат конуучу жерине
Күтүп жаткан чалдары,
Асты он төрттө, он жашта,
Он эки, он бир жашында
Ат чабуучу балдары,
Башы катып адашып,

Кетер эле кеңгиреп
Башка журттун чалдары,
Түк адашпай түз келген
Түрк уулунун балдары.
Түрктүр түпкү бабаңыз,
Ар урукка бөлүнгөн,
Арбындыгьн караңыз.
Башкы уругу маңгулду
Азиянын жерине
Башынан кудай кан кылды.
Экинчиси татарды,
Татар нече бөлүнүп,
Эштек, эзет, башка – деп,
Аз болгондо татардын
Алты урууда катары.
Маңгулдан угуз бөлүнгөн,
Кырга чыккан угуздар
Кыругуз – деп, көрүнгөн.
Казак менен калмагы
Баары Угуздан бу дагы,
Кыстасаң ырас жерини
Кыргыздын болгон бутагы.
Ээн талаа, эрме чөл,
Ат келер жери баары да өр,
Азыр да адам адашат,
Мага ишенбей, барып көр.
Белги кылар тоосу жок,
Койнот, терең коосу жок.
Жакалап чабар көл эмес,
Жан жүрүүчү чөл эмес,
Ат чабышкан балдарын
Бышыктыгын аңдагын,
Адашпастан жол менен,
Кадоодой болгон жаш балдар
Кармап тизгин кол менен,
Кээде жолсуз, кээде жол,
Адашпай келген балдардын
Акылдары артык мол.
Катагандан кан Кошой,
Казактардан Айдар кан,
Эсел кыпчак Элеман,
Эштектерден Жамгырчы
Элдин баары жабылды
Алайдын аяк Кум-Дөбө
Ат келер – деп, карашып,
Ага чыкты көй төрө.
Азиреттин Кара-Тоо,
Кара-Тоонун учунан,
Ат караштьı калайык
Жетиген жылдыз тушунан.
Оогандан чыккан Акун кан,
Орто Азия Кошою,
Оён Манас баш болуп,
Алды дүрбү ошону.
Ак байгамбар Мустапа
Аманатка калтырган,
Абунасир замандан
Айтуу менен алдырган,
Айнек оозу кызарган
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Бир кез жарым узарган,
Тиктегенин өлтүргөн,
Алты күндүк жолдорду
Абыдан чындап караса
Аркан бою келтирген
Турнабай көзгө салыптыр,
Турган элдин баарысы
Жийделүү сууга келгенде
Тунарык көрүп алыптыр.
Кожентке кирип келгенде
Коюу чаңы көрүндү,
Коконго жакын келгенде
Ат сүрөөчү бөлүндү.
Тулустун жери Көтөлөк
Калмак качып ээн болду,

Ээн болбосо не болду,
Нече жылдан бери жакка
Жердеген адам жоголду.
Жыгачтын баары бүр болуп,
Чөп туташып, күр болуп,
Көкөтөй көрүп жайыны,
Көчүрүп элдин байыны,
Көтөлөккө жиберген
Отор кылып баарыны.
Эки жылы токтоптур,
Эпсиз тулпар Мааникер
Эрки менен оттоптур.
Нык семирип алыптыр.
Кокондун ою Кара-Кум,
Кара-Кумга келгенде
Башын чайкап Мааникер
Бошогонун карагын,
Мааникер башын чайкады,
Баласы камчы чапканы,
Анын арка жагынан
Чөлгө келип чөөлүгүп,
Кара тер басып көөлүгүп,
Багыштын аты Суркийик
Келе жатыр алчактап,
Кумдуу жерден балчактап.
Мунун арка жагынан
Көкчөнүн аты Көгала
Кең көкүрөк, сом далы,
Көп жылкынын балбаны.
Анын арка жагынан
Качырган куштай барылдап,
Кайберендей арымдап,
Оозунан көбүк бурулдап,
Октой учуп куюндап,
Тердик алды тер болуп,
Темингиге чаң толуп,
Туягынын кундузу
Тутана жаздап токтолуп,
Туягы кызыл чок болуп,
Баш көтөрүп маңкайып,
Керилген жазык дөбөдөй
Кең соорусу даңкайып,
Жүгүрүп өтүп жүз аттан,
Түйүлүп өтүп үч аттан,
Арышын керип арымдап,
Аткан октой барылдап,
Аккула келет арымдап.
Соктун кара тоосуна
Ногойдон чыккан оёндор,
Манастан барган баатырлар
Байкап көзүн салыптыр,
Мааникерден Аккула
Мойнунча чыгып алыптыр.
Алмамбет менен Чубагы,
Абасы Бакай бу дагы
Бабыркандап чуулады.
Калың күлүк чоң Кула ат
Даңканы жерге согулат,
Туягы ысып, чок болуп,
Туяк тийген жерлери
Тутана жазып токтолуп,
Чачысынан чаң чыгып,
Чакмак эттен суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Курсагы жиптей ийилип,
Кулактан шамы күйүлүп,
Кыртыштуу жерге келгенде
Кыябы менен түйүлүп,
Көкүлү көккө шүйүлүп,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыйкырышып сүйүнүп,
Айгайды алар салыптыр,
Жармаңдай менен эр Манас
Алайга кирген жеринде
Артылманын белинде

Өзү сүрөп калыптыр,
Бир катар кылган иштерин
Бизге таштап салыптыр.
Артынан келди Көгала,
Үчүнчү болуп Мааникер,
Мурун өтүп кетиптир
Урмат күткөн баатыр эр.
Төртүнчү болуп Суркийик,
Жедигер эли чуркурап,
Тууга келип бир тийип,
Өңгү-дөңгү жүгүрүп,
Өкүрөң күлүк өзү экен,
Өткөрө байлап жиберип,
Эти арыган кези экен.
Кошойдун аты чоң Сары,
Бешинчи болуп барганы.
Кайып кандын Карасур,
Кара кыргыз түрк уулун
Кайратына карап тур,
Азыр келди бу дагы.
Алтынчы болуп Акжамбаш,
Агыштын аты барганы,
Жетинчи болуп Жалкара
Атемир аты барганы.
Жалдуу кызыл, калдуу көк
Акундун аты кириптир.
Артында калган аттар көп,
Кызыл ат кирди сегизге,
Кыйын болор ээсине
Кызып байге келишке.
Көккоёндун Жээрдеси,
Желмаяндай жебеси,
Тогуз болуп токтолуп,
Топко кирди октолуп.
Онунчу болгон Оркызыл,
Кожоштун аты бул экен,
Тулпарлары жүгүрүп,
Тууга келип туру экен.
Он биринчи болгону
Музбурчактын Буурулу,
Маңгулдар сүрөп айгайлап,
Тууга келип урунду.
Он экинчи болгону
Жанайдын аты Жаркызыл,
Он үчүнчү болгону
Акпайдын аты Наркызыл,
Он төртүнчү болгону
Мунардын аты Булазкер,
Он бешинчи болгону
Баймырзанын Маскара,
Өзүбек болуп атанган
Баштагыдай күн кана.
Отуз атта байге бар
Ойротко андай пайда бар.
Астына чыккан Аккула,
Отуз болуп киргени
Мамбеттин аты Майтору,
Башынан күтүп ынтымак,
Баашаларды жалтанткан
Бабаңардын бар доору.
Ынтымагы барынан
Эсен кан корккон заарынан,
Куюндай учуп жөнөлгөн
Кумул-Камбыл шаарынан,
Эски муздун орусун
Жаарупага өткөргөн,
Өткөргөнүн көз көргөн,
Аңгилия, Бараңга
Баарыңдын көрдү көзүңөр
Барып уруш салганын,
Бараңды басып алганын.
Батыл өөктүн аралга,
Кыргыздын чети Кырым – деп,
Кырдагы түрк кылым – деп...
Ар малынан аралаш,
Ак жамбыдан кылып баш

Бай Жакып отузду алыптыр,
Байжигитке кайтарып
Башкасынын баарысын
Манас таштап салыптыр.
Как ошо күн кечинде,
Калк жыйылган кезинде
Таратып берип байгесин,
Далай журт көргөн пайдасын,
Кондуруп алды Манасы
Колуна тийген алачын
Көчмөк үчүн нээти бар
Оюна түшүп Таласы.
Тамаша-күлкү, шат менен
Байжигит тою тарады.
Элдин баары кубанып,
Өлүп Жапак баласы,
Шыгай калды буралып.
Ак ордо үйүн чечкени,
Таратып алып тоюну,
Алтайды көздөй бет алып
Байжигит бай көчкөнү.
Алтындуу сандык жаркылдап,
Кереге-уук шаркылдап,
Жебилгеси жер чийип,
Жеке саны баш жарып,
Кыйбаты көп, арзаны аз,
Кыз-келини кыял мас,
Байжигит көчү жөнөлдү,
Кызыл менен өмөлдү.
Жеркендин койгон жеринен,
Жердеген калмак элинен,
Кызыл чайын, ак майын
Кылдырып ичип өрүлүк,
Марал-Башы, Долонду,
Басып өтүп Оролду,
Аксы менен Күчөнү
Аралап андан көчөдү.
Алтай тоого таянып,
Анда турсун Байжигит
Аңыртыдан жай алып.
Аны таштап коюңар,
Атасы Үсөн, Көкчөкөз
Кабарынан болуңар.
Меңдибай баштап көчүнү,
Тоонун кары барбы? – деп,
Жон-жонго салып көзүнү,
Капчыгай ашып өрдөгөн,
Катма катар тоолордон
Башта жерин көрбөгөн,
Анжыян-Кашкар арасы,
Адыры калың, тоосу тик,
Ала-Жууку, Тоюндан,
Ашып өтүп алыптыр
Ала-Тоонун оюнан.
Саяң-Жайлак, Үч-Суугa
Самап келген ушуга,
Чөбү калың, жери күр,
Бурканы өлүп бүлүнгөн,
Чөптүн гүлү күбүлгөн
Лаңгү-Төбө жеринен
Маңгул, калмак түңүлгөн,
Чөп жашырып кулунун,
Сан түтүн барса баткандай
Саяң-Жайлак булуңун,
Ат баса албай соругуп,
Кулун-тайы боругуп,
Жеринен өсүп көңүлү,
Жеке жатты Көкчөкөз.
Нааманга бүткөн Ала-Тоо
Арка, Кашкар арасы,
Адам турбас жер бекен,
Лаңгү-Төбө, Суңшоону
Ырыстуу жер дээр ушуну.
Жазында сүтүн көлдөтүп,
Тай байталын төлдөтүп,
Үч миң үйлүү түтүнү,

Меңдибайды баш кылып,
Кыдыршаанын бүтүнү
Жата турсун жай алып,
Жалаң тоого таянып.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдын
Алда эмине сөзү бар
Кабарын угуп алыңыз.
Барча кыргыз бүтүнү –
Жүз миң толук түтүнү,
Наманген, Чүйдүн арасы
Таласты көздөй күтүндү.
Суусунун башы Суусамыр,
Ак буйругу бул амыр,
Аягы Абан суун талаасы,
Жердебей турган жер бекен
Адам ата баласы –
Уругу кыргыз алашы,
Ушу жерди саптап көчүптүр
Бай Жакыптын Манасы.
Азиреттин Кара-Тоо
Айлана көчүп өтүптүр,
Абалы келген шо жерге,
Ооган менен Кыйбадан
Анча мынча тутүнүн
Тоо таянтып отүптүр.
Ортодон дайра кечиптир,
Наманген белин ашыптыр,
Арадан Чаткал басыптыр,
Андагы калмак качыптыр,
Суусу тунук, чөбү күр,
Шамал чыгып, жел соксо
Чөбүнөн учат түрлүү бүр.
Коктусу бар, сазы бар,
Корозу бар, казы бар,
Жылгасы бар, сазы бар,
Жырылбаган казы бар.
Өлкөсү Жайык, сазы бар.
Өрдөк, чүрөк, казы бар.
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар.
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар.
Артууда толгон аркары
Насибине табылган
Ал кезекте кыргыздын
Абыдан жердин дарканы.
Аянтсыз токой, аралы,
Музоолоп жаткан маралы,
Тектиринде текеси,
Таштан чыгып кылайып
Эчкисинин чекеси.
Энкейиште элиги,
Сонун эмей нелиги.
Тере жылгада телкиси,
Жердесе жоктур келгиси,
Баары турат белгилүү
Малга жайлуу белгиси.
Ала-Тоо башы, аягы Сыр,
Айтылса жомок узун ыр,
Азыркысын атагы,
Мурункусу басылбай
Мусулман, каапыр чатагы,
Абаңсуу аты-Чүй болгоң,
Ортосу Талас, башы Чүй,
Ногойдон жүз миң үй толгон.
Кара-Буура, Күмүш-Так,
Күркүрөлүү кең Чакмак,
Кара кыргыз эл жатмак.
Чанач менен Чаткалды,
Аяк жагы Курдумга,
Чүй боюнда жатканы,
Андагы аты бир башка,
Алман, Салман-эки суу,
Аңдап көргүн көй кашка.
Чымкент менен Сайрам – деп,

Азыркы аты мына бу.
Кабылысай, Азарда,
Кадимкинин сөздөрүн
Талыкпайлык жазарга.
Түрктүн колу жатканда
Баарыны келди сүрүп – деп
Башта келди түрүк – деп,
Түркү-Башы атагы,
Акыр заман журтуна
Түлкү-Башы аталып,
Ушу болду чатагы.
Арасы Чүй, башы Көл,
Арбыган кыргыз биздин төл.
Арты калды Букарда,
Аңдап кара буларга,
Ата жолун талашып,
Ар түрлүү журт барсыңар
Бөөдө болбо убара.
Кыйбат билгин кыргызды,
Айдап кытай, маңгулун,
Ар уруктан кыргызды
Анжиянга тургузду.
Алоокеден алганы,
Ашепке жок мунусу.
Кызылбаштан, тарсадан,
Жөөт менен калчадан,
Түрк уулу – деп, каралап,
Каралашкан канчадан
Сарт болуптур атагы,
Адабият жогунан
Аралашып сарт болгон
Акең кыргыз чатагы.
Ортосу Талас, башы Көл,
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Аягы Ысар, Көлөптө,
Башы Жазык, Жөлөктө
Баскан кыргыз уругу,
Башчы болуп баарына
Баатыр Манас улугу.
Орто Азия, Түркүстан,
Ошо күндө кыргыздын
Оң тарабы Ындыстан,
Ошо жердин баарысын
Орун кылып, жай алып,
Улуу атагы Тянь-Шань –
Ала-Тоого таянып,
Алтай тоодон бөлүнүп,
Арасы Текес, Жылдызды,
Ар тарапка тараган
Аңдап көр арбын кыргызды.
Өлтүрүп жаң-жуң Тулусту,
Жерин атап Талас – деп,
Кырк уруу келген кыргыздан
Он бири жердеп турушту.
Алты ай таман өткөн соң
Аңдап көрүп аларсыз
Айган деген жумушту.
Коргонун коло тоо кылып,
Арыгын темир ноо кылып,
Албан түрлүү жиндини
Жасылтып жинин, соо кылып,
Таласка келип токтолуп,
Тартышаар душман жок болуп,
Кара-Буура токтолуп,
Калчашар душман жок болуп,
Сурчадан күлүк байлашып,
Суусамыр чыга жайлашып,
Тамаша үлпөт башташып,
Тартышарга душман жок,
Талааны самап наздашып,
Эртелеп эли баар алып,
Жазгысын Чүйгө жаздашып,
Күздөтүп Кочкор, Жумгалды,
Күтүшүп ногой жыргалды,

Аяк-башы кыргыздын
Алты айлык жолго жыйналды.
Бастап барып баатырың
Бараңдын четин каратып,
Байкадыңар, көрдүңөр,
Жанын кыйып Жапактын,
Байжигит тоюн таратып,
Орун алып Таласка,
Кыргызды кылып каласка
Кызмат кылып алашка,
Кылган иши баарысы
Кызык оюн-тамаша.
Өткөндөрдүн кысасы
Өзгөрүлөр убагын,
Атаңардын жомогу,
Арбагына дуба кыл,
Алда кандай сөзү – деп,
Атпай кыргыз уругу
Арсар көрүп турбагын.
Азыр келип калыптыр
Айтуу менен билдирип
Айганга барар убагын,
Аңдабай коюп бу сөзүн
Арманда болуп турбагын.
Жатындаш жакын тууганың,
Дагы ушундан көрөрсүң
Тууганың кылып турганын.
Айгандан аман кайтканын,
Ашыкпасаң айтамын
Тууганы кылган шайтанын.
Кеткендердин баарынын
Кеби болгон тамаша,
Кезегинде бир дөөлөт
Келген экен алашка.
Уругуң Угуз балдары
Дуба кылгын Манаска.

## МАНАС БААТЫР АЛМАМБЕТТИН АЙТКАНЫ БОЮНЧА КЕНЖУТ ШААРЫНДАГЫ БОЛГОН АЙГАН КАН МЕНЕН СОГУШКАНЫ

Таласка келип турганы,
Сандыргалуу эр Манас
Талаага дубал урганы.
Атасы жүргөн Алтайда,
Төрт түлүктүү мал менен
Көчүп жүргөн ар жайда.
Шаарын Манас атаган,
Кундуз-Талкан, Ысарда
Тууганы Кошой катаган.
Алоокени качырып,
Алтайлык кыргыз канча жан,
Алганы Нааман, Самаркан,
Уругу кыргыз болгону
Ушу жерден таралган,
Азыркысын арстан эр
Таласка келип жай алган.
Көчмөн жүрүп көбүрөөк
Көнбөгөн экен калаага,
Көңүл берип сарайга
Көркөм калаа саларга.
Коргонун коло тоо кылып,
Арыгын темир ноо кылып,
Байланбаган жиндини
Бакшы издебей, соо кылып,
Басып турган чагында,
Өзгө жерде баашага
Аким катын таратып,
Жазып турган чагында,
Уруш кылган душманы
Шашып турган чагында,

Өчмөндүүсүн алыска
Сүрүп турган чагында,
Өкүматы күч алып
Жүрүп турган чагында,
Өчмөндүүсү чыдабай
Бүлүп турган чагында,
Оңун-солун тең кармап,
Орто Азия журтуну
Билип турган чагында,
Аркы атасы Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солободон Соорондүк,
Соорондүк уулу Алмамбет,
Согушта болот анда нээт,
Бээжиндин билип аскерин
Беттеп турган чагында,
Түрк уулуну жек көрүп,
Дүнүйөгө койбоско
Кектеп турган чагында,
Аскердин алып эсебин
Санап турган чагында,
Анжы-Манжы, Таңшаң,
Бээжин журту бетине
Карап турган чагында
Келген экен Кенжутка,
Жаба деген кең журтка.
Мажусу динде калышын,
Байкаган экен Алмамбет
Барган жоо арзан алышын.
Оюна алып ошону,
Арзып Алмаң алысты,
Көңүлүнө көп алды
Көйстан чөлгө барышты.
Башчы болдум алашка,
Башымды коштум Манаска.
Байкап турсам Манасты
Кара кыргыз төлү экен,
Кайык минген кутулгус
Кара дайра көл экен.
Улуу куш учуп ашкысыз
Улуу дабан бел экен,
Улук Манас баатыры
Урматка толук эр экен.
Угузуп койсом кокустан
Барбаймын, алыс дээр бекен?
Аны ойлонуп Алмамбет,
Улуу черүү кылууга
Ушу күндө болгон нээт.
Атагын уккан Айган – деп,
Азирети Аалы алганда
Аз жыл болуп мусулман,
Абыдан жолдон тайган – деп,
Атасынан бабасы
Азезил анык сайган – деп,
Алты түмөн калкы – деп,
Атасынан бабасы
Арамдык динден кайтпаган
Абалдан акыр салты – деп,
Даңгытты Манас алганда
Такаар тийбей калды – деп,
Алты шаардан качканы
Айган жакка барды – деп,
Азган менен тозгону,
Качып барган баарысын
Өз журтуна кошкону.
Ушу күндө Айган кан,
Ага барып катылар
Ажалы жеткен кандай жан,
Жебелүү Кенжут жери жай,
Нечен жылдан бери жакка
Эркин жатып, эли бай.
Каапырлык дини кар деген,
Жаралуу болгон бабасы
Нечен жылдан бери жакка
Эсен-аман бар деген,
Уруш жакка калганда

Жандан кечкен кар деген.
Кебелбеген Манаска
Кеңеш кебин салмакка,
Макул көрсө баатыры
Баштап аскер бармакка,
Жарабаса Манаска
Жалгыз жөнөп калмакка,
Кыйырына келсе кадимки
Кырк баатырын алмакка,
Кырк баатырга жакпаса
Кытайга жалгыз бармакка,
Тагдыр кылса кудурет
Такыр чаап алмакка,
Нээти жоктур эр Алмаң
Эсен таштап салмакка,
Жаалданып Алмамбет
Жан аяп жатып албаска,
Жайын айтпай Манаска
Бээжинге кылып тамаша,
Жаңыдан келип алашка
Каалабай турган кан экен,
Кан Көкчөгө каралаш,
Калкында жүрүп аралаш
Бууругуп калган жан экен,
Бул Айгандын журтунда
Мурунтан азган белгилүү
Мырдарчылык бар экен.
Оюна алып, оолугуп,
Ошого барып келсем – деп,
Ойрон салып жолугуп,
Эр Алмамбет ошону
Эсине алып ээлигип,
Бастырмакка көңүлү
Баатыр Алмаң желигип,
Көкчөдөй көрүп Манасты
Көтүнөн киши барбаган,
Көк жал Алмаң султанга
Көрүнгөн аман калбаган.
Артынан киши барбаган,
Арстан Алмаң султандын
Асылганы аман калбаган.
Айчылык жолдо Айганды
Атагын угуп Алмамбет
Акылы башта калбаган,
Абыдан ага куршугуп,
Аны барып Алмамбет
Алмакка жини кайнаган.
Жалгыз жанга сыр айтпай,
Жаалданып Алмамбет,
Сырынын четин кылайтпай,
Кайраты ташып боюна,
Айганга жалгыз баруунү
Алмамбет алып оюна,
Арстан эр берген Сарала ат
Алыска сапар мингени,
Абыдан сырын билгени,
Жайы-көйүн билиптир,
Жаадай болгон Сарала ат
Жараар – деп, атын миниптир,
Айтпаса да арстан эр
Алмаңдын сырын билиптир.
Ар жагы бар Ындыстан,
Азган-тозгон барбаса,
Атасы Угуз кыргыздан
Ар жагынан бет алып
Келер эмес жалгыз жан.
Бир айлык жерде чөлү бар,
Миң түрлүү кие чөбү бар,
Келген жанды соо койбос
Кесендинин көбү бар.
Саз болгон баткак көлү бар,
Тоосунун баары таш, жыгач,
Арасында ал тоонун
Айбан жырткыч көбү бар.
Казат кылып жабаага
Кадам койгон адамга

Казылуу кара көрү бар,
Адамга залал кылуучу
Каргашанын көбү бар,
Кабылан Алмаң султандын
Как ушуга бармакка
Камданып алган көөнү бар,
Кабылан Манас баатырдын
Айттырбай билип ал сырын
Касиетин көрүп ал!
Күн чыгыш жагын карасаң
Күлдү даңгыт канча жан,
Кабылан Манас баатырдан
Күл-күл болгон канча кан.
Шымал жагын карасаң
Жеркен менен Котонду,
Он беш жыл мурун эр Манас
Жетип динге которду.
Кыямы Даң-Дуң тоо болгон,
Күн батыш жагы да кыргыз
Катаган Кошой жоо болгон,
Айланасы Кенжуттун
Аска бийик таш коргон,
Алды Алмамбет эсине –
Асылган кайдан соо болгон,
Дин ыслам уулуна
Динге кирбей жоо болгон,
Баруyга жабаа калкына
Баатыр Алмаң ойлонгон.
Эр Алмамбет ээлигип,
Эч адамга сыр айтпай,
Элким өзү желигип,
Оңдоп атын миниптир,
Ок өтпөс тонун кийиптир,
Оолугуп жүргөн мүнөзүн
Оёнуң Манас билиптир.
Кырк уруу кыргыз бегине:
«Бачым мында келсин!» – деп,
Кабар кылып ийиптир.
Баатыр Жанай, Баймырза,
Баштагы эски кыргыздан,
Башкарганы канча жан,
Панустун орду Көкө кан,
Аз болгондо он беш миң
Арстан Манас баатырга
Ала келди канча жан,
Моңол уулу келгенге
Болду ыраазы Манас кан.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кырк уруу кыргыз ичинен
Өз-өзүнүн каны бар.
Акбай, Мамбет дагы бар,
Агыш, Кожош, Көккоён
Алар келген чагы бар.
Кырк миң аскер кол болуп,
Кайнап келди көп аскер
Кара курттан мол болуп,
Талас менен Сары-Өзөн
Аскер менен жык толуп,
Күлүктүн баарын байлатып,
Күрөөкө тондор жайнатып,
Буудандын баарын байлатып,
Буулумдун баарын жайнатып,
Желмаянды чөгөрүп,
Жез казанды көмкөрүп,
Жер жайнаган аскерди
Алмамбет санап өткөрүп,
Эсебин элдин алганы,
Арстан Манас баатыры
Алмамбетти алып кашына,
Акылдашып калганы.
«Оор черүү кол эмес,
Оңой-олтоң жол эмес,
Бир айчылык жол экен,
Жабаанын журту мол экен,
Жанган динден, мажусу,

Жаман журттан ол экен.
Ушуга уруш салууга,
Насип кылса кудайым,
Ак динине алууга
Нээтим турат эр Алмам,
Эркин жалган дүйнөдөн
Өлүм кетпейт эч жандан.
Аманат жан чыкканча
Арбак урган каапырга,
Ыйманы жок жакырга
Амандык бербей урушуп,
Акырып майдан турушуп,
Акыры өлсөк – деп, ойлойм
Ач бөрүдөй жулушуп,
Эгемден ажал жеткен соң,
Эркин колдон кеткен соң
Не болорду ким билет,
Кара жан тирүү турганда
Каапырга калба салмактык
Мусулманга чоң милдет.
Аттанып сапар кылсак – дейм,
Ак ислам дини үчүн,
Алла Таала бир үчүн
Алыска сапар жол басып,
Аттансакпы – деп, ойлойм
Ачмакка көңүл кир үчүн».
Ал сөздү айтып эр Манас,
Аттан десе дегдеген
Арбагы бийик көп алаш,
Чогултуп алып аскерин
Жоопко алган эр Манас,
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Жүрөгү бөлөк көп алаш,
Кайратына карк толуп,
Айбатына нак толуп,
Карчыга куштай шүйүлүп,
Казат десе сүйүнүп,
Каапырларга кезенип
Кабагы таштай түйүлүп,
Көңкү кыргыз баарысы
Көкөтөй баштап карысы
Жебедеги жабаага
Жетсек дешип калышты,
Көңүлүндө куш көрүп
Көрбөгөн жолго барышты.
Үйдө жатып не көрдүк,
Үстүн-астын жер көрдүк,
Үрпөңдөшүп урушкан
Катын-бала, эл көрдүк.
Андан артык не көрдүк,
Кара терек, тал көрдүк,
Кайып көрдүк, мал көрдүк,
Кара башы апаппак
Кайыгып калган чал көрдүк,
Кадыр Алла буюрган
Канча түрдүү дан көрдүк,
Кайып болгон дүйнөдөн
Канча түрлүү жан көрдүк.
Биз да ошонун879бирибиз,
Өлүм анык билиңиз,
Майдан түзөп, сап тартып,
Барсак жоого бет алып,
Баш тартпастан кирип биз
Көкөтөй баштап карысы,
Көп ташкендик баарысы
Он беш миң аскер кол менен,
Ой-Кайыңды жол менен
Алар азыр келиптир.
Аларды көрүп эр Манас
Ар тарапка кыргызга
Айтып кабар бериптир.
Алмамбетке кеп айтып,
Аттансакпы, койсокпу?
Сиз билиңиз – деп, айтып,
Кеңешти баатыр салганы.
Алардан мурун бармакка

Кезенип турган Алмамбет
Макул болду, баатыр – деп,
Бармакты кабыл алганы.
Эл барбаса, мен барып,
Эринбеген мен карып,
Эмгекке башым мен салып,
Аяры арбын эл деген,
Адам уулу жеңбеген,
Кыяры кыйын эл деген,
Кылымдын баары жеңбеген,
Аярын алек кылууга,
Алым келсе кырууга,
Кыярын кыргын кылууга,
Кыялым эле мурунтан
Жабаага бирди кылууга.
Алмамбет айтып токтолду,
Ажыбай менен Чалыбай,
Ал экөөнө эр Манас
Аскериңер кайда? – деп,
Атырылып октолду,
Аскер башчы кырк баатыр
Азыркысын жоктолду.
Анда Ажыбай кеп сүйлөйт:
«Ачууланба, баатыр – деп,
сүйлөйт.
Ачууң, баатыр, мойнумда.
Аз болгондо жүз миң кол
Азыр менин койнумда.
Колдон комсоо коёт – деп,
Коржоңдойсуң оюңда,
Нече жүз миң кол болсо
Азыр – деп ойлойм оюмда».
Ал сөздү айтып Ажакең
Эшикке чыгып алыптыр.
«Ылдам колду жыйгын!» – деп,
Элге кабар салыптыр.
Ээ дегенче элүү миң
Аскер келип калыптыр.
Ат кайнамда Ажы бий
Арстан Манас үстүнө
Аста басып барыптыр.
«Койчу, төрө, бүркөлбөй,
Коржоңдошуң мыкты – деп,
Койнумдагы көп аскер
Койдой чуулап чыкты – деп,
Элүү миң аскер элиңиз,
Немесин койбой айдатып
Энди астыңа келдик биз,
Нени айтасыз баатыр сиз.
Урунуучу тооң кайда?
Урушуучу жооң кайда?
Ашып өтөр тооң кайда?
Атышуучу жооң кайда?
Айтып бер – деп, мындайда?»
Ажыбай сурап салганы,
Алмамбеттен сура – деп,
Арстан сүйлөп калганы.
Баруучу жолуң кай жол? – деп,
Элиңиз келди жыйылып,
Элүү миң аскер, көп кол – деп,
Алмамбетке сөз салды,
Ээ дегенче элүү миң
Аскер келди дегенге
Камдаган – деп, качантан
Эр Алмамбет таң калды.
Айбалта, кылыч эгешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Жыйырма беш миңин кайтарып
Элин көздөй салганы,
Жыйырма беш миңи калганы.
Кебе курсак чалдарды,
Кейпи жаман балдарды,
Кол, аягы майыбын
Барып багып алгын – деп,
Бала-чака зайыбың
Жыйырма беш миңин кетирип,

Көкөтөйүн баш кылып,
Эски Ташкен журтунан
Он беш миңин келтирип,
Эсеби кырк миң кол болду,
Жүргөнү Желкек жол болду,
Ашып өтүп Ала-Бел,
Атпай кыргыз баатыр эл,
Желкек менен күңгүрөп,
Жер көчкөндөй дүңгүрөп,
Артылып Ала-Белинен,
Азыгына мал алып
Суусамырдын элинен,
Көкөтөйдү кан кылып,
Үлкөн черүү кол менен,
Көктү-жердин ортосун
Көз айныган чаң кылып,
Кара-Кочкор жол менен,
Кара кыргыз кол менен,
Тянь-Шань, Ала-Тоо менен,
Урушмак жабаа жоо менен,
Кечип өтүп Суңшоону,
Лаңги-Төбө башынан
Ашып өтүп Сын-Тоону,
Кашкарга түштү кабары,
Саяңга келген абаңды
Жакшы бекен жериң? – деп,
Жайын сурап калганы.
Жарады, балам, жерим – деп,
Жардысы жок, бай болуп
Жарыгыдай элим – деп,
Жуушанын жери курусун,
Жуураган жерге келдим – деп,
Үсөн бай айтып үзүр кеп,
Карууң келсе балдарым,
Калың кол менен Манасты
Түштөндүрүп түшүр – деп,
Көзкаман айтып салганы.
Акымбек уулу Меңдибай
Короолошум ошо – деп,
Чакырып кабар салганы.
Адамга тынчтык алдырып,
Ат откоруп чалдырып,
Аскер калды токтолуп.
А дегенче болбоду
Акымбектин Меңдибай
Азыр келди жайма-жай,
Салам берип салганы,
Аскердин келип жанына,
Эр Көкөтөй канына,
Андан кийин көрүштү
Баатырлардын баарына,
Кыргыл, Бакай карыга.
Ала-Тоого келгени
Үч миң үйлүү киши экен,
Кол сыйламак мурунтан
Үлкөндөрдүн иши экен.
Үч жүз байтал жыйыптыр,
Урматты мыктап кылыптыр.
Төрт аягы тегизден,
Чөйчөгү чукур семизден
Үч жүз байтал бээни
Аскерге союш бергени,
Абакеси бай Үсөн
Манаска басып келгени,
Ага-иниңден ала бар
Айланайын – дегени.
Барар болсо камдансын,
Байкоосуз жатып калбасын.
Айтып аны эр Манас, ‘
Ат өргүтсүн бүгүн – деп,
Аскерге айтып андай кеп.
Көчүп түштү көп аскер
Көк-Аргындын оюна,
Көк-Башаттын боюна,
Казаттын чыккан жолуна,
Калың аскер өкүмү

Кан Алмамбет колунда.
Аттын баарын өргүтүп,
Адамдын баарын сергитип,
Агалдай менен Чагалдай,
Аксакалы Көкчөкөз
Бармакчы болгон үчөөнү,
Үлкөн черүү кол көрүп
Үйдөгүлөр күчөдү,
Үч жүз киши кошулуп,
Умтулуп жолго озунуп,
Кол кайкалап жүргөндө
Торугарттын бели тозулуп,
Топосу көккө созулуп,
Чакмактын ичи чабылып
Кан Манас аскер келет – деп,
Жаткан экен жол тосуп
Кашкар журту камынып,
Кызыл чайын, ак нанын
Кылып алып дасторкон,
Коону менен дарбызын,
Алча, жийде, алмурут
Кошуп алып баарысын.
Тыш жагында кыргызды
Алоокеге өткөндө
Сакчы кылып тургузду,
Уругу анын жетиген
Он сегиз жылдан бер жакка
Улуу журт болуп жетилген.
Азырети султан – деп,
Амыр кылса тутам – деп,
Абазбай анын баштыгы
Ушу күнкү жакшысы,
Кызматын кылып жүгүрүп,
Кыргызын көрүп сүйүнүп,
Баштап алып баатырды
Кашкарга кирип акыры,
Кашкарга кирип бакалап,
Кас буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Семизинен арытып,
Сейиндейин жаратып,
Төрт туяктын баарысын
Темир менен чарытып,
Кашкардан чыгып калың кол,
Калкылдап жүргөн жери ошол,
Обого чаңы созулуп,
Орчун Кашкар журтунан
Он миң аскер кошулуп,
Сегиз миңи кыргыздан,
Эки миңи эскиден,
Элиң Алмаң тескеген.
Шаардан чыгып шатырап,
Таш басышып качырап,
Басып өтүп Жаңазарды,
Алмамбет акыл ойлоду,
Атка жаман болот – деп,
Намундун сайын бойлоду.
Тоо таянып жатышып,
Тозоттон кийик атышып,
Алты күнү жатышып,
Адырдан аркар атышып,
Аңгемеге батышып,
Курбудан кулжа уулашып,
Кутурушуп чуулашып,
Опол, Кебез оюнда,
Орчун Намун боюнда,
Сары-Колдун аяк сайында,
Жергендин жеткен жайында,
Баштап жүрүп эр Кошой
Башында алган Жергенди,
Манас келет дегени
Коюнан союш айдатып,
Азууларын аркайтып
Атынан ылоо байлатып,
Ар түрлүү мөмө-жемишин
Аскерге төгүп жайнатып,

Эки күн өргүп эр Алмаң,
Жаткан жайы Каргалык,
Кызмат кылып көп калык,
Андан көчүп жөнөлдү,
Алты миң аскер кошулуп,
Асманга чаңы созулуп,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Оң тарабы тоо болгон,
Күн чыгышка бет алып,
Учу узарып жоголгон,
Тоо түгөнүп, уч болуп,
Жол түгөнүп, түз болуп,
Суу түгөнүп, чөл болуп,
Тоо түгөнүп, бел болуп,
Аскерге барган адамдын
Айланып башы тел болуп,
Баатыр селде чалынып,
Бар кудайга жалынып,
Кар кылба – деп, каапырга
Канча түрлүү аяттан
Жаттап окуп акылга,
Кор кылба – деп, душманга,
Койбой көңүл бушманга,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Шаймерденге сыйынып,
Тартынбас жоодон тыйылып,
Күмөндүн басып калаасын,
Котондун басып талаасын,
Баштап алып Алмамбет
Күлдү кыргыз баласын,
Санжыга жетти кадамы,
Жайнап жаткан Котондун
Жалпы адамы барганы.
Арбын айдап союшту,
Ачыгып барган аскерлер
Аш-тамакка тоюшту.
Төрт күнү орун алышып,
Ар жагы чөл биябан,
Төөлөргө азык салышып,
Оң тарабы күн батыш,
Абалкы өткөн түрктө
Аларда жок тим жатыш,
Сайылып келген жанупка
Даң-Дуң тоонун учу бар,
Барган жери башкача,
Тамашада ушу бар.
Чыңыроо тартып жезнайдан,
Чыбыраган кең сайдан,
Сурнай тартып жезнайдан,
Суу акпаган кең сайдан,
Кан Алмамбет баштаган,
Кара кыргыз төл экен,
Калк турбаган жер экен,
Карга учпаган чөл экен,
Оргул-оргул кумдар бар,
Жантагы жалпак дөбөдөй,
Ор коёндор мында бар...
Кумунда кулан бышкырып,
Чөлүндө жылан ышкырып,
Булар барган күз күнү,
Жайында жандар жолукса
Өлтүрө турган сызгырып.
Бөкөнү койдой бөлүнүп,
Куланы кумдай төгүлүп,
Көргөндүн көөнү сөгүлүп,
Жаңгел токой чери бар,
Байкабаган бенденин
Барса-келбес жери бар.
Аюу, жолборс, кесеңде,
Албан түрлүү шери бар.
Жолборс жолун бууган жер,
Аюулары уюктап,
Алтымыштан тууган жер,
Адамжаба, төө кийик

Анын баары турган жер.
Бил, кериктин баары бар,
Миспилдирик, алаткак
Баарысы өскөн чагы бар,
Бир тооруктан бөлүнгөн
Миң бутагы дагы бар.
Биз көрбөгөн жандардын
Бирөө эмес, баары бар,
Жабырбаян дагы бар.
Казылык деген кушу бар,
Канаттары жапжалгыз,
Уксаң сонун ушу бар.
Кумурскасы чычкандай,
Арстары бар түйүлсө
Асманды көздөй учкандай.
Мүйүздүү жылкы аты бар,
Адамды көрсө соо койбос
Өзүнүн кылган анты бар,
Же өлтүрбөй, же өлбөй,
Соо кетпеген каркыбар.
Ак чатырдай куусу бар,
Акпаган кара суусу бар,
Ача балык ушу бар –
Денеси бирөө, башы экөө,
Бир башы бар балыктай,
Бир башы бар адамдай,
Алла Таала кудурет
Жан жараткан ар кандай,
Адам башы адамча
Айта берсе сүкүттү
Адамдар айран калгандай,
Ал сүкүтүн уккан жан
Акылынан тангандай,
Күн ысыгын карасаң
Абанын оту жангандай.
Тамаша кылып көлүнөн,
Он бир күнү жол жүрүп
Жаянын жазы чөлүнөн,
Түштүк жактан көрүндү
Кенжут тоонун төбөсү,
Кетте черүү баштаган
Эр Алмамбет төрөсү.
Ажая суунун бетине
Аскери конуп калыптыр,
Бейкарар адам бастырбай
Жолду тосуп алыптыр.
Кара суунун жээгинде
Камышы кара темирдей,
Караан-бараан көрүнүп,
Калкынан киши да билбей,
Кетте черүү жайнатып,
Кезиккен жандын баарысын
Кетирбестен байлатып,
Келип калса кезигип
Кербендин шорун кайнатып,
Качканыңды өлтүрөмүн – деп,
Канжар бычак кайратып,
Баштап Алмаң бар колду,
Чыңоолду чыңдап койдуруп,
Чыйырына түшкөн кишини
Чымын жандан тойдуруп,
Кароолду катуу койдуруп,
Каяша кылган каапырды
Канын төгүп сойдуруп,
Карап турган кай бирөөн
Кара жандан тойдуруп,
Түмөндөгөн көп аскер
Түндө жолго салыптыр,
Түштүктөн жакын бир жерге
Эртеңки шашке маалда
Эр Алмаң баштап барыптыр.
Эки суунун куюлуш,
Эки сеңир урунуш,
Өзөнү токой чер экен,
Өзөнүнөн бөлөгү
Эгин айдоо жер экен,

Башкарганы бу колду
Баатыр Алмаӊ эр экен.
Кара селдей кол келсе
Качып бириӊ ыкпа – деп,
Кабактын басып кырына
Жалгызыӊ да чыкпа – деп,
Караганыӊ көрүнбөй,
Алмадай башыӊ ашыргын,
Арбайтпай боюӊ жашыргын,
Же болбосо көпчүлүк
Жата бергин жайланып,
Жан аманат, колдо – деп,
Жаратканга жалбарып,
Мен атыма минейин,
Бет алып жолго кирейин,
Жебенин шаары жапжакын,
Жетип ага барайын,
Жер өлчөөсүн карайын,
Адамы болсо кармайын,
Аяры арбын эл деген,
Арманда болуп калбайын,
Аярын көрсөм тутармын,
Акими калса кезигип,
Аял кылбай жутармын.
Бери жагында калаасы,
Калаасына карк толгон
Жебелүүнүн талаасы.
Ар жагы туюк таш коргон,
Ар качан уруш көргөндө
Качып Кенжут шаарына
Баштатадан маш болгон.
Азирет Аалы келиптир
Казат кылып ушунда,
Качып кирген шаарына
Алдыра турган тушунда.
Камас деген кан экен,
Калкы Сейли заманда
Канча түркүн жан экен,
Айланасы туюк таш,
Жалгыз жолу бар экен.
Өтсөм жалгыз жолунан,
Өчтөшкөн тирүү кала албай
Алмамбеттин колунан,
Бакалап акыр барайын,
Бар болжолун карайын,
Бөлөктөн табар жол барбы,
Жасалуу аскер кол барбы,
Жалтанбай чыгып салышар
Жарагы толук зор барбы,
Ээлигип чыгар эр барбы,
Баргандын башы соо калбас
Барса-келбес жер барбы,
Кайыӊ барбы, тал барбы,
Калыӊ аскер ач жатпай
Союп жээр мал барбы,
Артып алар дан барбы,
Айтышып кайрат кылам – деп
Астымдан тосор жан барбы,
Аӊдап көрүп келейин
Кенжутта жабаа заӊгарды.
Балбан барбы, эр барбы,
Баш көтөрбөй магдырап
Бекерчилик иш менен
Бекер жаткан эл барбы
Байкап көрүп келейин,
Мына ушундай экен – деп,
Баарыӊа жообун берейин.
Асили кытай зили бар,
Айтыша келсе тили бар,
Жүрүшө келсе жолу бар,
Сүйрөлмө, чампа кытайча
Кийише келсе тону бар,
Кытайча жарак кийинип,
Жаратканым колдо – деп,
Бир кудайга сыйынып,
Жарагын белге чалынып,

Шаймерденге жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына жалынып,
Алты карыш куржунга
Ок-дарыны салынып,
Сарала ат менен алкылдап,
Сарынжы тону жаркылдап,
Сандыргалуу Алмамбет
Сайдан чыгып закымдап,
Сансып жаткан жебенин
Калаасына жакындап,
Карарып жаткан багы бар,
Калдайып жаткан тамы бар,
Дүңкүйүп жаткан багы бар,
Түнөрүп жаткан шаары бар,
Кулак уккан, көз көргөн,
Не сонундун баары бар,
Асабасы желбиреп,
Арбын аскер дагы бар,
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Чоор, кыяк ызылдап,
Чымылдык, жезнай тызылдап,
Алыстан угуп Алмамбет,
Арбак ургур кандай? – деп,
Боз сеңирден жакалап,
Карап турду Алмамбет
Калаанын сыртын бакалап.
Аны таштап салыңар,
Айгандан болгон аңгеме
Кабарын угуп алыңар.
Айган деген кан экен,
Ар жак менен бер жагы
Алты түмөн жан экен,
Төгөрөктөн кабардар
Төрт аяры бар экен:
Биринин аты Калыя,
Биринин аты Жетүштүк,
Биринин аты Чабыра,
Биринин аты Мардуба.
Мардуба деген чал экен,
Мардубанын мингени
Бир Көкбайтал мал экен,
Арам өлгөн Көкбайтал
Ар өнөрү бар экен.
Жел кайыптан бүтүптүр,
Аярлык менен Мардуба
Алган экен башында,
Кырк жылдан бери күтүптүр.
Жел кайыптан жалгашып
Туугандык жайы дагы бар.
Жети айчылык жол басса
Жети күнчө көрбөгөн
Буудандык жайы дагы бар.
Таза аркардай сыягы,
Какыраган таш басып
Кырк күн тамам жүрсө да
Жоюлбаган туягы.
Жети батман дан жесе
Жем экен – деп, тоюнбас,
Жетимиш күндүк жол басса
Жер экен – деп, оюбас,
Кыр аркасы кызарып
Кырк күн минсе жоорубас.
Атагы бар байтал – деп,
Ашыр сынчы сынаган
Айбандан бүткөн шайтан – деп
Аярдын пири Азезил,
Азезил устат экенин
Адам уулу анык бил.
Аскер келди мында – деп,
Азат боюң чыңда – деп,
Бекер жатып Мардуба
Бейопалык кылба – деп,
Кулагына жетиптир,

Ал Мардуба аярга
Шыбыр этип кетиптир.
Кайда экенин биле албай,
Каарданып Мардуба,
Калкты аралап, буларга:
«Алыска чыгып атганып
Келгендерден барсыңбы?
Аскадан кийик уулаган
Мергендерден барсыңбы?
Алыска чыгып, жол басып,
Көргөндөрдөн барсыңбы?
Атышып, уруш коогага
Көнгөндөрдөн барсыңбы?
Атышып, арстан душманды
Көмгөндөрдөн барсыңбы?
Кайгы-капа салуучу
Катуу багыт жоо келет,
Кар ойногон тоо келет,
Кабардарың барсыңбы? »
Ушуну айтып акырып,
Уюган жабаа шаарына
Айгай салды бакырып,
Уккусу келбей, жабалык
Кулактарын жапырып,
Азыр бизде жыргалдык,
Аяр болбой курсун – деп,
Каттамалуу тообуз бар,
Кайдан биздин жообуз бар,
Каапыр менен мусулман
Катылбасак мурунтан,
Жатат Айган каныбыз,
Жашы менен карыбыз
Жамандыктан тыйылып,
Лаайлама сыйынып,
Жан сактап жаткан жаныбыз,
Жаман жоро угузат,
Азыркысын бу күндө
Алтынайга той түшүп,
Кубанычта Айган каныбыз.
Бу сөздү айтып салышып,
Чылмардан, дутар чалышып,
Арабан-дапты кагышып,
Ала-була байрагын
Найзага байлап алышып,
Акыл кетип, аз болуп,
Аяк-башы жыйылып
Ала дөңгүл мас болуп,
Ар жагы Кенжут бар экен,
Даңсоо деген бай экен,
Аз болгондо алтыны
Алтымыш төөлүк бар экен,
Өзү элүү бир жашында,
Айгандын Алтынайына
Ашык экен башында.
Он сегизде Алтынай,
Оолжуйт экен каапырай!
Кара көзү сурмалуу,
Кара чачы бурмалуу,
Кара кашы осмолуу,
Караанын көргөн адамдын
Кайгыда көөнү козголуу.
Мисте мурун, калем каш,
Өтүгүнүн такасы
Көк зумурут асыл таш.
Нурлуу жүзү балкыган,
Көз байланган күүгүмдө
Көрсө жүзү жаркыган.
Колу кобул күмүштөй,
Тизилген тиши күрүчтөй,
Ааламда жок жан өңдүү,
Актыгы күзгү кар өңдүү,
Бетиндеги кызылы
Карга тамган кан өңдүү,
Тал чыбыктай буралып,
Таң аткандай нурланып.
Алтынайдын тою үчүн

Алты жүз доңуз сойдуруп,
Аяк-башы куралып
Алтымыш миң кол болуп,
Жебелүүнүн калаага
Жер жайнаган кол толуп,
Арак-шарап алышып,
Ар түрлүү оюн салышып
Жаткан экен көпчүлүк,
Мардубанын башына
Бүгүн түштү көп түлүк.
Кыздан кыйла жыйышып,
Он тогуз миң кыз жыйып,
Оюн-күлкү кылышып,
Отуз түркүк ордого
Ошончолук көпчүлүк
Орун алып сыйышып.
Мажусу дин баарысы,
Басып жүрөт тоюнда
Бапаңдаган карысы.
Калыя калган Кенжутта,
Келбеген экен бу журтка.
Чабыра менен Жетүштүк
Чарасыз ичип аракты,
Акылынан таныптыр
Чалынбай шайман жаракты,
Кускандан эси кетиптир,
Өз ажалын биле албай
Өлүмгө жуук жетиптир,
Өзгөдөн арга жок болуп,
Өзү турбай токтолуп,
Балакетти билиптир,
Башкача аяр Мардуба
Байталына миниптир,
Айтор, кооптуу душманы
Наамандын эли туштагы,
Манастын уккан атагын,
Башта келип талкалап
Даңгытка салган чатагын.
Баскан жагы Баргана,
Жай алганы Самаркан,
Кара кыргыз уулунан
Калк чочуган Манастан.
Катылса ошо катылат,
Баатырлык менен батынат.
Башкадан келер жоо да жок,
Ат жетээр жерде адам жок,
Барансоз бар, иңгилиз,
Басаар бизге кадам жок,
Кырк жылы кытай камаган,
Кыргын таап бизлерден
Кыймылдаар шайы калбаган.
Атка минип алайын,
Наамандын жолун чалайын,
Келмек болду бир душман,
Жол карайын ар туштан.
Казатка келген жаны ким,
Калк башкарар каны ким,
Эңшере саяр эри ким,
Не түрлүү журт, эли ким,
Баатыры барбы баштаган,
Туусу барбы аштаган,
Кайраттуусу бар бекен
Казатка жанын карштаган?
Аныгын билип алайын,
Аңгеме кылып эл жатыр,
Айганга кабар салайын,
Айтканымды укпады,
Адамдар кебим тутпады,
Аярдын бири чыкпады,
Ант ургурдун баарысы
Арак ичип алышты,
Ачуу тамак, аш ичип,
Акылынан таныштты.
Аны ойлонуп Мардуба
Төө караган чал болуп,
Төрт аяктын жаманы

Төбөдөн тийген жан болуп,
Кийген тону кементай,
Жыртылып сан-сан, сан болуп,
Көк отого бөркүнү,
Көрүнөө бузуп көркүнү,
Апсун окуп алыптыр,
Бөркүнө бир дем салыптыр,
Жети жылы жоголуп
Жерде калган немедей,
Башына адам салгысыз
Курмушу-куур тебетей,
Мардуба көзүн жаштатып,
Астындагы Көкбайтал
Арыктыгы жетишкен,
Ага дагы дем салып
Жүрбөй калчу баштанып,
Илкий минип байталын,
Издегени мусулман
Мардубадай шайтаның,
Даң-дуң жагын бет алып,
Адырлуусун аралап,
Аккан сууну бааналап,
Тоонун түшкөн учунан
Токойлуу Тоорак суусунан
Мардуба жолго салыптыр,
Эки сеңир урунуш,
Эки суунун куюлуш
Сеңирден чыга калыптыр.
Эки жагы бийик кыр,
Эми көзгө көрүндү
Белги берген баягы сыр.
Кара башыл кызыл туу
Кыдырата сайылган,
Кырдан санап караса
Кырк асаба жайылган,
Төрт миң чатыр курулуп,
Чатырлардын баарысы
Сексен түрлүү кубулуп,
Бир кишидей кыңк этпей,
Миңдеп жаткан көп аскер
Бири чеки былк этпей.
Колду көрүп алыптыр,
Коркуу кирген жүрөккө,
Кооптуу болуп калыптыр,
Башы катып алыптыр,
Бастыра албай калыптыр.
Улуу кырдын астында,
Жер кашаттын үстүндө
Курбуда атын жетелеп,
Куба жүлүн Бозуул
Байтору деген аты бар,
Болжосо аяр заты бар,
Баатырдын аты Аккула,
Кабыргалуу как Кула,
Казанат күлүк Аккула,
Омурткалуу оң Кула,
Ойротто жок чоң Кула,
Маңдайында багы бар,
Тумшугунун үстүндө
Ноктонун кескен агы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Кереге жалдуу, кең соору
Келишимдүү жаныбар,
Үртүктү кабат жаптырган,
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Кумдуу жерден оонатып,
Кудуктуу жерден сугарып,
Түктөтүп арпа жем алып,
Курбуга жаңы чыгарып,
Сиңдирмек үчүн жемини
Ары-бери жетелеп,
Аккуланы жебелеп,
Жүргөн экен Бозжигит.
Жүдөгөн бир чал келгени,
Лаайлама коома – деп,

Кытайча салам бергени.
Жаалданып Боз уул:
«Таш оозуңа!» – дегени.
Көрүндү Боз уул көзүнө,
Чалдын келди ачуусу
Ал Боз уулдун сөзүнө.
Чал тырчыды кебине,
Чапа кармап калууга
Боз уулдун келбейт эбине.
Аярлыгын билиптир,
Ат жетелеп Боз уул
Алтын айчык ай балта
Бүлдүргөсүн көргөзбөй
Ач билекке илиптир.
Жакындаса чабууга
Чалдын эбин табууга
Камданып Боз уул калыптыр.
Калабалуу Мардуба
Аяр чалыш жигит – деп,
А да билип алыптыр.
Чал Мардуба кеп сурайт,
Жакындабай көп сурайт,
Жайын уксам – деп, сурайт:
«Найзасын албарс миздеген,
Алыстан душман издеген,
Акбараңмылтык түздөгөн,
Азар түмөн кол келсе
Атышкан душман түтпөгөн
Аскери баштуу мунуң ким?
Кыйгактуу найза миздеген,
Кылымдан кытай издеген,
Кыргындын ишин иштеген,
Кылымдан көрсө мажусу
Динге байлап тиздеген,
Кыйшыктан жигит күтпөгөн,
Кырылышса кылым журт
Кыргынына түтпөгөн
Кылымдын каны мунуң ким?
Алтындуу калкан ойноткон,
Атышкан жоосун сойлоткон
Айбаты катуу мунуң ким?
Күмүштүү калкан ойноткон,
Күрөшкөн жоосун сойлоткон
Күрпөңдүү каның мунуң ким?
Күрөөкө, соот, кыягы,
Үстүнө темир кийинген,
Үрүстөмдөй сыягы,
Жамынганы сууга акпас
Жабырбаян териси,
Жанчышкан жоонун бөрүсү
Жаткан колуң кимдики?
Дайрага түшсө батпаган,
Дабырты жерге жатпаган,
Акса сууга батпаган,
Арбагы жерге жатпаган,
Ай-ааламдын баарысы
Айбатына батпаган,
Аскеринин баарысы
Арамдан даам татпаган,
Урушуп душман жеңбеген,
Узакка сапар жүрүүгө
Уйкудан кечип дегдеген,
Атышып душман жеңбеген,
Алыска сапар жүрүүгө
Арзы кылып дегдеген
Аскериңдин башы ким?
Калдайган кара талаада
Казылган кара топурак,
Жол баштаган мунуң ким?
Кара башыл туу алып
Кол баштаган мунуң ким?
Эңкейиш сары талаада
Эшилген кызыл топурак,
Жол баштаган мунуң ким?
Эгиз туусун көтөрүп
Кол баштаган мунуң ким?

Кыйгактуу найза көк түпөк
Жарак алган мунуң ким?
Кырылыштан баш тартпай
Калба салган мунуң ким?
Аскери күчтүү, шаймандуу,
Атышкандан жадабас
Ал кубаты дармандуу,
Өчмөндүүсү жок болуп,
Өлүп болуп армандуу
Өкүмөт ээси мунуң ким?
Үйдөй болгон кула атты –
Урматы артык бул атты
Үпчүңдөгөн мунуң ким?
Тоодой болгон кула атты –
Толук тулпар бул атты
Топчулаган мунуң ким?
Көк темирдей туягы,
Туу аркардай сыягы,
Ач маралдай шыйрагы,
Ак кайыптай сыягы,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей,
Бакбаягы баладай,
Бастырып чоюн куйгандай,
Кулагында кубулуп
Шамы күйүп тургандай,
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгончо
Азуун чалып карыбас,
Жаадай ичи тартылган,
Жал кулактан артылган,
Жардай болгон чоң кула ат
Мине турган кишиң ким?
Жалпы журтун башкарып
Биле турган мунуң ким?
Сан душманга жалтанбай
Кире турган мунуң ким?
Душман тоноп, кандуу тон
Кие турган мунуң ким?
Миң кишиге бир өзү
Тие турган мунуң ким?
Ыштанына душманы
Сие турган мунуң ким?
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душмандан бир өзү
Көп экен – деп, качпаган
Билим артык мунуң ким?
Издегени өлүмү,
Илими артык мунуң ким?
Санды көрсө шашпаган,
Сан душмандан бир өзү
Жалгызмын – деп, качпаган,
Самаганы өлүмү,
Салтанатын, боорумун
Сапарына баштаган,
Сан кишини башкарып,
Бир кишидей учтаган,
Аскер камап, душманы
Ар канча салса кыйындык
Акылы баштан учпаган
Аскердин ээси мунуң ким?
Туулгалуу баатыр, туулуу бий
Тутуп жүргөн мунуң ким?
Суу ордуна кызыл кан
Жутуп жүргөн мунуң ким?
Ойногонун оңдурбай
Утуп жүргөн мунуң ким?
Орчун шаар ойрондоп,
Бузуп жүргөн мунуң ким?
Барча дүйнө чалгынын
Чалып жүргөн мунуң ким?
Басташканын баштатан
Алып жүргөн мунуң ким?
Баш денеден бөлүнүп,
Каны суудай төгүлүп
Калып жүргөн мунуң ким?

Мажусу диндин баарысын
Башка динге которуп
Салып жүргөн мунуң ким?»
Жөнүн сурайт аксакал,
Сөзү болду көп макал.
Атагын сурайт аксакал,
Айтканы болду көп макал.
Манас – деп, укса окустан,
Баянын айтса кокустан
Аярлыгы ал чалдын
Абыдан түпко жеткендей,
Ачып көздү жумганча
Айганга кирип кеткендей.
Айтып кабар салгандай,
Азар түмөң кол жыйып,
Азырлаңып калгандай.
Аңдап Бозуул кеп айтат:
«Бери келгин, акебай,
Айтып берем сөздү жай,
Жамандык жанга кылууга
Азыр жоктур биздин шай.
Камоо көрүп душмандан
Каңгып жүргөн адамбыз,
Караңгыдан жол таппай
Капилет келген көп жанбыз,
Кандай түрүн сурайсыз,
Жакын келгин элиме,
Жайын айтып берейин
Салсаң кулак кебиме».
Жакын келсе тутсам – деп,
Чалдын башын жутсам – деп,
Айкалыша калсам – деп,
Айбалта, кылыч салсам – деп,
Акыл ойлойт Бозуул.
Аяр малгун куу чалды
Амалдап кармап алсам – деп.
Жакындабай алыстап,
Астындагы Көкбайтал
Тулпарлыгы билинип,
Туягы жерге илинип,
Чуркоого турат арыштап,
Кашына барат Бозуул
Аманат жаңын карыштап.
Аяр чал жана сүйлөдү:
«Айтып бер, акетайым – деп,
Аскер жүргөн кайсы журт
Ата-тегин, жайын?» – деп.
Бозуулдан сурап жайыны,
Унчукпай койсо көп сурап
Кетирди кекеп шайыны.
Кадалып куу чал калганы,
Карагүчкө Бозуул
Тетири сөзүн салганы:
«Найзасын албарс миздеген,
Алыстан душман издеген,
Ак бараң мылтык түздөгөн,
Азар түмөн кол келсе
Атышка душман түтпөгөн
Аскери баштуу мен өзүм!
Кыйгактуу найза миздеген,
Кылымдан кытай издеген
Кыргындын ишин иштеген,
Кылымдан көрсө мажусу
Динге байлап тиздеген,
Кыйшыктан жигит күтпөгөн,
Кырылышса кылым журт
Кыргынына түтпөгөн
Кылымдын каны мен өзүн!
Алтындуу калкан ойноткон,
Атышкан жоосун сойлоткон
Айбаты катуу мен өзүм!
Күмүштүү калкан ойноткон,
Күрөшкөн жоосун сойлоткон
Күрпөңдүү каны мен өзүм!
Күрөөкө, соот, кыягы,
Үстүнө темир кийинген

Үрүстөмдөй сыягы,
Жамынганы сууга акпас
Жабыр баян териси,
Жанчышкан жоонун бөрүсү
Жаткан кол менин өзүмкү!
Дайрага түшсө батпаган,
Дабырты жерге жатпаган,
Акса суугa батпаган,
Арбагы жерге жатпаган,
Ай-ааламдын баарысы
Айбатына батпаган,
Аскеринин баарысы
Арамдан даам татпаган,
Урушуп душман жеңбеген,
Узакка саиар жүрүүгө
Уйкудан кечип дегдеген,
Атышып душман жеңбеген,
Алыска сапар жүрүүгө
Арзы кылып дегдеген
Аскери башы мен өзүм!
Калдайган кара талаада
Казылган кара топурак,
Жол баштаган мен өзүм!
Кара башыл туу алып,
Кол баштаган мен өзүм,
Эңкейиш сары талаада
Эшилген кызыл топурак,
Жол баштаган мен өзүм,
Эгиз туусун көтөрүп,
Кол баштаган мен өзүм!
Кыйгактуу найза, көк түпөк
Жарак алган мен өзүм!
Кырылыштан баш тартпай
Калба салган мен өзүм!
Аскери көчтөй шаймандуу,
Атышкандан жадабас
Ал-кубаты дармандуу,
Өчмөндүүсү жок болуп,
Өлүп болуп армандуу
Өкүмат ээси мен өзүм!
Үйдөй болгон кула атты
Урматы артык бул атты
Үпчүлөгөн мен өзүм!
Тоодой болгон кула атты,
Толук тулпар бул атты
Топчулаган мен өзүм!
Көк темирдей туягы,
Туу аркардай сыягы,
Ач маралдай шыйрагы,
Ак кайыптай сыягы,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей,
Бакбаягы баладай,
Бастырып чоюн куйгандай,
Кулагында кубулуп
Шамы күйүп тургандай,
Алты айга минсе арыбас,
Алтымыш асый болгончо
Азуун чалып карыбас,
Жаадай ичи тартылган,
Жал кулактан артылган
Жардай болгон чоң кула ат
Мине турган мен өзүм!
Жалпы журтун башкарып
Биле турган мен өзүм,
Сан душманга жалтанбай
Кире турган мен өзүм!
Душман тоноп, кандуу тон,
Кие турган мен өзүм,
Миң кишиге бир өзү
Тие турган мен өзүм,
Ыштанына душманы
Сие турган мен өзүм!
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душмандан бир өзү
Көп экен – деп, качпаган

Билими артык мен өзүм,
Издегени өлүмү,
Илими артык мен өзүм!
Санды көрсө шашпаган,
Сан душмандан бир өзү
Жалгызмын – деп, качпаган,
Самаганы өлүмү,
Салтанатын, борумун
Сапарына баштаган,
Сан кишини башкарып
Бир кишидей учтаган,
Аскер камап, душманы
Ар канча салса кыйындык
Акылы баштан учпаган
Аскердин ээси мен өзүм!
Туулгалуу баатыр, туулуу бий
Тутуп жүргөн мен өзүм,
Суу ордуна кызыл кан
Жутуп жүргөн мен өзүм,
Ойногонун оңдурбай
Утуп жүргөн мен өзүм,
Орчун шаар ойрондоп
Бузуп жүргөн мен өзүм!
Барча дүйнө чалгынын
Чалып жүргөн мен өзүм,
Басташканын баштатан
Алып жүргөн мен өзүм,
Баш денеден бөлүнүп,
Каны суудай төгүлүп
Калып жүргөн мен өзүм,
Мажусу диндин баарысын
Башка динге которуп
Салып жүргөн мен өзүм!»
Октой кула ат жетелеп,
Орчун колду жекелеп,
Окторулган жигиттин
Оң айтпасын билгени,
Чийчи манад укша – деп,
Ындыларча тилдеди.
Аминиңе шоодай – деп,
Калмакча ооз тилдеди.
«Жөн айтпайсың сөзүңдү,
Шылдыңдайсың өзүмдү.
Келеке кылдың кебими,
Лаайламалуум бар,
Тайдырар – деп, эбиңди.
Жашыма келбей жайрагын,
Жакшылык көрбөй байлангын,
Кырчыныңда кыйрагын,
Кыз-катының чырылдап,
Кызматыңа ыйласын,
Жалгандан көрбө жакшылык,
Жайың айт – деп, канчалык
Жаныңда жүрүп таңшыдык.
Ойроттон көрбө оңчулук,
Айтпасаң да билинди
Чантуулардан окшойсуң,
Жайыңды көрүп доңшудук.
Этектүү тондон кийбегин,
Эриниң ашка тийбесин!
Айтпасаң айтпа жайыңды,
Кетирермин шайыңды,
Башын кесип байыңды,
Сызгырармын майыңды,
Сыздатармын баарыңды!»
Каргап-шилеп каапыр чал,
Катып калган Көкбайтал
Камчы салды санына,
Качмак болду канына,
Чал жөнөдү шаарына,
Кетерин билип Бозуул
Келди абыдан каарына.
Жаадай болгон Кула атты
Жандай түшүп Бозуул
Жайдак ыргып мингени,
Жалмаңдаган каапыр чал

Качып жолго киргени.
Жаман чалдын куу байтал
Жаа огундай кыркырап,
Баатырдын аты Аккула
Басып туяк тийгенде
Баладай таштар быркырап,
Айбалта алып колуна,
Азыр түштү Бозуул
Аяр чалдын соңуна
Артыкча аяр чал экен,
Астындагы Көкбайтал
Кууса аркарды куткарбас
Кудай урган мал экен,
Куюндай учуп калыптыр,
Кула ат менен Бозуул
Артынан түшүп алыптыр.
Баатырыңдын чоң Кула
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Төрт туяктан чуу чыгып,
Көкбайтал минген Мардуба
Көбүнө кеткен закымдап,
Көбүк чыгып соорудан,
Көшүүн күлүк чоң Кула ат
Көтүнөн жетти жакындап.
Даңкандары тарсылдап,
Бурма болот суулугу
Көмөкөйдө карсылдап,
Куушуп жолго салыптыр,
Капкасына жарым таш
Жакын кирип барыптыр.
Эрте барып эр Алмаң
Кара-Сууну жакалап,
Калың жаңгел бакалап,
Калаага күндүз кире албай,
Кантип барып киришин
Карап турган биле албай,
Каапырлардын четинен
Кармап гана тил албай.
Көз байлана кирмекке,
Көй-жайын көрүп билмекке
Жолго жакын жеринен
Карап турган Алмамбет,
Жолборстоюн чамынып
Марап турган Алмамбет,
Ичин тартып, илбирстей
Жарап турган Алмамбет,
Жолукпай жалгыз-жарым жан
Жадап турган Алмамбет.
Аккуланын даңканы
Алда кайдан Алмаңдын
Кулагына барганы,
Уга салып Алмамбет
Жол жакка көзүн салганы,
Көкбайтал менен Мардуба
Көрүнүп көзгө калганы.
Айбалтасы колунда,
Аксакал чалдын соңунда
Аккула менен аргытып,
Аштоосундай каргытып,
Желмаяндай чоң Кула ат
Жетпей келет байталга –
Желдей учкан шайтанга.
Бозуулду карап кылчаңдап
Артына көзүн салыптыр,
Алмамбет менен иши жок
Аңдай албай калыптыр.
Арстандай Алмамбет
Кылчаңдап келе жатканда
Кыйкырып чыгып, Алмамбет
Кырына найза салыптыр.
Найзанын учу мылгыды,
Теңир урган Мардуба
Тебетейдей ыргыды.
Жерге түштү аяр чал
Тебетейдей айланып,

Көкбайталдын чылбыры
Билегине байланып.
Эртең эмес, кечинде –
Намаз дигер, намаз шам
Күндүн батар кезинде
Мардуба чалды кармады,
Баатыр Алма султаның
Карагын кылган ойнуна –
Салды кылыч мойнуна.
Дарбыздай башын кулатып,
Дене боюн сулатып.
Аккула менен Бозуул
Азыр жетип алыптыр,
Кармагын иттин башын – деп,
Кан Алмаң айтып салыптыр.
Болтоңдотуп Бозуул
Башты кармап туруптур,
Тебиреп туруп ордунан
Денесин кудай уруптур.
Башы жок качты денеси,
Башсыз аяр дебеспи.
Алмамбет туруп алыптыр.
Башын тешип ууртунан,
Бар кудайым сактаган
Баатырларды ушундан,
Жаадай болгон Сарала ат
Канжыгага байлады.
Немесин койбой шыпырып
Тоноп тонуп алганы,
Сарала атка өңөртүп,
Бозуулду жолго салганы.
Аярлыгы ашкере,
Эски жыгач тез болуп
Тартайып каапыр калганы.
Башы болду ашкабак,
Баштагынын сөздөрүн
Байкап угуп тыңдап бак,
Жаны бөлөк куш экен,
Жаман аяр ушу экен.
Алган бойдон Бозуул
Аскерге жетип барганы,
Адамдар көрүп, ал ишке
Айран азыр калганы.
Табылганча жаны – деп,
Сак болгула баарың – деп,
Кынаптап атты миниңер,
Кыйындап тонду кийиңер,
Кыргын болор урушуп,
Өрт күйгөндөй бир уруш
Өлүмдөн анык билиңер.
Бозуул айтып салыптыр,
Аскердин баары дүркүрөп,
Атактуу баатыр баарысы
Арстандай күркүрөп,
Найзанын баарын учташып,
Албарстын баарын курчташып,
Ат токунуп оңдонуп,
Арстандай комдонуп,
Кан Алмамбет султандан
Кабар кандай болот – деп,
Кароолду катуу коюшуп,
Каапырга уруш кылсак – деп,
Кайраты ашык көй кашка
Кара жандан тоюшуп,
Чыңоолду чындап коюшуп,
Чыкса экен – деп, урушу
Чыргалаган көй баатыр
Чымын жандан тоюшуп,
Дөңгөч болгон аярды
Чыркыратып сө .гүн,
Отко жагып коюшуп,
Жыты алыска барыптыр,
Жыга деген куш экен,
Мардуба жаны ушу экен,
Жытына келип калыптыр,
Тооракка коно калганда

Байкап туруп эр Мажик
Башына кылтак салыптыр.
Кармаганда колуна
Кыйкырыгы чыгыптыр,
Кызыталактын доошун
Кырк жарым таш угуптур.
Аны көрүп Ажыбай
Атаңдын көрү каапыр – деп,
Алмадай башын жулуптур.
Тоо көчкөндөй күңгүрөп,
Жер көчкөндөй дүңгүрөп,
Чакыр-чукур чаң болду,
Аяр кайдан өлдү – деп,
Жабаанын калкы таң болду.
Өлтүрүп жанын тынышып,
Өткүр аскер көй баатыр
Алдага шүгүр кылышып,
Он эки миңи аттанып,
Калааны көздөй бет алып,
Бозуул баштап жолуну,
Аткарып арбын колуну,
Камыштуу кара суусу бар,
Калабалуу Мардуддун
Кармалган жери ушу бар,
Капкасы жакын ар жакта,
Кара сууну бойлошуп,
Кандай кабар болот – деп,
Ар бир акыл ойлошуп,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып,
Кыраандардын баарысы
Капкасын карап кымпыйып,
Калааны көздөй ынтылып,
Качан кабар келер – деп,
Капаланып ынтыгып,
Карап турсун бир кезек,
Кан Алмамбет баатырдан
Кабар чыксын тил безеп.
Аскерди таштап салыңыз,
Арстан баатыр Алмамбет
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Чалдын аты Куу байтал,
Чарчабай турган бу байтал,
Баса минип астына,
Чалдын кийген куур тон
Баса кийип үстүнө,
Көк отого диңсесин
Көркүн бузуп дем салып,
Куургучтай тебетей
Чалдын кийип бөркүнү,
Как Мардуба чал кылып
Алмамбет оңдоп көркүнү,
Калаага кирген кечинде,
Караңгы кирген кезинде,
Каапырга кастык эсинде.
Көчөдөн көрдү көпчүлүк,
Жабаадан көрдү көп түлүк,
Айгандын шаары тышта экен,
Даңсорунун шаары ар жакта,
Келенкүр, Кенжут ичте экен.
Алты төө алтын жүктөтүп,
Торгун, тубар, далымбоо
Токсон төөлүк бүктөтүп,
Отуз төө жамбы арттырып,
Он эки жүз наамачы
Керней, сурнай тарттырып,
Дап, чилмардан кактырып,
Шатыра деген бир өнөр
Он бир киши чаптырып,
Барабан согуп күңгүрлөп,
Дутар согуп дүңгүрлөп,
Далитоо, комуз, кыягы,
Карап турса тажаалдан
Эч кем эмес сыягы.
Сызгы, тасма, жез найы,
Кулак тунат сурнайы,

Куп көрдү Алмаң мындайды.
Отуз кошмо чоору бар,
Ойлоп турсаң каапырлар
Ошого ылайык доору бар.
Арак-шарап ашы бар,
Айганга жакын увазир
Талабын деген башы бар.
Аралап кирди колуна
Арстан Алма султаның,
Кызык көрдү бу заңын –
Кызын азиз тутканын.
Он миң күмүш, жүз алтын
Чачуу чачты жолуна,
Мардуукелең чал болуп,
Алмамбет түштү соңуна.
Кишиде корук жок болуп,
Көңүл түшүп, көз тийген
Бирөө да калбай токтолуп,
Атактуу сулуу кыз-келин
Калбай баары келсин – деп,
Калк ичине жоктолуп,
Кичи менен чоңуна
Төшөгүн тубар салдырып,
Төрт жүз түркүк ордого
Сегиз жүз чырак жандырып,
Түнү болду нак түштөй,
Таламандын чак түштөй,
Азыр даяр төгүлүп
Албан түрлүү жемиши,
Ал тоюна жыйылган
Жабаа калкы тегизи,
Канчалыгы союлган
Какайлардын семизи.
Катарында чал болуп,
Карап турат Алмамбет
Каапырларга таң болуп.
Даңгүш аттуу буту бар,
Бабаңардын жомогу
Байкап сөзүн тутуңар,
Сары алтындан куйдуруп,
Сүрөт кылган куту бар,
Эрини жакут, инжи тиш,
Не десең болот ушул иш,
Көзү көөкар, лагыл мурун,
Көркү адамга окшогон,
Колу жубар копшолгон,
Көкүрөктө тешик бар
Көп азезил токтолгон,
Аят окуп Алмамбет,
Аралаша киргенде
Шайтан качып жок болгон.
Олтургузган жеринен
Ошо буту жыгылды,
Ою терең Алтынай
Оозуна жүрөк тыгылды.
Атам берди чалга – деп,
Арбын дүйнө малга – деп,
Акыры мага не болду,
Тойдо көрмөк мен элем
Тополоңдуу калба – деп,
Бут жыгылды, белги – деп,
Мырдарчылык бир жумуш –
Бузукчулук келди – деп,
Келген менен не кылат
Мынчалык арбын элди – деп,
Айтпайын азыр, сыр кылып,
Аңдайын аскер элди – деп,
Алтынай ойлоп туруптур.
Көпчүлүккө Талабын
Чабырага неткен? – деп,
Жетүштүк кайда кеткен? – деп,
Келбеген экен Калия,
Кеп айтып турат элине:
Бар жыйылган эл – деди,
Мардуба бери кел! – деди.
Мардуба болгон Алмамбет

Басып жакын барганы,
Кементайын үксөйтүп,
Келе жатыр Мардуба.
Катындар көзүн салыптыр,
Байкуш, кандай адам?! – деп,
Башта көрбөй жүргөндөр
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калыптыр.
Келиндер көзүн салыптыр,
Кейпин көрүп Мардуба
Келиндин баары кеп айтып,
Кетпей ушу жалгандан
Не жүрөт экен? – деп, айтып,
Көп ичинде көркүн көр,
Башына кийген бөркүн көр,
Кементайын-тонун – деп,
Ушунчанын ичинде
Ушул экен сонун – деп,
Каткырыгы баш жарып
Кыздар күлүп калыптыр,
Кызык баатыр Алмамбет
Мардуба болуп алыптыр.
Жомок сөзү, макалы,
Терисинен кыртыштап
Союп алган Алмамбет
Мардубанын сакалын.
Жабыштырган ээгине,
Жалгыз Алмаң кирип жүр
Жабаанын сансыз элине,
Аңдап кулак салыңар
Арстан Алмаң кебине.
Кыз-келиндин кашында,
Төрөсү экен Талабын,
Чыккан төрдүн башына.
Чылк жибекке чырмалган,
Жыгылчуудай ыргалган,
Алтын айчык жыгалар
Чекесинде кырдалган,
Жыты жыпар бураган,
Гүл жүздөнгөн сулуулар
Күлдү баары куралган,
Ашкере жүзүн көргөндөр
Ашык болуп куураган.
Чачы сумбул, бою тал,
Сөзү ширин-шекер бал,
Сурмалуу көзү коюлган,
Суу тасмадай чоюлган
Атактуу сулуу кыздардан
Алты жүзү туруптур,
Алмамбет келе жатканда
Аларды кудай уруптур,
Кайсы бири кайрылып
Артына мойнун буруптур.
Сүйлөөдөн тили байланып,
Бир канчасы жипкирип,
Жүрөктөрү айланып,
Мардубасы курусун,
Адамдын экен ити – деп,
Жандап өтсө биздерге
Жабылат экен бити – деп,
Талабындын жумушун,
Жаратпады кыз-келин
Мардуба – деп, чакырып,
Жакындатып турушун.
Капкага жаңы кирерде
Кармай калып Алмамбет
Короз-тооктон бирди алган,
Байлап эки канатын,
Байка Алмаңдын адатын,
Найза өтпөгөн кандагай
Алаасына салыптыр,
Талабын чакырган кезде
Алмамбет жакын барыптыр.
Алмамбет кысып коюптур
Чатындагы корозду,
Кысылганда бакырып,

Тоок салды обозду.
Тоок унчукту каркылдап,
Дооштоду көтүнөн
Оосургандай баркылдап,
Жийиркенип кыз-келин
Көбү күлдү шакылдап.
Аземденген көй сулуу
Алтын тон кийген жаркылдап,
Алысташып туш-тушка
Алар качты шартылдап.
Аны көрүп Талабын
Мардуба болбой кургун – деп,
Баспай токтоп тургун – деп,
Ачууланды баркылдап.
Чабыра менен Жетүштүк
Чапчаң кабар бергин – деп,
Алып азыр келгин – деп.
Шарап ичип шалдайып,
Арак ичип алдырап,
Үзөлөктүн түбүндө
Жатат эле жалдырап,
Көрдүм эле кечинде,
Күн батар жакын кезинде.
Алыс-жуукту билүүчү
Аярлар келбей калганы,
Азыр мында алып кел,
Аңдатайын мен аны.
Кыйын ишти билүүчү
Кыярлар келбей калганы,
Кызыталакты алып кел,
Кызматка турам салганы.
Чыгып Алмаң эшикке,
Жардам тилеп теңирден
Чылбыры чынжыр темирден
Ооздугун кемирген
Көкбайталды мингени,
Үзөлөктү бет алып
Алакең жолго киргени.
Үзөлөк деген бийик там,
Үзөлөктүн астында,
Үшү кеткен канча жан.
Мунарадай коңкойгон,
Бийик экен зоңкойгон,
Арак-шарап ичкенден
Баш көтөрбөй мас болуп,
Бир жүз адам тоңкойгон.
Кайсынысы Жетүштүк
Кайсынысы Чабыра,
Алмамбет көзү жете албай
Сулап жаткан каапырга
Кылыч салды бириндеп,
Кызыл кан акты зирилдеп.
Баарына кылыч салганы,
Баш денеден бөлүнүп,
Баары да өлүп калганы,
Чыкты жаны коркурап,
Акты каны шоркурап.
Чабыра менен Жетүштүк
Аярлар өлүп тек жатпай,
Баш денеси бөлүнүп,
Баары качып баратыр
Базарын көздөй жөнөлүп.
Экөөнүн башын кармады,
Эринин тешип байлады.
Экөөнүн сөөгүн алганы,
Дөңгөч арткан немедей
Көкбайталга арта салганы.
Артынып аяр өлүгүн,
Мардубанын Көкбайтал
Баса минип көлүгүн,
Алмамбет барды дарбаза,
Дарбаза болду каргаша.
Жыбырап жылдыз толгондо,
Куптан маал болгондо
Жан кирбейт – деп, коргонго
Бекиткен экен эшигин,

Капка баккан корбашы
Барып калып Алмамбет
Куп жедирди кешигин.
Корбашысы чоң киши,
Күзөтчүсү он киши.
Бадышалык сарай бар,
Капкасынын жанында
Бакылдашып отурган
Чырак жагып тамына.
Камындырбай кан Алмаң
Эшигин алып коюптур,
Күзөткө турган онунан
Немесин койбой союптур.
Бадышалык балтадан
Балбандар чапчу барскандан
Дарбазанын кулпусун
Ыргыта чаап салыптыр.
Капкасын ачып алганы,
Кабылан Алма султаның
Калың колго барганы,
Карап турган көй баатыр
Аскер кубаныч алганы,
Кечтен бери Алмамбет
Аярдан үчөөн жутту – деп,
Аскерлер айран калганы.
Аярдын сөөгүн алыңар,
Арбын колго барыңар,
Качырып кокус жибербе,
Аңдып күтүп турсаңар
Нак ушул эки өлүктө
Аңгеменин баары бар.
Кары-куру чалдардан,
Кайраты жок балдардан
Сексен киши алсын – деп,
Селдей каптап көп аскер
Сепилди көздөй барсын – деп,
Капкага каршы турсун – деп,
Кайгайлап каапыр каптаса
Жалтанбай жарак урсун – деп,
Он бир киши жөнөтүп,
Орчун колдун баарысын
Капканы көздөй өмөлтүп.
Манаска кетти он бири,
Баатырларды байкаса
Баарынын чыгып ич кири.
Бай Көкөтөй колунан,
Барган экен аскерге
Баймырзанын тобунан
Эбей, Абай эки аяр,
Тоноп кийимин кийгизип,
Жетүштүк менен Чабыра
Ал экөөн кылды дапдаяр.
Экөөнө үч ооздон
Алты ооз сөзүн үйрөтүп,
Ордого кирер жеримде
Оолжуп калгын мас болуп,
Алып кирем сүйрөтүп,
Кирген жерге калыңар,
Мас болгон болуп алыңар,
Кылайып доош чыкпаңар,
Кыйкырып жатса укпаңар,
Өлгөндөн бетер жатыңар,
Өнөрдүн даамын татыңар.
Ушуну айтып Алмамбет
Ээрчитип экөөн алганы,
Көп сөз айтып Алакең
Көңүлүнө салганы.
Чабыранын кийимин
Эбей кийип алганы,
Жетүштүктүн кийимин
Абай кийип барганы.
Аттарын байлап бурушка,
Аңдап көргүн калайык
Алакең кылган жумушка,
Эр көңүлү түтөрбү
Энди бекер турушка.

Түркүгү төрт жүз кең сарай,
Дүмөгү болгон бир далай,
Үстүн-астын деген сөз
Алмамбет койгон үйрөтүп,
Эбей менен Абайды
Чабыра, Жетүштүгүң – деп,
Алып кирди сүйрөтүп.
Аярлык түгүл ал экөө
Акылынан таныптыр,
Алек болор жерине
Аз-аз эле калыптыр.
Ары тышка чыгар! – деп,
Талабын буйруп салыптыр.
Кайра сүйрөп Алмамбет
Капканын койду оозуна,
Капилет болбой экөөңөр
Карап тур – деп, ушунда.
Кай маал болсо мейлине,
Калаба салам элине,
Как ошондо кулак сал,
Байкап менин кебиме.
Баабедин! – деп, бакырам,
Баш тартпаймын каапырдан,
Мажусу диндер түк билбейт
Баабедин! – деген кебимди,
Капкадан кирип куюлуп
Калың кол кылсын келүүнү.
Көңкү аскердин баарысы,
Көкөтөй баштык карысы,
Манас баштык кырк баатыр,
Кырк миң аскер кошууну
Кыйкырып кирсин таптакыр.
Ал экөөнө үйрөтүп,
Ордонун оозгу үйүнө
Азыр койду Алмамбет
Арстандай күүлөнтүп,
Келди Алмамбет ордого,
Кең сарайдан коргонго
Кементайын үксөйтүп,
Башында бөркүн түксөйтүп,
Сакалын жаман сүксөйтүп.
Он тогуз миң кыз экен,
Алты жүзү артыкча
Ашкере чыккан уз экен.
Алардан артык көрүнгөн,
Аркардай шаңы бөлүнгөн,
Толгон айдай түрлөнгөн,
Тоостой мойну буралган
Токсону артык көрүнөт.
Кыздардын арка жагында
Кыргоолдой мойну кылайып,
Кыл айдары булайып,
Кылайып күлбөй, муңайып
Төрт жүз келин көрүнөт,
Кара аламан катындар
Аралашкан эркекке
Алты жүзү бөлүнөт.
Кырк миң экен киргени,
Аз болгондо алты үйдү
Былк эттирбей билгени.
Тейтей, доотай, шишейди
Дегдаарларын шыкады.
Чыйтай, дорго, баңбаңды,
Ордого жыйган ошол күн
Жебе шаар бар жанды.
Кыз, келин кырка туруптур,
Кырк миң келген кары-жаш
Жабаалыктын адамын
Жалпысын арбак уруптур,
Калмактардын заңы экен
Курдан токмок буруптур,
Бет-бетинен ырдаган,
Бери болсо бул аскер
Беш жүз киши туруптур.
Калмактары кайлашып,
Жабааны кудай уруптур,

Жаанда жок көй сулуу
Жайнап карап туруптур.
Сулуулардын көздөрү
Шамдай жанып күйүптүр,
Шадана бото курлардан
Чабууга токмок түйүптүр,
Ырдап барган адамдар
Тандап кыздан сүйүптүр.
Мынчалыктын баарысы
Мырдарлыктан өткөнү,
Буралып ырдап кай бирөө
Көзү түшкөн сулууну
Көп астында өпкөнү,
Мындан артык болобу
Диникардын көпкөнү.
Эшикке жакын бир жерде
Эр Алмаңкарап турганы,
Эчтеме калбай көпчүлүк
Эки-үчтөн кайта ырдады.
Кара сакал, ак сакал
Каапырлар айтып көп макал,
Жан калбады ырдабай,
Алмамбеттин турушун
Даңсоо көрүп мурунтан,
Мардуба бекер турат – деп,
Баян кылып куруткан,
Немене үчүн бу кылбайт
Элдин кылган жумушун?
Бу сөздү айтып салганы,
Көчөлүк күйөө жолдошу,
Мардуба бекер калды – деп,
Көп ынтызар болду ошо.
Мардуба аяр ырдасын,
Барча журт аны тыңдасын,
Ырын ырдап алсын – деп,
Кан кызы бар, бек кызы,
Кандайыны кааласа
Келип токмок салсын – деп,
Көчөгө бери өтсүн – деп,
Көпчүлүккө ыр ырдап,
Көсөм кыздан өпсүн – деп,
Мардубаны баалады,
Ырдатмакка баарысы
Ыктыяр болуп каалады.
Алмамбет аста кеп айтат,
Мардуба – деп, эл айтат,
Баатыр Алмаң ушунда
Көпчүлүккө нени айтат:
«Жаш күнүмдөн ырдабай,
Жандап сулуу жыргабай,
Аярлык алып акылым,
Кыярлык алып кылыгым,
Апсун окуп, дем салсам
Андай ишке макулмун.
Минтип кылба чырды – деп,
Бир ооз билбейм ырды – деп,
Курмун мындай өнөрдөн
Комуз, кыяк, ыр менен,
Кайлоо, бейт, өлөңдөн.
Он бир жашар жашымда
Анча-мынча ыр билдим,
Айт десеңер айтам» – деп,
Ырдай турган жерине
Алмамбет басып жөнөлгөн.
Колуна алды токмокту,
Кожураган көпчүлүк
Үнүн басып токтолду.
Чал Мардуба ырдады,
Чатыраган көпчүлүк
Чалдын сөзүн тыңдады.
Акылынан шашпады,
А дегенде Мардуба
Ак, кара – деп, баштады.
«Ак макулук тууганы,
Аркасынан капкара
Бир макулук кууганы,

Актын алып ордуну,
Кара басып турганы.
Караны койбой, казылтып
Ак айлантып кууганы,
Каранын ордун ак алып,
Канча заман турганы,
Кайта алам – деп, талапкер
Карап турат бу дагы.
Каранын турган жеринен
Кара тоо көчүп кулады.
Тоо жарылып жел чыкты,
Жер жарылып, сел чыкты.
Каптаган кара сел көрдүм,
Аралашкан ал селге
Алтысы бар кабылан,
Арстан, жолборс аралаш,
Сексен төртүн шер көрдүм.
Жаткан жаян көлдөгү
Көлгө батпай көлбөдү,
Аңдап турсам ал жаян
Арстандарды көрбөдү,
Жаянды көздөй жабылып
Арстандар жөнөдү.
Жаян жаткан көлүндө,
Жайы – дедим, көөнүмдө.
Кайсынысы өлөөрүн
Карап турдум биле албай.
Сел каптады токойду,
Тамырлары суурулуп,
Жангел калың токойлор
Сай четинде тоңкойду,
Жердик болуп жердеген
Жетимиш төө, баары атан,
Жерди жемире баскан чал буура,
Желини сүттүү куу инген,
Жергесинен калбады
Жез буйлалуу нар тайлак.
Селге кетти тайлагы,
Жээк-жергеде тургандан
Жетип кармап албады».
Алмамбет болгон Мардуба,
Айткан ыры курусун – деп,
Аңдабады эл буга.
Колуна алып токмогун,
Айтканда билип Алтынай
Ал ырынын сокмогун,
Билген ырым ушу – деп,
Катардан калбай мен дагы
Кайлап койгон тушум – деп,
Токмогун алып имерип,
Дуу-дунун кызы Диларам
Алмамбет көзүн жиберип,
Алмамбет токмок салганы,
Аярлык жерге кирсин – деп,
Диларам ойлой калганы.
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзү-башы ириңдеп,
Жыгылчудай баштанып,
Эки көзү жаштанып,
Кементай менен үксөйүп,
Тебетейи үрпөйүп,
Бит куюлуп боюнан,
Муун башы шылкылдап,
Апсун кетпей оюнан,
Чаткаякта toогу бар,
Кысып койсо кыкылдап,
Кыз-келиндин баарысы
Кыйла күлүп шыңкылдап,
Диларам буга турбады,
Туруууга моюн сунбады.
Жыртылып кийим тарп болуп,
Жыйылган бити карк толуп,
Апсун менен Алмамбет
Кийим жүнүн бит кылып,
Карыган чал болуп Мардуба,
Кан Алмамбет султаның

Калмактын баарын ит кылып,
Кыйыктанып кыз келди,
Кыз бетини кызганды.
Талабын анда кеп айтып,
Тургуз кызды – деп, айтып,
«Калкка тийген байдасы,
Канчага тийген айласы,
Көздөп жүргөн көсөмүң,
Чал Мардуба көсөлүң,
Аярлар аңдып турбаса
Көрөр элең чын өлүм,
Кыйыктанбай тур-дегин,
Айтканын угуп алганы,
Айганым аттуу жеңеси
Азыр кызга барганы:
«Айланайын, тургун» – деп,
Асылып-катып калганы,
Турнадай мойнун койкойтуп,
Туруп келди Диларам,
Алмамбет напси салганы,
Алкымдан соруп калганы.
Диларам көзүн жаштады,
Өпкө, колко, өңгөчү
Үзүлүп кете таштады.
Ыраңында кан калбай,
Диларамда жан калбай,
Кыз жыгылды сүрүнөн,
Кыңк этерге шайы жок
Кыраан эрдин түрүнөн.
Аярлык кылып алды – деп,
Кыйыктанат менден – деп,
Апсун окуп салды – деп,
Тил айтарга шайы жок
Диларам талып калды – деп,
Муну ойлонуп токтолду,
Төрдө турган төрө Алмаң
Эр Манасты жоктоду.
Алла Таала нур берген
Ажары артык түсүнө,
Алтык такта үстүндө,
Кара көзү коюлган,
Караган адам тоюнган,
Кара кашы чийилген,
Кармаса бели ийилген,
Аппак тиши берметтей,
Айткан кеби шипширин
Азели шекер-шербеттей,
Кирпиги колдон сайгандай,
Бетинде бар кызылы
Калыптап кандан жайгандай,
Ичин тартып илмейип,
Көк ашык көркөм тайгандай,
Оң колунун шоошагы
Зымга тарткан күмүштөй,
Баары тиши жаркырайт
Майга бышкан күрүчтөй,
Карды көр да, этин көр,
Кар үстүнө кан куюп,
Канды көр да, бетин көр,
Кырмызы көйнөк, дамбалы,
Кылымга тиер жаңжалы.
Кыз Алтынай астыртан
Алмаңа көзүн салганы,
Алмамбет турган анда ойлоп:
Кыраан эр келип калбады,
Келсе Манас окустан,
Кезигип калсак кокустан,
Ойлонбос эле өлүмүн
Ордо толгон доңуздан.
Адам өлчөөр кыз эмес
Айгандын кызы Алтынай,
Агер Манас бир көрсө
Аламын – деп, асылып,
Как ушу жерде кол салып,
Калар беле каапырай.
Эсине алып ал кепти,

Эр Алмамбет туруптур,
Кызыл гүлдөй жайнаган
Кызды кудай уруптур.
Ал токтолуп калыптыр:
«Дагы ырда – деп, Мардуба»,
Талабын айтып салыптыр.
Даңсоого турган сүйөнүп,
Алтынай турду сүйлөнүп,
Талабынга кашкайып
Алтынай көзүн салыптыр,
Алтын гүлдүү дейилде
Башынан жулуп алыптыр.
«Алаарым, Даңсоо, сенсиңби,
Алтынай жарым дейсиңби,
Айлантып акыл билбеген
Айбандан жаман кемсиңби?!
Дуу-дусуңбу, Талабын,
Суурулган түптөн дарагың.
Мардубам – деп, балкыйсың,
Көзүңдү салып карагын,
Акылыңды алган арагың,
Ачып көзүң карагын.
Эсирик алган эсиңди,
Келтирди сенин кезиңди,
Баштатадан ойлонбой
Байкабай башың кесилди.
Башыңар аман-соо калбай
Баш калабы чырынан,
Байкап баарын билбедиң
Мардубаңдын сырынан,
Айбан да билер айтканда,
Ак, кара деген ырынан.
Даки Жунус тушунда
Жабаалыктын баарысы
Мусулман болгон ушунда.
Адамдан бери карата
Бирде дини мажусу,
Бирдей болбой баарысы,
Бирде болуп ысылам,
Минтип келген көп заман.
Ак дегени ысылам,
Аңдатмакка сөз кылам,
Аман-эсен калбадым
Ар канча болсом мен мындан.
Кара деши мажусу
Карап туруп билбедиң
Калың жабаа баарысы
Кигит менен жабаасың,
Кирди саа чоң душман,
Таба албайсың дабаасын.
Шаңкай, шыга, калчасың,
Калмак, калча аралаш
Өлчөөңдү билчү канчасың,
Мардубанын ырынан
Байкап бири тутар – деп,
Баятадан чарчадым.
Билбедиңер бириңер,
Кара нерсе дегени
Мажусу кара диниңер,
Динди айтты – деп, билиңер,
Элүү миң, кырк миң кишиден
Билбедиңер бириңер,
Арак-шарап азелден
Айыкпаган жиниңер,
Азыр айыгат билиңер!
Тоо кулады деген сөз
Тозулдуңар баарың – деп,
Союлар улук каның – деп,
Тоо жарылып, жел чыккан,
Желдей учуп сөз кетип
Жер жарылып, сел чыккан –
Аскер чыгып мусулман
Алмак үчүн талкалап,
Талап кылып ушундан
Арбын черүү келгени.
Айтып жатса билбедиң,

Кыянга аккан жолборсу
Кыраан Манас жолдошу.
Алтоо – деди, кабылан,
Ар тарапка чамынган.
Аксакалы Көкөтөй,
Айдаркандын Көкчөсү,
Катагандын Кошою,
Кара жаак Үрбүсү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Айтканын кылган алты кан,
Айтып жатса ыр кылып
Аңдабадың мынча жан,
Баатырлары сексен төрт,
Бастырган жагы кызыл өрт,
Кыркы жолборс, кыркы шер,
Кылымды бузган баары да эр.
Аңдабай туруп душманды
Кетирдиңер аянды,
Келген селдин ичинен
Көрдүм – деди, жаянды,
Кырк арстан жүгүрсө
Жаян кайдан жай алды.
Жаян сенин Айганың,
Жалпы баарың билбедиң
Шайтан анык сайганын,
Тактыдан каның тайганын.
Каптаган кыян жан келди,
Аз болсо алты сан келди,
Алмак үчүн Айганды
Азар төмөн жан келди.
Айткан ыры сел – деди,
Силер аны билбесең
Сел-каптаган эл – деди.
Карып кылып баарыңды,
Каптады аскер шаарыңды,
Калайык аны билбейсиң,
Калбага башың чарылды.
Мардуба болгон Алмамбет,
Балакет чукул табылды.
Жетүштүк менен Чабыра
Жеткен экен ажалы,
Азыркы турган Мардубаң
Арстан Манас кыргыздын
Алмамбет деген тажаалы.
Мардубаңды сойгондур,
Башка жанын соо койбой
Баянын таап койгондур.
Жетүштүк менен Чабыра
Үзөлөктөн өлгөндүр.
Дененен башын бөлгөндүр,
Өлүгү туруп качкан соң
Аярлыгын көргөндүр,
Узатпай кармап алгандыр,
Үсөлөктө мастарды
Узунунан салгандыр,
Ал экөөнүн өлүгүн
Узатпай кармап алгандыр.
Мардубанын Көкбайтал,
Малда бар андай көп байтал,
Мардубанын байталы,
Байтал сүрөт шайтаны,
Чабыра менен Жетүштүк
Эрининен тешкендир,
Тулум чачын эшкендир,
Артынып аяр өлүгүн,
Алмамбет минип жүргөндүр
Мардубанын көлүгүн,
Аркан байлап белине,
Аярлардын өлүгүн
Алмамбет берип келгендир
Алда качан элине,
Мардуба – деп, жыргайсың
Аярлык кылып Алмамбет
Алдап айткан кебине.
Куш дөөлөтүм толдум – деп,

Ataштым арстан Манаска,
Лаайлаха иллалла
Нак мусулман болдум – деп,
Кыз сүйлөдү кыйланы,
Коркуп кетти Талабын,
Көөдөнгө жүрөк сыйбады.
Мардубамын мен – деди,
Бабыраба, Алтынай,
Байкап сүйлө, сен – деди.
Ал сөздү айтып Алмамбет:
«А баабедин!» –дегени.
Абай менен Эбейге
Аскерге ылдам айткын – деп,
Айтып кабар бергени.
Алтынай анда кеп айтты:
«Ант урган жабаа, жигиттик
Аярды билбей киргиздик.
Жетүштүк менен Чабыра,
Жеткирип айтам баарыңа,
Сүйрөтүп кирдиң дарбаза,
Анык аяр ошо экөө
Кара жанга каргаша,
Калайык алса тилимди
Как ошо үчөөн кармаса».
Бу сөздү айтып салыптыр,
Эбак барып элине
Эбей кабар бериптир,
Эр Манасы баш болуп
Эгей-шыгай көй баатыр
Ордого кирип келиптир.
Баштап Бөгүш алыптыр,
Кирип келип эшиктен
Бир оосуруп салыптыр,
Кандай адам, бу ким? – деп,
Каапырлар чуулап калыптыр.
Акыл кетип, аз болуп,
Алдырады баарысы
Ала деңгил мас болуп.
Оосуруп ойрон салыптыр.
Ошонгуча болбоду
Манас кирип калыптыр.
Кырк миң аскер кол барып,
Төрт жүз түркүк ордону,
Ордонун чыкты ойрону,
Кыз-келиндин үстүнө
Кырк миңи кирип алыптыр,
Кыз алуучу Даңсоону
Кыргыл чал кылыч салыптыр.
Алтынайдын акылын
Алмамбет көрүп алыптыр.
Эң алдында эр Манас,
Кыз Алтынай сулууну
Кыраан эр кармап алыптыр,
Кызыгып калган Алмамбет
Баатыр сурайм соогат – деп,
Кыйкырып айтып калыптыр.
Кылчайбастан кыраан эр
Эшикти көздөй жөнөлдү.
Артынан кошо чыгаарда
Талабын жетип калганы,
Алмамбетти кармады.
Айтканыңа турайын,
Акка моюн сунайын.
Кыйбагын – деп, жанымды,
Төкпөгүн – деп, канымды
Алмамбетке Талабын
Азыр келип жабышты.
Кырк миң экен кыз-келин,
Кара кыргыз аскери
Бирден кармап алышты,
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Кыраан эрлер тик карап,
Шилиден өтүп көздөрү,
Келме шаадат сөздөрү,
Жалаң кылыч колунда,
Жан тура албай жолуна,

Мылтыгында огу бар,
Милтесинде чогу бар,
Кара кыргыз жигити
Каптап кирген ордого,
Түркүгү төрт жүз коргонго.
Келгенден келме келтирип,
Келме айтпаймын дегендин
Кесип башын өлтүрүп,
Күлгөн эле көп каапыр,
Күлкүлөрү ый болуп,
Күңгүрөндү таптакыр.
Каапырлар мурун кубанды,
Капилеттен жоо басып,
Каны качып, кубарды.
Таң болгондой ишине,
Таш ордонун ичинде
Желдет алды эшигин,
Жедирдиминтип кешигин.
Капкасын тозуп калк алып,
Качып баары калганы,
Келме айткын! – деп кыйкырып,
Ажыбай айгай салганы.
Ыраңдары бузулган,
Камоодо калган канча жан,
Коркуу түшкөн оюна,
Калтырак кирди боюна.
Эсебин элдин алыптыр,
Эки бара, бир киши
Калмактан тийбей калыптыр.
Камоодо калган калкыңыз,
Караса көбү катын-кыз.
Алмамбет салды айгайды,
Алдыратты далайды.
Алты жүз ашык сулуу кыз,
Бирден-бирден кармалып,
Олжо болду мунуңуз.
Жабаа, кигит элиңиз.
Далайы түштү келин-кыз.
Балалуусун кайткын – деп,
Балам бар – деп, айткын – деп,
Күбө менен сурашып,
Үйдө калган балам – деп,
Күлдү баары чуулашып.
Ырас кылып чыгарып,
Бойдогунун баарысы
Актап калды чырмалып,
Кырк миң экен кыз-келин,
Отуз төрт миңи калыптыр.
Ошо барган кыргыздар
Олжо кылып алыптыр.
Кара кыргыз аскери
Караңгы таңда барыптыр,
Капкалуу кандын ордосун
Камап алар калыптыр.
Айган да түштү колуна,
Аңдагын сөздүн соңуна.
Кигит, жабаа журтунун
Кишиси арбын ушунун,
Булуң, койнот, коосу бар,
Баселек майда тоосу бар,
Жылгасында чаты бар,
Чылпылдаган сазы бар,
Казып алган кудугу
Кээ жерде үч болгон,
Кээ бир жерде жүз болгон,
Кээ бир жерде миң болгон,
Кээ бир жерде бир болгон.
Кудукка карап жай алган,
Бир кудукка миң үйү
Сууга карап таянган,
Кара камгак чөп болгон,
Каапыр эшек көп болгон,
Качыры бар аттан чоң,
Кара кыргыз уулунун
Ал кезекте иштери оң.
Атка минип аламан,

Аламандан олжо алып
Аралап жабаа калаадан.
Каз, өрдөгүн учуруп,
Капылет калган барбы – деп,
Бирин бири чакырып,
Кайдасың? – деп, умтулуп,
Эсепсиз арбын көп экен
Каман менен доңузу,
Каапыр журту билбеди
Кандай заман болушун.
Добуштап ээсин табышып,
Доңузун бөлө чабышып,
Кылычын сынап алышып,
Кыргыздардын аскери
Каткырып күлүп калышып,
Каманын чаап белинен,
Кайнаган жабаа элинен,
Көрүнгөнүн куткарбай
Жаянын жазы жеринен,
Кара шаар кыштагы
Капкадан оолак тыштагы,
Отун алган малай бар,
Отор малда далай бар,
Кара малда малчы бар,
Кара эгинин сугарган
Качты далай жалчылар.
Кенжут экен атагы,
Жолунун жаман чатагы,
Айланасы таштан тоо,
Ала албайт экен аны жоо,
Ташынын баары бийик зоо,
Жалгыз аттын жолу бар,
Кенжут шаарын бийлеген
Мадыроон деген зору бар.
Мадыроонду бет алып
Малда жүргөн малчысы,
Бакчадагы жалчысы
Баары качып алыптыр,
Төрт күн болгон кеткени,
Калия деген аяры
Мадыроонго жеткени
Эки күн өтүп алыптыр,
Мардуба колго түшкөндө
Балаа болуп калды – деп,
Ибилис кабар барыптыр,
Калияга келтирип
Кебин айтып салыптыр.
Айганды баштап алганын
Аяр анык билиптир,
Кейип жобоп Калия
Мадыроон кандын үстүнө
Барган бойдон кириптир.
Чамчоо дуу-ду Мадыроон
Жаткан экен бейкапар,
Арактан бөлөк ашы жок,
Какайдан бөлөк көшү жок,
Азыркысын Мадыроон
Ачылуучу көзү жок,
Айткан сөздү абайлап
Аңдап сураар кези жок.
Оюна албайт эч катар,
Эрте-кечти тек жатар.
Нөкөрү сексен кызы бар,
Өзгөчө сулуу узу бар.
Мадыроонду кудай – деп,
Келжиреген ушулар.
Таш-топурак оозуна,
Жарлыгынан жанбастан
Даяр турган ушунда.
Зумуруддан тактада,
Сурмамапил бактада,
Жумган көзү ачылбай,
Сунган буту тартылбай,
Канча бааша, канча кан
Салтанаты бу күндө
Мадыроондон артылбай,

Дүйнөдө жалгыз өзүм – деп,
Дүрри көөкар сөзүм – деп,
Кигиттен болгон уругу,
Кенжуттуктун улугу,
Кигит өзү калча экен,
Оюнда жабаа калмагы
Ойлоп турсак канча экен.
Арасы түштүк жер экен,
Кенжутка кире турган жол
Жабайыр деген бел экен,
Кенжут толгон жайнаган
Кетелик, кигит эл экен.
Шаңкайдан бар канчасы,
Уругу нуспур калчасы.
Тегерете туюк тоо,
Тепсебеген аны жоо.
Таш бүтүптүр коргондой,
Ортосунда чуңкуру
Кол менен жасап койгондой.
Күн батыш жагы Сапан-Көл,
Ортосу кыйын ысык чөл,
Шашкелик жагы Сапандын
Дөбөттүн жолу төрт бөлөк,
Башкы жолу мына ушу.
Баянгер деген чөлү бар,
Башка түрлүү чөбү бар,
Арбыны чөптүн санаа экен,
Адыры жок талаа экен.
Андан жүрсө өйдөлөп
Ымалайдын учу бар,
Канаттуу карга учпаган
Ыраак чөлдөр ушулар.
Кыш болгондо муздачу
Алачык үйдүн ордундай
Быткыл-быткыл суусу бар.
Күн чыгышы жагында
Өрдөш кара коосу бар,
Шымалында кенжуттун
Даңдуңдун улуу тоосу бар.
Коктунун башы созулган,
Жабайырдын жолуна
Учу келип кошулган.
Айланасы үч айлык
Адам өтөр жери жок,
Астынан көсөп чыгууга
Таш экен баары, эби жок.
Ар түрлүү таштын кени бар,
Алтын, күмүш теги бар,
Мадыроонго караган
Алты түмөн эли бар.
Кенжут жаккы ичинде
Алма, алмурут, алча бар,
Атын билбес жыгачтан
Ар түрлүүдөн канча бар.
Бир миң беш жүз жыл болгон
Чоюндан куйган коргон бар,
Ал коргондун ичинде
Үйдөй кара таш жасап,
Сүрөт кылып койгон бар.
Түрлүү кие, жемиш бар,
Дүнүйөгө бүткөнү
Телегейи тегиз бар.
Жаанда жалгыз менмин! – деп,
Жанган кызыл өрт келсе
Жамандык көрбөйт элим – деп,
Жаткан экен Мадыроон.
Калия келип калганы,
Келди сага кезек – деп,
Кебин айтып салганы.
Нөөкөрү бар сексен кыз,
Өнөрүнө караңыз,
Айдай сулуу баарысы,
Кыркына бир катылар
Кыйын экен дарысы.
Күндө кыркын кылуучу,
Кырк кылганда тынчычуу

Түндө кыркын кылуучу,
Кырк кылганда тынуучу,
Аз минутка токтосо
Аманат жаны чыгуучу.
Арбын жеп алып дарысын,
Аябай жутуп баарысын,
Акылы кетип аз болуп,
Жаткан экен Мадыроон
Алсырап акыр мас болуп.
Калия келип кеп айтты,
Кеттиңжалган дүйнөдөн,
Кесириң урду – деп, айтты.
Албаган шаары калбаган,
Ай-ааламды жалмаган,
Асман-жердин ээсине
Наалыш кылып жалбарган,
Кара кыргыз уругу,
Кабылан Манас улугу
Баашалар өлгөн бас келбей,
Баштап алып жол жүрсө
Аскери арбын, аз келбей,
Катыла албай кан өлгөн,
Каарына чыдабай
Кан Дүбүрө дагы өлгөн,
Буданчаң менен Ороңгу
Каканга качып жөнөлгөн
Келди Манас баатыр – деп,
Кетти менден акыл – деп,
Кебиң болсо айткын – деп,
Келип турду Калия.
Кеп айтуучу кези жок,
Кеткен акыл, эси жок,
Акылдан танып алдырап,
Ачкан көзү жалдырап,
Дары түшүп муунуна,
Жаткан экен жалдырап,
Калия кебин билбеди,
Келжиребей бадирек,
Кет нары! – деп, тилдеди.
Айтканын азыр угуптур,
Кылайын ушул итке – деп,
Калия бир аз туруптур,
Апсун окуп, дем салып,
Бир байсадан топурак,
Мадыроондун башына
Топурак чачып уруптур.
Кулагы бүтүп таш болду,
Эки көзү жаш болду,
Көзү көрбөй, көр болуп,
Кулагы укпай, кер болуп,
Козголбой жатып калганы,
Айтуудан тили байланды,
Ажал жакка айланды.
Айланбаса неткени,
Аспабынын учунан
Дарынын күчү жеткени,
Чарт үзүлүп кеткени.
Башы үзүлүп, кан чыкты,
Бакырып жатып жети күн
Мадыроондон жан чыкты.
Апсун окуп, дем салып,
Алиги келген Калия
Топурак чачып башына,
Токтолбостон кашына,
Көшөкөр деген балбаны,
Ар жагында үч күндүк,
Ага кетип калганы.
Алар антип турганда
Алтоон алып аярдан
Дагалактын Бөгүшү,
Даңгыттардын Көйүшү,
Атиланын Матуштук,
Алпындардын Сүлөтү,
Кара кыргыз Абайы,
Казактардын Эбейи
Аярдан алтоо чыгыптыр,

Жамиранын жонунан
Далайын уруп жыгыптыр,
Аркасынан кол алып,
Кенжутка карай жол алып,
Сырттан Сыргак, эр Чубак,
Баш кылып Бакай, Кыргылды,
Баштап алып кыргызды
Кенжутту көздөй бет алып
Кете турсун баатырлар,
Баштагы өткөн бабаңар
Нечен түрлүү кеби бар.
Ары сулуу, ары аяр,
Ар кызматка куп даяр,
Акылы артык, сабырлуу,
Адамга кылбас жабырды,
Кыйноо тартпай, кыз туруп,
Ислам динге бой сунуп,
Ырас – деп, кудай барлыгы
Ыйман айткан озунуп,
Арстан Манас кашында
Ак жибектей созулуп,
Алтынай болуп алганы,
Айган каны тутулуп,
Алтынайдын атасы
Колго түшүп калганы,
Мусулмандык динге айтса
Динди кабыл албады.
Башын кескин ары – деп,
Бакай буйруп салганы.
Желдет алып жетелеп,
Өлтүргөнү калганы,
Атасынын өлөөрүн
Алтынай биле салганы,
Өлтүртпөскө атасын
Өткүр Манас баатырдан
Өтүнүп сурап калганы:
«Кыргыздансың уругуң,
Кылымды баскан улугум,
Кырк күндүк дайра деңизсиң,
Кылайган ылай кириң жок,
Жакут таштан тунугум,
Жан кыйбасаң экен – деп,
Жалынып сурап турумун.
Атам үчүн наалыймын,
Таалайым үчүн тарыймын,
Азирети султансың,
Айбатыңдан тааныймын.
Бергемин сизге денимди,
Бенденин алы ченемдүү.
Акимдик кылдың кан төгүп,
Коркуттуң душман кол сөгүп,
Жүз миңди сойдуң бир күндө,
Жүргөнүң тамам дүрбөөндө,
Жүргөнү барбы кошулуп,
Өлтүргөндөр кетиптир
Өксүгөн бойдон тозулуп,
Биз да тирүү, сиз тирүү,
Менин атам Айган кан
Көп өлгөндүн бу бири,
Өлдү деңиз, коюңуз,
Өчөшкөн болсоң атама
Өз колуң менен союңуз.
Айтсам алаар тилимди –
Ак ыслам динини.
Башкасы динге баш койсо
Бадышасы тура албас.
Баарысын кырып ийүүгө
Башкадан аскер кура албас.
Калктын баары дин тапса,
Каны карап тура албас,
Калкты кырып ийүүгө
Кайтадан аскер кура албас.
Ой эмессиң, дөбөсүң,
Ойротту баскан төрөсүң,
Атам үчүн зарланып
Наалысам жаман көрбөгүн,

Ажарым менен көркүмдү
Атам үчүн зарп кылдым,
Атакемден айрылсам
Аныктыр менин өлөөрүм,
Атам өлүп, мен тирүү,
Акыреттин күнүндө
Атамды кыйын көрөөрүм.
Баласы айтат атам – деп,
Атам демек кандай кеп?
Атасы айтат ботом – деп,
Ботом деген кыйын кеп!
Көрө элек жатып көзүңдү,
Келе электе өзүңдү
Атадым кара башымды,
Атам үчүн тилегим,
Ырайым кылсаң жашымды.
Жарыяңмын, чоруңмун,
Таман коёр жолуңмун,
Даарат кылсаң колуңмун,
Тагын айткын жообуңдун.
Жер өлүккө орундур,
Көрүп туруп өзүңдү
Көмүлсө менин атакем
Жеткен ажал шорумдур!»
Бул сөздү айтып такылдап,
Муңканып ыйлап шакылдап,
Алтынай түштү арага.
Көз жашынан эр Бакай:
«Бээжинге чейин алса да,
Берчи» –деди, балага.
Башка келген балаага,
Баласы түшүп арага,
Кулагынын учунан
Жарлыгың жалган болот – деп,
Кестирип салды садага.
Оң кулактын учунан,
Ойдуруп алып ушундан,
Алтынай сурап алганы,
Атасы тирүү калганы.
Аз болгондо алты айлык,
Ар жагы алты жылдык – деп,
Азапка өкүм кылдык – деп,
Алтымыш кулач зынданы,
Зынданга өкүм кылганы.
Алтынай тамак ташып жүр,
Атасына дин айтып,
Талып ыйлап жашып жүр.
Алтынай көрүп алдырап,
Атасы жатыр зынданда
Касырет чегип жалдырап.
Ар күнүндө алты убак
Алтынай кирип Айганга
Билгенин айтып жудайын,
Бирлигин айтып кудайдын,
Байгамбардын барлыгын,
Берище күтүп кылат – деп,
Бербердигер жарлыгын.
Тартпай, ата, динге кир
Дүнүйөнүн тарлыгын,
Акыреттин карлыгын.
Айган жаткан зынданга,
Акимдер өкүм кылганда
Тогуз күнгө толгондо,
Какшап ыйлап Алтынай
Кашында күндө болгондо,
Алтынай балам бак – деди,
Эки эмчектин ортосун –
Төшүмдү муштап как – деди.
Атасынын өзүнө,
Айран болуп сөзүнө,
Атасына багыптыр,
Муштап-муштап, Алтынай,
Көкүрөгүн кагыптыр,
Атасынын көөдөсү,
Алтынай аны көргөнү.
Күңүрт болуп күңгүрөп,

Үн чыкпады дүңгүрөп,
Кум жабышкан тилиме,
Кулпу салган дилиме,
Арга жок аны чыгарар.
Лаат-манат, Көкөгө
Ынанылып турулган,
Жүрөккө кулпу урулган.
Ырас айтсам кулунум,
Чыкмагы кыйын анын – деп,
Башында уккан баанини –
Баани илимдин өнөрү,
Ал дилимден чыкканча
Атаңдын бардыр өлөрү.
Ал сөздү угуп Алтынай
Арстан эрге жөнөдү.
Алты аярын баш кылып,
Чубак, Сыргак, эр Бакай
Кете турсун Кенжутка,
Кетте дүрбөөн чоң балаа
Түшө турсун бу журтка.
Айган жатты зынданга,
Адам чыгар жери жок
Алла буйрук кылганга.
Атасы үчүн айланып,
Алтынай жүрөт ал жерде
Жипсиз болуп байланып.
Ашык экен акылы,
Адамзаттын биринен
Кем эместей акыры.
Сулуулугун, сымбатын,
Адам өлчөп билгисиз
Арзан менен кымбатын,
Мойну короз, бою тал,
Сөзү ширин шекер, бал,
Суксур моюн, кыйган каш,
Султан сөөк, сумбул чач,
Кекиртектен көрүнгөн
Кара мейиз жуткан аш,
Ашык болуп аа Манас.
Анын аракетинде
Ашык оту жагылып,
Ан үчүн акыл жаңылып,
Антип жатты баатыры,
Алтынайды алсам – деп,
Алмамбеттин акылы,
Алардан азыр амандыр
Алтынай кыздын каапыры.
Ордодон чыкты бу Манас,
Ойротту баскан куу Манас,
Коросон кошкон уу Манас,
Созулганы мунардай,
Солкулдашы чынардай,
Сонун сулуу Алтынай
Сол колунан жетелеп,
Ордодон алып чыкканы,
Сонун көрүп мен аны
Соогат десек укпады.
Дуу-дунун кызы Диларам
Кыргыл чал кармап алыптыр,
Аралап жүрүп кыздарды
Алмамбет куру калыптыр.
Алтынайды берсин – деп,
Алакен деген кишисин
Алмамбет араа салыптыр.
Атасына дин айтып
Алтынай кетип калыптыр,
Алгамын Алтынайды – деп,
Арстан эр айтып салыптыр.
Аны менен Алакен:
«Алып койгон катынын,
Арага мени салганың
Кайта берсе дейсиңби,
Кайда, Алмамбет, акылың?»
Бу сөздү айтып Алакен
Бузук сүйлөп барганы.
Мында Алмамбет муңайып,

Бу кандай? – деп, калганы.
Дуу-дунун кызы Диларам,
Алсамбы – деп, Алмамбет
Ага дагы кетти нээти.
Кыргыл чал мурда тутуптур,
Алты жүз эле сулуу кыз,
Тутулган экен кыргызга,
Баарысын кылган Алмамбет
Жете албаптыр бир кызга.
Түркүгү төрт жүз кең сарай,
Бир кыштакка тең сарай,
Кырдагы Угуз балдары
Тырп чыгарбай алганы.
Кырк миң эле кыз-катын,
Кылалык сөздүн кыскасын,
Төрт миңи тарап кетиптир,
Төрөсү барда кыргыздар
Талабына жетиптир,
Ошо сарай ичинде,
Ойрон болду баарысы
Оюн кылган кечинде.
Кыйын ишке токтолгон,
Аяр аңдып Алмамбет
Кызматта жүрүп жок болгон.
Ордодон туткан ургаачы
Отуз алты миң болгон,
Айганды чапты деген сөз
Ойротко маалым дүң болгон,
Ошо чактан ушу чак
Олжо алган мындай
ким болгон,
Олжодон куру калдым – деп,
Ойлонбостон тим болгон,
Оюн сарай ичинде,
Ойрон кылган Алмамбет
Дүйшөмбү түн кечинде.
Келип калды Меңдибай
Кенжутту көздөй бармакка
Кан Алмамбет ойлонуп
Камданып жаткан тушунда,
Меңдибай деген көк сакал,
Меңдибайча деген сөз
Көтүндө калган көп макал,
Аттанып келип кошунан
Алмамбетти көрүптүр,
Айтканына көнүптүр,
Кошунда алган катын жок,
Кошоматка калганда
Ал өңдөнгөн каапыр жок.
«Жабааны жалгыз чаптың – деп,
Жан куткарбай алыштын
Жайын кайдан таптың? – деп,
Калмакты жалгыз чаптың – деп,
Каргаша көрбөй жоо алыш
Кааданы кайдан таптың? – деп,
Аярсың да, баатырсың,
Саясың да, акылсың,
Алган катын-жарың жок,
Аңкайып кандай жатырсың?
Кыжылдаган жабааны
Кыйыры менен тургуздуң,
Кыла берсең кул ойлойт
Кызматты билбес кыргызың,
Жеке кыргыз – деп, жүрсөң
Жерде калаар жылдызың.
Алган экен Манасың
Айган шаанын баласын.
Алмамбет берсин дептир – деп,
Ар түрлүү айтты Манас кеп.
Кылбай койсун Алмамбет
Кыргызыма пайда – деп.
Кыйырынан азган кытайга
Кыз сулуусу кайда – деп,
Катышпасын калкыма,
Катышкандын баарысы
Тартат экен алкына.

Каңгып жүргөн калмактан
Калкым көрбөйт пайда – деп,
Калжыраган каңгайга
Катындан жакшы кайда – деп,
Канкоруң айтты мындай кеп.
Арканды тийгиз мага – деп,
Ажалдан бөлөк өзүңө
Адамдан жоктур дабаа – деп,
Айланайын сага» – деп,
Кошоматын кошо айтып,
Айтар сөзүн сосо айтып,
Меңдибай кетти кошуна,
Бекер айтып жок сөздү,
Ойрон болсун Меңдибай
Оозунун кара бошуна.
Алмамбеттен кетиптир,
Көкчөкөзгө жетиптир.
Көкчөкөзгө кеп айтып,
Көрсокурум жаттыңбы,
Көңкү журт алган олжодон
Көп дүнүйө таптыңбы?
Көрө турган көзүң жок,
Көкүрөктө эсиң жок,
Тууганым – деп, Манасты
Тунуп калаар кезиң жок,
Сени карап турганда
Ичим жалын, тышым чок.
Алмамбет менен Манастан
Ала-Тоодой алтынды
Азыр алып жатса да
Сага жалгыз чака жок.
Намуруддай кан болсо,
Азыр турган дүнүйө
Баары карып жан болсо
Артпайт сага жакшылык.
Манас – деп, жүрсөң башынан
Жакшылыктан какшыдык.
Кай кошто турат эки кыз,
Камбылдардын кошунда
Кара көздүү, кан жүздүү
Катар турат жети кыз.
Айры жүрөт, нар жүрөт,
Алган олжо, баарында
Алтын, күмүш зар жүрөт,
Алып жүрөт, баарында
Албан түрлүү мал жүрөт,
Жегени шекер, бал жүрөт,
Керткени казы, жал жүрөт,
Биздин кошто карасам,
Кетте куржун дан жүрөт,
Артканын аңдап ар коштун
Меңдибай мендей чал жүрөт.
Баркын билбес тууганды
Башын жутуп койбоспу
Баатырсынып тургандын.
Кадырын билбес тууганды,
Калаба сүйгөн ургандын
Кандай жакшы болбойбу
Канын төгүп турганым,
Катылбайсың канкорго
Какайды жеген урганым.
Тоготпогон тууганың,
Тууганыңдын өкүмүн
Тосуп, күтүп турганың,
Тосо албайсың канкорду
Доңузду жеген урганым.
Жедиң суурду жериңде,
Жергеге кирсең болбойбу
Жеткен соң кыргыз элиңе,
Жерге кирген канкордун
Кесип башын албаймбы
Келе калса эбиңе.
Туюктап жүрөт далайды,
Душмандан кылат малайды,
Душмандан жаман тууганың,
Тууганым бар белдүү – деп,

Ушунун да көзүн карайбы,
Келе калса кезине
Кесип башын албайбы».
Кайрап-күүлөп Меңдибай
Көкчөкөзгө айтты далайды:
«Сулатып койсо канкорду,
Сурагы жетип болобу
Журт бузуучу анткорду.
Ач албарс менен сулатып,
Найза тийсе кулатып,
Асманга түтүн булатып,
Же Алмабаш менен сулатып,
Артындагы калганын
Айгайлатып чуулатып,
Акылынан тандырып,
Ары-бери чубатып,
Абыке менен Көбөшү
Алыска качып жөнөсө
Карадөң уулу Жарманас,
Карындашы Кардыгач,
Кардыгачын алыптыр,
Карасы жок күйөргө
Канкор немең жанагы
Кайдан оңуп калыптыр,
Бышаңдап ыйлап бышаар жок,
Күрмөлүп ыйлап күйөөр жок,
Күмүрөй болсо бу канкор
Тирүүлүгүн сүйөөр жок.
Жакыптан тууп Чыйырды
Жалгыз уул, жалгыз кыз,
Кызын алган Жарманас,
Кызыталак канкоруң
Кылайтып бирөөн жалгабас,
Душман көрөр тууганын,
Тушунда көрүп жүрөбүз
Душмандарын туугандан
Жакын көрүп турганын,
Талап кылбай кандыктан
Тарбыгын жеген урганым».
Меңдибай айтып бу сөздү
Мээнет баскан куу сөздү
Жатып кошко тынч алды,
Жан-жаккы сөздү тыңшады.
Таң атканда Меңдибай
Дагы аттанды жайма-жай.
Кыргылдын келди кошуна,
Дуу-дунун кызы Диларам
Очогунун башында,
Кыргыл чалдын кашында,
Төкмө кара чачтуудан
Он алты, он беш жаштуудан
Төрт кыз кармап алыптыр,
Баары олтурган ушунда
Напси агытып кол суккан
Бу кыздардан өлөт – деп,
Алты жүз сулуу кыз түшкөн
Ата улуулап бөлөт – деп,
Кыздарга Кыргыл үйрөтүп,
Бычак берди колго – деп,
Жигиттерге айттырып
Ургаачы жупту болбо – деп,
Кесир болот жолго – деп,
Эр жигитин какмалап,
Шок шайтандуу немесин
Соо жүргүн – деп, акмалап,
Аскердеги кыргызда
Алты жүз сулуу колунда,
Ошолордун баарысы
Аларда жок арамдык,
Ак шарият жолунда,
Жамы ургаачы, келин-кыз,
Жайнаган кыргыз элиңиз,
Отуз алты миң экен,
Ошончону көтөргөн
Оёну Манас бил экен,
Жоого кыйын түр экен,

Кырк баатырдын баарысы
Кырк жолборстун сүрү экен,
Аяк-башы аскердин
Жыйылганда бөлмөккө
Жесиринин баарысын
Баптап багып жүр экен.
Бөлөктөр бөлүп алгандай,
Меңдибай менен Көкчөкөз
Экөө эле куру калгандай,
Эми да бар башында
Эл мүнөзү ар кандай,
Кыргылга келди Меңдибай:
«Кырааным Кыргыл, жаттыңбы,
Кыздардан олжо таптыңбы,
Кызыктын даамын таттыңбы?
Алмамбет жатыр акырып,
Ак ала сакал ал иттен
Алып кызды коём – деп,
Ачууланып бакырып ».
Айтпаган сөздү ага айтып,
Кыргылдан кетти тим кайтып,
Алтындуу сарай коргондо
Айгандын капкалуу ордодо
Арстан Манас баатыры
Анда жаткан акыры,
Алсам, тиер бекен – деп,
Алтынайда акылы.
Ашык болуп артыкча,
Кызыгыптыр кыйлача,
Кыз Алтынай боруму
Кыздардан артык бир канча.
Арстан Манас кайгырат
Алтынайдын дартына,
Алтынай жүрөт тыным жок
Атасынын артында.
Айган жатыр зынданда,
Адам уулу көнбөйбү
Алла тагдыр кылганга.
Алым жүрөт таарынып
Алтынайдан калганга,
Диларам жүрөт сабылып
Атасын союп салганга.
Кыргыл чал калды кытыйып
Кызды Алмамбет алам – деп,
Кыйын айтып калганга,
Бекер сөзгө ишенип
Меңдибай бузуп барганга.
Аттан түшүп Меңдибай
Айтты салам баатырга,
Ар жерге салган Меңдибай
Адамды заман акырга:
«Түндө болсоң айымсың,
Дүйнөдө батаар жайымсың,
Күндүз тиер күнүмсүң,
Ачылган жубар күлүмсүң,
Кара кыргыз баласын
Катарга салып жүрүпсүң,
Канга ылайык бир сулуу
Колуңда алып жүрүсүң,
Берет Манас, алам – деп,
Бербеске белин байласа
Бээжинге кетип калам – деп,
Кан кызын берсе алам – деп,
Кан кызын канкор бербесе
Карап турбай кыргызга,
Каканга кетип калам – деп,
Каардансам канкорду
Капилеттен соём – деп,
Калмагың айтып жатыр – деп,
Капилет сойлоп бир күнү
Кашайтпагын баатыр» – деп,
Меңдибай муну сөздөдү,
Каар түсүн бир салып,
Кабылан Манас баатыры
Меңдибайга көздөдү:
«Мээнет баскан Меңдибай,

Бекерден айтып сөздү жай,
Адатың сенин курусун,
Айтканыңды ит уксун,
Арбытпагын жумушуң,
Албан түрлүү азапка
Аскерди салган турусуң».
Аны айтып эр Манас
Ачууланып салганы,
Аттанып алып Меңдибай
Алмамбетке барганы.
Адашкан соң өз элден
Арылбай өтөт экен го
Азамат эрдин арманы,
Аны айткан бойдон Меңдибай
Аскерине барганы.
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп жүрсө акжолтой,
Жоо качырса сан колдой,
Коштогону Коёнбоз,
Акыры башын кеспесе
Адамга жаман ойлонбос,
Төшөнгөнү баяндос,
Абакеси эр Бакай
Ашыгыштан кеп угуп,
Алмамбет кетти Кенжутка
Азандан мурун – деп, угуп,
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Өлүмдөн бетин бурбаган,
Өчөгүшкөн душмандан
Өч албай токтоп турбаган
Кайдасың, Сыргак баатыр? – деп,
Калба салып Кенжутка
Алмамбет кеткен акыр – деп,
Акбалта уулу каякта
Болот болсо чакыр – деп,
Бакырып Бакай жөнөлүп,
Баатырлардын баарысы
Айдоосу менен Бакайдын
Кенжутка кеткен өмөлүп,
Алмамбет кетип калды – деп,
Жабайыр бели жаман – деп,
Жалгыз аттын жолу экен,
Жанды койбос аман – деп,
Ашыгып жөнөп алыптыр,
Бендеден укпай бир кеңеш
Бейкабар бойдон кошунда
Алмамбет азыр калыптыр.
Бакайдын сөзү – деп, айтып,
Башкача бузуп кеп айтып,
Бетеге мерген барыптыр.
Ал Бетеге мергени
Алты качыр ат түшкөн
Абакеңе келгени,
Азыр олжо бөлүнбөйт,
Абакең ага бербеди,
Аларсың кийин дегени.
Бакай сени сөктү – деп,
Бузуп айтып келгени.
Булардан угуп Алмамбет
Бузулуп көңүл дегдеди,
Бу дүнүйө жалгандан
Муңканып өттүм мен – деди.
Бербердигер кудурет
Өкүм кылсаң дүйнөгө
Өзүңдөн бөлөк ким билет,
Жаратkансың кул кылып,
Жалгыздыгым саа милдет.
Баашалыгым-кандыгым,
Баска түшпөй жарлыгым,
Каапыр да болсо кытайга
Калкына түшкөн тарлыгым.
Минтип калаар мен белем,
Билими артык эр элем,
Бир баашадан кем белем?!

Бадыша элем башында,
Ойротту билген жан элем
Он жети жашар жашымда,
Бирлигиң издеп бүлүнүп,
Минтип чыктым башында.
Кадыр Алла барсың! – деп,
Калба салып Каканга
Качып чыктым жашымда,
Буйруган экен кудурет
Мусулмандын бир катар
Боорлору ташына.
Кылбаганым кылгандай
Кыстарылып жалаага,
Кыргыз менен казакка
Кызматым кетип талаага,
Элим жоктон элирип
Элкимимден келдимби,
Эгем Таала колдой көр,
Элдиретип энемди,
Элким Алла билесиң
Бирлигиңе жалынып,
Минтип мында келгенди.
Алдыратып атамды
Адам таппай келдимби,
Ак таала сенин барлыгың,
Акыры колдо – дедимби.
Кытайга жакын түрк экен,
Кылымды баскан дүңкү экен,
Байкап турсам барча жан
Бар кудаанын мүлкү экен.
Берен калсын Бээжин шаар,
Бери урган кытай дини кар.
Каран калсын Какан шаар,
Кайнаган кытай дини кар,
Барлыгына кудаанын
Баш күнүнөн ынанбас,
Ибилисти пир кылып,
Издегени кылык-наз.
Аргам жоктон чыккамын,
Анжы-Манжы, Туңшага
Алеңгир салып мыктадым.
Айтканым кетип талаага,
Ата-энемден чыккамын.
Акыреттин камы үчүн
Айдаркан уулу Көкчөгө
Асылыштым, ыктадым.
Алаштын баары жыйылып
Жалаасына жыкканы,
Жаратканым сен сактап,
Жаным тирүү чыкканы.
Манасты болду тапканым,
Баашалык тузун таткамын,
Бар кудаа сенин ысмыңды
Баштан-аяк жаттадым,
Башымды салдым Манаска,
Башын кайдан аттадым.
Көкчөдөн көрдүм өлүмдү,
Манастан бөлдүм көөнүмдү,
Кайда барсам каңгырап,
Жалгыздыгым көрүндү.
Элимде жок элкиммин,
Элимден чыгаар кезимде
Эр Көкчөдөн желпиндим.
Калкымда жок каранмын,
Каңгырап жүргөн адаммын,
Кара жаным куткарып
Качып чыгып Көкчөдөн,
Кан Манас – деп, баргамын.
Манастан көрдүм байданы,
Барган жерим оң болбой,
Башымдан бакты тайганы,
Айткан тилди бир укпай
Атамды шайтан сайганы.
Эмгегим жолдон тайганы,
Эскерип сөзүм бир укпай,
Энемди шайтан сайганы,

Элким жүрүп элимден
Эгемдин башка салганы.
Карманарга карам жок
Кадырлап күтөр адам жок,
Кадыр Аллам колдогун
Өзүңдөн бөлөк баанам жок.
Бул дүнүйө жалгандан,
Жана ойлодум Каабаны
Жалгандан көөнүм калгандан,
Кутулбай бенде мээнеттен
Кудайым башка салгандан,
Куп сынды шагым бу күндө
Кудай дешкен кырк баатыр
Курчалышкан зардалдан,
Кетким келди Мекеге,
Кечтим ушул жалгандан.
Тагдырым бүткөн алаштан,
Таабим кайтты Манастан,
Түрк уулунун намысын
Түңүлөйүн талаштан,
Акырет камын кылайын,
Намысына талашпай,
Арабияга кетейин
Алаштарга карашпай.
Айгандын журтун алууга
Мен болдум – деп, себепкер,
Өкүнүч менен Алмамбет
Өз жанына жай издеп,
Өзүң жалгыз зулжалал
Өзүң бол – деп, маа медер,
Алмамбет болду кетмекчи,
Азыр он үч күн болгон,
Жалпы кара кыргыздан
Жакшылык кабар жетпептир,
Күндөн күнгө эр Алмаң
Чегинип элден четтептир.
Көөкөргө куйса каны бир,
Көкүрөктө жаны бир,
Өрүшкө жайса малы бир,
Өнөргө кирсе баары бир,
Өзгөчө жакын Алмамбет
Алыстады Манастан,
Эч жакшылык көрбөдүм
Эмгек кылып алаштан,
Кадырына бир алып
Карап койбой таштады,
Кадыр Алла кудай аа
Карайлатып өзүмдү
Кандай көйгө баштады.
Кенжуттун жолу Кедири,
Шымал жагы тетири,
Жабайыр ою мол эле,
Жаман баткак жол эле,
Кыш күнүндө жол болгон,
Жаз күнүндө баргандын
Жаны аман болбогон,
Дөбөт – деп жолго салбайын,
Чөөлүгүп чөлгө калбайын,
Кейүүнү кечип алайын,
Кедири жолго салайын,
Алтайдан келген Тянь-Шань
Аралап өтүп салкындап,
Ат аябай шартылдап,
Түгөнгөн тоонун учунан,
Кундуз, Талкан тушунан,
Ырастын тоосун кыдырып,
Банычтын башын сыдырып,
Туманыч бар, Карача,
Туура Урумга карата
Тоолуу жолго салайын,
Создугуп чөлгө кирем – деп,
Тозокко тирүү калбайын.
Муну ойлонуп Алмамбет,
Муздап алып андан нээт,
Буйругу ушул актын – деп,
Алла! – деп, жүрдү Алмамбет

Аманат жандын камын жеп.
Алмамбет кирди Тянь-Шанга,
Акылын айтпай бир жанга.
Кете турсун Алмамбет
Алыска сапар алып нээт,
Аллам өзүң колдо! – дейт.
Аны таштап коюңуз,
Жабаадагы аскердин
Кабарынан болуңуз.
Ардалык жолго салды – деп,
Ашыгып үркүн кубалап
Алмамбет кетип калды – деп,
Абасы Бакай жол жүрүп,
Алты аярды кошчу алып,
Айлакерди башчы алып,
Чубак, Сыргак баарысы,
Кыргыл чал баштык карысы,
Ардалыктын адамы
Ар тоого чыга качышып,
Ак күмүшүн оордоп,
Жабайырдын оюна
Дүнүйөсүн чачышып,
Үркүнү качып, там калган,
Калмак менен кигиттик
Качып үркүп сандалган.
Жабайыр жолу таш экен,
Дагалыктын Бөгүшү
Баш күнүнөн маш экен,
Жалгыз аттын жолу экен,
Тар кыясы ол экен,
Кигиттик дини кар экен,
Үч таш жер жолу бар экен,
Алмамбет жалгыз кеткен – деп,
Аркасынан жетсем – деп,
Алиги баштуу кыядан
Абакең Бакай тепеңдеп,
Аярды салып астына,
Аскерин салып артына,
Жабайырдын белине,
Жаңыдан чыгып алыптыр,
Алиги кеткен Калия,
Аярдын кара дартына
Үч күндүк жерге бир күндө
Көшөңгөргө барыптыр,
Таазим кылып балбаны,
Калыяны көргөндө
Көз алдына барганы,
Келишиңиз кандай? – деп,
Кебин сурап калганы.
«Келдим сага өзүм – деп,
Кеп айтсам арбын сөзүм – деп,
Аттанып кепти сурагын,
Ашыгып келип турамын,
Аркы уругу түрктөн,
Арзандык менен Көшөңгөр
Кутулбайбыз – деп, турам
Азыркы болгон түлүктөн.
Адам уулу жеңбеген,
Кара кыргыз тукуму
Казат десе дегдеген,
Капилет дүйнө жалган жай
Кайратынан тербелген.
Найзасын албарс аштаган,
Атышып жоодон шашпаган,
Ар тарапка аттанса
Аскерин арбын баштаган,
Ураанын ногой чакырган,
Урушкан жоосун сап кылган,
Ай-ааламдын баарысы
Амирине чатылган,
Алты шаар уйгурун
Алып болуп сап кылган,
Айткан сөзүн так кылган,
Алланын аты ак келме
Көңүлүнө жат кылган,
Көрүнгөн жоону сап кылган,

Атасы Жакып, эр Манас,
Наркы уругу көп алаш
Аланча түпкү бабасы,
Атышкан менен душмандын
Асылы келбейт дабаасы,
Ушу күндө келиптир
Кара кыргыз төрөсү
Кан Жакыптын баласы,
Кара башыл адамдын
Кабылан туулган Манасы.
Алып болуп Айганды,
Алдыратып ар жанды,
Ысламдын салып динине,
Сыйынтып Алла бирине,
Алакандай Кенжутка
Аскер алып кол келди,
Алптан ашык атоочу
Албан түрлүү зор келди,
Ачылып чыгар жериң жок
Айланаң темир тор келди.
Мадыроон болгон улугуң,
Мажусу болгон уругуң,
Байкасаң бүгүн курудуң,
Мадыроонуң өлгөндүр,
Баянын айтып турумун.
Чабышып чагың келе албас
Чабышкан менен кыргыздан
Жаның тирүү тек калбас.
Атышып алың келе албас,
Атышкан менен кыргыздан
Аман жаның эч калбас.
Алсаң тилди Көшөңгөр
Айтканыңа макул – деп,
Ар не десе көнө бер.
Карап кыргыз жата албас,
Кайтып кетер жерине,
Калың түрк элине,
Кандай дейсиң, Көшөңгөр,
Как шу айткан кебиме?»
Бу сөздү айтып салганы.
Айткан сөзгө аярдын
Ачуусу келип калганы.
«Энең сени тууганбы,
Эркекпи – деп, турганбы,
Кайратыңдан кайтканың,
Эркек туруп Калыя,
Катын кебин айтканың,
Болбогон кепти мен уксам
Мойнума минер шайтаным,
Качып келип түрктөн
Каргаша кепти айтканың,
Лаат-манат көкөдөн
Ыраспы динден кайтканың?»
Көшөңгөр муну сүйлөдү,
Көсөлдөр боюн күүлөдү,
Көбүрүп жаман сүйлөдү.
«Аярсың – деди, Калия,
Айран болдум кебиңе,
Кетирейин саныңды,
Чындап айтып турсуңбу,
Чыгарайын жаныңды,
Качырайын каныңды,
Мени жеңчү мээнетиң
Арзан кайдан табылды?!»
Ал сөздү айтып Көшөңгөр,
Ал күчүнө ишенер,
Миң алты жүз батман таш,
Балбан таш кылып көтөрүп
Жол боюна таштаган,
Жолу катсын Көшөңгөр
Чоң дүмөккө баш салган...
Айтар кебим айттым – деп,
Аскериме кайттым – деп,
Атына минди Калыя.
Айылдап балдар кетиптир
Жабайырдын белине,

Токтолбостон Көшөңгөр
Жар чакыртты элине.
Айылдап кеткен адамы
Аңдабастан барганы.
Аскерибиз экен – деп,
Алакташып барыптыр,
Аңдып турган мусулман
Аларды кармап алыптыр.
Чалгынчы ага барар – деп,
Жабайыр жолун алар – деп,
Туура жолун байласа
Душман өтпөй калар – деп,
Туташып душман күчөсө
Бизге кабар салар – деп,
Буудашын аттуу баатыры
Муну да алып акыры,
Токсон миң болуп кошууну,
Токтотпостон ошону,
Ашыгып атка миниптир,
Жабайыр жолун бет алып
Жайнап жолго кириптир,
Мадыроон кандын ордого
Бакай баштап кырк миңи
Чабуул коюп кириптир.
Басып жүргөн каапырга
Куйрукка найза чанчылып,
Айбатынан аскердин
Алтоо коркуп жан чыгып,
Найза тийген жеринен
Шоркурап кызыл кан чыгып,
Күңгүрөнүп унчугуп,
Күлдү кара кыргыздан
Ногой кандап чуу чыгып,
Аламан коюп калганы
Барган жерде баатырлар,
Мадыроондун калаага,
Калаалык калды балаага,
Мал-булун таштап, баарысы
Качып чыкты талаага.
Сексен кыз түштү колуна,
Каарданып эр Көкчө
Качкандын түштү соңуна,
Кайгы түштү бу күндө
Каапырлардын тобуна,
Аңдап турсаң бир кезде
Кыйкам, Шаңкай колуна
Баары калча, кигити,
Бапылдатып кернейин
Токсон миң аскер жигити
Төмөндөн келип турганы,
Дүкөнүн майдан курганы.
Жабайыр жолун эр Бакай
Мурун келип алганы,
Аскерин көрүп каапырдын
Адамдар арбын келсин – деп,
Айтып кабар салганы.
Каапырлардын Көшөңгөр
Көтөргөнү көк найза,
Көчүрөр тоону бир сайса,
Масбула деген аты бар,
Башкача мунун заты бар:
Тик бою бар тогуз кез,
Чуркашы учкан куштан тез,
Баш-куйругу он беш кез,
Адам болжоор мал эмес,
Каңылжаары каңкайып,
Соорусу кара дөбөдөй
Токуганда даңкайып,
Урушууга шайланып,
Үстү жагы карк алтын
Үзүктөй калкан байланып,
Болот калкан, боосу жез,
Астындагы атынын
Мурун менен кулагы
Аралыгы эки кез,
Карыпчысы темирден,

Каруу-жарак көк болот,
Кармашар жоого теминген,
Саадагы өгүз белиндей,
Астындагы Масбула
Зардабы сырттын желиндей,
Жүз батман кылыч байланып,
Жаалына жан турбай,
Жай булуттай айланып,
Лайламалуу – деди,
Анык өлдүң кыргыздар,
Жатар жериң бу – деди.
Сегиз жүз батман күрсү алып,
Сезбестей болуп түр салып,
Келди майдан жерине,
Кутургандай көздөнүп,
Кубат болуп элине,
Кулак салгын кара журт
Мурункуңдун кебине.
«Мага келсин өлөм – деп,
Баатыр менен балбаны,
Майданга келген ким болсо
Баарынын чыгар далдалы!»
Бу сөздү айтып акырып,
Буурканып бакырып,
Кел майданга, тез кир – деп,
Кезенип турду чакырып.
Ал майданга ат коюп,
Барар киши жок болуп,
Баатырлар баары токтолуп,
Аяк-башын аскердин
Айгай салып акырып,
Абасы Бакай бакырып,
Алмамбет! – деп, чакырып,
Айгай салды оң-солго,
Алмамбет жок бул колдо.
Башчысы Манас теги жок,
Майданга кирген Көшөңгөр
Балбан окшойт эби жок,
Азыркысын өлүмдөн
Баш тартар түрү теги жок.
Күркүрөөсү күн болуп,
Дили кара түн болуп,
Сары аюунун түгүндөй
Жүзүнүн баары жүн болуп,
Ажыдаардай чамынып,
Айбаттанып каркырап,
Жаалданып караса
Жалыны көздө шаркырап,
Каапырды кудай урганы,
Каар менен турганы,
Кара чымын, куш өңдүү
Карап койбойт буларды.
Көздө жанган оту бар,
Көк күрөөкө сооту бар,
Көк ала байрак найза алып,
Көкказык аты суйсалып,
Баатыр Сыргак шаңданып.
Барамын – деп, камданып,
Ат оңдонуп токунуп,
Арстан Сыргак озунуп,
Даярданып алыптыр,
Алың келбес каапырга,
Арстан Сыргак, койгун – деп,
Абасы тыйып салыптыр.
Ушу жерден Сыргакты
Урушуна жибербей,
Ушалап кетер кокустан,
Оюлба – деп, окустан,
Абасы тыйып салыптыр!
Аскерден чыгып бөлүнүп,
Айбаты катуу көрүнүп,
Акбалтанын Чубагы
Найза кармап колуна,
Майдандын түшүп жолуна,
Кара бойго жарашып,
Карыпчы, соот, кыягы,

Кайраттанып кан Чубак
Каармандай сыягы,
Айгай салып айкырып,
Абасы Бакай бакырып,
Ай, бадырек, токто – деп,
Алдырсам да, алсам да
Ант ургурга барсам – деп,
Абасы Бакай айтат кеп.
Арбак урган каапырга
Мен барайын, балдар – деп,
Чабалдык кылып окустан,
Чаптырып ийип кокустан
Жаман болоор бекен – деп,
Аяп турду балдарды.
Тыя албай жатса аларды
Кыйкырган бойдон Кыргыл чал
Аскерден чыга калганы.
Арбак урсун сени – деп,
Астына барсаң келбейсиң
Аманат жаның теги – деп,
Алың билбей ат коюш
Ар кезде келбейт эби – деп,
Асылышып Кыргылга
Абасы Бакай турганы.
Аскерде жүрүп аяшып
Аңдап көрсөң буларды.
Анда Кыргыл кеп айтып,
Ачууланып бек айтып,
Кыргызды кудай урарбы,
Кызыталак Көшөңгөр
Кырданып алып кыйкырып,
Майданга кирип турарбы,
Баатырдан талап сураарбы,
Анан бара албай кыргыз турарбы,
Токтолуп буга калганы.
Топтон чыгып жөнөлдү
Дагалак Бөгүш балбаны.
Ары балбан, ары аяр,
Астынан чыкты куп даяр.
Күркүрөгөн каапырдын
Күнүн каран кылууга,
Күймөлтпөй жанын кыюуга,
Күчөнгөнүн тыюуга
Дагалактын Бөгүшү,
Арт жагынан камданды
Даңгыттардын Көйүшү,
Кыйла болду майдандан
Көшөңгөрдү көрүшү.
Беленденди бери жактан
Атыланын Матүштүк,
Андыжандын Сулети.
Күркүрөп Бөгүш барганы,
Күчү менен Көшөңгөр
Бөгүшкө күрсү салганы,
Күрсү урарда эр Бөгүш
Окуп апсун салыптыр,
Күрсүсү ылдый чабылбай
Көтөрүлүп калыптыр.
Таштап күрсү колунан,
Бөгүш чыгып жолунан,
Атка камчы салыптыр,
Найзаны колго алыптыр,
Келип найза саларда
Үч Бөгүш болуп калыптыр.
Кайсынысын саярын
Көшөңгөр билбей калыптыр.
Акмак экен ушул эл
Аяры кирген майданга,
Урушпаймын ар кезек
Ушу өңдөнгөн айбанга,
Аскерине кирермин,
Алды каткан кыргызды
Астын-үстүн заманын
Азыр салып иермин.
Бул сөздү айтып салыптыр,
Аскерине бет алып

Кайра тартып калыптыр.
Бөгүш балбан айкырып,
Бек айбат ачуу үн менен,
Бетбагым, бери токтол! – деп
Найза салды качырып.
Бөгүш найза салганы,
Тоо сайгандай токтотуп
Көшөңгөр тосуп калганы.
Кагып ийип найзасын,
Каапыр кылып айласын,
Көшөңгөр найза салганы.
Көшөңгөрдүн найзасы
Бөгүшкө бекем тийиптир,
Кыр арканын четинен
Бир эли жерин чийиптир,
Чыпалактай кызыл кан
Шыркырап жерге сийиптир.
Көшөңгөрдүн найзасы
Учу кирген узарып,
Ушу ааламдын баарысы
Кан болуп кетти кызарып.
Тоо дагы кан, суу да кан,
Көтөрүп турган туу да кан,
Аскер келген эл да кан,
Адыр-чуңкур, жер да кан.
Аярдын иши бир башка,
Ар нерсе келер тири башка.
Баары кызыл кан болду,
Урушканын биле албай
Көшөңгөр балбан дал болду.
Даңгыт Көйүш барыптыр,
Алты кулач ала жип
Апсун окуп салыптыр,
Алтымыш кулач ажыдаар
Азыр болуп калыптыр.
Ажыдаардын айбаты
Ала тоодой кайраты
Аны көрүп алганы,
Жабаа, кигит калкынан
Аярдан өлбөй калганы
Төртөө экен аяры,
Аяңдап жүрүп Алмамбет
Үч аярды жалмады,
Аярдан үчөөн жалмаган,
Калиядан бөлөгү
Эч аяры калбаган,
Калия келип калганы,
Алты карыш баштыкка
Апсун окуп салганы,
Үстү асман, асты жер,
Калия деген аяр эр,
Дүнүйө боло калганы.
Базар болду, там болду,
Баары кылып кесибин
Басып жүргөн жан болду,
Калаасына киргизип
Карайлатты сан колу.
Кандай заман болот? – деп,
Карыя Бакай таң болду.
Абай, Эбей барганы,
Булар кыйын жан экен
Мусулмандын аяры.
Жарым кулак суусу бар,
Апсун окуп, дем салып,
Дарыя кылды ушулар.
Дин мусулман балдары
Кайрат кылып калганы,
Дарыядан каапырлар
Оолактап качып алганы,
Орчун кол антип турганда
Отуз миң аскер кол менен
Оён Манас барганы.
Майданда турган Көшөңгөр,
Баатырыңды байкап көр,
«Баабедин!» – деп, бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,

Желегин жерге жапырып,
Жетти төрө качырып,
Алмамбет жок аскерде,
Арстандын ичи ачынып.
Көтөрүп найза Көшөңгөр
Көкжалды көздөй сунганы,
Кыраан эр кылыч урганы,
Колунда найза тууралды.
Сындырды баатыр найзасын,
Чын кетирип айласын.
Көшөңгөр күрсү алыптыр,
Курсу чабаар оң колун
Кылыч менен кыраан эр
Түшүрө чаап салыптыр.
Сол колу менен Көшөңгөр
Айбалтасын алыптыр,
Аны көрүп эр Манас
Кылыч урду белине,
Баатыр менен беттешкен
Барчу беле элине,
Эки бөлүп салганы,
Эңип атын алганы.
А дегенче аскерден
Назарбайын баатыры
Айкырып чыга калганы.
Акбалтанын Чубагы
Азыр турган бу дагы,
Назарбайын балбанга
Эр Чубак найза урганы,
Боордон сайган найзасы
Аркадан чыгып турганы,
Астындагы Ала аттан
Назарбайың кулады,
Аны көргөн каапырлар
Айгай салып чуулады.
Будаш деген баатыры,
Бу да кыйын акыры,
Аты ыраңы каралжын,
Адам көргүс карасын,
Каарданып айкырып,
Кары жинин чакырып,
Шамалга желек жапырып,
Манасты көздөй бет алып,
Будаш келет качырып.
Ачуу келип эр Манас
Көз байланып күүгүмдөп,
Ачык укпай кулагы
Көчкөн жердей дүңгүрлөп,
Ат коюуга каапырга
Кирген нардай кеңгирлеп,
Баатыр минтип калыптыр,
Келе жаткан Будашка
Оңунан чыгып эр Сыргак
Колтукка найза салыптыр.
Сыргактан найза жеткени,
Сырак этип Будаш дөө
Аттан кулап кеткени.
Сыргак найза салыптыр,
Шыпырма болот, курч кылыч
Майданда турган эр Чубак
Башын кесип алыптыр.
Будаш өлдү баатыры,
Кигит, Кенжут адамы
Бойдон кетти акылы.
Калия аяр кеп айтат,
Келген аскер элге айтат,
Кеп угуңар – деп, айтат:
«Кара кыргыз уругун,
Кабылан Манас улугун
Укканым отуз жыл болгон,
Урушкан душман баарынын
Узарып мойну кыл болгон.
Лаайлама жар болуп,
Аңкыган арбын шаар болуп,
Бадышасы өзүндө,
Баатыр Манас кыргыздын

Көрүнө элек көзүнө,
Уятынан урушпай
Карап турат Каканы,
Кара кыргыз Манастан
Катышкан аман таппады.
Ат жетпеген жерди алды,
Ар тараптан элди алды,
Күчү бардан билди алды,
Күрөшкөн кайдан тим калды?!
Төгүлүп жерде жин калды,
Жөөлөшкөндөн ким калды.
Аяры бар алтымыш,
Акыры буга беттешсек
Аман болбойт калкыбыз.
Жеткири бар жетимиш,
Карабастан кагышсак
Жер болобуз кейпибиз.
Ушу келген аскери,
Уругу кыргыз көп эли
Билдин жүгүн кийгендер,
Бирөө миңге тийгендер,
Жарагын темир кийгендер,
Жалгызы санга тийгендер.
Жүз миңге кирсе жүдөбөс
Жүлүктөрдүн баары экен,
Он миңди көрсө ойлобос
Оёндордун баары экен,
Казат десе бел байлап
Койгондордон бар экен,
Кара жандан бир жолу
Тойгондордон бар экен,
Кармашканын капилет
Сойгондордон бар экен,
Кара темир саадак жаа
Чойгондордон бар экен.
Көрбөгөмүн, уккамын,
Улама кары сөзүнөн
Укканымды туткамын,
Түрк тукуму балаа – деп
Түтпөс душман ага – деп,
Жоолашып чыгып урушсаң
Жоктур ага дабаа – деп,
Уламадан уккамын,
Укканда эсим чыккамын.
Мадыроон экен каныңар,
Мадыроондун кылыгын
Байкаңарчы баарыңар,
Мен ойлондум Мадыроон
Жок экен биттей ары – деп,
Жоо камап жатса бир четин
Сексен кыз үчүн дары жеп,
Дары жеп өлдү каныңар,
Жапжакшы өлдү аныңар,
Чабышып, келбес алыңар,
Талкаланып кырылбай,
Тарасаң деймин баарыңар.
Көшөңгөр балбан баатыры
Урушуп кырып салам – деп,
Көжөлдү эле акыры.
Акылынан шашыптыр,
Абыдан каны ташыптыр,
Аныктап ажал басыптыр,
Айтканыма болбоду,
Ажал өзүн торгоду,
Көрдүңөр баарың көз менен
Майданга турган жеринде
Манастан өлүп, оңбоду.
Айныбаса көөнүңөр,
Андан кийин көрдүңөр
Назарбайын барганы,
Калбастай болуп арманы,
Сырнайза менен бир сайып,
Чубак аны жалмады.
Мунун арка жагынан
Будашаң барды күүлөнүп,
Бузуп ийчү немедей

Буркан-шаркан сүйлөнүп,
Барганың аман калбады,
Баатырлары жалмады.
Токсон миңсиң баарыңар.
Тозоку өлдү каныңар,
Мадыроондун чарбагын
Баары журт көрдү зардабын,
Басып калды мусулман,
Баары жесир болуптур
Баш кутулбай ушундан.
Эми урушуп көрөсүң,
Урушкан менен ушундан
Немең калбай өлөсүң.
Тартуу кылып барыңды,
Талаадан жыйып малыңды,
Чактап көрдүң алыңды,
Сактамак үчүн жаныңды
Колуңдагы барыңды,
Кошуп бер кара жан үчүн
Койнуңдагы жарыңды,
Кошо тартуу кылыңар
Алтын, күмүш зарыңды,
Корголот кара жаныңды.
Кандай ушу кебим?» – деп,
Калкынан сурайт Калия.
Карап турсаң буларга
Кара аламан букара
Аяшып кара жаныны,
Кестешкен менен бул аскер
Кетиргидей саныңы.
Кечтик – деди, дүйнөдөн,
Амандыгын тиледи
Аманат кара жанынын.
Токсон миңден тогуз миң
Атынан алды аскердин.
Колун алып төбөгө,
Кошомат кылып төрөгө
Жан соогат! – деп, чуулашып,
Жан аманын сурашып,
Жалпы келип калганы,
Калия баштап аяры,
Келип калды алары.
Жалгыз адам коробой,
Жамандыкка жолобой
Аман турду мусулман,
Аскерде турган канча жан.
Алды Кенжут журтум – деп,
Калгандардын баарысы
Кабар укту ушундан.
Аксакалы Бакай кан,
Жанына сурап амандык
Азыр келди канча жан.
Жолотподу доңузун,
Сыйыр, жылкы, коюнан
Камдатып алды союшун.
Аскер бир күн токтошуп,
Асты-үстүнөн таппады
Алмамбетти жоктошуп,
Ар кошундун баарынан
Алты-бештен топтошуп,
Ак бараң мылтык октошуп,
Манас баштап баарысы,
Бакайы баштап карысы
Алган олжо көрүнбөй
Алеңгир түшүп калышты.
Ортосунда Кенжуттун
Олордон бөлөк кирген жок,
Кигит, шаңкай, калчага
Нак мусулман кылганча
Жатмак эле канчага.
Конуп бүгүн калганы,
Кол тынччылык алганы,
Жетимиш миң аскери
Мадыроон кандын калаасын
Басып жатып калганы,
Тогуз жүз сулуу кыз бер – деп,

Кыргыл чал салык салганы.
Кыңк эте албай кыжылдап
Кигиттиктер барганы,
Топ-тобунан кармады,
Тогуз жүз кызын алганы,
Эртеңки күн шашкеде
Тогуз жүз кызын даярлап,
Алып келип калганы.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Ыраңына карашып,
Кыздын баарын тандады,
Токсонун тандап алганы,
Сегиз жүз ону калганы.
Келип туруп Калыя
Албадыңар – деди да.
Ат уяты сатуу – деп,
Кыз уяты тартуу – деп,
Шолордон калган айтуу-кеп.
Мурун алган сексени,
Кийин алган токсону,
Кенжуттуктан алганы
Жүз жетимиш окшоду.
Токсон төө күмүш арттырып,
Соңуна калды айтылып,
Он үч төөгө алтын арттырып,
Арканын жибек тарттырып,
Жүз үч болуп төөсү,
Баштап жүргөн кыргызды
Баатыр Манас дөөсү,
Ашыгып Манас тез кайтты
Алмамбет жок сүйөөсү,
Көк жал Манас баатырга
Алмамбети жоголуп,
Көзгө илинбей дүйнөсү
Таш-Кыядан ташышып,
Дабырлашып шашышып,
Арадагы Дагарды,
Аңдабастан аларды
Жаяга жана барганы,
Жаяны жыйып алганы.
Жаадай Сарала аты бар,
Жабырбаян тону бар
Көрдүңөрбү адам? – деп,
Көзөл Манас сурап кеп
Жабаалык менен жаядан
Учураса кай адам
Алтын берем бир канча
Көргөн болсо бир адам,
Кезиккен болсо тирүү адам.
Султан Манас сурады,
Көңкү жабаа баарысы
Көрбөдүк – деп, чуулады.
Калкына кабар салганы,
Алтымыш миң аскерин
Азыр жыйып алганы.
Ойрон болгон кырк чоро –
Олтурсаң үйгө жык чоро
Катаалдык кылып Алмама
Катылганың кайсының,
Кастык кылып Алмама
Асылганың кайсының,
Алмамбет көөнүн калтырып,
Аздырганың кайсының?
Катардан кийин калам – деп,
Калмакты кууп салам – деп,
Кас кылганың кайсының?
Артылган боюн Алмамдын
Бас кылганың кайсының?
Кырк чоросун курады,
Баарысынан текшерип
Кыдырата сурады.
Манастан келген жумушка
Кыргыл чал карап турабы.
Кыргылчалы кеп айтат:
«Кылымды кыяпаттаба

Кылгансыңөзүң – деп, айтат.
Кызды кармап алганда,
Эшикти көздөй салганда
Манас – деди, чыкырып,
Уялгандан Алмамбет
Каапырлар карап турганда
Маңдай терин шыпырып.
Укмаксан болуп кеткенсиң,
Ушинтип түпкө жеткенсиң.
Алакеңди жээрип
Алтынайды дегенде
Анда дагы неткенсиң.
Кылаарын кылып саласың,
Кыргыздан көрүп каласың.
Кылчайбай турган эр эле,
Элиңден энди эр Манас
Андай кыраанды кайдан
табасың?»
Кыргыл чал турду муну айтып,
Кыраан эрди муңайтып.
Аздырбай айыл бийлеген,
Акылын арбын чийлеген,
Ат жыгылып турганча
Алты ооздон акыл сүйлөгөн,
Айтар чукул сөзүнө
Адам жетпес дүйнөдөн
Серек турду кеп айтып:
«Сен кылгансың – деп, айтып,
Ашыкчылык тапкансың,
Арамдан даам таткансың.
Алмамбеттей султанды
Алтынай кызга саткансың,
Ачууланып кыйыктап
Аскерге несин айтасың?!»
Ал сөздү айтып Сереги,
Аныгы ушул дегени,
Аны угуп Манас селейди.
Абасы Бакай кеп айтып,
Ачууланып бек айтып:
Кытайдан келген бир адам
Кыйырыңа батпай качырган,
Кыйын болоор калганга,
Кимдин баркын ким билет,
Ким жүрөт ушу жалганга?!
Калкынан азган бир адам
Катарыңа сыйбаган,
Калганга жаман уят го,
Кайда да болсо бир адам
Кара жаны турат го.
Орто Азия журтуна
Ооп келип ушунда,
Кериктен качып, билине,
Келсе тандап бирине
Кара кыргыз уругу,
Кара аламан киши эмес,
Калың кытай улугу,
Каралап келсе кыргызга
Кандайлыктан кызыктың
Калабалуу бир кызга!
Кара аламан аскерди
Жабаага таштап салыңар,
Эл билген эрлер темгектүү
Төрт бөлүнө калыңар.
Күн батыш жакка жыйырмаң бар,
Издөөдөн боюң жыйбаңар,
Күн чыгыш жакка жыйырмаң бар,
Кара боюң жыйнаңар,
Жанупка жыйырмаң чабыңар,
Канымдан кабар табыңар,
Шымалды көздөй барыңар,
Кербендин жолун алыңар,
Кеттекен жолун чалыңар,
Жолоочу болсо бураңар,
Жолуккандын баарынан
Жооп катышып сураңар,
Жортуулчу болсо көрүңөр,

Азың эмес, көбүңөр
Аныктап сурай көрүңөр.
Алмамбеттин кеткени
Эки жарым күн болуп,
Урушка кеткен экен – деп,
Эл ойлонуп тим болуп,
Он үч күн жаткан токтолуп,
Чоролор менен Манастан
Жакшы кеп жайы жок болуп,
Меңдибайдын кызыгы
Манас мындай деди – деп,
Батырбас камын жеди – деп,
Бакай мындай деди – деп,
Түрк уулунун ичине
Жүргүзбөс камын жеди – деп,
Кыргыл чал кызып жатыр – деп,
Кылганы сага атыр – деп,
Кыйынга калба баатыр – деп,
Айткан экен арачы,
Арамзаада бузардын
Ар заманда болсо да
Айтар сөзүн карачы.
Алмамбет Кенжут кетти – деп,
Аңдабастан ал ишти
Азыткы шайтан куп күчтүү,
Абасы жүрүп калыптыр,
Кетти Бакай дегенге
Адамдын баары барыптыр,
Алмамбет анда жок болуп,
Эки күн жарым токтолуп,
Алмамбет кеткен күнүндө,
Таңга жакын түнүндө
Алманбет жоого кетти – деп,
Жаман жолу дечү эле,
Жалгыз барса нетти – деп,
Абасы Бакай аттанып,
Көптөсө шайы кетти – деп,
Ашыгып чаап алыптыр,
Абакеңиз эр Бакай
Кенжутту көздөй салыптыр.
Алмамбет, Бакай кетти – деп,
Аскеринин баарысы
Артынан жөнөп калыптыр,
Алардын арка жагынан
Арстаны Манас барыптыр.
Алмамбеттин жоктугун
Ал жерден билип калыптыр,
Жабаага кайра салыптыр,
Жалпы журттан таба албай,
Ак күбө тонун күбүнүп,
Арстандай бүгүлүп,
Алмамбеттен түңүлүп,
Ичи жалын өрттөнүп,
Чоролорду төрт бөлүп,
Жортуулчу көрсөң жайлап ал,
Жолоочу көрсөң байлап ал,
Кен табылса казып ал,
Кербенчи көрсөң басып ал,
Соодагер көрсөң жолдон ал,
Сонуну болсо колдон ал,
Көрдүм деген жан болсо
Көп дүйнө берип жолго сал.
Бу сөздү айтып ийгени,
Сексен чоро бөлүнүп,
Сегиз жакка бет алып,
Узун жолго салганы.
Жануп жагы Дөбөт жол,
Ындыстандын тарабы
Жыйырма чоро барганы,
Алты күндүк жол басып,
Ар түрлүү жандан кармады.
Алардын башы Ажыбай
Биябан-чөлдө турады,
Былк эткен жандан сурады,
Ар жактан келген адам бар,
Бер жактан барган бенде бар,

Нечен албан эл да бар,
Кезикпеген бир жандар,
Кырктын башы Кыргылы
Кылымды жуткан дыңгылы
Ындыстан менен Даңгыттын
Ара жолун алыптыр,
Жыйырма баатыр жолдошу,
Адамга кыйын жол тозуу,
Эки түнү, үч күнү
Кыргыл чалдын күтүүнү,
Жолду кармап бүтүнү,
Жолоочу келди жол кошуп,
Жортуулчу келди бой кошуп,
Көргөн адам барбы? – деп,
Көпчүлүктөн ойлошуп,
Калаалуу жолду карматып,
Базарлуу жолду байлатып,
Алар минтип алыптыр,
Алтымыш төөгө жүк арткан
Кербен келип калыптыр.
Төөсүнүн баары ак экен,
Жүгүнүн баары бап экен,
Чокчо кара сакалдуу,
Кепич кийген такалуу,
Арасында сакалдын
Алты-жети агы бар,
Айткан тили билинбейт,
Алыскы журттай чагы бар,
Аарылардай кийими бар,
Ак төөсүнүн баары бар,
Адамбы – деп карабай,
Айткан сөзүн аңдабай,
Сураса жооп бербестен,
Сурданып өтүп баратыр,
Күн чыгаардын мунардай
Нурданып өтүп баратыр.
Кеп сурасам келбейт – деп,
Кеңири жооп бербейт – деп,
Өкүм өскөн дыңгылы
Өткүр өскөн Кыргылы
Астына кербен келгени,
Ал, talaңар! – дегени.
Жыйырма баатыр ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Он төрт экен баарысы,
Ой-бойго аны салышты,
Алтымыш ак төө жүгүнү,
Андан бербей түгүнү,
Тоноду тамам тонуну,
Арбын экен боюнда
Алып жүргөн сонуну.
Лагыл, жакут, зумурут,
Алган жанды тундурат.
Зери забаар, дүрү таш,
Инжи деген бирөө бар,
Көп таштарга көөкар баш,
Чокчо кара сакалдуу
Ыйлап турду көзү жаш.
Ак төөлүү кербендин
Алыс жолдон келгендин
Аз гана сөзүн айтайын,
Айта түшүп кайтайын,
Ааламга тиер балаасы
Кыргылдын кылган шайтаны.
Намурод, Муса тушунда
Бала болгон ушунда
Ак таала берген тилегин,
Азиз улук бир экен,
Миң жыл өмүр көрсөм – деп,
Тилек менен жүр экен,
Азирети Ысаны
Өз колунда өстүргөн,
Асманга учуп кеткенин
Аңдап карап, көз көргөн,
Ар түрлүү каапыр болсо да
Аны ызатка өткөргөн,

Азирети Мусанын
Нак өзүнөн бата алган,
Актын атын жат алган,
Жаан кезип жүргөндө
Жаангер – деп атанган.
Жаангердин баласы
Жаандагы душмандын
Жетер эмес дабаасы.
Жө .т, тарса, сакалат,
Баары да ага такалат.
Ынды, бараң иңгилис
Булар да ызат кыларын
Мурунтадан билдиңиз.
Жабаа калкы, арабы,
Шам, Мисирдин тарабы,
Меке менен Медина
Белгилүү болгон Жаангер
Маданияттуу элине,
Жаарупа менен кытайга
Жайы маалым бу жайга,
Жалынганы басылбас
Жаратканы кудайга.
Нескаранын колунда,
Нече жыл жаткан орунда,
Жаангердин баласы
Жарык көөкар даанасы,
Ат коюлган Билерик,
Аламандап алганда
Агер үйүң көрбө – деп,
Ак таалададан тиленип.
Тилеги акка жетиптир,
Айбан үйүрүн көрбөскө,
Адам үйүн көрбөскө
Мындай дуба жетиптир,
Кырктын башы Кыргылы
Кылып салды акыры
Кылымды жеген дыңгылы.
Бир дуба кылып койгонун,
Байкап билди замани
Манас баштап сойгонун.
Абунасыр замани
Аяны билди тамамы,
Аман сакта мындан – деп,
Ак таалага зарланды.
Жети күнү, жети түн
Жерден башын көтөрбөй
Зарлык айтты бүпбүтүн.
Калабалуу Кыргыл чал
Калды азиздин каарына,
Катын-бала, жарына,
Абунасыр Айкожо
Ал күндөгү олуя
Кабылстан шаарында.
Алдырган жери Билерик
Ымалайдын оюнда,
Чөл Жазийра боюнда,
Даңгыт элдин четинде,
Чөл Жазийра бетинде,
Кол көтөргөн дубаны,
Адам үйүң көрбө – деп,
Дуба кылып жатканда
Аралаш азыр тургандай,
Замани көрүп турганы,
Керемет эмей бу кандай?!
Алты айлык жол арасы,
Араладтай көрүнгөн
Авлияны карачы!
Адам түгүл ал жерден
Айнек салса көрүнбөйт
Аскер, тоонун карасы.
Абунасыр замани
Сеждеге коюп башыны,
Зелдей төгүп жашыны
Жети күнү, жети түн
Наар албай бүпбүтүн,
Бейшемби күн таң менен,

Таӊ созулган шаӊ менен
Күткөн сенин мурутуӊ,
Мен – деп, жүргөн бендемди
Назар берип куруттуӊ,
Кабыл кылып тилегин
Бүтүрдүм эле турутун,
Дагы кыйла иш болду
Сен зарланып турушуӊ,
Анча зарлык кылбасаӊ
Бүтүрдүм эле жумушун.
Мекен кылган белгим жок,
Казаны кайра жандырып
Кайтарып акыр бергим жок.
Туудурган атам жок,
Барлыгым чын, катаам жок,
Туба турган энем жок,
Туш келишер немем жок,
Өзгө тууган, урук жок,
Өзүм калыс, улук жок,
Өкүмүмө чара жок,
Өзүмдөн тубар бала жок,
Өзгөнүн баары бейкүмөн,
Өзүмдөн бөлөк даана жок,
Өлүм мага жана жок.
Он сегиз миӊ аалам бар,
Баарысына баанам бар,
Бирлигиме жалынар
Ою тереӊ адамдар.
Кубаттырмын, күчтүрмүн,
Куп калыстык түздүрмүн,
Кудуретим билинер
Өлүм жетип баарына
Өкүмүмдөн тирилээр.
Айт насыят, тобо кыл,
Ары чети жети жыл,
Ара жери жети айга,
Аз болгону жети күн
Баарысынын башына
Басып түшөр каран түн,
Экөө болбос өкүмүм,
Өксөп ыйлап өтүндүӊ,
Тобо, ыстыкпар айтсын – деп,
Жамандык жолдон кайтсын – деп,
Сөз угулду, өзү жок,
Караан-бараан бир нерсе
Айкожо көргөн көзү жок,
Абунасыр замани
Ак – деп, билди бир аны,
Тирилет кайта дегенге
Ордуна келди бир жаны.
Тилегин кудаа берди – деп,
Тике туруп зарланды,
Берген теӊир тилегин,
Мээнет кылган замани,
Берки жүргөн кырк баатыр
Түк билген жок аларды.
Түркөйү кара кыргызы
Абунасыр болбосо
Түшө жазды жылдызы.
Каталык көп адамда,
Каапыр менен мусулман
Казыр ушул заманда
Кайтарчу көп ар жанга.
Кайып жүргөн эрен бар,
Кайбана туруп кайтарган
Кадыр Алла деген бар.
Бериштеси саны жок,
Азирейил кол салса
Бендесинин баарысы
Бербей турган жаны жок,
Бетке урунбайт, көрүнбөйт,
Белги-бете дагы жок,
Мусулманы, каапыры
Баарына бирдей акыры,
Айтылган менен сөз кылып,
Адамдын жетпейт акылы.

Кызыр деген бири бар,
Кыяматка жеткенче
Өлбөй турган тири бар,
Шаадат келме тили бар,
Ар түрлүү динде дини бар,
Акырында келгенде
Ысламга токтогон,
Дүнүйөнүн жүзүңү,
Баранды менен чаранды
Баарын тамам жоктогон.
Асили бар адамдан,
Аманатка кыянат
Кылдырбаган ар жандан
Илияс – деп, бири бар.
Ырас кайып билип ал.
Сакчысы бар кырк чилтен,
Ай-ааламды аңтарып,
Аманатты куп тинткен.
Он эки имам дагы бар,
Ошолордун баарысы
Сакчылыкта чагы бар.
Ак буйругун караган,
Аңдап алсын ар адам,
Аракетсиз сөз кошуп
Аңдабаган кээ наадан.
Аны таштап коюңуз,
Ак төөдөгү алтымыш
Алган талап баатырлар
Кабарынан болуңуз.
Жыйырма баатыр коңчусу,
Жылас Кыргыл башчысы,
Талап алып тарашып,
Алмамбетти карашып,
Кайта салды жолуна,
Бармак болду колуна.
Ал иштен алып ишарат
Арстан Манас баатыры
Тозуп чыккан акыры,
Алты айлык жолдо Каныкей
Алган жары Манастын
Ааламдан ашык акылы,
Бир кудайга зар айтып,
Бир өңдөш сексен нар айтып,
Акыл деген керемет,
Акылы бар адамга
Ыйман толуп кенелет.
Акыл алыс жүгүрөт,
Акылсыздын баарысы
Ак тааладан түңүлөт.
Акылга иле илинет,
Барасатка баш койсо
Келе турган кайып иш
Кең-кесири билинет.
Каныкей үйдө билиптир,
Кайгыга бу да кириптир.
Үч күндүк жолго Кыргыл чал
Үргүлүп жолго кириптир.
Абунасыр замани,
Аңдап көргүн сен аны,
Ачып көздү жумганча,
Сежидеден баш алып
Өөдө болуп турганча
Жетип келип калганы.
«Жерге киргин Кыргыл – деп,
Жезиттин ишин кылдың–деп,
Жети жылдык мээнетти
Жеке көрүп, тындың» – деп,
Ачууланып салганы.
Олуяны көргөн соң
Төөнүн ээси ким эле,
Жөнүн айт – деп, тим эле
Кыстап Кыргыл сурады.
Абунасыр замани
Кыйлага айтпай турады.
Кыргыз уулу болгонуң
Баары ошонун жураты.

Кызыгын көргүн буларды,
Азыр турган көй баатыр
Айтыңыз – деп, чуулады.
Абунасыр кеп айтат,
Аңдаңарчы – деп, айтат.
Миз кайтпаган баашадан,
Миң жыл бүтүн жашаган,
Жаангер деген кожону,
Жалгыз уулу Билерик,
Талап алдың ошону.
Талаганга арданып,
Жаратканга зарданып,
Кабыл болду тилеги,
Кооз кылды силерди
Мурут кылган кишиң – деп,
Мурутуңдун биз көрдүк
Бузук кылган ишин – деп,
Айтты мага сөзүнү,
Анын үчүн сиздерге
Азыр кылдым өзүмү,
Мындан кийин көй баатыр
Ачып кара көзүңдү.
Себеби кимден билбеймин,
Азиздер кылган дуба үчүн
Алла Таала кудурет
Ажалга буйруду өзүңдү.
Жокту минтип бар кылган,
Жолдош-жоро жар кылган,
Бир өлтүрүп тиргизмек
Бирлигинен кудаанын
Жети түнү, сегиз күн
Он беш күнү зарлансам
Тирилмегин бердим – деп,
Тилеген менин кудаамдан
Кабар болду кайыптан,
Кара боюң тартыңар
Катаалдык мындай айыптан.
Абунасыр замани
Ал сөздү айтып салганы,
Алло акбар! – деп, айтып,
Ал Билерик! – дегенде,
Карактаткан он беши
Азыр келип калганы.
Агызып көзүн жаштады,
Алганын аман кайтарып
Бергенинче шашканы,
Беш миң жамбы баасы бар
Абунасыр азизге
Көөкардын бирин таштады.
Абунасыр алганы,
Алмамбетке бергин – деп,
Кыргылга берип салганы.
Алмамбет бизден качты – деп,
Кай кеткени билинбейт,
Кабылан Манас шашканы,
Алмамбетти издеп биз жүрүп,
Пирди билбей карактап,
Минтип кара басканы.
Бу сөздү айтып салганы,
Ак тагдырын көргүн – деп,
Алиги турган замани
Кайып болуп калганы.
Алдырганын кайта алып
Билерик жолго салганы,
Жоголгон кишиң табылат,
Ала-Тоого баргын – деп,
Айтып кетип калганы.
Аны уккан соң ушулар
Аскерге жүрүп ылдамдап,
Аллаң амир кылган – деп,
Келди кайтып колуна,
Аккула менен жээлигип,
Эр Манас чыккан жолуна.
Тянь-Шань Ала-Тоосуна
Кайсы баатыр барган? – деп,
Билерик айтпас жалган – деп,

Биз бакыр талап алган – деп,
Ала-Тоодон изде – деп,
Айтып бизге салган – деп,
Азиздер келип чогулуп,
Айтып кетип калган – деп,
Ал сөздү айтып салганы,
Айтканын угуп Манасы
Ашыгып жөнөп калганы.
Жүргөн экен ашыгып,
Жүдөгөндөй шашылып.
Алмамбет баатыр нетиптир,
Алтай, Жылдыз арасы
Шыбаңды ашып кетиптир.
Басып өтүп Жылдызды
Байкабаска кыргызды
Улуу өзөнгө салыптыр,
Аяк жагы Текестин
Эчки-Өлбөстүн чатына
Эр Алмаң келип калыптыр.
Жыйырма чоро бөлүнүп,
Билгич Серек, эр Сыргак,
Билимдүүнү карап бак,
Миң күндүгүн ойлогон
Аалимдигин карап бак,
Аттанып чыкса колго баш,
Алыска жүрсө жолго баш,
Арстан Сыргак, эр Серек,
Аларда токтош не керек,
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Ырчы жигит Бозуул,
Ыкыл баатыр Тазбаймат,
Жыйырма чоро барыптыр.
Урунт жери ушул – деп,
Ушу жакка бет алса
Алмамбет келер тушу – деп,
Эки тоонун сабында
Каркыранын жагына
Кондуруп коюп кошуну,
Жыйырма чоро жол кармап,
Ашыкпай жолду тосууну,
Алар күтүп калыптыр,
Ырчы жигит Бозуул
Тектирден теке сулатып,
Мылтыктан түтүн булатып,
Чабдар менен кадуулап,
Чапкылашып аң уулап,
Эки күндүк жол басып,
Эңкүү тарткан тоо менен,
Нечен тереӊ коо менен
Шымал жагын карашып,
Жогун таппай жадашып,
Улуу тоо башы жон менен,
Улар учпас зоо менен
Ак бараӊ мылтык түздөшүп,
Алмамбетти издешип,
Түн жагы Иле ой болуп,
Келсе салаар жолу – деп,
Жоорунчу, Баймат ойлонуп,
Эчки-Өлбөстүн учунан,
Кум-Ыргайдын тушунан
Жоорунчу, Баймат багыптыр.
Бозуул менен Кайгылы
Чоӊго жатып алыптыр.
Тоо түгөнгөн учунан,
Чоӊ-Кулжанын тушунан
Кылымдын көргөн дүрбөөнүн,
Кыргыздын баары куп көргөн
Кызматта Алмаң жүргөнүн,
Чыны менен карарып
Кыргыздан үзүп күдөрүн,
Жабаадан жанып чыгыптыр,
Кетер жолу кыргызда,
Кашкар жолго салбастан,
Келген экен Жылдызга,
Дарыясын кечиптир,

Шыбаңды ашып кетиптир.
Жылдызга жаңы жетиптир.
Күн чыгышы Жылдыз – деп,
Күн батышы жагында
Күрмөлгөн кара кыргыз – деп,
Таарынганын биле албас,
Талканга кирип кеткенче
Аскерден айыл тил албас,
Ала-Тоодон аралап,
Ат өргүтүп бааналап,
Кетейин Меке жакка – деп,
Ар иштен Аллам сакта – деп,
Жүрүп зериктирбейин
Түрк баласын капа – деп,
Жаадай Сарала аты бар,
Алласына зарланып
Айта турган даты бар,
Астындагы Сарала ат
Жорголой басып кылтылдап,
Жонуна кийген сарынжы
Жашыл оттой жылтылдап,
Жалынганы кудурет,
Жайы-көйүн ким билет,
Жараткан жапар кудаам – деп,
Жалгыздыгым милдетим,
Акыреттен мудаам – деп,
Майданга кирдим жекеге,
Барча кытай журтунан
Дин үчүн чыктым чекеге,
Таалайыма таарынам,
Жараткан жеткир Мекеге!
Байланарга балам жок,
Манастан муну көргөн соң
Баркымды билер адам жок,
Бар кудай сага сыйынам,
Өзүңдөн бөлөк карам жок.
Тутам – деп, турар тутум жок,
Туташып күйөр журтум жок,
Артымда калган тукум жок,
Ажалдан жакын чукул жок,
Акыретке бет алсам
Арбагым сыйлаар журтум жок.
Бакыраар балам теги жок,
Баянсыз жалган дүйнөгө
Бастырып жүрүш эби жок!
Болбосом ажал аткан ок,
Атакем кайда кетти? – деп,
Бозоруп калаар ботом жок!
Ага-ини туугандан
Айрыган кудай башында,
Ойрон салдым кытайга,
Алганым кайып, мен адам,
Катынына карайт – деп,
Көңүлү кетет көп наадан.
Катын тиер эрине,
Калкым болсо калыптыр
Кара кыргыз элинде,
Кара жандын камы үчүн
Барып зарлап ыйлайын
Байгамбар өткөн жерине.
Макшардын күнү башкача,
Башыма түшсө көп жаза,
Ыракым Алла кыларбы
Азган кул наалып ыйласа.
Жүргөн элим түрк уулу,
Түркүк – дедим, мен муну,
Түк чыкпаган эр бугу,
Түркүгүм түбү тайганы,
Жүрүп өзүм болупмун
Дүнүйөнүн айбаны,
Элинен азган элкиндин
Түк арылбас арманы!
Атасы башка болгон соң
Алындым – деген, бекер кеп,
Азайган болсо дүнүйөң
Асили бенде карабас,

Атасынын көрү – деп.
Уругуң бөлөк болгон соң
Учташтың деген бекер кеп,
Уучунда дүйнө бар болсо
Жүрөт экен кимде-ким
Урматтуубуз сенсиң – деп,
Колуңдан дүйнө кеткен соң
Урар таяк башыңа
Уруп кеткен кемсиң – деп.
Аткан бала кубанар
Ак чүкө жатса чигинен,
Акыретке баргандан
Асти бирин көрбөйбүз
Өлгөндөрдүн жигинен,
Баани дүйнө жалганда
Башымды көмсө тигинен,
Бар кудай өзүң сактай көр
Макшарда шермендилигинен.
Кыйлага кылдым кыянат,
Кыйын күн экен кыямат,
Бек чеки жаман иш кылса
Бендеден бенде уялат.
Барарсың көчүп бу жайдан,
Улук жаман иш кылып
Уялбайсың кудайдан,
Абалы уял Алладан,
Алда көрбөй тургандай
Ар иш кылар ар адам,
Кеңешип келген немедей
Кебин айтат кээ наадан.
Жаның болсо ойлоп бил
Жараткандын барлыгын,
Тартпай, тобо кылсам – деп,
Таразанын тарлыгын.
Тараза бар мыйзам – деп,
Тартып, напси тыйсам – деп,
Улуу-Суунун боюнда,
Улуу тоонун оюнда
Эр Алмамбет далайып,
Эки аягы салайып,
Боздогон нардай каңгырап,
Ботодой көзү жалдырап,
Жалгыздык түшүп жаадына,
Бою бошоп шалдырап,
Алыстан көрдү бараанын,
Баймат менен Кайгылы
Алмамбеттин караанын,
Өзүнө барып жолуксак
Өлтүрүп бизди салбасын
Өжөрлөнгөн арамың.
Аны ойлонуп алганы,
Жондо жаткан Жоорунчу,
Бозуулду көздөй салганы,
Алмамбет келет мында – деп,
Айтып жетип барганы.
Кайра тартып калалык,
Карамалап баралык,
Келген жыйырма чоробуз,
Азелден бери бир жүргөн
Алмамбет менен жоробуз.
Таштаба – деп, төрөбүз,
Чогулуп алып жолунан
Бир асылып көрөбүз.
Муну ойлошуп алыптыр,
Алмамбеттин астынан
Чогулушуп калыптыр.
Ач албарс кылыч миздеген,
Алмамбетин издеген,
Билерик айткан сөз менен
Жол-жолду карап көз менен,
Кыргылы бар кашында,
Кыраан Манас башында
Азыр келип калганы.
Алмамбетти көрдүк – деп,
Сүйүндүрүп салганы.
Аны уккан соң эр Манас

Алыскы-жуукка айныбас,
Ыраагын-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү түмөн, түбү ыспан,
Кароолу тажаал, огу ажал,
Асынып жүрсө Аккелте,
Ачууланса замбирек,
Арбагы жар бадирек
Ээринин алып кашына,
Нардай болгон Кула атка
Жүгөн салып башына,
Кылычын атка байлаптыр,
Кыраан эрдин жолуна
Тартмак үчүн жайлаптыр.
Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Мылтык атса ок өтпөс,
От жандырса чок өтпөс
Ак күбө жаап тонуну,
Алмаңдын күтүп жолуну,
Күтүп Манас калыптыр.
Манас келип калат – деп,
Балакетке салат – деп,
Алмаңдын жоктур түшүндө,
Аңдап көргүн калайык
Атаңардын ишине.
Кесилген мойнок бел менен,
Керилген өзөн жер менен,
Сайылган сеңир учунан,
Сандыргалуу эр Манас
Алмамбет келген тушунан
Имерилди сеңирди,
Аккуласын жетелеп,
Боз сеңирдин учунан
Нар төө тартып ушундан
Аккуланы кындыйтып,
Ак найза сайып зыңкыйтып,
Ак күбө жаап атына,
Ал жерден булар келет – деп,
Акылга Алмаң албаган,
Астынан алар чыккан соң
Айран болуп Алмамбет
Аңырайып караган.
Сеңирден көрүп селейип,
Не болуп булар жеткен – деп,
Эр Алмамбет элейип,
Кайдан келсин Манас – деп,
Калбайын болуп эс-мас – деп,
Шайтанбы, жинби, бериби,
Төрө Манас көрүнгөн
Дөөлөрдүн жүрөр жериби?
Азыр келген бул жерим
Ак-Ыяздын тушу эле,
Аркы өйүздө көрүнгөн
Эчки-Өлбөстүн учу эле,
Текес кан жери ушу эле.
Аны ойлонуп Алмамбет,
Кайдан Манас болсун – деп,
Алмамбет али ишенбейт,
Алмамбет жакын калганда
Арстан Манас эмне – дейт.
«Ассалому алейкум
Алмамбет арыстан, султан» – дейт.
Алеки салам, баатыр – деп,
Адамсыңбы, берисиңби
Бу жүргөндөр акыр – деп,
Алмамбет сүйлөп салганы,
Арстан Манас баатыры
Сөзгө кирип калганы:
«Тутушканга оң колум,
Оң колум сынып окустан,
Чыга жазды ойронум!
Оңума бүткөн аягым,
Тайгылып кетип таягым
Талкалана жаздаптыр
Басып турган аягым.

Муунала жазды бутум – деп,
Кудайым берген кутум – деп,
Муңая жазды журтум – деп,
Таарынганың белгисиз,
Тартылып кимден келдиңиз,
Урунганың белгисиз,
Урушуп кимге келдиңиз?
Сен ини да, мен ага,
Каталык кылсам мен сага,
Кайырсыз ишке не даба,
Өлчөгөм өзүм жаныма,
Миң жылкы берсе албасмын
Бир тал куйрук-жалына,
Аккулам тарттым алдыңа.
Аколпок тонум жабылуу,
Арзыганың баарысы
Арзан болор табылуу.
Атып жүрсөң Аккелте
Аманат жандын эрмеги,
Асынсаң дalың айнеги,
Аккелте тарттым жолуңа,
Арстаның куштар жообуңа.
Саюуга тарттым найзамды,
Сандыргалуу Алаке,
Таппадым сенин айлаңды.
Тартуу жана кылычым,
Болбосо да, болсо да
Мойнумда болсун кылмышым,
Аралашкан каным бир,
Айкалышкан жаным бир,
Кадырыма куп жеткен
Кадыр Аллам жапаа эткен,
Баркымды байкап куп жеткен,
Бар кудайым жапаа эткен
Атемир кызы Каныкей
Аташканым-күйгөнүм,
Айкалышып сүйгөнүм
Алганым тартуу жолуңа,
Ашыкмын айтар жообуңа,
Байкагын айткан сөзүмө,
Баарысы Алмам аз келсе,
Бар кудайым буюруп
Көргөздү мени көзүңө,
Баарына көөнүң толбосо
Башым тартуу өзүңө!
Балкыды бою Алмаңдын
Баатырдын айткан сөзүнө.
Акты жашы бурчактап,
Аста басып булактап,
Арстан Манас аягын
Алмамбет наалып, кучактап,
Али да Манас жол тосуп
Кетирбеди тузактап.
Качаарында кан Алмаң
Карарган экен көңүлү,
Кайта көңүл сөгүлдү,
Катарлап жашы төгүлдү.
Элкин эмес экенин
Энди билди эр Алмаң,
Нечен уруктан эл алган.
Жалгыз эмес экенин
Жаңы билди Алмамбет,
Жаңы агарды калган нээт,
Ошондо Алмаң айтат кеп:
«Оёнум сенден мурундур
О дүйнөгө жөнөөрүм,
Ойротко маалим өнөрүң,
О дүйнөгө бет алсам
Ордуму жоктоп ой-бойлоп,
Осуяттап көмөөрүм.
Кырааным сенден мурундур
Кыяматка жөнөөрүм,
Кылымга маалим өнөрүң,
Кыяматка бет алсам
Кылыгым санап кыйналып,
Кызматым кылып көмөөрүм,

Доолуу күндө көмөгүм,
Жоолуу күндө жөлөгүм,
Алыстан карап көрөөрүм,
Айтканыма көнөөрүм.
Айланып жүзүң көрбөскө
Алысты самап жөнөдүм».
Алмамбет белин чечиптир,
Кара башын тартуу – деп,
Кан Манас жолго жетиптир,
Баарын тартып келгенге
Ыңгыранган Алмамбет
Ыраазы боло кетиптир,
Жашынып турган кырк чоро
Жан-жабыла жетиптир.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл баштап карысы
Кыраан Алмаң баатырга
Кыйкырып келип калышты.
Кыйла чоро кыя албай,
Ыйлап жашын тыя албай,
Кыргылдан бөлөк жыйырмасы,
Алмамбетке караган
Жыйырма эки экен баарысы
Алаке, кайда кеттиң? – деп,
Жыйылып ыйлап барышты.
Ыйлабаңар баатыр – деп,
Насыят айтып Алмамбет,
Наалыбаңар, балдар – деп,
Наалысаңар мен үчүн
Артыңды кудай жалгаар – деп,
Ал сөздү айтып салганы,
Алмамбети табылып,
Арстан Манас баатырдын
Ичтен кири арылып,
Кабагы карыш жарылып,
Кан Алмамбет качты – деп,
Калкы калган сабылып,
Көпчүлүктүн баарысы
Жатпасын – деп, зар ыйлап,
Алласына жалынып,
Алмамбет, Манас баш болуп,
Атына минди жабылып.
Кыргыл чалы кырданып,
Кыраандын баары сурданып,
Ашып өтүп Түкүрдү,
Акка кылып шүкүрдү,
Аскерин издеп алыптыр,
Бакай келип артынан
Баштаган экен колуну,
Бүгүн он үч күн болуп
Баскан экен жолуну.
Эр Бакай жолго салыптыр,
Элин баштап алыптыр,
Кенжут менен жабаалык
Динге кирбей калыптыр.
Алагды болуп ушулар
Алмамбети жоголуп,
Насият айтчу кишилер
Туш-тушка кетип жол тосуп,
Тура албай анда жол кошуп,
Баатырлар жолго тарашып,
Балбандар колго карашып,
Абыдан чыкпай жарашып,
Коркcондон нече кыз тартып,
Динге жыкпай кысталтып,
Айры менен нар тартып,
Алтын, күмүш зар тартып,
Азар түмөн мал тартып,
Кара кыргыз калкы – деп,
Кандай жакшы наркы – деп,
Карадык – деп, калдык – деп,
Как тушунда той кылып,
Кара көз сулуу кыздарды
Капилет берип салдык – деп,
Жабаалар айтып жабырап,
Аясчыл айтып абырап,

Чаңкайлары чатырап,
Калмактары кабырап,
Даңшоолору дабырап
Кигиттиги кибиреп,
Кирди-чыкты эстери
Тамам кырып кетет – деп,
Коркуп жүргөн кездери,
Алмамбети жоголуп,
Алагды болуп алыптыр,
Артынан келип эр Бакай
Ашыгып жолго салыптыр,
Жабаага булар барганы,
Салып жүргөн дарбааны,
Ол элге кылган дүрбөөнү
Олтуруп-коoп жүргөнү,
Ордодо оюн салганы,
Мардуба чалын өлтүрүп,
Башын кесип алганы.
Баштан-аяк баарысы
Жыйырма төрт күн болуптур,
Барган күндөн Айганды
Зынданга солоп коюптур.
Өлтүрмөк экен каныны,
Айгандын кызы Алтынай
Алган сурап жаныны.
Мурун болуп мусулман,
Кыз Алтынай кандай жан,
Алмамбетке тийсем – деп,
Алган экен оюна,
Анткен менен Алтынай
Калк ордого киргенде
Канкордун тийген колуна,
Арстан эрге тийүүнү
Алтынай алып оюна,
Ал күндөн бери карата
Атасынын жоюнда.
Атасы болбой мусулман,
Азелден жаман бузулган,
Ата, бол – деп, мусулман,
Асылган кызы мурунтан,
Атасы болбой куруткан,
Алтынай балам, бак – деген,
Көөдөнүмдү как – деген,
Бир какканда күңгүрөп,
Үн чыкпаган дүңгүрөп,
Атасы кызын куп баккан,
Он үч деген күнүндө
Кыз Алтынай да каккан.
Какканында каңгырап,
Ачыгыраак шалдырап,
Жана багып он бир күн,
Таңшып айтып күнү-түн,
Атасын жакшы багыптыр,
Какса төшү кыңгырап,
Үзүлүүгө жакындап,
Калган экен шылдырлап,
Куп болсун калган журтум – деп,
Аз калган экен, атаке,
Кудайым салган кулпуң – деп,
Акырет жаман мындан да,
Бир минуттун кыстоосун
Бу дүйнөдө тартпайсың
Миң жылы жатсаң зынданда,
Бериште көп, жуда бар,
Асман, жерди жараткан
Өзү кубат, өзү күч,
Жаратканың кудаа бар.
Боздодум ата, сен үчүн,
Болуңуз ата, мусулман,
Болбогун эгер мен үчүн
Кыргыз Манас кармады,
Кыйратып нээ салбайсың,
Ушубу, ата, бар күчүң?
Бендеден мынча коркосуң,
Бериштени ойлогун,
Адамга кылаар алың жок,

Алда каар кылганда
Азаттан чыгаар жайың жок.
Бол мусулман, ата – деп,
Болбосоң ишиң чата – деп,
Айтты кызы ар канча.
Араң жатып ошондо
Айткан экен ыйманды
Айган деген куу калча.
Айтып барды Алтынай,
Абакеси Бакай кан
Чыгаргын – деп, зындандан
Желдет буйруп жиберди,
Чыксын – деди, силерди.
Айгандан бөлөк он сегиз,
Алтынай айтып жүргөндө
Мусулман болгон тептегиз.
Алла насип кылбаса
Мусулман бол! – деп, нетебиз.
Алтынайдын сөзүнөн,
Акыл угуп өзүнөн
Мурунку бузук көп доңуз
Мусулман болду он тогуз.
Эр Бакай баарын угуптур,
Зындандан алып чыгыптыр,
Ак бирлигин билгизип,
Ыслам динге киргизип,
Алтындуу тон дейилде
Экиден-бирден кийгизип,
Алып алып баарысын,
Кезигишкен душманга
Кетирбеген намысын,
Алмамбет, Манас баары жок,
Аксакал Кыргыл кары жок,
Арстандардан дагы жок,
Алтымыш миң кара кол,
Көкөтөй бар башында,
Көңкү аскери кашында,
Кармаганын жоктотуп,
Жесирин санап окшотуп,
Миңден-жүздөн топтотуп,
Бакай жүрүп кол менен,
Баштагы барган жол менен
Ушакчынын сарпынан,
Бузукунун дартынан
Алмамбетин качырып,
Баары кетип артынан,
Чала болуп мусулман,
Жана кайтып бузулган,
Абаң Бакай кол баштап,
Аскери менен жол баштап,
Зарабшанын оюна,
Нече күнү жол жүрүп,
Намундун келди боюна.
Намундан орун алыптыр,
Алмамбет, Манас, Кыргыл чал
Аман келип калыптыр.
Андан көчүп үч күндө
Кебездин келген оюна,
Кепер суунун боюна.
Аскери анда токтошуп,
Аман-соосун жоктошуп,
Бөтөн-бөтөн жайы бар,
Ар бир кокту ара оюк,
Какыраган сайы бар,
Алдын-артын жыйнашып,
Ат семизин кыйнашып,
Колдон киши чыгарып,
Кош башына ыйгарып,
Ушу кептен болжоңуз,
Ургаачы болгон олжоңуз,
Жол бөлүнөр бу жерден,
Жооптошуп калалык
Жол-жосунду билерден.
Чыгып алып биздерден
Катын-кыздан талашып,
Карсылдашып сабашып,

Калбасын – деп, өлүшүп,
Ушул жерден алсын – деп,
Таалайынан көрүшүп
Ургаачысын бөлүшүп,
Талаага жыйып олтурду
Ой-талааны толтурду.
Кызыл-тазыл кийинген
Кыз-келиндер бөлүндү,
Аяк-башы ат чабым,
Ой-талаанын баарысы
Кыпкызыл болуп көрүндү.
Кыраанымм Манас барында
Кыргыздын кылган чатагы,
Кыяматтын журтуна
Кызыл-Ой болгон атагы.
Кармаганы жесири,
Каны Манас барында
Кара кыргыз эсирди.
Отуз жети миң болгон,
Ойротко сөзү дүң болгон,
Аркадан барган аскери
Араң кырк миң кол экен.
Меңдибай менен Көкчөкөз
Үч миң киши ол экен,
Кашкар, Жергент кошулган
Он беш миң аскер кол менен.
Кыйгач каштуу, кыл чачтуу
Отуз менен жыйырманын
Ортосунда бар жаштуу
Оюнга келген катындан,
Ойрон болгон канча жан,
Беш жарым миңин ыйгарып,
Карылыкка бөлүшүп,
Чогултуп койду чыгарып.
Андан калган кыз-келин,
Кыргыз барып кыйратып,
Бойдок кылган жабаа элин.
Алла билет ар түрлүү
Арбын болоор жалган сөз,
Аны барып аралап
Көргөн жан жок көзмө-көз.
Аялдары ал элдин
Тартыш болуп калган – деп,
Уламадан укканбыз,
Бир атанын балдары
Бирден катын алган – деп,
Кезек менен жатышып,
Кем тукум болуп калган – деп
Отуз эки миң жарым
Олжого бөлдү куп баарын,
Анжияндын аскери
Алар алды он миңди.
Аркалык он миң алыптыр,
Он жети миң ургаачы
Кашкарга карап калыптыр.
Ар шаарына бөлүшүп,
Аземдүүсүн көрүшүп,
Ата улуулап алыптыр,
Нак ошондон бер жакка
Катындын кени Кашкар – деп
Калктарга үлгү калыптыр.
Кадимден бери калган кеп,
Он жети миң жесирди
Ою менен алган – деп,
Эркегине эки эсе
Аял арбын калган – деп,
Кашкарга кирип бакалап,
Кас буудандын баарысын
Кайра баштан такалап,
Анжияндык баарысы
Алайды көздөй салышты,
Аркалыктын баарысы
Чакмак жолго салышты.
Дуу-дунун кызы Диларам
Турна моюн Алтынай
Калыптыр кандын кошуна,

Арзыганың Алтынай
Аман-эсен турат – деп,
Напси агытсам уят – деп,
Алтынай үчүн таарындың,
Азап менен табылдың,
Ала койгун, Алмам – деп,
Арстаны Манас айтты кеп.
Көп алдында кеп кылып,
Алтынайды алууга
Алмамбетке эп кылып,
Баштады Манас сөзүнү,
Барсылдап күлүп Алмамбет,
Баатырдын карап өзүнү,
Сулууга көзүн салбаган,
Суктанып карап албаган,
Кызга көзүн салбаган,
Кызыгып карап албаган,
Сулуунун баркын билбеген,
Суктанып көзүнө илбеген
Кызды кыз – деп, билбеген,
Кызыгып көзүнө илбеген
Алтынайды көрүпсүз,
Напсиңе баатыр көнүпсүз,
Жетелеп чыктың ал кызды,
Баатыр колуң тийген соң
Башка жанга ким койду
Алтынайды алышты.
Алтынай болсо сиздики,
Ата улуулап бөлүшсөң
Дилараm болсун биздики.
Алмамбет айтып салганы,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Каткырып күлүп калышты.
Адамдар көңүл жайлашып,
Алып кирип Кашкарга
Аалымдар нике байлашып,
Оюн-күлкүгө батышып,
Ойногону кыз болуп,
Он күн анда жатышып,
Орчун дооран, мажилис
Маарекеге батышып,
Бал, шекерин татышып,
Магдырашып жатышып,
Кырк баатырдын баарысы
Кыргыл, Бакай карысы
Кызык иште калышты,
Жай-Дөбөдөн туз алып,
Жан жыргатып кыз алып,
Айры менен нар алып,
Алтын тандап, зар алып,
Эр башына бир бирден
Ай-чырайлуу жар алып,
Аскердин баары туш-тушка
Аман-эсен таралып
Тамаша таңды атырып,
Күлкүсү күндү батырып,
Күлүктү байлап катырып,
Буудандын баарын байлашып,
Минтип көңүл жайлашып,
Кара-Шаар, Кумулдан
Как шу жерде турганда
Калба чыгып калды – деп,
Канкорлорго угулган.
Мээнет басса Бээжиндик
Бери келип калар – деп,
Берип Аллам салар – деп,
Бу жерде жатыш залал – деп,
Не да болсо кабарын
Аныктап угуп алам – деп,
Алты күндө, беш күндө
Аркаңыздан барам – деп,
Эр Бакайды баш кылып,
Кыз-катындын баарысын
Абасы Бакай карысын
Аларды жолго салыптыр,

Алардан мурун Көкчөкөз
Үйүнө кетип калыптыр,
Жеке өзүнүн башына,
Меңдибайы кашында,
Жети кыз тандап алыптыр,
Арагына мас болуп,
Акыл качып, аз болуп,
Арстан Манас баатырга
Абыдан ичи кас болуп,
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл баатыр кары бар,
Кыраан Алмаң дагы бар,
Кызматка туура кыраандар
Жатып калган чагы бар.
Уйгурдун учу Кашкар – деп,
Урматын көрүп, нанын жеп,
Узак шаар Кумулдан
Угулар бекен кабар – деп,
Жата турсун сайкашка
Салтанаты, сөөлөтү
Ар түрлүү журттан бир башка.
Кызыл байрак кырк кашка,
Кылганы журттан бир башка
Кумулга кулак салыптыр,
Камбылдан кабар алыптыр,
Каңырт экен, калп экен,
Соода кылып урушкан
Калмак менен сарт экен.
Жети күн тамам өткөндө
Сегиз күнгө жеткенде
Угулду Кумул кабары,
Узактан келди чабары.
Тогуз күнү токтолуп,
Онунчу күнү оолугуп
Оёндор жолго салганы.
Алла билер бу сөздүн
Чыны канча, жалганы,
Айтылсын адабиятка
Абалкы элден калганы.
Кашкардан чыккан көй баатыр
Талап кылып үйүнөн,
Талас менен Чүйүнөн
Алар жөнөп баратыр.
Барган бойдон токтолсун,
Көзкаман деген тууганы
Икаясы жоктолсун.
Жуушадан келген тууганы
Салкын жерге турам – деп,
Суңшоону каалап турганы.
Лабги-Дөбө жердеген,
Атышканын бу дагы
Намысын колдо бербеген,
Окуясы Көзкаман
Ойлогон иши эң жаман:
Өткүр Манас султандын
Өкүмөтүн алсам – деп,
Өзүнөн бөлөк киши жок,
Өлтүрүп аны салсам – деп.

## МАНАС БААТЫРДЫН КӨЗКАМАНДАРДАН КӨРГӨН ЖАМАНДЫГЫ. КӨЗКАМАНДАР АКЫРЫ ӨЗДӨРҮН ӨЗДӨРҮ БЫЧАКТАШЫП ӨЛГӨНДӨРҮ

Бак берген кудай башында,
Манас болгон жашында,
Баянын айткан Сагымбай,
Бар кудай кылба шерменде
Магшар күндүн кашында.
Жуушадан көчүп тууган – деп,
Издеп келген башында,
Кайгысын тартып казаттын

Кабатын тартып азаптын,
Балаасын тартып мазактын,
Балбанын тартып азаптын,
Биринде бирге дин берип,
Экисинде кубат-күч,
Эсер-мусар тил берип,
Жашы жетип үч жашка,
Төрт жашына киргенде
Баладан бейли бир башка,
Беш жашына киргенде
Ашык утуп балдардан,
Алтысына келгенде
Акыл угуп чалдардан,
Жетисине келгенде
Асман-жердин ээси
Кайдасың? – деп, жалбарган,
Сегизине келгенде
Белин бекем буунган,
Керээли-кечке жуунган,
Тырмагы өссө албаган,
Кай бир күндө бир айда
Колун сууга салбаган,
Кожону көрсө коркуткан,
Коңшусун көрсө зор туткан,
Бир сабаада кымызды
Колуна тийсе бир жуткан,
Баркын билбей дүйнөнү,
Бакылды көрсө сүйбөдү,
Балдар ашык атчу экен,
Бирдин үчү чүкөгө
Бир жамбыны сатчу экен.
Билдирмекке атасы
Дүнүйөнүн кадырын,
Ошпур байы жердеген
Туушаң тоонун адырын,
Маңдайы Кынжаң, Аңырты,
Баш жайлоосу Кажырты,
Бай Жакып берген малайга,
Малайда жүрүп бу Манас
Балакет салган далайга.
Жер коруган калмагы
Жеке калба салганы,
Жеткирген соң кудурет
Жергесине кошулуп,
Булар жүрүп өзүнө
Букара болуп калганы.
Он төртүнө келгенде
Абунасыр замани
Ак динине салганы.
Жыйырма жаштын ичинде
Учуруп нече кандарды,
Уйгурду тамам алганы.
Беш жашынан бери жакка
Мээнетке белин байлады,
Беттешкенин жайлады.
Алып турган кезинде
Азирет тоо, Алайды,
Алсыратып далайды.
Азыр барган тууганы,
Аңгемесин угуңар,
Туугандын кылып турганын.
Токуган атын минсем – деп,
Толкуган Угуз балдарын
Тоорултуп жалгыз билсем – деп,
Манастын башын жесем – деп,
Бадышаң менмин десем – деп,
Канкордун башын жесем – деп,
Каныңар менмин десем – деп,
Мээнетти Манас кылыптыр,
Бекерге өкүм алууга
Бейбактын көөнү тыныптыр.
Арстан Манас мурунтан
Аракет арбын кылыптыр,
Аракетсиз кан болуп,
Ааламды жеке билмекке
Акылы бышып тыныптыр.

Албан түрлүү жакшылык
Аябай Манас кылыптыр,
Жоонокоп алып билеги,
Жоготсом – деп, Манасты
Көкчөкөздүн тилеги.
Алаш уулу болгону
Азияга толгону,
Алынган экен Манаска,
Арышы жетип алашка.
Жал-куйругу жок, жалгыз
Ушунча журт караган
Ушул экен тамаша.
Корккон экен Манастан
Кол кайрар калбай алаштан,
Сезген экен Манастан
Сен дээри жок алаштан,
Өзүнөн бөлөк бир жан жок
Өкүмөтүн талашкан.
Өкүмөтүн алсам – деп,
Өлтүрүп салып, Манастан
Өкүмөтү болбосо
Өзүнө жоктур карашкан.
Кырк чоросун кырсам – деп,
Кызыкты минтип кылсам – деп,
Кыргызды билип тынсам – деп,
Ойлогон экен Көкчөкөз
Ошо кезде туш болгон
Билерик айткан жаман сөз.
Сапарга келген сай төрө,
Башчысы Кыргыл бир дөбө.
Алыска келген аары – деп,
Ак уруктан Нузкыр – деп,
Мага десе бу болсун
Кабырстан журту – деп,
Кыргыл чал буйруп салганда,
Кызылдай баарын тоношуп,
Кыраандар талап алганда
Айбанынүйүрүң көрбө – деп,
Адамың үйүң көрбө! – деп,
Акимдериң кырылып,
Акыретке жөнө – деп,
Жаангер кожо баласы
Жанган көөкар даанасы
Азизден каргыш кетиптир,
Каргышы жүрүп кайбана
Кастыгы ичте Көкчөкөз
Как ушуга жетиптир.
Көңүлгө кирип алыптыр,
Өлтүрмөккө Манасты
Көп ойлонуп калыптыр.
Санаага кирип алыптыр,
Сап кылсам – деп, Манасты
Самап катып калыптыр.
Дуба кылган Билерик,
Көзкаман душман болмогун
Кудайдан – деп, билелик.
Жуушадан көчүп келгенде,
Алтайдан келип, таба албай,
Алайы кайда дегенде
Оң жолун ал эл айтыптыр,
Эски-Муздун жеринен,
Орустун барып элинен,
Казаттан Манас кайтыптыр.
Алтайдын берки жээгинен,
Айдаркандын элинен
Табылган экен Көзкаман,
Кийимдери кытайча,
Сыпаттары эң жаман.
Айдаркан, Көкчө айылынан,
Алтайда өскөн малынан
Үч жүз жылкы бериптир,
Үтүрөйүп баарысы
Жылкыдан үркүп келиптир.
Жылкысы үркүп алардан,
Жыты бузук арамдан,
Алар коркуп жылкыдан,

Жылкысы жылас болсун – деп,
Ушуну менен алышкан
Адам кайдан оңсун – деп,
Мээнетти кайдан берди – деп,
Коё берсек жоготуп,
Бер жылкымды дейби – деп,
Кайгылуу болуп калмактар
Жыйылышып сүйлөнүп,
Жылкы – деп, жүрүп сүйрөлүп,
Жыл өткөн соң жылкыга
Жыла-жыла үйрөнүп,
Алтайдан бизди көрдү – деп,
Асоодон жыйып берди – деп,
Анда көөнү бир калган,
Аталаш тууган Манас – деп,
Аман бизден калбас – деп,
Акылына кир алган.
Адамга адам жакпаган
Аманат дүйнө – шум жалган.
Калмакча тиккен үйлөрүн,
Калмакча кийим – кара тон
Касиеттеп жүргөнүн
Душмандар шылдың кылат – деп,
Тууганым шагы сынат – деп,
Тутантып отко жакканда
Өз кийиминен түк койбой
Өрттөп ийип жатканда,
Торгун менен тубарды,
Өрттөп ийип баарысын,
Тосултканда буларды
Кийимибизди алды – деп,
Шардана кылып кыргызга
Жандырып-өрттөп салды – деп,
Кийимибизди бүлдүрдү,
Тууган – деп, келсек бу канкор
Душмандыгын билдирди.
От күчөдү желге – деп,
Осол кылып көргөздү
Орчун жыйын элге – деп,
Акылына кир алган,
Анда көөнү бир калган.
Адамга адам жакпаган
Аргасы жок шум жалган.
Ачып динге жолуну,
Кесмек сүннөт экен – деп,
Алалдатып колуну,
Тарки сүннөт болгон соң
Жаман болор бекен – деп,
Тилине келме алганда,
Шоодайын кесип салганда
Урматка бизди алды – деп,
Узарта албай биз жүрсөк
Учун кесип салды – деп,
Кайсы жерде бу Манас
ТууганДыгы калды – деп,
Баарыбызды ыйлатып,
Тай букадай туйлатып,
Шоодайдын башын кыйратып,
Арттыра кылды азап – деп,
Аны дагы кек кылган,
Жуушалыкча сүйлөшүп,
Балдырашып кеп кылган:
«Кантип карап коёрбуз,
Кабыбызга бир келсе
Капилеттен соёрбуз,
Канын төгүп коёрбуз,
Кара көзүн оёрбуз».
Калжыраша сүйлөшүп,
Кайраттуусу күүлөнүп,
Антип жүргөн мурунтан.
Аралашып алышып,
Арстан Манас тууган – деп,
Алынышып калышып,
Арбын заман өткөн соң
Аны унутуп салышып,
Азыркы аты Ак-Сайды,

Ал кезинде айткан кеп
Саяң-Жайлак, Үч-Суу – деп,
Тандаган жерим так бу – деп,
Сырттан тандап жер алып,
Меңдибайды баш кылып,
Кыргыздан тандап эл алып,
Саяң-Жайлак таянып,
Кашкардан кара чай алып,
Жаткан кезде жай алып,
Жабаага барып казатка,
Алмамбетти качырып,
Абыдан калып азапка,
Кенжуттун Керген тагында,
Алмамбет кеткен чагында
Жол тосуп барып Кыргыл чал
Кожону билбей карактап,
Коогалуу болгон табында
Адамың үйүң көрбө! – деп,
Каргап койгон бабында
Амыры менен кудаанын
Көкчөкөздүн көөнүнө
Жамандык түшкөн чагында,
Кайтып тартып келгенде
Кашкардын калың шаарына
Камданган экен Көкчөкөз,
Катаасы канча билбеймин,
Кадимден калган эски сөз.
Урушуп адам жеңе албас,
Ушул ишти кылайын –
Уу берип, баарын кырайын,
Самадым муну кылайын,
Заарына кантип чыдайын,
Сай төрөсүн, Манасын
Сап кылып коюп тынайын,
Заар берип кырайын,
Муну ойлонуп Көкчөкөз
Сарп кылып дүйнө далайын
Чачама дары алайын.
Санаасын бузук салыптыр,
Сарп кылып далай дүйнөнү
Чачама дары алыптыр,
Кучүнө булдун салыптыр,
Көбүрмө дары алыптыр.
Күйбөй Манас баатырга,
Он күнү мурун озунуп,
Октой мойну созулуп,
Чыгып кетип калыптыр.
Кашкарга түштүк жол болгон
Чатыр-Көл басып толгонгон,
Манаска кастык ойлонгон,
Кадыр Алла сактасын
Калмакта өскөн ойрондон.
Андагы аты Шиш-Төбө,
Артында калды көй төрө,
Азыркы аты Чеч-Дөбө,
Чеч-Дөбөнүн оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Тереги бар, талы бар,
Жер киенин баары бар,
Коржоңбоз атын такалап,
Конуп алып жакалап,
Агалдайын алыптыр,
Арстан эрге кылмакка
Акылдашып калыптыр.
Чакырды Чагалдайыны,
Кылалы – деп, кеңешти
Кыраан эрдин жайыны.
Алдырып Арбалдайыны,
Ар кимде бар миң жылкы,
Айылдагы байыны,
Дөрбөлдөй мында келсин – деп,
Төрө Манас баатырдын
Төгүүгө канын камын – деп,
Төгүн-чынын ким көргөн
Мурункудан калган кеп.
Бегалдай бери келсин – деп,

Берен эрдин камын жеп,
Тоголдой экен кенжеси,
Султан эрди жутмакка
Чогулганда кеңеши.
Эл агасы Меңдибай,
Аксакал мында келсин – деп,
Айттырган ага жайма-жай,
Азаматы Көкчөкөз
Азырлаган шайма-шай.
Келе жатып Меңдибай
Үсөнгө чыкты байма-бай.
Салам айтып салганы,
Алигин Үсөн алганы,
Амандашып калганы.
Меңдибайым сүйлө – деп,
Үсөн бай айтып салганы.
Меңдибай баштап кеп айтып:
«Бейлиңди көрдүм – деп, айтып,
Бабаң Бабыр болсо да
Маалаңа тийип чатагың,
Көпчүлүктүн ичинде
Көзкаман болгон атагың.
Көөдөнүңдө эч ой жок,
Көтөрө албай башыңды,
Көмүлгүрүм, жатасың,
Өзүңө келген арбакты,
Үсөнгө салган чарбакты
Канкорго кандай сатасың?»
Меңдибай айтты бу сөздү,
Бейли жаман куу сөздү.
Айтканын угуп Үсөнбай
Ачуусу келди жайма-жай:
«Эсен кандын сынчысы –
Эл кыдырган тыңчысы
Көзкаман – деп, мени айткан,
Көмүлгөн каапыр нени айткан?!
Көп эмес эле чатагым,
Көзкаман болуп атагым,
Өңкөй кыргыз шогунан,
Өкүмөт колдо жогунан,
Баашага моюн сунгандан,
Баарысы баштуу тургандан,
Түрк уулу түбү душман – деп,
Баштатан жүрүп түрктөн
Башыбыз мындан бышкан – деп,
Колунан келген чагында
Койбой элди жайына,
Салык салып байына,
Жарлык чачып баарына,
Кара кыргыз түрк уулу
Турбай эски жайына,
Алыша кетер ал жоктон,
Аскер күткөн кан жоктон,
Канетесиң каапыр – деп,
Каяша айтар жан жоктон
Баш байлабай өлүмгө,
Манжурия кытайы
Түгүн койбой таратып,
Түрк баласын бөлгөндө
Көрүнүпмүн көзүнө,
Көзкаман – деп, ат коюп,
Көмүлгөн кытай өзүмө,
Көлүк берип ылоолоп
Жетишпеген көчүмө,
Дабаан ашып, таш басып,
Атпай журттан адашып,
Сурум кетип, суу кечип,
Дарыя нече көл көрүп,
Аңкаган нече чөл көрүп,
Өтө жаздап Бээжинден
Эски-Муз менен Бээжиндин
Эки арасы жер экен,
Күн чыгышы тарабы
Күсө-Маёо дээр экен,
Шымал жагын жердеген
Тундуранын эли экен,

Жануп жагы багытын
Чууша-Дара дээр экен,
Бээжинге айлык жол экен,
Турар жерим шол экен.
Кылымдын кетип кыйырынан,
Кыргыздын кетип чыйырынан,
Калмактын кетип кыйырынан,
Казактын кетип чыйырынан,
Каңгай менен Суруктун –
Кара кытай уруктун
Калкына барып турупмун,
Түрк уулунан түк көрбөй,
Дүкөнүм минтип курупмун.
Сен билбейсиң мунусун,
Жергеңде бойдон турусуң,
Дүнүйөнүн балаасы
Жер сагынган курусун!
Сагынып жерди зарладым,
Саргайып жолду карадым,
Карыганча калкты көрсөм – деп,
Какшанган менин талабым.
Билдим ылдам динини,
Биле албадым тилини,
Өз жынсынан бөлбөсүн
Ар бенденин зилини,
Алты жылда араңдап,
Араң билдим тилини.
Башка чапса, кол тосуп,
Барамын десе жол тосуп,
Башчысын күтүп жолгошуп,
Бакырын күтүп, бой кошуп,
Он алты жыл болгондо
Оролуштум Каңгайга,
Ошондо мээнет көп көрүп,
Ойронум чыккан далайга.
Мээнетти мендей ким көрөт,
Мээнетти мендей көргөн жан
Бери бакпай тим өлөт!
Азапты мендей ким көрөт,
Айылынан кимди ким бөлөт,
Азапты мендей көргөн жан
Ажалдан мурун тим өлөт!
Алооке алып жерини,
Каңгайдын кагып элини,
Таңшанын басып тоосуну,
Ким тыят элдин оозуну,
Аты Манас мыкты – деп,
Түркстандан чыкты – деп,
Анжиянда Алооке
Айдап келип Бээжинге,
Калаасына тыкты – деп,
Уругу кара кыргыз – деп,
Ушу жаан бендеси
Урушуп такаат кылгыс – деп,
Угуп-угуп уладым,
Уругу кайсы кыргыз – деп,
Маңып келген Наамандан
Маңгулдардан сурадым.
Маңгулдар мага кеп айткан,
Бабасы Ногой – деп, айткан,
Атасы аты Жакып – деп,
Алтайда өстү жатып – деп,
Айтканда угуп сүйүндүм,
Аз болгондо ордумдан
Алты сөөм түйүлдүм,
Чечилди чие түйүнүм.
Таңшуулук келип, жер тарып,
Манастан качкан быяктан
Маңгул, кытай эл барып,
Жеримди алган сүйүнүп,
Жеримди кытай алган соң
Сенделдим бери сүрүлүп.
Жүз күндө жеттим Алтайга,
Жүрө албадым бир жайга.
Алтайдан таптым түрктү,
Аңдасам баары түрктүр,

Маңгул менен калмагын
Мажусуда калганын
Ар жакка Манас сүрүптүр.
Аңдасам Алтай элине,
Араң келип мен турдум
Атабыз өскөн жерине.
Жыйырмамда кеттим Алайдан,
Каар көрүп кытайдан
Жылас болгон далай жан,
Эзип түрктүн баласын
Элдиреткен Эсен кан,
Элинен азган нечен жан.
Кырк жыл турдум Жуушага
Таянып турдум Таңшоого,
Душмандан тилеп жан соого.
Кытайдын тилин туткамын,
Түркүдөн түк бир укпадым,
Каңгайдын тилин туткамын,
Калкымдын тилин укпадым.
Калкымдан азып жаңылдым,
Каапырда жүрүп зарылдым,
Кадимки тилди сагындым.
Жүргөн жерим мажусу,
Дүнүйөгө табындым,
Түрмөктөн азып зарылдым,
Түркүнүн тилин сагындым.
Карап турсам, Меңдибай,
Кара ыргай чыгып, ташка өсүп,
Катындар жүрөт кашка өсүп,
Калбалуу менин балдарым
Каапырча жүрөт башка өсүп.
Журт ойлобойт алашты,
Журатын кыргыз талашты,
Колунан келсе койбостон
Жутканы жүрөт Манасты.
Көргөзүп айтам Меңдибай
Көппөсүн уулум, жүрсүн тим,
Көкчөкөз ким, Манас ким?
Баашалык сынчы көргөндө
Баалап бизди бөлгөндө
Жакыптын жашы он жети,
Зарланган бойдон ол кетти.
Бойдок кетти катынсыз,
Болжоп турсам, Меңдибай,
Уландарым акылсыз.
Канча жүрүп маңгулда
Карып болуп бай Жакып,
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Адам болуп сербейип,
Чыйырдынын катыны,
Катынына коюп жүр
Эркегинин атыны,
Тууган экен Манасты,
Манас жүрүп чоңоюп,
Туткан экен алашты,
Кудайдын берген бактысын
Менин балдарым, не үчүн
талашты?
Карлыгынан каапырдын
Кайтып жаңы чыкканда,
Душман болгон каапырдын
Туусун басып жыкканда
Адам болуп, эл көрүп,
Азып жүрүп, жер көрүп,
Манаска жаман не ойлойт,
Балдарым жүрөт не көрүп?
Ушул азыр кошулдук
Он сан кыругуз алашка,
Ойнобосун Манаска.
Даарыган Кызыр жашында
Кырк чилтен жардам бериптир
Азайдын аска ташында,
Сегиз жашар жашында.
Көпкө маалим бул иши,

Чеге бала кашында,
Жолдош болгон Илияс
Он экиде жашында.
Ыслам динин дин – деп, жүр,
Жинди болгон Көкчөкөз
Дин үйрөткөн ким – деп, жүр,
Жакынынан сурасам
Абунасыр замани
Акыреттик пир – деп, жүр.
Айкожо деген киши чоң,
Азыр Манас баланын
Ар канча болсо иши чоң.
Мен дагы элден көрбөдүм
Меңдибай сендей бакылды,
Мен айтайын накылды.
Булгаары өтүк, муз таман,
Бутума кирет – деп, билбей
Салыптыр буроо таманга,
Таманына мык кирип,
Шишиптир буту заматта.
Аягы шишип жыла албай
Олтурган жерде капталып
Калыптыр жеке каманга.
Жеке каман жетиптир,
Сулууланчу немени
Суу боюна ол каман
Жарып таштап кетиптир.
Менин балам Көкчөкөз
Манаска кирер мык болуп,
Жүргөндүр балаа жык толуп,
Манас аксап калбайбы,
Ошол каман сыяктуу
Бирөө келип бүлдүрүп,
Баарыбызды чалбайбы,
Кокус өлгөн кишидей
Кордук болуп калбайлы.
Айтайын сага ушунда,
Азирети Сулайман
Бадыша болгон тушунда,
Байгамбар болгон Сулайман,
Барча амыр кудайдан,
Кереметтүү бир шакек
Келген экен колуна,
Кейитпе мени Меңдибай,
Кебимдин кара соңуна,
Булут минген кошууну,
Буйрук кылган кудурет,
Мурунтан уктум ушуну,
Көп кол минип булутка,
Көңүл ооп бир журтка,
Жанупту көздөп кетиптир,
Аш кайнамдын ичинде
Айчылык жолго жетиптир.
Барып түшкөн жери экен,
Дарыянын жээги экен,
Мурун өткөн көп кызык,
Бу жер капа, күн ысык,
Буйрук кылды булутка:
«Булут, кетпе бурушка!»
Буйрук айткан Сулайман
Күн өткөрбөй аскерге
Сая болуп турушка.
Ормон – жаңгел токойго
Орун алган орчун кол.
Оолагыраак четинде
Олтурган экен Сулайман,
Өз нөкөрү канча жан:
«Артыма даңкым калса!» – деп,
Тилеген экен Алладан.
Көлөкөлөп жыгачка –
Көп узарган жыласка
Аңкап турса Сулайман,
Жыгачта да болор жан,
Кайың экен ал жыгач,
Катарында бар жыгач,
Кайыңдан бөлөк жыгач жок,

Ортосунда бирөө тур
Түздүгү бар аткан ок.
Кызыл кайың, ак кайың,
Ак кайыңга жете албай,
Ашык экен ар дайым,
Кызыл кайың кыз экен,
Ак кайыңы эр бала,
Алар өнгөн жер талаа.
Кызылга агы жете албай,
Кыр ашып алыс кете албай,
Акка кызыл жете албай,
Алыстап бөлөк кете албай,
Узарган экөө солкулдап,
Жетишпедик, калдык – деп,
Арасына тал чыгып,
Адамдын болгон белиндей,
Ар тарабы кайың, тал,
Аңгемесин аңдап ал,
Эркек кайың, кыз кайың
Жетише албай турдук – деп,
Эчкирип ыйлайт ар дайым.
Бир-бирин турат көрүшүп,
Жетпедик – деп, өбүшүп,
Мына булар кайың, тал
Жеткирбеди бизди – деп,
Бизден мурун өнүшүп.
Ал кайыңдын өзүнү
Шакек менен Сулайман
Уккан экен сөзүнү.
Балтачыны жыйдырып,
Маанайында кайың, тал
Баарын тамам кыйдырып,
Жактырган экен отуна.
Жана кайтып бир жылда
Жанып келди ушунда.
Ашык болгон ал экөө
Жалбырагы куруптур,
Жан чыгарга жакындап,
Шайманы жок туруптур.
Сулайман жүзүк алыптыр,
Бармагына салыптыр,
Кызыл кайың, ак кайың
Кыйналып ыйлайт ар дайым:
«Качты – деди, каныбыз,
Чыгууга жакын жаныбыз,
Кыркылып кайың, талыбыз,
Ошолор менен экен го
Биздин кубат-алыбыз,
Аларды жагып кеткен соң
Эми чыкты жаныбыз».
Муну айтышып буркурап,
Муңканышып зыркырап,
Жайында ысык согуптур,
Жапырагы соолуптур,
Жайы кетип бул экөө
Өспөй турган болуптур.
Кышында добул уруптур,
Зоңкоюп муздап туруптур,
Тоңу чыгып өсө албай,
Баштагыдан куруптур.
Жар-жоросун кыйдырып,
Жамандыкты кылдырып,
Өлөбүз – деп, зарланып,
Өксөп ыйлап турганын,
Өзү көрдү Сулайман
Өлүмгө мойнун сунганын.
Ойлоп көргүн Меңдибай
Сулайман айткан кайыңын,
Сен Манасты жыккан соң
Кайыңдан бетер түбүндө
Чыкпай калар дайының.
Бузук жүрөт оюңар,
Тил алсаңар, Меңдибай,
Бу жорукту коюңар.
Кара санаар тууганга,
Кас кылып, кара санаган

Касиет эмес ар жанга,
Каңгып келип Жуушадан
Кандык издеп жүргөнгө
Капамын, калам мен таңга,
Катылганча Манаска
Кайта көчсүн Жуушага.
Жуушага барып журт тапсын,
Эски-Муз барып, эл чапсын,
Жазийра барып, жер тапсын,
Бадыша болсун, кан болсун,
Тундурада түрк уулу,
Эски-Муз эли жам болсун.
Кытайдан алсын кыйласын
Кыргызды тамам жыйнасын.
Манас болмок мына ушу,
Аким болмок нак ушу,
Кан болмогуң как ушу.
Жакып менин инимдир,
Манаска балаң дегениң
Каптаган кара жиниңдир.
Манаска чыкса өнөрүң
Аягыңды көрөрмүн,
Эч эле болбогонумда
Эки-үчтөн кийин өлөрмүн.
Тил алсаңар коюңар,
Тил албасаң, Меңдибай,
Билгениң кылып жөнөгүн.
Жыргаймын десең, алашка,
Жыгылып кетсе, сүйөө бол
Жылас болгон Манаска.
Алдырап кетсе арка бол,
Кайышып кетсе калка бол,
Өңкөйүп кетсе өбөк бол,
Чөгүлүп кетсе жөлөк бол,
Ошондо чындыр оңоруң,
Оолакка жетпей калсаң да,
Ордуңда калар ногоюң.
Оболу түбүн сурасаң
Ойроттун каны Ногойдур,
Ногой уулу бүт болсоң
Оңолмогуң оңойдур.
Бак берген кудай Манаска,
Байкап жүрсүң, Меңдибай,
Манас деген балага
Бара албайсың жанаша,
Аты Манас, аз эмес,
Атасы бирге, жат эмес,
Жамандык кылып жан жеңбес.
Маңгул менен кытайдан
Башыңды ачып койгону,
Мына мындай жумушту
Башынан керек ойлонуу.
Көрдүңүз балка, төшүнү,
Көңүлгө алгын ушуну.
Ысытып алып темирди,
Төшүгө коюп кеңири,
Үстүнөн уруп балкалайт,
Ар кандай темир болсо да
Өгөө, балка талкалайт.
Өгөө, балка экөөсү
Өз жынсынан чыгыптыр,
Чыккан үчүн өзүнөн
Ар түрлүү ишке жыгыптыр.
Манас байкуш баланын
Өз жынсынан чыгарсың,
Манасты да жыгарсың,
Манасты жыгам – деп, туруп,
Баарыбызга кыларсың.
Ар жагы Түрк, Аланча,
Атаң сенин Угуз кан,
Абалынан акырга
Акимчилик жугушкан,
Бадыша болгон башынан,
Кырдагы Угуз балдары
Баатырлык кылган жашынан,
Ногойдун көзү өткөн соң

Ойротко жаман чачылган.
Атаңардын нускасы
Атыла кандын тушунда
Ааламды алган ушунда.
Атыла кан өлгөн соң
Аалам чыгып колунан,
Алар да азган тобунан,
Бир кыйлага бөлүнгөн
Бирлигинин жогунан.
Куун түрктөн Атыла,
Нускасын кууп алардын
Баян кан чыкты асыла,
Атагы калды артына,
Азыр Манас жетиптир
Атасынын салтына,
Байкап турсам ич күйөт
Балдарымдын дартына.
Көзү өткөн соң Манастын
Көт жагы кыйла чачылып,
Көркү кетер алаштын,
Асылган болсоң Манаска
Агала сакал Меңдибай
Акылыңдан адаштың.
Кой Меңдибай, кой дегин,
Койбой эгер кол салса
Ылаанатка калтырбай
Ырас мени сой дегин.
Ошо Манас жалгыздын
Өлгөнүн кантип көрөйүн,
Өзү керим Алланын
Өкүмүнө көнөйүн,
Өлгөнүн көрбөй Манастын
Өзүм өлүп жөнөйүн.
Кемигенин көрбөйүн,
Кемигенин көргөнчө
Кейишин тартпай, жөнөйүн.
Макул болсо балдарым
Башымды кесип, сойсун – деп,
Мен өлгөн соң Манаска
Билгенин кылып койсун» – деп,
Бай Үсөн айтып торгоду,
Манаска күйүп коргоду.
Мас болгон нардай кеңгиреп,
Меңдибай буга болбоду,
Айылына жакын барганча
Ар түрлүү акыл ойлоду.
Коржоңдогон куу калмак
Кокус кылып койбосун,
Которултуп дүйнөнү
Окус кылып койбосун.
Кыраан Манас баатырга
Кылымда каапыр жем эле,
Кылганы журтка эм эле,
Кырдагы Угуз уулуна
Кызыл алтын чеге эле,
Кыңкая түшсө кокустан
Кыйын болор тегеле.
Жараткан жардам эр эле,
Жаандагы каапыр жем эле,
Жалпы Угуздун уулуна
Сары алтындан чеге эле,
Жаздым болсо кокустан
Жаман болор тегеле.
Журт бөлүнүп азабы,
Азганы да курусун,
Суур жеген каапырлар
Султандын ордун басабы?
Калк бөлүнүп азабы?
Калк азганы курусун,
Кашкулак жеген каапырлар
Канкордун ордун басабы?
Кайбаттан калкы тазабы,
Канкордун көзү өткөн соң
Калмактар берер жазаны.
Муну ойлонуп Меңдибай
Муңайып алды бир далай,

Колунда өскөн Манасты
Кор кылууга кыя албай,
Коржоңдогон калмакты
Айткан менен тыя албай,
Инисиндей Манасты
Ичи арамга кыя албай,
Иришкен менен иттерди
Меңдибай калды тыя албай.
Чакырган экен Көкчөкөз
Жанына барды Меңдибай,
Көзкамандын көп сөзүн
Көбүнө айтты жайма-жай.
Лаңги-Төбө боюна
Шиш-Төбөнүн оюна
Үч миң үйдөн үч жүз үй
Тигип алып азырлап,
Тилдери жаман балдырап,
«Энеси кемпир куу Шакан
Элди тууп бериппи,
Атасы мунун Жакып чал
Алашты алып келиппи?»
Ал сөздү айтып Көкчөкөз:
«Үч миң үйдөн үч жүз үй –
Жасалга салып тигиңер,
Жарлыгым жалган кылам – деп,
Чың этпеңер бириңер.
Үй башына кызматка
Суксур моюн сулуудан
Эки келин кийриңер,
Эки жигит кер мурут,
Эсен-аман соо болбос
Эбимден чыкса бу журут,
Суурармын жерден казыгын,
Сындырармын ашыгын,
Кара кыргыз уулуна
Кара чака пулуна
Башынан жоктур жазыгым.
Үйүн тиксин үч жүз бай
Байлар сойсун үч жүз тай,
Тамаша болсун быйыл жай.
Күз бардык Кенжут, Жабаага,
Кыштай жүрүп аларда,
Артык экен күн ысык,
Күндөн күнгө ысыды
Күн кайткандан жылышып,
Кышы жайдан кем эмес,
Кызыталак окшойт, жер эмес.
Жай күнкүсү өрт окшойт,
Жай күнүндө жүргөн жан
Салкынга көзү төрт окшойт.
Батууга үркөр жакындыр,
Баарында менин акымдыр.
Сыдырым сыртка жайлаттым,
Зыңкыйтып күлүк байлаттым.
Сыр бараң мылтык майлаттым,
Сызылтып казы чайнаттым,
Жылдыртып жылкы айдаттым.
Колго барган алашты,
Конок кылам Манасты.
Кир болбосун дасторкон,
Кийилсин баттуу, таза тон,
Сары табак, сыр аяк,
Таза кылсын идишин,
Килем-килче салдырып,
Баашайы жууркан, пар жаздык
Байлардан кабат алдырып,
Үйгө мейман киришин
Үч миң үйдүн ээси
Алты датка бий билсин,
Ак сакалы Меңдибай,
Бий болгондун баарысы
Беш жүз үйдөн бийлесин.
Көсөл Манас баатырга
Көрк көргөзөр кезегим,
Көзүм өтүп кетпесем
Көп тиленем мен дагы

Көпчүлүктүн эсенин.
Какай жеген калмак – деп,
Калкта жүрөт канча кеп.
Коңуз жеген кытай – деп,
Козуп жүрөт канча кеп,
Койбой жаманаттыны
Козгой турган ушу кез.
Суур жесе мен жедим,
Журтту же – деп, бербедим,
Кашкулак жесе, мен жедим,
Калкты же – деп, бербедим.
Баары кыргыз кеп кылат,
Кеп кылса да көп кылат.
Атагы – деп, алаштын,
Тууганы – деп, Манастын,
Манаска булар тууган – деп,
Баштан-аяк сүйлөшөт
Баштатан кайда турган – деп.
Каңгайдан келген каапыр – дейт,
Бири айтпастан баары айтат
Кайдан келген жакыр? – дейт.
Манасын союп, көмөйүн,
Башкалары бабырап
Сүйлөгөнүн көрөйүн!
Төрөсүн союп, көмөйүн,
Андан кийин кыргыздын
Дөөрүгөнүн көрөйүн».
Бу сөздү айтып Көкчөкөз,
Жан-жакка киши чаптырып,
Жай жаткан элин чакырып,
Ар тараптан эл жыйып,
Арстан Манас келет – деп,
Айбаты бар эр жыйып,
Үй көтөрүп, тай союп,
Урматына чай коюп,
Күтүп жатыр Манасты,
Күрдөөлдүү жыйып алашты.
Алыска сапар жол жүрүп
Аңкап келет Манас – деп,
Суңшоодогу тарыны,
Жуда жый – деп, баарыны
Буйрук кылды Көкчөкөз.
Мурда жердеп турганы
Жебечи менен кошчу бар,
Кошчу деген сөз жүрүп
Кутчу болду ушулар.
«Жебечиге айтыңар,
Манас келет экен – деп,
Баян кылып кайтыңар.
Көрүшөм десе келер – деп,
Көөнү жок болсо калар – деп,
Калса дагы, келсе да
Канкоруна Көкчөкөз
Бир иш кылып салар – деп.
Элинде болсо койбосун,
Эсине мени ойлосун,
Таруу берсин элүү кап,
Тамаша кылар кезегим,
Айтканымды азыр кылбаса
Табармын анын эсебин».
Мындай сөздү баштады,
Көзкамандын көк туусун
Көтөрүлтүп аштады.
Элүү кап таруу алдырып,
Шакты майда салдырып,
Ачыткысын чалдырып,
Күрөгөнү сүйрөтүп,
Күлдү журтун дүүлөтүп,
Чапчакка шагын салдырып,
Угутун ура чалдырып,
Ачыта турсун бозону,
Азырлап турсун ошону.
Үч миң үйлүү кишини,
Аңгемесин көрөсүз
Үлкөндөрдүн ишини,
Эки миң бээ алдырып,

Төрт жүз сабаа берсин – деп,
Айылга кабар салдырып,
Желээсин сазга тарттырып,
Жергесин минтип арттырып,
Казыгын сазга кактырып,
Ачытып арбын кымызды,
Казандап арак тарттырып,
Жата турсун алары,
Анык болду Көкчөкөз
Алдырса да, алса да
Бир калаба салары.
Меңдибайын баш кылып,
Алдырып алты бийини,
Аземдеп тигип үйүнү,
Көкчөкөздүн көңүлдө
Көкжал Манас баатырды
Көмсөм деген түйүнү.
Өлтүрмөктө көңүлү,
Өз тууганын өлтүрткөн
Өкүмөттү көрдүңбү?!
Өлтүрүп аны салсам – деп,
Өкүмөтүн – кандыгын
Өзүм ээлеп калсам – деп,
Элден элким, журттан так
Инилерин чогултуп,
Токолдойдун үйүнө
Баштап кирди ушул чак.
Ак сакалы Көкчөкөз,
Ааламга маалим ушу сөз,
Агалдай менен Чагалдай,
Арбалдай менен Дөрбөлдөй,
Ак сакалы Көкчөкөз,
Аяк жагы Бегелдей,
Кытайды кырып кек албай,
Манаска ойлоп кастыгын,
Өлтүрсөк өчүн алар жок,
Бир атадан аздыгын,
Олжо кылып алмакка
Башын койгон жаздыгын,
Жекелешип жетиси,
Жерге кирген калмактар
Булардын минткен нетиши?!
Баарын тамам чогултуп,
Баштады сөзүн Көкчөкөз:
«Инилерим, байка сөз,
Жуушадан келдик журт үчүн,
Журт – деп, келдик ушу үчүн,
Келгенден бери кенелдик,
Кеттесип жүргөн Манаска
Кемтиги жок теңелдик.
Ушу жерден келип кенелдик,
Улуксуп жүргөн Манаска
Ушул азыр теңелдик.
Кашкарга Манас камалды,
Канкор үчүн бир катар
Агаңар кылды амалды.
Өлтүрүп салып Манасты,
Өтөргө көзүң жеттиби,
Өрт өчкөндөй жок кылып,
Кетерге көзүң жеттиби?
Алыстан келген бу Манас,
Аңкап-чаңкап, суусундан
Ачыгып келген куу Манас
Ачкылдан бөлөк ашы жок,
Арак, кымыз, бозодон
Так ушу күндө көрүнсө
Арам – деп, тартар башы жок.
Кымызга кыйгак кошуңар,
Кырк жигит менен Манаска
Кыябы менен тосуңар.
Кыйгак ичип ууласын,
Кызыталак кырк баатыр
Кыябы менен суласын.
Кааласа ичсин бозону,
Каңкорго баштап тосолу,
Күрөгөдө бозого

Күйдүрмө дары кошолу,
Күйөрүнө тосолу.
Чапчакка куюп бозону,
Чачама дары кошолу,
Жандайына тосолу.
Аракка ууну куюңар,
Арзыганга сунуңар,
Асталык менен аш берип,
Арстан Манас канкорду
Айлантып жерге уруңар.
Өлгөндөн мастык кем эмес,
Акылы кетпей, соо турса
Адамзат бендеге
Алдыруучу неме эмес.
Чарканадан бозо ичип,
Чачама дары кошо ичип,
Чалкасынан жыгылса
Чабууга кылыч камдаңар,
Кыңкайса кылыч чаба албай
Кыбырлык кылып калбаңар.
Күрөгөндөн бозо ичсе,
Күйдүрмө дары кошо ичсе,
Күйүгүп барып жыгылса
Күрсүдөн кармап туруңар,
Күч менен күрсү уруңар,
Күрсүнү жаздым салбаңар,
Күйпөңдөп кийин калбаңар.
Аркыттан арак сунуңар,
Акылга туура мунуңар,
Арактан азып жыгылса
Аянбай албарс уруңар,
Албарс алып колуңа,
Азыр болуп туруңар.
Куткарбай жалгыз жаныны
Курдап туруп өлтүргүн
Кутурган Манас каныны.
Алган болсок ушинтип
Атырылган канкорду,
Балдар, ааламдын баары сеники
Ойрон кылсак Манасты,
Оңдоорбуз анан алашты,
Өлтүргөн соң Манасты
Өчмөндүүнү өчүрүп,
Өч аларбыз алашты.
Орто Азия, Түркстан,
Оёнду союп биз салсак
Ойроттун баары биздики.
Кырк чоро менен Манасты,
Бирине бербей калкты
Кырып салсак, инилер,
Кылым журттун баарына
Кыйындыгың билиңер.
Алмамбет менен Манасты
Алып салсак, инилер,
Андан кийин баарыңдын
Арстандыгың билиңер.
Аягы Ысар, Көлөптү,
Капталы Жазык, Жөлөктү
Караткның как ошол,
Кас кылганды жоготуп,
Тараткның дагы ошол.
Уйгур шаар ушу бар,
Ары чети элиңдин
Маймуно менен Саңыроо,
Ымалайдын тоосу бар,
Башын сенден бура албас
Байкасаң, балдар, ушулар.
Ээледиң эли-жерини,
Эбин таап өлтүрсөң
Манас деген шерини,
Анан жардың агаңдын
Жүрөктөгү черини.
Алып калсаң канкорду,
Ааламды бузган анткорду
Көрдүңөр сонун мүлкүнү,
Тырп эттирбей бу күндө

Баскан экен түркүнү.
Кызыталак канкордун,
Кылымды жеген анткордун
Кысапсыз экен дүйнөсү,
Кырк чоро экен сүйөөсү,
Эскерип аны карасаң
Энчилеш окшойт мүнөзү.
Башына байлап Манасты,
Башы өлдү – деп, коюңар,
Баарынан мурун жанагы
Алмамбет кулду союңар.
Бакай чалы өтүптүр,
Байкоосуз гана мындан кетиптир,
Катын-кыз жолдош алыптыр,
Капилеттен каапыр чал
Өтүп кетип калыптыр,
Камданып жүрбөй, силерди
Кудай оңдоп салыптыр.
Өңкөй аял ургаачы,
Отуз киши жолдошу,
Оён Бакай жолборсу
Кетиптир Талас, Чүйүнө,
Эсен-аман эбакта
Жеткен окшойт үйүнө.
Андан башка баарысы,
Кызыталак кырк иттин
Кыргыл экен карысы,
Лаңги-Төбө бир келсе
Табылып калар дарысы.
Атыңар барбы каалаган,
Арзып мине албай жүргөн,
Атың ээ муну минсем – деп,
Айласын таппай жай жүргөн,
Тон барбы, буга жетсем – деп,
Кийип көрүп чечсем – деп,
Күрөөкөң барбы суктанган,
Күлүгүң барбы сук салган,
Айтамын азыр инилер,
Алгандай аны билиңер,
Каалаганың канык айт,
Арзыганыңды анык айт,
Төрт түлүктүү малынан,
Дөөгүрсүгөн канкордун
Колундагы баарынан,
Көзүң түшкөн мал болсо
Көргөзүп айтып коюңар,
Көңүлүң түшкөн жан болсо,
Калк куруткан канкордун –
Кабылан Манас анткордун
Катыны төртөө болуптур,
Карк дүйнөсү толуптур,
Карабөрк менен Акылай,
Кара кандын Каныкей,
Каныш экен Алтынай,
Каалаган болсоң катындан,
Калса жесир баарысы
Канкор Манас баатырдан,
Бизден бөлөк ким алат,
Бизге тийбей ким калат?
ҮлүшүнЫ бир-бир көрүңөр,
Ушу баштан бөлүңөр,
Акылыңдан адашпай,
Алып, болуп койгон соң
Арман кылып, талашпай,
Көңүлүңдөн адашпай,
Көрүп жүрдүм эле – деп,
Көт жагынан талашпай,
Оюңа келсе баарыңар
Баланчада көөнүм – деп,
Озуна айтып салыңар,
Ордону бир кирсек аралап,
Ошондон чыгар дарыңар –
Каалагандын баары бар,
Канчалык дүйнө табылар,
Аттан, төөдөн бар болсо
Атап айтып салыңар,

Каныш-катын баары бар,
Каалап-каалап алыңар,
Канкордун көзү өткөн соң
Кам жебейсиң баарыңар,
Көзү өткөн соң көк жалдын
Аземи артык жары бар,
Азыр турсуң ага-ини
Ашыкмын паланына – деп,
Атап айтып салыңар».
Көбүнөн сурайт Көкчөкөз,
Көкүрөктө барлары
Айтмак болду азыр сөз.
Агалдай туруп кеп айтат:
«Атаганым Карабөрк,
Алайын аны» – деп, айтат.
Кенжут менен Жабаага,
Кеңеш коюп дагы ага,
Чагалдай анда барыптыр,
Алтынайга суктанып,
Ал кызыгып калыптыр,
Алсам экен аны – деп,
Агасы Көкчөкөзгө айтты.
Бегалдай туруп кеп айтат:
«Шооруктун кызы Акылай
Мен алайыӊ» – деп, айтат.
«Аккула менен Сарала ат
Аны кандай жан алат.
Бу сөздү айтып салганы.
Арбалдай деген кеп айтат:
«Айла болсо ага-ини,
Аккуланы алсам» – деп, айтат.
Көкчөр анда көп сүйлөп,
Көңүлү жаркып кеп сүйлөп
Көтөрүлүп бек сүйлөп:
«Ат кумары эме эле,
Аккуланы алсын» – деп, сүйлөп.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Аңдап көрсөң буларды
Аккуланы алууга
Кеңеш кылган чагы бар.
Аккуланы маа бер – деп,
Айткан экен Арбалдай,
Адамзат бендесин
Алла Таала кудурет
Жаратат экен ар кандай,
Арбалдай алсын дегенде
Кабагы карыш жарылып,
Каалаганы табылып,
Азыр минип алгандай
Арбаңдап күлөт Арбалдай.
Дөрбөлдөйү калыптыр,
Сен да каала бирин – деп,
Агалдай айтып салыптыр.
Аруукени алсам – деп,
Дөрбөлдөй сүйлөп калыптыр.
Токолдой турду тырышып,
Дөрбөлдөйдүн өзүнө,
Ачуусу келди Токолдой
Арууке деген сөзүнө,
Келгенинде Арууке
Көрүнгөн экен көзүнө,
Олтурган экен Токолдой
Артыкча кайып Арууке
Калды го – деп, өзүмө,
Аруукени айткан Дөрбөлдөй
Жек көрүндү көзүнө.
«Алып коюп олтурам
Аруукесин өзүм – деп,
Ага болбой жерге кир,
Андан бөлөк катынды
Көрбөйбү сенин көзүң – деп,
Кенже иниңер менмин – деп,
Кел дегенден келдим – деп,
Мен алайын дегенди
Сен аламын – дедиң» – деп,

Токолдой салды добушту,
Дөрбөлдөй менен Токолдой
Токмоктошо кобушту.
Чоң камчысын алыптыр,
Төрдөн туруп Көкчөкөз
Төбөгө эки салыптыр.
Токолдой менен Дөрбөлдөй
Бир-бирден камчы жеп алып,
Бирин бири кекетип,
Билгениңди кылгын – деп, алып,
Олтурушуп калышты.
Сарала ат деген бир мал бар,
Ал ойрокту ким алар?
Дөрбөлдөй менен Токолдой
Ал экөө ыкташып,
Аруукени бири алар,
Калайыкты чайкаган
Кара бетти ким алар?
Санирабийга катынды,
Каныкей коюп жүрөт ко
Ушу күндө атыны,
Аруукe десе бул экөөң
Токмоктошуп калдың – деп,
Артык турат Каныкей,
Аны кимиң алдың? – деп,
Чагалдай сүйлөп салганы.
Ачууланып Көкчөкөз:
«Көр, не дейин сени – деп,
Көрбөйбү көзүң мени» – деп,
Көкчөкөз аны сүйлөдү.
Көңүлү анда экен – деп,
Баарысы ойлоп билгени.
Арбалдай анда кеп айтат,
Аңдаңар баарың – деп, айтат.
Калыстык кылып Арбалдай
Калгандын баарын бийледи.
Агалдай алды Карабөрк,
Адамда болбос андай көрк,
Бегалдай алган Акылай,
Деги, бир берсе кудай – деп,
койбой,
Бейилдерин бузган каапыр ай.
Аккуланы алган Арбалдай,
Адамда бардыр ар кандай.
Сарала атты маа бер – деп,
Самап турду Чагалдай.
Бегалдай турду бек айтып:
«Мен кайсысын алайын,
Бериңерчи – деп, айтып.
Кан өзүбүз болгон соң
Карадөң кулду соёбуз,
Кардыгач деген ошондо
Карындашың бар болот,
Как ошону сага коёбуз.
Мурункулар кеп айткан,
Кеп айтканда нени айткан,
Олжо түшсө жаманга
Үлөшө албайт – деп, айткан.
Үлөшө албай барат – деп,
Көпкө түшүп алат – деп,
Талап кетип көпчүлүк,
Өздөрү куру калат – деп.
Ошонун бири болбойлук,
Осунуп обол ойлойлук,
Ортого түшкөн жамандын,
Ошонун бири болбойлук,
Дуу-дунун кызы Дыларам,
Дөрбөлдөй аны алсачы,
Арзыган экен мурунтан
Токолдойго токтолбой
Аруукеси калсачы.
Аккүбө деген тону бар,
Аккелте деген сонун бар,
Ак күрөөкө соот бар,
Алтын боолуу калкан бар,
Ачалбарс сындуу кылыч бар,

Баркын билген адамга
Алты жүз жамбы бул иш бар,
Айбалта бар албарстан,
Катын үчүн кагыштык
Аларын бөлүп албастан».
Ал сөздү айтты Арбалдай,
Баары калды кубанып,
Азыр бөлүп алгандай.
Бегалдайы бек айтат:
«Мен албадым жанакы
Кардыгачты – деп, айтат.
Карадөң кыргыз калк деген,
Кардыгач деген эмеси
Кайраты ашык алп деген.
Өчкөндүн өчүн албайбы,
Өлтүрүп коюп өзүмдү,
Оюп коюп көзүмдү
Андан кийин Көкчөкөз
Ойлонбойбу өзүңдү.
Караңгы түндө барбайбы,
Кардыңа канжар салбайбы,
Кардай майың эшилип,
Кадемиң катып калбайбы.
Көкчөкөздөн калганды
Көрүнөө кармап тутпайбы,
Чилдей үзүп башыңды,
Чийкилей чайнап жутпайбы.
Манаска тийип чатылба,
Канкоруңа тийсең да
Кардыгачка катылба.
Ал кара бет Кардыгач
Катылбай койсоң өзүнө
Манастын канын алам – деп,
Бир көрүнөт көзүңө.
Жетөөң да тийсең жер болот,
Жер болбосо не болот.
Ал Кардыгач колуна
Онуң да тийсе оңдурбайт,
Ордуңду соо болтурбайт».
Ал сөздү айтып салганы,
Арбалдайы да сүйлөйт:
«Айтканда жок – деп, жалганы».
Арбалдай аны сөздөдү.
Арбалдай сөзү басылып
Чагалдай сөздү көздөдү:
«Кожурашып отурбай
Койсоңорчу сөзүңдү,
Кой дегенге тил албай,
Кордойсуңар өзүңдү.
Катынын бөлүп албайбы,
Каруу-жарак, карк алтын
Казына болуп калбайбы,
Каныкей деген эмесин
Кан Көкчөкөз албайбы.
Калк колуна тийген соң
Кара кыргыз уругу
Кыңк эте албай калбайбы,
Капкандай белин чапкан соң
Кан Ногойдун тукуму
Былк эте албай калбайбы.
Комуттуу калган бар болсоң
Кара малдан жебейби,
Каныкей колго тийген соң,
Көкчөкөз баса кирген соң
Болду-калды дебейби.
Көсөм катын Каныкей
Көкчөрдөн көөнү толбойбу,
Көп битиреп отурбай,
Көтөрүлө сөз айтып,
Адам болсок болбойбу?
А көркчө канкорду
Аман койбой өлтүрүп,
Алмак жагын ойлойлу,
Көмгөндөн кийин канкорду
Көңүлүңчө тойлойлу.
Кутмандуудан мал калат,

Куту менен зар калат,
Кулпунган далай жар калат,
Куралган кыйла мал калат.
Анын баарын ким алат,
Ушу олтурган жетөөдүр –
Ага менен ини алат.
Аз жумушту көп кылдык,
Анча несин кеп кылдык?
Кадырлуусу экен Каныкей,
Кан Көкчөргө эп кылдык.
Каныкейин Көкчө алсын,
Андан кийин калганын
Каалаганың ала бер,
Бирок сурап калдым баарыңан
Алтынайды мага бер».
Чагалдай муну сөздөдү,
Макул болду бу сөз – деп,
Макул жагын көздөдү.
Үйүрүнүн баары жарашып,
Үй-үйүнө тарашып,
Тамам тарап кеткенин,
Дагы көргүн неткенин,
Көзкамандын жети уулу
Талабына жеткенин,
Эртеси жок, кечинде
Кечки дигер кезинде
Көңүлүнө Көкчөрдүн
Бир иш түштү эсине.
Аскерге барып Агалдай,
Аралашып жүрүштү,
Арсаңдашып күлүштү,
Талаада жүрүп таанышты,
Бейкут таштап салбайын,
Бейжооп жатып албайын,
Чагалдайды чаптырып,
Чакырайын канкорду,
Жаан бенде дүйнөдө
Чак келбеген анткорду.
Келтирип алып кемитип,
Чакырып алып чыр кылып,
Дүйнөдө жок сыр кылып,
Койдой башын кесейин,
Коондой кардын жарайын,
Колуна берип эсебин,
Которуп журтун алайын.
Ороздунун он уулу
А да менин тууганым,
Кырып салып, кылчайбай
Кызыталактын турганын,
Кетирбейин каныны,
Кемитип мен бир көрөйүн
Бу канкордун саныны,
Жапаа салып жанына,
Карга-куштар тоюнсун
Канкордун аккан канына.
Көңүлүнө муну алып,
Көтөрүлүп кубанып,
Чалкашка атын мингизди,
Чагалдайды чаптырып,
Бүгүн жолго киргизди.
«Түн боюнча бар – деди,
Кашкар улуу шаар – деди,
Асты Артыштын оюна,
Агулук бийдин үйүнө,
Анда конуп ал – деди,
Эртеңки күнү шашкеде
Ордо шаары Кашкардын
Ортосуна бар – деди,
Ойрон Манас канкордун,
Ойротту бузган анткордун
Көрүн дагы көзүнө,
Учураш да өзүнө,
Бай Үсөн деген агаңыз,
Меңдибай жакын тагаңыз
Конуп өтөр бекен – деп,
Козуп атат – деп, койгун,

Токтоп өтүп кетер – деп,
Тосуп атат – деп, койгун.
Өргүп кетер бекен – деп,
Журттун ээси сиз дагы,
Журатыңбыз биз дагы,
Анча-мынча аш ичип,
Анан кетер бекен – деп,
Агаң экен Көкчөкөз,
Ал да айтып жатыр – деп,
Айылга кайтар кезегиң
Кай күн экен баатыр? – деп,
Кандыра сурап алгын – деп,
Камданалык келгенче
Жолдошу канча билип кел,
Аттанар күнүн куп сурап,
Акылыңа илип кел.
Сөзүн угуп каныпкел,
Кечигер болсо ал жерге
Кебин ук да, жаныпкел.
Кетер болсо канкорду
Баарын баштап алып кел.
Бузайын ойлоор оюну,
Бу дүйнөдөн кетирип,
Кылайын кызык тоюну».
Бу сөздү айтып салганы,
Абу Жаангер кожонун
Айткан жерге барганы,
Адам үйүң көрбө – деп,
Ак таалага зарлады,
Жеткирген кудай тилегин,
Жаангердин уулу Билегин,
Берген Алла бир өзү
Билериктин тилегин.
Башка жанга билдирбей,
Бабасына туйгузбай,
Чагалдайды тургузбай
Чаптырып калды Көкчөкөз,
Жамандык кылды жаттан өз.
Көзкаман уулу Чагалдай,
Кыргыздар калды таба албай,
Түн боюнча салыптыр,
Таңга жакын барыптыр,
Агулук бийдин үйүнө
Анда жатып калыптыр.
Эртеңки күнү шашкеде
Ордого кирип калганы,
Оён эрге барганы.
Кызыл дастар башында,
Кырк нөкөрү кашында
Олтурган экен баатыры,
Салам айтып Чагалдай
Үстүнө кирди акыры.
«Аман бекен элиң–деп,
Жактыбы балдар жериң – деп,
Бай Үсөн болгон бабабыз,
Баскан дөөлөт ababыз,
Кабар уктук Кумулдан
Калмак, сарт кылган коога экен,
Эртеңки күн-аркы күн
Биз да үйгө барабыз».
Бу сөздү айтып салганы:
«Барсаңар кошо барам» – деп,
Чагалдай сүйлөп калганы.
Чагалдай келбей калганда
Кекчөкөз билип алганы.
«Баштап келет экен – деп,
Баатырынын өзүн – деп,
Ачкыл жандуу канкорго
Аябастан уу берип,
Тазалайын көзүн» – деп,
Үзүп арак алдырып,
Үстүнө уудан салдырып,
Аарыларга барганда
Арадагы кызыл кум,
Аңдаңар сөздүн кызыгын,
Көпчүлүк кулан айдаган,

Алтымыш кулач ажыдаар
Көкчөкөз тилин байлаган,
Акырында куткарбай
Ажыдаарды жайлаган.
Оп менен тартып буларды,
Бир оп менен жутуптур,
Үч жүз жети куланды,
Кызматын көрүп буларды,
Көкчөргө жашыл таш берген,
Бол дегениң болот – деп,
Көп үйрөтүп маш берген.
Ошол ташын алыптыр,
Аты кыям ал таштын,
Ичкендин ичин өрттө – деп,
Кымызына салыптыр.
Күрөгөдө бозого,
Күйдүрмө салды ошого,
Чапчактагы бозого,
Чачама салды ошого.
Аркыттагы аракты,
Аябастан аа салды
Заар деген талакты,
Өлтүрмөккө Манасты
Көкчөкөз кылып талапты.
Канкор үчүн камданып,
Калкын жыйып жамданып,
Тигилүү турган үч жүз үй,
Жыйылып келген алты бий.
Алардын ашын кылган жай,
Арстан эрге айтууга
Ынтыгып турат Меңдибай.
Меңдибайдын колунда,
Баштатадан жүрүүчү
Маалим болгон тобуна,
Төрт миң жарым түтүнү,
Анжиянда көп калып
Чабырлардын бүтүнү,
Эки миң араң келиптир,
Жана келген бир миңи
Будаң кыргыз элидир.
Меңдибайга каралап,
Бу жерге келген байлыктан,
Баары жүргөн сырт жер – деп,
Мал өсүп, көңүл жайлыктан.
Аны оюна тынч койбой,
Беш жүздөн алты бөлүптүр,
Айрылышып бир бири
Алары салып көп ой-бой,
Түлөөбек, Кадыр, Байсултан
Байларынан чыгарып,
Улуктары бу журттан
Карга, Тоюн, Меңдибай
Бий көтөрүп Көкчөкөз
Билип алган жайма-жай.
Меңдибайдын айтарын,
Көкчөкөз билди шайтанын.
Жалгыз күн өтүп кетсин – деп,
Шаршемби күнү жетсин – деп,
Чаптырган экен Көкчөкөз,
Замандан калган ушу сөз.
Шейшемби менен шаршемби,
Аттанаары баатырдын
Бейшембиге кез келди.
Кашкардан эки күн өтүп,
Бакайын башта жиберген
Катын-бала, кары-жаш
Элинин баарын жөнөтүп,
Мында калган кырк баатыр
Калыс сурап Кашкарды,
Канча күндөн бер жакка
Кашкар журтун башкарды.
Адепке айдап көндүрүп,
Оокат кыл – деп, жөн жүрүп,
Көбү кыргыз, аз кытай,
Канчадан бери жай алып,
Калаа кылып таянып,

Калган экен куралып,
Кабылан эрдин астынан
Канчасы өттү суралып.
Сарт – деп, айткан тилиңиз
Тарт деген сөз билиңиз,
Ары түбүң Жапастан,
Атаң бирге зилибиз,
Азбай-тозбой баарыңыз
Жакшы жолго кириңиз.
Айтып берип насият,
Алданын ысмын айтып жат,
Акка кыл – деп, ибадат,
Кенжут менен жабаадан,
Кигит менен калчадан
Келбеди беле канча жан,
Тандап-тандап катындан,
Талапка жеткен канча жан.
Он жети миң таштаган,
Оён Манас барында
Ошондой өнөр баштаган.
Какандан келген катындан
Он жети миңин алыптыр,
Он жети миңди бир берип,
Оёндор жолго салыптыр,
Ошондон бери карата
Кашкарда катын кени – деп,
Калкка айтылып калыптыр.
Бейшемби күнү таң менен,
Белсенген нечен жан менен,
Айбалта, кылыч эгешип,
Алмамбет, Манас кеңешип,
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл баатыр дагы бар,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздан кыраан Кутунай,
Каратоко, Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Саргыл аттуу Сатайы,
Алчындардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу
Арстан Манас баатырдын
Акылында кошосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү Кара Төлөгү –
Төлгөсү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү –
Ашкере айтып берүүчү
Топтун башы Токотой,
Элдин чети Элеман,
Калктын башы Калкаман,
Сырттан Сыргак, эр Серек –
Кысылган жерде куп керек,
Коңгуроолуу байдын Абышы,
Кош башкарган Ыбышы,
Казактардан Жооруначу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктысы,
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу,
Кара түлөө Кабыке,
Жаңгерлерден Жабыке,
Караңгыда кол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыржайнак Шууту –
Калктан чыккан куусу,
Кара кыргыз жол жүрсө
Түн ичинде кол жүрсө,

Түмөн алаш жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөнжайнак Шууту –
Түмөндөн чыккан куусу,
Көй баатырдын баарысы,
Көсөм Кыргыл карысы
Тубарды туура бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Камканы кайрып бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кашкардын башы Кара-Шак,
Кара тоону түптөшүп,
Асабалар жалпылдап,
Найзалар колдо калкылдап,
Кылычтар белде кыңгырап,
Айбалта, кылыч кагышып,
Аралаша шыңгырап,
Сырдаган найза зыңгырап,
Баатырлардын баарысы
Мас жолборстой ыңгырап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу соот жаркылдап,
Аттанып чыгып Кашкардан,
Арканы көздөй шартылдап,
Тутушуп бенде жеңбестей,
Душмандын алы келбестей,
Күрөөкө, соот, кыягы,
Күн чалгандай сыягы.
Баатырлар жолго салыптыр,
Өрдөп чыгып Чакмакты,
Өрттөнгөндөй кара таш
Жери катуу Какмакты,
Ашып Тоюн белинен,
Анда-санда боз үй бар,
Аралап кыпчак элинен,
Чатыр-Көлүн сыдырып,
Саяң жайлоо кыдырып,
Таш-Рабат ашышып,
Жуушадан келген абасын
Көрмөк үчүн шашышып,
Чукул ашуу бел экен,
Арка менен Кашкарга
Акыр заман журтуна
Орун болчу жер экен,
Ырысты байдан алса – деп,
Өрдөшүнө коктунун
Ырабат кылып салса – деп,
Айтып жолго салыптыр,
Эртеси жок, кечинде,
Кеч окуган бешимде
Шиш-Дөбөнүн оюна,
Лаңги-Төбө боюна,
Көкчөкөздүн элине,
Көк жал үчүн үй тигип
Белендеген жерине
Келип алар калганы.
Үсөнбай баштап карысы,
Меңдибай баштап баарысы
Учурашып алышты,
Урматташып калышты.
Болбой турду Көзкаман,
Болжоп акыр караса
Балдары түрү эң жаман.
Көкчөкөз деген куусу бар,
Көк кашка тунук суусу бар,
Көрбөсө да билип тур
Көп тамакка коштурган
Көсөмө дары уусу бар.
Андоосуз жутуп алгандай,
Алды менен артынан
Тешип чыга калгандай.
Үсөнбай көрүп баатырды
Үзүрүн кылды акыры,
Чагалдайын чакырып,
Баласына айтты акылды:
«Аралап кыргыз, кытайды

Асты түбү көрбөдүм
Силер өңдүү каапырды.
Баштап келип сен өзүң,
Байкап турсам эң жаман
Баштан-аяк мүнөзүң,
Манасты өлтүрмөгүңөр
Мага бир айтчы жүйөсүн?
Баарыңардын оюңар
Бассак дейсиң кызыгып,
Кудай берген Манаска,
Кутман болгон алашка,
Кудай берген бактысын
Тартып алам дегениң
Куп ажайып тамаша.
Жибербеймин силерге,
Асылдыңар, калдыңар
Куурап калган башыңды
Жибитип турган бир эрге.
Ат болду Манас минерге,
Айыл берди билерге,
Алдап алып чакырып
Алып келип бу жерге,
Артыгыраак жамандык
Качан кылган силерге?
Тон болду Манас киерге,
Топ берди Манас билерге,
Тозуп жүргөн жериңден
Тоюнтайын, ичин – деп,
Урматтан бөлөк кылбады
Ушу күнчө силерге.
Жер-жамаатың бай болду,
Жегениң кысыр тай болду,
Ичкениң кызыл чай болду,
Аземдикке кийгениң
Атилес менен шай болду,
Асыласың жалгыз – деп,
Жамандыгы кай болду?
Сексен төрттө жашым бар,
Өлүмгө жакын башым бар,
Өлсөм койдун териси,
Өткүр Манас деген бул
Өлчөмдүү жоонун бөрүсү,
Он алты жыл калды жүзүңө,
Мындан аркы жашыңдын
Атасынын көрүсү.
Канкор дейсиң күүлөнүп,
Кайбатыңар басылбайт
Каарданып сүйлөнүп,
Карарып мынча калгандай
Катаалдыгы кай болду,
Караңгы жалган дүйнөдө
Жарыгы тийген ай болду,
Кардуу тоону жердетип,
Калкың жылбас бай болду.
Кандайлык үчүн катылып,
Калгандыгың билбеймин
Канзаада эрге асылып,
Жамандык кылган жери жок
Карың менен жашыңа,
Кабылан эрге катылып
Кастыгың жетер башыңа!
Кырк миң жылда кирбейсиң
Кыраандын баскан чыйырына,
Кыргыздын келип кыйырына
Кас кыласың Манаска,
Карарып бетиң көө болор
Кара кыргыз алашка.
Тагдырсыз кылып кыянат,
Таңда күнкү кыямат
Кудай казы турганда,
Байгамбар шапаат курганда
Не күнөөсүн табасың,
Эс-акылдан танасың,
Не бетиң менен барасың!
Кандайлыктан көп көрдүң
Карыя Жакып кенже иним

Карыганда көргөн баласын?
Кастык менен өлтүрүп
Каныкейин аласың,
Каныкей алам – деп, жүрүп
Кадемиң катып каларсың.
Оён катын аларсың,
Ооба, балдар, саа тиет,
Окус болуп бир күнү
Ойронуң чыгып каларсың.
Бири болсо кан кызы,
Бир атанын жалгызы,
Бири болсо кайыптан,
Бирдемеси көрүнбөйт
Адамга жугар айыптан.
Бириң да үмүт кылбаңар
Манастан калган зайыптан.
Көрүнөө айтам сөзүмдү,
Көп болгондо өлгөндө
Көмбөй таштап өзүмдү,
Карынымды жарарсың,
Кадырлашың калмактай
Кара итиңе саларсың».
Ал сөздү айтып Үсөн бай
Көк кутусун коюндап,
Көк жал атын моюндап
Каңгайларча, калмакча
Катуу сөгүп салганы,
Канкор эрдин артынан
Жөнөп жүрүп калганы.
«Карыганда көпкөн каапыр – деп,
Канкорго кастык кыларды
Кайдан көрдүң акыр – деп,
Алжыптырсың абыгый
Ушу күндө такыр – деп,
Жамандык кылар киши жок,
Уулуң сенин Көкчөкөз
Урматтап күткөн жатыр – деп,
Ушакка кирбе акыр – деп,
Бейли бузук сөз айткан
Меңдибай деген каапыр – деп,
Манас жакшы, биз жакшы,
Баянын уксаң сиз жакшы,
Баарын бузуп жүргөнү
Меңдибай мээнет, куу башы.
Бүгүн сизге консун – деп,
Эртеңки күнү эр Манас,
Көп чыгымдар Көкчөкөз,
Өзү ошондо болсун» – деп,
Чагалдайы чапкылап:
«Азыркысын Көкчөкөз
Аземдеп күтүп турбайбы,
Арамдык ойлоп баратса,
Көкчөкөз экен – деп, койбос,
Көк теңири урбайбы»,
Көп сөз ага айтыптыр,
Калмакча касам айтканы
Чагалдай деген шайтаны,
Көзкаманды ынантып
Көкчөкөз көздөй кайтыптыр,
Көзкамандын көп сөзүн
Агасына айтыптыр.
Муну уккан Көкчөкөз
Мурду жаман кырданып,
Бузулуп өңү сурданып:
«Ата болбой курусун,
Арттырып айтып турушун,
Азыр барып үйүнөн
Бүтүрөрмүн жумушун.
Как Манастын көзүнчө,
Каратып туруп өзүнө
Жара тартып коёрмун,
Жайын таап соёрмун.
Адам болбой, өлгүн – деп,
Атаң мындай деди – деп,
Мынабу айбандын сөзүн
көргүн – деп,

Кылычын алып колуна
Кыйратып салчу немедей
Кыраандын түштү соңуна.
Алда кандай болду – деп,
Аңдоого келген Арбалдай
Көкчөкөздүн жолуна,
Чылбырын салып колуна:
«Шексинтпестен койгун – деп,
Алдап келип канкорду,
Ашың менен сойгун» – деп,
Асылып калды Арбалдай.
Чапкылап барып Чагалдай,
Койбой жатып оюна
Кол-аягын байлашып,
Көкчөкөзүн көптөшүп,
Коржоңдошуп айдашып,
Алып келди үйүнө,
Көкчөкөз жатыр күйүнө.
Айылы конгон Үсөн бай
Караңгы сайдын башына,
Куп сыйлады баатырды
Таза тамак ашына.
Эртеңки күнү шашкеде
Өзү келди Көкчөкөз
Салам айтып сарбайып,
Эр Манастын кашына.
Учурашып көрүшүп,
Урматына көнүшүп:
«Кондурам – деп, баламды
Коржоңдоп болбой атабыз,
Конбосо да түштөнүп
Кетер бекен дегенсип
Биз камданып жатабыз.
Агалбай деген агаңыз.
Алмамбет баатырга эп болсо
Аны менен биз дагы
Бир күн, бир түн багабыз.
Учуп жүргөн ушак бар,
Адамдан болгон тузак бар,
Айтылып жүргөн айың бар,
Арабызда кусамат
Азелден бери жок эле,
Ага-инилик жайың бар,
Ачуулансаң биз түгүл
Ааламды бузар шайың бар.
Жуушадан биздер келгенде,
Журтубуз кыргыз дегенде
Чарыгыбыз чаң чыгып,
Чалбарыбыз үн чыгып,
Малакай болуп бөркүбүз,
Маңгулча болуп көркүбүз,
Желкебизден жүн чыгып,
Аттуубуздан жөөбүз көп,
Башка малдан төөбүз көп,
Жуушадан чыгып журт кезип,
Кыргыздан издеп туз-насип,
Каңгайга келдик качкандай,
Караган адам шашкандай,
Алтайга келдик алсырап,
Айдаркан уулу Көкчөгө
Найза тийген немедей
Араң жеттик кансырап.
Ошо күндө карасам
Оруска барып сен келдиң,
Ойрон болгон Жуушадан
Оңоло албай мен келдим.
Карамоор барып сен келдиң,
Каражолтой Каңгайдан
Каңгырган бойдон мен келдим,
Каапырды канап жеп келдим,
Каралды болор Манасым
Кайдан табам? – деп, келдим.
Кыйратып кытай, жеп келдим,
Кыйбасым Манас – деп, келдим.
Тарбагатай тоосунан
Таптым сени ошондон.

Талаада жүрүп кезигип,
Таап бердиң үч жүз мал,
Азыркысын жакшыбыз,
Чакталган соң биздин ал.
Бала экенден сүйүшпөй,
Табышып, бирде урушуп,
Жакын болуп жүрүшпөй
Жат боор өсүп калыппыз,
Калк ичинен адашып
Карайлаган калкыбыз,
Кайдан мындай чогулуп
Кадырлашып алыппыз.
Тар төшөккө жатышпай,
Талашып даам татышпай,
Жат өсүппүз жаш күндөн
Тамашага батышпай.
Башка өсүппүз баш күндөн
Сыр менен сынды түйүшпөй,
Жасоого бирге чабышып,
Жамандык күндө күйүшпөй.
Келгенде калдык кеңгиреп,
Силердин тилди биле албай,
Алыстан келип ат көрбөй
Асоолорду мине албай,
Биздин келгенибизге
Таамай тогуз жыл болуп,
Жүрөсүң иним бу күнгө
Биздин үйгө кире албай,
Биз эмине болгонду
Аңкаарып анык биле албай.
Көрүшсө дидаар канимет,
Аз ашка да тойбойбу
Адам кылса каниет,
Эшигибиз, төрүбүз,
Эби келсе ушу жол
Биздикин да көрүңүз,
Акыры эске албасаң
Абыдан калаар көөнүбүз,
Ага-тууган болгон соң
Аяк-табак катышып,
Насип тузун татышып,
Жүрсөк дейбиз көбүбүз.
Биз бир четте быткылбыз,
Сиз жатасыз тыякта
Дарыя чалкар көлүбүз,
Тууган да болсок душмандай,
Жакын да болсок жат өңдүү
Азыркы жүргөн жөнүбүз.
Манас болуп сен калдың,
Башка өскөн бойдон мен калдым.
Төгөрөк журтту алыпсыз,
Төрө атанып калыпсыз,
Төмөн эмес төрөлүк,
Төрөң мага тууган – деп,
Төгөрөккө биз дагы
Мактанган болуп көрөлүк.
Калктын баарын алыпсыз,
Кан атанып калыпсыз,
Ката эместир кандыгың,
Кан болгон соң белгилүү
Касиетиң барлыгың.
Катташкан болуп калайын,
Каның бизге тууган – деп,
Кара журтка мен да бир
Кампайган болуп алайын.
Көкчөкөз менен Агалдай
Акыры сизден улуубуз,
Улуусунуп кеп уруп
Аттанар бекен, түшүп – деп,
Үмүт этип туруппуз.
Түшүп, аттанбасаңыз
Түптү кетти мазабыз.
Конуп бизге кетет – деп,
Компоюшуп алды – деп,
Жолобой кетип Манасы
Сомсоюшуп калды – деп,

Жатып кетет Манас – деп,
Жайланышып алды – деп,
Далай мал союп салды – деп,
Жатпай Манас кеткен соң
Жаман көргөндүгүнүн
Жайын билип алдык – деп,
Жат боорлор айтып турбайбы,
Бир тууганды сыйлабай
Бизди кудай урбайбы».
Таң эртең барып Көкчөкөз,
Манаска айтып кошомат
Ар бир түрлүү болду сөз.
Кулагы чалган Көзкаман,
Баштагы өткөн бир заман
Көп карыдан бата алган.
Эсен кан айткан сынчыдан
Көзкаман – деп, атанган,
Жашы азырда сексен төрт,
Эгер болсо жаш күнү
Жаанга салмак кызыл өрт,
Манастын барып үстүнө
Көкчөкөз уулу кириптир,
Бир балакет кыларын
Көзкаман көсөл билиптир,
Байбичеси Субайга
Барып азыр кириптир:
«Байбичем тура калчы – деп,
Куржунуңача салчы» – деп,
Кумия деген бири бар,
Күлдү баарың билип ал,
Ар канча заар болсо да
Адамга аны өткөрбөс.
Киемин деген чөп экен,
Киеминдин чөбүндө
Канча ичсе да уу өтпөс
Касиети көп экен.
Кумия кылып каттырып,
Жакын көргөн жанына
Анда-санда таттырып,
Уу кесүүчү дарыны
Чаначтагы кымызга
Чактабай салды баарыны.
Куйду кымыз мешине,
Уу өткөрбөс дарыны
Үсөн бай алып эсине,
Алып келди кымызды
Нанүштө маал кезинде.
Кызыл аяк, сыр кесе
Кызматкерге куйдурду,
Кырк баатырдын баарына,
Кыргыл баатыр карыга
Кыдырата сундурду.
Бирине да билдирбей,
Кишисинин баарына
Киемин берип тундурду.
Кымыз ичип жайланып,
Аз олтуруп чайланып,
Көкчөкөз турат Манаска
Амал менен айланып.
Алаке – деп, сөзүнө
Көкчөкөзү илип тур,
Уу берет – деп, ойдо жок.
«Урушууда нээти» – деп,
Алмамбет аны билип тур.
Урушкан менен Манаска
Ушуга ажал жетти – деп,
Кырк миң аскер камаса
Кыйналбай турган кырк баатыр,
Билимдүү болгон сөздөрү,
Бири миңге тийгенден
Коркпой турган өздөрү.
Арамдык кылса Көкчөкөз
Ажалга недир чара – деп,
Алты миң, беш миң кол бардыр,
Алдырсак бизге чала – деп,
Анык жери аскери

Алты жүз, беш жүз болгондур,
Токойго солоп койгондур,
Урушту бизге салар – деп,
Уруш салса Көкчөкөз
Уругу калбай калар – деп,
Душмандык кыла салар – деп,
Душмандык кылса Көкчөкөз
Тукуму калбай калар – деп.
Кооп кылып аларбыз,
Көкчөкөзгө барбасак
Коркок аткааларбыз.
Манас, Манас болгону
Башын тартпайт жоодон – деп,
Баарыга маалим болгон – кеп.
Азып келген Көкчөргө
Алдырсак ажал жеткени,
Тайгылсак таалай кеткени,
Жамандык көрбөй жабышып
Кызыталактын неткени?
Нар өлтүрүп, пулу жок,
Алалбай жүргөн же бизден
Эр өлтүртүп, куну жок,
Айтканымды кылбайт – деп,
Баса калып сойгондой
Башы боолуу кулу жок.
Кызыталактын кыялы
Бирди турат кылганы,
Барып көрүп байкайын,
Манаска азыр айтпайын,
Жигиттик кылып салды – деп,
Айныганбы Алмамбет,
Жакыныңдан жат бол – деп,
Жаман айтып калды – деп,
Көңүлүнө алар – деп,
Көөсөр көк жал эр Манас
Көп капалап калар – деп,
Айтпай-дебей билиптир,
Билсе дагы жөнүнө Алмамбет:
«Куп» – деп, кириптир.
Улук эле Алмамбет
Урматын коюп салды – деп,
Жигитчилик кепти айтып,
Жинди болуп калды – деп,
Кө .нүнө көк жал алар – деп,
Көркүм кетип калам – деп,
Айтпады Алмаң билсе да.
Тоодон согор сары жел,
Добулдуу жердин баары жел,
Токтолоюн, тобокел.
Токтолуп Алмаң калганы,
Шонтип жаткан кезинде
Серек чыгып таң эртең
Дөбөдөн орун алыптыр,
Оён Алмаң дүрбүсүн
Оң көзүнө салыптыр.
Кийик көрдү тоосунан
Кара тоонун зоосунан.
Бу жерден көрүп эр Серек
Бугуп карап калыптыр,
Ар жагынан аркайып
Бугу чыгып алыптыр.
Бугуну көрүп сүйүнүп,
Үйгө кирди түйүлүп.
«Бугу көрдүм тоодон – деп,
Муну эрендер ойлон – деп,
Кадыр түнгө жолугат,
Бугуну аткан аалы – деп,
Бу күндө мүйүз маалы – деп,
Мергендигим аз эле,
Менин го турду баруум – деп,
Бул олтурган баарың – деп,
Мергенден машы чыкса – деп,
Атып аны жыкса – деп
Ашыгып Серек айтыптыр.
Барар киши жок болуп,
Баатырлар калды токтолуп,

Сыр айтпай Сыргак зымпыйып,
Аттанып алып тымпыйып,
Ээрчитип алып Серегин,
Эли көргөн бир катар
Эр Серектин керегин,
Эгизди көздөй бет алып,
Эр Сыргак минтип жөнөгөн.
Алыстан кайып көрүүгө
Ар качан Серек көрөгөн.
Ал экөө кетти кийикке,
Тоо таянып бийикке.
Баймат менен Боз уул
Барган экен ат жакка.
Барбагын – деп, айта албай
Меңдибай болгон бек капа.
Жандап өтүп баратып
Тазбаймат менен Боз уул
Ал экөөнө кеп айтат:
«Ажалың жакын – деп, айтат.
Аш-тамагын татпаңар,
Татамын – деп, тамагын
Арам өлүп жатпаңар,
Азат боюң чактаңар».
Ал сөздү айтып кеткени,
Күйбөгөндө неткени,
Ал аңгыча ат алып
Атчы балдар жеткени.
Баарысы атка мингени,
Баштап алып Көкчөкөз
Бастырып жолго киргени.
Борумдаган өз үйүн,
Агалдай менен Чагалдай
Азыр келип алыптыр,
Арбалдай менен Дөрбөлдөй
Алар күтүп калыптыр.
Бегелдай менен Токолдой
Пери уулундай жайланып,
Белине саадак байланып,
Берениң үчүн шайланып,
Көтөргөн үйгө киргизип,
Көй кашканы бир катар
Кызматына жүргүзүп,
Өз үйүнө Көкчөкөз
Өтүп кетти бастырып,
Айылдагы карашкан
Алтымыш төрт жигити,
Алардын баарын Көкчөкөз
Азезилдей азгырып:
«Агалдай баштап алтоосуң,
Аскалап карап туруңар,
Арзыган ашын сунуңар,
Кызыкса кымыз куюңар,
Кызык болор мунуңар,
Аңкаса арак сунуңар,
Жыгылганын, копконун
Аңдап карап туруңар,
Болжосо бозо сунуңар,
Каармандан болсо да
Каттам болсун мунуңар.
Айныганын алыңар,
Жаткырдык – деп, тиги үйгө,
Жайын кылып салыңар.
Оолуккан болсо оюңар
Оңдурабыз мында – деп,
Орунун таап коюңар.
Палоо менен балы бар,
Ал тамактын ичинде
Алсыратма дары бар.
Жүрөгү чыгып алуучу,
Жүдөп коркуп калуучу.
Акылын дары алуучу,
Алсырап, азып калуучу.
Колу калат тутуудан,
Кошконмун арбын ушундан,
Аягы калар басуудан,
Тиш токтолбой шакылдап,

Табыш чыгат азуудан,
Өзү тоюп жанынан,
Качпай кирет өлүмгө
Кара көрүн казуудан.
Акылы туура эсинде,
Заардын толгон кезинде
Колуңа кармап кылычты
Койбойм сени – деп, кирсең
Коркот дагы токтолот,
Тура качып кетүүгө
Козголор шайы жок болот.
Алыңарды билермин,
Алсыраган кезинде
Аркаңардан кирермин,
Абыдан жайын билермин».
Ал сөздү айтып Көкчөкөз,
Ойлогонго аңгеме
Оболкудан калган сөз,
Барып түшкөн үйүнө.
Агалдай менен Чагалдай,
Алтоо турган баш болуп,
Алтымыш жигит нөкөрү –
Алты арамдын жөкөрү,
Алтымышы ат алып,
Азыркы тиккен бул үйү
Ак ордо болуп атанып,
Алты айда араң бүтүргөн
Үй жыгачы маталып,
Каары менен канкордун
Каныкей кылып бүтүргөн.
Калмакча үйүн күйдүргөн.
Жабыгынын аягын
Жибектен чачы түйдүргөн,
Түндүгүн кайың ийдирген,
Босогосун күмүштөп
Борум салып чийдирген,
Тасма чийден тарттырып,
Кырк-элүү кыз-келинге
Кырмызы менен чырматкан,
Уук менен керегe
Он сегиз түрлүү сырдаткан,
Үзүк кылган кийизин
Үч жүз катын чогултуп,
Үзүр айтып Каныкей
Үч жолу тамам кылдаткан,
Асылдан буюм таптырган,
Үзүгүнүн үстүнөн
Ак манат менен жаптырган.
Өрүлүктөп эр Манас
Өзү берген ак ордо,
Тагылганы ичинен
Кокондуктун зымдар боо,
Күлдү күмүш тээктүү,
Төтөгөнүн алдында
Төрт эли жибек жээктүү,
Он эки канат ак сарай,
Салтанаты бир далай,
Баяндос кылып орунун,
Башкарган экен борумун.
Жекендос кылып орунун,
Жеткирген экен борумун,
Касиеттеп отурса
Кандай кылса болуучу
Калмактардын жоругун.
Тиккен үйү Манастан,
Үзүгү бар манаттан,
Үзүрүн билбей асылган
Үзүрү артык бейиштен
Үмүтүн үзгөн кандай жан?!
Күткөн малы Манастан,
Күлдү кыргыз алаштан
Күдөрүн үзгөн кандай жан?!
Астынан баштап Кыргыл чал,
Артынан Манас жүрүптүр,
Андан кийин кырк баатыр
Улуулашып кириптир.

Олтуруп орун алыптыр,
Он эки кулач дасторкон
Ортосуна салыптыр.
Олтурган жерде чай келди,
Аш-тамагы артынан
Баары тамам жай келди.
Бири жая, бири жал,
Бири шекер, бири бал,
Мисалдаш деген бири бар,
Баарысында заары бар.
Уруш кылат ушу – деп,
Коркпой бизге кол салар
Ушу кайсы киши – деп,
Ойлоп жүргөн Алмамбет
Ызатын көрүп, ык салып,
Урматын көрүп нурданып,
Жасалга көрүп жайланып,
Баркташын көрүп магдырап,
Эбедей бою эзилип,
Эр жарагын чечинип,
Көргөндө Алмаң көшүлүп,
Көңүлү тынып төшөлүп,
Кыргылы кирип кырданып,
Калаба бизге саларга
Каапырдан барбы кыраарга?
Кылычты кой – деп, чыгарып,
Айбалта, кылыч жарагын
Эшикке баарын үйдүрүп,
Алдыраарын карагын,
Мылтык менен найзасы
Мыкты жарак баатырың –
Эч тийбеди пайдасы,
Талаага коюп жарагын,
Тууганым – деп, ишенген
Тамашасын карагын.
Токолдой шондо кеп айтат,
Токтолбостон бек айтат:
«Кымыз да бар, бозо бар,
Шарап, арак кошо бар,
Мисалдаш, баксин дагы бар,
Мас кылчуунун баары бар,
Кө .үлүңөр тартканын
Көсөп айтып бериңер,
Табытыңар тартканын
Таамай айтып бериңер,
Мейлиңердин тартканын,
Бере берем айтканың».
Ал сөздү айтып салганы,
Алып келгин кымыз – деп,
Арбыны айтып калганы,
Аралашсын бозо – деп,
Кай бири сүйлөп салганы.
Чөлдөн келген чөөлүгүп,
Алыстан келген аңкашып,
Кайратты толук кылат – деп,
Казатта иччү арагын
Сай төрөнүн баарысы
Сагынганын карагын.
Аркыттан арак куйдуруп,
Аркы-терки сундуруп,
Шайманы кетип шалдайып,
Ичкендердин баарысы
Ичтери күйүп алдырап,
Баштап ичип кымызды,
Кымызда кыям бар үчүн
Лакылдап жаман аңкады,
Ташына чөлдөп чаңкады.
Суусатты кымыз жаман – деп,
Күчү барбы суусаткан
Кутулалык аман – деп,
Оюна алып ошону,
Суусунун басар бекен – деп,
Сурап ичти бозону,
Бозодон да болбоду,
Өрт ичине толгону.
Баштагысын бассын – деп,

Арбын ичти арактты,
Албарс кошкон талакты.
Күлдү баатыр кырк чоро
Күрөгөдөн бозо ичип,
Күйүп барат ичтери
Күйдүрмө дары кошо ичип,
Чарданадан бозо ичип,
Чатырады кырк баатыр
Чачама дары кошо ичип.
Кымыз ичип мешинен,
Кыйналып танып эсинен,
Айтууга калбай сөзүнөн,
Акылы кетип өзүнөн,
Ала чымчык куш учуп
Арстандардын көзүнөн,
Аңдап көрдү көй баатыр
Анык кастык кыларын
Калмактардын сөзүнөн.
Акылы кетип айланып,
Айтылган тили байланып,
Санаасы кетип бузулуп,
Таноосу кетип кысылып,
Кара тер бойдон сызылып,
Караса көзү сүзүлүп,
Кайраты бойдон үзүлүп,
Чачама деген дарысы
Коркок кылчу неме экен,
Алдырады баарысы,
Аңдоосуз туруп арстандар
Алдырмак болду намысты.
Эрте келген шаш менен,
Түшкө жакын шашышты
Эрегишкен немедей
Ичип заар аш менен.
Заар менен зап болду,
Калбалуу азап карк толду.
Эшигине байлаган
Эликтей көзү жайнаган,
Башындагы турганы –
Байлаган экен башына
Баатырдын аты Куланы,
Өркөчү бийик өр Кула,
Өзү айбандан зор Кула,
Капталы бийик как кула,
Казанат тулпар Аккула,
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Тумшугунун үстүндө
Ноктонун кескен агы бар,
Зоорусунун үстүндө
Сыйпаган кожо баабедин,
Колунун тийген тагы бар,
Туягы чоюн куйгандай
Кош кулагы койкоюп,
Шамы күйүп тургандай,
Үртүктү кабат жаптырган,
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерге сугарган,
Күздү-жазды кула атты
Гүлдүү чөпкө чыгарган,
Байлаган экен башына
Меңдибай айткан сөз үчүн,
Аманат жаны өзү үчүн
Кымыздан бир аз татыптыр,
Кыларын билип ашынын
Мас болгонсуп Бозуул
Аккуланын кашына
Чыгып барып жатыптыр.
Өлгөндөй болуп булайып,
Жатат Бозуул сулайып.
Дөөгүрсүгөн төрөнүн
Жөн койбой канын төгөмүн,
Ааламды жеңген Манасты,
Айдап күткөн алашты
Азыр барып мен жеңем

Мылтык атпай, жаа тартпай.
Мыктылык болор меники,
Мыктысынган канкорду
Ажал айдап келиппи.
Коржоңбоз атты минейин,
Кожоймо соот киейин,
Улуксунган ургурдун
Үстүнө барып кирейин.
Абалы кандай болду экен,
Акылы кандай болду экен,
Күүсү канча калды экен,
Күчү канча болду экен,
Кол салып барып баш кессем
Козголор алы бар бекен?
Козголор болсо коёюн,
Которулар шайманы,
Калбаган болсо дарманы
Койдой мууздап соёюн.
Ачтырып коюп көзүнү,
Айттырып коюп сөзүнү,
Алы кетсе абыдан,
Ач албарс чыгып кабынан,
Талашар шайы калбаса
Канжардын кармап сабынан,
Баатырлыгын мас жеңер,
Алчуусу азыр келбейби,
Арстандыгы болсо да
Ажал жетип жеңбейби.
Аны ойлонуп Көкчөкөз,
Көңүлүндө шондой сөз,
Коржоңбоз минип бастырып,
Кожоюнсуп шаштырып,
Азыр келип калганы,
Атынан түшүп алганы.
Жалаң кармап канжарын,
Жаалданып Көкчөкөз
Үстүнө кирип барганы.
Желдети болуп жетимиш,
Айылдагысы алтымыш,
Аралашып алыптыр,
«Алысыраак тургун» – деп,
Акырып барып Көкчөкөз
Аларды сүрүп салыптыр.
Өлтүрүүчү өздөрү,
Өтүрүк-чынын ким билет,
Өткөн элдин сөздөрү.
Желдеттин баары дүрбөшүп,
Жигиттердин баарысы
Бирин бири жүр – дешип,
Тышка чыгып алыптыр.
Бозуул жатыр булайып,
Тазбаймат жатыр сулайып,
Кымыз ичип кызышып,
Кыйынсынып кыйласы
Сөөктөрү ысышып,
Бозодон ичип болукшуп,
Көкчөкөздүн айылы
Тоюнгандай толукшуп,
Алар антип алыптыр.
«Бүгүн Манас өлөт – дейт,
Мына бу турган көй күлүк
Аттарынын баарысын
Айыл-айылга бөлөт – дейт».
Аны айтышып жигиттер
Ары-бери турушту,
Ошондо укту Бозуул
Оңдурбастай жумушту.
Арагы менен курусун,
Аңдабай, өлдүк, мунусун.
Бозосу менен курусун,
Болжобой, өлдүк, мунусун.
Аны ойлонуп Бозуул,
Наалып жатыр байкуш бул.
Эки чоро элейип,
Эбак өлгөн эмедей
Эшикте жатыр селейип.

Арстан эрдин Аккула,
Аңдап көрсөң журт буга,
Атасы жылкы зили жок,
Аңдап билип ат турат
Айтарына тили жок.
Айбан да болсо чоң кула ат
Көңүлү жаман сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Катарында каңкайган,
Казандай зоору даңкайган,
Алачык үйдөй куйругу,
Аркар жүн тайкы жалы бар,
Айбандын зору жаныбар,
Кыргыл чалдын Бозайгыр
Кыя тартып ыргычтап,
Кетенчиктеп кергичтеп,
Желдеттер келсе булкунуп,
Жеп ийчүдөй жулкунуп,
Бакбаягы малынып,
Маралдай төшү салынып.
Аралаш турган сай тулпар,
Алмамбеттин Сарала
Жал-куйругу түпөктөй,
Сулуулугу сүрөттөй,
Тумшугу кеткен узарып
Суусарга койгон күбөктөй,
Ичке моюн, шам кулак,
Келте бакай, сом туяк,
Кулжадай саны түрүлгөн,
Кундактай бели бүгүлгөн,
Төш эти бар бешиктей,
Чаты түргөн эшиктей
Алмамбеттин Сарала.
Ага жакын байланган
Ажыбайдын Карала.
Өрттөй көзү кызарып,
Эки кулак шам өңдүү,
Эликтей мойну узарып
Ажыбайдын Карала.
Аа кошула жанаша,
Аңдаганга тамаша,
Кыйкырык укса ээликпес,
Кырк миң жылкы ойносо
Оюн салып желикпес,
Мылтык атса былк этпес,
Кыйкырып чыкса кылт этпес,
Шоролуу жерден баспаган,
Шоошактын башын үзбөгөн,
Бир камчыны билбеген,
Эки чапса элебес,
Алты-жети камчы уруп,
Ачынтып этин алганда
Айбанат ага тең келбес
Чубактын аты Көктеке –
Тулпардын бири жепжеке.
Кырк чоронун чаары
Кыргыл чалдын Бозайгыр,
Үкү жүндүү Сарала,
Макмал жүндүү Карала,
Ажыбайдын Карала,
Алмамбеттин Сарала,
Аземдеген көй күлүк
Аркардай саны түрүлүп,
Ачкүсөндөй бүгүлүп,
Аягы жерге тигилип,
Атынын шаңын көргөндө
Алуудан душман түңүлүп...
Элеген киши аз болуп,
Эшикке чыккан жигиттер
Эсирик жаман мас болуп,
Көтөргөн үйгө барыптыр,
Көмөлөнүп калыптыр.
Көрөр киши жок болуп,
Өлүмүш болгон Бозуул
Жата албады токтолуп.
Үйдөгүлөр кантти – деп,

Аста басып эшиктен,
Көзүн салды Бозуул
Капшыт ачкан тешиктен.
Карап Бозуул көргөнү
Кабылан Манас төрөнү,
Тышы кайрат, ичи заар,
Арстан эрдин боюнда
Алты бөлөк бардаш бар.
Орою суук, от көздүү,
Оозу жүйрүк, ок сөздүү,
Опуза айтса жан өлгөн,
Ошондой эрди ким көргөн.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаалына карап бак,
Кирпиги калың, көзү чок,
Кишиде мындай шумдук жок.
Кыйгач каштуу, кыр мурун,
Кыл муруту камыштай,
Кабагынын бийиги
Кара кашат жапыздай.
Сакалы саадак кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көз ызгаары жалындай,
Көк жал Манас кеңгиреп,
Мас болгон билдей зеңгиреп,
Оң жагына ыргалып,
Ооп барып кырданып,
Сол жагына ыргалып,
Токтолгондо кырданып,
Кырдана түшүп токтолуп,
Кылыгы башта жок болуп,
Оолугуп барып токтолуп,
Оболку пейили жок болуп,
Сүрдүгө түшүп сүйөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Эңкейип баатыр эс алып,
Эки жакка көз салып,
Кай түрлүү ушу ишиң – деп,
Менден улуу жашың – деп,
Көкчөкөзгө сөз салып,
Чалкалай түшүп чамынып,
Көзкамандын жети уулу
Жыгылса жылас кылсак – деп
Жалпы баары камынып,
Көкчөкөз кылыч алыптыр,
Көз жумула түшкөндө
Чабайын – деп, Көкчөкөз
Чакчарылып калыптыр.
Астында турат Көкчөкөз,
Аркасында Агалдай,
Чабуусунда Чагалдай,
Төр жагында Дөрбөлдөй,
Астын алып Арбалдай,
Бетин алып Бегалдай,
Торгоп алып Токолдой
Тегеректеп калыптыр,
Карап алса канкору
Кынына салып кылычын,
Кабына салып канжарын,
Курчап душман калыптыр,
Кудай уруп салыптыр.
Оролуп душман калыптыр,
Оён эрди көптөшүп
Ортосуна алыптыр.
Аяк тартар алы жок,
Ак бетинде каны жок,
Сүрөтү турат, жаны жок,
Сүлдөрү турат, алы жок,
Сүйлөй турган шайы жок,
Көкчөкөз кылыч алганын
Көрүп турат, жайы жок.
Жаалынан чаба албай,
Чабуунун эбин биле албай,
Айбатынан алсырап,
Кайратынан кансырап,
Бардашынан бата албай,

Ыкыс берип октолуп,
Ынтыла түшүп токтолуп,
Чабамын – деп, чарпылып,
Чакырая караса
Чаркын ойлоп, тартынып,
Жалмаңдатып кылычын,
Жаңы билди эр Манас
Жамандыкты кылышын.
Эки жагын каранып,
Эрди-башын жаланып,
Чаңардап суусап, чаалыгып,
Ага-иниси баары жоо,
Аманат жаны азыр соо,
Арман-наалыш кеп айтып,
Аттигине – деп, айтып:
«Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп чыкса акжолтой,
Жоого тийсе сан колдой,
Айтышканда сырдашым,
Наалышканда муңдашым,
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос,
Качырган жоого камдуудан,
Кармашкан жоого шаңдуудан,
Күйгөнү артык жандуудан
Абакем Бакай болсочу,
Акылым тапкан ар жерде,
Ажал кыскан тар жерде
Абакем Бакай теги жок,
Армандуу өлдүм, эби жок!
Аттигине, дүнүйө ай,
Армандуу өлдүм өзүм жай.
Кара кызыл аты бар,
Канга ылайык заты бар,
Карк алтындан жаасы бар,
Чылбырдай кара чачы бар,
Аткан огу ташка өткөн,
Албарс чапса башка өткөн,
Ургаачынын баатыры
Кадырман жарым Карабөрк
Карап турса кашымда
Канетер элем каапырга».
Камсыкпаса неткени,
Медер кылып катынга
Мээнет жеткен баатырга.
Мээнет эмей неткени,
Бетине душман жеткени.
Баягыдай шайман жок
Кайраты бойдон кетиптир,
Камалап душман жетиптир.
Акырайып караса,
Албарс алган Көкчөкөз
Айбатынан баатырдын
Алыстап качып кетиптир.
Көңүлү кетип бүркөлүп,
Көз байланып чүмкөлүп,
Оолуга түшүп оңолуп,
Обдулуп келген Агалдай
Оолак качып жоголуп,
Ошону айтып эр Манас,
Ок жыландай толгонуп:
«Нөкөр алып башка өскөн,
Өз эркинче кашка өскөн,
Таш Котондун калаадан
Каалап алган камоодон
Акылай жарым болсочу,
Алынды билип, минтпе – деп,
Айрып алып койсочу!
Эркек болбой, кыз болгон,
Элден ашык уз болгон,
Эмгектүү мага туш болгон,
Катындан ашык кайраттуу
Акылы толук айбаттуу,
Кыйбадан ашык билимдүү,
Кылымдан ашык илимдүү,

Он жылдык келер кайып иш,
Оронгону кара киш,
Осунуп билип сактанган,
Самаганы сарамжал,
Иштегени баары амал
Каныкейим болсочу,
Кантесиңер канды – деп,
Камаба жалгыз жанды – деп,
Кайтарып алып койсочу!
Талдай бойлуу, тасма бел
Кызматында кылым эл,
Акылга толук нур жүздүү,
Айбаты бар эр жүздүү
Жаңы алган жарым Алтынай
Жанымда жайнап турсачы,
Жамандык иштен суурсачы!»
Жабыкта турган Боз уул,
Жакын көөнү – дос уул
Калмактар сойсун муну – деп,
Катының менен куру – деп,
Көңүлүнө алыптыр,
Көзүн тыштан салыптыр.
Катынын айтып калжырайт,
Карып калган бир чалды –
Бакайын айтып бабырайт,
Байкап көрсөм баатырдын
Кутулар жери табылбайт.
Аны ойлонуп Бозуул
Оолугуп карайт мына бул.
Өбөктөп Манас, шылк этип,
Көрө коюп Көкчөкөз,
Шилисине минүүгө
Тура калды шып этип.
Өөдө болуп эр Манас,
Өрттөй көзү жылт этип,
Караганда канкорго
Катыла албай тим болду,
Каары мындай ким болду!
Айланасын караса
Атпай чоро булайып,
Аягын сунуп сулайып,
Баары жатып калыптыр,
Баш жагында Кыргыл чал
Кары жатып калыптыр.
Каны Манас кеп айтып,
Кызылгандан бек айтып:
«Кырктын башы Кыргылым –
Кылымды жеңген дыңгылым
Акылы менен болсочу,
Арамдардын колунан
Айрып алып койсочу.
Карадан туулуп, ак болгон,
Арамдан туулуп, пак болгон
Айрыдан туулуп, нар болгон,
Алтындан чыгып, зар болгон,
Азып келип, жар болгон
Алмамбет султан болсочу,
Акылы кайра толсочу,
Арамдардын колунан
Айрып алып койсочу!
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душмандан бир өзү
Көп экен – деп, качпаган,
Билген ишин баштаган.
Санды көрсө шашпаган,
Сан душмандан бир өзү
Жалгызмын – деп, качпаган,
Султан Сыргак болсочу,
Сурданган калмак колунан
Сууруп алып койсочу!
Душманын көрсө бүлдүргөн,
Тууганын сөзгө күлдүргөн
Туйгунум Ажым болсочу,
Душман калмак колунан
Сууруп алып койсочу!
Чаган күнү туулган,

Салышканда душманга...
Чалыбайым болсочу,
Чакырайган калмактан
Чаап көрчү, кана? – деп,
Тартып алып койсочу!
Манжурия элинен,
Басалектин белинен
Бала экенден байлашкан,
Карындайдан кармашкан
Мажик бегим болсочу,
Байлап турган калмактан
Башымды алып койсочу!
Желең сууну бойлошкон
Жети жашта ойношкон,
Кутман болгон өзүмө,
Кубат болгон сөзүмө,
Курчап душман турганда
Бир көрүнүп көзүмө,
Камап турган калмактан
Кабыргамды сөктүрбөй,
Кара каным төктүрбөй
Калас кылып койсочу,
Кара башыл туу алган
Калмактар эмес, катүгүн,
Касташкан душман сойсочу,
Камбардын уулу Чалигим
Как ушундай бир жайда
Каралды болуп койсочу!
Сабай уулу Сатайым,
Алчындан чыккан Атайым
Акылдары толсочу,
Арбак урган калмактан
Айрып алып койсочу!
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы
Бир көрсөмчү пайданы,
Калмак камап турганда
Бир тапсаңчы айламды.
Аргындын Каракожосу –
Акылга бирге кошосу
Ал болсочу сүйөнчүм,
Арстандарым уу ичип,
Аттанган белем дүйнөдөн».
Акылдан танып алдырап
Арстан эр эми сүйлөгөн.
«Бообек, Шаабек, Шүкүрүм
Айланткан санаа пикирим,
Арбандардын Алтайы
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Мени түгүл өздөрүн
Акылын таппай далайы
Кылбай калды пикирин,
Кыйналгандай Шүкүрүм.
Агыдай далы көрүүчүм –
Акыр заман оодарып,
Ашкере айтып берүүчүм,
Топтун башы Токотой,
Элдин башы Элеман,
Элдиреп турам бу күндө
Бузулуп ишим эң жаман,
Айрып алып калмактан
Аман чыгып карып жан
Айрылган күнүм болобу?
Аскалаган калмактар
Арманда бойдон соёбу?
Калктын башы Калкаман
Кадырлайбы – деп, ойлойм
Камап душман калгандан,
Кайгыда өттү канча жан.
Көөнүнө бир иш келбеген,
Көөнүнө келген жумушун
Көбүрүп алып бербеген,
Оюна бир иш келбеген,
Оюна келген жумушун
Оолугуп алып бербеген,
Оёнум Чубак болсочу,

Орою суук калмактын
Олутун таап койсочу!
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу
Катарымда турсачы,
Калмакка кылыч урсачы!
Шыңгынын уулу Кербеним,
Шыпты кашка Дөрбөнүм,
Бөрү жолдуу Бөгөлүм,
Кадыртүмөн Жайнагым,
Канжар, кылыч көтөргөн
Камоого бүгүн калганым,
Кабыландай көй баатыр
Бириң айрып албадың!»
Айтууга болуп бир дастан
Аңдап турат Бозуул,
Арстандын арман сөзү бул:
«Бар кудайым жараттың
Бадышалык ден кылып,
Өзүң кубат, өзүң күч
Барча ааламды сен кылып,
Берзенти жок өтөмбү,
Баладан башым кем кылып,
Изим калбай кетемби,
Ит менен кушка жем кылып.
Туугандан өлүп тутандым,
Душмандыгын биле албай,
Туюнуп билип булардын,
Жакындан өлүп жабыштым,
Арманда наалып калабы
Алтынай менен Канышым?!
Калды баары туяксыз
Карабөрк менен Акылай,
Кайрыларым кашта жок,
Камоодо калдым, каапырай!
Барктап жүрдүм тууган – деп,
Башта эле башын жутсамчы,
Балдыраган иттерди
Басчылык менен тутсамчы,
Бар кудай сенин өкүмүң,
Баркыратып ыйлатып
Баланын үнүн уксамчы?!
Тутунар туяк калсачы,
Атамды мындай кылган – деп,
Душмандан кегин алсачы.
Кармашар берзент калсачы,
Кан атам менин кайда – деп,
Бу каапырдан кегим алсачы!
Кытайдын өлбөй зорунан,
Кылчаярым жогунан,
Кылмышым кылча жок туруп,
Кыйбасым тууган – деп, туруп,
Кыргыздын өлдүм колунан!
Тутунган туяк жогунан,
Душмандын өлбөй огунан,
Кыйкырып тийсе кырк баатыр
Кытайдын айырган огунан,
Кыяматка бет алдым
Кылчаярым жогунан.
Сүйүп мээрим кансачы,
Сүйөнөр туяк калсачы,
Айланышар кырк чором
Айкырып кирип калсачы,
Наалаты калмак куру – деп,
Айырып мени алсачы!»
Келген ажал жакындап,
Кезенип душман такымдап,
Кебин айтып шакылдап:
«Каңгайдан келген каапыр – деп,
Канчалык мында акың? – деп,
Кандыра сураар болсочу,
Калмактардын колунан
Айырып алып койсочу!
Кайрылар Көйүш, Бөгүшүм
Как ушу жерде болсочу,
Калмактардын колунан

Айырып алып койсочу!
Сүлөтү менен Матүштүк
Сүйөнөрүм болсочу,
Сүйрөтпөй иттин колунан
Сүйөп алып койсочу!
Ырамандын Ырчы уул
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул,
Бузуктуу жерде өлүшкөн,
Буйругума көнүшкөн,
Уругун билип сүйөнгөн,
Урматын билген дүйнөдөн,
Убалаар жерде сүйөгөн
Уругу казак тууганым,
Урматтап күтүп турарым
Ырчым болсо эмине,
Ыйлабас элем дегеле.
Ар иш кылса тез кылган,
Атка жаңы мингенде,
Казат кылып, кол салып
Каапырга жаңы киргенде
Кадыр Алла кез кылган,
Ар жумушту кылганда
Жети адамдын кыларын
Жепжеке өзү тез кылган,
Душманын көрсө сөз кылган
Он жети жашка келгенде
Ордо шаар Күчөңдөн
Абалы кудай кез кылган
Аты Баймат, өзү тез,
Акылы башта бар болуп,
Ушу күндө бир келип,
Жолуксачы мага кез.
Жуушага Үсөн барыптыр,
Айдоо менен көчкөндө,
Алтайды басып өткөндө
Кыпчакты көрүп кыргыздан,
Кыйырынан азып барган жан,
Арбалдай менен бирге өскөн,
Айрылып калып булардан,
Наалышты күндө көздөшкөн,
Арманын айтып сөздөшкөн,
Атасынын аты Кулабай,
Көзкаман менен бирге өсүп,
Алтайда алын сурабай,
Азып жүрүп Кулабай
Жакыпты таап жалдашкан,
Жамандык күндө карашкан,
Жыргалдуу күндө сыйлашкан,
Өлүмдүү күндө ыйлашкан,
Өчтөшкөнгө душманга
Өлүмдөн качпай кыйрашкан
Өткүрүм Бозуул болсочу,
Өрттөнүп кеткен туугандан,
Өткүр канжар суургандан
Өлүмдөн айрып койсочу!
Төрт миң төрт жүз байгамбар,
Жалган жайдан чын жайга
Жайын таап баргандар,
Колдой көргүн кудая,
Он сегиз миң ааламга
Оболдон акыр сен сая,
Өлүм жетти дапдаяр,
Өкүмөтүң артык бар,
Өзүң болгун бизге жар,
Жараткан жардам бербесең
Күмүрөй болдум, күнүм тар.
Токсон тогуз миң деген,
Көкчөкөзгө окшошкон
Дозоку баркын билбеген,
Баштагы өткөн машайык
Кереминден өтүнүп,
Рухуңду чакырып,
Айтып-айтып өкүрүп,
Кор болуп өлдүм кашайып,

Баабединдер баш болуп,
Колдой көргүн мышаныч.
Төрт жар өттүң бузурук.
Төктүм жашым сүзүлүп,
Жайым кетип тиленем
Жандан үмүт үзүлүп.
Өлчөөсү жок өз затың,
Бир кудай өзүң, миң атың,
Биле көргүн бу датым,
Бардын баарын жок кылган
Баары сенин кубатың.
Жок нерсени бар кылган,
Жолдош-жоро жар кылган,
Асман жасап, көк кылган,
Насибисин көп кылган
Зулжалалсың кудурет,
Нечен түмөн, нече миң
Кылып койгон ааламың,
Өкүм кылсаң алардан
Өзүңдөн бөлөк ким билет,
Жалдыратып өлтүрсөң
Жалынганым бир милдет».
Аны айтып баатыр жашыды,
Чагалдайдын кайраты
Чакчарылып ташыды.
«Качан кылыч урдуңар,
Камалып карап турдуңар,
Капкайдагы сөздү айтып,
Калжырай берди мунуңар».
Аны уккан соң Дөрбөлдөй:
«Кабылан Манас баатырда
Кайсы атаңдын куну бар?
Өлөргө көзү жеткенде
Өкүнүп айтып атпайбы,
Өз тууганы жат болуп,
Өкүрүп айтып атпайбы.
Айтканга неге ардыктың,
Табынганга тардыктың?
Кайгырды – деп, кашайдың.
Өкүмү менен душмандын
Атаң башта жоголгон,
Жоготкон Манас эмес ко,
Баарың келип Каңгайдан,
Башыңды жуткан Эсен кан,
Манастан келип оңолгон,
Кызматын билбей койгондон
Кыраан эр наалып жобонгон».
«Болушкан жүргөн экен го
Бок жеген ит, Манаска,
Дөрбөлдөйдү тутуңар,
Дөөрүтпөй муну жутуңар!»
Агалдай менен Чагалдай,
Аксакалы Көкчөкөз
Ал үчөө бир болуп,
Дөрбөлдөй көөнү кир болуп,
Корккондон колун салууга
Кошулуптур аларга.
Арбалдай менен Бегалдай
Арсарыраак токтолду,
Дөрбөлдөйгө кошулуп
Токолдой баатыр октолду:
«Тууганың Манас турбайбы,
Жуушадан бери журтум – деп,
Келжиреп издеп бу жерге
Келгениң Манас турбайбы,
Кеткен элдин арбагы
Кеч-эртеде урбайбы.
Сүлдөрү калып, алы жок,
Сүрөтү калып, жаны жок,
Кырк чоронун баары өлдү,
Кыргыл баштап кары өлдү,
Кылайып бири калган жок,
Кыяматка жөнөлдү.
Атаңдын акы калдыбы,
Аз иш кылып салдыкпы?!
Каалаганың кандыкпы?

Канкорду союп койгон соң
Кандыгын албай калдыкпы?
Алдың – деди, кандыгын,
Арстан эрлер баарысы
Кандыктын тартып карлыгын,
Ашка кошуп уу берип
Акыретке бардыбы?
Аз турса өзү өлбөйбү,
Асылганың Манастын
Өлбөгөн жери калдыбы?»
Ал сөздү айтып салганы,
Андай калыс бир сөздү
Арбалдай сүйлөп калганы.
Агалдай менен Чагалдай
Ал үчөө бир болду,
Арбалдай менен Дөрбөлдөй,
Аякысы Токолдой
Ал үчөө бир болду.
Акыл кеткен, баары да аз,
Арак ичкен, баары мас.
Бегалдай калды арада,
Белсенип кирди балаага,
Арак ичкен калмагың
Жакалашып кармашып,
Сүйрөлүшүп калганы.
Ала чакмак көздөрү,
Артыкча мас өздөрү,
Акылдан танган көздөрү.
Арагына мас болуп,
Алардын да карасаң
Бүтүн болбой эстери.
Жалаң канжар, кылычы,
Жайы ушундай экен го
Жараткандын кылышы,
Жарымы болуп Манастык,
Ойлогону жарымынын
Манаска өлүм чоң кастык,
Бир бирин уруп жыгышып,
Сүйрөлүп үйдөн чыгышып,
Үйү бошой калганы,
Капшытта турган Бозуул
Үстүнө кирип барганы.
«Маңдайга бүткөн ырысым,
Чокумда чолпон жылдызым,
Байланышып душманга,
Башыңды байлап өлүмгө
Бактысын ачкан кыргыздын,
Иттерден өлүп таланып,
Кардан өлүп камалып,
Жоодон өлөр жолборсум,
Жоголду баары жолдошуң,
Айтып жүрдүк башынан
Эсирген калмак колунан
Эч жакшылык болбосун.
Кулдардан өлүп курудуң,
Кубаты бардан мен келип
Кутулсаң – деп, турумун.
Малайдан өлүп басылдың,
Тамыры алтын байтерек
Дүмүрүң калбай казылдың.
Тууганың келди, сыйлады,
Туйгундун баары кыйрады,
Тууганың душман – деп жүрүп,
Тумшугу жок
Каныкей канча ыйлады.
Жакының келип сыйлады,
Жакшыңдын баары кыйрады,
Жалгыз тирүү калгандан
Жаныңда Бозуул ыйлады.
Жарактан жалпы айрылдык,
Тактадан билбей тайгылдык,
Такта минген кандардан
Тагдыр экен айрылдык.
Койчудан өлүп, кор болуп,
Кокуй болор сен белең,

Коркуп келип кашыңа
Кошомат айтар мен белем?!
Арамдан өлүп алсырап,
Арманда өлүп кансырап,
Камандан өлдүң чалдырып,
Жоолашып жүрүп каапырга,
Жолборстон өлбөй алдырып,
Жоголдуңбу дүйнөдөн
Жолдош-жороң баарысы
Жоболоңго калтырып?
Жакындан өлөр сен белең,
Жандан үмүт чын үзүп,
Жаныңды алып кутул – деп,
Жабышып турар мен белем?
Ачпайсыңбы көзүңдү,
Укпайсыңбы сөзүмдү!
Өздөрү уруш болду – деп,
Акылын кыла элегинде
Алсаңчы, төрөм, жолду – деп,
Айтып Бозуул салганы,
Акырая көз ачып,
Жан-жагын карап алганы.
Бозуулдан угуп сөзүнү,
Ачты Манас көзүнү.
Өлүп жатыр кырк баатыр,
Өзүнөн бөлөк тирүү жок.
Өөдө болор бири жок.
Жанында жатыр жалдырап
Жайдары баатыр Алмамбет
Күрмөөгө келер тили жок.
Бу сөзүн таштай туруңуз,
Мурунку болгон окуя
Аңгемесин угуңуз.
Чеге бала кашында,
Сегиз жашар жашында
Кайып эрен кырк чилтен
Бөрү болуп, козу жеп
Көрүнгөн эле башында:
«Санааңсанга бузулсаң
Жалган дүйнө чиркинден
Жамандык көрүп кызылсаң
Эсиңе алсаң биз даяр,
Эгем кылган буйрук бар».
Айткан экен башында,
Нак сегизде жашында,
Ошо бала Куту бий
Кулап жатыр кашында.
Жар берем деген кырк чилтен
Кандай келбей калган – деп,
Шашканынан баатырдын
Оюна түштү мындай кеп.
Ачып көздү жумганча
Кырк чилтен кирип калыптыр,
Көкчөкөздүн кырк жигит
Алары болуп алыптыр.
Кырк баатырдын баарысын
Бөрктөрүн баштан алганы,
Тебетейи баш болуп,
Денесине кан толуп,
Мууздап кирди баарысын,
Баатыр Кыргыл карысын.
Алмамбет, Чубак, Ажыбай,
Кыйрап жаткан кыркынын
Баарын кырды жайма-жай.
Чилтенди билбей Көкчөкөз
Жигиттерим экен – деп,
Жин ургандай күүлөнүп:
«Жалгыз бирин койбо!» – деп,
Жаалданып сүйлөнүп,
Көкчөкөз айгай салыптыр,
Керемет менен кырк чилтен
Келдесинин ордуна
Тебетейин алыптыр.
Башы, мойну көрүнүп,
Баш денеден бөлүнүп,
Кускан заар баарысы

Аккан кан болуп көрүнүп,
Кырк чилтен кирип калганда:
«Кыраан Манас тургун!» – деп,
Кыйкырып бир дем салганда
Атырылып арстан эр
Азыр тура калганы,
Кончунан алган өтүктөй
Алмамбетти капшырып,
Кутунайын жапшырып,
Кошо кармап калганы,
Эшикке чыга бередде:
«Кокуй төрө, ташта! – деп,
Тазбаймат айта салганы,
Болбогон ишти кылба – деп,
Бозуул сүйлөп калганы.
Карап көрсө кан Алмаң
Денеси бар, башы жок,
Эшиктеги Чубагы
Денеси бар, башы жок,
Өлүп жатыр бу дагы.
Керемет менен кырк чилтен
Тебетейин баш кылып,
Башын бойго жашырып,
Арстандар аман калыптыр,
Өлүктү Манас не кылсын,
Алмамбет, Куту бийини
Аларды таштап ийиптир,
Окуранып, жер чапчып,
Октой жарап чоң Кула ат
Туякты жерге мылгытып,
Турган жердин топосун
Кетмен менен чапкандай,
Керте чапчып, артына
Ылактырып ыргытып,
Турган экен чоң Кула ат,
Тарта берди Бозуул,
Оң үзөңгү баарысын
Оболу кесип салыптыр,
Чакырганда конокко
Оюна жаман алыптыр,
Ошону үчүн калмактар
Олтуруучу жайына,
Иче турган чайына,
Жутар суусу баарына,
Арак-шарап наарына,
Ачкыл кымыз баарына,
Кол малган киши өлгөндөй
Тамагынын заарына,
Үзөңгү жок ээринде,
Урматтуу күлүк Кула аттын
Үстүнө чыгар жеринде
Аяктап Бозуул калганы,
Аккуланын үстүнө
Арстан чыгып алганы.
Аткарганда баатырды
Башы кежек – дей түшүп,
Тебетей баштан бөлүнгөн,
Калмактардын көзүнө
Башы үзүлгөндөй көрүнгөн.
Аккула минип болкоюп,
Арстаның Манас зоңкоюп,
Кыбылага бет алып,
Кыраан эр жөнөп калыптыр.
Бастырарда Көкчөкөз
Байкап көрүп калыптыр,
Арасынан аттардын
Аккула минип алганын,
Аман жөнөп калганын
Азыр көзүн салганы,
Көрө салып Көкчөкөз:
«Айбандар, кылып салды – деп,
Аттанып алып бу Манас,
Аман кетип калды – деп,
Айбандарым баарыңды
Арбак уруп салды – деп,
Баятан байкап калбай – деп,

Аккуланы бир жакка
Бөлөк байлап салбай – деп,
Манас тирүү кетти – деп,
Канкор тирүү кеткенде
Казбай түпкө жетти» – деп,
Кырк чоронун кырк аты
Зыңкыйган менен баарысы
Сырын билбес иттерди
Күлүк бекен, чобурбу,
Күүсүн билбес аттарды,
Агалдайга кеп айтып,
Ачууланып бек айтып:
«Айбандар, кылар ишиң бул,
Коржоңбоз ат каякта
Тез келтиргин!» – деп, айтып,
Каарданып Көкчөкөз
Кайраттанып ушул кез
Айгайын бийик салыптыр,
Арстан эрдин Аккелте
Колуна кармап алыптыр.
Чотала деген мылтыгын
Чагалдайы алыптыр,
Коржоңбоз менен чуратып,
Тозоңун тоодой буратып,
Аккула минген баатырдын
Артынан түштү ит Көкчөр.
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Кетер жери дарексиз
Керме түзгө салыптыр,
Акыр заман журтуна
Атын Кара-Коюн – деп,
Атагына калыптыр.
Аккелте мылтык колунда,
Арстандын түшүп соңуна
Азыр барат Көкчөкөз.
Атадан калып балага,
Агадан калып инига,
Биринен калып бирине,
Машкүр келген ушу сөз.
Аты Манас болгондон,
Тогуз жашка толгондон
Тогошкон экен калмакка,
Жеңип алып калмакты
Анан кийин ойлонгон
Кытайга колду салмакты.
Уйгурун алып кытайдын,
Нускасын билип бу жайдын,
Бараң менен ингилис
Барып алды билдиңиз,
Сакалат, инжуу, калчага,
Тарса, орус, кызылбаш
Заарын салды канчага.
Бетин жоодон бурбаган
Берен эрди карасаң
Туугандан көргүн шашканын,
Душмандан эгер качпаган
Көк жалың Манас шашканы,
Көкчөкөздөн качканы.
Арстаның Маңас шашканы,
Агалдайдан качканы.
Атасынын атагын
Айткан сынчы Көзкаман,
Ар жерде кыргыз чоң болсо
Аталаш жакын тууганданЖамандык жетет эң жаман.

## МАЗМУНУ

САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫНЫН ТЕКСТТЕРИ .......................... 3

МАНАС БААТЫРДЫН ТӨРТҮНЧҮ ОКУЯСЫ.
АТЕМИРДИН КЫЗЫ КАНЫКЕЙДИ АЛГАНЫ. .................................................... 198
МАНАС БААТЫРДЫН ООГАН МЕНЕН СОГУШКАНЫ.................................... 293
МАНАС БААТЫРДЫН КӨЗКАМАНДАРГА ЖАКШЫЛЫГЫ............................ 332
МАНАС БААТЫРДЫН САМАРКАН ЖЕРИНДЕ БОЛГОН АЗИРЕТТИН КАРА ТООСУ МЕНЕН АЛАЙ ЖАЙЛООСУНАН КӨЧҮП, БАШ ЖАГЫ АЛТАЙ ТООНУН АЯГЫНАН БАШТАЛЫП, АЯГЫ АРАЛ-КӨЛ, ШЫМАЛ ЖАГЫ ЭРТИШ, ИЛЕ, ЫСЫК-КӨЛ, ЧҮЙ, ТАЛАС ЖЕРЛЕРИНЕ ӨЗҮНӨ КАРАШТУУ БОЛГОН ЭЛДЕРИН ӨЗ ЫКТЫЯРЛАРЫ МЕНЕН ОШОЛ АРАДА БОЛГОН ЖЕРЛЕРДИ ЭРКИН ЖЕРДЕТҮҮГӨ КӨЧҮРҮП АЛЫП КЕЛИП, ТАЛАСТЫ ЖЕР ОРТОСУ – ДЕП, ОРДО КЫЛГАНЫ. ОШОЛ ЖЫЙЫНДА БАЙЖИГИТ БААТЫР ТОЙ БЕРИП, КАЙТА АЛТАЙГА КӨЧҮҮГӨ ЖУРТТАН УРУКСАТ АЛЫП, ТОЙ БЕРГЕНИ, ТОЙ ҮСТҮНДӨ ШЫГАЙДЫН УУЛУ ЖАПАК ЧАТАК ЧЫГАРЫП, МАНАСКА КАСТЫК КЫЛЫП, АНЫ МАНАС ӨЛТҮРТКӨНҮ ................................................................ 379
МАНАС БААТЫР АЛМАМБЕТТИН АЙТКАНЫ БОЮНЧА КЕНЖУТ ШААРЫНДАГЫ БОЛГОН АЙГАН КАН МЕНЕН СОГУШКАНЫ.................... 436
МАНАС БААТЫРДЫН КӨЗКАМАНДАРДАН КӨРГӨН ЖАМАНДЫГЫ. КӨЗКАМАНДАР АКЫРЫ ӨЗДӨРҮН ӨЗДӨРҮ БЫЧАКТАШЫП ӨЛГӨНДӨРҮ ...................................................................................................... 511

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ
# «МАНАС»
## III ТОМ

Түзгөндөр
*Самар МУСАЕВ, Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ, Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректорлору *М.Көлбаева, А. Качкынбай кызы*
Компьютерде терген *А. Качкынбай кызы*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 35,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49